Мухуддин Төлөбаев
Адылбек Оморов
Бээрман Бөкөев

# ЖАЙЫЛ БААТЫР

1









Мухуддин Төлөбаев
Адылбек Оморов
Бээрман Бөкөев

# ЖАЙЫЛ БААТЫР

*(дастандары, тарыхы, санжырасы)*



«Бийиктик» – 2004

УДК 94(47)
ББК 63.3 (2 Ки)
Т 64

Китептин чыгышына алгачкылардан болуп, моралдык жана материалдык колдоо көрсөткөн Академиктер ***Турар Койчиев***, ***Абдыганы Эркебаев***, депутаттар ***Болот Жузумкулович Худайбергенов*** жана ***Муратбек Жээнбекович Малабаевдерге*** терең ыраазычылыгыбызды билдиребиз.

*Авторлор*

**Төлөбаев М**. ж.б.

Т 64 Жайыл баатыр: Дастан, тарыхы, санжыра /М.Төлөбаев, А.Оморов, Б.Бөкөев. — Б.: Бийиктик, 2004. — 680 б.

ISBN 9967-22-425-8

**Т 0503020911-04**

**УДК 94(47)**
**ББК 63.3 (2 Ки)**

ISBN 9967-22—425-8

© Төлөбаев М, Оморов А,
Бөкөев Б., 2004.

# РЕДАКТОРДОН

*Жайыл атабыз жөнүндө акыркы он-он беш жылдан бери гезит беттерине аны уккандарын, билгендерин жазгандар үзгүлтүксүз жарыяланып келе жатканына өзүңүздөр күбө болуудасыздар. Албетте алардын аты жөнүн сыймыктануу менен атоого болот. Оморов Адылбек — Жайыл айылынан, Бээрман Бөкөев Ысык-Көл областынын Челпек айылынан, Шабданбек Кулуев, Бердигул Курманкулов Ортокайырма айылынан Качкын Жаркынбаев Жолдош уулу, Дөөлөтбек Сапарлиев Кыргыз-Түрк университетинин "Манас" доценти. А.Абдыкеев, Мухуддин Төлөбаев акын, жазуучу Бишкек шаарынан ж.б.у.с.*

*Булардан тышкары 1993-жылы А.Стам уулунун Жайыл баатыр баяны көлөмү 2,5 басма табак аттуу очерки, 2001-жылы Тянарбек Суранаевдин "Бий Жайыл баатыр" аттуу тарых барактарынан деген китепчеси, жана 2003-жылы Кулуев Шабданбектин "Кылымдар жаңырыгы" деген китепчелери жарык көргөн.*

*Ал эми колуңуздардагы китептин авторлору Мухуддин Төлөбаев Адылбек Оморов жана Бээрман Бөкөевдер элибизде "бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарып" — дегендей өз эмектеринде Жайыл ата жөнүндө дастанын, тарыхын жана Жайыл атанын урпактарын баяндашканына күбө болосуз.*

*Авторлор өз эмгектеринде Жайыл атанын төрөлгөн жери балалык күндөрүнөн баштап эр жетип колуна курал кармап тулпарына минип эли-жерин сырткы душмандардан коргогондугун, бийлик учурунда коло-коңшу элдер менен достукта ынтымакта жашоону көздөгөндүгү толук чагылдырылган. Жайыл атанын баатырлыгы, айкөлдүгү, акылмандуулугу, ак көңүлдүгү, келечекти көрө билген көсөмдүгү, мээримдүү, кайрымдуулугу, кара кылды как жарган калыстыгын даана жана так баяндашкан.*

*Албетте, Жайыл атабыз жөнүндөгү авторлордун бул эмгектери, Жайыл атанын бүгүнкү доорубуздагы урпактарына атабыздын баатырлыгын көсөмдүгүн, уюштургуч кол башчылыгын үгүттөп, үндөп, эрдигин калыстыгын даңазалайт деген пикирдебиз.*

*Авторлор Жайыл атабыздын урпактарынан, алар арбак астында өздөрүнүн атуулдук ардактуу милдеттерин абийирдүүлүк менен аткарышкандыктарына шек жок.*

*Жайыл атабыз жөнүндөгү иликтөө-изилдөө иштеринин миңден бири жазылды. Жазамын десеңиз Жайыл атабыз жөнүндө, колу жолуңуз бош, дараметиңизге карата аракетиңизди көрсөтүңүз. Элибизде сынчынын "сыңар өтүгү майрык" дегендей, минтип коюптур, антип коюптур дегендин ордуна сиз дагы өз вариантыңызды жазып чыгарсаңыз кыргыз элиңиз сиздин да бул жарыкчылыкта бар экениңизге ыраазы болуша ынанышсын.*

# АТАЛАРДЫН АРБАГЫНА ТААЗИМ ЭТКЕНДЕР

*Тарыхта айтылгандай, Аблайхан кыргыздарды кырганда Солто элинен 40 түтүндөй эле үй калганы баяндалат. Бүгүнкү күндө мына ошол кырк түтүндөн, кырк миңге жеткен Жайыл атанын урпактарынын барлыгы далилдөөсүз чындык. Башкасын айтпаганда да Жайыл атабыздын урпактарынан чыккан илимдин түркүн тармактарындагы ондон ашык доктору, академик, профессорлору, элүүдөн ашык илимдин кандидаттары, жүздөгөн-жүздөгөн мамлекеттик чыгаан кызматкерлеринин бар экендиги айгинеленип отурбайбы.*

*Колуңуздардагы Жайыл ата жөнүндөгү көлөмдүү эмгек үч бөлүмдөн турат: Жайыл ата жөнүндөгү дастандар, анын тарыхы жана урпактарынын таралышы. Бул баалуу эмгекти жараткан авторлор жөнүндө бир-эки ооз сөз козгой кетпенибиз оң болоор.*

*Алардын аксакалы* ***Адылбек Оморов Абдыгул*** *уулу, Жайыл районундагы Жайыл айылынын тургуну, 1935-жылы 15-июнда төрөлгөн. Жайыл атанын Итике уулунан. Айылда мектептин мугалими болуп жүрүп ардактуу эс алууда. Ардагер агабыздын калеминен Жайыл атанын тарыхы, санжырасы, эрдиктери жөнүндө акыркы жылдары Чүй баяны, Жаңы мезгил гезиттерине жүздөгөн-жүздөгөн маалыматтарды жарыялаган инсан.*

*Пайгамбар жашынан өткөн* ***Мухуддин Төлөбаев*** *Панфилов районунун Эркинсай айылынын, Жайыл атанын Асан — Каратайынан. 1940-жылы 15-январда төрөлгөн. К.И.Скрябин айыл чарба институтунун ветеринария факультетин 1964-жылы бүтүрүп, ветеринардык врач деген адистигене ээ болгон. Анын калеминен 1986-жылы "Кой эчкилердин бөгөнөк ылаңы жана ага каршы күрөшүүнүн иш чаралары" деген көлөмү 2,5 басма табак, 1988-жылы "Чабандын малга алгачкы ветеринардык жардам көрсөтүүсү", көлөмү 3,5 басма табак, 2000-жылы "Ветеринар акын Жолон Мамытов 60 жыл", көлөмү 6,0 басма табак, "Саяпкерге сабак", көлөмү 3,0 басма табак китептерин жарыкка чыгарган.*

*Автор жыйырма биринчи кылымды ыр менен баштады десек жаңылышпайбыз. Андай дегенимдин себеби 2001-жылы "Доор сапары-1", көлөмү 23,5 басма табак, 2004-жылы "Доор сапары-2" аттуу көлөмү 28,5 басма табак китептеринде республикабызда "миңдеген" адамдын асыл эмгегин, аткарган кызматын, мүнөзүн арноо ырлары менен даңктап-даңазалаган. Анын каармандары катардагы наристеден баштап, айдоочу адис, акын, академик Ажообузга чейин. Ветеринария илимдеринин кандидаты, акын, Кыргыз Республикасынын журналисттер жана жазуучулар Союзунун мүчөсү.*

*Жайыл атабыз жөнүндө маалымат топтоп жүрүп 2002-жылы 1-ноябрда автокырсыка учураган инибиз* ***Бээрман Бөкөев*** *—1942-*

*жылы 15-июлда Каракол шаарында төрөлгөн. Узак жылдары Кыргыз филармониясында артист болуп эмгектенген, Жетиөгүз, Аксуу жана Түп райондорунун маданият үйлөрүн жетектеген. Акын тарабынан 2002-жылы Чүй баяны гезитине "Жайыл баатыр" дастаны жарыяланган.*

*Урматтуу окурмандар! Жогоруда аты аталган авторлорубуз бул турмуштун ысык-суугуна тоңгон, ачуу-таттуусун таткан, жакшы-жаманын көргөн инсандардан. Булардагы бөтөнчө белгилей кете турган бир окшоштуктары бар, ал үчөөнүн тең ар кайсыл жылдары, ар башка жерлерде, ар башка айда 15-числодо төрөлгөнү. Аксакалдары Адылбек ага жайкы чилде башталаарда төрөлсө, Мухуддин кышкы кычыраган ызгаардуу чилденин так ортосунда, ал эми Бээрман жайкы чилденин мээ кайнаткан ысыгынын нак ортосунда төрөлгөндөрүндө бир купуя сыр жаткан жокпу?*

*Авторлор тарабынан Кыргыз элинин башынан өткөн оор турмуштун чагылдырылышы, замандын талабына ылайык коңшулаш мамлекеттер (казак, кытай) менен достукту көздөшүп тынбай элчилер аркалуу сүйлөшүүлөрдү жөнөтүшүп, калайык калктын коопсуздугун камсыз кылууга аракеттенгендиктери баяндалган.*

*Айрыкча дастандарында отуз-кырк миңдеген-сандаган жоокерлер беттешип, кызыл-кыргын согуштун жүрүшүндө кан суудай агып сел болуп, жабыр тартып жараланганадары дел болуп, бетме-бет чыккандары айыгыша кармашууларын улантып бири өлүп, бири өлтүрүп мекен үчүн кадам жерди алдырышпай жан талашуулары, элдердин достугу, кайдыгерлиги, карөзгөйлүгү, кыраакылары, калкыбыздын канга сиңген үрп-адаттарын сактоодогу эрдиги, ар намыстуулугу толугу менен философиялык көз караашта ыр менен көркөмдөлүп чыгарманы түзгөндүктөрүнө күбө болосуз. Муну менен мен авторлорду мактайын, жактайын деген ойдон алысмын, бул кашкайган чындык.*

*Элибизде "жылаандан-жылаан, кыраандан-кыраан, жакшыдан-жакшы, бакшыдан-бакшы" — төрөлөт дегендей, кантсе да авторлорубуздун жараткан эмгектери менен атага тете уулдардан экендиктерин далилдегендей түрү бар. Аны талдап бир бүтүмгө келүү сиздердин акыйкат, абийир таразаңыздарда. Ар ким өз акыл-эс, паам-парасатына, дараметине жараша кабыл алаары табигый чындык эмеспи.*

*Авторлорго мындан кийин да чыгармачылык ийгиликтерди, кажыбас кайрат, чың ден соолук, ак ниеттүлүк ар дайым шыдыр жол каалайм.*

*Академик Турар Койчуев 1.06.04.*

## *УРМАТТУУ ОКУРМАНДАР!*

*Элибизде "бүткөн иштин сынчысы, бышкан аштын ичүүчүсү көп болот" — деген акыйкат айтылган сөзү бар, анын сыңарындай колуңардагы даяр китеп менен таанышып окуп жатып, антип коюптур, минтип коюптур, кошпой коюптур деп эмоцияга алдырып бушуркөгөндөр да чыгаары айдан ачык. Ошондуктан эскерткенибизди бей адепчилик деп эсептебей, өзүңүздү авторлордун ордуна коюп, сабырдуулук менен токтоолук кылып, акылды токтотуп, а мен Жайыл атанын тарыхынын, урпактарынын таралышынын жазылышына эмне? кандай салымымды кошо алдым деп бир саам ойлонуп көргөнүңүз оң болоор.*

*Ооба, мына эми ачууңуз келбей, кыжаалат болбой, өзүңүзгө келдиңиз. Колуңуздагы эмгекти жараткан биз деле атабыз жөнүндөгү анын тарыхын, иликтеп даярдоодо кыйратып толук бүтүрдүк деген пикирден алыспыз. Элибизде "көч бара-бара түзүлөт" — деген кебин эстен чыгарбайлы. Албетте Жайыл ата жөнүндөгү айтылуучу, жазылуучу сырлуу окуялардын миңден бир үлүшү эми башталып отурат. Ошондуктан айталы дегенибиз Жайыл ата жөнүндө дагы-дагы илимий негизде иликтеп, изилдеп толгон токой ачылыштарды жазуу мүмкүнчүлүктөрү толугу менен өз колуңуздарда экендигин эскере кетмекпиз.*

*Эмесе келиңиз! Кыргыз элинен чыккан улуттук баатыры Жайыл атанын, өмүр баянын, баатырлыгын, эрдигин-шердигин тарап жаткан укум-тукумун бирге толуктайлы. Сиз да четте калбай эч болбосо өзүңүздүн жети атаңызды тактап, болгон жакшы сапаттарын, жактарын, эли-жери үчүн аткарган кызматын, үлгү болоорлук үзүрлүү иштерин жазып толуктоого өз үлүшүңүздү кошсоңуз, "ийри отуруп түз кеңешип" өз тарыхыбызды өзүбүз толуктап тактайлы. Анткени алдыдагы максатыбыз бир эмеспи.*

*Бул башталган ишти жарым жолго калтырып кайдыгерлик кылбайлы. Бул жаралган китеп аталган авторлордун чейрек кылымдан берки эмгектеринин бир бөлүгү. Бул маалыматтарды чогултууда айрым аттуу-баштуу эле азаматтарыбыз, ага-инилерибиз бушуркөшүп, укмаксан, билмексен болуп тоготпогондуктары, сыпаа гана жылмайып тим болбой, а силер өзүңөр кимсиңер дегендери да болду. Албетте бул сиздерге койолу деген күнөөбүз эмесе, өтүнөөрүбүз өз тарыхыбызга кайдыгер карабайлычы деген гана пикир.*

*Тарыхыбызды тактоого колуңуздан келген, билген маалыматыңызды канчалык кечиктирбей берсеңиз, кеткен кемчиликтерин, толуктоого аз да болсо ар кимибиз өз үлүшүбүздү кошууга умтулгандыгыбыздын далили болмокчу.*

*авторлор 9.06.04.*

***Жайыл*** атанын, иниси
***Момокондун***, балдары
***Асан, Үсөн, Теке***, жана
***Итикенин*** *жаркын*
*элестерине арнайбыз*

МУХУДДИН ТӨЛӨБАЕВ

БИРИНЧИ БӨЛҮМ

# ЖАЙЫЛ БИЙ БААТЫР

(тарыхый дастан)

ЖАЙЫЛ БААТЫРДЫН 300 ЖЫЛДЫГЫНА КАРАТА

*Жайыл атанын кыскача тарыхы, баатырлыгы, эрдиги, эли-жерин сырткы душмандардан коргоодо кашык каны калганча душмандар менен кармашып жатып каза болгону чагылдырылган.*

*Өзгөчө белгилей кетүүчү жери эки элдин ортосундагы кастыкты достук жеңип, Жайыл баатырды балдары менен өлгөндөн кийин, ит-кушка жем кылып ээн талаага таштап койбой, ошол эле казак элинин баатыры Жайыл атанын досу Жоогач мырза, өлүктөрдү шарыяттын негизинде Мерке айылынын түштүк тарабында обочолонгон бийигирээк жерге мүрзөсүн каздырып бирге койуп, айлана чөйрөсү тосулуп дубал курулганына күнү бүгүн да күбө болуп отурабыз.*

*Автор*

## КЫРГЫЗДАР

Кылымдан кылымдарга кыргыздарым,
Кыр ашып көчүп көнгөн кыргыздарың.
Кышы суук,жайы ысык болот дешип,
Кыраакы карап билген жылдыздарын.
Кышкысын согум союп, кийик уулап,
Күнү-түнү багып келген кыргыз малын.

Кырка тоо этегинде кылымдарга,
Коногу коно-келген ырымдаарга,
Кадырлап туу тутушуп эл арасы,
Кастарлап тураар эле ыры барга.
Көмүрүң, газ дегендер түшкө кирбей,
Куурайы-тезек жагып жылынаарга.

Касиет кудай колдоп келе берген,
Кыргызым кылымдардан «кыдыр» — элден.
Кышкысын кыштоолордо, жайы жайлоо,
Кымызын ичип, адыр гүлүн терген.
Кыз куумай,эр эңишке түшө калып,
Кырчындай жигиттери бүтүн мерген.

Калтардан тебетейи куп жарашкан,
Кымызын улай ичип, кырлар ашкан.
Кастарлап кайда болсо кадыр баркын,
Керекте намыз үчүн төр талашкан.
Кызыга санжырага «ата-баба»,
Кеминби ажыраткан жээ Таластан.

Атка минген эр азамат жасанат,
Аргымагы ай-ааламга азанап.
Аттиң дебей кыргызымдын жигити,
Ат жалында ойногон эр азамат.
Арабызда ар намыстуу мырзалар,
Аргымакта жатып-туруп басалат.

* * *

Энисейден көчүшүп,
Ала-Тоону мекендеп.
Суу бойлото конушуп,
Чек араны бекемдеп.
Жайлоо, күздөө, кыштоосу,
Эми кайда кетем деп.
Ала-Тоону мекендеп,

Адыр түздө жайланды.
Өрүш толо мал болуп,
Шаан-шөкөткө айланды.
Айыл ичи ынтымак,
Желе толо байланды.

Калмак кыргыз барабар,
Жашоо өтөт билинбей.
Намыс дешип кээ-кээде,
Калмайы бар бириндей.
Кол көтөрсө көз чыгып,
Тийген жери ириңдей.

Кыл чылбыр чайнагандай кыргыз, калмак,
Кычырап бийлик өтөт алмак-салмак.
Кыйыты келип калса кылычташып,
Кыйла жыл кана аларда кумар канмак.
Кең далы мырза жигит дайым даяр,
Карчыга куштай тулпар мине тандап.

Күн чыгышы Ысыката, Арашан,
Кокту толо суулар агат карасаң.
Кийиктери мал аралаш жайылып,
Кекилик-Чил түзү толо санасаң.
Кайберенге убал болот тийбе дейт.
Кокус бирин кармоого сен жарасаң.

Аюу, жолборс Аларчанын коюуну,
Аралашып айдап кирсең коюңду.
Адыр-адыр өрөөн толо мал болуп,
Айтып бүткүс сырга толо оюну.
Ак маралы жер чапчылап секирсе,
Атып аны ойлобойсуң союуну.

Ала-Тоонун төрү тулаң керилген,
Аска-зоодо кайберендер элирген.
Ала жайы ээн-эркин оттошуп,
Айтып бүткүс бир укмуштай семирген.
Атып алуу, бүлүк салуу болбогон,
Ар инсанга инсап бүтүп Теңирден.

Аксууларда суусу дары мүрөктөй,
Айтуу кыйын аларды бүт сүрөттөй.
Арып калган аргымагың бош койсоң,
Азанашат арасынан күн өтпөй.
Атырылып кош коңурук даң салат.
Асманымда учуп жүргөн түлөктөй.

Кегетиден — Ашмарага созулуп,
Кең Чүйүмдү Солто ээлеген озунуп.
Кыргызымдын батыш жагы теп-тегиз.
Кас душмандан абдан бекем тосулуп.
Кылымдардан кыргызыма чек болгон,
Каскак боло кол салчуга кол сунуп.

Билбесең айыбы жок, тыңда сура,
Бий Талкан эки аялдуу болгон удаа.
Биринчи ***Урумкандан*** төрөлгөндөр
Байболот, Делдең, Бегиш, Чегиш тура.
Бакы, Багышан, Коңурбай, Кошойу,
Билерман **Чачыканга** берген кудаа...

Байболот Талкан бийдин туңу болгон,
Баатырдык иштери көп толгон-толгон.
Баардык ишин колдой атасынын.
Жеңилип жерден алып, оорун колдон,
Бөбөктөрүн эркелетип жүрчү экен...
Бөпөлөп түшүрбөстөн такыр жондон.

Баамдуу баскан-турган сүйлөгөнү,
Бир айткан сөзүн бекем түй дегени.
Боорлоштор арасында тарбиялуу,
Бетке айтып жек көрүүчү көр жемени.
Болбогон иштерине киришпеген,
Басмырлуу сабыр туткан ой кеңири.

Баса мактап-айткан сөздөр жарабас,
Басса турса ата ишине аралаш.
Бүтпөгөндөн бүткөн иши көп болуп.
Баарлашып атасына санаалаш,
Болгон ишти болгонундай кеңешип.
Бүт айтпаса эч кумары тарабас.

Кепке алынган ага-тууган элинде,
Кеңеш берип керек болгон жеринде.
Колдой көр деп кекээрлебей кектебей.
Кереметтүү көктө көкө Теңирге.
Качан болсо сабырдуурак сөз айтып,
Колдоо болуп көтөрүлгөн демилге.

Кеп жебеске кеңеш бере этектеп,
Кадыр тута кадимкидей жетектеп.
Кытмыр-кыйды кара ниетке журттагы.

Керек болсо кадимкидей жетет кеп.
Калыстыкта көп иштерди чечүүчү.
Калыптанып келе жаткан даяр – Бек.

* * *

Кыргыздар менен калмактар,
Катарлаш келип салмактар.
Кагышып турган кез-кезде,
Кап кайда калып тармактар.
Кармаша кетсе кан чыгып,
Кек калса, өчүн алмак бар.

Калмактын эң чоң тоюнда,
Көңүлдү бурат оюнга.
Күрөшүп жатты балбандар,
Карылуу мырза оюнда.
Тең келээри болбоду,
***Чыкактай*** дөөнүн боюна.

Көтөрө чаап кулатты,
Кашайта чаап сулатты.
Каршы чыккан канчасын,
Кулакка чаап чунайтты.
Карбаластап жан чыгат,
Кыйындыгын улантты.

Казак, кыргыз ичинен,
Каршылашаар калбады.
Кана дагы кимиң деп,
Калмак ***Чыкак*** арбады.
Кыйынсынат койкойуп,
Кеселей ичип жарманы.

Алп мүчөлүү кең далы,
Намызы күчөп женди ары.
***Байболот*** чыкты ***Чыкакка***,
Батасын жалгап эл баары.
Тирешип турат эки дөө,
Солкулдап турат жер дагы.

Бел курчоодон кармады,
Сүбөөгө батып бармагы.
Бабам Манас колдо деп,
Болгон күчтү арнады.
Так көтөрүп айлантып,
Тараза болуп салмагы.

Жети айлантып жерге чаап,
Башынан аттап кеткенде.
Кош сүбөөсү колунда,
Кол бошотуп серпкенде.
Жаны чыгып баратты.
Жапканга чапан чечкенде.

Калыс эл карап турган жарданышты.
Калмактар карайлаша арданышты.
Күрөштө жыгылганда калмак балбан,
Кыргызга алдырышты ар намысты.
Кыргынга салабыз деп кыргыз элин.
Калмактар ант берише карганышты.

Кан жутуп өпкө-жүрөк эзилүүдө,
Калмактар карайлашы сезилүүдө.
Кычырап тишти койуп тиштерине
Кыргызга ээн-эркин кезигүүгө.
Кааданы бузбайлы деп калмак эли
Кантсе да чыдап жатты эсирүүгө.

Калмактар бир-бирине даттанышты,
Кыргыздар бирден туруп аттанышты.
Кыргызы, калмагы да сезип жатты
Кыйсыпыр болоорлугун ичтен-тышты.
Кеп болбой аста-аста акыр тынып.
Кара тер басып келет тору башты.

Жыкканында талаш жок,
Аттаганы эмнеси?
Ой жүгүртүп байкасам,
Кыргыздан калмак кем деши,
Кыйын болуп калды окшойт,
Калмак-кыргыз элдеши.

Кылычын суурул калмак хан,
Байболотко кеседи.
Талкан бийди коркутуп,
Балбанды алуу эсеби.
Байболот үйрүп камчысын,
Басам дейт келсе кезеги.

Чатактын башы ошентип,
Болбогон жерден башталат.
Баш айрылып көз чыгып,

Кармашуудан каш канап.
Күнөөсүз элди кырдырбай,
Талкан бий ойдо машталат.

## МАКУЛДАШУУ

Талкан бий, Тынай бийге кеңеш салат,
Тынай бий акыл калчаар ойун каалап.
Талаш жок, тартышуу жок бир бүтүмдө,
Таң сүрө көчүү керектигин баалап.
Тим койсо жазыгы жоқ эл кырылаар,
Тынч койбос калмактарга тийсин наалат.

Кабардан кабар кетти калк ичине,
Кабарга чапкылашты зор кичине.
Кыз-келин көч жетелеп ылдамдаса.
Калдайган ишеничтер зор кишиде.
Кылычтар кындарында колдо найза.
Кырк чоро ар бир топто калк ичинде.

Эрегиште эр өлүп,
Кыргындын башы башталат.
Элестетип-буларды,
Талкан бий көзү жашталат.
Ак-Сууну ашып көч жөнөп,
Аргасыз кең — Чүй ташталат.

Кокустан болуп муң-кайгы,
Күнөөсүз элди кырбайлы.
Качырып келсе калмактар,
Кары-жашын ылгайбы.
Каарына каршы турбасак,
Катының тул кылбайбы.

Карабалта, Кайыңды,
Аларча, Аксуу өрөөндөрдү.
Көч артынан мал айдап,
Утурлай ашып Чөңөрдү.
Кийиги толо аска-зоо,
Аларга көңүл бөлбөдү.

Даванды ашса Суусамыр,
Жапжашыл өрөөн көрүнөт.
Мөлтүр кашка булактар.
Көргөндүн көөнү бөлүнөт.

Бетеге тулаң, бел курчоо,
Тулаңды малы өрүүлөп.

Жылуу-жумушак мал киндиктүү,
Ферғананын өрөөнү.
Жайы салкын, кышы мээлүүн,
Кадыр тутаар төрөңү.
Малы оттоп, жуушап, жыргап,
Хуп бейишке бөлөндү.

Улам-утур жылуу жерлер,
Анжияны, Наманган.
Жайы-кышы илеп ураар,
Ысык жели тамандан.
Мал өңүтү, өзүнө да,
Жагаар жерге баралган.

Кыр ашып конуп жайлашып,
Барышкан түштүк жерине.
Тагай бий менен жатындаш,
Адигине элине.
Жер оодарган бир боорго,
Чектелип жери бериле.

Куляп менен Чандалашка,
Тоо этектеп таралган.
Алай, Өзгөн өрөөндөрү,
Сонун жер деп саналган.
Сафет-Булан, Бозбу-Атада,
Толо жангак, бадамдар.

Элге тынчтык малга жайыт,
Тынчып эле калышты.
Төрт түлүгү оттоп жуушап,
Жайлоо төрлөп марышты.
Көчүп, конуп өңүт издеп,
Мекен кылып алышты.

Ыдырыстай пайгамбарлар,
Мекендеген Чаткал тоо.
Кожожаштар мергендеген,
Сур эчкилүү аска-зоо.
Жер-жемиштүү өрөөн ичи,
Жүзүмдөрү болгон боо.

Адырлардан түшүп келип,
Базарлашат базарын.
Жайы-кышы мекендешти,
Сафет-Булан, Мазарын,
Мезгилинде бул жерлерде,
Араптардын жашаарын.

Билинбестен жылдар өтүп,
Жазы-жайы кыш келет.
Жайлоолордо жайлай жүрүп,
Күркүрөгөн күз келет.
Көнүп калды кадимкидей,
Бул турмушка бизде элет.

Карт тарыхта айтылган,
Көчкөнү кыргыз калкынын.
Көчүн, жүктөп мал айдап,
Кыр аша жылып акырын.
Калмактын көзүн караган,
Көчпөстөн калды бакыры.

Түштүктө ошол учурда,
***Чечектей*** кесел каптаган.
Чанда эле адам ошондо.
***Чечектен*** жанын сактаган.
Ачарчылык бир жактан.
Бууганын кантип актанам.

Көчүп барган канчасы,
Бир үзүм нанга сатылган.
Кесели күчтүү пенделер,
Көз жума зорго бакырган.
Кырылып калды канчасын
Кепиндеп зорго жашырган.

Жайлоону жайлап алышты,
Кыштоодо кыштап калышты.
Эли тынч, элде Талкан тынч,
Жашоодо жыргап марышты.
Аргымак минген уландар,
Ат ойнотуп жарышты.

Талкан бий мекендеген Сафед-Булаң,
Татына жери адыр, тоосу тулаң.
Тектирлей малын жайып жаш уландар,

Той эмес жарышышат минип кунан.
Талкан бий суусундукка жуткандары,
Тунмасы кымыз тура, эстеп турам.

Мусулман эли Ааламдан бата алыптыр,
Мекке бул экинчи деп аталыптыр.
Мазар ал «Сафед-Булаң» жергесинде,
Миңдеген мусулманга жат калыптыр.
Мазарга сыйынышып Алла үчүн,
Мазар бул Мекке болуп катталыптыр.

Сафед-Булаң Жалал-Абад жергесинде,
Сыйынуу парзы болгон пендесинде.
Соопчулук үчүн жолдоп бечарага,
Секетти берчи тура келмесине.
Сооп ишин жасабаган сар-санаада,
Соопчулук бара-бара элге сиңе.

Көчүп конуп жер оодарып келгени,
Көөнү толуп бар алына келбеди.
Көксөө кылат эртели кеч Талкан бий,
Көз алдына тартылып Чүй кең жери.
Кудайым деп миң жалынып турса да,
Кур алакан он алтысын жер жеди.

Коңурбайдан уул төрөлгөн кезинде,
Көөдөн толкуп, өткөн түшөт сезимге.
Кол кармашкан ага-ини бир тууган,
Көбү курман болду баары эсинде.
Кудай-кудай ***“жайылсын”*** – деп урпактар,
Аксарбашыл чалдырыптыр бешимде.

Миң жети жүз бешинчи бейм жылында,
Мына эми толот үчтөй кылымга.
Мээрим төгүп, көз жарыптыр – энеке...
Мазар деген кыштагында чагымда.
Жайылсын деп, укум-тукум урпактар,
***Жайыл*** ысым ыроолоптур ырымга.

Эмчегинен сүтү ийип балага,
Эне көөнү эртели-кеч балада.
Эстеп кокус чүчкүргөнүн байкаса,
Эл чакырып, улагын чаап садага.
Элин сүйгөн – эр азамат болсо деп,
Ээн-эркин чыгарбастан талаага.

Ач кыйкырык элим, жерим мекен деп,
Ачуу чыгаан андан дагы бекем деп.
Алабука, Авлетим, Пачата,
Ана булар туулган жер экен деп.
Аманчылык болсо, алтын башыма
Ата конуш кең Чүйүмө кетем деп.

Балалык кез балтыр эти толгондо,
Бала барчын эми алтыда болгондо.
Бул да болсо буйругудур тагдырдын.
Буркураган добуш чыгат коргондо.
Боздоп ыйлап чоң атасы Талкан бий,
Бир боорум дейт, Коңурбайы соолгондо.

Ботодой боздоп ыйлап кала берген,
Боорун көтөрөлбай кара жерден.
Бир боордон калган Жайыл жалгызым деп.
Бир боорду тарбиялап, таалим берген.
Бирине-бири өлөк-жөлөк болгон,
Боорлоштон айлансак аз кыргыз элден.

Ата жок, тага журтун тагалабай,
Ар кимдин босогосун сагаалабай.
Атанын иниси бар колдоо кылган,
Ар намыс абийри күч аталардай.
Аттиңсиз, арманы жок жетилүүдө,
Агасын, атасындай агаламай.

Буруксуган жыты аңкыл туландары,
Боз жоргодо жарышат уландары.
Бирин-бири кубалап бара жатат,
Бирде озуп, бирде артта кунандары.
Бизде турмуш ушундай болсо дешет,
Бейкүнө бүт ата-эне суранганы.

Бозбу-Ата жайкалган жайлоосунда,
Бозой барат жылкылар айдоосунда.
Белестерден-белеске жайып өтсө,
Боз торгойлор безенип сайроосунда.
Билинбеген бир топ жыл өттү-кетти,
Бурадар бар бир курсак айласында.

Аска-тоосу кенен жайлоо чар жайыт,
Ата бала тирилик деп, мал жайып.
Ала жаздан көчүп-конуп тынымсыз,

Акыр келет кыштоосуна мал багып.
Атыр жыттуу тоо- гүлдөрүн аралап,
Азанаган аргымагы байланып.

Жылгаларда багып жүрөт миңдетип,
Жылкы айдашып оргуштата бийлетип.
Жаасын тартып, жолборс-илбирс сулатып,
Жыгылганын сыйрып, тери ийлетип.
Жигиттери минет жорго салдырып,
Жоро-жолдош чакырышат сый жетип.

Жайлоолорун жайлашып Пачатанын,
Жайыл жигит-анда “от” — күйгөн жалын.
Жай баракат тулпарын минип алып,
Жайы-кышы күзөтүп, жайган малын.
Жылжып аккан өзөндүү суу боюнда,
Жаңгак, токой жапайы анда калың.

Мөлтүр суулар урулуп таштан-ташка,
Мүнүшкөрлөр куш салып башка-башка.
Малын багып кыргызым күнүн көргөн,
Мүнөз болгон бул жашоо жаштан-жашка.
Мекиренсе энеси, ойун салат,
Мээ кайнаган ысыкта козу кашка.

Улак ойноп секирип жар башында,
Улар сайрап чакырып ар ташында.
Ууз кымызга тойушкан мырзаларым,
Улак тартса бүлдүргү ээр кашында.
Улуттук көп оюндар өткөрүлчү,
Улууларга арналган той-ашында.

Туулган жердин суусу — мүрөгүндөй,
Туулган жердин нуру — чүрөгүндөй.
Туулган жердин коозун салыштырсаң,
Теңирдин алтын уя түнөгүндөй.
Тамылжып кыялдарың миң бөлүнүп
Таң булбул сайроосундай сүйөмүн дей.

Жүрөктүн тыңшоосунан эргүү болуп,
Жүлүндүн жиктерине чыңоо толуп.
Журт ичи күбүр-шыбыр, кеңеш-кептер,
Жайды таап эртели-кеч көчүп-конуп.
Жүйөөлүү сөздөр жетип журт башына,
Жайыл бий макул болду, түрү оңуп.

Көп жүктөлүп утур бекем тартылып,
Көч башталды улоого жүк артылып.
Катар-катар, кыз-уландар көңүлдүү,
Кана бол деп, кеп айтылып көп сылык.
Көч келатат кырды аша кыялай
Күндө көчүп, күндө чечип көп тынып.

Журт башчысы кеңеш сала сурады,
Журт ичинен көбү кебин улады.
Жайыл бийи Солто элдин көчү деп,
Жолду бойлой конуш кыла кыраңды.
Жигиттери өңүт алып, туш тарап,
Жылкылары оттоп жатты тулаңды.

Тууганлыгы билинип,
Жайыл-Кошой биригип.
Кең Чүйүн карай көчүштү,
Өткөрүү үчүн тирилик.
Келгендей кайра көрүнөт,
Өлгөнү жаңы тирилип.

## КОШОЙ БИЙ ӨЛҮМҮ

Кошой бий эл арасын байкап турду,
Калкына кабар бере кеңеш курду.
Кыйындык... күнү-түнү жүргөн эли,
Кебине Кошой бийдин көңүл бурду.
Каадалуу сөзүн айтып, сырын төктү.
Каңтара суутулган минген сурду.

Кыйла жыл кастарлап сыйлаганың,
Каадалап, кадыр тута кыйлаларың.
Кыйын кезең күндөрүм бирге өттү.
Кокустук болсо дагы чыйраламын.
Коңурбайдан жалгыз уул Жайылыма
Калайык калк бийлигим ыйгарамын.

Көппү-азбы арадан күндөр өттү,
Кара булут каптады аппак көктү.
Көк жаркылдап чагылган оттой жанып,
Каргашалуу караан түн каарын төктү.
Көрөөр күнү түгөнүп Кошой бийдин,
Кош айтыша Жайылын сүйө өптү.

Өлүк көмүү шарты бар, барды чачам,
Өкүртөмүн, өксүтөм жокту ачам.
Өлчөмү жок таш боорлук башка келип,
Өлгөн адам көмүлдү алда качан.
Өкүнүү бар, өзгөчө башка билгис,
Өчтү очок, тулгадан түшүп казан.

* * *

Катташып урук тууганга,
Көңүлдүн баары тууганда.
Койгун деп кеңеш кеп айтып,
Кыр аша малды кууганга.
Жер айдап эгин эгишип,
Кол жалгап сууну бууганга.

Жайыл шер жылкы четинде,
Кыр ашып көк жал кечинде.
«Көк жалым» - ачка карышып,
Качыра берген жеринде.
Шаштысы кетип Жайылдын,
«Чүү» - деген кези эсинде.

Кошкуруп жылкы түрүлгөн,
«Көк жалың» - катуу өңүлгөн.
Кымкуут болуп жылкылар,
Кыйласы бир аз бүлүнгөн.
Кылчактап калат – «көк жалым»,
Кыйкырган Жайыл үнүнөн.

Кубалап качкан көк жалды,
Куйруктап жетет күбүрдөн.
Көк жалдын көзү жайнады,
Качырган Жайыл сүрүнөн.
Камчы сап тийип чокуга,
Жашоодон көк жал түңүлгөн.

Көргөндө карышкырды,
Каршы алып карыштырды,
Кер кашка темингенде,
Качмакка карыш жылды.
Качырып как чокуга.
Кашаңды жылас кылды.

# ЖАЙЫЛ БААТЫР

Калп айтуу ырас жарабас,
Калмактар коңшу аралаш.
Кынтыгын издеп турушат,
Кыйкымын таап чарабаш.
Калмактан кыргыз кем эмес,
Чатаксыз жыйын тарабас.

Күн алыс күндө уруштар,
Беттеше келсе урушаар.
Калк ичи кыйла бузулуп,
Кармаша калып турушаар.
Дагы кандай болот деп,
Кежиге териң курушаар.

Басымдык кылып калмактар,
Басмырлап бир топ салмак бар.
Былк этсе күнөө издешип,
Бириндеп калат тармактар.
Бийликти колдон чыгарбай,
Быт-чыты чыккан кармаштар.

Чыдабай Жайыл кордукка,
Чыр чыккан дайым зордукка,
Чогултуп элди жыйынга,
Чакырды бирге турушка.
Чатакты дагы башташса,
Урушса кошо урушка.

Кын алып калмак көндүмгө,
Качырып кирди көр түндө.
Кыйылды баштар кылычтан,
Калмагы-кыргыз өлүмдө.
Кокустан өлүп нечендер,
Отурбай калды төрүндө.

Калмактан баатыр Кебнаса,
Жекеге чыгып турганы.
Кармаган жерден кан чыга,
Көңүлүн элдин бурганы.
Кыйлага чыкпай кыргыздан,
Куюлган тери кургады.

Карылар карап Жайылды,
Ирмелбей тиктөө сайылды.
Сырды ачаар мезгил жетти деп,
Сыноодо сурап дайынбы?
Элестеп көзгө эчаккы…
Торойто чапкан аюуну.

Кырктарда болжол эсеби,
Жайыл шер толгон кезеги.
Каруугa батпай денеси,
Каршыны, каарды сезеби.
Кармаша турган күч сынап,
Жекеме-жеке кез эми.

Аргымакка минишип,
Найзаны кереп чыгышты.
Чокмор башты кошо алып,
Кынына салып кылычты.
Бири соо калса биринин,
Кыйылаар эми ырысы.

Көчкүдөй болгон Кебнаса,
Найзанын учу тийгенде,
Көтөрүлдү көчүгү.
Колтуктан бир аз чийгенде.
Торпоктой болуп кулады,
Башыны оңго ийгенде.

Башчысы өлүп калмактын,
Калганы качып жөнөдү.
Карап турган калың кол,
Качканына көнөбү.
Жеткени жеткен жеринен,
Жара сайды өлөлүү.

Кууган бойдон кубалап,
Кармашышты кырышты.
Качкандарын түбөлүк,
Кадиксиз сүрүп чыгышты.
Көңүлдөрү жай алып,
Кийинчерээк тынышты.

Ошол күндөн, ушул күн,
***Жайыл баатыр*** атанды.
Кадырлашып, сыйлашып,

Баатыр Жайыл ат алды.
Элди коргоп душмандан,
Калайыктан бата алды.

Урматтап сыйлап балдары,
Кадырлап тураар калганы.
Кыдырым колдоп Жайылды,
Каададан такыр калбады.
Баатырлык аты бап келип,
Калайык калктын ардагы.

## ЖАЙЫЛ-ЖООГАЧ ДОСТУГУ

Ботбай эл ырыскылуу, көрөңгөлүү,
Бөтөнчө бир наристе төрөлгөнү.
«Баа» — этип, эли-жерим, казагым дейт,
Бабалар ээрге ала өңөргөнү.
Бир боорлош казак-кыргыз журтчулугу,
Бипбирдей бир топ улут жөрөлгөлүү.

*6[17] 19.06.04.*

Кудайым берем десе бере-берээр,
Кут болсун, касиеттүү неберелер.
Кучактар кубанычка толо болуп,
Көңүлдө көтөрүлүп делебелер.
Кан Теңир колдоо болсо жаратканым,
Керемет бак-дөөлөтүң келе берээр.

Миң жети жүз отуз үчтүн жылдары,
Мезгил салкын күз айынын кырдаалы.
Кармаштары калмак-казак көп болгон,
Баш айрылып, колу-буттун сынганы.
Жоо качканда Кырбаш уулу төрөлүп,
Жоогачты деп, уулун атап жыргады.

Боосу бек, өмүрү өзү менен болсун,
Балалык бакытына кана толсун.
Баалаган эли-жери, казак калкың,
Башыңа бакыт кушу кошо консун.
Бабалар ата-салтын сактай билген,
Ботбайлар Жоокачтысы аман болсун.

Тартып туруп, кадам шилтеп жыгылып,
Там-туң басып калдалактап чыңырып.
Тунгуч кадам шилтөө салды Жоогачты,
Тай-тайласа утур жерди ныгырып.
Таңдан кечке жаны тынбай аракет...
Тери чыга наристеден сыгылып.

Ар нерсени кармап тартып таталап,
Айтса жеңил бекер кантип жайалат.
Аруу сезим тили чыгып жаңыдан,
Апа-Ата, Ата-Апааалап — апаалап.
Атакеси атка минсе талпына,
Аркасынан ээрчий басып аталап.

Наар албастан апа бери келчи деп,
Нанын сурап «ням-нямымды» — берчи деп.
Наристеге он беш айы толгону,
Наништесин күндө жасайт элчилеп.
Нур төгүлө, күлмүң этип жадырап,
Нар сымалы кадам таштай телчигет.

Турмушунун ысык-суугун көп көрүп,
Тагдырынын татаал күнүн өткөрүп.
Тал чыбыктай сынга толо эр жетти,
Там-туң басып жүргөн бала жөтөлүп.
Тик качырып калмактардын нойонун,
Тырыштыра жара сайып бактөрүп.

Жашоонун тартып запкысын,
Жоогачым издеп бактысын.
Жунгарлар менен кармашта,
Жоолорду мыктай какчусуң.
Жекеме-жеке чыкканда,
Жара чаап нойон башчысын.

Катаалдан эч бир качпадың,
Калмакты кууй баштадың.
Калкым деп жанды үрөөдө,
Кырчындай болгон жаш чагың.
Казак эл камын көп көрүп,
Катырдың калмак качканын.

Башкарып кырк жигитин жетектеген,
Бузуку арам ойун эсептеген.
Бурутту буктурмадан кууп чыгып,

Бул өңдүү жаман турмуш кетет деген.
Букара, бечара деп бөлүп жарбай,
Бардыгын бап-барабар эсептеген.

Жалындап жаштык жетет деп,
Жоокерди жүрдүң жетектеп.
Жоо келсе кайра качырып,
Жеткен жерден этектеп.
Жоо жүрөк баатыр Жоогачым,
Журт ичин оңдоп бекеттеп.

Казактын камгак баскан талааларын,
Казактын эл жашаган калааларын.
Калмактар басып алып мезгилинде,
Карт адам калтырыптыр талаганын.
Кыңк десе малын тийип өзүн кууп,
Көңүлдө ишин кылган каалаганын.

Казакпы, кыргызыңа карабаган,
Кууп чыга бардыгын тең табалаган.
Калмактык ишин иштеп качан болсо,
Көөдөнгө жакынырак санабаган.
Кырышып, өлтүрүшүп бет келгенин,
Кор болуп колго түшкөн сагаалаган.

Биригип казак менен кыргыздарым,
Биригип кыргыз менен казактарың.
Бир жеңден ынтымактуу кол чыгара.
Биригип жеңе алышта турмуш зарын.
Баскычы басып кирген калмактарга
Бирдикте көргөзүштү сазайларын.

Жоогач бул казак элден бала баатыр,
Жоо келсе далайына жалгыз татыыр.
Жаштыкка салып ыкты капар албай,
Жосунсуз жоосун кууп бара жатыр.
Жүз ашык буктурмада жаткандары,
Жылгадан чабуулга өттү калмак каапыр.

Көптөгөн пенде өлдү ажал жетип,
Курчоодо Жоогач баатыр амал кетип.
Карайлап көздөн учуп бир боорлоштор,
Калмакка колго түшүү элестелип.
Кокустан кайдан-жайдан жер жайнаган,
Кылкылдан көп кол чыкты чабуулга өтүп.

Кыйкырык ызы-чуудан оозун ачып,
Калмактар карбаластап калды шашып.
Кылычтар жарк-журк этип кыя чабып,
Кыйла́сы кыйсырады азы качып.
Көкө Теңир колдоду кереметтүү,
Калдая Жайыл баатыр келет басып.

Кыргыз, казак биригип,
Калмакка каршы турушкан.
Күнү-түнү чабышып,
Качыра́-качып урушкан.
Колго түшсө кокустан,
Кокодон ала бурушкан.

Жоогач казак баатыры,
Жоого жеке татыыры.
Желкеден ала жеткенин.
Жерге кага жатыры.
Жоого каршы жалгыздын
Жеткен окшойт татымы.

Казак-калмак кармашса,
Кыргыз кантип туралат.
Колдоо жасап казакка,
Калмактарды кубалап.
Кыргыз-казак бириксе,
Калмак кача чуу калат.

Кыргыз казак түшүндү,
Кол бириксе болоорун.
Кубалашып калмакты,
Күч-кубатка толоорун.
Калыстыкта караштЫ,
Достук болсо оңоорун.

Кудайдан пейил оңдолду,
Кармалып оң колдору.
Кыргыз-казак достугу,
Коргошуп бирге ордону.
Каршы туруп калмакка
Кошушту бирге чордонду.

Кыргыздын Жайыл баатыры,
Казактын Жоогач баатыры.
Каршы туруп калмакка,

Кол кармашты акыры.
Көктөн Теңир колдо деп,
Көөдөнгө кубаныч батырды.

Баатырлар жаштарына карабады,
Берендик жүрөктөрүн аралады.
Бек кармап колдорунан шерти байлап,
Бирдикте дайым чечмек санааларды.
Баатырлар дос болушуп акыреттик,
Бирине-бири арам санабады.

Достош деп жүрөк койбоду,
Достугун элдин ойлоду.
Канымжан аттуу өз кызын
Казакка куда болгону.
Душмандык эми жойулуп
Данакер деген болжолу.

Карапайым калкыбыз,
Түшпөсүн деп азапка.
Түбөлүгүн ойлоно,
Турмушка берди казакка.
Кыргыз-казак куда-сөөк,
Мындан ары азатта.

Жүрөктөн болгон сүйүүнү,
Жай баракат көрөлү.
Жан жүрөктөн кан бөлү,
Жигит мырза төрөлдү.
Жээнибиз эми данакер...
Жайыл баатыр өңүрдү.

Жайылдын жээнин Сыпатай,
Казак элдин баатыры.
Жалгыз өзү жүздөгөн,
Жоого жеке татыыры.
Казак-кыргыз элдерин,
Жоодон коргоор акыры.

Достук үчүн кандай иштер болбогон,
Достугумду Жайыл баатыр колдогон.
Даңазалуу кенже кызы Канымды
Казак бийге узаттыго ордодон.
Баатыр кызы баатырларды төрөдү,
Бирди эмес казактарда ондогон.

Созулган тоодой мырза делебеси,
Сырттаны жигиттердин кенебеси.
*Сыпатай* баатыр казак калкындагы,
Суйкайган *Айкан* эне небереси.
Сезген бар, сезбегендер миң бир эсе.
Достуктун далазалоо чегенеси.

* * *

Туугандыкты карабай,
Куда-сөөк деп санабай.
Казак-кыргыз бир-бирин,
Баягыдай таламай.
Баляя кепти баштаган,
Бердикожо, Абылай.

Билимдүү инсан түшүндү,
Билгендер билээр ишиңди.
Бурадар баары түшүнбөс...
Бизиңиз менен сизиңди.
Ботбайдан чыккан баатырдын,
Бастыраар баскан изиңди.

Атанып жолун жолдоп эмес тегин,
Атактуу мырзалардан Жоогач бегим.
Аты ойноп жоо жарагы колдорунда,
Арбаша жоодон алган кууган кегин.
Ардактап улуу-кичүү инсандарды,
Ага-ини арасында калыс кебиң.

Кыйла жыл териштире изилдегем,
Калк ичи кадырлаган мисилдеген.
Керемет кичи пейил жаркылдаган,
Көңүлдөн карыларды сизиң деген.
Карыны келиңиз деп урматтоодо...
Катыксыз кара чайы ичилбеген.

Ушундай бул жашоодо жаратылыш,
Умтулуу аракеттер алга жылыш.
Урушсуз, ынтымакта бир болбосо,
Удургуп жүргөн болот, акыр тыныш.
Урмат-сый, казак-кыргыз элде болсо,
Уялап бир боор элде достук ырыс.

Ыймандай сырым айтам төгүлгөндөн,
Ырыскы күткөн болбойт көрүнгөндөн.

Ынтымак-ыйман, ызаат, урмат болсо,
Ырахат бактысына чөмүлгөндөн.
Ырк кетпей бир жакадан баш чыгара,
Ызаатташ бир-боорлордо достук өнгөн.

Мансап деп, сыр түйүндөп чечилбейбиз,
Менсинип төштү кагып четиндейбиз.
Маанини берип-бербей досчулукка,
Мертинип анан барып жетимдейбиз.
Мезгили келген кезде кадырсыздар,
Мыйзамы бул турмуштун «эсил» — дейбиз.

Бет келген душмандарын багындырган,
Бүтүндөй калк мүнөзүн чагылдырган.
Бабалар өттү-кетти элим-жер – деп,
Бүгүн мен элестетсем сагындырган.
Бейпилдикти тартуу кыла калкына,
Ботбайлык мырза Жоогач багындырган.

Ата-журттун аткарууда мүдөөсүн,
Ачууң келсе, жылмаясың күлөсүң.
Ар намысты туу сымалы көтөргөн,
Ачык айтсам Ботбай элде бир өзүң.
Алда качан кош айтсаң да дүйнөдөн,
Алы күнчө өз дооруңду сүрөсүң.

Бул дүйнөдө жаралгандар көптөгөн,
Бакыт дешип бар алына жетпеген.
Барк алышып бири-бирин сыйлоодо,
Ботбай элден Жоогач баатыр эптеген.
Буруттарга бүлүк сала кубалап,
Бийлетпестен бириндете кептеген.

Кыргыз-казак куда сөөгү көңүлдө,
Казак-кыргыз, орустар деп бөлүнбө.
Кадыр тутуш, адамзаатым сыйлаша,
Көңүлүңдөн урмат-сый де төрүңдө.
Кытай, казак, кыргыз болгон адамзат,
Качандыр бир баш ийебиз – өлүмгө.

Өзүбекпи, түркмөн, кыргыз-казакпы,
Өлбөгөн жок татып-тартпай азапты.
Өгөйлөшүп өз көмөчкө күл тартпай,
Өргө тарта өзөк-муунду тазартчы.
Өлбөстүктүн урөөнү бул «досчулук»,
Өрүшүңдө таза карма башатты.

Бир боорлук бул адамзаттын жарлыгы,
Бир болсок дээр, адамзааттын баарлыгы.
Бири-бирин көралбаган шордулар,
Бөлүнүшсө ич дүйнөнүн жарлыгы.
Беш салаандай ар башкача адамзат,
Бири өйдө, бири ылдый тарлыгы.

Ымдалып утур көздөрү,
Ынтымак тилеп сөздөрү.
Ырыс бул достук бир боорлук,
Ыйманга үндөп өзгөнү.
Ызааттап кары-картаңды,
Ык берүү менен көздөдү.

Тынчтыкка согуп жүрөгү,
Тынчтыкта көңүл түнөгү.
Татымын тата турмуштун,
Теңир деп, үй-бүлөлүү.
Тукумун улаар туяк бар,
Туу тутаар тынар түлөгү.

Өркөчтөнө аккан сууда иримдей,
Өттү өмүр жалбырактай дирилдей.
Өткөн өмүр Жоогачымдай баатырды,
Эскербесек алар калаар билинбей.
Өмүр шарты төрөлүүдөн — өлүм бар,
Өмүр сүрдү аз жашоодо — күлүңдөй.

Ээрчип алды достук деген үмүтүм,
Эстен кетпей элестериң күнү-түн.
Эл ичинде бейпилдикти каалаган,
Эсирбестен, сыр түйүндүү күлүшүң.
Эриш аркак кыргыз-казак турмушу,
Эки бир боор, түбү алар «бир бүтүн».

Казактын туусун кармап колдон-колго,
Калкы үчүн жоокер баштап солдон-оңго.
Калмакты сүрүп чыгып калк ичинен,
Кыргызы-кытайларга достук жолдо.
Кеменгер Жайыл-Жоогач элибизде,
Керемет баатырлыгы доордон-доорго.

*4$^{04}$ 21.06.04.*

# КЫРГЫЗ-КАЗАК БИР ТУУГАН

Жетимиш жашка барганда,
Жетиштүү карып калганда.
Жоо болуп коңшу тууганы,
Жай-кышы бүлүк салганда.
Жигиттик кездин бири жок,
Жайыл бий бир аз арманда.

Жатындаш алар бир тууган,
Желеги бирге бир туудан.
Жеп ичип бирге чоңойуп,
Жайлоодо ичип бир суудан.
Жолборсу, аюу, арстан...
Жаа атып баарын бир кууган.

Бир тууган казак кыргызым,
Бир ичип айран-кымызын.
Бир желден колду чыгарып,
Бирине-бири тымызын.
Бир басып бирге жүрүшчү,
Бир дешчө дайым — «ырысын».

Бир тууган — кыргыз-казагым,
Бир тартып бардык азабын.
Беш бармагын бир жешчү,
Бир асып, ашка казанын.
Барына жокко кайылдаш,
Бир болуп соода базарың.

Кыр ашып жайлоо келишчү,
Кыз алып кызын беришчү.
Кыз-жигит көңүл ачышып,
Кызгалдак бирге теришчү.
Кымызын бирге ичишип,
Козусун бирге эмизчү.

Согумду бирге союшуп,
Согумга бирге тоюшуп.
Сайрандап жигит, мырзалар,
Сырларды айта чойушуп.
Сармерден ырын ырдашчу,
Сыноону бирге коюшуп.

Татышып мөлтүр булакты,
Тартышып бирге улакты.
Таңдан кеч бирге болушчу,
Тең бөлүп жалгыз кулакты.
Тамаша оюн бир болчу,
Тең чабып күлүк сур атты.

Жайлоого малын айдашып,
Жайлоого бирге жайлашып.
Жупкасы, жуурат бир болуп,
Жүрүшчү бирге айлашып.
Жигити-келин жылмая,
Жутунган кулун байлашып.

Желэзге кулун байлашып,
Жеңелер бирге чайлашып.
Жигиттер аштык эгишчү,
Жерлерин бирге айдашып.
Жаш өспүрүм уландар,
Жүрүшөр эле чай ташып.

Эгинин бирге корушуп,
Эгинин бирге орушуп.
Эртеден-кечке иш менен,
Эринбей бирге болушуп.
Эс алаар учур болгондо,
Эжигей, курут сорушуп.

## АБЫЛАЙДА АРАМ ОЙ

Капыстан келип кол салат,
Кыргызды талап алам деп.
Казак-кыргыз кыргыны
Күн батыштан башталат.
Качырып келген Абылай
Карбаласы башталат.

Жоо келээрден шеги жок,
Жайыл жаткан жайдары.
Жеткен жерден жети чаап,
Абылай көбүн жайлады.
Жарактарын колго алып,
Жигиттер белди байлады.

Чабармандар чапкылап,
Жоо кабарын беришти.
Жаа, чакмор баш, найзалуу,
Жигиттер жете келишти.
Каршы келген жоолордун
Сазайларын беришти.

Кыйшалаңдап баскан бар,
Качырган бар, качкан бар.
Как чокуга чокмор жеп,
Кан шорголоп жаткандар...
Койдум баатыр, койдум деп,
Кырдан алыс качкандар.

Боо-боо болуп чабылып,
Былжырап каны агылып.
Бошой түшкөн атынан,
Басмайылы тартылып.
Баш жарылган казактар
Бакырып жатты жалынып.

Быт-чытынан талкалап,
Баш көтөргүс кылышты.
Белден, буттан алышып,
Абылайды ныгышы.
Жайыл баатыр алдына,
Абылайды жыгышты.

Амал издеп Абылай,
Колго түшүп калаарда.
Ак желегин көтөрдү,
Бир айласын табаарда.
Амалдууга айла жок,
Ташталканды салаарда.

Жайыл бийдин жанында,
Журт бийлеген карылар.
Жүйөлүү сөз акылман,
Жигиттердин баары бар.
Жерди тиктеп Абылай,
Жүз карагыс жаны заар.

Абылайды ак ниетте,
Тизелетип түшүрдү.
Ак желеги, ак тилек,

Экендигин түшүндү.
Аттиң, деген Абылай,
Агын айта сүзүлдү.

Каректи кадап карекке,
Каарды сөзгө ашырды.
Жерди тиктеп Абылай,
Кечиргин деп асылды.
Кеги барын Абылай,
Жан талаша жашырды.

Ай жылы ойлоп Абылай,
Амалын издейт талыбай.
Калың казак талаада,
Камгакты терип жарыбай.
Кол туткун болуп калганы,
Жүрөккө тийген сары май.

Кыргыз-казак тууган деп,
Жалынуудан баштады.
Кемерин салып моюунга,
Чөк түшүүдөн качпады.
Кечирээр деп бир боорлор,
Бөк түшүүдөн жазбады.

Казак-кыргыз калкынын
Бир боорлугу жалганбы?
Каңырыгы карк болуп,
Абылай хан жалбарды.
Катылганы жаңылыш,
Болгонун айтып арманы.

Алаканын кең жайып,
Абылай тилейт ырайым.
Айланайын Жайыл хан,
Айтыңыз эмне кылайын?
Чымындай жанды бошотсоң,
Чай ичпей эле жылайын.

Айыпты башка алалык,
Айланайын калайык.
Эки колду боорго ала,
Чөгөлөп жерди таянып.
Ыйламсырап жалдырап.
Жалынып жатты карайып.

Тике карап тигилбей,
Кашайгандай кареги.
Жара салган коондун,
Чачылгандай данеги.
Соолуп барат сопойуп,
Үзүлгөндөй балеги.

Тирсегинен илдирип,
Тирөөчүнө койбоду.
Тууган болгон бир элдин,
Түбөлүгүн ойлоду.
Тирүү калган Абылай
Таңданууда ойлору.

Жоо аяган жаралуу,
Экендигин сезбеди.
Акыл айтып Жайыл эр,
Абылайды эзбеди.
Бир боорлугун бу элдин
Абылайым – ***сез*** деди.

Баарын алуу мойунга,
Абылайдын оюнда.
Андан кийин чардоо бар,
Ашмаранын боюнда.
Кычыратып тиштерин,
Күч чыгаруу союлга.

Бир боор элди бүлүнтүп,
Безээрликке барбады.
Абылайга азаттык,
Жайыл баатыр арнады.
Жан талаша Абылай,
Жан үрөбөй ал барбы?

Колтукта кара ташы бар,
Абылай ниети бузулду.
Кыргызды кайра чабам деп,
Урдум деди — ***тузуңду***.
Кол курады элинде,
Ураар анттын кусуру.

Кыз алышып, кыз берип,
Куда-сөөк болуп калганда.
Канткенде басып алам деп,

Абылай дайым арманда.
Амалын ойлоп ар түрлүү
Бармагын тиштеп саргара.

Бүлүктү толук салалбай,
Беттеше келип алалбай.
Бушайман болот күнү-түн,
Бүк түшүп айла табалбай.
Бетбактык жагын ойлонот,
Бетме-бет тике баралбай.

## САДЫР БААТЫР

Таластан саяк Садыры,
Таралган кыйла кадыры.
Төө ашуудан, Таласка,
Толук карап адыры.
Хан эсептеп өзүнү
Шамшакалдай татыды.

Садыр хан деп макталып,
Садыр хан деп даңкталып.
Сая түшүп казакты,
Садыр хан деп акталып.
Элчилерин жөнөттү.
Садыр «хан» - деген атты алып.

Элчилери Садырдын,
Абылай ханга барышты.
Садыр хандан элчи деп,
Абылай ханга таанышты.
Аны уккан Абылай,
Кан жута абдан карышты.

Элчиге карап коет шек,
«Хан» – деген бирөө, болот деп.
Тетири карап Абылай,
Хандыгына коет чек.
Кекээрди уккан элчилер,
Элеңдеп эмне болот? – деп.

Садыр менен Момокон
Санаасыз абдан байыган.
Казактын малын айдатып,
Жайылып жаткан жайынан.

Кан какшатты казакты,
Амалдуулук айынан.

Малына тийип четинен,
Марыша абдан байышты.
Сый урматтан ажырап,
Токтотушту катышты.
Күн көрсөтпөй карактап,
Күн чыгыш менен батышты.

Кошойдун уулу Мо́мо́кон,
Бириккен Садыр саякка.
Күнөөсүз элди бүлүнтүп,
Чуу чыгарып аякка.
Каршыларын качырып,
Алышчу катуу таякка.

Казак-кыргыз элдери,
Нааразы боло башташат.
Беттеше келсе бирине,
Кас душманча чачташат.
Ыйман кача ырк кетип,
Кадимкидей касташат.

Казак карап жатабы,
Кол жыйып, алып батаны.
Кооман, Бердикожолор,
Күүгүмдөтө каттады.
Үйүр-үйүр жылкы айдап,
Үрпөйттү жалгыз атаны.

## ТҮЛӨБЕРДИ

Эл ишине жараган,
Уул тилейт чөгөлөп,
Кошойдун Жамансартынан,
Түлөберди төрөлөт.
Көкө Теңир колдо деп,
Ак бешикке бөлөнөт.

Ташка тамга баскандай,
Сөздөрүнө караңыз.
Тили буудай кууруган,
Чечен чыгат балабыз.

Ата-эненин тилеги,
Эл ишине жараңыз.

Сөз сүйлөсө сыналган,
Мырза болот тың абдан.
Күндөн-күнгө өзгөрүп,
Күчкө толо чыңалган.
Эл ичинде шыбыр кеп.
Өстү жигит кыраандан.

Сүйлөгөнү орундуу,
Бетиңе айтып жазганбай.
Акыл калчап кептери,
Ааламды толук баскандай.
Айрымасы башкадан,
Жер эне менен асмандай.

Талаш-тартыш чатакта,
Калыс сөзүн сүйлөгөн.
Карапайым жөнөкөй,
Кытмырлыкты сүйбөгөн.
Аткарбаса айтканын
Күйгүң келсе күй деген.

Ак ниеттикти тутуна,
Калыс боло чоңойду.
Кара кылды как жара,
Калыс болду оңойбу.
Түлөберди күн эмес,
Секунд санап зоройду.

Көтөрүлүп кадыр барк,
Эл оозуна алынды.
Калыстыгын сүйлөөчү,
Угуп болуп зарыңды.
Өкүм сүрө акыйкат,
Канча адам жалынды.

Эки журттан эки элге,
Элчи боло баштады.
Ар бир сөзү кынтыксыз
Оор басырык басканы.
Зоболосу бийиктеп,
Абройлуу жаш жаны.

# ЖОЛБОРСТУ КҮЧҮКТӨЙ КАРМАШКАН

Капкара ылай аңызы,
Теректей өскөн камышы.
Чымыны чиркей таласа,
Дар күмөн аман калышы.
Кара-Суу агып тынбаган,
Кургабай суудан алышы.

Кылт этсе аңдып карасаң,
Мекендеп камыш арасын.
Карышкыр, жолборс,чөө, түлкү...
Жогуңду мындан табасың.
Кол салып күндө малыңа,
Ээрчите жүрүп баласын.

* * *

Жайылдын Асан деген уулу болгон,
Жеңилин жерден алган, оорун колдон.
Жай албай таңдан-кечке атасына,
Жардамын бере берген толгон-толгон.
Жатындаш Теке, Үсөн, Асан үчөө,
Итике башка энелүү бир боордон.

Баарынан баар тапкан, Асан мырза,
Байсалдуу атасына жардам кылса.
Бир жашап, бирге жүрүп ага-инилер,
Байырлуу атасына басса-турса.
Бир жеңден кол чыгарып ынтымакта,
Бирине-бири колдоо, кокус тынса.

Улуулай урматташып бири-бирин,
Уулдар өткөрүүдө тирилигин.
Улуунун айткандары мыйзам сымал,
Ушундай элестелет күнү бүгүн.
Урмат-сый алар өчүн адет болгон,
Умтула алып болсо колдо жүгүн.

Сөздөрдүн терип берметин,
Сынына толуп келбетиң.
Сактыгын ойлоп элинин,
Сар-санаа тарта эр жеттиң.
Сезимде болуп бейкуттук,
Сансыз гүл каптап жер бетин.

Аксакалдар айылда,
Айрыкча жаз-жайында.
Дөңсөөлөргө чогулуп,
Отураары дайын да.
Кеп-кеңешин айтышып,
Кембагалы байына.

Жүрүшсө камыш аралап,
Жердени жолборс жаралап.
Жаңы эле жыккан жеринде,
Жетишкен алар сагаалап.
Жылуу кан соргон жолборско,
Жүрөктүү кими баралат.

Туу калган эрке тору,
Түзөлүп анда соору.
Териси жарылыптыр,
Тешилип желип боору.
Талашып эки жолборс,
Тытмалай алар чогуу.

Ишенип бирин-бири,
Издөөдө ага-ини.
Ич майы сыртта жатат,
Имерсе чыгып тили,
Ирээнжийт элестеткен,
Илээшип чыга зили.

Кеңешти ага-инилер,
Кеңеште баары билинээр.
Катуурак чаап качканда,
Кан ичкен жолборс зирилдээр.
Кызганып жыккан олжону,
Коруудa далбас билинээр.

Кароолго жаңы келгенде,
Качырып-кача бергенде.
Кайраты күчөп жолборстун,
Кызганып олжо чеңгелде.
Көксөгөн ойлор ишке аша,
Амалдын баары мерчемде.

Ага-ини амал издеди,
Ардактап бирин «сиз» - деди.
Айбаттуу тап бергенде,
Асылаар ишиң «биз» - деди.

Апчытпай тартуу зарылдыр,
Астейдил ыкчам, «тыз» - деди.

Качканын көрүп Үсөндү,
Качары жолборс түзөлдү.
Кокустук болуп кетет деп,
Капшыра тээп үзөңгү.
Укурук салып кылтактап,
Темине Теке! Күчөндү.

Секирди жолборс Үсөнгө,
Соо жүрбөй күнөө Үсөндө.
Теминип Теке! Чү деди,
Укурук менен бу ченде.
Сыйыртмак салып жолборско,
Серптирбей тартты бу пенде.

Укурук боосун бурады,
Ууккан жолборс кулады.
Экөөлөп керип экиге,
Эс кеткен жолборс сулады.
Жетелеп келди күчүктөй,
Ага-ини карап турабы.

Бычмалы жерди элеп,
Баатыр деп кабар берет.
Укурук башка салып,
Экиге бирдей керет.
Баатырлар чоң жолборсту,
Жетелеп мында келет.

Ааламда акыл баштан,
Асылы анын таштан.
А кокус «көзүгөт» – деп,
Шекти эч алдырбастан.
Жайыл бий кебин айткан,
Эки айбан жетелептир.
Мышыкты жапай качкан.

Жолборсту союп тынышат,
Жолборско көңүл бурушат.
Жайылган жүз баш бозүйдүн,
Желкеси түндүгүнөн.
Куйругу жерде чубап,
Ыраазы балдарына,
Жай гана турду сынап.

Алыска кабар салдырып,
Ак боз бээ жыга чалдырып.
Атайын «түлөө» өткөрдү,
Ардактуу кары алдырып.
Андайды уккан Абылай,
Ансайын турду албырып.

## БУЗУКУЛАР

Кытмырлар чыгат арадан,
Кас душман бирин санаган.
Кыйдылык кылып бирине,
Кезексиз тилин сабаган.
Кара санап көралбай,
Карышкыр өңдүү талаган.

Желдеңбай чыгат баладан,
Жойпулар чыгат арадан.
Жосунсуз кокус иш чыкса,
Желмогуз сымал караган.
Жалпылап тоноп киришет,
Жан таксым болуп чалажан.

Арада толгон былык бар,
Аралаш жүрүп былыктар.
Агаңды сага кас кылып,
Ар дайым ынак сага ыктаар.
Атайлап аны байкасаң,
Анда бар миң бир кылыктар.

Аралаш жүрөт жойпулар,
Аралаш күлөт сойкулар.
Атаңа дайым жамандап,
Абийириң ачып чойчулар.
Ашмалтайың чыгарып,
Айбийриң төгүп чойчу бар.

Тууганга-тууган касташаар,
Туугандан-тууган саз жашаар.
Тууганды-тууган карабай,
Туугандан тууган пас жашаар.
Татытпай такыр талканын,
Таз кейпин кийе катташар.

Чабышып уруу-уруулар,
Чабышып тили буруулар.
Чебичи жесе чыбыгын,
Чабышып дайым туруулар.
Чечекей чыгып чекеңден,
Чычкандай өмүр куурулаар.

Турмушта болгон көнүмүш,
Турмушта толгон өкүнүч.
Тайбостук болгон нерсени,
Тастыктаар аны төгүн иш.
Тагдырдан ашып кетпессиң,
Таалайга жазса көнүгүш.

Кээ жанда болсо арам кек,
Кыргызды чаап алам деп.
Кол курап тууган уруктан,
Камданып калды Арамбек.
«Кул» — кылып уул балдарын,
«Күң кылып» — кызын алам деп.

Куралын колго камданып,
Кудуңдап ичтен жанданып.
Кыйлалар жүрдү ичинде,
Кан ичээр утур тандалып.
Казак-кыргыз бир боорго,
Кыйласы болбой таңданып.

Достордон болсун бир элес,
Дос аттуу баары дос эмес.
Дүнүйө капар болбостон,
Досторду тарта бүт кеңеш.
Дүүлүгүп дүпүлдөгөн бар,
Деңгээли бирдей тең эмес.

Дос болот ашың качырган,
Дос болот сырын жашырган.
Дендара боло дүйнөгө,
Достор көп албуут ашынган.
Деп коюуп ниэти капкара,
Дегдөөсүн ишке ашырган.

Кеп сөзүн сүйлөп астыртан,
Көзүңдү көрсө каткырган.
Көз көрүнө жамандап,

Көзүңчө досуң кас кылган.
Кылтың-култуң мүнөздүү,
Кыз-келинге жаш сынган.

Ушак сөздү азыткан,
Укмуштар бар дасыккан.
Уурутунан жылмайып,
Утуру сени басынткан.
Укпай калса бир сөздү,
Утуру ага ашыккан.

Шымааланып башынан,
Шыпты карап кашынган.
Шумпай достор толтура,
Шыбыр укса ташыган.
Шаар бузуп шарактап,
Шек алдырбай сасыган.

Достор толо арыган,
Достор болот тарыган.
Дымагы өйдө көтөрүк,
Эстүүсүнүп баарынан.
Адам арзыыр иши жок,
Айтканынын заарынан.

Жалаң төштөр бакылдап,
Жан чыкканча шакылдап,
Жамандатат жан досун,
Жик билинбес акыл таап.
Жаян ооз акынга,
Жанын безеп какылдап.

Жаян ооз Үмөтаалыны,
Жалаң төш жакын чакырды.
Жеп ичкениң менден деп,
Жел оозу менен жапырды.
Жөнөттү Абылай-ханга,
Жамандап Жайыл баатырды.

Жоогачтан келген ырчыбы?
Жоогачтан келген тыңчыбы?
«Жүз» — ичинде Абылай,
Жоогачтан келген сынчыбы?
Жан-жөкөргө дайындайт,
Аныкталсын чын-чыны.

Абылайга жалаңдайт,
Абылайга жамандайт.
Айтып «уулуу» - кептерин,
Аны карай кадамдайт.
Арам кебин арбытып,
Алкы бузук саралды айт.

Казак жерин жердедиң,
Казак мендик эл дедиң.
Кол тийгизбейм эч качан,
Казакка жакын келгенин.
Колду курап чогултуп,
Казактын кыйла шерлерин.

Жаштайыңдан калмакка,
Жоону чаап алмакка.
Жанды үрөп жүрчү элең,
Жексен кыла чапмакка.
Жүзүң жарык элиңе,
Жүз ичинде тармакка.

Чымындай кыла какканда,
***Чарышты*** кыя чапканда.
Чырылдап жаны чыкты го,
Чубуруп каны акканда.
Чынын айтсак Абылай,
Чарыштан бакыт тапканда.

Чабыштуу санаа жайланып,
***Чарыштын***-башын байланып.
Чапкылап келдиң элиңе,
«Чуу-калмак» жагын айланып.
Чыңалып элдин үмүтү,
Чоң болдуң анда шайланып.

Эгемен элге таң болдуң,
Эрдигиң баалап хан болдуң.
Эл куттуктап жатышты,
Эпчилдер келип хан ордуң.
Эркей берип элиңе,
Эби сын жетпей кең толдуң.

Казактын бир топ бектери,
Кайкая басып кейптери.
Куттук айтса кудуңдап,

Куйткулары четтеди.
Караан болуп берем деп,
Карөзгөйү эптеди.

Карбалстап Каныбек,
Кайкыды калган малы көп.
Кичик боло куйтуңдайт,
Карып калган Калыбек.
Келалбаган жаныңа,
Карапайым жаны көп.

Баатырлардын тайбасы,
Баатырлардан Байгазы.
Баары туткун кыргызга,
Баштан кетип айласы.
Баатырларды баш кылып,
Бүгүн мүмкүн жайлашы.

Жанаша тээп үзөнгү,
Жайылдын Асан, Үсөнү.
Жайлады далай казакты,
Жан берген жери түз эми.
«Жүз» - тукуму куруйт деп,
Жайыл өзү күчөндү.

Баракбай баатыр өлгөндө,
Баардык эл аны көргөндө.
Баш аягы казагың,
Бошошуп көңүл бөлгөндө.
Баатыр Жоогач шолоктоп,
Ботодой ыйлап көр пенде.

Угаарын угуп турасың,
Укканга көңүл бураарсың.
Укканга көңүл тынбаса,
Улукман элден сураарсың.
Уулугуп жатса элиңиз...
Уул мырза эмне кыласың?

Көрүнө тузак чалынып,
Көр оокатка малынып.
Казак элиң кырылып,
Каны дайра агылып.
Казак элиң кан какшайт...
Карбаластап сагынып.

Алың кетип калдыбы?
Ар намыстан тандыңбы?
Алты күн айтса түгөнгүс,
Ал абалдан арызымды.
Атка мине Абылай,
Алсаң боло карзыңды.

Калкың душман колунда,
Куунаганың курусун.
Кан какшоодо айтканым,
Кулак какпай турусуң.
Кайдыгер караар казакпы?
Капырай кайсы урууксуң?

Айтканыма талыбай,
Атка мингин Абылай.
Айтканымды укпасаң,
Аларың калаар таанылбай.
Ар намысты талашаар,
Ары жагы жарым ай.

Бир боор десе карарган,
Бооруң таштап жаралган.
Баралбасаң казагың,
Бириндеп калаар саналган.
Баары кулга айланып,
Бырын-чырын таралган.

Көз жаштары көл болуп,
Көлдөй толкуп сел болуп.
Кырылышып кыйсыпыр,
Көрбөгөнү көр болуп.
Кырылганы талаада...
Кычып жатат көр толуп.

Уңшуп атып таң атты,
Ушак сөзүн таратты.
Уулуккандан Абылай,
Утур куруп баратты.
Учуп жетип барууга,
Уулукканы саматты.

Жүрөк дартын айтканы,
Жалаң төшүм элеңдейт.
Жай баракат укмаксан,

Жайыл баатыр кебелбейт.
Жиним келсе казакты,
Жексен кыла жеңем дейт.

Саяктан чыккан баатыры,
Садыр сурап жатыры.
Сөз укпастан чабам дейт,
Сарарканды акыры.
Сарт жээнди төөлөргө,
Сакчы кылуу акылы.

Баардыгын айтып өтөлүк,
Балдарын багып көтөрүп.
Баш байланып укук жок,
Баш ооруп кээде жөтөлүп.
Букара жанга айла жок
Бир чыгып кээде жети өлүк.

Элүү жылда эл жаңы,
Эл жашаган жер дагы
Эриш-аркак чоңойуп,
Эзилгендей эр жаны.
Эгемендик элде жок
Энчиге тийбер эр таны.

Кол курап калкы көп казак,
Кызыга турат самап.
Коңшулаш казак-кыргыз,
Калышты арам санап.
Кара ниет күндөн күнгө,
Кас душман эки тарап.

Кыйынсып нечесинен,
Кол салат чекесинен.
Күн санап күчөй берип,
Тынчтык жок кечесинен
Жекеме-жеке эр сайышта
Жеңилди чыкпас эч эсинен.

Кырлардан белин ашып,
Ушакчы сөзүн ташып.
Каңырык түтөп жатты,
Калчылдап утур жашып.
Күмөндүү Абылайхан,
Кабагын утур кашып.

Элестеп өткөн күндү,
Туткунга түшкөн түндү.
Баш чайкап жерди тиктейт,
Укканча шоокум өндү.
Көзүңө көргөзөм дээр...
Добушка кулак түрдү.

Денеге каны толуп,
Жүз үйрө каршы болуп.
Санаада саргайууда,
Ич күйө дени соолуп.
Итке жем ***«казак»*** десе,
Ишенди боору ооруп.

Көп жыл мурун Абылай,
Колуна түшкөн Жайылдын.
Кыл куйрукка кол салып,
Кыраңда турган айылдын.
Казак-кургыз бир боор деп,
Жайыл кечкен айыбын.

Боорлоштон бат жанып,
Бошоорун бошоп кек калып.
Белсенди кайра Абылай,
Бей күнөө элге чаң салып.
Бей капар жаткан элди чаап,
Баатырдан-Баатыр даңк алып.

Жыйында сүйлөшкөндөрүн,
Жалаң төш үйрөткөндөрүн.
Жейжепирип жаткандын,
Жармы чын болсо көп төгүн.
Жүрөгү бузук акындан,
Жалынсыз калды көп чөгүн.

Бүлүктү салып ырдоого
Бөлүндү көңүл коргоого.
Боор тарткан Абылай,
Бозомук тартып кор боло.
Бары-жогу биригип,
Баш кошушту ордого.

Добулбастар согулду,
Дымактуулар чогулду.
Дайынын айтып кор болгон,

Душманынан көрүндү.
Дайын боло душманга,
Дүңгүрөт деп колуңду.

Ар жүзүнүн он миндеп,
Аскер курооаралды.
Ар миңине кол башчы,
Азаматы саналды.
Ары жагы жарым ай,
Мөөнөт менен таралды.

Кылкылдаган кол менен,
Кырды-кырдай жол менен.
Кас душман деп аттанды,
Кырк миң чама кол белен.
Калк ичинде кара ниет,
Кандай бузук жан элең.

Абылайхан ашынып,
Отуз миң жоокер курaптыр.
Опурула – опулдап,
Орто жүздү сураптыр.
Опсуз чыккан тыңдарды,
Ортого салып бураптыр.

Жоо аяган жаралуу,
Жоо аяган каралуу.
Жоонун түбү *«жоо»* болоор,
Жоо аяган саналуу.
Журтка бүлүк түшкөндө.
Жолдо калып балалуу.

Чуру-чуулуу шаттанып,
Чуудан бери аттанып.
Чечекейи-чеч боло,
Чыгымы толук катталып.
Чаң ызгытып келишет,
Чычаңдаган ат калып.

Жердин бетин таптаган,
Жердин бетин каптаган.
Жоо келатат жан үрөп,
Жер бетине батпаган.
Жар чакырып утуру,
«Абылайлап» - жаттаган.

# КЕҢЕШ

Жайылдын сезген жүрөгү,
Жай албай жаны түнөрүү.
Жүрөгү кара Абылай,
Жутунуп бир күн күлөөрү.
Журт бүлүнөөр элестеп,
Жетим-жесир бүлөөлүү.

Ат чаптырып калкына,
Кабарды берип жалпыга.
Тагай ата тукумун,
Чакырды, ырыс-салтына.
Тагдырын элдин чечүүчү,
Татыктуу берээр антына.

Кас душман колду салаарын.
Кокустан басып талаарын.
Кыйладан сезчү жүрөктөн.
Караан түн түшүп калаарын
Калкына берди кабарды,
Кеңешсе аман калаарын.

Жоонун келе жатканы,
Жыргал күндөн батканы,
Жигиттерди чаптырып,
Жумгалдан бери такталды.
Жылгалап жайлоо көчүшүп,
Журт ичи тынбай аттанды.

Добулбастар согулуп,
Долондон бери чогулуп.
Дүнүйө бөлөк элестеп,
Дүнүйө келди көп урук.
Дымактуулар кеп айтат,
Дайынсыз жүргөн отуруп.

Кездешип Көтмалдыда,
Көп кеңештер алдыда.
Келишкен түркүн улуулар,
Кебинен чалган чалдыда,
Катышсаң кокус кыргынга,
Кол башчылык алдында.

Айтылып өйдө-төмөн сөз,
Алайды орой-чарай көз.
Арыдан-бери кетишти...
Ар жагын ойлоп өзүң сез.
Ата-журт болбой көңүлдө,
Ар кимде *«башчы»* акыл-эс.

Жетиштүү жашап калганда,
Жетиштүү жашка барганда.
Жоо чабат деген кабар бар,
Жайыл бий арып арманда,
Журтчулукка кабарлап,
Жай албай күтөт жардамга.

Чогулуп кыргыз топтолуп,
Чоочун жан анда жок болуп.
Чүй эмес бүтүн кыргызды,
Чаап кирээр душман *«ок»* болуп.
Чогулган элде кеп-кеңеш,
Чабуулга башчы чоттолуп.

Ынтымак кетип ыдырап,
Ырксыз сөз элди кыдырат.
Ый ыйлап бала, кемпир, чал,
Ырыскы кетип жыдымак.
Ырк бере бербей бүтүмгө,
Ыдырап барат ыдырап.

Кыжы-кужу кеп чыкты,
Кыйынсынган көп чыкты.
Кепке келип келбеген,
Кыраакылар деп, чыкты.
Калк кадырлаар карылар,
Калың элде көп мыкты.

Көңтөрө ичип кымызын,
Көңүлүн айтпай тымызын.
Кыл чылбыр бийлик талашта,
Кыжаалат боло кыргызым.
Качырып келсе кас душман,
Ким билет кандай тынышын.

Сарбагыш, саяк элдери,
Сабырлуу баары эрдеди.
Садыр аке баш болуп,

Сакалдуу жашы келгени.
Согушта башчы болушту,
Самоолор ичтен дегделди.

Каргаша башын баяндап,
Казактын оюн аяндап.
Карылар кепке келишти,
Кол топтоо жагын даярдап.
Кимиси канча кол менен,
Келээрин айтпай аярлап.

Башчылык мансап самашты,
Башчылык жагын талашты.
Башчылык колдо болбойт деп,
Бүтүмгө келбей таң ашты.
Болушуп көбү көңүлкош,
Басынта бир аз карашты.

Басылбайт менин жерим деп,
Байкайлы бара бериң деп.
Бүдөмүк бүтүм кылышты,
Бүдөмүк сүйлөп тынышты.
Баардыгы салып жайына,
Байкатпай кынга кылычты.

Башкаруу жагын карашты,
Башчылык ишти талашты.
Болом деп күбө кол башчы,
Баарынан намыс ар качты.
Бир-бирин ызаат кылбастан,
Бир ойго келбей тарашты.

Ойлобой кээси намысты,
Ой тутум анда карышты.
Ойдогу дартты башчылык,
Опсуздук ишке барышты.
От күйүп жатса кең Чүйдө,
Ордо ойноп жатып алышты.

Тогуз жолдун тоом жолу,
Толо жыйын болгону.
Топ баштайбы Жайыл, деп,
Толгон токой толгонуу.
Эсенгулдай эргулдар,
Эби жок башты толгоду.

Бирин-бири тең албай,
Бир пикирге келалбай.
Бир Тагайдын тукуму,
Бир оздон жооп бералбай.
Бүшүркөдү бүтүмсүз,
Биринен-бири *«шек»* алмай.

Кыргыздын жери бүт колот,
Кыр-кырлап малы бүт толот.
Кара ниет душман качырса,
Кайгыга батпай ким оңот.
Кырчылдашкан кармашта,
Кол башчыбыз ким болот?

Сарбагыш, солто, саягы,
Сары өзөн Чүй аягы.
Салгылашуу элестеп,
Сойулу, чокмор таягы.
Сороктотпой такымда,
Сабырды күтүп Баялы.

Чогулган элде кептешет,
Чамынса душман беттешет.
Чаап алып катын-калачты,
Чокуга коюуп жектешет.
Чүнчүтүп келин-кыздарды,
Чүмбөттөп жүрүп эптешет.

Элестеп кыйын кезеңдер,
Элестейт түйшүк нечендер,
Эрегиштен эр өлөт…
Элестейт аны нечен эл.
Эбин таап амалкөй,
Эмизет тилди чечендер.

Башчыга акыл төп келет,
Башчыда күчтөр эптелет.
Башчы эр алып учпастан,
Басмырттык менен чектелет.
Букара баркын сезбесе,
Башчыга бир аз шек берет.

Жыйында талаш тартыштар,
Жыйында кайчы айтыштар.
Жылмайган менен жүздөрү,

Жүрөктө терең зили бар.
Жетимиш жашта – Жайылды,
Жол башчылыкка болду – жар.

Тараза жылдыз бойлобой,
Тагдырын элдин ойлобой.
Тамаша тартып-улакты,
Тайраңдап максат ойномой.
Таалайын элестеткенде...
Тагдырлаш болмок ойнобой.

Ойлобой кээси кыргызды,
Опсуздук менен чыр сызды.
Опуруп кирсе кас душман,
Оолжуй ичти кымызды.
От болуп жатса боорлошу,
Ойлонбой алар тынышты.

Отуз миң колдуу кас душман,
Опуруп кире туш-туштан.
Ойлогон максат аларда,
Омоктуу ою утуштан.
Обоолжуп эс алганда,
От күйгөн суусун-жутушкан.

Жайыл журт эли дүрбүктү,
Жабыла каалап бирдикти.
Жоо басып келсе жулунуп,
Жалгоосуз иштеп тирликти.
Жеңилди жерден колго алып,
Жумбастан күн-түн кирпикти.

Кеңешип кесип бармакты,
Кеңешип иштеп тармакты.
Калк ичин үндөп бирдикке,
Кадырга салды салмакты.
Кимиси кандай болот деп,
Карашып утур жан-жакты.

Чогултуп чогуу балдарын,
Чогултуп бирге калганын.
Чечмелеп берди баарына,
Чыр түйүндүү арманын.
Чейрегин төзөт душмандын,
Чекеге-жеке баргандан.

Душманга бербей сырыңды,
Душманга көрсөт кырыңды.
Демиңиз чыгып дымактуу,
Дамыкпай ырда ырыңды.
Дем байлап демге-дем кошуу,
Даректүү чыгар чырыңды.

Чейрегин түзөт колубуз,
Чындыкта биздин жолубуз.
Чечинбей мырза жигиттер,
Чечкиндүү уруп согуңуз.
Чаптырбай эли-журтуңду,
Чечмелеп аны чоюңуз.

Камдалды найза, кылычтар,
Кесилээр бир топ ырыстар...
Ким билмек кимдин көксөөсүн,
Кыйылбай калса ырыс бар.
Казагы-кыргыз баары бир,
Кан-какшап калаар өмүр зар.

***

Дапдаяр эми найзалар,
Дамыккан душман кайсалаар.
Денеден бөлөк курган баш.
Дарексиз жерде сай салаар,
Дүүлүгө чуркап тулпарлар.
Дүпүлдөп далай чаң салаар.

Басымсыз чыкпас какырык,
Балдарын бирден чакырып.
Баарына айтып насыят...
Бүл-бүлдөп танды аттырып.
Бет келген «каска» аёо жок,
Биринчи келген катылып.

Биринчи келди катылып,
Барданке огу атылып.
Бергиле сазай жазасын,
Берилип кетпей сатылып.
Беттешкен жерден жайлагын,
«Бейиштин» даамын татырып.

Балдары баатыр Жайылдын,
Балдары татыыр Жайылдын.

Беттешкен жоону мертинтээр,
Балдарга чыны кайылсың.
Бирдики, миңге, түмөнгө...
Баатырлык жагы жайылсын.

Чогултуп элди ой бурап,
Чогултуп журтту кол курап.
Чек ара бузган душманга,
Чокморун камдап эл турат.
Чийимден чыккан кастарга,
Чү койуп алар кол сунат.

Чогултуп Жайыл элдерин,
Чектетип толук келгенин.
Чечмелеп түшүндүрүүдө,
Чек ара коргоо эр демин.
Чакыртпай келип кошул деп,
Чыкыйган чыйрак эрлерин.

## АСЫК ЭЛИ

Абылайхан кол салаардан,
Асык эли кабардар.
Ага-ини кеңеш курду,
Ата-бала барабар.
Атка минээр адамы бүт,
Аттанышты тагалар.

Абылайхан кол курап,
Кыргызга колду салганда.
Асык эли кеңешип
Жайылга келет жардамга.
Кол башкарган Ормушу,
Отуз эки жаштарда.

Азык камдап эне-жеңе,
Айыл толо санаалар.
Азанаган аргымактар,
Артта калып талаалар,
Ата-журтту коргоо үчүн,
Айылда ким кала алаар.

Салам айтып, алик алып,
Биригишти баатырга.
Биримдикке, ынтымакта,

Бир тобуна татыыр да,
Топ-топ боло, топтолушту,
Токтолушту адырга.

Башчылары баар тутуп,
Баары макул Ормушка.
Сак болгун деп акыл айта,
Сары түктүү Кадырга.
Карыш баспай уруксаатсыз,
Кептин баары Ормушта.

Машыгышып тынбай жоого,
Кылыч, чокмор чабышып.
Көмөлдүрүк, басмайылды,
Күндө бекем тагышып.
Сыр чечише, кеңеш кура,
Жоонун жолун чалышып.

Беттешкенде кас душманга,
Билек жеңден алышып.
Карса-курса кайсалата
Качырыша калышып.
Карыш, кадам жылдырбастан,
Карап турат карышып.

Опсуз абдан толуптур,
Ормуш балбан болуптур.
Отуз казак жабышса,
Опура чаап союптур
Тогоночтой уулу
Баскан жерин оюптур.

Тогонош Төрөкелдинин,
Теңтушу жана балбаны.
Баатырдын чачын Тогонош,
Тетири кыра алганы.
Так айтканга маалимдир,
Таржымалы калганы.

Ормуш Кабек балбанды,
Талылуу жерге сайганбы.
Топтой жерге кулады.
Таба албай башка айланы.
Телмирип сайда санаасы.
Тамылжый көзү жайнады.

## БЕРДИКЕ БААТЫР

Беш Ташты жанга бербеген,
Беш Таштын оозун ээлеген.
Бүгүнкү Талас жеринде,
Бедели бийик беш берен.
Бутактап кеткен буларым
Билбегендерди бил дегем.

Баатыры болгон элинин,
Балбаны болгон жеринин.
Биреөгө зыян келтирбей,
Батасын берген теңирим.
Беттеше калсаң сезээриң,
Билээрсиң бийик тегинин.

Беттешсең кандаар төбөңдү,
Беш берен бирден төрөлдү.
Билектен алса кан чыгат,
Билгизет бийлээр төрүңдү.
Бей улуксаат каттатпай,
Бууп таштады Чөңөрдү.

Бердикенин бир уулу,
Жаныбек мырза болуптур.
Беттешкенин жайлаган,
Күчкө абдан толуптур.
Бейкутчулук болсун деп,
Душмандан элин коруптур.

Абылайдын кабарын,
Бердике баатыр угуптур.
Сан жетпеген кол курап,
Чоң капканы бууптур.
Таласты талкалайм деген,
Абылай шору куруптур.

Беттегенин талкалап,
Кас душмандан калкалап.
Чебин бекем кармаган,
Бердике баатыр чалкалап.
Чамалап көрүп Бекеңди
Душманы андан жалтанат.
Элин жоодон сактаган,

Эр намысын актаган.
Эрегишкен душмандын,
Эсебин бере кактаган.
Эл камын көргөн Бекеңди,
Эл ичи өтө барктаган.

Атанын болгон балдары,
Жарыке, Жаныбек, Жабачы.
Жатындаштан Андабек,
Агасы болгон а дагы.
Аткарулчу мыйзамдай
Алардын айткан сабагы.

Капканын оозун каптаган,
Калың жоокер батпаган.
Кырды аша чабышып
Карап бекер жатпаган.
Кылыч, найза жарактар,
Кимде канча тактаган.

Элин жоодон сактаган,
Эр намысын актаган.
Эрегишкен душмандын,
Эсебин бере кактаган.
Эл камын көргөн Бердике,
Эл ичи өтө барктаган.

Жоого бирге аттанып,
Өйдөдө өбөк болуучу,
Жай мезгилде эс алып
Жайлоодо бирге конушчу.
Ысыгына марышып
Суугуна бирге тоңушчу.

Бердикенин балдары,
«Беш берен» деп аталган.
Беш салаадай бир өсүп
Берендикти таталган.
Бир жакадан баш чыгып
Беттешпеген катаалдан.

Баймурат, Ташы, Алишер,
Билип алгын ушуну.
Дүйшөн, Шайлоо,Мырзабек.
Бердикенин тукуму.

Өмүркандын ***Согушбек.***
Бүгүнкү турмуш тутуму.

Жай отуруп кеңешсе,
Шарыяттан шакылдап.
Жүйөөлү болуп кептери,
Сөзгө чечен бакылдап.
Берендердин белгиси,
Беттегенде акыл таап.

Бир-бирин айтпай атынан,
Берен деп ураан чакырган.
Бей күнөөгө тийбестен,
Бейбашты алган атынан.
Журт ичинде тынччылык,
Жутунбай калган катылган.

Капканын кара тоосуна,
Жоокерлер атчан жайнаган
Колунда найза кылычы,
Шакардай каны кайнаган.
Качкан, боскон душманды
Канжыгага байлаган.

Суу башында турушкан,
Суу ылдый чабак урушкан.
Керек болсо суу бербей
Ичээр суусун буушкан.
Какшый турган болгондо,
Болобуз дечү тууcкан.

Эрден эр баатыр тапканы,
Эр Бекең тосуп Капканы.
Эртеден-кеч, күн-түнү,
Эринбей бууп жатканы.
Эл-жери, саруу, кушчуну,
Эр өлүмдөн сактады.

## ЧОРО ТУКУМДАРЫ

Кара чоро тукумунан,
Кол кураган эл келди.
Колдорунда кылыч, найза,
Көрдүк баатыр шерлерди.

Катар басып, катар турса,
Каптап кара жерлерди.

Кылычын чаап машыкса,
Кара жерим термелди.
Кырчындай болгон мырзалар,
Кыбыр этсе сезгенди.
Калкы үчүн жаны даяр,
Көрдүк укмуш эрлерди.

Кол баштаган Мусакеси,
Кырка тизип алыптыр.
Казак-кыргыз кыргынында,
Кыйсыпырды салыптыр.
Кылыч менен беттегенин,
Кырча-кырча чабыптыр.

## КЫЛЖЫР ЭЛИ

Кылжырдан кыйла кыйын бар,
Кыл чылбыр минген кыйындар.
Кыздары Бугу-эненин,
Күйөөгө чыкса кыйын жар,
Кырчындай болгон жигитте,
Кайраты күчтүү намыс, ар.

Келишкен өтө көрк сыны,
Көрсөтөт кол башчыны.
Кыйындык баштан өтпөгөн,
Кылжырлык мырза жаш чыны.
Колдору коло ийилткен,
Кол муштум анда таш чыны.

Кылжыр ата балдары,
Кадырлуу кары чалдары.
Келбеген сөзгө Эсенгул,
Көрөөрбүз деп калганы.
Кайдыгерлик көз караш,
Кымызы менен чардады.

## БЕТМЕ-БЕТ...

Куралын кармап баатырлар,
Кулжебес даамын татынаар.
Кылычын камдап курчутуп,

Кысталса жаасы атылаар.
Карса-курс келсе кас душман,
Колдогу мылтык атылаар.

Курчутуп жаанын окторун,
Колуна кармап чокморун.
Көздөгөн душман тарапка,
Койберип жатты шок колун.
Кокустан тийсе жаа огу,
Карантүн... бооруң жоктодуң.

Атылып өлүм октору,
Айтылып өлүм токмогу.
Ал тийип кокус көзүнө,
Алдастап басып кош колу.
Агуудан каны азайып,
Алп жүрөк сокпой токтоду.

Жайыл бий, акыл токтотуп,
Журт ичин бирдей окшотуп.
Жан жолдош кетсе согушка,
Жибек чач келин коштошуп.
Жоо жеңүү жагын көздөштү,
Жарандар жатпай топтошуп.

Кычашкан жан турабы,
Кыйналгандар сурады.
Кыргызыма канчадан,
Казак туура тураары.
Кудай өзү колдо деп,
Колго кармап куралды.

Кол салган душман аябас,
Кол чокмор алган, таяк аз.
Казан-аяк таш-талкан,
Казаты болот жайалбас.
Ким колдоо болуп, ким калат,
Көңүлдөн айтсам аян аз.

Караансыз элден кеттиңер,
Кан майданды кечтиңер.
Каршылаш менен кармашып,
Кас душманды сездиңер.
Кашык кан калбай денеде,
Кара жандан бездиңер.

Баатыр бар элин баштаган,
Басымдуу кадам таштаган.
Бар жогун бирдей тегиздеп,
Барандуу иштеп качпаган.
Беделге жетпес иш болсо,
Безилдеп эч бир шашпаган.

Балбан бар баатыр шашпаган,
Балбактап ээрчип канча адам.
Бечара болуп турбастан,
Балтасы-чотун аштаган.
Башында болуп элинин,
Беттешкен жоодон качпаган.

Акылды калчап сүйлөгөн,
Арамдык ишти сүйбөгөн.
Адилет ишти аркалап,
Актыкка дилди түй деген.
Ата-журт үчүн дайыма,
Акыйкаттыкка үндөгөн.

Айкөлдүк сырды сактаган,
Ар ишти дайым тактаган.
Ата-мекен туу туткан...
Азамат жанды тактаган.
Ага тууган ичинде,
Арамдык пейил катпаган.

Батасын алам элимдин,
Батасын алам шеримдин.
Белимди бекем байланып,
Беттеген жоого теминдим.
Бубадан-баба бир тууган.
Батасын алам Теңирдин.

Чеке мандай беттешип,
Чыкчырыла кектешип.
Чүй суусу бөлүп экиге,
Чек араны чектешип.
Чуудан келип Чүйлүктү,
Чык! – чыгып кет! – кет дешип.

Айланайын Ала-Тоом,
Атыр жыттуу асыл Боом.
Айта турган сөзүм жок,

Абылай бир боор, бүгүн жоом.
Алдырды арам ойлорго,
Ал үчүн болсун эмки доoң.

Суусамыр, Кетмен-Төбөлөр,
Суусарды кийип төрөлөр.
Солто эли намыс алдырса,
Сарбагыш, саяк чөгөлөөр.
Селсаяк кылып айдаса,
Салганды башка көрө бер.

Ысык-Ата, Арашан,
Ысык сууң дары карасам.
Ынтымак-ырыс барабар,
Ыктуулар тартса таразаң.
Ыдырап кетип аралар,
Ың-жыңсыз кетээр аласаң.

Сары-өзөн Чүй тармагы,
Талкан бийдин балдары.
Меркедеп – Ысык-Атага,
Там сала толук таркады.
Тага издеп келген жээндер,
Ташташып Сары-Арканы.

Саргарып атпай каран түн,
Солтого түштү кыйын күн.
Сай-сайда калып эл журту,
Соолчудай болуп «арген-үн».
Сайранды курган адам жок,
Сарсанаа тарта күлүшүн.

## ЖАЙЫЛ АТА КЫРГЫНЫ

Колдо курал кармаган,
Баатыр Жайыл баркын айт.
Эки чылбыр бир тизгин,
"Ай тамгада" жаркылдайт.
Кырданыша караган,
Казак-кыргыз калкын айт.

Алды менен жоо бетин,
Жайыл баатыр беттеген.
'Ай тамганы" темине,
Кек алдырбай "кет» — деген.

Жок дегенде миңдейин,
Кыйраттыго четтеген.

Узундугу он эки,
Метр келет чамасы.
Бакан эмес, найза эмес,
Укмуштугун карачы.
Ат жалына ашырып,
Алган баатыр баласы.

Ат жалына салганда,
Эки колго алганда.
Узундугу устундай,
Топту аралап барганда.
Топтой учуп баштары,
Торойо түшөт арманда.

"Айтамганы" темине,
Аралай чаап калганда.
Ала салып атынан,
Акыл эстен танганда.
Аны көргөн эр Жайыл,
Аралай чабат андан да.

Тынч турганда Айтамга,
Ботодой көзү жайнаган.
Темингенде Айтамга,
Оздугун жара чайнаган.
Алып учуп Айтамга,
Атырылат кайрадан.

Нары карай бир өтөт,
Чөп чапкандай жапырып.
Бери карай өткөндө,
Жайыл деп, ураан чакырып.
Жайыл баатыр сүрүнөн,
Жан талашат бакырып.

Кыргын болгон жеринде,
Казак-кыргыз кагышы.
Кыр-кырлардан сел болуп,
Кандын аккан агышы.
Карга, кузгун жем кылып,
Кол салгандын багы ушу.

Жети жерге бөлдүрүп,
Жети «Миң башы» шайлады.
Жоого каршы тургандьі,
Жарат деп, түркүн айланы.
Жеткен жерден желкелеп,
Жай албасын жаш жаны.

Жаңы-жаңы кол курап,
Жоого кайра чыгышты.
Жанча берип жеткенин,
Жан чыгара сыгышты.
Жарым метр жер үчүн...
Жанды үрөй тырышты.

Жарк-журк эте кылычы,
Жоону карай жылышты.
Жарылып баш, көз чыгып,
Жанбаш-колдор сынышты.
Жараттарын таңышып,
Жууган канды сыгышты.

Найзаларын сунушуп,
Нак колтук деп урушуп.
Ныгырганда нарыдан,
Наалып жатты курушуп.
Нардан кулап жаткан бар,
Нары карап турушуп.

Чокмор башы колунда,
Чокуга сала соңунда.
Чокудан ары жегени,
Чоолжуй кулай корумга.
Чапкан жерден жан чыга,
Чыркыраса сонунда.

Дал тийип чокмор чокуга,
Далбастап жаткан толтура.
Дагысын дагы кулатып,
Дендара кылып олтура.
Далыдан найза жегени,
Дем ала албай кор тура.

Тоголонгон казактар,
Туяк асты тепселет.
Тийген курал элестеп,

Там-туң этип темселеп.
Таш талканы чыгууда,
Тынбай утур тезделет.

Миңдей душман кырылып,
Жайыл элге бурулат.
Аттан алып баатырга,
Суусундугу сунулат.
Гүл азыктан ооз тийе,
Көөнү тартса сугунат.

Эс ала бир пас кайраттуу,
Кас душманга аттанат.
Катар-катар көмөлөй,
Кыйсырата чаң салат.
Кез келгени кырылып,
Кыйрап жатат кан жалап.

## ТЕКЕ БААТЫР

Атасына жардамга,
Аттанууда балдары.
Кыя чаап кылыч ойнотуп,
Кыйратуудан талбады.
Кыйсыраган кармашуу,
Карап турган калбады.

Таң аткандан күн батканча,
Күндө жаңы кармашуу.
Кансыраган эстен танса,
Кубаттуусу алмашуу.
Күндөн-күнгө күчөшүүдө,
Кубалаша кырды ашуу.

Найза менен ныгырат,
Найза жеген чыңырат.
Нардай боздоп бир тобу,
Наар албастан кырылат.
Нуру кетип жүзүнөн,
Нары карай жыгылат.

Колу сынып кайрылган,
Кулагы канап айрылган.
Каңырыгы түтөгөн,
Калың эл бар кайгырган.

Карбаластап качкандар,
Кан шорголоп чыңырган.

Кылычтар кындан суурулуп,
Кыйла жан турду куурулуп.
Кым-куут болуп тулпарлар,
Кыл чылбыр чайнап буулугуп.
Кармашта катуу кас-душман,
Кан агып кыйла чубуруп.

Жан чылуудан билиндиби,
Жан чиркиндин шириндиги.
Жан талаша качкандар бар,
Жан чыгара бирин-бири.
Жердин бети канга толуп,
Жийиркеничтүү киргилдиги.

## ИТИКЕ

Он үч жашар Итике,
Ойноп-куунап жүрбөдү.
Оромпой-тээп сайрандап,
Оолжуй жатып күлбөдү.
Обдулганда душмандар,
Опурулуп дүр деди.

Орой-чарай беттешсе,
Ооба… бир аз сүрдөдү.
Оң колунда чокмору,
Оруңдуу жерге тийгени.
Обдулган жапжаш бала деп,
Оолуккан душман тийбеди.

Аралай-чаап душманды,
Астындагы аргымак.
Араанын ача бийледи,
Бет алдына келгенди.
Бетке чаап ийледи,
Билинбеген ичинен.

Болчу «зоот» кийгени,
Шуңшурулуп душманга.
Ителгидей тийгени,
Канча жүрүп кармашта.
Кылыч учу чийбеди.

# ТЕМИРЖАН ЭНЕ

Темиржандын кайраты,
Темиржандын айбаты.
Теңдеши жок согушта,
Тагын айтса жайлады,
Темир чоюн колунда,
Төбөгө карай айлантты.

Темиржан эне арданды,
Темиржан катуу каарданды.
Теңдешсиз катуу кыргында,
Темселеп качкан жалганбы.
Тетири карап териге...
Туу көтөрө жарланды.

Жоодо жок үйдө баатырсың,
Жоо кууса, качып жатырсың.
Тууңдан өтүп кеткениң,
Жоолукчан эми катынсың.
Далыңа эмес төшүнө,
Жаа атса огу маталсын.

Дегдеген ойго жеталбай,
Далдаага өтүп кеталбай.
Дендара болгон коркок бар,
Душманга кайра беталбай.
Далбактап турган туубуздан,
Дардаңдап өтүп кеталбай.

Кас душманды кектеди,
Кайрылып жоону беттеди.
Акыры жеңип ар намыс,
Чыксаң жан чыгып кет деди.
Кырылды нечен кыраандар,
Кырсык таап ажал жеткени.

Өлүмдү тике караштьı,
Өлүмдөн жанын талашты.
Өкүрөңдөп, өксөңдөп,
Өлүмдөн намыс, ар ашты.
Өлбөстүн күнүн көрүүгө,
Өлгөнчө намыс талашты.

Темирден калкан калкалап,
Темиржанды аркалап.
Тул калган келин-кесектер,
Туруштук бере талкалап.
Туткунда катын болгончо,
Таймашып өлгөн салтанат.

Жер жайнаган казакка,
Жайыл «үркөр» көрүнөт.
Жети жерде миң-миңден,
Жети башка бөлүнөт.
Жүрөк толкуп Жайылым,
Жүзүнөн нуру төгүлөт.

Кары-жашы калбастан,
Куудай сакал ак баскан.
Кой алаамат болот деп,
Кыйлалары далбас жан.
Кары калды бөкчөйгөн,
Кас душманга барбастан.

Кыз-келиндер катарда,
Колдо жаасы атаарга.
Кулач-кулач чачтарын,
Кайра жазып жатаарда.
Кармашып жоодон кайтышат,
Күн уяга батаарда.

Жаанын огун душманга,
Жамгыр өңдүү жаадырды.
Жанталашкан жан берип,
Жон-жон кылды адырды.
Жамбашынан ок жеген,
Жылбай жатты Кадыры.

Кол башчысы кетпеди,
Кас душманды кектеди.
Каршы турган бузукка,
Качырбастан жет деди.
Кез келгенин какшата,
Кар жиликтен чак деди.

Каршы келген душманды,
Карчыга куштай качыргын.
Кылыч менен барчалап,

Кырып бара чачылгын.
Как жүрөктүн тушу деп,
Канжарыңды матыргын.

Оргуштап аккан кан соолуп,
Опурулган жан соолуп.
Опосуз кетти дүйнөдөн,
Оп тартып анда жан соолуп.
Онтогон күбө тынчыды,
Орунсуз кетти бүт соолуп.

Күпүлдөгөн адам шок,
Күпүлдөгөн адам жок.
Көрөөр күнү түгөнүп,
Көргө кетти көөнү ток.
Кан жыттанган талаада,
Караан жүрөт шолоктоп.

Жер талашкан арыптыр,
Жан талашкан калыптыр.
Жигит болоор жан үрөп,
Жер жазданып калыптыр.
Жүзүкара-жойпулар,
Журтка бүлүк салыптыр.

Качкандар качып кутулуп,
Качкандын көбү тутулуп.
Качырып жүрөт каракчы,
Кансырап кайра жутунуп.
Казак-кыргыз кырылды,
Кими утуп – кими утулуп.

Адыры түзү жарадар,
Казагы-кыргыз барабар.
Колу-бут сынып какшаган,
Кап-кайда кетип санаалар.
Өңгүрөө, өксүү, өкүрүк,
Өлүккө толуп талаалар.

Айланып учуп асманды,
Таз жору, кузгун таранаар.
Жан чыкпай онтоп жаткан көп,
Жардамсыз кимдер каралаар.
Теп-тегиз болуп жатышты,
Бөлүнбөй эми аралар.

Кокустан тирүү калганы,
Көз кыры менен табалаар.
Чечилбей түмөн сыр калды,
Жан талашкан жарадар.
Акшыңдап жаткан көздөр бар,
Жаны чыкпай чалалар.

Кансыраган канчасы,
Какшана боздоп карайлар.
Шырагым калай деп коет,
Тайкелүү-жээн тагалар.
Улуп-уңшуп ит-кушу,
Чөө-бөрүлөр сагалаар.

Ачылган көздү жабышат,
Иниси өлгөн агалар.
Балдары бүтүн кырылып,
Балдырап жаткан ата бар.
Кең дүйнөгө батпаган,
Бузук жанда ката бар.

* * *

Жайыл ата кеп айткан,
Журтчулук ук деп айткан.
Жоого керек жаракты,
Жоого зарыл тамакты.
Асан камда деп айткан.

Кагылайын калайык,
Ынтымакта бололук.
Кудай таалам колдосун,
Куйган аштай тололук.
Кас душманды түңүлтө,
Как чокуга соголук.

Көксөгөнгө жетпестен,
Күндө калсын тонолуп.
Кырка-кырка кыркылып,
Калса кана жоголуп.
Колдоо болсок баарыбыз,
Калабыз чын оңолуп.

Айыл ичин чакырып,
Журт башчылар шайлаган.
Журттун камын ойлоно,
Таба турган айланы.

Ар бир ишке сарэсеп,
Таба турган пайданы.

Журт башчысы жоодогу
Кемчилигин тактады.
Жоого кеткен бүлөөгө,
Кам көрүлө баштады.
Жеген нанын тең бөлө,
Жоокер үчүн аш салды.

Башынан башка касаны,
Башкарып айыл – Асаны.
Бурадар ичи аралаш,
Барабар алып жазаны.
Бир туруп, бирге жүрүшсө,
Башкача аның басабы.

Балдардын болуп улуусу,
Башкача көңүл буруусу.
Баарына үлгү, үзүрлүү,
Башкача сөздү куруусу.
Бал татып сөздү сүйлөсө,
Бөтөнчө болуп туруусу.

Таасирлүү болуп сөздөрү,
Так айтсак бир топ өзгөрүү.
Таалимин алып боорлоштор,
Такталып турчу өздөрү.
Таалайлуу мырза жигиттен,
Таң калдыраар өзгөнү.

Турмуштун татып ысыгын,
Турмуштун көрүп кызыгын.
Татымы экен турмуштун,
Татыды тагдыр сызыгын.
Тагдырга жоктур арманы,
Тыңшады балким кыз ырын.

Бардыгын чогуу чакырды,
Ортого сала акылды.
Тоо койнуна көчүргөн,
Бала-чака катынды.
Журтта калып кетпесин,
Бей-бечара бакыры.

Суу бойлото көчүшүп,
Орун алып калышты.
Суу чыкпаган жер болсо,
Оңдоп арык-алышты.
Тоо этектен мал жайса,
Козу-улагы жарышты.

Тамак-ашы такталып,
Татымы толук сакталып.
Эртели-кеч айылда,
Аксакалдар башкарып.
Жоо бетинде мырзалар,
Келин-кесек жаш калып.

Өсүп жатты өспүрүм,
Күндөн-күнгө такшалып.
Колдо болгон дан эгип,
Күндөн-күнгө акталып.
Кимде-канча калганы,
Калыстык менен такталып.

* * *

Үнөмдүктө дан-эгин,
Бекемирээк сакталып.
Күйпүлүктөп күн-түнү,
Ичилбестен аш калып.
«Гулазыкты» – даярдоо,
Ар бир үйдө башталып.

Күнүнкүсүн күнүнө,
Жеткиришип жатышты.
Керектиктен кыргынга,
Ар бир инсан катышты.
Каптап келген душманды,
Каргап жатты батышты.

Ашык болгон малдарын,
Курал үчүн сатышты.
Колго кармап куралды,
Катын-калач атышты.
Карбаластап кас душман,
Кайра артына качышты.

Жоокерге айтып саламын,
Жоокерге ташып тамагын.
Жаны тынбай чуркашып,

Жоокердин сурап абалын.
Жан далбасты урууда,
Жоокерге койуп талабын.

Жай албай таштап басыгын,
Жеткирип гүл азыгын.
Жетишпеген эмнең? – деп,
Жаңылап сынган кашыгын.
Жегенден башка суусунун,
Жеткире дайым ташыды.

Учуна болот кыналган,
Учканы укмуш сыналган.
Уу коргошун эритип,
Учтарын ууга сугарган.
Узактан учкан жаа огу,
Улукман болсо сулаткан.

Жаа огун миңдеп даярлап,
Жоо келээр жагын баяндап.
Жосуну күчтүү жоолорго,
Жаа керип четтен аярлап,
Жаа огун жеген жоокерлер.
Жан берет бирден карайлап.

Качканы болгон азаптан,
Качырып келген казактан.
Колу-бут сынып шалдырап,
Көз шору толо жаш аккан.
Куралы түшкөн жоокерлер
Карайлап жерден таш аткан.

Шалактап сынган оң бутун,
Канжыгага байлашкан.
Чокмор баш менен канчасын,
Чокуга чаап жайлашкан.
Найзасын сайган ныгыра,
Кимиси келсе кай жактан.

Теминген издеп пайданы,
Теңдешсиз согуш майданы.
Тик карап жоону качырып,
Тайманбай Жайыл жайлады
Такымга басып улакча.
Таап утур укмуш айланы.

Жайыл деп ураан чакырып,
Жайыл деп утур качырып.
Жайыла кирип барганда,
Жаалаган душман басылып.
Жаңысы чыгып утуру.
Жаланда кайра асылып.

Кылычтар кындан суурулуп,
Каршыны карай буулугуп.
Качырып келген душмандын,
Канчасы калды туурулуп.
Кан агып жатты – «жан» агып,
Кара жер менен жуурулуп.

Кыйылган башта өзгөрүү,
Кымыңдап жатат көздөрү.
Кашкайган аппак тиштери,
Кататат мажбур өзгөнү.
Куркурап барып соолууда…
Кулакка жетпей сөздөрү.

Колдо кылыч жалаңдап,
Коркок жоокер алаңдап.
Кыя чап бет келгенин
Кол үзүлүп салаңдап.
Карды жарык бaрaтат
Кер кашкада жалаңдап.

Кыйылган баш топтой түшүп,
Көз алаңдап кашты сүзүп,
Кан шорголоп соолуп барат,
Келечектен үмүт үзүп.
Кыркырабай жатып калды,
Кыймылы жок эми түзүк.

Айбыгып көргөн жалтанган,
Айланып карайт аркандан.
Арманда өлүп жатам деп,
Акшыңдап көздөн жаш тамган.
Алаамат салды калкыма,
Абылай канкор башкарган.

Тууралган дене тойроңдоп,
Тилдери чыгып соймоңдоп,
Тартылып барып жыйрылат,

Талкаланды ойрондоп.
Түбөлүк көздөр жумулду,
Тагдыр жок ага ойлонмок.

Дирилдеп аккан кандары,
Диртилдеп чыкпай жандары.
Дөбөдө калды өлүгү,
Дидарын көрбөй алганы.
Далбастап учуп таз жору…
Дирилдеп ыйлап балдары.

Шалпылдап учуп аңыздан,
Шакылыктап сагызган.
Шырп алса дене секирип,
Шилекейин агызган.
Шимшилеп жүрөт ит куштар,
Шүмшүңдөп качып алыстан.

Абылай карап алыстан,
Айбыгып жакын барыштан.
Ай-тамга менен эр Жайыл,
Аралай чаап карышкан.
Алмадай түшүп күбүлө,
Артына кача жарышкан.

Бир эмес, бир нече ай,
Кармашуулар улануда.
Кансырап, канкакшоолор,
Канча жолу сулануда,
Кандай жан канчага че…
Канткенде чыдайт буга?

Абылай амал менен,
Ар жагын ойлоп терең.
Атайын буйрук берет,
Аман соо карма деген.
Эр Жайыл колго түшсө,
Айласын табуу белен.

Теңдешсиз кармашууда,
Теңдешсиз арбашууда.
Тагдырга танды бере,
Тайсалдайт тына-тына.
Тынымсыз тиленүүсү,
Туткундоо мына-мына.

Чегине келип токтойт,
Чамалап күчтү топтойт.
Ченемсиз салгылашуу…
Чырпылган жогун жоктойт.
Чогултуп бүлүнгөндө,
Чок жага огун октойт.

Күн бешимдеп калганда,
Күч качып бир аз талганда.
Качырганы бир Жайыл,
Кылычы колдо ар жаңда.
Жайылдын оң тизесин,
Ойо чаба жарганда.

Оң тизеси жарылып,
Аттан ооп баратат.
От чачырап көздөрдөн,
Оң жак буту шалактап,
Эсине келип келалбай,
Аңдыган жанды саматат.

Шалактаган оң бутту,
Канжыгага байланат.
Ооруса жанды чыгара,
Көңүлү бир аз жайланат.
Опулдабай обу жок,
Ичилбей тамак аш калат.

Аттан түшпөй үч күнү,
Душман менен кармашат.
Алы жетпей сан жоосу,
Туш-тушунан жармашат.
Карсылдаша чабышап,
Күн кеч кирип, таң атат.

Байланган бут канжыгада,
Алдан, күчтөн тайышат.
Баш айлана кансыраса,
Айтамгасы майышат.
Жайыл баатыр акыркы күч,
Найза колдо сайышат.

## КҮҢ БОЛУП ЖАНДЫ БАККАНЧА

Кыз-келиндер, аялдар,
Жапырт атка минишет.
Кылыч кармап, найза алып,
Жоого каршы киришет.
Абал куруп бараткапын,
Абылайхан... билишет.

Күң болуп отун жакканча,
Күң болуп жанды бакканча,
Кармашып жатып өлөлү,
Койнума душман жатканча.
Киндик кан аккан жер сактайм
Кашайып карек акканча.

Кас душман жерин баспасмын,
Кирин жууп казан аспасмын.
Кыяматтык дос эле...
Казак эл неге касташтың?
Күл чыгарып, от жакпайм,
Касташсаң мен да касташтым.

Зоруга тиштеп эриндер,
Зоотту кийип келиндер.
Заманасы куурулуп,
Зар какшап элим-жерим дээр.
Кас душманды качырды,
Катылгандын боорун жээр.

Чаалыкпай туруп эрте эле,
Чачтарды түйүп желкеге.
Чокмор баш менен чапканы,
Чала жан болуп берт эле.
Чаңдатып ызы-чуу салды,
Чалкадан түшүп карт дене.

Чымындай жаны чыркырап,
Чаңырса үнү зыркырап.
Чокмор баш менен сокcондо,
Чабылган жери быркырап,
Чала жан боло жан берди.
Чокуга жеген кыркырап.

Кыян-жаян чабышуулар,
Колдон-буттан алышуулар.
Калчылдаша шайы оогон,
Каруу кетип карышуулар.
Кылдай чубап ичегилер,
Кыйсыпырда калышуулар.

Көргөн адам кордук дээр,
Кырда, түздө өлүктөр.
Казак-кыргыз аралаш,
Кыйын болсоң бөлүп көр.
Калчылдашкан кармаш жок,
Көрү болду, эми төр.

Эрдемсинген эр азамат,
Энелерди сайышат.
Эмчегинен сүт дирилдеп,
Эриксизден агызат.
Эси ооган балдарына,
Эне сүтүн тамызат.

Мыкаачылык, каракчылык,
Канкорлукка барышат.
Кансыраган кайран эне,
Колдо кылыч карышат.
Энелерди жара чапкан,
Энгезердин жаны сак.

Казактын Оңлансыны,
Казактын бир топ тыңы.
Кызыл көз кара мурут,
Келишкен эби-сыны.
Качыр дейт Абылайхан,
Кан аксын чыны-чыны.

Үч чегинип, үч жолу,
Кайра каршы беттешет.
Жанын үрөй Жайылым,
Жан карайлап четтешет.
Калың казак качырып,
Ортого ала кектешет.

Текедей баатыр аганын,
Көк жалдыгын карагын.
Каршы келген душманды,

Как чокуган сабады.
Кайсалактап көптөрү,
Карбаластап жадады.

Кубалап жүрөт кайраттуу,
Жаркылдап колдо жарагы.
Кылычты көрүп колдогу,
Өлөөрүн душман санады.
Ачуулана ачылат,
Ансайын анын арааны.

Кас душман менен кармашты,
Акыры күчү калганча.
Шилтенди кылыч, чокмор баш,
Каруусуз колу талганча.
Ажалым жетсе өлөм дейт,
Туткунга түшүп барганча.

Жайыл баатыр алсырайт,
Айтамганы камчылайт.
Алы кеткен Айтамга,
Басалбастан калчылдайт.
Башы жерге салаңдап,
Көзүнүн жашы тамчылайт.

Кас душмандар жабыла,
Тегеректеп турушат.
Аттан түшкөн Жайылга,
Найзаларын сунушат.
Курал-жарагын алып,
Чоң-сайранды курушат.

Чегинет баатырдын колу,
Чечинет оңу-солу.
Чыркырап жарат алган,
Чырылдайт болбой жолу.
Чөк түшүп жаткандар бар,
Чырмалып тозоктун тору.

Калың эл чабышуулар,
Карса-курс алышуулар.
Көз чыгып, кан оргуштап,
Кыңкыстап чыгат чуулар.
Кыпкызыл кан боелгон,
Кармаган колдо туулар.

Жамандын жорук сезилет,
Жан тери чыга эзилет.
Жан алгычтай Абылай,
Жылмая тиктеп кезигет.
Жайыл бий абал кандай? – деп,
Жекире тиктеп эсирет.

Кебээрсип ээрди шуушундуу,
Кеп тeркунун тушунду.
Айкeл Жайыл кeрсeт дейт,
Абылай “арам” кучунду.
Тик карабай жалмаңдайт,
Абылай коштой ич eнду.

Куралы жок колунда,
Ойлогондой оюнда.
Эл башчысы Жайыл бий,
Амалдуунун торунда.
Сагызгандай Абылай,
Эки колу боорунда.

Ак ниет менен каранын,
Айрымасы ушунда.
Арам менен адалдын,
Айрымасы тушунда.
Айкeл менен акмактын,
Айрымасы учурда.

Балдары менен Жайылды,
Бир боз уйгe камашты.
Кырка курчап кырк казак,
Кeз ирмебей таң ашты.
Колго тушкeн адамда,
Караганга кун качты.

Казактын бек, бийлери,
Калтарды баса кийгени.
Каткырыша кулушуп,
Колго келди Чуй деди.
Какшык менен сeз атып,
Кыргызбайга тий деди.

## ЧАГЫМДАП

Балдары менен эр Жайыл,
Эшейген боз үй төрүндө.
Туурдуктары самсалап,
Ичи-тышы көрүнө.
Жан достор келет эпилдеп,
Калың элден бөлүнө.

Өңүңдү көрсө бакылдап,
Өзүнөн өзү жакындап.
Өзгөнү сага жамандайт,
Өзөктүү жерден акыл таап.
Өзүң жок болсоң сени да,
Жамандай салат шакылдап.

Кыянаттуу кылыгы,
Кылтыңдап адам сылыгы.
Көзүңдү көрсө жүз тайган,
Көркоочу эле чыныгы.
Кайраштырып эл-журтту,
Кийин чыгат былыгы.

Акырын басып кадамдаар,
Арада андай адамдар.
Албырып күйүп өзүңө
Аркаңдан кайра жамандаар,
Эки жүздүү болушат,
Эл бузаарга барабар.

Чатакты абдан салышат,
Чалмакейди чалышат.
Чыйт түкүрүп акырын,
Чаңкоолору канышат.
Чын-чынына келгенде,
Чычая тана качышат.

Жоомарттыгын караба,
Журт бузарлар арада.
Жүзү кара немени.
Жолдошум деп санаба.
Жийиркеничтүү кылыгы,
Жикти салаар арага.

Ит адаты тайраңдаш,
Ишенип сөзгө байланбас.
Ичи бузук кара ниет,
Ичине таруу айланбас.
Ириген сүттөй илээшип,
Имере сүйлөйт жайдаңдаш.

Ичине катып арамын,
Жойпулуу айтып саламын.
Жан досум деп Жайылды,
Каныңды сурап аламын.
Казак-кыргыз тууган деп,
Талашып достук таламын.

Абылай хандын алдына,
Каныңды сурап барамын.
Казак-кыргыз бир тууган,
Айтуучу ага талабым.
Ачыгын айтсам өзүңө…
Балдарың мында калаарын.

* * *

Чайымды ичип жайдары,
Шек алдырбай жылгансың.
Шертти бузуп акырет,
Чагымчылык кылгансың.
Калың элди чаптырып,
Көңүлүң тойо тынгансың.

Үмөтаалы ырчыны,
Күкүктай кыла сайраттың.
Абылайга чагымдап…
Өзүңдөн кетип кайратың.
Кырдырдың кыргыз элдерин,
Бырын-чырын жайлаттың.

Былыктыгың билинди,
Береке таап оңбоссуң.
Билбеген өңдүү астыма,
Келгениңе жол болсун.
Кара ниет калпычы,
Кара мүртөз жолдошсуң.

Айтаар жообуң белендеп,
Түштөн кийин элеңдеп.

Жойпулана жүгүрүп,
Каныңды сурап берем деп.
Дагы кандай максатың?
Ойлончу, досум, терең –деп?

Байкалбайт деп арамдык,
Билингенче жай жаттың.
Оңолсо эми максатың,
Рахматым айтамын.
Бүлүндөргөн Жалаң төш,
Достугуң болду чай татым.

* * *

Бир тууган кыргыз казагым,
Бирге асып дайым казанын.
Бир эле жашап жүрүшчү,
Бир чакырып «Асанын».
Бир тилектеш элинин,
Бир боорлугун жазамын.

Бир тууган казак-кыргызым,
Бир жашашкан тымызын.
Бирине бири кайрымдуу,
Бирге ичишип кымызын.
Бир жеңден колду чыгарган,
Бири-бирин сүйгөн ырысым.

Казак-кыргыз келишкен,
Казак-кыргыз эңишкен.
Куда-сөөк күтүшүп,
Кыз алып, кыз беришкен.
Кесеге куйа актарды,
Келиңиз кел деп тең ичкен.

Казак-кыргыз ылайым,
Коңшу жашап жүрүшкөн.
Кошулушуп малдары,
Коңшулук доор сүрүшкөн.
Кыйкырык-чуу добушка,
Кулакты бир түрүшкөн.

Кымыз улап ичишип,
Кош каткырык күлүшкөн.
Кайтарып бир короону,

Короочулар үрөшкөн.
Кылдан кыйкым чыгарып,
Кытмыр чыкты чүрүшкөн.

Жайылып бирге малдары,
Жөө жомок айтып балдары.
Жайлоонун көркү ат чапмай...
Жигиттер андан талбады.
Жүзүнөн нуру төгүлүп,
Жүрүшчү жыргап чалдары.

Абылайдын алдына,
Жоогач келди жүгүнүп.
Жайыл досум эле деп,
Жайын айта бүгүлүп.
Канын бер деп, досумдун,
Күлө карап өңүлүп.

Жалынып Жоогач кайрадан,
Жагымдуу куштай сайраган.
Жан досумдун каны деп,
Жүргөн жандан айланам.
Жөн-жайын угуп Абылай,
Жөнго дейт үнүң сайраган.

Алды менен Абылай,
Ачуулудай туюлду.
Анан барып Абылай,
Аябай уга уюду.
Ачуусун толук билгизбей,
Ачыгын айтсак муюду.

Жашоодо өмүр жашынын,
Бешими өтүп калыптыр.
Жетимиш ашкан Жайылдын,
Ындыны өчүп арыптыр.
Оң буту сынып шалактап,
Басалбай абдан талыптыр.

Ардактап жеткен жашына,
Азаттык бер башына.
Ал өңдүү казак карыя,
Ар үйдө отур кашыңда.
Айкөлдүк менен ал дагы,
Азаттык берген башыңа.

Кеңешти кенен курушту,
Киргизди түркүн сунушту.
Кексэлер кебин улоодо,
Токтотсок кек кууштy.
Абылайга… Жайылды,
Кой берсе деп турушту.

Түркүн-түркүн кеп айтат,
Түрдүүчө пикир деп айтат.
Тирүүлөй жутуп ийем деп,
Турганы сөзүн бек айтат,
Тирүү калса бир күндө,
Түндүгүң түшөт деп айтат.

Элестеп өткөн күндөрдү,
Өлүмдө турган күрдөөлдү.
Марттыгы менен Жайылдын,
Өмүрү өчпөй күйгөндү.
Өлчөөлөр менен Абылай,
Ачыгын айта сүйлөдү.

Өтүнсөң бердим азаттык,
Агайын Жайыл баатырга.
Бузулбай достук шерттери,
Жөнөсүн эрте айылга.
Бир пендеден башкасы,
Жан таксым болсун жайында.

Болгон кепти Жоогач бий,
Жайыл бийге баяндайт.
Уккан менен шектене,
Жайыл эр өзүн аярлайт.
Шертти бузган достор көп,
Жообун бекем даярлайт.

Түркүгү болуп жашоонун,
Калмак ким ушул жалганда.
Жетимиш жашка барганда,
Эчкидей жашым калганда.
Балдардын бири жөнөсүн,
Бөөдө өлүм болбой арманда.

Деген жообун Жайыл бай,
Балдарына билгизет.
Үсөн — Теке кеңешип,

Бизден тукум калды дейт,
Кеңешүүдөн «азаттын».
Итике иним алды дейт.

Уулдардын кичүүсү,
Көкүрөк менин күчүгүм,
Нээттеринен байкадың.
Алардын оюу түзүгүн,
Тукум үзбөй улагын.
Сүзүлгөн боонун үзүгүн.

Ботодой көзү туңарып,
Буркурап ыйлайт Итике.
Коштошууга ооз барбай,
Чыркырап ыйлайт Итике.
Оң буту сынган атасын,
Аймалап ыйлайт Итике.

Үсөн менен Текени,
Агалап ыйлайт Итике.
Боз үйдөгү үчөөнү,
Сагаалап ыйлайт Итике.
Айрылдым деп бир боордон,
Шолоктоп ыйлайт Итике.

Кош дей албай бозоруп,
Босогодо селейет.
Бурулуп басып кеталбай,
Дендары боло элейет.
Жоогач бий утур шаштыра,
Дүйнөсү тарып серейет.

Абылайдын оомалык,
Жайын айтат Жоогач бий.
Абылайдын айнымай,
Түрүн айтат Жоогач бий.
Бузук кепке бузулар,
Күнүн айтат Жоогач бий.

Бир айтканын он жолу,
Кайталаган бакшыдыр.
Бир өлүмдөн башканын,
Тез болгону жакшыдыр.
Бир бүтүмгө келбесек,
Булук түшүп баары чыр.

Өчүп жаткан очокто,
Бүлбүл жанган жарык бар.
Бир башыңа азаттык,
Кутулганда аныктаар.
Шашыл уулум шашылгын,
Өзгөрүлмө тарых бар.

Болкулдап эт-жүрөгү,
Бурула албай жүдөдү.
Бошошуп утур кароодон,
Боздогон өңдүү күнөлүү.
Белгисин сезе Жайылдын,
Бурула Жоогач сүйрөдү.

Итикени жетелеп,
Жоогач бий шаша жөнөдү.
Ата-агадан айрылган,
Итике ага көнөбү.
Өкүрүп-өксүп кайгыда,
Тагдырдын жазган ченеми.

Көрүнбөй көздөн далдараак,
Караанын үзүп кетишти.
Көкүрөктө кысылган,
Бир маселе чечишти.
Буларга болуп бүдөмүк,
Кай жерге кантип жетишти.

Үчөө бир калып боз үйдө,
Санаалар санга бөлүнөт.
Агарып таңдын атышы,
***Кылымга*** тете көрүнөт.
Күндөрү өткөн өмүрдүн,
Көөдөнгө батпай төгүлөт.

Атасыз калуу сезими,
Аталап боздоп сезилип.
Агасыз калуу сезими,
Агалап ыйлап сезилип.
Жалгыздык башта сезими,
Жалына ыйлайт эзилип.

Каш карая кирсин деп,
Кадиксиз элге жетсин деп.
Итикени жашырды,

Казанбакты көмкөрүп.
Байкатпай жыйды үстүнө,
Сөксөөл, тезек көңтөрүп.

Бузукка кирип Абылай,
Айный калган убагы.
Куугунчу келип төрт жигит,
Итикени сурады.
Чапкылап кеткен ошондо...
Жоогач бий карап турабы.

Ишене бербей сөзүнө,
Тигиле карап көзүнө.
Качан, кайда кетти деп,
Каардуу карап өзүнө.
Опырай кайдан билем деп,
Жоогач бий басат боз үйгө.

Абылайхандын талабы...
Жоогачтын куруп амалы.
Жетим кургур Итике,
Колго түшүп калабы?
Жалаңдаган жоокерлер,
Жолдон кармап алабы?

Жан алгычтар талабы,
Жаш наристе баланы.
Кайда дешип кыйнады,
Куу «өлүмгө» кыйбады.
Жойпулугу жойула,
Казак-кыргыз сый жагы.

Ачыгын билбей турушуп,
Аттардын башын бурушуп.
Адырды көздөй чабышты...
Аттиң деп, пейил курушуп.
Артынан жетпей калдык деп,
Аябай тилди угушуп.

Каш карая барганда,
Көз көрүнбөй калганда.
Too этектеп жүргүн деп,
Үлгүрө жолго салганда,
Куугунчулар утуру,
Издөөдө таппай арманда.

Эки жигит узатып,
Чыгарат чек арадан.
Жолуң болсун мырза деп,
Узата аны караган.
Достуктун шарты ошондой,
Арылып бир аз санаадан.

Түнү менен жол тарта,
Итике келет элине.
Таш-талканы бүлүнүп,
Тамтыгы чыккан жерине.
Жоодон калган кемпир-чал,
Кулагын түрүп кебине.

* * *

Ат мингендер темине,
Үзөнгүгө keриле.
Каткырык-күлкү тамаша,
Аш бышат чыккан демине.
Балдары менен Жайылды,
Бошотсок кантет элине?

Барабы Жайыл жерине,
Барабы баатыр элине.
Балким баатыр жүрөктөн,
Ойлогон оюу эмине?
Канткенде муну билишти,
Чечмелеп жатты бериле.

Бир акылман кеп айтат,
Иштейли мындай деп айтат.
Бир козуну бышырып,
Башы менен коелу.
Ач болгон Жайыл, балдары,
Талашып жеп коебу?

Жан таксым болот ак таңда,
Бир чара этти тартканда.
Чечилбес сырдын түйүнү,
Баш катырма тапканга.
Жайылга болгон сый эмес,
Кеп сынап аны жатканда.

Чечмелеп сырды турушат,
Чыйрала бир топ курушат.

Чыгарып ийсек буларды,
Чыңалып кайра урушат.
Чыракка май тамызса,
Чыркыраар күндү туюшат.

Ууртунан кесип бир тилим,
Жайыл баатыр ооз тийип.
Жылдырат уулу Текеге,
Бир көзүн оюп эр Теке,
Бычакты саят чекеге.
Айла канча амал жок,
Мунун баары кеч эле.

* * *

Үсөнү кесип кулакты,
Баш сөөктү ооба чунайтты.
Кулакта эмне айып деп,
Кулкунду көздөй кулатты.
Буларды көргөн сынчылар,
Чечмелей келип муну айтты.

Жайылдын ооз тийгени,
Бир топ жыл элди бийледи.
Азаттык болсо башыма,
Табаарбыз тилди бил деди.
Ач болсо да эр Жайыл,
Жулмалап жеп ийбеди.

Аман калса Текеси,
Колду курап чоём дейт.
Кекти түйүп жүрөккө,
Оң көзүңдү ойом дейт.
Ташталканын чыгарып,
Каныңды ичип тоём дейт.

Аман калса Үсөнү,
Бир кулагың кесемин.
Күң катары иштетип,
Кул катары эземин.
Деген максат бардыгын...
Бул баатырдан сеземин.

Жайыл – Үсөн – Текени
Ортого алып турушат.
Ойдогудай мазактап,

Тамашаны курушат.
Баштын көзүн чукуган,
Текеге көңүл бурушат.

Аман калса кайрадан,
Тополоң салаар Теке деп.
Карап турган калың эл,
Каардана кекенет.
Айла-амалын ойлошот,
Ортого салып жекелеп.

Эңгезердей эки дөө,
Оңду-солду отурат.
Этек-жеңди басышып,
Капаны башка толтурат.
Канжарды бекем матырып,
Бөйрөктү сууруй кол сунат.

Оңду-солду бөйрөгүн,
Экөө тең сууруп алышат.
Теке баатыр «кың» дебей,
Кайраттана карышат.
Кара кочкул кан акса,
Карагандар марышат.

Кош бөйрөктө барабар,
Сууруп алдык дегендей.
Эмнеси калды Текенин
Деп, казактар кебелбей.
Качан жаны чыгат деп,
Текени карайт элеңдей.

Абылай:
Өлөөрүңдүн алдында,
Акыркы сурооң айткын дейт?

Теке:
Баатыр болсоң Абылай,
Эрдигиңди билгизгин.
Айтканыңыз чын болсо,
Кыл-куйрукка мингизгин.

Коёндон коркок болбосоң,
Курал-жарак бергин дейт.
Анан баатыр Текенин,

Өнөрүн өзүң көргүн дейт.
Аткарбасаң айтканың,
Ар намыстан өлгүн дейт.

Бөйрөктөрдөн кан агып,
Турганын көрүп Текенин.
Атка жетпей кансырап,
Элестеп өлүп кетээрин.
Орундат дейт суроосун,
Сөзүнөн жандап кекээрин.

Аткардык деп суроонду,
Бир чобурду беришет.
Курал-жарак ушул деп,
Таякты сунат кергиштеп.
Кыткылыктап күлүшүп,
Баатыр Теке «эр-сиз» деп.

Теке баатыр күч жыйнап,
Атка минет бакырып.
Кыл куйрукту теминет,
«Жайыл» – деп ураан чакырып.
Карап турган «төрө-бий»,
Топ казакты качырып.

Жеткен жерден жетөөнүн,
Чокусун жара чабыптыр.
Аттан кулап алары,
Өлүмгө тике барыптыр.
Теке баатыр кансырап,
Анан кулап калыптыр.

"Ой-вайлашып" казактар,
Жанталаша качыптыр.
Кунун төлөп алды деп,
Карт тарыхка жазыптыр.
Жети жерге кепиндеп,
Жерди терең казыптыр.

Көргөн көзгө ишенбей,
Калың казак таңданат.
Бөөдө ажал тапкандын,
Боорлоштору чаң салат.
Деген сөздөр азыр – да,
Чоң тарыхта даңкталат.

Балбалдаган көктөгү,
Тараза жылдыз батканда.
Түнөргөн түн агара,
Таң сөгүлүп атканда.
Жашоо бул ширин ченемсиз,
Бактылуу даамын татканга.

Жайыл баатыр жайдары,
Багымдат окуйт намазын.
Дааратын алат далдаада,
Бир карап таң каласың.
«Күрс — жөтөлсө Үсөнү,
Тийбесин суук дейт баласын.

Өлүмдөн кабар келсе да,
Өлөт деп кабар берсе да.
Өкүнүү жок, өксүү жок,
Өрөөпкүп аны эңсе да.
Өлүмгө тике караган,
Өчөшкөн душман жеңсе да.

Дүүлүгүп-дүрбөп чурулдап,
Чогулган элге кайрылат.
Кыргыз-казак достугун,
Элестеп бир топ кайгырат.
Керээзинде кеп айтып,
Кекээрлүүнү көп сынап.

* * *

Карылык каада менен,
Чалкалап жаталбадым.
Кас душман басып келип,
Кырсыктан каталбадым.
Кыргызым кечиреби?
Баатыр деп аталганым.

Балпайып төрдө отураар,
Абалым куруп отурат.
Аксакал болоор айылга,
Жашым куруп отурат.
Акыл айтаар жаштарга,
Алым куруп отурат.

Бүтүн журтум бүлүнүп,
Кемпир-чал ыйлап отурат.
Жесир калып келиндер,
Жетим ыйлап отурат.
Жалгызынан ажырап,
Кемпир ыйлап отурат.

Энесинен ажырап,
Бала ыйлап отурат.
Карды ачкан өспүрүм,
Көрүнгөндөн нан сурап.
Кирээр үйү күйүүлүү,
Коломтодо топурап.

Ай-ааламды башкарган,
Акылмандар өтүшкөн.
Аймакты толук бийлеген,
Кадырмандар өтүшкөн.
Ак таңдайы сайраган,
Акын жандар өтүшкөн.

Кең пейилдүү кеменгер,
Айкөлдөрү өтүшкөн.
Касиеттүү сыйкырлуу,
Карылары өтүшкөн.
Эч ким калбай дүйнөгө,
Баары бирдей көчүшкөн.

Туурунда туйлаган,
Тулпарлары чабылды.
Айды карап азанаар,
Аргымактар чабылды.
Күнү-түнү тынбаган,
Айкашкалар чабылды.

Борк-борк эте кайнаган,
Казан-аяк чабылды.
Төрдүн куту балпайган,
Кары-картаң чабылды.
Касиеттүү пенделер,
Эми кайдан табылды.

Кокту-колот башатта,
Бириндеди кыргыздар.
Жоодо жарат, ок жеген,

Соо калбады кыргыздар.
Тоо-таштардын түбүндө,
Бүлбүлдөдү кыргыздар.

Очокторго от жагып,
Көрүп калдык төрдү биз.
Ысык менен суукту,
Көрүп калдык чөлдү биз.
Ат жетелеп жүк жүктөп,
Көрүп калдык өрдү биз.

Турмуш деген ушундай,
Ой боюңа койбогон.
Алкы бузук адамдар,
Алганына тойбогон.
Алып-жутуп талкалап,
Бүлүндүрө тойлогон.

Жетимиш жыл калкымды,
Кас душмандан калкалап.
Качырып келе кол салса,
Каршы туруп талкалап.
Карыш жерди алдырбай,
Карсылдаштык балталап.

Жетимиштин элүүсүн,
Коргоп элим келгенмин.
Катылгандын катыгын,
Карайлата бергенмин.
Каруу кетип мен бүгүн,
Кара жерге теңделдим.

Калмак, ойрот, нойгуттар,
Кармашында болгонмун.
Кылыч кармап колума,
Кыргыз элин коргодум.
Кыдыры «Манас» колдо деп,
Кырааны болгом ордонун.

Кан төгүлүп сел болгон,
Кыргындарды көп көргөм.
Кырчылдаша жан чыга,
Куткарганбыз лөкөрдөн.
Кыя чаап баштарын,
Күндөр болгон бөктөргөн.

Каршы келген жоо эмес,
Жолборсту иттей кармаган.
Канжалаткан каршысын,
Уулдан неге арданам.
Кол катылып биринчи,
Кара ниеттикке барбагам.

Теңдеши жок кармашта,
Теңине келе албадык.
Калың казак каптады,
Каршы тура албадык.
Кашык каным калганча,
Жоону бетке кармадык.

Казактын баатыр Барагы,
Баягысы, баягы.
Бейкутта жаткан элди чап,
Ит-мышыктай талады.
Кармашта каршы туралбай,
Кылжыр, солто, саягы.

Чымындай учкан жан кетти,
Чыркырап чыккан жан кеппи.
Чал-кемпир калып журтунда,
Чайыттай сулуу ай кетти.
Чаңы чыгып айылдын
Чуркурап-чууруп мал кетти.

Короо-короо кой кетти,
Кокту толо мал кетти.
Үйүрү менен жылкылар,
Үлүшү менен ал кетти.
Күйөөсү өлүп кыргында,
Күң болуп далай жан кетти.

Шарактап оюн курулчу,
Шаан-шөкөттөө шаң кетти.
Сапырылган журт калып,
Самсыган ээрчип чаң кетти.
Булбулу безе сайраган,
Ак шоола аткан таң кетти.

Карап турган калың эл,
Кулакты түрө төшөгөн.
Кыргыз менен казагым,

Кат-каттан салган төшөгүң.
Күнү-түнү бир болуп,
Карашкан жылдыз көчөөрүн.

Беш жыл мурун Абылай,
Кыргызга кыргын баштадың.
Белсенип басып алууга,
Бел байлаган ал чагың.
Талап, тоноп, талкалап,
Булдургөндөн качпадың.

Кандуу кыргын болгондо,
Катыгынды алгансың.
Талкаланып келген жоо,
Колго түшүп калгансың.
Куруңду салып моюнга,
Чөк түшүүгө баргансың.

Эл журтуңду ортого,
Бир боорлукка салгансың.
Булбулдай сайрап тил шорду,
Чечендикке салгансың.
Куткарыш үчүн өз башың,
Досуңдун кардын жаргансың.

Баатырсынган кандай эр,
Кара жанга каргансын.
Досту кыйып жан үчүн,
Арамдыкка алдансын.
Абийирсиз амалкөй,
Адамзатка армансың.

Көз жашыңды көлдөтүп,
Чөк түшкөнүң эстеби?
Жаның үрөп жалооруп,
Бөк түшкөнүң эстеби?
Эт-бетиңден жалынып,
Ант ичкениң эстеби?

Казак-кыргыз тууган деп,
Күнү-түнү болгон кеп.
Азаттык бердик башыңа,
Айтылуу биздин – «Чуудан» - деп.
Адашкандын иши экен,
«Ташкуланы - буудан», – деп.

Аңтарып кийген бөзүңдү,
Аябастан өзүңдү.
Айхайлап ыйлап жатканда,
Аңдабай айткан сөзүңдү.
Акшыңдатып койбодум,
Аңтара сайып көзүңдү.

Боортоктоп жөрмөлөп,
Безилдеп айтып арманың.
Бетбактык эми болбойт деп,
Бозоруп ыйлап калганың.
Бок-жиниңди аралаш,
Боздотуп жарып салбадым.

Бир-боор элден болот деп,
Бөлөлөп бербей ашымды.
Бычмал аттай тартайтып,
Таш-талкан кыла кашыңды.
Кылыч менен кыя чаап,
Бөктөрсөм болмок башыңды.

Казактын жалдуу Барагы,
Жаркылдады жарагы.
Жоро-жолдош чурулдап,
Чогулган туш тарабы.
Тыптыйпылын чыгара,
Тытмалады талады.

Айыпка түшүп өз атаң,
Гайыпка качып чоң атаң.
Көр оокаттын айынан,
Батырбады таятаң.
Төлө бий төөсүн кайтарта,
Кул кылган сени бай атаң.

Арамза бузук иш менен,
Батпадың улуу жүзүңө.
Көө сүйкөп дайым жүрөсүң,
Бетбактай өңү түзүңө.
Ачылып арам айыбың,
Жүгүрдүң белиң үзүлө.

Калмак каптап келгенде,
Улуу жүздөй калкыңды.
Кол куушуруп жардам деп,

Баян баатыр талпынды.
Бара бер, жардам берем деп,
Бузгансың арам антыңды.

Талкалап улуу жүзүңдү,
Тегиздеп оюу-түзүңдү.
Ишенген сага Баян бий,
Тагдыры тарый сүзүлдү.
Тарпы калбай казактын.
Тытмалана үзүлдү.

Улуу жүз билип кылыгың,
Уу тырмак арам былыгың.
Урматтап сыйдан ажырап,
Ууланып бара жыдыдың.
Согумуң менен ууз кымыз,
Сундурдуң жасап ырымың.

Билесиңби Абылай,
Ата-жото Тегиңди?
Эстейсиңби Абылай,
Киндик кан тамган жериңди?
Элестетчи Абылай,
Туулуп өскөн элиңди?

Түпкү тегиң сурасаң,
Калмактардан атаңыз.
Билбеген болсоң билип ал,
Тактап айтып жатабыз.
Казактын атын жамынган,
Калк алдында катаңыз.

Түпкү тегиң Абылай,
Калмактыгың жашырдың.
Кара ниет максатың,
Иш жүзүнө ашырдың.
Калың казак калкына,
Көлөкөлөй жашындың.

Караан тутуп казакты,
Күнү-түнү аңдыды.
Кайнаса каны кошулгус,
Тегиң Чынгыз хандыгы.
Чынгыз хандын тун уулу,
Жучунун тукумунандыгы.

Галдан Серендин кызы,
Хоча менен кармаштың.
Колго түшүп тутканда,
Кул боло ага жармаштың.
Көр оокаттын айынан,
Үч жылы анда арбаштың.

Отун алып, от жагып,
Малай-малын кайтардың.
Хоча кызга жалбарып,
Ички дартың айталдың.
Өлбөгөн күн өткөрдүң,
Жонун кашып байталдын.

***Казак-кыргыз*** өмүрү,
***Чабышпаган, чаппаган.***
Кыргыз-казак ***бир тууган,***
Чоң тарыхта такталган.
***Куда-сөөк*** күтүшүп,
Нак турмушта ***акталган.***

Каны бузук калмактан,
Экендигиң такталды.
Далили эмей эмине?
Кыргызды кыйра чапканың.
Талап тоноп жетимди,
Жүрөккө кекти сактадың.

Калмактыгың Абылай,
Казак калкым сезбеди.
Калмактыгың Абылай,
Каттай турган кез келди.
Кимиң көрдүң калайык,
Кыргызды-казак эзгенди.

Абылай хан эске тут,
Баатырлар жерге бүгүлбөйт.
Амалын издеп бир жандын,
Келиндей болуп жүгүнбөйт.
Көкүрөккө кек тутуп,
Керейе бербей, күлүңдөйт.

Баатырмын дейсиң Абылай,
Баатырлар жашып ыйлабайт.
Бечара боло түшкөндө,

Баатырды-баатыр кыйнабайт.
Былыктыктык кыла жоосуна
Бузуку кепти тындабайт.

Сай башында салпайтып,
Сайып койсом жарашмак.
Сан пенденин ичинен,
Сөөлөтүң кимдер карамак.
Сай-сагызган, чөө-бөрү,
Сөөгүңдү тытып талашмак.

Бузуку тилге киргенде,
Бул кылыгың билгенде.
Болмок экен Абылай,
Толоорсуктан илгенде.
Бети жоктук эмеспи,
Акыйкаттык билгенге.

Жерим үчүн элим деп,
Өлөөрүмө арданбайм.
Кара жандын камына,
Карайалбайм жалбарбайм.
Карт тарых бар аркада,
Каарыңа арбалбайм.

Жанымдан жаралгандар,
Канымдан таралгандар.
Эл үчүн жанды кыйып,
Өлүмгө баралгандар.
Өлөөрү өлгөнүнчө,
Өз үчүн алалгандар.

Жалтанбай жалдырабай,
Жагымсыз балдырабай.
Жөн эмес,элиң үчүн,
Жан берели алсырабай.
Жараткан буйругундур,
Жаза бар Абылай – «тай».

Чөгөлөө жок, чөкпөйбүз,
Чуурута жашты төкпөйбүз.
Чымын жан деп, сенчилеп,
Чыпалакты өппөйбүз.
Чырпыгым калды аркада,
Чынар-сынар көктөйбүз.

Балдарым башты көтөргүлө,
Көз жашты эч төкпөгүлө.
Элим үчүн жан тартуу,
Көңүлдөн чөкпөгүлө.
Намыздана элди сактап,
Кайгылуу күн өткөнүнө.

Жоогач дос ордолодуң,
Жолун таап жорголодуң.
Чогуу кой үчөөбүздү,
Жан доссуң оордобогун.
Жаннат деп суугa·алып,
Жанымды кордобогун.

Куулукту эми жойгунуң,
Кууланы баштап койгунуң.
Көрүндө тойбос Абылай,
Куу сөөккө эми тойгонуң.
Канкорлор кыйнай бербей,
Кан ичкич сойсоң сойгунуң.

Бүгүн кетсем, эртең сен,
Бүгүлө ээрчип келээрсиң.
Бир боор Жайыл агалап,
Бук түшө салам берээрсиң.
Буйруган башка бир өлүм,
Ажалды кантип жеңээрсиң.

Кылымдар өтөөр-кетээр,
Кабарым элге жетээр.
Кымбатым атакем деп,
Куранда таазим этээр.
Калыстык даңазалаар,
Кадырды мындан бетээр.

Алаарсың менин жанымды,
Ичээрсиң менин канымды.
Абылайхан канкорсуң,
Аткараарсың аныңды.
Бирок эстен чыгарба,
Түмөн кыргыз барымды.

Казак-кыргыз чабышпай,
Коргонсок болмок калмактан.
Бир боор элди кас кылбай,
Кагылсак болмок арбактан.

Сени да эртең талкалайт,
Казактар келип чарбактан.

Намыз үчүн төрөлгөн,
Элим турат артымда.
Бүгүн эмес бир күнү,
Алар жетээр баркыма.
Тулпар жүгүн оордобойт,
Ишенемин калкыма.

Казак-кыргыз агалар,
Тартылган бир санаалар.
Мени өлтүрсөң Абылай,
Миң казакка санаа бар.
Өз агаңды сен өзүң,
Өлтүргөнгө барабар.

Арбакты көмөөр турпак бар,
Арбакты сыйлаар урпак бар.
Арбагыңды сыйлабас...
Ал адамда пейил тар,
Арбакка таазим этпеген,
Абылайхан болоор зар.

Кошкула кыргыз-казагым,
Кас душман ишин жасадың.
Кырып таштап бир бооруң,
Көңүлдөн кетпес азабың.
Калкымды коргоп жан бердим,
Капилет көөнүм тазамын.

Намыз деп, жылбай карыштык,
Намыз деп, тынбай алыштык.
Намыз деп, жатып ***«намызсыз»***,
Намыз деп, өлүп калыштык.
Намызды бирге карабай,
Намызды бөлө салыштык.

*21.05.01. – 21.03.04.*

## КУЛ — КҮҢГӨ АЙЛАНЫШТЫ

Солто, Саруу, Кушчудан,
Миң тутүндүү кыргызды
Түбү менен көчүрүп,
Сары-Аркага жылгызды.
Журттун чаңын сапырып,
Жанталаша тырмышты.

Самсып ыйлап зар какшап,
Сараркага кетишти.
Көчүп-конуп тыны́мсыз,
Отуз күндө жетишти.
Кул, күң болуп бөлүнүп,
Ар казакка бекишти.

Кыз-келини күң болгон,
Кырчындай мырза кул болгон.
Казаны түшүп тулгадан,
Карайлап катын тул болгон.
Кыргызым кыраан чабылып,
Көңүлдө кайгы-муң толгон.

Кордукту көрүп көрбөгөн,
Күн өтүп жүрдү өлбөгөн.
Кызматын жасап келин-кыз,
Казактар жыргап төрлөгөн.
Кой айдап малын багышып,
Кул кыргыз зарлап чөлдөгөн.

Жай-кышы малын багышкан,
Жай албай жаны арышкан.
Жан алы калбай иштешип,
Жигитпи-жубан карышкан.
Жылгалуу Алатоосунан,
Жылдызын эңсеп алыстан.

Жыл өтүп жылдын артынан,
Жаңырып утур салт улам.
Жаз артынан жай келип,
Жаңырат жанда карт ылаң.
Жыл маалы иштеп тапканы,
Жармасы менен жарты нан.

# АЙЛАСЫ КЕТКЕН АБЫЛАЙ

Казакты казак каргашты,
Казакка казак жармашты.
Хандыгын бербей Абылай,
Кадыры, сыйы ар качты.
Жамандоо эмес ушактап,
Карт тарых муну танбастыр.

Табият мыйзамыдыр,
Абылай алдан тайды.
Жаштары бийлик үчүн,
Тытмалап турду байды.
Кунар бар, кубаты жок
Абылай асан кайгы.

Мезгил өтүү...
Учкан куштай зымырап.
Жашоо өтөт...
Өлбөгөн жан кыбырап.
Кадыры жок, сыйы аз,
Абылай хан кырылдап.

Казыбектин баласы,
Бий Бекболот болуптур.
Беттегенин бүлүнтүп,
Күчкө абдан толуптур.
Хан болом деп Абылайдай
Маселени коюптур.

Көтөрүлүп көп бийлер,
Абылайга теминет.
Келди мезгил, тапшыргын,
Хандыгыңды бергин деп.
Бийлик, мансап, кумар да,
Абылай хан телмирет.

Колду топтоп Бекболот,
Абылайды чапмакка.
Абылайдын шайы оогон,
Кара жанын бакмакта.
Кабар берет Жоогачка
Бир амалын тапмакка.

Шашылыш Абылайдан,
Жоогачы кабар алды.
Укканга ишеналбай...
Жоогачым аң-таң калды,
Кырк чоро жоокер менен
Күн-түндөп жете барды.

Кулга келген кыргызда
Жигиттер толо шоктонгон.
Керек болсо калкына,
Ар намыска октолгон.
Түлөберди, Бүргөдөй
Баатырлары топтолгон.

Солтолордон Түлөберди,
Барымтага келгенден.
Саруулардан Бүргө баатыр,
Татыгыңды бергенден.
Бир айыбы мезгилинде,
Барымтасы жергемден.

Акыл калчап Жоогачым,
Кыргыз калкын топтогон.
Арасында баатырлар...
Куду өзүнө окшогон.
Бекболотко каршы турду,
Кимиң бар деп коркпогон.

Жоогач айткан сунушун,
Кыргыз калкы колдошот.
Түлөберди, Бүргө баатыр,
Беш жөз жоокер топтошот.
Абылайды коргоого,
Казактардан жол тосот.

Абылайды ажалдан,
Алып калды кыргыздар.
Арамы жок ниетинде,
Ак көңүлдүү кыргыздар.
Акыйкатты көздөгөн
Аткан октой кыргыз бар.

Кыргыздын жигиттери,
Жоогачка жардамдашты.
Катылган казактардын,

Катыра башын жанчты.
Көксөөсү орундабай,
Казактар кайра качты.

Түлөберди, Бүргөнүн,
Эрдигин Жоогач баалады.
Абылайдан аларга,
Жооп беришин каалады.
Кыргыздын баатырларына
Абылай жок дей албады.

Түлөберди, Бүргөлөр,
Кыргызга кайтып келишти.
Кысыр калды бээ союп,
Элинде түлөө беришти.
Казакта калган кыргызга
Кыжаалат боло кейишти.

Бул коога Абылайдын,
Жүрөгүн жаралады.
Журт ичин арам ойлуу
Аябай аралады.
Мээсине кыттай орноп
Сар-санаа сагаалады...

Бир жылга жетип жетпей,
Абылай көзүн жумду.
Хандыгын талаштырбай
Пейилин Теңир урду.
Ушуну көрмөксүң деп,...
Кас душман карап турду.

Айкөлдүктө Абылай,
Хандыгын берип койбоду.
Ач көздөнүп Абылай,
Дүнүйөгө тойбоду.
Так талашкан Бекболот
Ана жыргап тойлоду.

Абылайсыз казакта,
Жашоо токтоп калбады?
Акыл калчап Абылай,
Аны биле албады.
Дүнүйөгө түркүк болуу,
Ар адамдын арманы.

Эй, адамзат, бул турмушка,
Эч ким түркүк болалбайт.
Ээ бербестен арамдыгың,
Арабызда кадамдайт.
Ар кимдерди алдай берип,
Адилетти ал арбайт.

4[44]4.04.04.

## КӨКБӨРҮ

Доорунда тарткан көкбөрү,
Доорума келди көктөгү.
Депутат — Эсентай уулу,
Демилге кылган көкбөрү.
Демине — демөөр коштолуп,
Дүйнөнү – дүнгүрөткөнү.

Көкбөрү тартып көптөрү,
Капарсыз күндөр өткөнү.
Кер кашканы темине,
Кезеги келсе бөктөрүү.
Кармаган жерден кан чыга,
Көңүлдөн кирин төккөнү.

Көкбөрү, улак тартыш,
Дүйнөнүн элдеринде.
Он чакты жылдар болду
Жанданып келгенине.
Мелдеши уюушулду,
Тоо жылы Бишкегимде.

Катышкан казак-кыргыз,
Өзүбек-авганы бар.
Кытайы, алтай, тажик,
Аттанган азаматтар.
Беттешсе бардыгы тең,
Беришпей улак тартаар.

Эки миң үчүнчү жыл,
Казактын борборунда.
Эл ара мелдешүүгө
Көкбөрү болгонунда.
Чогулду командалар
Астана чордонуна.

Улуттун баатыры деп,
Абылай бейитине.
Улакчы азаматтар,
Таазимге келгенинде.
«***Кыргыз***» бул айылы дейт
Кадырлуу эл ичинде.

Калыстар топ башчысы
ШерНияз уулу Болот
Кыргызга урууң ким деп
Жүйөөлүү суроо коёт.
"Солтамыз", "саруумуз" – деп,
Жылмая күлүп коет.

Арадан эки жарым
Кылымдар өттү-кетти.
Эсептеп элестетчи,
Азбы же өтө көппү?
Арада не бир мыкты
Карарган жерге чөктү.

## АСТАНАДА КЫРГЫЗ АЙЛЫ

Астана калаасынын
Чет жака жерлеринде.
Кыргыздын айылы бар,
Казактын элдеринде.
Ата-тек келген дешет,
Абылай мезгилинде.

"Олай" – деп, ошондойду,
"Былай" – деп, ушундайды.
Казактын элин элдеп
Кыргызым кысылбайбы?
Кымыздын балын ичип,
Согумга союп алат,
Кысыр эмди тайды.

Короосу койго толо,
Өрүшү малга толо.
Миңдеген гектар жерде,
Мен деген дыйкан боло.
Жай-кышы тиричилик,
Бекерге тийбей чолоо.

Кеӊ Чүйдүн ортосунан,
Кыргыздын солтосунан.
Кушчу бар, саруусу бар,
Кыргыздын толтосунан.
Келишкен, кул-күӊ болуп,
Кимден мен коркоксунам.

Кул байбача толгондо,
Күӊ байбиче богондо.
Кеӊ талааны ээлешип,
Кош бийлик болуп оӊ солго.
Кул-күӊ жок, баары унутта
Керемет жашоо оӊ жолдо.

Кыргыз деп бөлбөй казагым,
Кубулжуп созо казалын.
Кайрадан куда-сөөк болгон,
Кептерин сүйлөп тазанын.
Керемет дүйнө көргөздү,
Кимге-ким орун басарын.

Өлчөсү өчсүн өткөндүн,
Кесири тийбей кеткендин.
Өкүттө калып көп жашоо,
Өлчөөсүз жашты төккөндүн.
Өрөөпкүү бүттү токтосун.
Өӊөрбөйм аны бөктөрдүм.

Пейилди оӊго буралы,
Пейилди оӊдоп туралы.
Пейилиӊден тапкын дейт
Пейилде тагдыр сурагы.
Пиримдей колдоп Теӊирим!
Гүл турмушту куралы.

24.04.04.

## БЭЭРМАН БӨКӨЕВ

# ЖАЙЫЛ БААТЫР БАЯНЫ...

## (тарыхый дастан)

ЖАЙЫЛ БААТЫРДЫН 300 ЖЫЛДЫГЫНА КАРАТА

Жакында гезитке чыккан маркум Бердугул Курманкуловдун жазганында Абылай Жайылды, балдары менен алдап конокко чакырып, өлтүрөт. Бирок, архивдик булактардан алган маалыматка таянып, кайра жазам деп турганда, тилегине жетпей кетти.

Ал эми мен жазган бул вариант, илимпоз Сабыр Аттокуров аксакалдын — "Мен эл оозундагы санжырага ишенбейм. Менде Алматы, Омск архивинен алынган материалдар бар" — деген эскерүүсүнүн негизинде жазылды.

*Автор*

Илгертен бабалардан калган сөз бар,
Жортуулчу каргыш тийген жолдо өлөт!..
Сыңары баскынчы калмак каны,
Ич ара так талашып толкуп турду,
Куугундан бошогон эл топтолушуп,
Кошойдун кең төрүндө кеңеш курду.

Кошой бий көптү көргөн каныкадам,
Ойлонуп, сөз кезегин бурду элге.
Ата конуш баскынчыдан тазарыптыр,
Көчөлү кут орногон туулган жерге.

Силерге айта турган өтүнүчүм,
Макул көрүп, кулак салгын туугандарым.

"Жакшымдан" жалгыз калган Жайылыма, —
Ыйгарып бийлигимди турган чагым.

Арадан ай айланбай кош айтышып,
Кошой өттү дүйнөдөн жазуу буйрук.
Өлүк сыйын өткөргөн соң улуу адамдын,
Эл көчтү туулган жерге — конуш улук!

Чыгышын Ысык-Ата, Арашан — деп,
Жайыл бий жайгаштырды Солто элин.
Керилген кең Сары-Өзөн күн батышын,
Ашмара, Кара кыштак кылып чегин.
Эл жайлап, көркке толду ата конуш.
Сагынып, самап келип туулган жерин,
Мезгилдер өтүп жатты билинбестен.
Тууган эл жайы кышы бирге болуп,
Кызыгып кыргыздардын гүл жерине,
Коңшулаш казак турат катар конуп.

Көк жал Барак кол чогултуп каракчыдан,
Кирди басып бейкут жаткан кыргыз элге.
Дөөгүрсүп, ата-баба салты калып,
Кылымдар белек калган Манасымдан,
Кырк чоро мазарына бүлүк салып...

Аягы кандуу кыргын жик кетирди,
Көк жал өлүп, жоокерлери набыт болуп.
Кыргыздар күнөөлүү — деп, — мындай ишке,
Бузуку амал издейт күндө тооруп.

От жаккан чагымчылар улам күчөп,
Абылай ханга жетти эки конуп.
— Кыргызга тийишпейбиз — бир элбиз — деп,
Жүз үйрүп, далайына каршы болуп.
Ошондо улкөн акын Үмбөтаалы,
Чагы эле акындыгы күчкө толуп.
Чагымын ырга салып уу сөз менен,
Чалмасын салып турду ханды тооруп:

— Э-эй, Абылай, Абылай!
Абылай ханым бул кандай!
Алыстан келген Жоогачтын,
Сөзүң койдуң тыңшабай.
Далай иштер башыңдан,
Өткөн эле жашыңдан.

Кыйын кезең түрлүү жай,
Жаш күнүңдө Абылай.
Үйрөнүчтөн келди элең,
Сары-Арканы жерим — деп,
Калың казак элим — деп!
Жөө жалаңдап келгенде,
Төлө бийди тапканда,
Күндүзү төө бакканда.
Жалгызмын — деп чочубай,
Эч малчыга кошулбай,
Кара жерге олтурбай.
Чапаның салып астыңа,
Жеңин жаздап башыңа.
Колу бутуң төрт жакта,
Жер кучактап жатканды,
Унуттуңбу — Абылай?!

Жыйырмага жашың келгенде,
Калмакка согуш болгондо.
Алгачкы бактың тапканда,
Чарыштын башын какканда.
Канжыгаңа баш байлап,
"Жоо качты" — деп айхайлап,
"Абылайлап" — чапканыңды,
Унуттуңбу — Абылай?!

Эрдигиңден хан болдуң,
Адил бийлик кылышка.
Керейден баатыр Жаныбек,
Каз дабыштуу Казыбек,
Качкан эмес уруштан.
Куу дабыштуу Куттубай,
Кара керей Кабанбай,
Канжыгалуу Бөгөнбай,
Бердикожо баатырлар,
Олтурушат жаныңда ай.
Кээси баатыр, кээси бий,
Кудайым берген ушул сый,
Ойлонсоңчу — Абылай?!

Казакты кара басканда,
Аз кыргыздан качканда.
Байгазыдай баатырың,
Туткун болуп жатканда,
Темиржан кыргыз баатыры,

Ашыра баштан атканда.
Ордунан баатыр тура албай,
Күлкүгө кыргыз батканда.
Эсенгул, Жайыл жоо болуп,
Жайылдын Үсөн, Текеси,
Түлөберди, Бөрүбай,
Солтодон чыккан бул төртөө,
Казактын канын чачканда.
Ханым бар — деп ишенип,
Жоогачың ыйлап келгенде,
Көк жал Барак өлгөндө.
Аскерин кыргыз кырганда,
Баштарын обо кылганда.
Бул кабарды эл билип,
Көзүнүн жашын көл кылып,
Зарлап ыйлап турганда.
Чыдап кантип ордоңдо,
Олтурасың — Абылай?!

Жоонун канын агызган,
Оозунан бал тамызган.
Баатыр бийлер аз болуп,
Ташыркапсың — Абылай.
Эл коргогон көп элден,
Калдыңбы — баатыр таба албай.
Ак боздон курман чалсаңчы,
Элдин кегин алсаңчы.
Атка минип ашыга,
Кырылган аскер башына,
Жоо жарагын, камданып,
Жөнөйлүчү Абылай.
Минелик атка жабыла,
Айланайын ай, Абылай?!

Мына ушинтип ортого,
Чагым салды бул акын.
Калпты кошуп "чындык" — деп,
Сайрап турду жоор акын.
Үйрөткөн сөзүн бузуктун,
Уудан кошуп өткөрүп.
Айтып турат чоң акын:
— тил табышсак бекен — деп,
Жайылга барсак — кебелбейт,
Садыр менен сүйлөш — дейт.
Саяктан чыккан кан Садыр,

Сөз укпастан күпүлдөйт.
Каңгып жүргөн казакты,
Бут, шыпырып алам — дейт.
Сартыңа барып айтып — кой!
Жакын калды угуп кой.
Сары-Арканды чабамын,
Дөөгүрсүгөн сарт кулдун,
Жээндигине карабай,
Матап байлап аламын.
Төлө бийче мен аны,
Төө кайтартып саламын.
Акындын айткан уу сөзү,
Чучуктан өттү өңдөнөт...
"Аттангыла" — жоого — деп,
Добулбасын кактырып.
Шаан-шөкөтүн кам кылып,
Жаалданды — Абылай!
Ушинтип кыргын башталган,
Сары-Өзөн Чүйдүн жеринде ай...

Адам зат пендеден,
Аяр эле эр Жайыл.
Жансыздан келген кабардан,
Эртедир кечтир Абылай,
Бир жаңжалды саларын,
Сезип жүрчү Жайыл.
Чындыкка сөзү жеткен соң,
Ат чаптырып Садырга,
Кабар берди эр Жайыл:
— Тагай ата балдары,
Ала-Белге чогулуп,
Кеп кеңешти куралы.
Каптап казак келатат,
Камданып чогу туралы.
Эл камы башта болгон соң,
Кыргызды жоодон коргойлу.
Арбагың Манас — колдо — деп,
Эл журттун камын ойлойлу?!

Чогулуп курган бул жыйын,
Ойдогудай болбоду.
Анткенинин себеби,
Кол башчыга Жайылды.
Көрсөткөндө ич тарып,
Эсенгул башты толгоду.

Бир пикирге келе албай,
Жалгыздык башка түшкөнүн,
Ойлонду шондо эр Жайыл.
Кайт болгон соң көңүлдү,
Күңгүрөнүп толгонуп.
Ичинде букту арманы,
Бир чечимге келе албай.
Калганына өкүнүп,
Жайыл, Садыр аттанды...
Даам татып, мезгил жеткенде,
Ишенген өзүң-калдың деп.
Коштошоордо Садырга,
Сыр туюнтту эр Жайыл:
— Атаңдын көрү дүйнө бок!
Эсенгул сөзгө келбеди.
Кайсы күнөөм бар эле,
Жоо жакадан алганда.
Балдарына Кылжырдын,
Ыркыбыздын жогунан.
Башка келди мүшкүл иш,
Каптап келчү бул жоону,
Жалгыздап тосмок болдук биз.
Кудайым өзүң жар бол! — деп,
Капканда калдың сен жалгыз.
Миң чамалу кол менен,
Элим, журтум, талапташ.
Сары-Белде мен жалгыз!..
Аргасыз ойго түштү го,
Бөлүнгөндү бөрү жейт.
Бөлүнбөгүн кыргыз — деп,
Манастан калган кайран сөз!
Аттаналы Садырым,
Ыйык конуш эл үчүн.
Ажал жетип күн бүтсө,
Кан ичердин тукуму.
Жүрөктөгү канды ичет,
Андан башка нени ичет.

Мына ошентип калың жоо,
Казак-кыргыз "кыргыны".
Сары-белден жолукту,
Бузуку сөзгө алданып.
Эртеңки күнгө серп салбай,
Кан көксөгөн бөрүчө,
Кайрылбастан жоо болуп.

Түтөгөн жоону көргөндө,
Жайылга далай ой кетти.
— Буйругу болсо кудайдын,
Арга жок кандай кылабыз?
Маңдайымда турушат,
Акыл, өлчөп байкасам.
Он казакка бир кыргыз.
Өпкөлөрүн көптүрүп,
"Абылайлап" — айкырып.
Сан жетпеген калың жоо,
Жараткан берсең жардамды.
Көрөрбүз анан калганды —
Деп ойлонуп эр Жайыл,
"Чымын" — көргөн немедей,
Каткырып турат сыртында.
Ичине буккан арманы,
Ээрибеген муз болуп.

— Айланайын ай Ала-Тоом!
Койнуңда туулуп, өстү элем.
Кетмен-Төбө, Суусамыр,
Келберсиген кең төрдө.
Солто, Саяк, Саруулар,
Сарбагыш менен Кушчулар.
Жайы кышы төрт мезгил,
Сайран курган кайран жер!
Ысык-Ата, Арашан,
Меркеге чейин созулган.
Сары өзөн Чүйдүн өрөөнүн,
Талкан бийдин балдары.
Мекендеген кайран жер,
Далай суулар күркүрөп.
Чүй дайрага куйган жер,
Тагдырыбыз чечилчү.
Ушул турган Сары-бел,
Кырсык болсо кокустан,
Кош болоорбуз тууган эл?!

Жоонун жайын билген соң,
Момокон, Үсөн, Текеге.
Мындай деди эр Жайыл:
— Бир тууганым, уулдарым,
Кеңешели кулак сал.
Сөз кайрап жолум торобо,
Кыйын күн түштү Солтого.

Түтөп турган бул жоого.
Аттанамын мен жалгыз...
Калмакка салган жаңжалды,
Жетимиш жашка барсам да.
Бир кайталап алайын,
Өмүр карып баратат.
Бир кумардан канайын.
Эки келбес өмүрдө,
Чоң чуулганды салайын.
Көрсөтөйүн сарт кулга,
Караңгы түн азапты.
Жетимиште Жайыл өнөрүн,
Эсиңде калсын түбөлүк.
Алманбет шер айткандай,
Салайын бир кызыкты.
Сызайын бир сызыкты.
Кудайым берсе жардамды,
Он миң казак болсо да.
Ителги таанга тийгендей,
Чыгара мээсин тебейин.
Эстеп жүр — деп Жайылды,
Бир айкырып кирейин.
Ай тамгалуу тулпарга,
Үзөңгү теппей шарт минип.
Алакан жайып бата алды,
Арбагың Манас — колдо деп.
Карап туруп Жайылды,
Момокон баатыр оюна.
Тартылып кетти өткөндөр,
Коңурбай абам жалгызы.
Жайыл менен тең өстүм,
Коюндаш жатып сырдаштым.
Ат жалын тартып мингени,
Көк бөрү улак тартышып.
Жоону да бирге чабыштым.
Иледен аркы калмакка,
Чуулганды, салганда.
Анда да чогу катыштым,
Таң калчу эле көргөндөр.
Жалгыз жоого киргенде,
Капырай — деп таң калып,
Ушундай дөөнү көтөргөн.
Алдында атын көргөндө,
Карап турсаң Жайылда.
Эрдигине төп келген,

Айкөлдүк жагы кең эле.
Аз жыл мурун Ойрондо,
Ушул канкор Абылай,
Жана бир чабуул кылды эле.
Сол жагынан Садыр эр,
Оң жагынан Жайыл эр.
Ортого алып кырарда,
Аргасы кеткен Абылай,
Элчи салып ортого.
Жан соогалап келди эле.
Капканга түшкөн ушунун,
Көзүндө турат кастык деп.
Тазалайыл көзүн — деп,
Карарып Садыр турганда.
Бир боор элбиз болбойт — деп,
Кан ичерди эр Жайыл,
Куткарып койгон жагы бар.
Эми көрчү канкордун,
Салып турган жаңжалын.

Ойго баткан Момокон,
Жоо тарапты караса.
Жаш жигиттей Жайыл эр,
Аттын тизгин чылбырын.
Ээр кашына күрмөптүр,
Кулун кезден үйрөткөн.
Жан кыйбасы Айтамга.
Сезип турчу дайыма,
Эки тизе кыймылын.
Бүгүнкү айкаш оордугун,
Айбанда болсо жаныбар.
Сезип турат Айтамга,
Адамдан башка сүр менен.
Арстандай чамынып
теше тиктеп жоо жакты.
Адам тике карагыс
Сүрдүү турат эр Жайыл.
Узундугу он кулач
Жоондугун карасаң
Беш жашар бала белиндей.
Бакан да эмес найза эмес
Мына ушундай куралды
Чебер уста колунан
Жасаттырган мурунтан.
Манас бабам колдо деп

Тизеден белги болгондо
Жоону тике кычырып
Алып учту Айтамга.

Карап турган калың жоо
Көргөндө жалгыз бөлүнгөн
Жайыл эрдин караанын.
Колундагы куралы
Эки колго карышкан
Тири шумдук бир "Союл".
Алдындагы мингенин
тизгин менен башкарбайт.
Карап турган Абылай
Эси учун жыйганча,
Айкырып киргенАбылай
Эси учун жыйганча,
Айкырып кирген эр Жайыл
кырып, жоюп киргени.
айлантып уруп шилтесе
Алмадай болгон далай баш
Топтой болуп жерге учат.
Ана мына дегиче
Көргөн пенде таң калган
Теңдеши жок салгылаш
Болуп жатты бул белде.

Шаштысы кеткен Абылай
Албууттанып айкырып.
мергенчини чакырып:
— Көрдүңбү кыргыз Жайылды
Жетимиште карган чал.
Жаш жигитче атта ойноп
Кырып жоюп келатат.
Колуңдагы куралын
Кандай адам көтөрөт.
Мен билем мунун кылыгын,
Төрт, беш жыл мурун Ойрондо.
Көрсөткөн мага кызыгын...
— Шашпай уккун сөзүмдү,
Тигини оңкаруусун мээлеп ат!
Өлтүрө атсаң кокустан,
Көрүнбө мага, өзүңдү ат!
Оң каруу иштен чыккан соң,
Көрөйүн анан Жайылдын
Казакты кандай кырышын?!

Адис болгон мергенчи,
Ыңгайлуу жер издеди.
Кийик жүрчү жол менен,
Тике маңдай жеткени.
Мылтыктын үнү чаңырды,
Оолда чиркин дүнүйө ай.
Эр Жайылдын оң колу,
Куралдан бошоп шалк этти.
Күтүп турган казактар!
"Абылайап" — айхайлап,
Баатырды көздөй теминди.
Даяр турган кыргыздар,
"Жайыл" — деп ураан чакырып.
Каршы жактан ат койду,
Кудай бетин көрсөтпө.
Аралашып эки жоо,
Кызыл кыргын башталды.
Өзгөчө ушул айкашта,
Күрүлдөп Теке баатырдын.
Жини кайнап көк жалча,
Алдынан чыккан душманын.
Как чекеге кылычтайт,
Кырып жүрөт күрүлдөп.
Жаркылдатып жарагын,
Бирок, аздын иши аз экен.
Күч теңдешсиз болгон соң,
Армандуу тура дүйнө бок!

Аскердин баары кырылып,
Балдары менен эр Жайыл.
Туткунга түштү байланып,
Санаалар санга бөлүнөт.
Азирейил баш багып,
Ажалдын тору айланды.
Колго түшкөн баатырлар,
Абылайдын ордого.
Туткун болуп байланды,
Тагдырдын оор мүшкүлү
Мына ушунда байкалды.

Жайылды аяп балдары,
Ойлорунда толгонуп:
Жаратканың чын болсо,
Картайган кезде баатырды.
Жоо колуна кор кылбай,

Акыйкат кылсаң не болот?!
Пендечилик болгон соң,
Толгонуп санаа ойлонот.
Санаалар сансыз уланып,
Байлоодо төртөө жатканда.
Сырттан кирди Жоогач эр,
Салам айтып шашылып:
— Ассалоому алейкум.
Амансыңбы эр Жайыл...
Алдыңа келдим кечигип,
Бул күнөөмдү кеч Жайыл...
Бузгандыгым шертимди,
Кеч түшүндүм эр Жайыл.
Менден кеткен катааны,
Кеменгер эстүү жан элең.
Акыл калчап байкаарсың.
Күчүң жетсе Жоогачты,
Кечирерсиң эр Жайыл.
Колго түштү Жайыл — деп,
Кайгуулда жүрүп кеч уктум.
Шум кабарды укканда,
Аллам түштү оозуман.
Жүрөгүм чыга жаздады,
Согуп турган кабынан.
Сөгүлгөнсүп кабыргам,
Омурткада жайынан.
Каным дүргүп токтодум,
Амалымдын жогунан.
Далай акыл ойлондум,
Куткарып кантип алам — деп,
Абылайдын торунан.

Зарыл иш деп ханыма,
Өттүм ордо көргөндөн,
Адам өлбөйт эмеспи.
Төбөлдөрдөн корккондон,
— Ардактуу ханыма өзүңө.
Айта турган зарым бар,
Кыргыз-казак чабышты.
Бузукулук айынан,
Эки мүчөл арабыз.
Акыреттик дос элек,
Солто Жайыл эр менен.
Бүлүнөрүн ордолуу эл,
Акылымдан сезбегем.

Куткарып бер Жайылды,
Ханым сенден суранам?

Ажырап кыргыз калбасын,
Өз элини зорунан.
Ирегелеш эл элек,
Ортого жик кетпесин.
Бир өзөндөн суу ичип,
Жайлоолоп бирге конушкан.
Уул үйлөнтүп, кыз берип,
Куда сөөк болушкан.

Далилдүү айткан сөзүмө,
Хан Абылай муюду.
Нак баатыр деп өзүңдү,
Баа бергенин ханымдын.
Акылымда туюндум.
Суроoң кабыл болсун! —
Азаттык берди башыңа,
Кубаныч батпай ичиме.
Шыдыр келдим кашыңа,
Кокустан бузук түшпөсүн.
Бол камынчы жан досум,
Бузуку түшсө ортого.
Оома көнгөн Абылай,
Жардыгынан жанбасын.
Элине эсен жетсе — деп,
Шашылып турам жан досум.
Кокустук болсо Жоогачтын,
Шагы сынып калбасын.

Сонор кезде бир бийлик,
Жоогачтын кылган ишинен.
Тутанарын туюнуп,
Ыраазы болду эр Жайыл.
Санаага баткан арстан,
Чочугансып ойгонуп.
Байлоодо жаткан балдарын,
Жалт карады эр Жайыл.
Оюн топтоп бир жерге,
Мындай — деди эр Жайыл:
— Калмакты кууп жергеден,
Чоң чабышта табышкан.
Акыреттик досумсуң,
Акташ үчүн ошону.

Абылайдан өтүнүп,
Канымды сурап алыпсың.
Бул кылганың Жоогачым,
Эки эл үчүн ынтымак.
Ынтымактар жок болсо,
Турмакпыз биз ыркырап.
Жулуп тоноп бир бирин.
Катын бала чыркырап,
Рахматтан башка өзүңө.
Айта турган сөзүм көп,
Бирок,
Туткундамын арга жок.
Айланайын ай балдарым,
Көп жылдар күткөн мээнетке.
Өтө турган чагымда,
Ойлоп жүргөн ойлорго.
Жете турган чагымда,
Тынычтанып көңүлүм.
Бийликти берип бириңе,
Жата турган чагымда.
Капыстан канкор колунан,
Минтип,
Өлө турган болдум да.

Атаңдын көрү шум дүйнө,
Ойлогон ойго жеткирбес.
Уулдарым силерди,
Ак зоонун башы көк музду.
Айлантып бир учурбай,
Аргасыз торго кептелип.
Тагдырыма көндүм да,
Көтөрбөскө арга жок.
Каалабаган күн көрүп,
Бул дүйнөдөн өттүм да.

Айланып артым карасам,
Кайгыга баткан элимдин.
Денесин каны жаргандай.
Өлүп кетсек бул жерде,
Кааран калган Абылай.
Чыркыратып элимди,
Кызыл кыргын кылгыдай.
Айланайын Ала Тоо ай,
Муң канып ыйлап турчудай.

Турасын жерге койгулап,
Тулпарлар өткөн дүйнөдөн.
Текөөрү темир сындырып,
Шумкар да өткөн дүйнөдөн.
Жекеден жеке салышкан,
Эрлер да өткөн дүйнөдөн.
Азуулашып алышып,
Кандарын суудай агызып,
Шерлер да өткөн дүйнөдөн.

Бул бабалардан калган сөз,
Угуп жүрүп дайыма.
Кулактарга канган сөз,
Жылаңач келип дүйнөгө.
Түбөлүк кетер үйүнө,
Мал мүлкүн көчүрүп.
Алып кеткен адам жок,
Бул жалганчы дүйнөдө.
Эки тизгин бир чылбыр,
Тең кармаган адам жок.
Өкүндүрүп адамды,
Чиркин ай,
Шылдың кылат дүйнө шок.

Алладан буйрук чын келсе,
Баш ийбеске арга жок.
Айланайын ай балдарым,
Өөдө болсом өбөгүм.
Ылдыйласам жөлөгүм,
Артыңарда мен калып.
Не мураска жетемин,
Кудай берген жаш экен.
Буюрган жашты жашадым,
Ансыз деле дүйнөдөн.
Аз калган болчу ашарым,
Жарым жан мендей карыны.
Канкордон келчү ажалга,
Туура болот кыйганың.
Андан көрө кеңешип,
Үчөөңдүн бирөөң аман кал.
Ата салтын сыйласаң,
Акыркы сөзүм мына ушул.

Деди да Жайыл баатыр
Жиберди көз,

Кандай сөз чыгаар экен
Үчөөнөн деп.
Ата сөзү буйрук сөз да кайталангыс,
Акың жок акыркы сөз чыккан бүтүм.
Түшүнгөн Теке баатыр салмык менен,
Өз оюн жөнгө салып айтты бүтүн:

Айланайын жан ата,
Жатканда минтип капаста.
Белсенип кайрат кылбасак,
Болорбуз күлкү душманга.
Андыктан, акыл чайкап кеңешип,
Келелик бир бүтүмгө.
Туулган жанга өлүм ак,
Сандыкка жанды катса да.
Кийин соң элде сөз калаар,
Канкордон өлүм тапсак да.

Атаке ай,
Жетимишке жашың барганда.
Пайгамбар жаштан ашканда,
Эл камын ойлоп жер көрүп.
Душманга кыргын салганда,
Мергенчиси Абылайдын.
Мээледи огун каруруга,
Анткени сиздей баатырдын.
Бүт күчү болот каруда,
Ошол ок болду себепкер,
Байлоодо минтип жатууга.

Өзүңдү ээрчип жан ата,
Ак зоонун башын айландык.
Эл журтту коргоп душмандан,
Эр жетип кылыч байландык.
Тирүүлөй кармап шерди да,
Терисин сыйрып жайладык.
Акыры тагдыр ушу экен,
Колуна түшүп канкордун,
Өлүмгө башты байладык.

Оолда, чиркин дүнүйө ай,
Биз көчкөн соң дүйнөдөн.
Бириндеп кыргыз калды — деп,
Кызыкты элге салбайбы.
Биримдиги болбогон,

Эч күнөөсүз бечара эл.
Уул кызын кучактап,
Улуп-уңшуп калбайбы?
Бей күнөөсүз боздогон,
О, кайран эл, кайран эл...

Ойлоп ойлоп толгонуп,
Каным кызып турамын.
Кызы талак канкордун,
Канткенде башын жуламын.
Карап туруп жан кейийт,
Жараланган колунду.
Улгайып калган кезинде,
Бастырып коюп канкорго.
Канткенде карап турамын,
Артында калган элиңдин.
Келечек күнү не болот?
Ойлосом, күйүп ичим чок,
Чиркин ай,
Ойдон күлүк нерсе жок!

Биз өткөн соң дүйнөдөн,
Ээнсиреп жерлер калат ээ...
Чечилбестен боз үйлөр,
Ызы-чууга толот ээ...
Бетин тытып энелер,
Кызыл канга бойойт ээ...
Жайылдын жүргөн жери — деп,
Эстеген сайын өзүңдү.
Курбуларың боздойт ээ...
Аман калса уруштан,
Бирге өскөн курбулар.
Боздошуп бизди жоктойт ээ...
Күч чыгарып көз жаштан,
Каргап шилеп канкорду.
Артта калган тууган эл,
Көзү өткөнчө боктойт ээ...
Узарта бербей ойлорду,
Куралычы акылды.
Жанатан бери ортодо,
Далай сөздөр айтылды.
Ушул жерге бап келчү,
Өз оюм бар айтылчу.
Аллага таазим кыламын,
Буйругу менен Алланын.

Мени менен Үсөндөн,
Неберелер көргөнсүз.
Ошондуктан жан ата,
Он үчтөгү жаш бала,
Аман калсын Итике.

Деди да Үсөн жакка жүзүн бурду:
Ал дагы: — туура сөз — деп бүтүм кылды.
Уулдарынын кеменгерлик пейилине,
Эт жүрөгү эзилип баатыр турду.
Итикени чакырып боорго кысып,
Жайыл эр, кыска гана: — ырас кеп деп.
— Раазы бол! Агаларың пейилине,
Эми сен токтолбостон элге жет — деп.
Биз өткөн соң дүйнөдөн кош айтышып,
Кан ичер кыргын салар бейкут элге.
Кабар жеткир! Бекем жайга бекинишсин,
Тукум курут болбойлуу кыргыз элде!
Кана уулм! Бир жыттайын акыркы ирет,
Жан дүйнөм эч армансыз жыргап кетсин.
Сенин жытың биз менен көргө житсин,
Биздин жыт сени менен элге жетсин.

Итике сөз айта албай жашын төгөт,
Турмуш ай кандай оор ушул мүнөт.
Табигат тили болсо боздоп турмак,
Шерлерди кучакташкан акыркы ирет.
Боздогон боз тайлактай бала үнү,
Бышактап, бирде боздоп безеленет!

Баш көтөрүп карасам,
Түнөрүп асман көрүнөт.
Калтыраак басып денемди,
Көзүмдүн жашы төгүлөт.
Кулундай ойноок жүрөгүм,
Араң согуп дирилдеп.

Жашоодон үмүт үзүлүп,
Караан түн башка түштүбү?
Буюрбай тагдыр турабы,
Жашоонун суусун ичкенди.
Курбулар менен тең ойнор,
Балалык күнүм бүттүбү?
Бейкуттукта өткөн күн,
Кайрылгыс болуп кеттиби?

Кулакка жаман угулду,
Аман кал — деген сөзүңөр.
Жалганда калып эмнем бар,
Босогосун өлүмдүн.
Басып турсаң үчөөңөр,
Айланайын байкелер.
Ээрчип жүргөн күчүккө,
Атыбыз өчүп калат деп,
Жан кейиткен сөзүңөр.

Тагдырыма таарынсам,
Урушка чогуу келгенге.
Оюнчук ойноп жаткансып,
Жолтоолук кылдым үчөөңө.
Кан жуткансып олтурам,
Калып калбай үйдө эле.
Эгер мен каскак болбосом,
Калбайт белең бириңер.
Кайгыга баткан муңдуу элге,
Баш көз болуп жүрүүгө.

Абылай канкор буйругу,
Чын эле ишке ашабы?
Үчөөңдөн бирдей айрылып,
Эл журттун шору катабы?
Суранамын кудайдан,
Ажыратпай үчөөңөн,
Жанымды кудай кошо тарт.

Калбаймын ата артында,
Койнуңа чогу ала жат.
Укпаймын байке сөзүңдү,
Бооруңарга ката жат.
Боздогон тайлак боло албайм,
Жараткан сенден суранам,
Мен даярмын жаным тарт.

Ажырабай улам бирин кучактап,
Кара көздөн жаш төгүлөт буурчактап.
Жайыл эр белги берди “алып кет” — деп,
Кыйнабай туткундарды бүттү деп, — кеп.
Жоогач эр: — Жүр балам — деп жетеледи,
Караңгы түн койнуна кете берди...

Камду ат небак эле даярдалган,
Ээрчишип экөө чыкты буйтка жолдон.

Кароолдон аман-эсен өткөргөн соң,
Аманат сөзүн айтты алып колдон.
— Балам,
Кулагың менен уктуң го,
Көзүң менен көрдүң го.
Боз үйдө болгон чечимди,
Эми сага Итике.
Боздогон менен пайда жок,
Кулак сал сага айтарым:
— акылман эле жөн билги,
Темиржанга салам де.
Максатына жете албай,
"Жараланган" — арстан,
жайлаганы калды — де.
Зоо айланар кош шумкар,
Көздөгөнгө жете албай.
Арманда кетмек болду де,
Албайт эми кан ичер.
Элинин камын көрсүн де,
Бүгүн барда, эртең жок,
Ушундай тура дүйнө бок.

Балам,
Дагы айтайын кулак тос,
Балалыкты кой эми.
Ыйлап көзүң тунартып,
Кетер жолдон адашпа.
Көрсөткөн жолдош адашсаң,
Кыргыз эл калат азапка.
Жаалданган Абылай,
Бир аптага жетпестен.
Коргоочусу жок элге,
Кыргын салып чыкпайбы.
Ошондо муңдуу элиңди,
Түп орду менен кырбайбы?!
Катуудан казан калтырбай,
Күлдү көккө сапырып.
Чаң тополоң салбайбы?!
Кары-картаң кемпир чал,
Өз жарынан ажырап.
Боздоп калган аялдар,
Эмне экенин түшүнбөй.
Оюндагы жаш балдар,
Каптап барган ажалды.
Момурап тосуп албайбы,

Кабарсыз жаткан элиңе.
Жеткирбесең кабарды.
Ошондо кудай урбайбы?!
Балам,
Бул коогалаң жоруктан.
Аман болсун кыргыз эл,
— Түн кетип күн алмашып.
Эртедир кечтир элиңе,
Агарып таң атпайбы?
Аман жүрүп жетилсең,
Алдыда өмүр жатпайбы?
Түбү түптүү кыргыз эл,
Бүгүн жоого алдырса.
Эртең кайра чыкпайбы?
Адам ата балдары,
Илгертен берки тарыхта.
Эрегишип эр өлгөн,
Кылымдаган кырылыш.
Абалтан келе жатпайбы,
Ошондой не бир чабышта.
Жоого намыс бербеген,
Түгөнгөн сайын түтөгөн.
Түптүү кыргыз эл деген,
Эсиңде жүрсүн ар дайым.

Балам,
Эсиңе бекем түйдүңбү?
Боордошум кыргыз элимди,
Ала-Тоонун ичине.
Кечиктирбей катып кал,
Бул аманатты Итике.
Төкпөй-чачпай айтып бар!
Эми,
Жолуңдан калба жаш бала,
Коштошор мезгил болду чак.
Көрсөткөн жолдон адашпай,
Арбагы Манас колдо деп,
Айлыңды көздөй тизгин тарт.

Жоогачтын айткан сөзүнөн,
Боюн жыйды Итике.
Жыя кармап тизгинди,
Манас атам колдо деп.
Жигит пири Шаймерден,
Адаштырба жолдон деп.

Алдындагы атынын,
Оозун кое берди эми.
Жол эсебин албастан,
Ала-Тоону бет алып.
Учкан куш менен жарышып,
Сызылтып жолго салды эми.

Таң атардын салкын жел,
Таңдан кабар билдирди.
Ак шоокум каптап чөйрөнү,
Таң супасы сөгүлдү.
Алыстан бүлбүл көрүнүп,
Айланайын Ала-Тоо,
Ак чокусу көрүндү.

Алдындагы мингени,
Эргип алган көрүнөт.
Үстүндөгү адамын,
Сезип койбойт жаныбар.
Агарып таң атканда,
Айылдын чети көрүндү.
Мына ошондо баланын,
Көзүнүн жашы төгүлдү.
"Жалгыз өзүм келдим" — деп,
Эрдимсинип барамбы?
Туткундалган үчөөнүн,
Тагдыры өлүм болду деп.
Сүйүнчүлөп барамбы?
Тагдыр ай неге жараттың,
Армандуу мендей баланы.
Айтаарына сөз таппай,
Көзүнүн жашын көл кылып.
Мурдунун суусун тарта албай,
Кол тизгинге карышып,
Жакындады айылга...

* * *

Муну мындай таштайлы,
Оорукта калган эрлердин.
Абалынан баштайлы,
Жоого аттанган эрлердин.
Бир кабарын биле албай,
Убайым жеп уйку жок.
Тыңгылыктуу эс албай,
Кулак түрүп сак сактап.
Кандай кабар болот деп,

Эт жүрөккө күч келип.
Оо кудайлап жалынып,
Ак сакалдуу карылар.
Ак элечек энелер,
Күнү-түнү жол карайт.

Кой десе да тил албай,
Чуулдаган балдардын.
Дымы чыкпай басылган,
Байбичелер келиндер.
Бир бирине көрсөтпөй,
Жашын төгөт кургурлар.
Күнү-түнү жол карап,
Тынчы кетти кайран эл.
Кеп сүйлөгөн бирөө жок,
Үңкүйүшүп жер карап.
Дудук болду кайран эл,
Алысты тиктеп тунжурап.
Сокур болду кайран эл,
Тамак баспай жүрөккө.
Ачка болду кайран эл,
Алда кандай болот деп.
Эс мас турат кайран эл,
Бирде бар да бирде жок.
Бакыр кылган дүнүйө ай,
Башыңды салып азапка.
Оодарылган дүнүйө ай,
Чакмак алып адамды,
Чакчаңдаган дүнүйө ай.

Күн нурун толук чачканда,
Чаң созулуп кылактап.
Айылга тартты бир караан,
Карап турган адамдар.
Бул,
Соо келаткан неме эмес.
Кандай да болсо кабарчы,
Айланайын кудайым.
Эрендер аман боло көр,
Аксарбашыл өзүңө.
Жакшылык кабар бере көр,
Кобур-собур үндөрдөн.
Боз үйдө адам калбастан,
Сыртка чыккан жабыла.
Кимде кандай санаа бар,

Жаратканым билбесе,
Айтааргa кимдин алы бар.
Ат үстүндө олтурган,
Сөлөкөтпү адамбы?
Ким экени билинбейт,
Шек алышып тургандар.
Бирин бири түрткүлөйт,
Көптү көргөн чалдардын.
Ар нерседен шек алып,
Сакалдары бириндейт.
Эне деген бечара,
Жүрөгү канап дирилдейт.
Чаң менен терге жуурулуп,
Үйгө жетти буурул ат.
Ат үстүндө баланы,
Көтөрүп аттан алышты.
Темиржанды көргөндө,
"Энеден" башка сөзү жок,
Итике кучагына кулады!

Турган эл, толкуй түштү чур этишти,
Темиржан боолголоду болгон ишти.
Баланы жуундуруп, суусун берип,
Жарданып туруп калды баары келип.

Эс алган соң Итике сөзгө келди,
Болгон ишти төкпөй чачпай айтып берди.
Боз үйдөгү Темиржан үн чыгарып,
— Көзүбүз кашайыптыр элим — деди.

Арадан чай кайнамдай мезгил өттү,
Темиржан боз үйүнөн сыртка чыкты.
— Эл журтум! Болор иши болгон тура,
Ыйлагандан пайда жок уккун кепти:

О, кагылайын калың журт,
Айтпасам да боолголоп.
Сезип турат жүрөгүң,
Айтарыма сөз таппай,
Арманымда жүдөдүм.
Кыргызга кыргын салгыдай,
Үйүң күйгүр Абылайдын.
Кандай өчү бар эле,
Эрендерден ажырап.
Ачык турган асманга,

Кара булут каптаган,
Каргашалуу күн белем!...
Баладан уккан кабардан,
Жүрөгүм чыкты кабынан.
Колум сынды сабынан,
Жүрөгүм чыкса салынар.
Колум сынса таңылар,
Шейит болгон эрендер.
Кара көздү кашайтып,
Биз шордууну шорлотуп.
Кагыйлайын эл журтум,
Кокуй күн ай,
Эми кайдан табылаар!

Солтодо болгон кыргынды,
Кылымдар өтөр, эскерер.
Жайыл баатыр баш болгон,
Момокон, Үсөн, Текенин.
Жомогу кийин эстелээр,
Биримдик болсо элимде.
Кыргыз ата балдары,
Биригип турат эле го.
Биримдиги жогунан,
Жалгыздыктын айынан.
Миң чамалуу кол менен,
Арыстандай айкырып —
Жоого аттанган ардагым.
Теңдешсиз күчтүн айынан,
Кан ичердин колунан.
Набыт болгон эрендер,
Боздосок да жер бузуп.
Эми кайдан табалык,
Кан ичер канга тойбоптур.
Кан көксөгөн көк дөбөт,
Жойлоп эртең аттанса.
Алсыраган элдердин,
Көргөн күнү не болот?
Мына ушуну ойлонуп,
Жооп таба албай толгоном.
— Ала-Тоо ичи кең болот,
Сактап калсын элиң — деп.
Аяшыбыз Жоогач эр,
Аманатын айтыптыр.
Эми, эсибизди жыялы,
Болору болуп бүтүптүр.

Акыл кеңеш куралы.
Боздогон менен таппайбыз,
Көздүн жашын тыялы.
Куда сөөк, достуктун,
Шертин актап Жоогач эр,
Абылай хандан өтүнүп.
Канын сурап алыптыр,
Антташкан досу Жайылдын.
Бирок да,
Далайды көргөн баатырым.
Раазылыгын билдирип,
Артындагы балдарга:
— Мени өлүмгө кыйгыла,
Андан көрө үчөөңдүн.
Бириң аман калгыла!
Ошондон соң кеңешип,
Бир бүтүмгө келишип.
Итике аман калсын деп,
Бошотуптур баланы.
Атын камдап Жоогач дос,
Түн жамына качырып.
Баланы жолго салыптыр,
Аманат сөздөн кеч калсаң.
Тукум курут болосуң,
Буйдалбастан тез жет деп!

Эстен танган немедей,
Нес болуп турган баарыңдын.
Абалыңды түшүнөм,
Канга тойбос Абылай,
Жайлап, кыштап жатпастыр.
Тойгон соң канга ал дөбөт,
Кайра тартар элине.
Ага чейин тоо таштан,
Түнөктөрдү табалык.
Кудайдын салган кайгысы,
Кечке эле бизди торубас.
Ылайык жерди тапкан соң,
Сакчы коюп кыр-кырга.
Аягын күтө жаталы,
Мал жандыктын бардыгын,
Төр өрдөтүп каталы...

Шек билгизип чуу кылып,
Боз үйдү тегиз жыкпайлы.

Аз да болсо журт ээлеп,
Отуздай түтүн эл калсын.
Кокустан келсе Абылай:
— Шамалдан кабар жеттиби?
Бир жума болду арасы.
Кытай, Оогон тарапка,
Көчүп кетти — деп айтсын.
Колубузда унаа жок,
Кача турган шайман жок.
Биз өңдөнгөн кедейге,
Көчө турган арга жок.
Ошондон кийин кан ичер,
Атынын башын бурбайбы?..
Көрсөңөр туура бул сөздү,
Көчтүн камын кылалы.
Кан ичер Абылайдын да,
Кандан да ичи жарылар.
Ошондон кийин шейиттин,
Сый-сыпатын кылалы.

Кеп-кеңешин айткандан соң элине,
Чакырттырды "көңүл бур" деп кебиме.
Неберелер Теке шердин Шооругун,
Жана дагы Үсөн уулу Шарибин.
Олтурган соң чогулушуп үй-бүлө,
Кеп баштады көптү көргөн чоң эне.
Кулундарым кулак сал,
Армандуу энең кебине.
Башкача күн болгондо,
Калың элди чогултуп.
Эли үчүн жанын беришкен,
Эрендердин баардыгын.
Узатпайт белек чын жайга,
Аял зат болуп калганга.
Буулугуп араң олтурам,
Аттанып алып азыр мен.
Барсам деймин кашына,
Ак кепиндеп аруу жууп.
Эки уулумду жуп кылып,
Жаназасын окутуп.
Чын жайына тапшырып,
Келейин деймин аргам жок.
Кантейин,
Дене бойдон ал кетип.
Жүрөгүмдөн кан кетип,

Эл жүгү түшүп моюнга.
Ыйлай да албай, күлө албай,
Олтурамын мен шордуу,
Каада-салтын буза албай!

Асан балам,
Айтканымды сездиңби?
Жайылдан калган тукумга,
Кандай күндөр туулат деп.
Аргасыздан мен шордуу,
Аттантканы олтурам.
Шарип менен Шоорукту,
Тукум улап жүрсүн деп.
Аманчылык жол издеп,
Алыска сапар тартканга.
Чаалыкпаган, чарчабас,
Жолго түшсө жорголор.
Эки мыкты ат камда,
Кыз издей турган өңдөнбөй,
Жупун болсун жасалга...

Көңүл бөлүп уккула,
Эки бирдей кулунум.
Айта турган силерге,
Энеңедин жомогун.
Талкан бий бийлик кылганда,
Эл аман тып-тынч турганда.
Коңурбай менен Кошойдун,
Карындашы Жаркынды.
Узаткан Бугу — Белекке,
Азыркы жери алардын.
Кадимки Кытай жери дейт,
Калмак, кыргыз аралаш.
Иле, Текес эли дейт,
Тууган издеп чыкканга.
Жарай турган керекке,
Илгертен эле эже дейт.

Азап күн башка түшкөнү,
Амалым таппай куурадым.
Алда кандай болот деп,
Аны да ойлоп турамын.
Эр жетилген экөөңдү,
Бир кудайга тапшырып.
Белгисиз жер Кытайга,

Узатканы турамын.
Алдыңарда не күн бар,
Айтууга менде ал барбы?
Тукумун ойлоп Жайылдын,
Караны кийген мен шордуу.
Аргасыз ойдо турамын,
Өлгөндөр өлдү айрылдым.
Тагдырга минтип таарындым,
Алыска кеткен экөөңдөн.
Жакшылык кабар укканга,
Жетээр бекен дарманым.
Көрүшпөй калсак кокустан,
Солто деп тукум улагын.
Табыштадым кудайга,
Эки бирдей улагым.
Арадан кылым өтсө да,
Айтып жүрүп өткүлө,
Атаңардын жомогун.

Кулак салып уккула,
Уккан менен көргөндөн.
Билгенимче улайын,
Алыс жолдун жомогун.
Жолдун камы шайма-шай,
Камдалып толук болгондо.
Ага, ини менен коштошуп,
Асманга жылдыз толгондо.
Жетесиңер ашууга,
Таңга маал болгондо.
Балалык кылбай уулдарым,
Чалгынды чала жүргүлө.
Суусамыр бейкут тынч болсо,
Тунуктан өтүп Чаар-Таштан.
Таятаң дайнын сурагын,
Каракол ичи кең болот.
Баш жагы салкын төр болот,
Шамшы Төр менен бириккен.
Сөөк ашуу деген жер болот,
Ошол жерди жайлаган.
Таятаң билги эр болот.
Качыке кудам жөн билги,
Жашырбай баарын айткыла.
Каалаганча эс алып,
Сыйын көрүп жаткыла.
Эс алган соң ал жерден,

Күн чыгыш болжол аттанып.
Сөөктүн белин ашкыла,
Кочкорду бойлоп өткүлө.
Андан ары өткөндө,
Көгөргөн көркөм көл жатат.
Каз өрдөгү жайнаган,
Кызырлуу Ысык-Көл ошол.
Тескейлеп сапар алгыла,
Тоң, Кожо-Сай, Барскоон.
Керемет жерин басарсың,
Бир айтаарым силерге.
Күндүзү жүрбөй түн жүргүн,
Эс алганда күндүзү.
Түнкү жолуң болжогун,
Тескей өзү түнөргөн.
Карагайлуу чер болот,
Сураштырып байкасаң.
Жалпы бугу эл болот.
Сапарды улап жол жүрүп,
Жыргалаң суусун кечкиле.
Кызыл-Кыя белести,
Ашып ары түшкөндө.
Жайкалып өскөн чөбүнө,
Жүктүү төө кирсе жоголгон.
Каркыра деген жер ошол,
Кадимки Манас кезинде.
Көкөтөйдүн чуулу ашы,
Өткөрүлгөн жер ошол.
Жолой деген алп дөөгө,
Кыргыз менен казактан.
Күрөшкө чыкпай бир да жан,
Сексендеги хан Кошой.
Күрөшкө чыккан жер ошол,
Кырк күнү кармашып,
Алыша албай бир-бирин.
Жер оюлган жер ошол,
Токсон күнү кармашып.
Карылыктын айынан,
Уйку баскан Кошойду.
Көтөрүп Жолой чабарда,
Эмне болдуң "Аба" — деп.
Эр Манас,
Айкырыкты салганда.
Эсине келген эр Кошой,
Жолой деген чоң дөөнү,
Көтөрүп чапкан жер ошол!

Айтып бүткүс чоң тарых,
Бабалар баскан жер ошол.
Андан ары өткөндө,
Күн ачыкта жаркырап.
Асманга́ тийип төбөсү,
Күмүштөй болуп көрүнгөн.
Кан Теңирдин чокусу,
Ошол жерден башталат.
Байынколдун чоң суусу,
Чыгыш жагы ээн талаа.
Текес деген жер ошол,
Андан аркы тагдырың.
Балдарым,
Чечилүүчү жер ошол.
Калмак кытай аралаш,
Эл болот деп укчу элем.
Арасында алардын,
Казак, кыргыз, уйгурлар.
Кошо болот дешчү эле.
Эбиңерди табарсың,
Эптеп батып алаарсың.
Узак жолдун баянын,
Аяктады чоң эне.
Шарип, Шоорук эки жаш,
Бүт дүйнөнү унутуп,
Уча турган кушка окшоп,
Дүүлүгүп турду жаш дене...

Алдыга насип келгенде,
Өз колу менен экөөнө.
Даам татырды чоң эне,
Тамак желип болгон соң.
Бата сурап турушту,
Ошону менен бул экөө.
Туулган жери, эл менен,
Жоро жолдош тең менен.
Кош айтышты жытташып,
Жаштык деген жаштык да.
Эрөөлгө жөнөп жаткансып...
Ыргып атка минишип,
Бөтөн эл, бөтөн жер издеп.
Таң менен кетти жүрүшүп...

Анда эмесе, көңүл бурчу калайык,
Калган сөздү туткундарга буралык.

Канчалык шер ойлосоң да өзүңдү,
Өмүр келет, кетет бир күн буралып.
Туткундагы кыргыздарга тамак — деп,
Табак келди баш кошулган бир чара эт.

Абылай хан буйрук берип тымызын,
Байкагын — деп шайлаган бир тыңчысын.
Тамак желди тыңчы жетти ханына,
Көргөндөрүн айтты барып ханына.
— Табышмакты "ким чечет", — деп Абылай,
Жакшыларга салып турду жарыя.
Оюн топтоп, көптү көргөн сакалдуу,
Мындай деди төрдө олтурган карыя!
Теке баатыр оңой эмес чамамда,
Атасына башты ыйгарган бала да...
...Баш аркылуу сыр тартышты ич ара.
Кесип Жайыл куйкасынан жегени,
Чыкка малып, кыя чалып чайнашы.
Шашпа Абылай, аман калсам өлүмдөн,
Баш куйканды бир чайнаармын дегени.
Устуканын жылдырганы Үсөнгө,
Ал да даяр бир кулагын кесерге...
Текешерге көрсөтүп баш мүлжүштү.
Баш терисин сыйрып алып, мээни ачып,
Эки көздү оюп алып тазалап.
Күлүп жайнап, жеп коюптур жыргашып...
Ошондон соң кейпи кеткен куу башты,
Ит жесин — деп, ыргытыптыр эшикке.
Нени айтасың, бир бошонсо бул теке,
Чуулганды салаар бир күн башыңа!..
Байкаарсың хан, эртең... өлүм алдында...
Куш жаздыкты боорго басып, кыйшайып,
Табышмагын ичке катты карыя...

Болжогон жер, эл чогулду дөбөгө,
Бир шумдукту күбө болуп көрүүгө.
Карыянын табышмагы жан мыжып,
Хан Абылай, сан ойлордо кыжылып.
Сынамакка Жайыл эрдин эрдигин,
— Өтүнүчү суранычы бар бекен.
Балким Жайыл ойлогондур "кечир" — деп,
Сурагыла өлөрүндө өзүнөн.
Сынамакка айтып жаткан бул бир кеп,
"Баш кесмек бар — хан буйругу колунда.
Тил кесмек жок айтып калуу жолу да" —

Анда Жайыл кебелбестен тик туруп,
"Бар сөзүм" — деп айтып турду жалпыга:

Оо чогулган калайык!
Кулак салып уккула.
Кече,
Кызыл кыргын чабышта.
Колго түшкөн Жайылдын,
Бул дүйнөдөн өтөрдө.
Айта жүргүн элим деп,
Айтып турган бул сөзүн.

Казак менен кыргызым,
Эне тилде бир сүйлөп.
Эзелтен түбү бириккен,
Өзгөчө урмат сый менен.
Өмүрүн бирге сүрүшкөн,
Жакага консо бир конуп.
Жайлоолоп бирге жүрүшкөн,
Ала көрбөй бир бирин.
Аргымак тандап минишкен,
Карсылдашып каткырып.
Каркытты бирге ичишкен,
Кудалашып кыз берип.
Кучакташып сүйүшкөн,
Бирге көчүп, бир конгон,
Эл эмес белек кулустөн.

Антсе дагы арабыз,
Анда санда бөлүнгөн.
Ач көздөрдүн айынан,
Атпай кыргыз чабылган.
Далдаалатып элимди,
Далай душман катылган.
Апкаарыбай эр кыргыз,
Айбатынан чаң чыгып.
Арыстан болуп качырган,
Жой болотту найзаны.
Жоо жонуна матырган,
Кыргыз элим кыраан эл.
Кылымдар баштан өткөргөн,
Азап тозок апаатты,
Аябастан көп көргөн.
Калмак Ойрот талашып,
Канча жолу өрт көргөн.

Кара чабуул кармашта,
Канча жолу мен дагы.
Кан сасыган жообашын,
Канжыгама бөктөргөм.

Жаштайымдан чек коргоп,
Жалтанбадым касымдан.
Түндөп да найза сайыштым,
Түшүп калбай атымдан.
Калкым үчүн өткөрдүм,
Канча шумдук башымдан.
Кайратынан эрлердин,
Качып душман жашынган.
Зоот кийип келсе да,
Соо калган жок катылган.
Эми минтип өр тартып,
Жетимиш аша жашадым.
Жолборсту серпкен кайран баш,
Жөртөк болор кез келди.
Арстанды алган кайран баш,
Арый турган кез келди.

Кече,
Бейкутта жаткан элиме.
Казактын жалдуу барагы,
Чуулганды салганда.
Ошондо,
Жоголуп далай жан кетти.
Үрккөн бойдон чурулдап,
Үйүр, үйүр мал кетти.
Суйкайган келин, сулуу кыз,
Сурма көз небир ай кетти.
Акылынан ай жанган,
Аксакал небир чал кетти.
Кайгы муң каптап жеримди,
Калкыбыздан шаң кетти.
Айтайын эми кай кепти,
Жүлүнүмдү сыздатып.
Жүрөгүмдөн кан кетти,
Ушуларды ойлонуп.
Атаңардан ал кетти,
Эл тынчыбай калган соң.
Көрпөчө салбай ат минип,
Ат мингенде шарт минип.
Көрсөткөн элек чабышты,

Сызгырылтып жаа тартып.
Сыр найза менен сайышты,
Айкырышып булкушуп.
Кылыч чаап, күрсү уруп,
Кызыл канды жайышты.
Катыгын колго бергенбиз,
Кызып алган эрендер.
Эрдемсинген Баракты,
Чүй суусунан өткөрүп,
Чөлгө чейин кууганбыз.

Эми уккула айтайын,
Амалы күчтүү Абылай.
Өсүп өнгөн жөн жайын,
Угуп тургун Абылай.
Жүргөн жериң бүт ылай,
Ала качып жаныңды.
Тай атаң хан Гайыпка,
Барганың калппы Абылай.
Анда да жетим калгансың,
Тагдыр жолу ошондой.
Ал жерде элге бата албай,
Аты, жөнүң жашырып.
Төлө бий төөсүн бакканың,
Эсиңде бардыр Абылай!

Ак тилекке чакырып,
Той өткөрүп жатам — деп.
Тойго келген улуу жүз,
Ботокандай баатырды,
Эл көзүнчө шылдыңдап.
Артырыш үчүн баркыңды,
Көр каздырып жаткырдың!
Азамат экен Ботокан.
Көргө кирген чыкпайт деп,
Өзүн өзү жарганда.
Чуу көтөрүп улуу жүз,
Өзүңдү жыга чабарда.
Куруңду салып мойнуңа,
Акбоз бээни жардырып.
Кабаттап кымыз сундуруп,
Амалданып жалпаңдап.
Кутулганың кууланып,
Эсиңде бардыр Абылай.

Калмак каптап жериңе,
Улуу жүздөй элиңе.
Кыргын салып киргенде,
Сага ишенип ханым деп.
Баян баатыр келгенде,
Жардам берем макул — деп,
Дөөгүрсүнгөн калмактын.
Канын суудай төгөм — деп,
Алдап жолго салгансың.
Ишенип Баян кеткен соң,
Бүт көчүрүп элиңди.
Көркөмдүү Алтын — Эмелден,
Жоого таштап Баянды.
Көчө качып кеткениң,
Эсиңде барбы Абылай?!

Туура сөздө тууган жок,
Түпкү тегиң каяктан?
Ушул турган эл уксун.
Айтып бергин Абылай,
Анда
Сен билбесең мен билем,
Чыңгыз канкор калмагы.
Түпкү атаң эмеспи,
Андан бери келгенде.
Бабаң сенин Тооке хан,
Бул дүйнөдөн көчкөндө.
Түркстанда калааңа,
Кыргын салып калмактар.
Каптап келе жатканда,
Кан ичер атаң Абылай.
Өз элин таштап качканда,
Туткундарды калмактар.
Хивада сатып жатканда,
Эр Ороз сени качырып.
Кум аралап качкансың,
Абулмансур дебестен.
Өз атыңды жашырып,
Сабалак атка сен конуп.
Төлөнүн төөсүн баккансың,
Азамат эрдин бири эле.
Акылга мол кеңешчи,
Токтоо мүнөз эр Орозду.
Айбымды ачып коет — деп,
Канына зобун болгонуң.

Барбы эсиңде Абылай?!
Абылмамбет кол башчы,
Аталашың, тууганың.
Дайныңды билбей көп жылы,
Алалбай кабар жүргөндө.
Эки тарап беттешкен,
Калмак менен чабышта.
Төлөдөн алып уруксат,
Жоо бетине баргансың.
Чарышка чыгар казак жок,
Камалып элиң турганда.
Казак элден бата алып,
Жекеге чыгып Чарышка.
Анын башын алганда,
"Абылайлап" — айкайлап,
Эл аралап чапканда.
Ачылганы бактындын,
Калп беле же чын беле.
Айтып берчи бул элге,
Угуп калсын Абылай?!

Уялбастан эстечи,
Төрт, беш жыл мурун Абылай.
Кыргызда өчүң барчылап,
Жана да чабуул кылгансың.
Ошондо,
Чоң ойрондун оюнда.
Кара жолдун боюнда,
Катуу кыргын болду эле.
Кезегиң келген ошондо,
Көзүңдү сенин оюуга.
Ошондо да өзүңдү,
Аяп койгон жерим бар.
Кек сактаарың билгенде,
Оодара тартып атыңдан.
Жарып салбай не болдум?!
Өпкө бооруң оодара,
Сайып салбай не болдума?!
Ит менен кушка жем кылып,
Таштап салбай не болдум?!
Бул менден кеткен каталык,
Эсиңде калсын Абылай?!

Болсоң да душман элдешпес,
Абылай сага бир кеңеш.

— Тизе бүгүп жалынуу,
Баатырлар кылчу иш эмес.
Мергениң колго атпаса,
Алты сан болсо тап таза.
Уулдарым менен мен эмес,
Сен жатмаксың капаста.
Тендешсиз ушул чабышта,
Теңирим болду сен жакта.
Бир тартчу өлүм жазасын,
Баштачу болсоң тез башта.
Кан ичер канкор ит элең,
Мыскылдап көзүм ойорсуң.
Кекиртектен кан алып,
Кочуштап ичип тойорсуң.
Эртедир кечтир эстеп кой,
Эл сотунда болорсуң?!

Эми,
Айтайын сага Жоогачым.
Жан досум мага көңүл бөл,
Колдон келбес иш болуп.
Көр болуп турат соо башым,
Айланып көрбөй калдык биз.
Ак мөңгүлүү тоо башын,
Канкордун зордук күчүнөн.
Ой максатка жетпедим,
Көр оозунда үчөөбүз.
Коштошкону турабыз,
Айрылганы олтурам.
Тарбиялап өстүргөн,
Эки бирдей канатым.
Максатыма жете албай,
Арманымда жүдөдүм.
Көрсөтө албай кеттим мен,
Бабалар баскан жол башын.

Керээзим сага Жоогачым!
Биз бул дүйнөдөн көчкөндө.
Оо дүйнөгө өтөрдө,
Колго түшкөн туткун деп.
Кордобосун көмдүрбөй,
Канга тойбос дөбөтүң.
Биз бул дүйнөдөн өткөндө:
Аруу сууга жуудургун,
Мынабу Мерке төшүнөн.

Жайымды кенен каздыргын,
Бир жагыма Үсөндү.
Бир жагыма Текемди,
Катарлаша жаткыргын.
Ошондон соң үчөөбүз,
Кыбыланы баштанып.
Ак топурак жазданып,
Алп уйкуга баталык.
Акыры башта бир өлүм,
Андан неге качалык.
Жайыл эр айтар сөзүн таман кылды,
Чыгарды ичте жаткан арман букту.
Ал шашпай даарат алып, намаз окуп,
О дүнүйө аттануучу жайга чыкты.
Мусулмандык вазийфасын бүткөндөн соң,
Басып келди эки уулуна коштошууга.
Жытташып бул дүйнөнүн соңку жытын,
Аталык да, баатырлык да сөзүн айтты:
Балдарым!
Эр жигит, эл четинде жоо бетинде...
Кыргыздын намысы үчүн жанды кыйдык.
Баатырлар бул дүйнөдөн шандуу өтөт,
Андыктан көргөзбөгүн көздүн жашын.
Жаш төгүү коркоктуктун иши болот,
Адамды өлбөс кылып жаратпаган.
Мезгил жетет, кан ичердин шиши толот...
Чабыштын баары бирдей жеңиш бербейт.
Абылайдын өлүмү да жолдон болот.
Өлүм ак эл коргогон эрлер үчүн,
Келмени оозуңардан түшүрбестөн.
Өлүмгө тике баргын күлүп жайнап,
Андан соң “уйку жүгүн” көтөргүлө.
Кана анда коштошолу чырактарым,
Оо дүйнөдөн кездешип кошуларым.
Үч туткун кучакташып көпкө турду,
Көргөн эл баатырлыкка көңүл бурду.
Боздошуп ажырашуу салтта бар го,
Бул үчөө жадырашып күлүп турду.
Оо, дүйнө адам затты зор жараткан,
Бирок да,
Эч ким билбейт. Өмүр арты не болорун!
Аздан соң шарт бурулуп Жайыл баатыр:
— Кан ичер! Желдетиңе буйругуң бер!
Мен даярмын тагдыр жүгүн көтөрүүгө.
Акыркы ирет жарыкчылык демин тартып,

Көк асман Ала-Тоого кош айтышып,
Жайыл баатыр ай балтага башын тосту!..

Мына ушинтип, мыкаачылык иш Абылай тарабынан аткарылды. Андан соң Үсөндүн башы алынды. Бул окуяны көрүп турган Теке баатырга буйрулган өлүм жазасы башкача эле. Абылай, Текенин баатырдыгын баамдаш үчүн эки желдетине: — эки карчытын тилип, эки бөйрөгүн алгыла — деген буйрук берди. Эки желдет, Текени чөгөлөтө отургузуп, эки карчытты тилип, эки бөйрөктү алды. Дени өлүп, не болсо да баарына кайыл болгон Теке баатыр, эч нерсе болбогондой, кабагым, кашым дебестен тоңгон муздай дени сезбегенсип турду. Көргөн эл бул окуяга эс мас. Акыры Теке баатыр Абылайга кайрылды: — Абылай! Көзүмчө атам менен абамдын башын кестиң... Тирүүлөй эки бөйрөгүмдү жулдурдуң! Арманың калган жоктур, кыргызда! Адам катары өзүңдү эсептесең, сага акыркы соболум?! Эгер хан экениң чын болсо мага бир ат бер. Тээтиги дөңгө чейин барып эли-жерим, ата мекеним менен акыркы ирет коштошууга дарманым жетсин. Башка тилегим жок! Текенин баатырлыгына тан берген Абылай — "макул" — деди. Бирок, дале болсо чочулаган Абылай, ошол жерде жүргөн бир койчунун чобурун жетелетип келди. Теке баатыр, муну шылдыңдап турганын түшүндү, ошентсе да атка минди да — Мунуңар кой кайтарган койчунун коңуру экен, эми жок дегенде камчыланар бир нерсе бербейсиңерби? — дегенде, кимдир бирөө жерде жаткан, баш куйкалаган көсөөнү кармата салды. Теке камырабастан, атын теминип дөңгө чыкты да Ала-Тоонун ак чокусун, эли журтун карап кош айтышты:

Кош болгун, эли журтум, ата мекен,
Койнунда өсүп, өнүп гүлүн тергем.
Эр жетип атам менен элди коргоп,
Эл ишине бир жарасам деген элем!
Арга жок, теңсиздиги колдо күчтүн,
Сан колго туткун болдук көрдүң эгем!

Кол чылбыр чайнагандай кыргыз калмак,
Кычырап бийлик өтөт алмак-салмак.
Кыйыны келип калса кылычташып,
Кыйла жыл кана аларда кумар калмак.
Кең далы мырза жигит дайым даяр,
Коргоого куштай тулпар минип тандап.

Атамдын башын кести көз алдымда,
Кудай ай, карап турдум өлүп денем...
Артынан Үсөн башы кесилгенде,
Ансайын, темирболуп, катты денем.

Кезегим келди го деп күтүп турсам,
"Жок" — мага жаза чеги башка экен.
Жалгыз ой арттагы элим эмне болот,
Итикем аман эсен жетти бекен?!
Көчүрүп эли журтун аман эсен,
Койну кең Ала-Тоого жетти бекен?
Болбосо,
Кыргыздын кур намысын карматышып.
Кайран эл,
Бекеринен тукум курут болбосо экен.
Ушундай убайым жеп турганымда,
Күтүүсүз буйрук берди Абылай хан:
— Тирүүлөй, кош бөйрөгүн алгын — деген,
Күржүйгөн желдеттери келди жетип.
Кебелбейм, темир болуп каткан денем,
Көгөрүп көктү тиктеп туруп бердим,
Алганда кош бөйрөктү "кың" — дебестен.

Бир кылым калмактардан азап тартып,
Казак, кыргыз тентиреген азап чеккен.
Кыргыздар Гисар, Голөп жеден издеп,
Казактар кайыңын саап темселеген.
Эрендер бошотулуп элди, жерди,
Эми гана өз мекенин жердегенде.
От жагып бузукулар кан чачылды,
Канатташ, бир туугандай өсүп өнгөн,
Кантейин казак-кыргыз бир боор элге.

Кош бөйрөктү алгандан соң Абылай,
Суроо кылдым хан экениң чындык болсо...
Алдыма ат бердирчи коштошоюн,
Кең Ата-Тоо, мейкин талаа элим менен.
Бөйрөк жок, жарым жанмын кан сызылат,
Аргам жок, тагдырыма моюн сундум?!
— Талабын орундат, Текенин деп,
Ошондо да сестендиби кан ичерлер,
Астыма чобур берди, көсөө кошуп.

Менин эми тилегим бар жаратканым,
Чобурум мен теминсем чуркап бергин.
Өчтөрүн бир алайын кеткен көктин,
Темиңди чобур атты Теке баатыр.
Жарданган казактарга чаба жетти,
Жолунан тосо чыккан эрендерден.
Айкырып атам, абам кундары деп,

Төрт-бешөөнү жыга чапты.
Кундарын алып кетти кайран кыргыз,
Жайылдын Текесиндей эр барбы? — деп.
Кылымга айтылуучу сөздөр кетти,
Эли үчүн курман болгон үч баатырдын,
Эрдиги сабак болуп бизге жетти.

Аягы эмне болорун күтүп турган Абылай, желдеттер жарым жан Текени аттан оодара тартканда — буйрук боюнча ай балта шилтелди. Ошондо алиги карыя! — Кап, бекер кылдык окшойт. Мынча болду денесин жана жүрөгүн көргүлөчү! Мыкаачылар карап, турмакпы, жылаңач денени көрүшкөндө: — Ой бай, мынау шер экен гой. Желкесинен куйрыгынын ушына жал бар экен гой. Кап ай э! Эш болбаса бир тукум алып калганда болмак экен...

Бул адам чыдабастан турган элге,
Сөзү калган эл ичинде мындай деген:
Эй как бас! Неге өлтирдиң кайран эрди,
Карагыс сөз жетер энди өз басыңа.
Тукымың курут болар бар кылымда,
Каргыз эл бекер эмес, байкамадың.
Сен салган Жайыл кыргын унытылмас,
Эки элге бузык кылган сени каргап,
Тукымың курут болар түбү сорлап...

*Кара Балта*

М.ТӨЛӨБАЕВ
А.ОМОРОВ

# КААР ЗАМАНДЫН КААРМАНЫ

ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

# МЕЗГИЛДИН ТАЛАБЫ

Жаздын ала шалбырт тарта баштаган алгачкы күндөрү. 1983-жыл, 5-март. Республикабыздын бийик тоолуу райондорунун бири болгон Чоң-Алай районундагы "Кашка-Суу" Алай тукумундагы койлорду естүрүүчү тажрыйба станциясына кезектеги иш сапарга барып жаңы эле келгенмин.

Кечки саат алтылар чамасында суук кабар келди, атабыздын катуу ооруп жаткандыгын билдик. Дароо камынып, антип-минтип жолго чыкканча эки саатча убакыт өттү. Түнкү саат он бирлер чамасында үйгө барсак, атам жаңы эле үзүлүп кеткен экен. Айылда отуз сантиметрче, айрым жерлерде тизеден кар. Түнү менен отуруп тууган-уруктарга, куда-сөөктөргө, кыз-кыркынга, жоро-жолдошторго кабар берүү маселесин макулдашып, сөздөн ишке өттүк. Ата-бабалардан бери айтыла жүргөн макал бар "Өлүк жоктун көчүгүн ачам, бардын дүйнөсүн чачам" дейт — деген. Анын сыңарыңдай атабыз айылдын ардагер аксакалы, өзүнө жараша айыл-апада кадыр-баркы бар адамдардан эле. Ага-туугандар менен кеңешип, бир кара сойсок жетпей калат деп, эки жылкы сойдук. Айылдын элинен айланса болот, бири отун жарып, бири малын союп, казан асып дегендей, ар-намыс десе тикесинен-тике турат эмеспи. Ал аңгыча атамдын бир иниси келди менин Токмоктогу, Жалал-Абаддагы кыздарыма кабар бербейсиңби — деп. Өлүк үстүндө өзүңүздөргө маалим, ар кандай адамдын бир кыжаалат болоор учуру болот тура, байке кыздарыңыздын адресин бериңиз, телеграмма уралы десем же адресин бербейт билбейм деп. Убакыт өтө берди билинбей, тиги байкем бир оокумда кайра келиптир дилгиремиңди бердиңерби — деп. Карайлаган жаным, ой байке менин атам сизге ким болот десем, бир тууганым деп коет. Андай болсо менин атам өлсө, сиздин бир тууган агаңыз өлдү. Кыз-кыркын, куда-сөөгүңүзгө өзүңүз кабар бериңиз — деп, кесе айтууга туура келди.

Нарыраак жерде атамдын дагы бир инисинин куда-сөөгү Жумгалда эле, ага да угуза айттым, байке куда-сөөктөрүңүздөргө өзүңөр кабар бергиле дедим. Ошону менен иш бүттү. Алар куда-сөөгүнө кабар беришпеди, кыз-кыркыны келишпеди. Сөөк жашырылды. Жого-

руда айткан атамдын инисинин айылда механизатор болуп иштеген Баймамат деген улуу баласы бар. Атасынын бул чоң атам бизге кандайча тууган болот деп сурап отурбайбы. Мына ушундай учурда күйбөгөн жериңиз күл болот экен да. Экинчи жагынан таарына турган деле эч нерсе жок, анткени эл-жерди аралап, ысык-суук менен аралашпаган адамдагы түшүнүк мүмкүн ошончолук деңгээлде эледир деген да пикир оюңа келет экен. Кантсе да кырктардан ашкан инсан аз да болсо ойлонсо болмок деген ой кыялымдан кетпей койду.

Ошондо бу кыргыз элинин жети атаңды билесиңби деп аксакалдардын сурамжылаганынын да бир чети туура деп калдым. Чынында эле атаңдын агасы чоң атаңдын сага канчалык тууган экендигин билбөө бул жеткен маңкурттук эмеспи. Мына ушундай окуядан соң айылдын тарыхын эч болбосо жети атага чейинки чоң аталардын кимдин кимдигин жазып, утуру кийинкилерге түшүндүрө жүрүү ар бир улуу муундардын милдети го деген ой ар дайым мени тынчсыздандырчу болду. Ошондуктан карапайым ар бир инсан деги эле адам баласынын кайдан, качан, кантип жаралганын, кандайча таралганын, улуттарга уру-уруларга бөлүнүшүнүн эң жөнөкөй тармагын билип алышы өтө зарылбы деген ой толгоо бассам-турсам мени толук бийлеп алды.

Албетте, окумуштуулар, тарыхчылар, илимпоздордогу көз караш, деңгээл башкача. Аларга анча жөнөкөй нерселердин жакпашы ачык иш. Ошондуктан окуган инсандарга түшүнүктүү жазууга бел байладым. Албетте колдон келишинче деп эртели-кеч айыл-апага барганда ар кимден сурамжылап, иликтеп жаза жүрүүнү адетке айланттым. Өзүбүздүн алакандай "Айбөбөк" айылынын түтүнү тез эле бүткөндөй болду. Адам бир нерсеге кызыгып алгандан кийин утуру санжыра, кыргыз тарыхы, урууларддын чыгышы, кайсыл жерлерге отурукташкан болуп, чоң ишке аттанууга мажбур болгондугумду өзүм да сезбей калдым.

## АДАМ АТАДАН АДИГИНЕ ТАГАЙ, АДИЛЕТКЕ ЧЕЙИН

Кол алдымда болгон көптөгөн тарыхый маалыматтарды окуп, анализдеп ой жүгүртүп отуруп, деги эле дүйнө жүзүнө адам баласынын жаралышын жалпы окурмандарга дагы бир кайталап өтүүнү туура таптым. Албетте бул жөнүндө ар бир тарыхчынын, изилдеп-иликтеген инсандардын көз караштары бирдей жыйынтыкка, бүтүмгө келбеси табихий нерсе деңизчи. Бирок аларды окуган адам өз алдынча ой жүгүртүп, акыл парасатына жараша бир бүтүмгө келгени оң болоор деген ой менен бул иш башталды.

Араб элинин уулу Мохамед хандын уулу Абулгази Бахадур хандын жазгандарын славян тилине 1854-жылы которгон. Г.Саблуковдун эмгегинен баяндама берейин.

Ааламга кудурети күчтүү Алла таалам Адам атаны жаратканда, Жабрайыл periштеге кайрылып, сага тынчтык каалайм жер бетинен кичине бир чымчым топурак алып келип берчи деп жумшайт. Периште жерге келип бир чымчым топурак алайын десе, жер бети солкулдап, муңдуу добуш менен — сен эмне кылган жатасың — деп сурайт. Жабрайыл периште болсо жерге иштин жайын түшүндүрөт. Жер болсо периштеге жалынып-жалбарып, ар кандай жагымдуу сөздөрдү айтып арбай баштайт, менден топурак ала көрбө себеби, Адам атанын тукуму көбөйгөндө кудайга ишенбегендери көбөйүп, анын өзүнө да моюн сунбагандары чыгат, алардын ичинен таш боор, мерез, күнөөлүүлөрү көп болот, аларды кудай таалам жазалайт. Алардын баарынын күнөөсүн көтөргөнгө күчүм жетпешине ишенем деп жалынат. Муну уккан Жабрайыл периште бир чымчым топуракты албастан кайра Алла таалага барып жердин муңданганын айтып берет. Алла таалам андан кийин ушул эле тапшырмалар менен Муса пайгамбарды жөнөтөт. Муса пайгамбар да мурдагы эле болгон окуяны айтып келет. Андан кийин Алла таалам Исрафил пайгамбарды бул тапшырмаларды аткарууга жөнөтөт, ал да жердин арыз-муң-зарын айласыз аткарганын айтып келет.

Булардан кийин Алла таалам Азрейил пайгамбарга болгон иштерди айтып, жалынып-жалбарып арбап жатып жөнөтөт, жерден бир чымчым топурак алып келгин деп. Азрейил пайгамбар Алла тааланын айткандарынын баарын жерге айтып, жалынып-жалбарып атып жердин бетинен бир чымчым топурак алып келип Алла таалага берет. Айтылган уламыштарга караганда ошол бир чымчым топурак алган жер бүгүнкү күндө бүтүндөй дүйнө жүзүнүн мусулмандары зыярат кылып сыйынган жери Каабанын турган жери экендигин айтып жүрүшпөйбү. Ошондон кийин Алла таалам Азрейилди адамдардын жанын алгыч кылып буюруп койгон деп айтылууда.

Алла таалам ошол бир чымчым топурактан камыр жууруп, андан адамдын сөлөкөтүн жасап даярдап, аны Мекке менен Таифтин ортосуна коюп бүткөнчө 39 (отуз тогуз) күн өтөт. Ал эми кыркынчы күнү Алла таалам жасап жаткан адамга жан салат.

1. Адам деген араб элинин сөзү экен. Жердин үстүңкү катмарын (бетин) адам деп аташат экен. Азрейил топуракты жердин бетинен алган үчүн аны адам дегени ошондон уламалар айтылып, топурактан жаңы жасалган сөлөкөткө адам деген ысым ыйгарылган. Бирок анын кудайга берилген ак жүрөктүгү үчүн Сафи-улла деп аташчу экен. Адам ата көп жылдары жашап, бул жарыкчылык менен коштошкондо анын урук-тукуму (балдары) кырк миңден ашкан экен. Адам ата өлгөндө анын ордуна уулу Сиоаны калтырат.

2. Адам атанын уулу Сиоаны Алла таалам пайгамбарлыкка коет. Сиоа — деген сөз арабча "кудайдын берген таланты" — дегенди түшүндүрөт. Ошондуктан аны Гибят-улла деп аташкан. Гибят-улла өмүрүнүн акырына чейин жашап өлөөрдө ордуна уулу Эносту калтырат.

3. Энос деген сөз — "чынчыл" — дегенди туюндурат. Андыктан аны Садик деп аташат. Энос бийликке келгени чоң атасы Адам атанын осуяттарынын баарын иш жүзүнө ашырат. Садик өлөөр алдында уулу Каинанга көптөгөн керээз сөздөрүн айтып калтырат.

4. Каинан көп жылдар жашап, өлөөр алдында бийлигин уулу Малелеилага берет.

5. Малелеиланын доорунда адам баласынын тукуму укмуштуудай өсүп-өнүгүп, көбөйүшөт. Малелеил элинин жашоосуна жаңылык кийирет. Ал адам баласына үй курганды үйрөткөн экен. Ага чейин адамдар тоо-таштарда, үңкүрлөрдө, чытырман токойлордо, короолордо, кандайдыр бир көңдөй далдаланууучу жерлерде жашашчу экен. Ал элге сунуштап андай үңкүрлөрдөн түз жерлерге үй куруп жашоого үндөйт. Ал эле эмес ыңгайлуу тегиз, түз жерлерди бөлүп берип данзыктарын, жер-жемиштерди эгүүгө үйрөтүп үндөйт. Эл болсо анын айткандарын аткарышкан. Өлөөр алдында бийлигин уулу Яаредге өткөрөт.

6. Яаред да көп жылдар жашап, өлөөрдө бийлигин уулу Энохко берет.

7. Энох — деген сирия элинин сөзүнөн алынган. Араб эли жаратылышты философиялык көз караштарда врачтык дарылоо, искусствону тааный билүүнү дарс деп аташкан. Ошондуктан аны Идирис пайгамбарды канатына кондуруп алып бейишке алып барат экен. Ошол күндөн ушул күнгө чейин Идирис пайгамбарыбыз бейиште экендиги жөнүндөгү кептер. Бүгүнкү күндө Идирис пайгамбардын мүрзөсү айтылуу Чаткал районунда, күнү бүгүн да агылып адамдар келип сыйынып (зыярат) келип-кетишкендиктерин миңдеген инсандар айтышат. Идирис пайгамбар бейишке кеткенден кийин анын ордуна уулу Маоусал келип ишин улантат.

8.Маоусал өз доорунда калайык калкты ар дайым актыкка, тууралыкка, чындыкка, акыйкаттыкка, адилеттикке үндөө менен өкүм сүрөт. Өзүнөн кийинки бийликти уулу Ламехке калтырат.

9.Ламех да көп жылдары үзүрлүү эмгектенгенден соң уулу Нояга (Нух) бийлигин тапшырат.

10. Нух пайгамбарга Алла таалам атайын тапшырма берип жер жүзүндөгү бүткүл адамзатка жөнөтөт. Ал тапшырманын мааниси өмүрү өткөнчө адамзат пендесине мусулманчылыкка өтүүгө үндөө болот. Нух пайгамбар бардык аракеттерин жасап, адам баласын мусулманчылыкка үндөө менен алектенет. Көптөгөн инсандардан (аялэркеги болуп) болгону 80 адам ыктыярлуу мусулманчылыкка өтүшөт. Нух пайгамбар элге Алла таалага ишенгиле деген үндөөсүнөн жанбайт. Акыры айласы түгөнгөн Нух пайгамбар Алла тааладан мусулманчылыкка өтпөгөндөрдү өлүм жазасына тартылса экен деген пикирде сыйынуусун улантат. Нух пайгамбардын бул өтүнүчүн Алла таалам кабыл алып, ага сууга сүзүүчү кеме курууну сунуштайт. Кемени кантип куруу жөнүндө жол көрсөтүп жардамдашат. Нух пайгамбар

жогоруда мусулманчылыкты кабыл алган адамдар менен бул кемени куруп бүтүрүшөт. Ошондон кийин эле нөшөрлөгөн жамгыр жаап, жерде суу ташкындай баштайт. Нух пайгамбар болсо Алла тааланын буйругу боюнча мусулманчылыкты кабыл алган сексендей адамды, өзүнүн үч уул, үч келинин, аялын ошондой эле жер жүзүндө буту менен басып мурду менен дем алган жан-жаныбарлардан, курт-кумурскалардан жапайы айбанаттардан, канаттуу куштардан (эркек-ургаачы) түгөйү менен кемесине кошо жүктөшөт. Андан тышкары жерде өсүүчү өсүмдүк, бак-дарак, азык заттардан да, үрөн уруктарынан кошо жүктөп кемеге ишенимдүү түшүшөт. Тынымсыз нөшөрлөгөн жамгырдан жер бетин сел, суу каптап, топон суу жүрөт. Натыйжада жер бетиндеги жан-жаныбарларды бүтүндөй суу алып "кыямат кайым" болот, алардын баары тегиз сууга чөгүп өлүп, житип жок болот.

Арадан көптөгөн күндөр, айлар өтүп, Алла тааланын буйругу менен суу тартылат. Нух пайгамбардын кемеси алты ай, тогуз күн бою сууда калкып жүрүп Сирия өлкөлөрүнө жакын жердеги Джуди тоо кыркаларынын этегине келип токтошот. Кемеден түшкөн адамдар тоону этектеп жайланышат, бирок алардын дээрлик көпчүлүгү оору болуп калышат. Ал эми Нух пайгамбар аялы, үч уул, үч келини соо-саламат тирүү калышат. Калгандары акырындык менен өлүп кырылып жок болушат.

Нух пайгамбар уулдарына бул жер жүзүндө үчөөңөрдөн башка адам калган жок, үчөөңөр үч тарапка сапар тартып, тиричилигиңерди өткөрүп өсүп-өнүгүп тукумуңар көбөйсүн деп батасын берет. Ошондон бери тараган: ***Хамдын балдары***: түсү кара болгондуктан негр делип аталышат. Африка, Америка, Азия, Хиндостан деңиздериндеги аралдарда жашашат. Табигый шартка жараша кийимсиз жүргөндөрү таң калышсыз.

***Самдын балдары***: Азия менен Африка жерлеринде Мисирлилер, Асурийлер, Келданилер, Финакалилер, Ибраягудилер, Арабдар, Армяндар.

11. ***Яфастын балдары*** экиге бөлүнөт: Арийлер, Туранилер болуп. Арийлерге — Индилер, Иранилер, Сарттар, Авгандар, Юнандар, Арнаутлар, Латкилер, Француздар, Ингилиздер, Немистер, Орустар киришип өңү-түстөрү ак болушат. Бүгүнкү күндө дүйнөдөгү дөөлөттүүлөр-сөөлөттүүлөр ушулар эмеспи. Туранилерине түрк милдетиндеги калктардын тарагандыгы баяндалат.

Айрымдардын айтуусу боюнча Яфас пайгамбар болгон дешсе, айрымдары пайгамбар болгон эмес дешүүдө. Яфастын сегиз уулу болуп, тукуму өтө көпкө тараган. Балдарынын ысымы эң улуусу: Түрк, Хазар, Саклаб, Рус, Минг, Чин, Киймари, Тарих. Яфас балдарынын улуусун падышалыкка дайындап, калгандарына эскерткен, агаңардын айтканы менен болосуңар, аны урматтап сыйлайсыңар деп түшүндүргөн.

12. ***Түрк*** болсо өтө маалыматтуу, акылдуу адам болуптур. Өзгөчө

белгилеөчү нерсе, ал өзүнө караштуу жерлерин бөлүштүргөндө ага абдан жагып калган жери кадимки эле биздин Ысык-Көл болгон экен. Бул жерге орношуп жашап калат. Келечекте маашырлана ит агытып, куш салаар, көңүл ачаар жай, кылып жашай турган турак курсам деген ойду ойлонот.

Түрк элиндеги айрым алгылыктуу үрп-адаттар ошол күндөн ушул күнгө чейин сакталууда. Түрктүн төрт уулу болот: биринчиси Түтөк, андан кийинкилери Хакил, Берсаджар, Амлак деген. Түрк карыпарыганда бийлигин уулу Түтөккө ыйгарат.

13. ***Тутөк*** укмуштуудай сонун падыша болгон, өтө акылдуу жана бай. Өзүнүн падышалык доорунда Түрк элинин башкаруу тармагына көптөгөн жаңылыктарды кийирип устав, жоболорду жазып калтырган. Ал жашоосун негизинен шаан-шөкөт, аң уулоо, көңүл ачуулар менен өткөргөндүгү айтылат.

Күндөрдүн бир күнүндө Түтөк хан өзүнүн жан-жөкөрлөрү менен аң уулоого чыгып, бир эчкини атып алышат. Кадимки аңчылардын адетиндей эле атып алган эчкини арыдан-бери союшуп, этинен шиш кебек бышырып жеп отурушат, бир оокумда Түтөктүн колунан жеп отурган шиш кебеги жерге түшүп кетет, капарында эч нерсе жок хан жерге түшкөн этти кайра алып, үйлөп- үйлөп тазалаган болуп жей баштайт. Бул жеп жаткан шиш кебеги кандайдыр бир ширин-таттуу, даамдуу болуп калганын сезет да акырын акыл калчап, ой жүгүртүп болгон окуяны элестетип көрөт. Демек шиш кебек бекеринен түшкөн жок, бул да болсо Алла тааланын буйругу болуш керек, шиш кебек түшкөн жерде бир мандем барлыгына көзү жетет. Көрсө от жагып, шиш кебек бышырып жеп отурган жерлери шорлуу, туздуу жер окшобойбу. Ошондон баштап даярдалуучу тамакка аз-аздан туз салуу адетке айлана баштайт. Алды менен бүтүндөй түрк элине тараса, бара-бара мындай жакшы жөрөлгө бүтүндөй дүйнө жүзүнө тез эле тарап кеткендигин турмуш өзү далилдеп отурбайбы. Түтөк хан карылыгы жеткенде бийлигин уулу Илчи ханга тапшырат.

14. ***Илчи*** хан да өз доорунда шапар тээп көңүл ачуу менен аткарып, дөөлөттүү дооран сүрүп, акыры бийлигин уулу Диб-бакуй ханга өткөрүп берет.

15. ***Диб-бакуй*** хан да көп жылдары падыша болуп элди бийлеп, сурап көптөгөн жоро-жолдошторунун күлкү коштогон күлкүсүн, сандаган душмандарынын көз жашын көргөн. Акыры карыганда бийлигин уулу Күйүк ханга тапшырган.

16. ***Күйүк хан*** өз бийлигин ар дайым адилеттик менен өткөрүп, карыганда уулу Аланчу ханга тапшырат.

17. ***Аланчу*** хан көптөгөн жылдары бийлик башында туруп элди сурайт. Яфастын тукумдары толугу менен кудайга ишенип ислам динине баш ийгендерден болушат. Элдин жашоо-турмушу оңолуп, согушуу-чабышуу болбой, эл байый баштайт. Бирок кыргыздын накта турмуштан алынган таамай айтылган бир макалы бар "ит кутурса

ээсин кабат" деген, анын сыңарындай мындай жыргал турмушту көтөрө албагандар арадан чыгып, эл ичинде ээнбаш, зөөкүр, ыймансыз, таш боор, мерез, зордукчул, керооз, куйтку, жойпу, жалганчы, алдамчылар пайда боло баштайт. Аланчу хандын эгиз эки уулу болот. Жерге мурун түшкөнүнүн аты Татар, кийин түшкөнүнүн атын Монгол койгон экен. Экөө бирдей эр жеткен азаматтардан болушат. Аланчу хан болгон мал-мүлкүн, дүнүйөсүн эки уулуна барабар бөлүп берет.

18. ***Монгол*** хан, монгол деген сөздүн өзү мунг — кайгылуу, ултомсоргон, сурданган деген маанини түшүндүрөт экен. Булардын тукумдарынан тогуз адам удаасы менен падыша болушкан. Алардын биринчиси Монгол хан болсо, акыркысы Ил-хан болгон.

Шарад-ед-дин өзүнүн Зафарнаме деген чыгармасында Түрк элинин үрп-адаттарында ар кандай нерселер тогуздан болуп, тогуздап бүтөөрүнөн кеп козгойт. Алардын антип атап калышынын себеби монголдордон тогуз хандын чыгышына байланыштуу болуп саналат. Монгол хан көп жылдары хандык бийлигин өткөрөт, анын 4 уулу болгон, биринчиси Кара-хан, андан кийинкилери Узхан, Кюзхан, Гюрхан. Өзүнөн кийинки хандыкты улуу уулу Караханга өткөрүп берген.

19. ***Карахан*** атасынан хандыкты алгандан кийин падышалык бийлигин жүргүзүп, жаз алды менен улуу тоо, кичи тоолорду жайлаca, күзүндө жана кышкысын Кара-Кум, Сыр-Дарыяларды бойлото кыштап чыкчу тура.

## УГУЗХАНДЫН ТӨРӨЛҮШҮ

Карахандын улуу аялы уул төрөйт. Жаңы төрөлгөн наристенин сулуулугуна сөз жетпейт, ай десе ай, күн десе күн дегендей. Төрөлгөн наристе үч күн, үч түн бирдей энесинин эмчегин эмбей коет, эне шордуунун башына ар кандай нерселер келип, күнүгө түндөсү түш көрчү болот. Түшүндө жаңы төрөлгөн наристенин, апа сиз ислам динин кабыл алыңыз болбосо өлсөм да эне деп эмчегиңизди сорбоймун да эмбеймин дегендей ишараатын билгизет. Мындай түш көргөн эне шордуу биринчи түнү да экинчи түнү да кан какшап, азап чегүү менен убараланып кыйналат. Эненин эсинен эгерде мусулманчылыкты кабыл албасаң өлсөм да эмчегиңди эмбеймин деген ишаараты кулагынан кетпей утуру жаңыра берет. Таза аргасы түгөнгөндө ушундай аймончоктой балам өлүп калганча мусулманчылыкты кабыл алайын деген оюн, ниетин наристе уулуна билгизет. Ошондон кийин гана үч күн эмчек эмбеген наристе шыпылдатып энесинин эмчегин соруп эме баштайт. Албетте эне байкуш бул жашыруун сырды эч кимге айтпай жүрөгүнүн тереңине сактайт.

Аланчахандын мезгилинде эл өтө бай жашашат, байыган эл андан да байыраак болууну көздөшүп, дүнүйөнүн кулу болуп калышат. Ошол учурда монгол элдеринин өзүнчө үрп-адат, каада-салты болгон, жаңы төрөлгөн бала бир жашка чыкканча ат коюшпай, качан гана

бала бир жашка чыкканда ага ат коюшчу тура. Карахан да жаңы төрөлгөн наристеге бир жашка толгондон кийин эл-журтун, кадырлуу карыларды, бектерди, байларды чакырып чоң той берип элге кайрылат. Уулум бирге толуп калды ошого ысымын (атын) коюп бергиле деп. Кана баланы алып келгиле деп өтүнгөндө, нарыда мунун баарын уккан бир жашар бала калың элге угуза мага "Угуз" деген ысымды ыйгаргыла деп өтүнөт. Бул окуяны угуп, көрүп турган эл эмне дешээрин билбей уккан кулактарына, көргөн көздөрүнө өздөрү ишенип да, ишенбей да таңданышып карап туруп калышат. Бир топтон кийин нарыдан акылман адамдардын бири чыга келип, наристе өзүнө ылайыктуу ысымды өзү атады, мындай ат эч кимде жок, Угуз болсун! Угуз болсун дегенде бирдей добуштар чыгып коштоп кетишет. Угуз деген атты билермандар, акылмандар чечмелешип өмүрү абдан узун болуп, бактылуу бай жашайт экен дешет, анткени наристенин алаканы тегиз, колу кең жайыктыгын баамдаган акылмандар.

Арадан күндөр өтөт.Угузхан сүйлөй баштаганда эле тили биринчи "Алла, Алла" деген сөздү кайталап айта баштайт. Монгол элинде мындай сөз жок. Көпчүлүктөн, билермандардан сураштырышса Алла деген араб сөзү экендигин билишет. Монголдордун бири да бул араб сөзүн бирде-экиде укпагандыктаарын тастыкташат.

Арадан билинбей айлар, жылдар өтөт. Угузхан бойго жетет. Атасы Карахан уулу Угузханга эң кичүү иниси Гюрхандын кызын алып берген. Угузхан колуктусу менен сыр чечише сүйлөшүп отуруп, эгерде мени менен баш кошуп жашагың келсе тутунган диниңди таштап, мусулманчылыкка өткүн да Алла тааланын буйруганын аткарасың дейт. Ага колуктусу макулдугун бербейт. Андай болсо деп Угузхан жаткан төшөгүнөн туруп бөлөк жатып алат, анысы аз келгенсип колуктусу менен күндүзү да сүйлөшпөйт. Арадан билинбеген күндөр өтө берет. Бул келин-уулдун мамилеси акырындык менен Караханга да жетет. Уулуң колуктусун сүйбөйт экен, алгандан бери бир да күн бирге жатышпады дешет. Аны уккан Карахан уулуна экинчи иниси Кюзхандын кызын алып берет. Угузхан бул колуктусуна да жогорудагыдай талапты коет. Колуктусу жок дейт, мен мусулманчылыкка өтө албайм деп. Андай болсо деп, бул колуктусу менен да төшөккө жатпай коет. Арадан ондогон-ондогон жылдар өтө берет билинбестен.

Угузхан аң уулоону жакшы көрчү экен, күндөрдүн биринде аң уулоодон келе жатып, суу боюнда эс алып отурган кыздарга көзү түшөт. Алардын арасында атасынын иниси Узхандын да кызы болот. Кыз өтө сулуу болгон экен. Кызды чакырып алып сыр чечише сүйлөшөт, өткөн-кеткен окуяларды айтышып отуруп Угузхан өзүнүн пикирин кызга билгизет. Үйүндөгү алган аялдары менен кандайча, кантип сүйлөшпөстүгүн, бирге жатпастыгын баяндайт. Ошону менен бирге эгерде сен менин айткандарыма макул болсоң, ислам динин тутсаң анда үйлөнүп, бирге жашаар элек деген ой-максатын билгизет. Кептин төркүнүн түшүнгөн кыз дароо эле "сиз кайсыл динде болсоңуз мен

ошол динди тутамын!" — деп, өз оюн билгизет. Мындай сүйүнүчтүү кабарды Угузхан дароо атасына айтат. Атасы Карахан өзүнүн кеңешчилерин, бектерди, бийлерди чакырып чоң той өткөзүп үчүнчү инисинин кызын уулу Угузханга алып берет. Колуктусу Угузхандын айтканы менен болуп, мусулманчылыкты кабыл алып, баш кошкондор бактылуу жашоосун улантып калышат.

Ортодон оңдогон-оңдогон жылдар бир күндөй билинбей өтүп кетет. Угузхан жоро-жолдошторун ээрчитип кезектеги аң уулоо, көңүл ачуусуна кетишет. Муну уккан атасы Карахандын оюна бир чечилбеген купуя сыр пайда болуп, ошону чечмелөөгө кеңешчилерин, насыятчы, акылдууларды, бектерди, бийлерди чакырып, жогорудагы купуя сырды чечмелөөнү өтүнөт. Маселе чечилбеген соң көпчүлүктүн өтүнүүсү менен Карахан байбичесине кептин маанисин айтып уулуңдан ушуну сурагын деген буйругун айтат. Байбичеси да чечкиндүү ал сырды билсе келиндериң билиши ыктымал, ошондуктан өздөрүнөн эле сураганыңыз оң болот деп, Угузхандын биринчи алган эки аялын көпкө чакырышат. Келиндер маселенин маанисин түшүнгөндөн кийин купуя сырдын деле жоктугун айтышып, болгон эле себеби биз уулуңуз Угузхандын ислам динин кабыл ал деген өтүнүчүн аткарбадык, ал ошону үчүн биз менен бирге жашагысы келбеди, ал эми кичүү келиниңиз болсо уулуңуздун айткандарына макул болуп ислам динин кабыл алды, ошону үчүн ыктымактуу ысык жашап жатышат деп болгон ишти болгондой айтып беришет.

Жашыруун сыр түйүнүн түшүнгөн Карахан билермандары, акылмандары менен кеңешип уулу Угузханды аң улап жүргөн жеринен байкатпай өлтүрүүгө чечим чыгарышат. Мындай чечим Угузхандын кийинки үйлөнгөн колуктусуна жетип, ал дароо кабарчы чаптырып, мындай өкүмдүн маанисин Угузханга кабарлатат. Бул суук кабарды уккан Угузхан өзү да түшүнүп-түшүнбөй, ишенип-ишенбесин билбей дендароо болуу менен кантсе да сак болуу керектигин сезип, туюп калат.

Угузхан жоро-жолдоштору менен камынышып, ар кандай күтүүсүз окуяга даяр турууну чечишет. Акыры Угузхан калайык калкка жарыя салып кимде ким атам Карахан тарабында болсо ал жакка өтүшсүн да мен тарапты көздөгөндөр мен жакка өтүшсүн деген пикирин билгизет. Ынтымактуу жашап жаткан эл-журт ыдырап, экиге бөлүнө баштащат. Ортодо ырк, ынтымак бузулуп, бүтүн эл бирине-бири душман болуп ажырашат. Өтө өкүнүчтүүсү атасы бир тарапта болсо, баласы экинчи тарапта болуп коогалуу окуя башталат. Албетте көпчүлүк эл Карахан тарапка өтүп кетишет. Мына ушул жерден күтүүсүз окуя башталып, Карахандын инилеринин баары көп тукумдуу болушкан, ошол инилеринин балдарынын баары кеңешишип Угузхан тарапка өтүшүп, Угузханга кол беришип, ага кошулгандыгын билгизишет. Муну көргөн Угузхан болсо "сен мага уюдуңбу" макул болдуңбу деп кабыл алат. Араб тилинде уйгур деген сөз — союз биримдик деганди билдирет

экен. Ошондон баштап минтип кошулган туугандарын Угузхан уйгур деп атап калган экен. Карт тарыхта ***уйгур*** элинин пайда болгон башаты да ушул жерден деп айтылып жүргөнүндө талаш жок.

Ошентип эл-журт экиге бөлүнүп, ынтымак ыдырап, ата менен баланын ортосунда айыгышкан катуу кыргын согуш башталып, баш жарылып, көз чыгып күнөөсүз ортодогу эл кырылып, элдин каны суудай агат. Акыры Карахан башынан жараланып (жаанын огу тийип) ошонусу ырбап жатып каза болот. Жеңишти Алла таалам Угузханга ыйгарганы айкындалат. Угузхан атасынын ордуна хандык тактага отурат.

20. Угузхандын хандыгы. Угузхан өз доорунда, хандыгын жүргүзүүдө жалпы эли-журтун ислам динин кабыл алышына үгүттөйт. Ислам динин кабыл алуучуларга ар кандай колдоолорду жасайт. Кимде ким мусулманчылыкты кабыл алышпаса аларды өлүм жазасына торттырып, балдарын кулга айландырышкан экен. Мезгилинде Карахандын бийлиги учурунда ага көз каранды болгон көптөгөн байлыктар, ээликтер болгон. Алардын баарына Угузхан эгерде мусулманчылыкты кабыл алсаңар, мен тарапка өтөсүңөр, кабыл албасаңар анда кайда барсаң төрт тарабың кыбыла деген жообун айткан. Натыйжада көптөрү Угузхан тарапка өтүшүп, көбү башка тараптарга өтүп кетишкен.

Угузхан бийликке келгени, хандык доорунун дээрлик көпчүлүгүн жайы-кышы согушуу багытында өткөргөн, боз үйдөгү көчмөн монголдорду дароо эле багынтып алып чектелбестен башкаларын да багынтууга аракетин жасай берген. Албетте көптөгөн элдер мал-мүлкүн, байлыгын тартуулап татарларга кошулуп кетишкен. Угузхан болсо татар эле эмес, кытай, индия бул жагы тажиктерге чейин багынтып алышкан. Тибет тоолорундагы элдерди да өзүнө каратып алган. Акырындык менен кара кытай, индустарга чейин жеңип алып өз бийлигин жүргүзгөн.

Жашоодо ысыктын-суугу, ачуунун-таттуусу болот дегендей Угузхан сандаган согуштарда жеңип жүрүп, акыры Итбарекхан менен болгон кармашууда жеңилүү ызасын тартат. Ошол мезгилдерде согушта жүргөн князьдар (үй-бүлөсү) аялы менен жүргөндөрү болуучу экен. Кезектеги согушта белгилүү бир княз Угузхандын көзүнүн астында катуу салгылашууда каза болуп калат. Анын аялы болсо боюнда бар экен. Угузхандын согушчандарын ээрчип келе берет. Күндөрдүн биринде бул боюнда бар аялдын ай-күнү жетип, толгоосу башталып, жанталашып калган учуру. Сыртта күн суук, согуш жүрүп жатат. Айласы кеткен аял башкалкалар баана жок, акыры бир чоң бактын түбүнө келет карайлап, бактын түбү чирип, көңдөйлөнүп калган экен. Сууктан корголугон аялга ошол жер ыктоо болуп, жанын алып калуучудай көңдөйчөгө кирип алат. Элибизде «болжолу келсе бок турбайт» дегендей, толгоосу жетсе төрөй турган аялга, согуш болуп жатабы, күндүн суугуна карабайт тура, төрөлүүчү наристе “баа-аа” деп, эми бул жарыкчылык аалам меники, деп бакырып чыгат турбайбы. Ошон-

дон улам кыргыз элиинде "бешиктеги баланын бек болоорун ким билсин" — деп айтылып калган окшобойбу. Жаш наристенин төрөлгөн тарыхы акырындап сөз болуп, бул кеп Угузханга жетет. Угузхан баланын атасын жакшы таанырын аскерлерине айтат. Угузхан баланы алдырып, сурамжылап билген тарыхынын тууралыгына көзү жетип, төрөлгөн наристеге "Кыпчак" деген ысымды ыйгарат. Кыпчак деген түрк элинде "көңдөйлүү дарак" деген маанини түшүндүрөт экен. Уламада айтылгандай кыпчак эли ошол бактын көңдөйчөсүндө төрөлгөн наристенин тукумдары делип жүрөт адабий маалыматтарда. Айтса-айтпаса төгүн-чынын далилдеген башка маалымат болбогон соң болгон маалыматтарга гана таянганыбыз оңдур.

Бул наристе Угузхандын колунда чоңоюп эр жетет. Хан да өз балдарындай таалим-тарбия берип өстүрөт. Кийин өз мурастарын уулдарына бөлүштүргөндө Кыпчакка уулдарына салыштырмалуу көбүрөөк мурас бөлүп, ашыкча жер бергенин айтышат. Бүгүнкү Дон суусунун айлана-чөйрөсүн Урал тоо кыркаларына чейин падышалык жүргүзүүгө жөнөткөн экен. Бул жерлерди мекендеп 300-400 жылдарга анын укум-тукумдары бийлигин жүргүзүшкөн.

Угузхан акырындык менен монголдордон, татарлардан кайрадан аскерди курап алып Туран, Индостан багыттарына бет алат. Жолдон Ташкент, Самарканд, Бухаранын хандары курал-жарактары менен чыгышып, каршылык көргөзө алышпайт. Угузхандын аскери утуру басып алган жеринде тыныгып, ал жерге өзүнөн адамын хандыкка даярдап, андан ары жоого аттануу аларга адетке айланат.

Угузхан хан болгондон баштап ар кайсыл мамлекеттер менен согушуп жатып согушуунун ыкмаларын абдан күчтүү өздөштүргөн инсан болгон. Жаңы куралдуу күчү менен Иранды (Персияны) багынтышат. Угузхандын аскеринин алды чабуулда жүрсө аркасы утуру жете келип кошула берүүчү экен. Кезектеги чабуулду ийгиликтүү аякташып, тыныгышып жатышса, анын жан-жөкөрлөрү артта калган бир аскерин кармап алып келишет. Өзгөчө белгилөөчү нерсе ал убакта солдаттардын каалаганы согушка үй-бүлөсү менен катыша берүүчү экен. Кармап келген аскерди Угузхан суракка алса, ал улуу урматтуу ханым, менин ат улоом болбогонуна байланыштуу сиздерге жете албай калдым, ал аз келгенсип жолдо келе жатып аялымдын боюнда бар эле, ал төрөп калды. Баласын эмизейин десе ачкалыгынан эмчегинен сүт чыкпайт, акыры ошентип ээрчишип келе жатсак көлдүн жээгинен бир түлкү ыргоолду кармап алганын көрүп, колумдагы таягым менен аны урсам, түлкү кыргоолду таштай качты. Ошол кырголду аялыма бышырып берип жатсам биздин солдаттар мени кармап келишти деп актанган экен. Солдатынын арыз-муңун угуп ага ат, уй жана башка сурагандары менен камсыздап, солдаттын катарынан калтырып жатып "кал-ач" — деп кетишет. Ал дегени ачка калгын деген мааниде окшобойбу. Ошолор бүгүнкү ирактыктар деген маалымат бар.

Угузхан андан ары Ирак, Араб, Азербайжан, Армения, Сирия жана

Египет өлкөлөрүн басып алып, өз бийлигин жүргүзгөн. Ар бир басып алган өлкөлөргө өзүнүн башкаруучуларын калтырып, өзү кайра келүүчү тура.

Адабий маалыматта Угузхан жүз жылдан ашык падышалык доорун сүрүп, дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүн өзүнө багындырып дүнүйөгө марыган. Акыры бир хан сарайын салдырып, ичин асыл таштарга (алтын, күмүш, каухар, бермет, янтар, рубин, изумруд, алмаз ж.б.) толтура коздотуп, чоң той өткөрөт. Бул тоюна 900 жылкы, 9 миң кой сойдуруп, токсон тогуз атайын чоң суусундук куючу идиштерди жасаткан, анын тогузуна арак, вино, шарап куйдурса, токсонуна кымыз куйдуруп бүтүндөй эли-журтун, аскерлерин чакырып коноктойт.

Ошондон кийин гана уулдарына басып алган шаарларды, район, аймактарды, айылдарга чейин бөлүштүрүп берген. Ошону менен бирге падышалык бийлигин улуу уулу Куюнханга тапшырган.

***Куюнхандын доору.*** Угузхандын учурунда анын кеңешчиси катары кызмат өтөгөн уйгур элинин бир акылман ардагери болгон экен. Бул абышканын Иркил кожо деген уулу болуптур. Бул Иркил Угузхандын вазири катары кызматын өтөө менен мындай мамилеге жеткен Иркил кожонун өтө акылдуулугу эмеспи. Күндөр өтө берет. Бир күнү Иркил кожо жай отуруп, Куюнханга өзүнүн кеп-кеңештерин айтат. Атаң раматылык жайдын чилдесинде көлөкөлөп жай алып жатпады, кыштын чилдесинде сууктан корголоп, ысык там издебей жайы-кышы дебей согуш иштери менен алектенип кара жанын карч уруп бүтүндөй дүйнөнү багындырып, байлыгын силерге мурастап отурат. Эми сен дагы буларды колдон чыгарып жибербес үчүн ага-туугандарың (алтоо) менен алардын балдарынын улуусуна улуудай, кичүүсүнө кичүүдөй үлүштөрүн бөлүп бергениңиз оң болоор беле деген пикир, сунушун кийирет.

Жогоруда айтылгандай Угузхандын алты уулу: Куюнхан, Айхан, Юлдузхан, Күйүкхан, Тачхан жана Тингизхан. Бул алты уулунун ар биринин сегизден уулдары болгон, алардын төртөө нике кыйган аялдарынан болсо, төртөө сүймөнчүк аялдарынан. Ошентип Угузхандын алты уулунан 48 (кырк сегиз) небереси болгон, алардын ысымдары булар: Калы, Баят, Акүйлүү, Карүйлүү, Язир, Ябир, Дудурга, Дукер, Ушар, Курнук, Бегдалы, Каркин, Баяндур, Бачина, Жаулдур, Чени, Салур, Аймур, Алаюнтли, Узгар, Икдур, Бекдуз, Ава, Кынык, Кене, Кун, Турбатлы, Герайлы, Султанлы, Оклы, Күйүклы, Сүчлы, Гересанлы, Юринчи, Жамчи, Турумчи, Кой, Сүрхи, Курчик, Северчик, Карачик, Казгурт, Кыргыз, Такин, Лала, Мурда, Шуй, Саир.

## КЫРГЫЗ

Өзүңүздөр күбө болгондой Угузхан алгачкы согушчан ислам динин кабыл алган инсан болгон. Демек кыргыз эли да айтылуу Угузхандын кырк сегиз небересинин бири кырк үчүнчүсү экендигин адабий

маалыматтар айгинелеөдө. Заманга жараша кыргыз калкы да канчалаган кас душмандар менен кармашып, бирде жеңсе, бирде жеңилип, кырылып, кайрадан көбөйүшүп отуруп, бүгүнкү абалга жеткен экен.

Тарыхый маалыматтар боюнча алгач кыргыздар Алтай, Сибир тараптарды жердеп турушканы маалым.

Урматтуу окурмандар, мына ушул жерге келгенде жазылган тарыхыбыздагы кайчы пикирди тактоого аракет жасадык. 1995-жылы "Учкун" мамлекеттик концерни тарабынан жарык көргөн Эсенкул Төрөкан уулунун "Кыргыздын кыскача санжырасы" деген эки томдугу жарык көргөн. Кадырлуу тарыхчы агабыздын биринчи китебинде кайчылаш пикирлерди пайда кылган учурлар кездешээрине токтолууга аргасыз болуп отурабыз.

Автор жогоруда аталган китебинин сегизинчи бетинде №1 сүрөттө "Нух пайгамбардан тарагандар" деген сүрөөнү келтирген. Нух пайгамбардын Кам, Сам, Яфас деген уулдары болгондугу, андан кийинкилер Нух пайгамбардын Сам деген уулунан бүгүнкү: арабдар, өзүбек, уйгур, кавказдагы элдер, казах, кыргыз, каракалпактар, ногой, татар, башкырт, балкар, карачай, кумык, монгол, Аксак. Темир, Улугбек, Бабурлардын тарагандыгы баяндалат.

Бүгүнкү күндөгү көптөгөн адабий маалыматтарда, жогоруда аталган ислам динindеги калктар Нух пайгамбардын Сам эмес, Яфас деген уулунан тарагандыгы жөнүндө жазылган. Мисалы Абулгази Бахадур (1264) жазганында Яфастын Арийлер Туранилердин тараган тарыхы берилет.

Ушул эле китептин тогузунчу бетинде (автордун жазганын өзүнүкүндөй кылып келтирейин "Ал эми андан бери жагынан Орто Азия жана казак элдеринин теги жана уруусунун таралышы Нух пайгамбардан таралгандыгы жөнүндө ата-бабалардан уламыш сөз бар. Нух пайгамбарга чейинкилер: Аналхак, Арсланбай, Марыбий, Шүкүрбий, Сагынбий, Сарыбий, Домбур (Думбулбий) мындан Долонбий. Долонбийден баштап кыргыздын санжырасы тагыраак айтыла баштайт" деп сөзүн улаган.

Демек, автордун бул жазгандарын туура деген бүтүмгө келсек, анда Долон бийдин тукумдары (кыргыздар) Нух пайгамбарына чейин эле калыптанып калган калк болуп отурбайбызбы. Албетте бул жерде кадырлуу карт тарыхчы агабыз менен макулдашууга мүмкүн эмес. Эгерде Нух пайгамбарынан кийинкилер дегенде, өзү айтайын деген ой максаты туура болмок.

Ата-бабаларыбыздын айтканына караганда жана жогорудагы иликтөөлөрдүн негизинде Угузхандын бир небереси Кыргыз болуп жатпайбы. Кыргыздан Сафар шаа (шаа деген сөз хан деген маанидe). Сафардан — Алхак, андан Рашидил, андан Аналхан, андан Саршап бий, андан Эштек бий, андан Буурахан бий, андан Ханбархан бий, андан Кашакхан, Кашакхандан Аргунхан, андан Аалхан, Аалхандан Арстанбек хан экен.

Арстанбектин өз аты Кылымбек болгон дешет, өзү абдан тың, шар жүргөн баатыр болгондуктан, эл аны хандыкка көтөрүшкөн. Арстанбек өзүнөн кийин укум-тукуму бүтүндөй хандык менен (15 баласына чейин) доорон сүрүшкөнү адабий маалыматта баяндалат.

Урматтуу окурманым, Арстанбектен (Кылымбектен) баштап санжыранын уланышын белгилүү санжырачы агабыз Төрөкан уулу Эсенкулдун "Кыргыздын кыскача санжырасы" деген эмгегинин №1 томундагы варианты менен уланталы. Автор бул китебинин "Сөз башы" деп берген баяндамасында жалпы окурмандарга минтип кайрылган "Акырында айтарым — бул санжыраны жыйнап 530 бет (эки томдук) өлчөмүндө 1990-жылы Кыргыз Илимдер Академиясынын кол жазмалар бөлүмүнө (809, 809-а деген шифр менен белгиленген) тапшыргам. Ал эми 1991-жылы Умар уулу Турдубай деген "мырзанын" автордугу менен шашылыш түрдө "Кыргыз санжырасы" деген темада чакан сүрөө (схема) түрүндө жазылган китепче чыкты. Мында көргөзүлгөн кыргыздын "оң" канаты бүт менин кол жазмамдан пайдаланып жазылгандыгын окурмандардын эсине салып койгум келди" — деген. Демек автор айткан "мырза" Умар уулу Турдубайдын 1991-жылы жарык көргөн "Кыргыз санжырасы" аттуу китеби менен таанышалы.

Турдубай мырза өзүнүн китебидеги "сөз башы" деген темасында эч кандай Эсенкул Төрөкан уулунун кол жазмаларынан пайдаланганын эскерген эмес. Турдубай мырзанын жазганын сөзмө-сөз берели "ошондуктан өзүмдүн мурдатан жазып жүргөндөрүмдү топтоп, тарых билген карыялар, тарыхчы, филолог илимпоздор менен сүйлөшүп отуруп, ушул санжыраны жалпы элдин назарына сунуш кылууну туура таптым" — деген.

Бул жерде авторлордун абийирине шек келтиргим келбейт. Бул жагына окурман өзүңөр оң тыянак чыгараарсыңар деген пикирдемин.

Төмөнкү сүрөөдө (схемада) Долонбийден: Ак уул (оң) Куу уул (сол), жана Кызыл уул (ичкиликтер) тарагандыгы берилет.

1964-жылы Айыл чарба министрлигинин жолдомосунун негизинде Ош областынын Фрунзе (Кадамжай) районуна ишке чектелдим. Институтту бүткөн мезгил өзүнчө бир ырахат эмеспи. Атайын адис деген дипломуң колуңда. Мамлекет ишеним көрсөтүп атайын дайындап кызмат тапшырып жатса. Дипломдорду колго алып, өмүрлүк жарым Күлүйпа экөөбүз айылга ата-энелерибизге бардык. Айылда бирөө сүйүнүп айтса, бирөө сүйүндүрө айтып ага-туугандар куттукташууда. Жашы 70-80дерде Рысбек деген чоң атабыз бар эле раматылык атам чоң атаң менен учураштыңбы деп сурап калды. Жок деп алып уялып калдым. Ушундай нерселерди айттырбай билээр мезгил жетпеди беле деп бушайман боло түштүм. Айыпты моюнга алып, атамдан кечирим сурап, учурашып келүү үчүн чоң атама кеттим.

Атсалоому алейкум деп, чоң атам менен учураштым. Рысбек чоң атабыз өтө токтоо, аз сүйлөгөн сөөлөттүү да дөөлөттүү адам эле. Алахвалын, ден-соолугун сураштырып окууну бүткөндүгүмдү баяндадым.

Чоң атам жай гана эми кайда иштей турган болдуң деп суроосун улады. Чоң ата айыл чарба министрлиги түштүккө (Ошко) жөнөтүп жатат десем, жамбаштап жаткан калыбынан козголуп туруп, көрпө төшөгүнө молдошуруна отура, — оо балам, жакшы болгон тура, туугандарга бара жаткан турбайсыңбы, — дебеспи. Ал убактагы жаштардагы түшүнүк түштүктөн келип бирге окуган студенттерди "сарттар" деп коер элек. Казыркы Кара-Кулжа районунан Исраил Исмаилов деген бир группада окуган, жашы үч-төрт жаш улуу жигит бар эле, чычалап эй сарттар деген башка, биз деген накта кыргыздарбыз деп чычалай берээр эле. Чоң атамдын түштүктүк туугандарга дегенинен улам, чоң ата алар бизге кандайча тууган деп таңдана суроомду уланттым. Чоң атам ууртунан билгизбей жай жылмайып, бу кыргыз эли эки бир туугандан эле тарайт Адигине, Тагай деген. Адигине агасы, Тагай иниси. Адигиненин тукуму көп болгон үчүн "Ат туягындай Адигине" — дейт, ага салыштырмалуу тукуму азыраак болгондуктан "Тай туягындай Тагай" дейт деди. Мына ушу эки бир туугандар бирге жашап жүрүшүп болоор болбостон таарыныша кетишип, агасы Адигине анда, иниси Тагай бул жакка жер оодарып көчүп кеткен деген илгертен калган уламыштар бар балам деди. Ошондуктан түштүктөгү туугандар Адигине атабыздан. Бул жактагылар биз Тагайданбыз деп түшүндүрмө берди. Ошондо гана Исраил агабызды обу жок чычалатканыбыз, анын жанталаша безилдеп далилдегени көз алдыма элестей түштү. Демек Исраил мырзанын чычалаганы туура эле турбайбы деген ой оюмдан кетпей калды. Ошо күндөн ушул күнгө чейин айда, жылда бир жолуксак да Исраил ака десем, дароо жылмайып ийи кандай "ука" деп калат.

Чоң атам Рысбек менен чай кайнам кеп-кеңештерди куруп отуруп, беш жыл окуп билим алып айбан доктуру (ветеринардык врач) болгонумду, а кыргыздын тарыхынан эч түшүнүк жок — нөл экендигиме көзүм жетип институтту бүттүм деп көпкөн өпкөм, биринчи жолу бир элиге бөксөрдү.

Ошентип турмуш университетинин биринчи сыноосуна туш болгонмун. Чоң атабыз карапайым колхоздун ар кандай иштерин аткарып жүрүп, илим-билими болбогону менен кыргыз элинин тарыхынан кабары бар адамгерчиликтүү инсандардан экендигин андагы мен кайдан билмек элем. Булардын баарын мына бүгүн таразалап отурбаймынбы.

## ДОЛОН БИЙ

Кыргыздарда ата-бабаларынан калган салт боюнча уул балдары бой тартып эр жеткенде үйлөнүп жайлантып ата-энеси энчисин бөлүп беришип өзүнчө жашоого багыттайт. Анын сыңарындай Долон бий да уулдары Адигине менен Тагайды үй-жайлуу болушканынан кийин болгон мал, мүлкүн, элин, жерин бөлүштүрүп энчисин ыроолоп берген тура. Оштогу Карадарыя суусун болжолдуу чек ара катары

тутуп дарыянын баш жагын күн чыгыш тарабын Адигинеге, Карадарыянын этек тарабын күн батыш тарабын Тагай бийге эли-жери менен ыйгарган. Атадан энчилерин алган ага-инилер эски салт боюнча эки жаат болуп бөлүнүшүп мелдешип ордо атышат. Мезгилиндеги бул өзүнчө карапайым элдин көңүл ачуу үрп-адети катары кабыл алынган. Ойундун шарты боюнча атайын калыс адамды шайлап алышчу. Алар калыстыкка Алай жеринин беги Наабайтыны алдырышат. Ага инилер тымызын эл ичинен ордону кыйын ойногон ойунчуларды топтоо менен бирге узактан жакшы ойногон оюнчуларга ат чаптырышат. Адигине бий өз тарабына Алай өрөөнүн Бүлөөлүүсүнөн чыккан Чоң ойунчу атактуу ордочу Биримбашты алдырат.

Калыс болгон Наабайты бий шарт боюнча ойундун башталышында ат калчоосун жүргүзгөндө оюнду баштоо Тагай бий тарапка тийет, экинчи кезек агасы Адигинеге ыйгарылат. Биринчи ойун Тагайдын оюунчуларынын пайдасына аяктайт. Экинчи оюн башталып алыстан ат чаптырып алдырган ордочу Биримбаш ордо бузуп чүкөлөрдү черте баштаганда, тооруп аткан абалагы хан ордосуна жатып калат. Карап турган калың эл "ордо бузулду" — деп, дуулдап калышат. Мындай талаш тартышты чечүүчү албетте калыс шайланган адам кана болот. Калыс болуп шайланган Наабайты бий мындай учурда шарт боюнча бычагын жүгүртүп томпойдун (абалактын) кыймылдашын байкамаксан болуп койот. Мына "ойундан от чыгат" — дегендей чатактын башы ушинтип башталган. Тагайдын ордо бузулду дегенин тоготпостукка салып Адигине агасы ордочу ойунчусу Биримбашты, черте бергин деп буйруду. Ачууга алдырган Тагай бий агасынын ордочусу Биримбашты түртүп жиберет. Муну көрүп турган Адигине да өзүн-өзү токтото албай колундагы камчысын үйрүп Тагай инисине тап берип тос-тополоң башталат.

Элибизде акылдуу ата-энелер ар дайым балдарына ага-туугандарына "ачуу душман акыл дос", "Сабырдын түбү сары алтын" деген элдик макалды кайталашып сабырдуулукка, токтоолукка үндөгөнү бекеринен эместир. Көпчүлүк учурларда агалардын "Бир колуңдун ачуусун, бир колуң менен карма" деп калышы да ушундай окуядандыр.

Шайтандын азгырыгына алдырган ага-инини карап турган айрым ичи бузуктарга кудай берип күйүп турган отко май куйушуп дегендей чатакты ырбатып ойунга тамаша кылып келген эл эки жаат болуп чабыша кетишип баш айрылып, көз чыгат. Акылдуу карылардын кийлигүүсү менен чатак зорго басылып топтолгон эл тарайт. Ат чаптырып алыскы Алайдан калыстыкка алдырган Наабайты бий кара кылды как жарган калыстыгын жасабагандыгынын кесепетинен бир жатындан чыккан эки бир тууган түбөлүккө бири-биринен көңүлдөрү калышат. Натыйжада өлөөр-өлгөнчө бири-бири менен тирешип, кара ниеттик иштерин жасап жүрүп душмандык пайда болуп бири-бирин көрүшкөн эмес тура. Элибиздеги жогоруда айтылган "Ачуу душман акыл дос" деген макалы балким ушундай окуядан калгандыр.

Сүрөө №1


Долон бий
Адигине
Тагай
Наалы эже
Богорстан — Козор
Эштек
Солто
Күнтуу
Култу
Чаа
Талкан
Белекбай
Жоочалыш
Тата
Коңурбай
Кошой
Бакы
Багышан
Байболот
Делдең
Алдаң
Багыш
Жайыл баатыр
Үсөн
Теке
Асан
Итике
Куттубай
Эшбото
Байбек
Кудайберген
Кубатбек
Бектен
Атай
Чылпак
Шорунчу
Таштанбек
Норус
Бекбото
Жоомарт
Качы
Каратай
Жаныбек
Ажыбек
Шайбек
Саза
Карбоз
Асылбек
Медер
Беки
Алет
Карача
Байбото
Кобой
Дербишалы
Кыдыр
Солтоной
Тондуу уулу
Жамансарт
Момокон
Баймырза
Мамбет
Каман
Түлөберди
Жангарач
Абайылда
Баястан
Сосо
Солтоной
Эшкожо
Канай
Чыны
Карбоз
Алапай
Татыбек
Маңдобөт
Бошкой
Байтик
Өзүбек
Байсал
Ташмат
Абдырахман
Сулайманкул
Аман
Осмоналы
Сыдык

Тагай бий агасына таарынган бойдон эли журту менен көчүп өзүнө тийген бул жагы Ат-Башы, Нарын, Ысыккөлгө ал жагы Кетментөбө, Наманган, Чаткалга чейин мекендеп калган тура. Соода сатыгын коңшулаш Кокон, Наманган, Самаркан, Бухара тараптагы өзбек, калмак хандыктары менен жүргүзүп анын соода-сатыгынын жүрүшүнө Адигине агасы тоскоолдугун жолтоосун уланта берип душмандык эки бир тууганды н ортосунда күчөгөндөн күчөй берген. Аргасыздан Тагай бий соода кылган жерлерине өзү барып соодасы бүтмөйүнчө үч айдан бир жылга чейин ак үйлүү болуп туруп калууга мажбур болгон. Кезектеги сапарында Тагай бий көптөгөн малы менен Кокон хандыгына келип соода-сатыгы бүткөнчө бир жыл ак үйлүү болуп туруп калат. Күндөрдүн бириндеги хандын кезектеги кеңешинде Тагай бий катышпай калганын байкаган хан Тагайды чакыртышат. Издеп жүрүп Тагай бий өзү менен өзү болуп кийген кийимдерин кармалап отурганын баамдаган хандын жигити окуяны болгонун болгондой ханга жеткирет. Аны уккан хан дароо "аз айып, көп күнөө" — бизден кеткен тура деп, кемчиликти мойунга алып Тагай бий келгенде ордодогу кыздардан каалаганыңызды айтыңыз деп нике кыйдырып берген экен. Арадан мезгил учкан куштай өтүп, акыры сапар карып эл-журтка кайтаар учур да келет. Тагай бий үйлөнгөн өзбек кыздын бойунда болуп калган. Алган аялы мени менен элге кетели деген өтүнүчүнө ыраазычылыгын билгизип макул болбойт. Тагай бий андай болсо аман эсен көз жарып уулдуу болсоң атын Карачоро кой, кыздуу болсоң өзүң бил деп кош айтышып жатып, кокус уулум сураштырса чындыкты жашырбастан айтып колуна мынабул "кестикти" бер деп өзү элине кетет.

Элибизде "эрегиштен эр өлөт" — деп бекеринен айтылбаган чыгаар. Жогоруда өзүңүздөр баамдагандай болбогон чатактын кесепетинен эки бир тууганды н араздашуусу күчөгөндөн күчөп отуруп, алардын өздөрү эле эмес балдары да касташып бири-бирин душман санап катташпай калышат. Тагай бий соода сатыгын калмактар, казактар, уйгурлар, өзбектер менен жүргүзүп, опосуз дүнүйө өтө берген. Тагайдын уулу Богорстон атасынын бийлигин улап ишин жүргүзөт. Бий болуп бийлигин жүргүзөт. Сыртта урмат сыйлуу болгону менен тууган арасындагы аталардан калган таарыныч күчөп касташуу күчөгөндөн күчөй берген. Богорстондон Эштек жана Козор деген эки уулдуу болот. Эштек атасынын ордуна бий болуп эл аралап ишин улантат. Чоң атасы Адигиненин балдары менен ымала келишпей акыры жер оодарып көчүп кетүүгө аргасыз болушат. Эштек бий Кашкар тарапта жашап жүрүп кадыр-барктуу өмүрүн өткөрөт. Кашкар эли Эштек бийди улуу "бек" кылып шайлап алышат. Эштек бий Бек болуп Кашкарда бир нече ондогон жылдары эл сурап кең пейил, акыйкаттыкта бийлигин жүргүздү. Эштек бий бала-бакыралуу болот...

Тагайдын Богорстон уулунун улуу аялынан — Эштек, Козор, кичүү аялынан — Туубай, Төлөк деген балдары болгон. Эштектин алты аялынан бардыгы жыйырма сегиз уул, он алты кызы болгон, андан тышка-

ры жети асыранды баласы да болуптур. 1570—1575-жылдары Жунгариянын (калмактын) ханы Цеван-рыбдан Алтайдан баштап чаап, кырып жоюп, Арал, Каспий, Чүй өрөөнүн, Ысыккөл, Тяншанды бүтүндөй талкалап кырат. Ушул апаат кыргында Эштек бийдин 28 (жыйырма сегиз) уулунун эң кичүүсү Солто уулу эле кандайдыр бир себептен тирүү калганынан тарыхый маалыматтар бар.

## СОЛТО

Аман калган Солто да эр жетип чоңойуп атасы Эштектин ордуна бий болуп эл сураган ошол мезгилде Сарыөзөн Чүй өрөөнүн толугу менен калмактар басып алып өз бийлигин жүргүзүшкөн. Элибизде "жумурткадан кыр чыгарып" дегендей, болоор-болбостон чыр чыгарышып Калмак калкы баса калып өз бийликтерин жүргүзүп кыргыздарды басмырлап турушкан. Сабырды бек туткан Солто эл арасында кадыр-барктуу болду. Солто Бухара, Кокон хандыктары менен тыгыз байланышта болуп, биз "мусулман" калктары ынтымактуу болуп калмактардын каарына бирдикте каршы туралы деген жүйөөлүү сунушун кийирип ынтымакка чакырды. Ал учурларды бири-биринин жылкыларына тийип, түнката бел ашырып кетсе эле болду, кийин ээси тааныса деле мойун бербей жок бул ата-бабамдан калган өз малым деп чырлашып берчү эмес тура. Мына ушундай карөзгөйлөрдөн кутулуу максатында Солто бий бүтүндөй жылкыларына "ай-тамга эн салдырат. Бул жаңылык саамалык тез эле калайык калкка тарап кетет. Мына эми ууруларга аз да болсо бөгөт койулат. Кимде, кайда болсо да бул "ай-тамгалуу жылкылар Солто бийдин, Солто элинин жылкылары деп аргасыздан макул болушат. Албетте мындай жаңылык жерге жатмак беле, дароо эле калайык калкка тарап ар уруулар өздөрүнө "эн", "тамга" териштирип бүтүндөй урууларына эн салуу өнөкөткө айланганын карт тарыхтын кашкайган чындыктары маалимдеп жатпайбы.

Солтонун Күнтуу, Култуу жана Чаа деген үч уулу болот. Балдарынын келечегин билгиси келген Солто бий атайын санчы, сынчыны алдырып Күнтүү менен Култууну сынатат. Ал эми кенже уулу Чаа болсо бечел болгон, үч төрткө чыкканча баспаган итий чоң курсак болуп атаэнеси бирөө жарымга да уулум деп көрсөткөндөн арданышчу тура. Санчы, сынчы Күнтүүнү көрүп карап туруп жигиттери баатыр, кыздары сулуу, аргымагы арыштуу күлүк чыгат, бирок бир айыбы тукуму анча өспөйт деген пикирин билгизет. Экинчи уулу Култууну алып келишкенде, өспүрүмгө көз жүгүрткөн санчы сынчы бул уулуңуздан бир эмес, бир нече орто байлар чыгат. Эл жамынчысы болушат, бирок мунун да тукуму өсүмдүү болбойт да кесе айтат. Санчы, сынчынын Солтонун мындай келечектен көптү үмүттөндүргөн эр азамат уулдарына берген сынына анчалык ичи чыга бербей, белчесинен оронуп төшөктө жаткан Чааны сынчыга көргөзүүгө чындыгы көңүлү тартпайт.

Солто бий башка балам деле жок деп оозанганча, боз үйдүн бел кырчоосун кармап араң басып келе жаткан Чааны көрө санчы, сынчынын жүзүнөн нуру төгүлө, мына-мына баатырдын өзү келе жатат деп, ордунан козголгондо, Солто Чааны жалт бир карап, каап эми болбостур, болбостур деп, сынчыга карап Чаа деген чоң курсак уулум ушул бечел, итийим деген тура. Солто бийдин бул сөзүнө көңүл бурбай сынчы ордунан тура калып, наристенин пешенесинен сылап, Я Аллаа, астопралла, Көкө Теңирим колдо деп, жакасын карманып, Жолборс сымал айбаттуу, Кабыландай кайраттуу Чаа баатыр деген уулуңуз болот, бийим: Бул баатырдан

— Кара чаар Жолборсту ээрчиткен баатырлар төрөлөт; каардуу, кабылан чыгат; ат качырбас боз айгыр чыгат;

— Ак адил жандоочтор;

— Ак көрпө туулат;

Туучунак туулат:

Андан аркысы кери тартып, тосоңку-босоңку түшүп, кыбыр-кыбырлар аралашып кетти. Көзүм тунарып жетип-жетпей элес-буластар көрүнөт... деп сынчы сөзүн аяктаган тура.

Кийин санчы-сынчынын бул айткандарын эл кадырлаган акылмандары, эл башкарган бийлери төмөндөгүдөй чечмелеген экен;

Кара чаар жолборс дегени — Түлөберди баатыр

Кашка кабыланы — Бөрүбай баатыр

Ат качырбас боз айгыры — Жангарач Үрүстөм баатырлар

Ак адил жандооч дегени — Эшкожо, Канай, Байтик, Жаманкара баатырлар

Ак көрпөсү — Жайыл баатыр

Туучунагы — Чолпонкул деп аташкан.

Күнтуудан — Токбай, Карамерген, Кулболду, Чоңмурун, Байгана, Жолболду, Ашыбек деген жети уулдуу болгон.

Култуудан — Адыке, Адигине, Мендеке, Аккүчүк, Элинбек жана Чылпактай уулдар төрөлгөн. Чылпактан Карагул, Карамырзалар.

Мезгил зымырык куштай учуп мезгилдин өтүшү менен Солто бийдин чоң курсак, итий уулу Чаа санчы-сынчы айткандай жетиле келип атасы Солтонун ордуна бий болуп эл башкарып калыптыр.

Чаанын биринчи аялынан Бөлөкбай (каракчы) Талкан, экинчи аялынан Жоочалыш, Тата. Айрым айтууларда Чаанын экинчи аялынан Тата жалгыз экендиги баяндалат. Чаа бийдин аялы айтылуу саруу уруусунан чыккан Курмандын карындашы болгон экен. Жашы алтымыштардан ашып калган учурунда Чаа баатыр малын күздөө мезгилинде жайы кышы жери кара Кочкордун адыр-түзүнө айдашып барып өзү ит агытып куш салып аңчылык менен алектенип жүрсө сол канаттагы кыргыздардын басыз уруусунан (ал кезде Кочкордон Нарынга чейин басыз уруулары ээлеп турчу экен) бир жигити баатыр Чаа бийге келип, Улуу урматтуу баатыр — Адырдан бел ашып бараткан бир чоочун жигитти кармап алдык жанында бир келин жана бир

кыз бар экен дейт. Аларды Чаа баатырдын алдына алып келишет. Жигиттин жөн жайын сураганда, кичине кезимде калмактар айылды чапканда мени кошо ала кетишкен экен Ошондон бери алардын малын багып ишин аткарып малай болуп жүрдүм. Мына эми эр жеткенде эли-журтумду иликтеп табайын деп качып чыктым. Бул келин менен кыз калмак байдын үй-бүлөсүнөн. Келинди төркүнүңө алып барамын деп алдап күндүн бүркөөсүнөн пайдаланып адаштырып алып келеатамын деп, ыймандай чындык сырын айтат. Сураштыра келгенде жигит кайнагасы Кутмандын тууганадарынан болуп чыгат. Чаанын Талкан уулунун 18 (он сегиз) жашка жетип эр жетип турган убагы экен.

## ТАЛКАН

Бул окуяны карап турган калың эл келбети келишкен керилген калмак келиндин сулуулугуна суктанышып Чаа бийге уулу Талканга алып берүүнү сунушташат. Талкандын кудалашып койгон жери Саруу уруусунун бийи Көбөлөктүн Чачыкан деген кызы экен. Талканга калмак келинди алып беришет анын аты Урумчий экен, Урумкан деп аташат. Урумкандан төрөлгөндөр Байболот, Делдең, Багыш, Алдаң болгон тура. Ал эми кудалашкан Чачыкандан төрөлгөндөр Коңурбай, Кошой, Бакы, Багышандар. Баягы жигиттен таралгандар бүгүнкү Мааке деген эл. Өз мезгилинде Чаа баатыр арык чаптырып эгин эктирип дыйканчылык менен эли-журтун нан менен камсыз кылган тура. Бүгүнкү күндө да Москва районуна караштуу Ак-Бешим айылындагы Чоң арык Чаанын чаптырган арыгы экендиги кадырлуу карылардын эртели-кеч кеп кылгандарынан кабарлар бар. Чаа баатыр дүйнөдөн кайтканда азыркы Ысыката суусунун күн чыгыш тарабына күмбөзү курулгандан тарыхый маалыматтар бар.

Талкан атасынын ишин улантып бий болуп калды. Алыскы Кокон, Бухар, Хива хандыктары менен карым катнашта болуп тынымсыз соода-сатыгын жүргүзүп турду. Кокон ханы Талкан бийге "Токбайрак" деген наам беришкен. Тарыхый маалыматтарга караганда ошол учурларда калмактар негизинен кыргыз жергесин толугу менен басып алып өз бийликтерин жүргүзүү аракетинде болгон. Беттеше келсе талаша-тартышып, чабышып дегендей. Талкандын уулу Байболотту ак үйлүү тутушуп калмактар барымтага алган.

Мезгилинде орустар тарабынын элинин өкүлдөрүн капитан Унковский мырза башкарып турган. Алар калмактын башкаруучу бийликтери менен мезгил-мезгил келгенде жолугушуп эки мамлекеттин ортосундагы тынчтыктын сакталышына кепил болушуп ар дайым көзөмөлдөрүн жүргүзүп турган. Албетте алар үчүн атайын чатыр көтөрүлүп жашоолору ошондо өткөн. Ал учурда калмак элинин бийлиги Цеван Рабдандын колунда болгон. Кезектеги жолугушуулар бүткөндөн кийин калмактар орус элчилигинин үйлөрүнө бир бейтаа-

ныш жаш жигитти алып келишип, бул буруттардын өтө таасирлүү башчысынын баласы бизде ак үйлүү бир жылдан бери деп тааныштырды. Контаажынын буйругу, эгерде кабыл алсаңыздар бүгүндөн баштап бул бурут сиздер менен болот деп жатып булардыминтип коколоп турбаса, жапайы калк эртең эле эшигиңден төрүңө өтүп бийлик талашкан немелер деп акырын түшүндүрмө бергендей болду.

Капитан Унковский бул өспүрүм бурут жигиттин турган турпатын, келишкен сындуу алп мүчөсүн, кере кулач жеткис кең далысын, бууранын санындай түйүлгөн кол буттарындагы булчуңдарына көз жүгүртүп «ой мунуңар даяр эле Геркулес турбайбы» — деп таңданганын жашыра алган жок.

Капитан жардамчысына кайрылып, ой сен бул буруттардын тилин билип жүрбө? Аты-жөнүн сурап көрсөңчү деген өтүнүчүн ой болжоп баамдаган Байболот аларды карап башын ийкеп Байболот деп колун сунду. Сунулган колунун алаканы кадимки чоң күрөктөй көлөмдө экенин көргөн Унковский мына алп деп ушундайларды айтыш керек деп, башын чайкап суктануу менен Байболотко баштан аяк көз жүгүрттү. Ал учурда кыргыздар калмактарды буруттар десе, өз кезегинде калмактар кыргыздарды буруттар деп аташчу экен.

Ошол күндөн баштап барымтадагы Байболоттун жашоосу орус элчилери менен бирге өтүп жатты. Капитан Унковский күнүгө бир маал токулган атына минип сээриндей бастырып көңүл ачат. Күндөрдүн биринде топтошкон калмактар жашы карысы дебей чурулдап-чуркурап жүргөн жерге бастырып барып бир укмуштай окуяга күбө болот. Ал жерде сазга чоң кара буура тыгылып чыгалбай акыры биротоло чөгүп бараткан экен. Эл топтошкон жерге келген Байболот да кантишээр экен деп кызыгып карап туруп акыры чыдабай кетип, калмактарга буйра сүйлөп кыл аркан алып келүүсүн өтүнөт. Далбастаган калмактар дароо кыл арканды даярлашат. Жээктеги токойдун бутактарынан бутап келип Буурага чейин төшөп арканды бууранын өркөчү менен мойнунан алып өткөрүп келип аралыгы он метрдей кургакка чыгып алып арканды эки колдоп ийинге салып кара бууранын чирене тартып кадимки танкадай гана сүйрөп чыкканын көргөн капитан эле эмес карап турган калмактар да жаалашып сүйүнгөнүнөн чурулдашып жиберишет.

Ошол окуядан кийин Байболот мырзага орус өкүлдөрү тарабынан билинбеген сый-урмат сезилип жүрдү. Убакыт учкан куштай өтүп жатты. Күндөрдүн биринде калмактардын айылында ат чаап, эр оодарыш оюну өтүп жатты. Айыл ападагылар толук катышып тамаша көрүшүүдө. Оодарышка чыккан калмактын балбаны эбегейсиз зор неме экен. Көпкө чейин каршы эң ким чыкпай жатып бири чыкты эле анысын дароо эле беттешкенде белинен сыга тартып жаш баладай аттан көтөрө тартып алып таштады. Карап турган элдин уу-дуусуна кулак тунат. Тамашаны алып баруучунун дагы ким чыгат эр оодарышка деген жарыясына эч ким чыкпай койот. Ойундун кызыгына баткан капитан Унковс-

кийдин ойунда өткөндө саздан кара буураны танкадай сүйрөп чыккан Байболот эмнеге чыкпаганына таңданып, акырын жай басып келип Байболотту далыга таптап, а сен эмне үчүн оодарышка түшпөйсүң деп суроо узатып, колу менен жаңсап түшөсүңбү деген ишааратын билгизет. Муну уга албай турган Байболот күлүмсүрөп макул деп башын ийкегилеп алдыга умтулат. Орустардын элчилигинин өкүлү капитан Унковский куду өздөрүнүн (орус элинин) балбанын чыгарып жаткансып нарыда карап отурган ойроттордун той башкаруучусу Галдан Церенге бул бурутка улуксат бергиле деген өтүнүчүн билгизди. Галдан серен бул сунушка кубанычтуу оордунан жүткүнө башкаруучуга буйрук берди. Булардын баарын көрүп, угуп турган Байболот мырза дароо Телгарасына бактөрүнчөгүн жакшылап канжыгага байлап, бел курчоосуна чейинкин кийимин чечип Унковскийдин жардамчы кызматчысына карматып ордунада тынчы кетип тыбырчылап туйлап турган тулпары Телгарага шап минээр замат темине атын ойноктотуп эл ортосуна чыкты. Байболот куду өзүнүн кыргыздарынын солто, сарбагыштын арасында жүргөндөй жарлаган элди айландыра бастырып эки колун жайып Бабабыз "Манастын күч-кубаты колдой көр" — деп, бата кылып анан каршылаш калмакка бетме-бет бастырып келди. Калың калмак эли "чотку-чотку" дешип өз балбандарын кубаттап сүрөп жатышты. Байболот болсо "Колдо Теңирим колдо", "Манас атанын күч-кубаты, кайраты колдо" — деп, угуза айтууда. Ортодогу калыс адамдын башкаруусунун негизинде оодарыш башталып балбандар беттешти. Утуру минген аттарын теминишип экөө тең бири-бирин качырып колдору менен колдорун карыштыра кармап тартышуу башталды. Калмак балбаны колун да карматпай Байболотту билектен алууга аракеттенгенин баамдаган Байболот, калмак балбанга оң колун сунуп ал "чап" — кармаганда дароо "лып" эттире жулуп алып жатты. Муну туурап калмак балбан да оң колун сунганда Байболот дароо кармап калмак балбандын атынын омуроосун чирене тээп, каршылашынын колун куду кычкач менен кармагандай койо бербей калмак балбанды калдайтып өзүн карай тартты. Эки балбандын тартышынын күчүнөн минген аттары чыдабай кайкалап-кайкалап ийиле берип жатышты. Калмак балбандын билегин бураган Байболот дароо Телгараны темингенде, Телгара жаныбар болгон күчү менен аракет жасап дароо майышкан калмак балбандын атын айланып кетпеспи. Калмак балбандын сунган оң колу аркасына кайрылып, ээрден көчүгү бошоп барып топ этип жерге түшүп калат.

Жаалаган калың калмак эли, албетте муну күткөн эмес, анткени Чотку балбан калмак арасында мен деп өзүнө-өзү ишенген экинин бири, эл намысына жарагандардан эле. Эртеден бери Чоткуга каршы эч кимдин чыкпай жатканынын себеби да ошондон болуучу. Элдин таңданганы эл ишенген балбаны барымтада жүргөн эле бир буруттардын баласынан жеңилиши, жалпы калмак элинин ар намысын козгоду, жинин келтирди. Ачууга алдырып тополоңун чыгара чатак кылалы десе

бул бурутту калмактар үчүн кадыр барктуу орус калкынын өкүлү балбандыкка алып чыккан. Болбогон жерден орус менен калмактын ыктуу мамилесин бузуп албайлы деп этияттык мамиле менен жалпы элдин ызырынган ызасын басышат.

Кайтып келгенден кийин капитан Унковский, Байболоттун ченемсиз күчтүүлүгүнө, ыктуу, шыктуулугуна, аларды айкаштырган акылдуулугуна маашырланып, жардамчы кызматкерине өтүнүп жатты, колуңдан келишинче айтып деп түшүндүрсөңчү бул бурут мырзага, эгер макул болсо биз менен барып күрөшүүнүн, кармашуунун ар кандай ыкмаларын улуу орус элинин борборундагы чеберлерден толук үйрөнсүн. Андан кийин керек болсо дүйнөлүк аренага чыгып орустун намысын талашканга жарайт деп.

Жардамчынын жарым жартылай казакташтырып жарымын орусча жаңдап айткандарын Байболот угуп отуруп, мыйыгынан жылмайып "Биреөнүн элинде Султан болгончо, өз элинде ултан бол" дейт биздин кыргызда, "Туулган жердин топурагы алтын" деген жообун берди.

Арадан айлар өтүп Талкан бий. Тынай бийлер баш болуп жан жөкөр жоокер жигиттери менен келишип Галдан Церен менен жолугушуп Байболотту берүүсүн өтүнүштү. Цеван Рыбдан да кыргыздардын өтүнүчүн четке кагып аныңарга мен макул эмесмин Байболотко кошуп Сарбагыш элинен Маматкулду да бересиңер деген өкүмүн билгизет. Макулдашууга келген Талкан бий менен Тынай бий иштин негизи бузук экенин, жок десе чабыша кетээрин бири-бири менен көз караштан түшүнө билишип. Контаажыга аныңызга дале макулбус деп жооп кайтарышат.

Бирок сизден бир өтүнүч, казыр Байболотко уруксат берсеңиз, бир жылдан бери көрүшө элек тууган урук менен учурашып калайык калкыбыздан салт боюнча батасын алсын анан сиз айткан Маматкул экөө бирге келишет деп, ишеничтүү талап койушат.

Мындай сунушка Цеван Рыбдан жок дей албай макулдугун билгизет. Өз ичинде булар мени алдап кайда бармак эле, кайра ошонусу жакшы деп өзүнө-өзү макул болот.

Мурдагы акылдашуу боюнча ойлогон ойлорунун ишке ашканына кубанычта болгон кыргыздар Байболотту убактылуу ак үйлүүдөн бошотуп алып жолго чыгышты. Келгенден кийин кыргыздын кадырлуу карылары журт башчылары, бийлери чогулушуп кеп-кеңешин курушту. Журт башчылары, акылдуу кадырлуулар ортого өз пикирлерин салышты, канткенде мындай балээден кутулуунун ар кандай жолжоболорун издениште. Жыйынга келгендер сунуштан сунушту талдап отурушуп бир кана аларга каршы чабышууну туура деп табышты. Антпесек булар дайыма эл керегине жараган эр азаматтарды барымталап кыргызды кыйнаганы кыйнаган дешип. Албетте жоого каршы Солто, Сарбагыш эли аздык кылышат. Аны үчүн бул жагы бугу, ал жагы саяк элине, атабыз бир туштуктөгү Адигине элине, бир боорлош казак

элине кабар берүү бир чечимге келишип, ишеничтүү адамдарды кабарга жөнөтүштү. Жалпы жоого аттанаар жоокерлер кылыч, найзаларын, жоого минээр аргымак аттарын даярдоого өтүштү.

Ойроттордун ханы ушул жылы бышыкчылык болгон мезгилинде бүтүндөй ойротторду эле эмес, кошуна аралаш жашаган казак султандарын кыргыздын бий, байларын чакырышып чоң той өткөрөт.

Албетте байкалбаган ички мыйзам катары жаат-жат болуп улуттар арасында мелдеш жүрө баштайт. Каадалуу калмак, казак, кыргыз, карыялары төрдүн көркү. Жаштар күпүлдөшүп оюн-шоок менен алек болушкан. Калмак тараптан Чыкык аттуу балбаны чыгат. Чыкыктын өзү албеттүү балбан болгону менен өңүнүн серттиги бөтөнчө болгон экен. Беттешкен нечен-нечен балбандардын айланта чаап акыры ага каршы эч ким чыкпай калат казак-кыргыздар тарабынан. Чыкык болсо кере-кере дем алып кана кимиң бар кыргыз-казак тараптан, мага тең келээр эркек танаңар барбы деп үнүн көтөрүнкү чыгарып келекелүү күлүп отурган элге кайрылат. Той башкаруучу мырза Чыкык балбаныбызга казак-кыргыздардан эч ким чыкпай байгени ыйгаралы демекчи болуп турганда, калың топту жарып Талкан бийдин уулу Байболот бий ашыкпагыла Чыкык балбанга мына мен чыгамын деп, суурула чыгып келет. Минтишинин себеби бар эле, анткени кезектеги калмактардын кыргыздардын малына тийип келгенинде капыстан чыккан бир топ кыргыздар беттешип чабыша кетишет. Калмак тараптын алсыздыгы сезилип бара-бара эки-үчтөн бөлүнүп туш тарапка качып кутулуунун амалына өтүшөт. Карса-курса чабышып өзөндү бойлой кыялай качкан Чыкыктын артынан Байболот мырза сая кууп мына жеттим дегенде, амалдуу Чыкык балбан атынан түшө калып жар ылдый секирип түшүп качып карматпай кеткен.

Албетте мындай тар жердеги кокустан болгон беттешүүдө качкан Чыкык балбан да, кууган Байболот мырза да аттиң дешип армандары ичте калган. Эртеден бери Чыкык балбандын кыргыз-казакта мен деген эркек жан жокпу дегени, атын айтпаганы менен Байболотту кана эр болсоң мына көпчүлүктүн алдына чыкпайсыңбы деген чакырыгы экендигин жалпы калайык калк түшүнбөгөнү менен аны угуп турган Байболот сезип эле турган. Элибизде “эрди намыс, коёнду камыш өлтүрөт” деген макал бекеринен айтылбаган чыгаар. Намызданган эки азамат мына эми кимдин-ким экендигин көрүп ал дегенчеликте калың эл алдына чыга келишип кармашууга беттешти. Колдон намыс кетип жатканына жаны ачып, Талкан бийдин тун уулу Байболот бий (чамасы 25тер чамасында окшобойбу) өзү бий башы менен калмактын балбаны Чыкыкка каршы күрөшкө чыккан экен. Байболот кең далылуу, келбети келишкен алп мүчөлүү алдуу, акылдуу, өтө шамдагай мырза экен. Кудай көзүңө жамандыкты көргөзбөсүн калмактар тарабынан Чыкык бүткүл күчүн үнүнө чыгара чамынып, чаңырып чыкса, бул тараптан кыргыздын бийи өзүнүн бий экендигине карабай, Байболоттун ариет ар-намысы күчөп каршысын кабыл ала эки балбан

беттешкенде эле Байболот балбан акыл-эсти калчап, ары шамдагайлык менен эки колдоп белден бекем апчый кармаган шер Чыкык балбанды эбелектей көтөрүп, эки айлантып жерге чаап, жыгылган Чыкыктын башынан аттап кетет. Ары каруу күчтүн, ариет-намыстын күчү Байболот жыгылган балбандын башын аттаган бойдон өйдө турса эки чеңгелинде калмактын Чыкык балбанынын сүбөө кабыргалары кошо келет. Муну көргөн калмак Галдан көнтайжи балбанымды өлтүргөнү аз келгенсип, анын башынан аттаганы, ал менин башымдан аттаганы деп чатак чырдын башын баштап, кылычын сууруп Байболотко кесейт. Байболот да баралына келип турган учуру эмеспи "күч атасын тааныбайт" дегендей Галданга кол кайрыйт, колундагы камчысы менен Галданды чаап жибере жаздайт. Хан башы менен өз тойундагы ырктуу, ынтымактуу тойунун өтүшүнө өзү бөгөт болуп Галдан хан Байболотко кол көтөрүп, камчы чабышы карап турган калың эл-журтту түмөн-түйшүк каргашалуу кармаштын кыргындын башталышынан кабар бергендей сезилди. Галдан хан Байболоттун кол кайрыганынан кыргыз-казактардын кекенип, тиштенип турганын баамдап, өзүн токтоо кармоого аракеттенди. Максаты өтүп жаткан ак тойун чатак, кыргынга айландырбай эл-журтту тынчыраак узатып алгандан кийин кыргыздарды түп көтөрө чабууну ойлонду. Муну ойлонбоско арга жок эле, анткени Контажы хандын кытай аялынан туулган Амирзоода датканын жээни Суну баш болгон калмактардын басымдуу көпчүлүк тобу Байболот бийге болушуп кыргыздардын тарабына өтүп кетет. Бул болсо Контажынын эки уулунун тымызын бийлик үчүн текээрлөөшүүсүнүн ачыкка чыга башташы эле. Булардын баарын сезе байкаган Контажы хан билермандык кылып урушту тез басып, элди бейпилдикке, тынччылыкка, ынтымакка чакырган болду. Бирок калмак менен кыргыздын достук ынтымагына шек кетип, касташуунун башталышы эле. Бул ахвалды калмактар да, кыргыз-казактар да ачык эле сезип турушту. Мына бул той тараса калмак-кыргыз кайнаса каны кошулбас душмандардан, бирибирине жоо болуп калышты. Кыргыздардын кыжаалаттыгы күчөп, Талкан бий уулу Байболотту четке чакырып уулум калмактар менен жоолашып калдык, эгерде туура көрсөң элди алып акырын тойду таштап кетели деген кеңешин айтты. Байболот бий атасынын айткандарын эп көрүп калган кадырлуу эл башчылары болгон кыргыз аксакалдары менен акылдашыңыз дегенчилик пикирин билгизди.

Тойдон Талкан бий аттанып кеткенде аркасынан Тынай бий баш болгон сарбагыш эли да тойду таштап чыгып кетишти. Жогоруда балбан күрөштө эки жаат болуп калмак бир тарап болсо, кыргыз-казак бир тарап болуп жаткандыктан, кыргыздар аттанып кеткенден кийин казактар тойлоп отура алышпай, алар да тымызын бирден-экиден аттанышып тойдон кетип калышты. Калмактар кыргыздардын кетүүсүнө тоскоолдук кылышкан эмес.

Булардын баарын сезип турган калмак эли тиштерин-тиштерине койуп, эч нерсе болбогондой мүнөздө шек алдырбоого аракеттеништи. Той тараса анан көрүшөбүз деген кеп менен.

Ошентип калмак калкынын салтанаттуу тойу сар-санаа менен тымызын тарап, бирге жашаган эки элдин ортосуна жик салып, түбөлүк жоо болууга алып келди.

Коңтаажы Галдандын ички дүйнөсүндө кыргыздарды айоосуз, ырайымсыздык менен жер-жүзүнөн жексен кыла кырып-жойууну элестетти. Галдан жогоруда айтылгандай өз тойунда тос-тополоң чыгарып жибергенде байыртадан адам балдарында сакталган мейман каадасын, үрп-адат мейманчылык мыйзамын бузуп алып, тойдун катышуучулары болгон көптөгөн түрк элдеринин өкүлдөрүнө, бийлерге манаптарга, эл башындагы султандарга маскара болушмак. Тойдун катышуучуларынан болгон кытай кеңешчилери менен мамилелерди татаалдатпоону көздөп кыргыздардан өч алып, сазайын берүүнү кийинкиге аргасыз калтырып отурушат.

Тойдон аттанып кетишкен Талкан, Тынай бийлер дароо кадырлуу карыларды алдырышып кеп-кеңешти талкуулашат. Айкөл акылдуу аталар ар кими өз пикирлерин ортого салышат. Арадан сакалы бел курчоосуна жеткен аксакалдуу абышка кеп кезегин алып деги эле калмак элинин кара ниеттигин, укум-тукумунан бери алардын касташкан жоолорун тып-тыйпыл кыла кырып-жойоорунан баяндоо менен бирге жер жайнаган көп колдуу (аскерлүү, жоокерлүү) салыштырмалуу аз сандагы кыргыздардын каршы туруштук бере албастыгын баяндап бир бүтүмгө келүүнү сунуштайт.

Талкан бий, бөөдө кан төгүп күнөөсүз элибизди кырдырып албайлы. Эгерде айтканымды макул көрсөңүздөр тез арада түндөн калбай жер оодарып көчүп кетүү маселесин ортого салат. Байболот баатыр — калмактардан качып туулуп өсүп-өнгөн жерди таштап кайда бармак элек? — деп, ар намызданат. Бул жыйынга чогулган солто, сарбагыш элинен, эл башкарган бийлеринен тышкары боорлош казак элинин кадырман султандары да бар эле. Кеңеште отургандар "ийри отуруп түз кеңешип" — дегендей тез арада калмактын капыстан кол салуусуна кабылбай көчүүгө макулдуктарын беришип, тың жигиттерден чабарман кабарчыларды чаптырышып, түнү менен даярданышып таң атып-атпай көчтү баштап жолго чыгуулары дайындалды.

Кыргыз эли уруу-уруу болуу менен көпчүлүк учурларды өз тагдырларына өздөрү күйүп бышып жүргөнү күндөлүк турмуштан айгиненүүдө. Улуттук ар намысты туу тутуунун ордуна айрым уруу башчылары, бай-манаптары биригип ынтымакта болуп бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгаруу маселесин колдоп да колдобой да келишкен. Айрым кытмыр кыйдылары жунгар-ойроттордун сөзүн сүйлөп, алар тараптуу болуп кайра кыргыздарына карама-каршы тургандары да болгон.

Кыргыздар мекендеген ордосуна түн ката ойрот жоокери жашырынып качып келип калмактар кыргыздарды кокустан чабуу максатында жыйырма миңден ашуун кол менен камданып келе жатканынан кабар берип кайтат. Анын антишинин да өз себептери бар эле, биринчиден энеси калмакка турмушка чыккан кыргыз кыз экендиги болсо,

экинчиси кезектеги калмактардын чабуулунда Байболоттун колуна түшүп калып, Байболот айкелдүгүнен туткун жигитти өлүмдөн куткарып бошотуп жибергендиги болучу. Бөтөнчө кыргыз кызы эне байкуш боздоп жатып уулуна дайындап, кандай болсо да кыргыз элине тымызын кабар бер деген дайындоо өтүнүчү болуп отурбайбы.

Бул каардуу кабар ордого жеткенден кийин күтө турган эч нерсе жок болучу, шашылыш ордодон аттанып көчтү сапарга баштоого жар салышат. Коогалаңдуу түйшүктүү турмуш жалпы эл башында. Таң куланөөк атып, атпай Талкан, Тынай бийлердин солто-сарбагыш эли толугу менен көчтөрүн баштап жолго чыгышты. Каадалуу кыргыз элинин салтына ылайык, көч башында журт башчылары болсо калган колго жараган мырзалар келиндер көч жетелөө менен алек. Эр жеткен жигиттердин алдуу күчтүүлөрү өздөрүнчө кол курап көчтү коргоо иштеринде болсо, калгандары көч менен кошо болгон үйүр-үйүр жылкыларды короо-короо малдарын, кой-эчкилерин айдашкан. Бул жерде бой жеткен кыздары кана салт боюнча өздөрү-менен өздөрү алек атчан болушпаса калган ар бир инсанга ылайыктуу бекиген тапшырма иштери болуп көчкө кол кабыш кылышууда. Ошентип Чүй өрөөнүн мекендеген эл-журт, туулуп өскөн жерин таштап Теңир тоонун аска-зоолуу койнуна акырындык менен сиңип өрөөндү өрдөп ашуу ашып, бел басып, Аларча, Аксуу, Карабалта, Кайыңды, Ашмараны ашып кетип жатышты. Көчтү жөнөткөн Байболот баатыр жоого жарактуулардын бардыгы курал-жарагы менен чогулушуп жоого камданышууда.

Берилген кабар боюнча кадырлуу калктын акылдуулары көч баштап, жоого жараган жоокерлердин баардыгы курал-жарактары менен чогулушту. Алыскы Адигине тукумунан күткөн кол, бугу, саяктардан да жоокерлер келбеди. Калмактарга каршы болгон жоокерлер менен кана беттешүүгө туура келди. Аңгыча чек арада турган сакчылардын бири сүйүнүчтө чаап кабарлады.

Чордонду карай самашкан,
Чыдамсыз, жанды караткан.
Чуулгандуу кол келет,
Чаң чыгат алыс тараптан.

Казак бир боорлордун жер жайнаган жоокерлери көрүнгөнүнөн баяндап бүткөнчө, астындагы аргымагы атырылып туйлаган Жүрсүнбай, Арабай Асек миң башылар да жете келишип учурашып, ал жайды сурашып экөө эки миң жоокер менен келишкендиктеринен кабар беришти. Жол жүрүп келген жоокерлер алды аттарынан түшүп, мингичтеринин белин бошотуп аттарынын эс алышына өбөлгө түзүшүүдө. Абалдын тынч экендигине көздөрү жеткен жер жайнаган казак-кыргыз жоокерлери өз-өз тараптарында өргүшүп дем алышып жоого камданып жатышты. Кыргыз-казак миң башылары чогулушуп жоо менен беттешүүнү кандайча өткөрөөрлүктөрүн кеңешишип талкуулап жатышты.

Мерчемдүү жерлерге чыйрак, тың жоокерлерден кароолго күзөтчүлөр койулган. Тыныгуудагы жоокерлер экиден-үчтөн биригишип, бири-бирин кепке салышып баштарынан өткөн окуяларды айтып убакыттын өтүшүн чыдамсыздык менен күткөндөрү да бар.

Калмактардын өз ойлорунда кыргыздар камсыз-капарсыз уйкуда жатканда кокустан чабуулга өтүп, басып калабыз да тымтыракайын чыгара чаап алууну көздөшүп таң атып-атпай жер жайнаган калмактардын карааны көрүнөт. Аларды көзөмөлдөп турган кароолдогу жоокерлер бир карашып ээн талаадагы шамал айдаган камгакты элестешип көргөн көздөрүнө өздөрү да ишенишкен жок. Калмактардын карааны утуру жакындай баштагандан кийин гана кароолдогу жоокерлер кабарын бермекке чапкылап жөнөдү.

Калдаңдап учкан камгактар,
Камгактай жайнап калмактар.
Камгакпы жээ калмакпы?
Кай биринде салмак бар?
Кеп болот андан бүгүнгө,
Калк ичинде калмак бар.

Элибиздеги "калмакпы же камгакпы", "камгак көппү, калмак көппү" — деген легендарлуу кептер мына ушундан калганы эл арасында бүгүн да айтылууда.

Жоонун кабарын уккан кыргыз-казак кошундары дароо аттарына минишип даяр болушуп жоону беттеп туруп калышты. Мындай көрүнүш ойлоруна келбеген калмак жоокерлери аттарынын оозун тартып токтоого мажбур болушту.

Ошол мезгилдеги согушту баштоонун шарты боюнча эки тараптан тең ишеничтүү баатырлары, же кол башчылары жекеме-жеке кармашка чыгуу жазылбаган мыйзам болуп калган, казагы, калмагы, кыргызына барабар. Көп убакыт өтпөй калдайган карааны бар калмактардын баатыры бөлүнүп бери чыкты. Ошону эле күтүп тургансып, кечиндеги кеңешүү боюнча кыргыз-казак тараптан Байболот жекеге чыкты. Баатырлар аргымактарына камчы салып, теминише ортого чыгып, айыгышкан баатырлар бири-бирин качырыша найзаларын сунушуп беттешүүгө чаап келе жатышат. Биринчи беттешүүдө биринин сунулган найзасын бири калканы менен кагышып өтүп кетишти. Азанаган аргымактарынын башын буруп бири-бирине карай экинчи беттешүүгө "чү" — дешти. Бул жолу бири-бирине сайылган найзалар баатырлар кийген зоот кийимдерди көзөп өтө албай, ныгыра маталган күчкө туруштук бере албай бырын-чырын чыга сынып, минген аттары очорула майышып олтура калып оңолуп кетти. Беттешкен баатырлар эми колдоруна чокмор баштары менен карама-каршы чыгышты. Байболот Телкарасын темине чымын-куйун болуп каршылаш калмак баатырдын оң тизесин ойо чаап өттү. Тизеси ойо чабылган калмак баатыр ошол та-

рабына ооп барып зорго оңолуп атынын башын зорго бурду. Карайлаган калмак баатыр өзүнө келгенче, качырып калган Байболот бул жолу баатырдын сол тизесин жара чаап өттү. Чокмор баш тизени ойо чапканда көзү караңгылаган калмак баатыр камгактай учуп атынан кулап түштү. Мына ушуну эле күтүп турган жоокерлер бири-бирилерине карай бет ала ар кими өз ураанын чакырып салгылашууга өтүштү. Кыпычта кыя чабышып, найза менен сайышып, найза жеген майышып, чокмор башты алышып, чокмордо колдор карышып, чокудан нары салышып кырылышып жатты адам заат баласы. Аккан каны сел болду, араң жаны дел болду, айкырганы андан көп, араң сүйрөп оң колду. Ээрден көчүк кыйшайган, чокусу менен жер сайып, анан барып сомдолду. Эртең менен башталган калмактар менен казак-кыргыздардын ортосундагы согуш күүгүм кирип кашкарайганча созулду. Эки тараптан барабар өлгөн өлүк тоодой болуп, кан суудай акты. Кантсе да калмактардын жоокерлеринин саны жактан көптүгү байкалып жатты. Кармашып жаткан бирден кыргыз-казак жоокерине экиден-үчтөн калмак жоокери туура келгендей болуп жатты. Ушундай теңдешсиз кармашуу караңгы киргенде барып эки тарап аргасыздан бөлүнүп тараШты. Майдандагы салгылашуу дастанда толук чагылдырылгандыктан кайра кайталоону туура көргөн жокпуз.

Кечке жоо менен кармашып жарадар болуп алсырап, кансырап шайы ооган жоокерлердин аман калгандары бири-бирине жардамдашып, өз ара жакындарын, туугандарын, жоро-жолдошторун жоктоп жатышты. Баш-аягын жыйган жоокерлер чогулушуп ортого гүл азыктарын койуп тамактанышып, болгон суусундуктарын ичишип дем алууга киришти. Жоокерлерди баштаган мырзалар кайрадан чогулушуп алып, эртеңки кармаш, беттешүү жөнүндө кандайча айла амалдарды колдонуу ыкмаларын талкуулоодо. Ортого кароолго күзөтчүлөр койулуп душман тараптын ар бир кыймыл аракетин көздүн карегинде көзөмөлдөшүп турушат.

Эртеси күнкү беттешүү кечеги күнкүдөй таң аткандан эмес, күн чоң шашке болгондо башталды. Кайрадан өлүм үчүн эмес жашоо өмүр үчүн жандарын үрөшүп айыгышкан кармаш башталды. Кечиндеги кеңеш боюнча кыргыз-казактар күн түшкө жакындаганда акырын тоо тарапка чегине-чегине качып отуруп Теңиримден тилек кылышып, тоо койнуна кирип кетишти. Аркасынан кубалап келген калмактарга кайра кайрылып таш-талканын чыгара баштаганда калмактар тоо койнуна согушууга батынып кире албай көп жоготууларга учурады. Ошол боюнча кыргыздар тоо койнуна сиңип көч артынан акмалап, аркадан келүүчү калмактардын жоокерлеринен сактоодо бара жатышты.

Бирок тоо койнунда кыргыздын кыраан жигиттери эч убакта чет душманга алдырбасына көздөрү жеткенче калмактар көптөгөн жоокер жигиттеринен айрылышты. Акыры айлалары түгөндөн кийин кана аттиңин айтып кайра кайтышкан. Албетте куру кол кайра барган жунгар жоокер башчыларын Галдандын катуу каардуу жемеси күтүп турган.

Акылдуу журт башчыларынын туура чечиминин негизинде бир бүтүмгө келишип түнү менен жер которуп көчүп кеткен солто, сарбагыш элинин кырк миңден ашык үй-бүлөлөрү жазыксыз кырылуудан аман калышканына жунгар ханы Галданды абдан тынчсыздандырган. Себеби калайык калкы менен аман-эсен кутулуп кеткен кыргыз калкы бары бир өч алуу максатында калмактарга каршы кутүүсүз согуштарды тартуулаарына көзү жеткен. Албетте бул чочулоосу табихый иш эле. Ар намыстуу аталар акырындык менен биргелешип, уюмдашып, ынтымакташып калмактарга күтүүсүз чабуулдарды уюштуруп калмактардын шаштысын алып, тынчын кетирген. Мындай чабуулдарда казак эли четте калган эмес. Алыс барбай эле коңшулаш казак элинен Кырбаш миңбашы баатырды кошсок болот. Кырбаш баатыр өзүнүн жоокерлери менен өз элинен калмактарга капыстан кол салып куугунтукка алып турган. Мындай чабуулдарда казак менен кыргыздар биргелешип калмактарга каршы куугунтуктоо иштерге барууга турмуштун агымы себепкер болгон. Жогоруда кыргыз аттуунун баары эле түп көтөрө көчүп кетпей калмактардын колтугуна кирип алып кайра кыргыз элине каршы иштерди уюштургандар да болгон. Андайлардын бири. Бугу элинин бийи Белек мырза эле. Контаажынын алдына келген Белекке калмактар ишеним көрсөтүп Байболоттун ордуна бий кылып шайлап койушат. Белек болсо калган каткан кыргыздардын үстүнөн бийлигин жүргүзүп калмактардын ишенимине өтүп алган. Кыргыз элинде "өздөн чыккан жат жаман, өзөктөн күйгөн өрт жаман" — деген макалы ушундайлардын кесепетинен айтылып калганына аргасыз ынанасың.

Белек бийдин бул кылыгына Талкан, Тынай бийлер өтө катуу наразы болушту шерттешкен "батаны" бузду деп. Солто, сарбагыш эли кырдан-кыр ашып ашуулуу бел басып алды менен Суусамыр өрөөнүнө түшүшүп, андан ары айтылуу Алабел ашуусун ашып андан ары көчүп конуп жылып отуруп Токтогул өрөөнүн дагы Үчтерек, Кетмен-Төбө Коңур өгүздөрдөн өтүп ал жагы Гиссар, Куляб, Анжиян, Наманган, Фергана өрөөндөрүн, бул жагы Өзгөн, Алайга чейин сиңип кетишти.

Эске сала кетээр нерсе Солто эли көчүп келе жатканда Байболоттун ай-күнү жетип мына-мына бүгүн болбосо эртең деп, жүргөн өмүрлүк жарынын эти оорлоп утур барган сайын жол жүрүшү кыйындай бергендиктен Талас жергесинен жайкы жайлоодо Өтмөк менен Алабелдин ортосунда жайлап отурушкан төркүндөрүнө калтырып кетүүгө аргасыз болушат. Байболоттун келинчеги Талас өрөөнүнөн чыккан Бердике баатырдын карындаштарынан болгон деген уламалар бар. Жолго чыккан көч токтобой сапарын улай берет, Байболот келинчегин төркүндөрүнө калтырып, көч аман эсеп бараар жерге барып баш аякты жыйган кезде келип алып кетем деген боюнча көчтү коштоп жоокер, жигиттер менен кете беришет.

Байболот байым дедирген,
Айымы абдан керилген.
Ай күнү жетип чың алып,
Абайлай басып эринген.
Кайын журту кадимки,
Башташы Талас жеринен.

* * *

Кабатыр боло элеңдейт,
Буйруса дебей келем дейт.
Ай күнү жеткен келинчек,
Кызганыч тарта кебелбейт.
Кош айтып жөнөп кеткен соң,
Толгоосу утур тереңдейт.

** *

Таңга маал тартканда,
Тараза жылдыз батканда.
Көз жарып эми наристе,
Таластын желин татканда.
Теңирдин экен буйругу,
Тамылжып айым жатканда.

Ай күнү жетип турган жаш келин көп узабай арадан алты күн өтпөй көз жарып уул төрөйт. Төркүндөрү ойдо жок жерден Теңиримдин буйругу менен сапарда баратып калып калганда төрөлгөн наристеге "асан" — чакырып Жээнбай деген ысым ыйгарышат. Жаңы төрөлгөн наристе күн санап эмес, саат санап чоңойо берет. Ортодон убакыт билинбей тынымсыз өтө берет. Ал эми наристенин атасы Байболот болсо жеке башынын кызыкчылыгы эмес жалпы, эли-журтунун ата-эне, ага-туугандарынын тагдыры — деп, кара жанын карч уруп көчүп барышып, утуру бир жердин, өңүтүн алышып, чабыттап таанышып жүрүшүп арадан билинбей жылдан-жыл өтүп кете берет. "Ойлогон ойду, кыстаган турмуш жеңет" дегендей, утуру көчүп конгон эли-журтунун Байболот баш болгон жоокерлеринин аткарган иши өтө зор эле, анткени бөлөк эл, бөлөк жер дегендей, жаңы келген эл журтту баардык жерде эле жергиликтүү эл төшүн ачып тосуп албаганы айдан ачык деңизчи, ошондуктан көчтү коштогон эр азаматтардын беттеше келген, кептеше келген элдер үчүн кадимкидей сес берип, колдоо болуп, турганы нукура турмуштун ачык далили болгон. Анткени жаңы келген эл деп, жергиликтүү, түптүү элдин тургундарынын да эээрлери-безээрлери болоору бышык. Ошондуктан ата-бабаларыбыздан калган Манас атанын кырк чоросунун эли-жерине, кас душманга, сырткы жоолорго кандай таасири болсо, Байболоттун жоокер жигиттеринин өз элине таасири, колдоосу куду Манас атанын кырк чоросундай эле таасирин тийгизген.

Эскере кете турган нерсе илгери (ошол мезгилдерде) мусулман элдеринде эр азаматтарга үйлөнүү маселеси эч кандай проблеманы (түйшүктү) түзгөн эмес. Эр азамат жигитке биринин үстүнө экинчи, үчүнчү керек болсо жетинчи аялдарды алуу кадимки эле жөндүү иштей, көрүнүштөй боло берген. Мындай учурларда эр жигиттин биринчи никелүү аялы эч кандай каршылык көрсөтпөгөнү калың эл катмарына жазылбаган мыйзам катары кабыл алынган, ошол эле учурда күйөөсү бар аялдар башка күйөөгө эри өлүп калмайынча турмушка чыгышы, шарыятты бузган катары кабыл алынып, айоосуз жазага тартылаары кыргыз элинде деги эле мусулман элдеринде калыптанган каада-салт, үрп-адет болуп кабыл алынганы баардыгыбызга белгилүү.

Кыргыз элине, деги эле мусулман элдерине эки аял алуу үчүн биринчи никелүү аялынан макулдугун суроо кечээ кийинки Октябрь революциясынын боштондугунан кийинки Совет доорунда пайда болгон, мыйзам катары кабыл алынып, коммунистик партия кадимкидей каарына алып тыйуу салып койбодубу. Мындай теңчилик, аяштарга ого бетер жага бербей чамгарактaшып, мен... мен деп чыгышпадыбы. Мен сага катын алдырбайм... уруксат бербейм... Мен дагы башка экинчи күйөөгө тийип алам... Сен мени бага албай жатасың деген күнөөлөрдү эркекке жаба салышып.

Элибизде "музоосунда сүздүрүп койгон" дегендей бүгүнкү демиккен депутаттарыбыз, кыргыз элинде башка түйшүктүү иштер түгөнүп элдин баары жыргап куунап жаткансып күн тартибине эки аял алууну мыйзамдаштырабыз деп эки жылы убара болушканынын өзү эле өтө уят, осол иш болбодубу. Бул ээликкен депутаттарыбыздын айлык майанасы 18-20 миң сом экендиги чын болсо, карапайым ардагаер пенсионерлердин алган пенсиясы 350-649 сом экенин унутуп жогорудагыдай жосунсуз иштерди сессияда күн тартибине койуп маселе козгобойт эле го деген пикир аргасыздан ойго кылт этет. Анын сыңарындай Байболот өңдүү элдик баатырларга аял үстүнө аял алуу эч кандай түйшүктү түзбөгөнү ошол учурдун агымы болуучу. Ошондуктан болуш керек. Байболот мырза да үйлөнүп андан да уул бала көрүшүп анын атын Кедей деп аташкан тура. Бул жерде эскере кете турган нерсе Байболот баатыр биринчи аялынан Жээнбай аттуу уул балалуу болгонун билип же билбей калганы жөнүндө кептин чыны ачык маалыматтын жоктугун мойунга алганыбыз оң болоор. Мына ушундай түйшүктүү иштер менен жүргөн Байболот да бөлөк эл, бөлөк жерде узакка жашай албай башка бир туугандарындай эле чечек оорусу менен ооруп бул жарыкчылык менен кош айтышып тиги дүйнөгө келбес сапар кеткен. Бул өлүм атасы Талкан бий үчүн өтө оор жоготуу болуп боздоп ыйлап, сыздаганы жөнүндө калың элде али да ар кандай кептер айтылууда.

Атаны кокуй Байболот, эми Байболоттой ким болот — деп, боздоп буркурап жоктогон тура — атасы Талкан бий.

Талкан бий үчүн мындай оорду толгус зор жоготуу, ишенген ишеничинен, таянган тоосунан ажыроо өтө оорго турду. Душман көзүнө билгизбегени менен абдан мүгдүрөп, шалдырап алдан, күчтөн ажырап мурдагыдай кайраттана албай. Алланын буйругу деп аргасыздан табихаттын таш боор кырсыгына мойун сунду. Талкан бий үчүн калган ага тууган балдары бир тең, Байболоту бир теңдей сезилди.

* * *

Эми эки ооз сөздү Байболот баатырдын Таластагы уулу Жээнбай жөнүндө баяндайлы. Жээнбай дагы атасын тартып кичинесинен бала кезинен эле өтө чыйрак, тың өзү теңдүү өспүрүмдөр арасында алдуукүчтүү болуп эр жете чоңойот. Жээнбайдын Солто уругунан экендиги жөнүндө энеси кандайдыр бир себептер менен эч кандай маалымат берип атаң Байболот, элиң солто, жериң сары өзөн Чүй деп айткан эмес. Балким мындай болушуна ага туугандары, ата-энелери себепкер болгондур, аны андай жээ мындай деп, күнөөсүн мойунга алгыбыз келбейт.

Жээнбай ысым энчилеп,
Жээнбай басып телчигет.
Желеге кулун байлашып,
Жан алы калбай элчилеп.
Жээнбай деп атоонун...
Жөн-жайын айтып берчи деп.

* * *

Жайы-кыш жайлоо жерлерди,
Жөн-жайын айтып бербеди.
Жаралгандан — "бакытым",
Жоо жүрөк атаң келбеди.
Жүрөктөн чери тарабай,
Жүйөөлүү эне тердеди.

Жээнбай өз ой пикиринде Талас жеринде төрөлгөн Манас атабыздын тукум улоочулары мураскорлору катары сезип келген. Кыргыздын ар кандай ойун-шоокторуна, эр оодарыш, улак тартыш, күрөштөргө жаштайынан эле машыгып каршылаш атаандаштарынын аргасын алты кылып эсин оодарчу экен. Аста-аста айыл арасында, анан уруу-уруу арасында, бүтүндөй аймак, дубан арасына күрөштөргө чыгып ар дайым ар намысты колдон чыгарбай жеңиштен-жеңиштерге жетише берет. Калың эл-журт арасында кадыр баркка ээ болуп, зоболосу көтөрүлөт. Күндөрдүн биринде Талас өрөөнүндө өтө кадыр-барктуу бир инсандын ашы болуп, кадимки каада салт боюнча, аргымактар алыстан чабылып, оодарыш, күрөш өткөрүлүп жатат. Күрөшкө Талас өрөөнүнүн атынан Жээнбайды даярдашкан. Айтылуу ашка алты ду-

бандын эли менен бирге ал жагы боорлош казакстандын, өзбекстандан да өкүлдөр келип чоң аштын күбөсү болушууда. Кезектеги күрөшкө Сарыөзөн Чүйдөн келген балбан менен Талас өрөөнүнөн Жээнбай чыгаары жарыяланат. Балбандарды даярдаган устаттары, кеңешчи, сүрөөнчүлөрү ар кимиси өз балбандарына акыл-эс кеп-кеңештерин ык маларын жанын үрөп эбиреп-жебиреп айтып жатышат. Акыры мезгил жетип белдерине курларын курчанып жаалаган элдин накта ортосуна чыгып беттешүүгө өтүшөт. Күрөштү алып баруучу калыстар тобунун өкүлү балбандарды беттештирип алардын алышуусун көзөмөлүн жүргүзүү менен алек. Балбандар белдеги курларынан бекем кармашып алган соң күрөштүн ар кандай ыкмаларына салып бири-бирин ары түртүп, бери тартып күчтөрүн сынашып ыңгайлуу учурду келтирип, келтире албай амалдарды изденишет.

Ар дайым күрөшкө түшүп жаш болсо да абдан такшалып калган Жээнбай ары тартышып бери тартышып жатып каршылашынын белинен сыга кучактап так көтөрүп эки айлантып туруп оң жамбашка салып жерге чаап алды. Карап турган эл дуу эле дей түштү. Жыгылып калган Чүйлүк балбан кандай болуп кеткенине аң-таң боло күбүнүп туруп жөнөдү, бирок анын алдынан Жээнбайга окшош эч ким тосуп алып куттуктаган адам болгон жок. Менимче балбандардын бири-бири менен беттешүүсүндө жеңилүү ызасына дуушар болгон балбан үчүн эң оор өкүнүчтүү, өтө узак аралык, ызалуу учур жыгылган жеринен жанталашып туруп карайлап кайрадан балбанга чыккан жерине жетүү учуру болсо керек. Ал эми күрөштө уткан балбанды болсо устаттары чуркап келип утурлап тосуп көбү көтөрүп кетсе, көбү кубанычын жашыра албай жеңиши менен куттуктоо менен бирге өпкүлөп да жибергенине өзүбүз күбө болуп жүрбөйбүзбү. Ал эми жаалап карап турган калың эл болсо балбандарга ар кандай сөздөрүн тартуулоого аракеттенишет. Мына Жээнбайдын жеңиши да ар кандай алкоолорго арзып жатты. Бири баракелде, балбан болбой кала кал десе, экинчиси "күч атасын таанибайт" дешип куттуктоолорун узатышууда. Аңгыча алдыда отурган жашы алтымышты аралап калган сары чийкил бети-башы барбайган көзү көгүш тарткан аксакал Өмүркан уулу Согушбек деген киши, атасынын көрү, Чүйлүктөрдүн өз балбаны менен өздөрүн жыктырып байге Таласка өзүбүзгө тийип жатканын билген да бар, билбегени андан да көп деп, ойун-чынын аралаштыра бак-бак этип жатты. Бериде катарда

Солтодон чыккан балбанга,
Саруудан солто камдалды.
Солтосу жыгып солтону,
Саруулар марып байге алды.
Сыр түйүнү чечилбес...

Сар-санаа болгон жаңжалдын — деп, отурган Чүйлүк адамдарды бул шектүү сүйлөгөн сары чийкил адамдын сөзү аргасыз өзүнө тартты. Бул жерде кандайдыр бир жашыруун сыр түйүнү

жатканын сезип калган тиги Чүйлүк мырзалар тиги сары чийкил абышкага жакындап ык тарта отурушуп Жээнбайдын кимдин уулу, экенине кызыгып сурамжылап отуруп кептин төркүнүнө жетишти. Көңүлүндө кири жок дуулдаган тиги сары чийкил абышка Жээнбай жөнүндө болгонун болгондой, билгенин билгендей бакылдап «лап» эттирип айтып салды. Ошентип Жээнбай балбан айтылуу Талкан бийдин, бий уулу Байболоттун тун уулу экендиги маалим болду. Таласта таятасыныкында төрөлгөндүгүнөн толук маалымат алынат. Колдогу ар намысын алдырган Чүйлүктөр аштын башкаруучусуна чатак салып барганда, мындай кепти бирде-экиде укпаган Жээнбайдын бүткөн бойу дүркүрөп чүйлүк тууганадарына ызырынып тишин кычырата тиштенип жинденип, сөгүнүп жибергени аз келгенсип, колундагы камчысын үйрө көтөргөнгө да жетишет.

Урматтуу окурмандар бул жөнүндөгү кептин учугун дагы улоого кийинчирээк кайрылаарыбызды эскерте кетели.

Кыргыз элинде "аңгектен качсаң дөңгөккө" — деген макалы да бекеринен айтылбаса керек. Андай дегенибиздин себеби жер оодарып көчүп барган солто эли көптөгөн кыйынчылыктарга дуушар болушат. Ал жерлерде ачарчылык алка жакадан алып, басымдуу элдин турмушуу өтө оор болгон. Узактан көчүп келген солто эли эмес, өздөрүнүн кара курсагы тойунбай өлгөн житкендер арбын болгон. Ал эми көчүп барган солто эли үчүн бул ачарчылык андан да күчтүү болоору кимге болсо да түшүнүктүү деңизчи. Жегенге наны ичээрге ашы жок көптөгөн адамдар ошол мезгилде өкүм сүргөн чечек оорусуна дуушар болушуп боо-боо болуп өлүп тынышкан. Бул ачарчылыктан Талкан бийдин өз балдары, жакын тууган уруктарынан 18 (он сегиз) каза болгон дешсе, экинчи бир маалыматта 8 (сегиз) ал эми Белек Солтоноевдин "Кыргыз тарыхы" деген китебинде жакын адамдары каза болгондугунан кабарлар бар.

Мындай оор турмуштан запкы, азап жеген Талкан бий кайра көчүп Кетментөбө өрөөнүнө келип отурукташып калган. Бирок мындай ыңгайлуу жашоону кек кууган калмактар ыраа көрбөй, Байболоттун ордуна бий болгон Белек бийди үгүттөп, Талкан бийди ташын талкан чыгара чабасың деп ээрчитип барышат. Калмактын Контаажысы Талкан бийди уулуң Байболот менин Чыкык балбанымды өлтүрдү дегенин шылтоолоп күнөө койуп эгерде "Белек бийдин таманынан өпсөң" — күнөөңдү кечемин болбосо балбанымдын кунун төлөйсүң деп демитет. Белек бий да Контаажыга ишенип, эми баягыдай "ишенээр Байболотуң жок" — деп, кекээрлеген. Талкан бий Белектин бул эссиздигине капа болуп, булардан кутулуунун жолун көздөп Кетментөбөдөн кайра көчүп айтылуу Намангандын адырынан орун алган тоо кыркаларындагы Мазар кыштагына (Сафет Булаң, Гүлүстан) мекендеп көчүп кетет. Ал жердин жергиликтүү тургундары менен ырыс-ынтымакта жа-

шап, жер айдап эгин эгип дыйканчылык менен жашап калат. Адырга суу чыкпаган жерге атайы өзөндү бойлой арык каздырып (арык чаптырган) суу алып чыгарып эгинине суу койгон. Бүгүнкү Мазар кыштагынын жергиликтүү калкынын тургуну жашы сексен сегиздеги Жакып сарычелектин Жылгын айылындагы Арстанкулдун бакма баласы аксакал менен маектешкенде эл арасында ал арыкты Талкан (бабабыздын) атабыздын арыгы дээрин эскертти.

Ошентип солто уруусу калмактар менен болгон кастыктын кесепетинен бөлөк эл, бөлөк жерди мекендеп 70-80 жылга жакын туруп калышат.

## АТА МЕНЕН АТАЛАР ТӨРӨЛГӨН ЖЕРДИН ТАРЫХЫ

Урматтуу окурман! Карт тарыхты шашпай барактап окуп отурсаң өтө кызык окуяларга туш болосуң. Албетте айрым учурларда бир эле окуяны эки-үч ача кылып, бири-бирине анча окшошо бербеген фактыларга да туш болосуз. Анын сыңарындай тарыхый баяндамаларда X-XV кылымдарды арабдар Орто Азия өлкөлөрүн багындырган деген жерлери да кездешет. Ошондуктан жогоруда сөз болгон Талкан бийдин түштүк жергесине барып отурукташып калган жери Соот-Булаң (Сафед Булаң Мазар) деп кеттик.

Эми бул Соот-Булаң, Мазар айылы жөнүндө уккан-билгендерибизди ортого салалы. Алды менен эскере кетээрибиз Аксы районунун Жылгын айылындагы Арстанкулдун бакма өзбек уулу Жакыпбайга Арстанкулдун өз уулу Таштанаалыга, өмүрлүк жары Бакаш кызы Занипаларга ыраазычылыгыбызды билдиргибиз келет. Анткени биз сөз баштаган Соот-Булаңдын тарыхын кыскача баяндаган атуулдар, уккан-билгендерин төкпөй-чачпай ортого толук айтып беришти.

Мазар (азыр Гүлстан) Жалал-Абад областынын Ала-Бука районунун Ак-Там айыл өкмөтүнө караштуу кыштак. Райондун борбору Ала-Букадан 25 чакырым чыгыш тарабында. Наманган обласындагы темир жол станциясынан 60 километр алыстыкта. Калкынын саны болжол менен бүгүнкү күндө 5000 кишиге жетет. Айылда орто мектеби, медпункту, китепканасы бар.

Фергана өрөөнүнүн түндүк жагында айтылуу Муз-Төр, Бозбу тоолорунун этегинде Мазар кыштагы орун алган. Тарыхый маалыматтарда жана эл оозунда айтылып жүргөнгө караганда бул ыйык мазар X-XII кылымдардан бери экендиги баяндалат. Жогоруда айтылгандай убагында бул кыштакты арабдар мекендеп ислам динин карапайым калк арасында кеңири таратышкан. Ислам динин кабыл алган калктар калган элге салыштырмалуу өтө ынтымактуу, ызаат урматтуу кичи пейил улууларды урматтаган, кичүүлөрдү сыйлашып жашагандыгы тез эле айлана-чөйрөгө бат тарап, аларды суктандыра баштаган. Бул ислам динindеги арабдар да коңшу башка элдер, мамлекет-

тер менен ынтымакта алыш-беришин жүргүзүп уул үйлөп, кыз беришип куда-сөөк болушуп жашоолорун улантат. Ортодон ондогон жүздөгөн белгисиз жылдар өтөт. Ислам дининдеги инсандардын жашоо-тиричилиги оңолгондон оңолуп коңшу элдерди суктандырат. Ислам дининдеги адамдардын өзгөчөлүгү, согуш учурларындагы ок өтпөгөндүгү, кылыч өтпөгөндүгү жана толгон-токой купуя сырлары болот. Башка мамлекеттерге салыштырмалуу курулуштарды курушуп, эгин айдап, дыйканчылыкка кызыккандыгы. Бул Мазар кыштагы да дүйнөнү дүңгүрөткөн улуу Жибек Жолунун боюнан орун алгандыгы болуп отурат.

Кантсе да бул купуя сырды чечүү максатында ошол жерди жердеген (караван) кербен башчысы өзүнүн кызын ислам дининин башчысы Шах Жалилге турмушка берип, тоюн өткөрүшөт. Караван башчысынын кызы Убайда да ислам динин кабыл алып өмүрлүк жары Шах Жалил менен ынтымактуу, ысык жашоо күндөрүн өткөрүшөт. Ортодо Шах Жалил менен Убайда (перзенттүү) уул балалуу болушуп атын Шах Вазил деп коюшат.

Күндөрдүн биринде караван башчысы аялына жашыруун табышмактуу тапшырма берет. Кызың менен аңгемелешип сырын тартып, бул ислам дининдеги элдерге качан аткан ок, сайган найза, чапкан кылыч өтөөрүнүн купуя сырын сурап билип бер дейт. Мындай жооптуу тапшырманы алган байкуш эне кызы келгенде акырын сырын тартып отуруп эри берген суроолорду кызына баяндайт. Убайда болсо мындай иш менен кызыкпагандыгын, билбегендигин энесине айтат. Энеси болсо үйгө барганда ушунун баарын эптеп сурап "купуя сырды" чечмелеп бер деп тапшырма берет.

Төркүнүнөн келгенден кийин Убайда күндөрдүн бир күндөрүндө өмүрлүк жары Шах Жалилден көңүлүн таап, сүйүү отуна малынып, дене бою жазылып, бири-бирине ай десе ай, күн десе күн болушуп, денедеги алтымыш эки тамыры барабар болкулдап эригенде пайытын таап, бул ислам дининдеги адамдарга чапкан кылыч, аткан ок, сайган найза өтөөр учур болобу ханым же эч убакта андай болбойбу? — деген суроосун шек алдырбай оюн-чындын арасында Шах Жалилден сурайт.

Мындай кутүүсүз суроону укканда Шах Жалилдин жүрөгү алда нени сезгендей "шуу" — дей түшүп, кайра туруп кантип эле өмүрлүк жарым Убайданын оюнда "арамдык" болсун деген пикир пайда болуп алда жаным ай, бул суроону сен бербесең болот эле, ырас сен берген соң мен айтпасам ноомарттык болоор деп айтып турган жери.

Шах Жалил өз ичинде бул да болсо Алла тааланын буйругу болушу ыктымал. Демек ислам дининдеги элдин купуя сырынын ачылышы бизге "ажалдын" жеткени деген бүтүм чагылгандай жарк этип, өмүрлүк жары ак никелүү Убайданы жоопсуз калтырып, үмүтүн үзбөйүн деген ниетте, экинчи жагы айтпай койсом Убайданын көңүлү калып калабы. Мага ишенбөөчүлүк туулабы? Бара-бара ынтымактуу орозгерибиз бузу-

луп, очоктогу отубуз түтөп быкшып барып өчүп калабы деген түмөн түйшүк ойлор биринен-бири сала закымдап келе берип кең дүйнөсүн тарытат.

Акыры ак никелүү алганынын андай арамдыкка барбайт деген ишенимде, жок жаным, андай күндөр да кээ-кээде, маал-маалында болушу ыктымал деп купуя сырды четинен чечмелей баштайт. Мына ар жума күнү биз мечитке барып намазга жыгылып жатабыз, биз намазга жыгылганда ислам дининин шарты боюнча ушул намаз бүткөнчө башыңды, жаныңды алса да үндөбөй, каршылык көргөзбөө биздин негизги шарт. Бизге Алла тааланын буйругу деп айтаарын айтып алып тилинин учун жара чайнаган турбайбы Шах Жалил. Ай болбостур, эми болбостур деген боюнча Шах Жалил ордунан туруп белгисиз жакка бет алат.

Ортодон күндөр өтөт, түндөр өтөт, канчалаган суулар агып, мезгил-мезгилге тогошот, жылышып жылдар жаңырат. Ар кайсыл элдин, жердин өзүнчө шарты, үрп-адаты бар эмеспи, анын сыңарындай республикабыздын түштүк өрөөнүндө жылкыларды негизинен эр азаматтар айгыр аттарды минүү шарт болгон. Бычылган аттарды мингени чанда-чанда. Күнгө жума, айылдын аяк-башы эле эмес коңшулаш ислам динин тутунгандардын баары намаз жумага жыгылуу максатында азанаган айгырларын минип келишип, айгырларын бири-бирине кошоктой байлашып коюп даараттарын алышып, намазга жыгылуу үчүн мечитке кирип кетишет. Айрым адамдар аттарын жалгыздан ошол айлана-чөйрөдө өскөн ысырыкка байлай коюп, намазга жыгылууга мечитке киришет. Элдин баары дүнүйө капар, эч нерсе менен иши жок. Бир гана Шах Жалилдин жүрөгү туйлап бир шоокумду сезгендей, жанына тынчтык бербейт. Же эч кимге айта албайт, айтайын десе ага эч себеп да жок. Чийки май жегендей мечитке киргенде имамга эскертип кыска сүрөөнү оку деген өтүнүчүн билгизет. Имам болсо какаганга муштаган болуп айтып атса да шашкан бойдон узун сүрөөсүн баштап окуп, эл толук намазга жыгыла отуруп калышат.

Ушул учурда мурдатан пландаштырып камданып жүргөн караван башчысы жигиттери менен үч-төрт үйүр байталдарды айдай келишип азанаган айгырларга кошуп алардын тизгин чылбырларын тилишип кесишип бошотуп жиберишет да өздөрү мечиттин оозунан баштап намазда отургандарды катары менен бирден мууздап, баштарын ыргыта башташат. Динге бекем инсандар бул Алла тааланын буйругудур деп каршылык көргөзбөй "шылк-шылк" этип, көздөрүн жумушат. Оргуштап аккан кан арыктан аккан селдей болуп мечиттин эшигинен атырылып агып чыгат. Баш кесерлер тынымсыз аракеттенип, жүздөгөн, миңдеген адамдардын жанын алууга үлгүрүшөт. Имам баштаган узун сүрөө эми окулуп бүткөндө, намазга отурган үч-төрт катар эл аман калган экен. Келме келтиришип Алла таалага жарыл мечит дегенде, Алла тааланын буйругу менен мечиттин бурчу жарылып жол ачылып, калган адамдар мечиттен ушул бурчтан качып чыгып, ысырыкта байлан-

ган аттарга минип, эптеп-септеп кутулган экен деп айтылат уламаларда.

Кара жанын ала качып чыккан адамдар акырындык менен бирден-бирден чогулушуп отуруп кадимки Сары-Челек өрөөнүнө кире бериштеги пайгамбарлардын жайы деген жерге чогулушуп жашашып, анан ар кими Алла таалам насип кылган чар тарапка кеткен экен. Ошондогу качып чыккан пайгамбарлар (адамдар) кийин мекендеп жашап калган жерлер алардын ысымында калган деген уламалар да эл арасында айтылууда. Алар төмөндөкүлөр: Бозбу-Ата, Пач-Ата, Кой-Ата, Кочкор-Ата, Чолпон-Ата, Олуя-Ата, Шүдүгөр-Ата, Шамшакал-Ата, Ойсул-Ата, Баба-Ата, Камбар-Ата, Кулун-Ата ж.б.у.с.

Шах Жалил качып чыккан боюнча мекени Мединага кетип, ошол жакта жарыкчылык менен коштошот. Аялы Убайда болсо Фергана областынын Кокон шаарында жашап жүрүп, өлүмгө дуушар болуп Кокон шаарына коюлат. Ошол жума намазда башы кесилип алынган — 2700 ислам дининдеги адамдардын баштарын бирден тазалап жууп, катарынан коюп отуруп өзүнчө эле тоо (дөбө) болгон дешет. Аны бирден жууган капкара болгон негр түсүндөгү кыз экен. Ошончо миңдеген адамдардын башын жууп, катарга тизип чыкканча кара негр кыз Алла таалам дын буйругу менен аппапак кыз болуп калган деген уламалар да айтылат. Ал кыздын аты Саадат экен. Булан деген арабча Ак-Булан же Ак-Бермет деген мааниде. Биздин кыргыз тарыхында ал оңдолуп "Соот-Булаң" эле деп берилип жүрөт. Акыры бул Ак-Берметтин өлүгү да ушул эле мазарга коюлганынын айтышат.

Жогоруда биз айткан Шах Жалил менен Убайданын уулу Шах Вазил да эр жетип атасынын жолун жолдоп негизи Фергана өрөөнү боюнча ислам динине өтүүгө элди-журтту үндөп, ишендирүү, түшүндүрүү иштерин жүргүзгөн. Атасы Шах Жалил жашаган Сафет-Булаңда да ислам динин кабыл алууга үгүттөө иштерин көп-көп жүргүзөт. Акыры жарыкчылык менен коштошуп, сөөгү Сафет-Булаңга коюлат (Шах Вазилдин күмбөзү). Ал өлгөндөн кийин Шах Вазилге эл күмбөз курушкан. Шах Вазил күмбөзү 11-12 кылымдары курулган архитектуралык эстеликтердин бири.

Мазар айылы мурда (Сафед-Булаң) казыр (Гүлстан) кыштагы деп аталаарын эскерттик. 2002 жылы 31 августа аталардын жаткан жайына мен Төлөбаев Мухуддин, Токтогулов Тынчтык, Бөкөев Бээрман, Жумабаев Мурадил болуп барып Талкан, Коңурбай аталардын арбагына куран окуп Зиярат жасап келдик. Күмбөз бышкан кыштан салынган. Жалпы көрүнүшү төрт бурчтуу квадрат формасында келип, сыртынан эсептегенде 11,1, 11, 17 м ичинен өлчөмү 7, 85х7,85 м. Демек дубалынын калыңдыгы 163х167 см. Күмбөздүн бийиктиги 15, 37 м. Күмбөз терезесиз. Батыш тарабында бир кичирээк, түндүк тарабында үч эшиги бар. Ички көрүнүшү ар кандай архитектуралык оймо-чиймелер менен коздолуп, төбө тарабы арабча, фарсча диндик кайрылуулар жазылган. Күмбөздүн түп жагында короочосу бар, батыш тарабы анча

бийик эмес дубал менен курчалган. Күмбөздүн тегерегинде араб, фарс тилинде жазылган жазуусу бар. Орто кылымга таандык бейиттер сакталган.

Күмбөзгө 1947 жана 1951-жылдары Б.И. Засыпкин тарабынан архитектуралык изилдөө иштерин жүргүзгөндүгү адабий малыматтардан алынды. Жогоруда эл оозунда айтылгандардын көпчүлүгү илимий иликтөөлөргө төп келишээри маалимденип турат.

Ошол күндөн ушул күнгө жогоруда биз атаган Сафет-Булаң (Соот-Булаң) айылы Мазар кыштагы деп аталышынын себебин чечмелегендей болдук окшойт. Себеби миңдеген-миңдеген 2700 араб элинин башы мечитте кесилгенде ушул мазарга коюлган экен. Мазар болсо кичине бөксө тоонун этегинде орношкон. Ал эми ал бөксө тоонун башында болсо ислам дининин согушта желектерин алып жүрүүчү кожо Аламдардын мүрзөсү орун алган. Аламдар мусулман динindeги адамдардын согушта биринчи желегин алып жүргөн адам болгон. Бүгүнкү күндө да айлана-чөйрөдөгү эле эмес (Анжиян, Наманган, Ош, Жалал-Абад, Баткен, Бишкек, Баку, Иран, Хожет, Ташкент, Ирак, Алма-Атадан) бери ислам динине дилин берген инсандар келишип курмандыкка малын союп, сыйынышып (зыярат) кылышарына күбө болдук.

Сыйынууга келген адамар Шах Вазилдин күмбөзүн көрүшүү менен бирге Алла таалага абдан ишеним менен келген инсандар колубуту, бели ооругандар, мүрзөнүн күн батыш жагында 15 метр аралыкты (болжол менен) узундугу 1,80х туурасы, 1,0 метр келген "көк таштан" чалкасынан жатып, сыйгаланып түшүшсө эле алиги жабыркаган ооруларынан арылгандыгында да купуя сыр жаткан жокпу урматтуу окурман. Бул "көк ташка" — Сафет Булаң негр кыз каза болгон 2700 адамдын башын бирден алып ушул ташка коюп жууган таш.

Ал эми баш кошкон жубайлар балалуу болушпаса кожо Аламдардын мүрзөсүнө келип сыйынышкандан кийин балалуу болгондордун чексиз көптүгүнө кандай деген пикирдесиз?

Бүгүнкү күндө бул Мазар кыштагы жогоруда аталган айлана-чөйрөдөгүлөр эле эмес, көптөгөн жердеги элдер экинчи Мекке деп аташаарын эскере кеткенибиз оң болоор. Экинчи бир далилсиз чындык Мазар кыштагынын тургундарын керек болсо ички иштер кызматкерлери да башка шаарлардан кармаса, Мазар кыштагынын тургуну экендигин эскертишсе дароо кое бергенин башынан өткөндөр айтышууда.

Демек, ушул күнгө чейин дүйнөдөгү экинчи Мекке кайда экендигин ар бир эле атуул биле бербес. Ошондуктан өзгөчө белгилей кетели деген пикирибиз экинчи Мекке Кыргызстандын Жалал-Абад областына караштуу Ала-Бука районундагы Мазар кыштагында жайгашкан. Экинчи бир эске ала турган нерсе республикабызда болжол менен үч миңден ашык айыл-кыштак болгону менен Мазар деген кыштак бирөө гана. Ал эми башка кыштактар мисалы Кара-Суу ар бир областа бирден-экиден кездешет же Кашка-Суу ж.б.у. сыяктуулар көп кездешет.

Мазар деген ата-бабалардан бери келе жаткан кеңири түшүнүк

боюнча адамдардын сөөгү коюлган ыйык жерлер эмеспи. Дээрлик көпчүлүк жерлерде мындай мазарларга өткөн-кеткен адамдар, же атайы келишип бата кылышып, кан чыгарып (мал союп) зыярат кылышаары баарыбызга белгилүү. Мисалга алсак Баткен областынын Кадамжай районундагы Ак-Суу, суусунун төрүнөн орун алган Өзбекстанга караштуу Шахи-Мордан кыштагында өзбек элдинин алгачкы революционери Хамза-Хакимзадени учурунда өзбек бай-манаптары тарабынан ташбараңга алынып өлтүрүлгөн. Ошо күндөн ушу күнгө чейин өзбек эли агылып туш тарабынан айрыкча июль айларында Самарканд, Бухара, Ташкент, Наманган, Ош, Анжиян, Фергана, Сыр-Дарыя, Кашка-Дарыя ж.б. жактардан сыйынуу үчүн малын ала келишип, бата кылып тыңыраак жашаган үй-бүлөлөр жыл сайын келип, сыйынышуусу адетке айланган. Жогоруда биз сөздөп отурган Мазар кыштагындагы абал да ушундай эле экенин жергиликтүү элдер сөздөшөт.

Жергебиздеги биз кеп салып отурган мазар (Гүлстан, Сафет-Булаң) кыштагынын көпчүлүккө билинбеген тарыхы ушундайча экени ар кимге эле маалим эместир. Кыргыз жергесинде жогоруда аталган "Ата" — деп коюлган жердин аттарынын да себеби бизге маалим болду.

Талкан бий жер оодарып көчүп, түштүк өрөөнгө барганда Коңурбай 6-7 жаштагы, Кошой болсо 4-5 чамаларындагы балдар болгон деген уламалар бар. Демек бул ага-туугандардын балалык бактылуу күндөрү негизинен ушул Сафет-Булаң кыштагынын чөйрөлөрүндө өткөн. Кышкысын Мазар, Заркент, Жылаңач, Бал-Көл, Чартак деген жерлерде кышташса, жаздын келиши менен Чанач суусунун эки тарабы менен Беш-Көл тараптарына андан ары Чапчыма ашуусун ашып айтылуу Чаткал жайлоосун жайлашчу тура.

Жайы-кышы төрүнөн музу эрибеген Муз-Төр тоосунун батыш тарабын мекендешкен. Ал эми күзүндө болсо Ак-Тамдын айланачөйрөсүн, Кызыл-Ата, Караван, Ала-Бука райондорунун түзөңдөрүндө күздөшүп анан кайра кышкы кыштоолорго орун которушчу экен. Жылдардан жылдар өтүп Кызыл-Жар өрөөнүнө отурукташып, Бозбу-Ата тоосунун түштүк-чыгыш тарабын жайлашкан.

Ал эми Жайыл атага келсек 1705-жылдарда жогоруда көрсөтүлгөн (Сафет-Булаң) Мазар (Гүлстан) айылында төрөлгөндүгү жөнүндө адабий маалыматтарда белгиленген. Жайыл төрөлгөндө атасы Коңурбай болжол менен эмес, адабий такталган маалыматтарга таянсак (1668—1705-жылдары) отуздун жетилериндеги мезгили экен. Талкан бий кайрылып туулуп-өскөн жерине келүүнү көздөп, 1698-жылдары Чүй өрөөнүнө чейин келип ал-ахвалдардан кабар алганга келгенде калмактардын башчысы ЦЭВАН-РЫБДАН (1687—1727-жж.) андан кийин Галдан ЦЭРЭН (1727—1745-жж.) хандык бийлигин өткөрөт. Чабыттап келген Талканды сезип калган Цэван Рыбдан сес көрсөтүп, кайра анын келишине каршы экендигин туйдурат.

Биздин көңүлдүн борборун бура турган нерсе — бул Коңурбай

жаштайынан төрт-беш жашында атасы менен жогоруда аталган жерлерге барышып, балалыгынын балдай кези ошол жерлерде өттү деп белгиледик. Демек жаш өспүрүмдүн жетилип, жигиттик калыптануусу бүтүндөй ошол жерлик негизги тургундар менен бирдикте өткөнү көз алдыда элестөөдө. Болгон адабий маалыматтарда көрсөтүлүп белгиленбегени менен Коңурбай бой жетип үйлөнгөнү, ал эле эмес 1705-жылы Жайыл аттуу уулдуу да болгону айтылууда. Андай болсо Жайылдын энеси, Коңурбайдын алган аялы кайдан болгон деген суроо туулат. Албетте ошол жердеги жергиликтүү тургундардын кыздарынан эмес деп ким далилдей алат. А балким жогоруда көрсөтүлгөндөй айтылуу Шах Жалил менен Шах Вазилдин урпактарынан тарагандар болуп жүрбөсүн? Ооба андай да болушу ыктымал. Анткени Мазар кыштагында болгон кыргында миңдеген-миңдеген /2700/ ошол өрөөндө биринчилерден болуп ислам динин кабыл алган инсандардын башы кесилбедиби. Ооба, алар каза болушту, өлүштү. А бирок алардын үй-бүлөлөрү, бала-чакалары, уул-кыздары калып тукум уланып отурбайбы. Демек, жогоруда биз атаган Коңурбайдын, Кошойдун да алган аялдары Сафет-Булаңдык кыпчактардан, жергиликтүү кыргыздардан экендиги өзүнөн өзү айгинеленүүдө.

Талкан бий туулуп өскөн, киндик кан тамган жерди, Сары өзөн кең Чүйдү эңсеп мекендеген Сафет-Булаңдан жоокер жигиттери менен бир эмес бир нече жолу кайра келип калмактарды чабыттап келип бирок жер жайнаган калмактарга каршы турууга мүмкүн эместигине көзү жетти. Калмактар да Талкан качан келбесин ага карама каршы куугунтукка тынымсыз алышып тынчтык бербеген. Талкан бий келген сайын бул жерде калган кыргыздар менен жолугушуп калмактарга каршы үгүттөө иштерин жүргүзүп бүтүндөй кыргыздар ынтымакта болуп бардыгы бирге калмактарга каршы аттанып кармашканда кана ийгиликке жетээрин баяндаган. Калмактарга карама каршы кармашты коңшулаш казак элинде да уюштуруу өзүнүнүң оң таасирин берээрин айтып, керек болсо мындай ишке алар менен бирге чыгууну үндөгөн. 1698-жылдары Талкан бийдин Чүй өрөөнүнө келип жүргүзгөн чабыттоосу натыйжасыз болуп кайра мекендеген Сафет-Булаңга келет. Солто, сарбагыш урууларынын басымдуу көпчүлүгү өз элинен четтеп жүргөнүнө билинбегени менен алтымыш-жетимиш чамалуу жылдар өттү. Жер ооганы солто элине кыйынчылыктан кыйынчылыктар күчөгөндөн күчөп көптөгөн азап-тозокторду баштарынан өткөргөнү талашсыз.

Элибизде ачуунун-таттуусу, жамандын-жакшысы бар демекчи. Жаңыдан түштүк жергесине көчүп келгенден беш-алтылардагы Коңурбай менен Кошойлор бой тирешип азамат жигиттерден болушту. Талкан бий удаа бой жеткен азамат уулдарына куда-сөөк иликтеп экөөнү тең үйлөнтүп, кудайдан кош колдоп ошолордун амандыгын тиленүүдө. Андай дегенибиздин себеби жогоруда белгилегендей Талкан бий жер ооганы утуру кемигенден кемип өлүм басты болуп отурбайбы. Ошондуктан кудайга миң мертебе жалынып деги эл ичинде бөөдө кырсык,

өлүм житимден аман болсок экен деп, кудайым берээрин унутпаса экен деген ниетте тиленди. Элибизде "жакшы ниет, жарым ырыс" — демекчи Талкан бийдин Коңурбай уулунун келинчеги көз жарып уул төрөдү. Талкан бийдин кубанычы койунга батпай, жаңы төрөлгөн наристеге ырымдап купуя сын менен "Асан" чакырып Жайыл деген ысымды ыроолоп аташты. Ылайым укум-тукуму жаманчылыкты көрбөй өсүп-өнсүн деп, кудайга басса-турса тиленип. Арадан анча мезгил өтпөй Кошой уулунун келинчеги да көз жарып дагы эркек бала төрөлөт. Сүйүнчүлөп келген бул кабарды уккан Талкан бий сабырдуулук менен ойлонуп элибизде "туулганына эмес тураарына — сүйүн" деген макалын эске алып, Мазар айылынын жергиликтүү тургундары өзбектер (сарттар) болгондуктан чоң ата небересине ырымдап Жамансарт деген ысым ыйгарышкан. Максаты жаңы төрөлгөн ымыркай наристелер көзүкпөй айылдагы жаман сарттардай эле болуп аман-эсен болсо экен деген ниетинде.

Эскере кете турган нерсе Коңурбайдын уулу Жайыл баатырдын төрөлүшүн Тынарбек Суранаев өзүнүн "Бий Жайыл баатыр" деген китебинде 1705-жылы деп белгилеген. Ушундай эле маалыматтар башка адабий булактарда да 1705-жылы деп берилген.

Ал эми Жайыл атанын тарыхын изилдеген айрым авторлордун ой корумунда, Жайыл баатыр 1710-жыл төрөлгөн деген пикирлерин билгизишкенинен маалыматтар бар. Албетте талаштан тактык жаралат дегендей, дагы окурмандарда кошумча так маалыматтар болсо андан да жакшы болмок.

Ошентип Жайыл Фергана өрөөнүндөгү Жалалабат областына караштуу Алабука районундагы Актам айыл өкмөтүндөгү Мазар (Сафет-Булаң, Гүлүстан) айылында 1705 жылы төрөлгөн.

Элибиздин терең катмарына сиңген бир акылдуу төмөндөгүдөй ой толгоолор бар. Энеден эркек бала төрөлүп "баа" — дегенде эле ач кыйкырык салып элим меники, жерим меники деп, төрөлөт дейт. Ал эми кыз бала төрөлсө "элим башка, жерим башка" деп төрөлөт деген макал сөздөрү бар. Анын сыңарындай Жайыл төрөлгөндөн эле анын энчисине кыргыз элинин тагдырына жанын үрөп күрөшүү бешенесине жазылгандай. Ата-эненин алпештеп бөпөлөөсүнө кумары канбай калды. Жаш кезинден атасы Коңурбай өлүп.

Алды менен Жайыл деп келечекте ак тилек үмүт менен укум тукумум жайылса экен деген чоң атасы Талкан бий жарыкчылык менен кош айтышып, көксөгөн көп максаттарына жетпей кетти. Элибизде жаманчылык бир келсе коштоп келет дегендей, арадан көп убакыт өтпөй Жайылдын өз атасы Коңурбай өлүп жетимчиликтин шыбагасын толук тартты. Алды менен атасынын аталаш иниси Бакынын колунда жүрүп күн өткөрүп жүрөт. Бакынын байбичеси жетим баланы кагып-согуп дегендей өтө кор кармап запкы көрсөтөт. Бул жашоонун өтүшү акырындык менен Кошой бийге да жетет. Күндөрдүн биринде Кошой бийдин алдынан чаначка суу көтөрүп-көтөрө албай бараткан чийдей

болгон Жайылды көрүп, уккандары ушак эмес, акыйкат чындык экендигине көзү жетип минген атынан түшүп чаначты тилип суусун агызып, жакшыдан калган жалгызымды кор кылбайм деп, атына учкаштырып үйүнө алып кетет. Мына ошол күндөн баштап Жайылды тарбиялоо иши Кошойдун көз алдында өтөт. Кошой бий басса-турса Жайылды бирге ала жүрүп ар нерсеге үйрөтүп, таалим-тарбиясын берет. Өзүнө энчилеп ат токуп берип жаа тартканга үйрөтөт.

Жайыл байагыдай чаначтап суу көтөрбөй, өз атын токуп минип агасы Кошойду ээрчий бастырып эл тааныды жер тааныды. Өзү кырдуу балдар менен аралашып ат оюндарына катышып кылыч кармап, жаа тартып, оодарыш, күрөшүнө катышып кадимки эр жигиттердей күн санап калыптана баштайт. Колу бошой калганда жылкы четинде болуп, чарбалык иштерди да Кошой бийге айттырбай өз колуна алат. Булардын баарын сыртынан баамдаган Кошой бийдин ичи жылып дагы кошумча тапшырмаларды дайындап, эр жигит деген өз алдынча болуп ар нерсени айттырбай аткаруусу керек деген акыл-насыяты менен колдоо болот. Элибизде "жакшы сөз жан эргитет" дегендей Жайыл агасы Кошойдун айткандарын кадимки мыйзам катары кабыл алып, аларды кынтыксыз аткаруу менен бирге, бул аткарган иштерин агасы Кошой бийге айтып, дагы кандай тапшырмаларды берээр экенин күтөт.

Ошентип атасы Талкан, агасы Коңурбай өлгөндөн кийин солто элинин бардык түйшүгү Кошойго өтүп, ал бий аталат. Кошойдун жеңилин жерден, оорун колдон алган агасы Коңурбайдын уулу Жайыл болот. Кошойдун өзүнүн Жамансарт, Момокон деген балдары Жайыл менен барабар чоңойушканы менен жатындаш бир тууган агамдын уулу деп Жайылга көбүрөөк көңүл буруп, кайда барса да Жайылга таалим-тарбиясын көбүрөөк берүүгө далалаттанат. Кокондон молдо алдырып Жайылды сабаттуулукка, арапча окуганга үйрөтүп, илим билимдин тунгуюк сыр-түйүнүн чечмелөөгө дилгирленет.

Атасы Талкан бий өлөөр алдында ага-туугандарын уулдарын неберелерин чогултуп өтөөр кетээр бул турмуштун оомалуу, төкмөлүүлүгүнөн сөз сүйлөп, көптөгөн максаттарынын орундабай калганын, өзү жетпеген өзү аткара албаган асыл ой максатын балдары-неберелери эстен чыгарбай аны иш жүзүнө ашыруусун өтүнөт. Киндик кан тамган туулуп өскөн жеринин топурагы буйрубай минтип ара жолдо өлүм алдында жатканын эскерет. Кудайдан балдарынын, укум-тукумунун амандыгын тилөө менен бирге Кең өзөн Чүй боору биздин ата-бабалардын эли-жери экенин эстен чыгарбай мекениңерге көчүп баргыла деген керээз кептерин айткан тура.

Атасынын керээз кептери Кошой бийдин ойунан кетпей басса-турса эстей берчү болду. Акыры инилери Бакы, Багышанды, өлгөн агаларынан калган жетимдерди Байболоттон — Кедей, Коңурбайдан — Жайыл жана Делдеңден — Райымбектерди алып жалпы солто элин өзү көч башын баштап, сарбагыш элине Маматкулду башкартып эрте жаздагы ала шалбыртта жолго чыгышат. Ошентип Кошой бий анын

жандоочу иниси Жайыл уулдары Жамансарт, Момокону баштаган көч, акырындык менен көчүп конуп отуруп Көкбел Кетментөбө ашууларын ашып Үч терек өрөөнүнөн тоо этектеп Коңур Өгүз жайлоосуна туруп калышат. Жери оттуу жайлуу, жайы салкын, кышы жылуу болгондуктан бул жерди мекендеп Кошой бий жашап калганы менен түпкү максаты ата-теги туулуп өскөн Сары-Өзөн кең Чүй көкүрөгүнөн кетпейт. Мезгил мезгили менен жерине көчүп келүүнү эңсеп дайыма калмактарды чабыттап өңүтүн таппайт.

* * *

Калмак элинде Контаажынын Табачы менен Сунусунун ортосунда тымызын так талашуу өкүм сүрүп бири бирине жоо болуп арыздашып калышат. Контаажы аларды жараштырууга канчалык далалат кылса да эч натыйжа болбой, алардын нааразычылыгы күчөгөндөн күчөй берген. Калмактардын ич ара ынтымагы ыдыраганы, кыргыздарга мурдагыдай кыргыйдай тийиши басаңдап калат.

Калмак элине узак жылдардан бери бийлик башындагы Галдан Церендин оорусу күчөп калмактардын арасындагы ынтымак ыдырап ар кими өз алдынча бийликке жетүүнү көздөй баштады. Акыры алка жакадан алган ажалдан Галдан Церен каза болду. Бийлик ата мурасы катары үч жашар уулу Цеван Доржчиге келди. Үч жашар бала хан аталганы менен бийликти эжеси аткара баштады. Галдан Церендин жээни Амурсананын хандык бийликти алууну көздөгөн көксөөсү суу-бай ак эткенден так этти. Мына ушундай эле хандыкты кандай жол менен болсо да алууну көздөгөн калмактардын билерманы Дабачы урунаарга тоо таппай, урушаарга жоо таппай акыры экөөнүн чабышы башталып, Амурсанынын жоокерлери жеңилүүгө дуушар болду. Амалдуу Амурсане жеңилүү ызасын кайтаруу үчүн кытай өлкөсүнөн жардам сурап барып кытай императору Хун Линге жолукту.

Кытай императору Хун Лининин көктөн тилегени жерден табылып максаты орночудай туйулуп, калмактын Амурсанасын кабыл алып, арыз муңун укту, максатын билди. Амурсане кытайдын жээни экендигин билгизүү менен эгерде калмактарды талкалагандай кол берсе аларды улуу кытай элине баш ийдирээрин баяндады. Амурсанеге кытай императору ойлонушалы деп, ага чейин дем алууну сунуштады. Өз ичинде ойлогон максаты орундаарын элестетип Амурсанынын көңүлү аз да болсо тынчыгандай болду. Император болсо аскер башчыларын чакырып алып кеңеш курушту. Аскер башчысы бул өтүнүчтү сөзсүз орундап калмактарды калмактардын өз колу менен талкалоону сунуштаган пикирин билгизди. Хун Линдин жүрөгүндөгү дегдөөсүн түшүнгөн аскер башчысына ичинен ыраазы болуп, мен дагы ошондой деп ойлодум эле, экөөбүздөгү ой-максат бирдей экен деп ачыгын билгизди.

Эки күндөн кийин Амурсананы император чакыртып өтүнүчүңдү орундатайын, бирок эсиңде болсун айткан убаданы орундата албай чыккынчылык кылып шертти бузсаң сага өлүм жазасы берилет деп,

кесе айтты. Амурсана убада аткараарын дагы бир кайталады. Хун Ли өз генералын аскер башчылыгына дайындап, Амурсанга кошуп жөнөттү. Жер жайнаган кытай аскери жер жайнаган камгактан көп калмакты жер менен жексен кылып кырып, жойуп канын дарыя кылып агызды. Кытайлар калмак калкынын катын баласына, улуу-кичүүсүнө, чоң кичинесине карабай теп-тегиз кырып жок кылышты. Амурсананы кытай аскер башчысы генерал жанына да жолоткон жок. Акыры Амурсана кара жанын араң алып зорго качып кутулуп, орустар тарапка баш калкалоого качты. Жолдо бара жатып күнөөсүз калмактарды кырдырганына өзү-өзүнө наараазы болуп, зээни кейип, акылсыз эссиз, арсызнамыссыздыгын мойунга алды. Бирок бул күнөөнү мойунга алуу кеч болуп калган, анткени кечеги бийлик талашкан калмак калкы жер үстүндө жок болуучу.

С. Закировдун санжырасы боюнча Талкан бийдин Чачыкан аттуу аялынан Коңурбай, Кошой, Жаркын эже Бакы, Багышандар деп жогоруда айтылгандай. Жаркын эже Белек бийдин аялы болгон. Андан Алдаш, Алдаяр, Саты, Токой, Токоч деген балдары болуп тукуму көп тараган.

Кошой бий Сафет-Булаңдан Кетментөбөдөгү Коңур Өгүзгө көчүп келгенде күйөө баласы (карындашы Жаркындын) эри Белек бий кайнагасына өрүлүктөп барбай, үйүнө мейманчылыкка чакырып кабар жиберет. Атайы күйөө баласы кабар берип чакырткандан кийин Кошой бий жалгыз өзү мейманчылап кете бербей жанына Дорбобаш, Койкон, Назар, Чоңтаман, Кенже, Иткүчүк, Жайылдарды ээрчите барат. Өзүңүздөр билгендей солто, сарбагыш эли калмактар менен каршы согушпай жер оодарып көчүп кеткенде. Белек качпай калмактарга ак үйлүү болуу менен бирге бий болуп эл башкарып бийлеп калган. Демек солто элиндей болуп конуп көчүп малы кырылып эли өлүм житимге дуушар болгон жок. Аларга салыштырмалуу телегейи тегиз дегенчилик. Суулуу жерлерге дан эгиндерин эктирип эли-журтунун карды ток, кайгылары жок. Мейманга келген кайнагасы Кошой бийдин ээчите келген жигиттерине ирээнжип Белек бий анча жактыра бербей, каш-кабагы салыңкы кабыл алат. Анысы аз келгенсип Кошой бийге угулаар-угулбас кылып, тентип жүрүп буга жигит ээрчиткенди ким койуптур деп кобурап бир кичине козу сойдуруп меймандайт. Козунун эти бир кайнап бышып, тамак тартылганда Белекти кара теке сүзүп Дорбобашты шылдыңдоону көздөп, сый түрүндө бешбармак сугунткан киши болуп арасына томукту кошо сугунтат. Бул кытмыр арамчылыкты сезе билген Дорбобаш этияттык менен томукту жара чайнап жутуп жиберип эч нерсе болбогондой сыр бербейт. Белектин ойлогон ойу ишке ашпай, тилеги таш кабат. Анын жаман ойу боюнча Дорбобаш томукту жута албай какап-чакап калса, тамак жегенди да билбейсиң, бу ачкөздүгүң качан калаар экен деп мазактап күлгүсү келген. Күйөө баласы Белек бийдин мындай келекелөө, арам ой-максаттарын сезип отурган Кошой ичинен ыза болуп, көкүрөккө кек түйүп калат. Арадан көп уба-

кыт өтпөй Белек бий сарбагыш элинен Маматкулду да мейманчылыкка чакырат. Маматкул туугандар чакырып жатат деп сыймыктанып кыргыздын каада, салт, үрп-адаты боюнча жан жөкөрлөрү, ага-туугандарын кырктай адамды ээрчитип келип түшүп калышат. Белек болсо аны да жактырбай кабыл алып, кырк кишиге козу сойуп меймандайт. Белектин бул кылыгы Маматкулду көз-көрүнө шылдыңдап, мазактаганы эле. Ошол мезгилдин, замандын талабына жараша бул иш өтө уяткаруу маскаралап шылдыңдоо эле. Албетте бүгүнкү замандын агымында мейман чакырып тоок сойсоң де, өкүнүп-өксүбөй, таарынып-урунбай мейманың кете берет. Анткени замандын агымы элдин көз-карашы, аң-сезими, карым катнашы үрп-адаты баардыгы толук өзгөрбөдүбү. Анткени бүгүнкү адамдар керек болсо тап-таза андай учурда чакырбай деле койоору айдан ачык. Мына ушинтип кыргыздар арасына бирибирин келекелөө, шылдыңдоо, кордоо, бири-бирине тишин кычыратып кектөө кайрадан билинбей башталган. Айрым учурда ойлонуп отуруп кыргыз калкына мындай кулк мүнөз канына сиңип калганбы же каны менен кошо жаралганбы деген ой сымаптай кылтыңдап жаныңа тынчтык бербейт. Кайсы арыбызга жумурткадан кыр чыгарып, болбогондон чыр чыгарганыбыз, чыгарган деп сар санаа болуп түбүнө жете албайсың.

Белектикинен мейман (шылдың) болуп келген Маматкул дароо эле Кошой бийге келип кеп-кеңешин ортого салып, Белектен катуу ыза көргөнүн, ал Маматкулду ага-тууган, жоро-жолдошторуна кепке кемтик, сөзгө-сөлтүк кылганын өпкөлөп айтып берди. Кошойдон жооп күтө, Белектин түндүгүн түшүрө чаап, көпкөн желин аз да болсо чыгарбасак, деги эле Теңирин тааныбай кеткенин баяндады.

— Кошой бий, сабырдуулук менен өзүн токтоо кармап, өтөөр, кетээрди, жоокерлеринин ал күчүн, жоого минилүүчү аргымак аттарынын абалын элестетип, ошондой эле бир жатынды тээп түшкөн кара чечекей карындашы Жаркындын бала чакасы менен тагдырын көз алдына элестетип — Маматкулга жөн жайды айтып, кантип чаап алабыз, жоого минээр атыбыз көтөрүм, жоону чабаар кылычыбыз болбосо, жоокерлерибиз ачарчылыктын айынан ач-жылаңач болсо деген жүйөөлүү себептериң айтат.

— Бул жоопту уккан Маматкулдун көңүлү ыргылжың болуп, бирде макул көрсө, бирде макул болбой ойлуу жер тиктейт.

— Муну байкап отурган Кошой бий, ашыкпа баатыр, андай эле Белек бийди чапкың келсе, эл-журттун кара курсагы тойунаар бышыкчылык болсун, мингич аттар оңолуп жоого мингенге жарасын деген сунушун айтат.

— Деги эле бугу элинин бийи Белек эмес, бүтүндөй жигиттери Солто, Сарбагыш элин “тентип” келгендер деп, ар качандан, бир качан көпчүлүк калайык калк алдында кемсинткени-кемсинткенге айланып басынтып турушчу. Бугу элинин тургундары уюшуп “жоро бозо” — ичишээр эле уюштуруп. Албетте андай “жоро бозо” ичиштин (отуруш-

тун) эрке баласы болуш керек. Бугу элинин бийи да эрке баласы да Белек бий болгон. Белек бийдин заманы болуп, суусар тебетейди сүлкүлдөтө кийип, "урунаарга тоо таппай, урушаарга жоо таппаган" чалчактап турган мезгили.

Албетте жалпы калайыктагы жашоо-турмуш өз алдынча болгону менен түштүктүн Сафет-Булаңынын туулуп өскөн жерибиз деп, көчүп келишкен солто, сарбагыш элдеринде бөтөнчө дан азыгы жетишсиз болуп ачарчылык алка жакадан алып турган. Нанга болгон көксөө жаш балдарды эле эмес кечээ эле эл бийлеп турган, журт башчыларын да кууураган куу кекиртек мүгдүрөтүп "саламчы" кылып койгонунан болгон бир окуяны ортого салалы.

Арыкчылык, жазга маал, сары кар жаап жер алашалбырт, адеттегидей бугу элинин жигиттери уюшулган жоро ичип чардап ойноп куунап отурушкан. Карыны ач Маматкул көк өгүзүн минип өтүп баратып ниети бузулуп напсин тыя албай "саламчы" болуп жоро ичип отурган мырзалардын үйүнө кайрылып келе жатканын байкаган сырттагы күзөтчү жигиттери дароо үйдөгүлөргө сарбагыш элинин беги Маматкулдун келе жатканынан баягы Маматкул келе жатат деп кабарлап жатканын Маматкулдун кулагы чалып калат. Айла жок, намызданып кетип калайын десе карыны ач, шайтан шыкактап...

— Маке кир, кире бер деп азгырат, кулакты жапырып уккан сөзүн укпаганга салып көк өгүзүн боз үйдүн кырчоосуна байлап, куду чакырылган кадырлуу меймандай "саламын" айтып кирип барат. Үйдө жоро бозо ичкендер эч нерсени укпагандай, эч нерсени көрбөгөндөй өздөрүнчө дуулдашып, Маматкулдун саламын да алик алышпай, аны киши келдиби, ит келдиби дегенчилик сезишпей, бири бирине бозо аякты Маматкулду аттата сунушуп бозолорун кере-кере жутушуп машырлана беришет. Бир оокумда төрдө куш жаздыкты жамбаштап жаткан Белек бий "эрке бала", Маматкулду эми эле көргөндөй болуп чоочуган кишидей оп-пээй! Маматкул бий келип калган тура, бийге бозо, бозо куйгула деп буйра сүйлөйт. Маматкулду айыпка жыгып, кепке кемтик кылуу максатында чоң чакага толо кордогон бозодон куйуп сунушат. Демек баары түшүнүктүү, салт боюнча Маматкул колуна алган бозону бир дем менен жутуп түгөтүү. Бул шарт бузулса, жээ иче албай кусуп койсо өмүр бою "баягы Маматкулча" деген лакапка калмак. Эки тизесине чөк түшүп отурган Маматкул сунулган чоң челектеги бозону кош колдоп алып жута баштайт. Челек жарымдап калганда Маматкулдун башындагы түлкү тебетейине жабышкан сырттагы лапылдата жааган кар, акырындык менен "тып-тып" деп, Маматкул ичип жаткан челектеги бозого тама баштады. Мунун баарын байкап отурган Белек бий, бөтөнчө боорукерленип, олда Маматкул аке! кантесиз деги? — алдагы тебетейиңиздеги карды силкип таштап ичиңизчи жарыктык десе, куду эч нерсе көрбөгөндөй жутунбай деп сөз менен чымчылап өттү. Маматкул болсо, Белектин бул сөзүн укпагандай, калган бозону акырына чейин түгөтө жутуп, челегин жерге койуп, туруп бара жатып,

— тебетейди силкээр кезде силкээрбиз деп, чыгып кетет. Кырчоодогу көк өгүзүнө минип ушу жүрүштө туптуура Кошой бийге келип, Белек бийдин, бугу элинин буулукқан жигиттеринин иштеген ишин төкпөй-чачпай айтып бүтүп. Бугуларды чабабыз, мени кордоп, шылдыңдашты деп, чечкиндүү айтты. Маматкулдун дагы ачууга алдырып жатканын сезген Кошой, өткөндөгү айткан сөздөрүн эскерип, дагы макул болбойт.

Кошойдун макул болбогонуна ачуусу келген Маматкулдун айтып турганы:

Байгара менен Жамбылда,
Тойлогондо бирге элек.
Калмак Калы, Кутунун,
Кан ичкенде бирге элек.
Колоп менен Ысырда,
Ыйлаганда бирге элек.

Маскаралап, Белек бий,
Бозосун сунду бир челек.
Экөөбүздү кордоодо...
Бугудан чыккан бир Белек.

Качанга чейин Кошой бий,
Чабабыз десем, кой делет?
Кошоматтык эмеспи?
Жээ коркоктукта бир себеп. — деп таарынат.

Маматкулдун таарынычынын жөндүү экенине, мойун сунган Кошой бий, саал үн дебей отуруп, бирок мурунку чечиминен, бүтүмүнөн кайтпай, ашыкпа баатыр, ашыкпа, аз калды Көкө Теңир колдосо өч алуу менин да эсимди эки кылып, айламды алты кылып, шайымды оодарып тынчым кетет деп агынан жарылат.

Арадан мезгил шуулдап соккон шамалдай өтүп жайдын саратаны келип эгин бышып, эл токчулукка марып, мингич аргымактар оордунда ойдолоктоп Кошой бий күткөн мезгил да жетип келет.

Күндөрдүн биринде Кошой бий таң багымдаттан туруп, жигиттеринин бирин Маматкул бийге чаптырат убактысы болсо келип кете алаар бекен деген сөзүн айтып. Бул кабарды уккан Маматкул дароо Кошой бийдин алдына, саламын айтып кирип келет. Кошой бий Маматкул менен учурашып аманчылыкты сурашкандан соң, Маке ала жаздан бери айтып келе жаткан өтүнүчүңдү иш жүзүнө ашыраар мезгил келгендей шекилди кандай дейсиз? — дегенде, ушул эле кепти күтүп турган Маматкулдун көздөрүнөн нур жайнап, сиздин бир ооз эле сөзүңүз, сиз кандай десеңиз баары айтканыңыздай болуп аткарылат деп, кайра Кошойду тиктеди.

Экөө шашпай чай-пайлашып, байтал бээнин бал кымызынан ичкенден кийин ээрчишип сыртка чыгып обочороок жердеги дөңсөөнү карай басып барып, тулаңы белден буралган бул дөбөчөгө жамбаштап кынтайышып кеп-кеңешин улантып, мерчемдүү бир күндү болжоп тымызын жоокер жигиттеринин баарын камдоо боюнча бир бүтүмгө келишти.

Болжогон күн да жетип келди. Солто элин Жайыл баштаган жигиттер, Сарбагыш элинин Маматкул баштаган жигиттери менен бирдикте толук курал жарактары менен жер жайнаган жоокерлер Бугу элинин эрке баласы Белек бийдикин көздөн келишет. Көзүң жаманчылыкты көрбөсүн, жер жайнаган курал, жарактуу Солто, Сарбагыш элинин жоокерлерин көргөн Бугу элинин шаштысы кетип, амалы куруйт. Анткени өздөрүнө салыштырмалуу Солто, Сарбагыш элинин жоокерлери эки-үч эсеге көптүк кылаар эле. Дароо саяктын эр Садырына ат чаптырып калыстыкка алдырышып, ортого салышат. Садыр баатыр Бугу элинин өтүнүчүн, "аз айып, көп күнөөбүз болсо кечиришип койушсун" — деп, өтүнүп жатышканын Солто, Сарбагыш элинин өкүлдөрүнө Жайыл менен Маматкулга айтып келет. Маматкул болсо бир кездеги Белек бийдин жасагандарын эстеп, бугуларды шаап-шөкөттөнтпөй эле түндүгүн түшүрө чабабыз деп жулунат. Ага жаш болсо да Солто элинин өкүлү Жайыл жок Маке карапайым элде эмне жазык бар, сени кордогон, шылдыңдаган бир Белек бий, сабыр кылыңыз деп Маматкулду токтотот.

Мезгилинде жөн жүрбөй көздөй кайнагасы, Кошой бийди, Маматкулду да шылдыңдап күлгөн күндөрү Белек бийдин көз алдына сыдыргага тарткандай элестеп өтүп, элибиздеги "жакшы болуш аста-аста, жаман болуш бир паста" — деген макалынын чын экендигине өзү күбө болуп оозунан келмеси түшүп, жашоо кандай болуп кетээр экен деп, Садыр баатыр келгенче амалы куруйт.

Жайыл менен Маматкул элчиликке келген Садыр баатырдан Бугу элинин өтүнүчүн ал жайын билишкенден кийин.

— Андай болсо Белек бий (эрке бала) тогуз байынын кызын себи менен берсин. (бей-бечара, букарасыныкы өтпөйт).

Алар менен бирге ар малдын түрлөрүн кошуп жер карартып түмөндөгөн малын берсин, дешет. Эгерде Белек бий бул айтканга көнбөсө жоо жарагын алып каршы алдыбызга келсин, кимдердин "тентиптентибегенин" — териштирээр мезгил келди деген саламдубаларын билгизишет.

Ортодогу калыс Садыр болгонун болгондой Белек бийге, аны менен бирге Бугу элинин кадырлуу бай-манаптарына айтып барат.

Эки элдин ортосунда мындай жооптуу, каадалуу сүйлөшүү, келишимдер жүрүп жатканда Солто, Сарбагыш элинин куралчан жоокерлери карап турабы, утуру "Солто" — деп ураан чакырып, Жайыл деп, утур бакырып жаатташып улак тартышып, эр оодарыш, жаа тартмай, балбан күрөштү өткөрүшүп Бугу элинин жүрөгүнүн сесин андан бетер

алгандай түрлөрү бар. Садыр баатырдын Солто, Сарбагыш элинин айткан талабын угушуп, Бугу эли үн сөзсүз тынып калышты. Кечээ эле чечекейи чеч болуп булбулдай сайраган эрке бала Белек бий куду дудук немеден бетер үнсүз, сөзсүз мисирейет.

Бул абалды байкаган Садыр баатыр ого бетер шыкак болуп, эгерде айтылган талапка көнгүлөрү келбесе ага деле макулбуз, курал жарактары менен чыгышсын деп, менимче Солто, Сарбагыш эли адамкерчиликтүү, адилеттүүлүк кылып жатышат. Болбосо бизди шылдыңдаган Белек бий, (эрке бала) эле деп, үн дебей эле капыстан келип түндүгүңдү түшүрө чаап, эр азаматтарды өлтүрүп катын-кыздарыңарды күң кылып, мал-мүлкүңөрдү толук талап кетишсе, жоону ким кой дей алмак.

А да болсо Кошой бийдин анын айтканын аткарган Жайыл баатырдын көсөмдүгү айкөлдүгү, акылмандыгы. Кыргыз эли күнөөсүз кырылбасын дегени ак дил кең пейилдиги — деп эр Садыр калыстык сөзүнөн бүтүм чыгарып, жообуңарды батыраак бербесеңер улак тартып жүргөн көпкөн балдардын бири-болбосо бири чекеде тургандардан бирин такымга басып улак кылып тартып кетпесин деп, кооптонууну күчөтүп, жоопту тездетүүгө түрткү болот.

Баштарынан көп нерсе өткөн кадырлуу карылар сөз кезегин алышып, ары кетип бери кеткени менен Солто, Сарбагыш элинин талабын орундаталы деген бир оoздон бүтүмгө келишип, аны аткарууга өтүшөт.

Кыргыздын белгилүү тарыхчысы Белек Солтоноев "Кызыл кыргыз тарыхы аттуу биринчи китебинин 143 бетинде Маматкул кол курап келип Бугу уругундагы элди капыстан келип чапканы, тогуз байынын кызын тартууга алганы жазылган.

Ошол эле китебинин 148 бетинде автордун тарых жөнүндөгү ой пикирин өзүнүн жазганындай келтирели:

«Тарыхка караганда анда санда оттуктун отундай кабарын көрүп, бүткүл болгон окуялардын анын кабарын билбейбиз. Анын чын күбөсү, ай, күн, асман, жер. Ай менен күн болсо жаркырап-жайнап, карасаң көз уялтып, көк болсо көгөрүп, жер болсо жымырайып, эчтеме көргөнүм жок, билбейм дегенсип, акыл-билим менен өзүң өткөн күндөгү тарыхыңды таап ал дегенсип тургандан башка жалынсаң да жооп бербейт. Амалың жок, аргаң кетип, кагаз үстүндө жок, тим болбосо 300-400 жылдан берки кабарды кайдан таап аламын деп акыры там сүзгөн сокур уйдай болуп карыяларга келип соктугасың. Карыялардын көбү окуусу жоктуктан бир аз кабарды билгени болбосо, мурунку кийинки кабарларды аралаштырып жиберет. Жана ар элдин карыясы өз уругун мактап айтат. Ушул себептен тарыхка умтулган киши ар урук элдин карыяларынан сурап, алардан алган кабарларды, башкалардын берген кабарлары менен урунуштуруп, текшерип, алардын ичинен анын ырас болгон кабарды териштирип жазууга туура келет» — деген.

Автор өзү айткандай айрым учурларда айтып берген кары аксака-

лы туура эмес маалымат берсе ал ошол боюнча жазылып калганына бир далилди келтирели.

Жогоруда көрсөтүлгөн китептин 151 бетинде Кошой бий Кетментөбө өрөөнүндө 85 жашында каза болуп эл башчысы баласы Жамансарт болгон. "Жайыл деген баласы баатыр болгон" — деп Жайыл баатыр жөнүндө бүдөмүк түшүнүктү жараткан. Бул баяндоодон Жайыл баатыр Жамансарттын баласы деп, же Кошой бийдин баласы дегендей ойлор туулат. Муну ажыратып билүү кыйын. А негизинде Жайыл экөөнүн тең баласы эмес, ал Кошой бийдин агасы Коңурбайдын баласы болуп отурбайбы.

Билгендери өтө аз. Ошондуктан кыргыздын тарыхын билген, көбүнчө өз тарыхын которуп, жактап сүйлөөчү манап, бий, байлардын насилинен болгон.

Мына эптеп-септеп жыйнап алган тарых сөзүн эки ача кылып адаштыруучу дагы баягы өзүң көтөрүп мактаган зулумдар, бай-манаптар, бийлер болгон — деген, пикирин билгизип болгон чындыкты айтууга далалаттанган.

Ошондуктан айрым тарыхчы, илимпоз, жазуучуларга окшоп эле Белек Солтоноев минтип айткан, антип айткан, сен эмне үчүн тигинтип жаздың деген бүтүмгө келүүнүн кажети жоктугун автор өз пикиринде ачык баяндап отурбайбы.

Жогоруда аталган Бугу элинин тогуз байынын кыздарынын төртөөнү Сарбагыш эли, төртөөнү Солто эли алышат. Бирөөнү калыстык ортодо турдуң дешип Эр Садырга беришет. Садыр баатыр ал кызды Курманкожого ыйгарат. Солто элине бөлүнгөн кыздын бирин Кошой бийге ыйгарышат. Андан Кошойдун Кочкорбай аттуу уулу төрөлгөн. Экинчи кызды Коңурбай уулу Жайылга ыйгарылат. Андан Жайылдын уулу төрөлүп тукуму тарагандыгы жөнүндө атайы токтолоорбуз.

Сарбагыш эли Маматкул баш болуп өздөрүнө ыйгарылган кыздарды ич ара бөлүшүп алгандан кийин Маматкул үзөңгүнү чирене тээп, жер караган Белек бийдин алдына келип, кекээрлей ийи...и Белек бий бир учурда тентип жүрүп чокой-чарыгыңдын таманы тешилип "ак таман кыргыз" дегендей болдуң эле, челекке бозо сундуруп, тебетейиңди силкпейсиң деп күнөөлөдүң эле... Мына эми тебетейди силккен учур да келди. Элибизде "сабырдын түбү сары алтын" — деп, бекер айтылбаган тура деген кептерин айтып жолуна түштү.

Ооба, аргасыздан төмөндөгү ыр саптарын эске алууга туура келет:

Жик кубушуп кетесиңер,
Жек-жааттыктан кечесиңер.
Акыл айтып чечендсиңер,
Адилеттен бечелсиңер.
Түкүрүшүп кеселсиңер,
Түк кайрылбай безесиңер.
Боорлошуп нечендсиңер,

Боорго тээп эзесиңер.
Кырылышып кетесиңер,
Көргө чукул жетесиңер.
Көчүк чукуп жашабасты,
Качан, кантип чечесиңер?

Караанындан кагылайын кыргыз калкым...*

Мына ушундан баштап Солто элинин сырткы иштерине, карым катнаштарына Кошой бий агасы Коңурбайдан калган жалгыз иниси Жайылга жетектөөнү сунуштоо менен ага жандооч кылып уулу Момоконду жана улуу небереси Жамансарттын тун уулу Түлөбердиге ишеним көрсөтөт.

Ооба көптү көргөн көсөм Кошой бий балдарга канчалык бийликти берип, ишеним көрсөтсө, алар ошончолук өз алдынча ар кандай оор түйшүктүү маселелерди чечүүгө жөндөмдүү болуп калыптанаарын көрө билген инсан болгон тура. Анын тескерисинче, балдардын ишине аралашып, аткарган ишине тоскоолдук кылып, тыйуу салып, андай кылба туура эмес, мындай кылсаң туура эмес деп, өз алдынча ишеним көрсөтпөй кагып сого бересиң, балдарың карыганча мойнуңдан түшпөй, баары бир менин иштеген ишим атама жакпайт деген бүтүмгө келип өтүмсүз болуп калаарын сезе алганы байкалды.

Коңур Өгүз өрөөнүндө жатып алып атасы Талкандын айткан керээздерин эсине түшүрө тынчсызданып Солто элинен Жайыл менен Момокон Түлөбердини жан жолдоштору менен, Сарбагыш уруусунан Атаке баатырды, Саруу элин баштаган Муратаалы бийдин бакма баласы Олжочуктун Бердике баатыры, Кушчулардан эр Солтоной, Жетигенден Итим баатыр, Жумгал саяктарынан эр Садырлардын башын кошуп Кошой бий, ансыз да бири-бири менен араздашып ыркы кете баштаган калмактарга каршы жоо жарактарын даярдап аттандырат. Жер жайнаган курал жарактуу жоокерлер Сары өзөн Чүй бооруна түшүп Ала-Тоону этектеп капарсыз жаткан калмактардын катыгын бере ташын-талкан кыла чабышып калмактардын түп-тамырынан бери талкалашып сүрүп чыга башташат. Мындай иш менен кабардар болгон коңшулаш казактардын Уйсун уруусунан чыккан Кырбаш уулу Жоогоч баатыр да өз жигиттери менен кошулуп калмактарды кыргыз казак элинен талкалап сүрүп чыкканга толук катышат.

## ЖООГАЧ БААТЫР

Казак элинин бала баатыры Жоогач калмактар менен кармашта кызуу кандуулук менен калмактарды кыйрата чаап баратып Жоогач жаштык, баатырдыгына салдыбы, жээ жаштыгына салдыбы айтор аркасына карабай кете берет. Мындай кармаштын нечесин баштарынан өткөргөн митаам, куу калмактардын бир тобу Жоогач баатырдын арка-

сынан сая түшүп мына-мына, эми талкалаар мезгилге жетип калышат. Өзү качкан калмактарды кууган Жоогач баатыр эч убакта мындай окуя болот деген пикир үч уктаса түшүнө кирген эмес. Чурулдаган аркасын караса калмак жоокерлери кудай мындай бербестир дегендей кыялда кууп келатканын көрүп, шашкалактап амалы түгөп, жоодон өлөт деген ушул тура деп, делдейип туруп калат. Мына ушул маалда көкө Теңирден тилегени орундап кайдан, жайдан мурда атагын сыртынан угуп жүргөн Жайыл баатыр жоокерлери менен жете келип Жоогачты качырган калмактарды чилдей таратып кырып күлүн асманга сапырышып Жоогач баатырды аман-эсен куткарып калат.

Адам, адамга ар кандай жакшылыкты аткарышы ыктымал, бирок мындай ажалдан алып калуу адам баласынын кайра төрөлгөнүнө тете эле эмеспи. Мындай жакшылыктар ал адамдардын эсинен өлөөрөлгөнчө унутулбасы табихий иш деңизчи. Өзүнөн жашы боюнча анча улуу экендигине карабай Жоогач баатыр Жайыл баатыр менен достошуп кайтышат. Мына ушул калмактар менен болгон айыгышкан кармашта Кошой бийдин кызматын аткарып жүргөн ишеничтүү жигиттеринин бири каза болуп анын өмүрлүк жары жаш келин Темиржан жесир калат.

Кырбаш уулу Жоогач мырза 1733-жылы Алматы областына караштуу Аксуу өзөнүнүн боюнда төрөлгөн. Элибизде «бешиктеги баланын бек болоорун ким билет» — дегендей, Жоогач жаштайынан эле өтө чыйрак, акылы тетик, ар нерсени көрө билген, көздөгөнүнө жеткен айбаттуу да кайраттуу да болуп жетиле келет. Колуна курал алып жаштайынан жоокерлерге кошулуп жунгар баскынчыларына каршы кармаштарга катышып душмандын мен деген найондорун четинен жайлаган эр азаматтардан болгон. Бул эрдиктери акырындык менен Абылай ханга чейин угулат. Абылай менен бирдикте 1750—1756-жылдары калмактар менен болгон кармашта, Жоогач өзүнүн накта баатыр экендигин бүтүндөй казак журтчулугуна даңазалай алат. Жоогач баатырга төп келишкен акылмандыгы эле. Ар кандай ишти элестете, көрө билгендиги менен өз замандаштарынан өзгөчөлөнүп, кара кылды как жарган калыстыгы менен калың казак элинде кадыр-баркы күн санап өскөн баатыр болгон. 1756—1758-жылдары Казак элинин атынан Кытайлар менен сүйлөшүүлөргө элчилердин курамына катышкандыгы анын акыл-эстүүлгүнүн дагы бир далили эмеспи.

Жоогач баатыр калмактар менен кармашта Жайыл баатыр менен жолугушуп баскынчыларды бирге талкалашкандан кийин өзүнөн отуз жашча улуу Жайыл баатыр менен достошуп кайткан. Мына ошондон баштап кыргыз эли менен казак элинин достугу андан да бекемдегенин турмуш агымы баамдалууда.

# ТЕМИРЖАН ЭНЕНИН ТЕГИ

Элибизде «кудайды көрбөсөң да акылың менен тааны», деген асыл кеби кеңири тараган эмеспи. Анын сыңарындай Темиржан эне жөнүндөгү ой пикирди сиздер менен бирдикте ортого салып чечмелеп көрөлү. Өзүңүздөргө маалим болгондой Талкан, Тынай бийлер жер оодарып түштүк өрөөнүнө барышып утуру бир жерге көчүп конуп жүрүшүп акыры жогоруда аталган Сафед Булаңга отурукташып жайланышып калышат. Талкан бабабыздын Коңурбай-Кошой уулдары барабар бой тирешкен эр азаматтардан болушат. Ар атанын тилеген тилеги өзүнөн кийинки тукум улоочу уулун үйлөнтүп жайлантуу эмеспи. Талкан бий да эки уулуна барабар өмүрлүк жарларына баштарын кошууга жетишет. Алар ким болгон? — деген суроо туулат аргасыздан. Албетте, бүгүнкү тил менен айтканда түштүк элинин кыздары. А түштүк эли болсо Долон бийден тараган Адигиненин урпактары эмеспи. Адигине менен Тагайдын бир туугандыгы жөнүндө жогоруда баяндалган. Коңурбай атабыз Талкан, Чаа, Солто, Эштек, Богорстон аталарынан кийин Тагай бабасына кошулуп отурбайбы. Санжыра боюнча жети атадан кийин, сегизинчи атаны жат ата деген жери бар. Элибиздеги жети атаңды билесиңби деп жүйөөлүү суроо коюушунун себеби ошол, анткени шарыят боюнча жети атага чейинки жакын туугандар ортосунда кудасөөк болуп жаштардын баш кошушуна жол берилбейт дегени бар эмеспи. Жети аты өткөндөн кийин кана кыз алып, кыз-берүүгө мүмкүн дешет кыргыздарда ата-бабаларыбыздан бери. А бүгүн кыргыздын бул үрп-адат, салттары сакталып жатабы?

Айталы дегенибиз Темиржан энебиздин теги Адигине атадан таралгандыгы болуп отурат. Албетте мындай чечмелөө биздеги ой пикир. Ал эми 2002-жылы 31-августа Жалалабад областынын Алабука районунун Актам айыл өкмөтүндө орун алган (Мазар, Гүлүстан) Сафед Булаң айылындагы Шах Вазилдин мавзалейинин шейхи жана Актам айыл өкмөтүнүн орун басары Дыйкан уулу Жамал мырзалар менен жолугушуп ата тарыхыбыз боюнча көпкө кеп-кеңешүүлөр, суроо-жоопторун аңгеме дүкөн курган учур болгондо, Жамал мырза силердин Темиржан энеңер, биздин эжебиз деп чечкиндүү сүйлөп өз далилин баяндай алды. Бакылдап сүйлөгөн, ак ниет Жамал мырза сөз кезегин бербей сиздер биздин жээн болосуңар деп баса белгилөөгө аракеттенди.

Темиржан өңдүү-түстүү, чырайлуу, акыл эстүү келин экендигин Кошой бий буга чейин эле баамдап жүргөн эле. Ортодо жогорудагыдай кокустук иштер болгондуктан, мындай эстүү жаш келинди колдон чыгарбоону көздөп Кошой бий Темиржанды иниси Жайылга алып берип ак никесин кыйдырат. Жайыл менен Темиржандын ортосунда алоолонгон сүйүү оту албырып бири-бирин кадырлап-сыйлаган жубайлардан болушат. Жыл маалы өтүп баш кошкон жубайлар уулдуу болушат. Кудайым берээрин унутпай уул артынан дагы уул төрөлөт.

Ар кандай кептин ачыгы жакшы эмеспи. Бүгүнкү Жайыл элинде санжыра айткан кадыр барктуу, каадалуу кары-картаңдар ортосунда бул төрөлгөн уулдардын Асан-Үсөндүн же Үсөн-Асандын кимиси улуу да, кимиси кичүү экендиги жөнүндө толук жазылып калтырылган маалымат болбогондуктан ар кандай талаш-тартыштар жаралууда. Кадырлуу санжырачы адамдардын бири алды менен Асан анан Үсөн төрөлгөн десе, дагы бирөөлөр жок Үсөн анан Асан төрөлгөн дегендер да бар. Урматтуу окурман бул талашты сиздин абийириңизге, ой толгоо кылып калтырдык. Мүмкүн бизде болбогон так маалымат сизде болсо маалымдап билдирээрсиз деген үмүттө алдын ала алкоо рахматыбызды билдиргибиз келет. Ооба Жайыл менен Темиржан эненин эгиз уулдай болгон Аса-Үсөн ак жолтой болуп аркасынан дагы уул бала ээрчитип келишти. Ата-энеси ал уулуна "Асан" — чакырышып Теке деген ысым ыйгарышты.

Арадан алты ай жети күн өткөндөн кийин эстү-баштуу бир жигиттерин жолдо жегенге гүл азыгын даярдатып, канжыгасына чаначка бал кымыздап куйдуруп анын үстүнө муштумдай болгон койдун куйругунан кесип салдырып байлап беришип аттандырат. Күндүзү өрүп, түнката жол жүрүп Чүй өрөөнүндө кандай жашоо бар? Деги адам баласы калганбы же калмактардан кийин эч ким калбай тынчыганбы мына ушулардан толук тактап билип келүү үчүн. Кошойдун дайындаганындай болуп тыңчы жигит, тымызын билинбей жүрүп Чүй өрөөнүнө өтүп, кийик, кекилик — уларлар мекендеген тоо башынан ыңгайлуу жердин өңүтүн таап отуруп, күн баткандан кийин кай жерден жалтылдап от чыгаар экен деп көз жүгүртөт, (бир түн, эки түн, үч түн) экинчи түнү жер содарып башка тоо, башка зоодон түндөрү көз, жүгүртүп карайт эч нерсе көрө албай акыры Макмал тоо тараптан бүлбүл тарапты боолголойт. Үчүнчү түнү дагы башка тоо, башка зоо бийиктиктен түнү бою таң атканча көз жүгүртүү жарк эткен оттун нурун көрө албайт, тыңчы жадеп түңүлгөндөн кийин кана кайра аркасына жол тартат. Коңур Өгүзгө келип Кошой бийге болгон ишти болгондой айтып, экинчи түнү Макмалдын тоосунан Каракыштактан кана бүлбүлдөгөн билинээр, билинбес оттун шооласына көзү түшкөнүн баяндайт. Булардын баарын кунт койуп угуп отурган Кошой бий бир аз үнсүз отуруп, ооба эл качканда Чал деген адам жалгыз кызы менен тоо таянып качып кетишкен. Сен баамдаган жарык бир болсо ошол Чалдын жарыгы деп ишеничтүү айтат. Ооба андан бери он үч жыл өттү деп ойлуу чексиздикке карегин кадап кыймылсыз ойлуу отуруп калды.

Эртеси күнү кыраакы Карбозду чакыртып, болгон иштен толук кабар берип Чалдын өтө сак экендигин айтып этият болуусун өтүнүп жолго чыгууга даярдайт Кошой бий. Мергенчи Чалды алды менен аңдып жатып толук баамдап байкап толук билбесең ал торопойдой торойтуп атып ташташы ыктымал деп Кошой бий абдан кабатарланды. Кошой бийдин айтканындай Карбоз да өтө этияттык менен Чалдын алачыгын алыстан турнабайы менен карап аябай байкоо жүргүздү. Чал күнүгө

эртең менен аң улоого кетип кечинде келээрине көзү жеткенден кийин кана, алды менен анын кызы менен жолугушуп, бир бүтүмгө келе макулдашкандан кийин гана Чалга жолугууну көздөйт. Ойлогонундай эртеси күнү Чал мергенчиликке чыгып кетип узагандан кийин Карбоз буктурмасынан жыла чыгып билинбей алачыктагы кызга келип учурашып аны чоочутпай иштин болгонун болгондой баяндап ким жөнөткөнүн эмнеге келгенин, макул болушса Кошой бийге ала кетээрин айтат. Чалдын кызы акыл-эстүү токтоо кыз экен, Карбоздун айткандарын үн дебей ойлуу угуп отурду. Качан бардыгын айтып бүтүп карындаш атаңызга толук түшүндүрүп жардам кылыңыз деп Карбоз өтүнгөндөн кийин кана. Кыз атын Олонбайыр экенин айтып атасы менен кандайча жолуктуруу ойун Карбозко айтты. Андай кылбасак атам казыр эч кимге ишенбей калган, кокустан шекшип калса дароо ай-буй дегенче атып таштаарын түшүндүрдү.

Ошентип мергенчинин кызынын айтканындай кылып, атасынын карааны көрүнгөндө Карбосту жүктүн аркасына жашырып, качан кана Чал мылтыгын жүктүн бурчуна жөлөп чайга отурганда кыздын берген белгисинен кийин жүктүн аркасынан капыстан акырын чыга калуусун айтты. Калганы иштин жүрүшүнө жараша уланаарын эскерткен. Иштин бардыгы жогоруда айтылгандай аткарылат. Мергенчи Чал жайылган дасторконго бата кылып колуна сунулган чайды алып жатканда Олонбайырдын белгиси боюнча — Атсалоумалейкум ата деп, Карбоз жыйылган жүктүн артынан чыга келет. Мындай көрүнүштү күтпөгөн Чал дароо мылтыгына умтулганда, кызы Олонбайыр атасына мээримдүү карап — тим бол ата, тим бол! Деп өтүнүчтү кайрылат. Кызынын өтүнүчтүү эскертүүсүн уккан Чал, бул эмне дегени дегенсип Олонбайырды бир карап, дароо салам айткан жигитти бир карап суроолуу түшүнбөй турду. Салам айткан жигит өзүн Карбоз деп, тааныштырып иштин жайын толук түшүндүрө айтып мени Кошой бий атайы сизге жөнөттү деп, макул болсо элге көчүрүп кел деп дайындаганын айтат. Буларды уккандан кийин кана мергенчи бир аз эс алгандай күрсүнө демин алды. Ооба, Чал ойлонуп отуруп Карбозтун айтканына көнүп жаман алачыгын Карбозтун атына жүктөп Кетментөбө өрөөнүндөгү Кошой бийге келишет.

Кошой бий мергенчи Чал менен аманчылыкты сурашып бүткөндөн кийин, Чалдан ушунча жылдан бери кантип жашап жүргөнүн, сенден башка да Чүй өрөөнүндө адамдар барбы? Түнкүсүн күйгөн оттор барбы деп Чалга суроо узатып, анын өз оозунан уккусу келет. Келээрин келип, бирок эртеден бери чоочулап отурган Чалдын көңүлү бир аз жайланып, акыркы жети-сегиз жылдан бери кызыбыз экөөбүз бир да адам баласын көрбөдүк, от да көрбөдүк деп болгон чындыкты айтат. Жашоо тирилик оокат болсо, Алла таалам адамды жаратканда насиби менен жаратат экен, жайы-кышы аң улоо, мергенчилик менен өтүп жатты. Канаттуулардан өрдөк, каз, кекилик, чил, улар болсо, жапайы айбанаттардан: аркар, кулжа, чаарчык, аюу... айтор колго тийгени, ка-

роолго илинип насип буйруганы менен болду дейт. Эл арасында бүгүнкү күндө да ошол тоо Чал тоосу деп аталып, жашаган жери Тимбол деп аталып келээри жөнүндө эл арасында уламалар айтылууда. Тагдырдын буйругу менен Карбоз менен Чалдын кызы Олонбайыр баш кошуп Чалдын тукумун улап Бөлөкбай (каракчы) ичинде Аюукор уруусу болуп аталып келүүдө

Мезгилинде бекке салам бербеген Белек бий, Солто, Сарбагыш элдеринин жоокерлерин жетектеген Жайыл менен Маматкулдан ыдык жегендей кийин аз да болсо мурдагыдай көпүрүлбөй өз жайына түштү. Ал эми Бугу элин чапсам дегенде эки көзү төрт болгон Маматкул манап Белек бийден айыпка бай кыздарын жер жайнаган малын алып анын да көксөөсү суугандай түрү бар.

Эл оозунда элек жок дегендей, карапайым элди бүлүккө салган эл арасындагы узун кулак, ушакчылар эмеспи, укканын уккандай, көрбөгөнүн көргөндөй кылып, бирге-экини кошуп көбүртүп-жабыртып дуулдатканы-дуулдаткан. Булардын бири билип айтса, бири билбей эле "дейт" "дейт" — деп уланта берет. Кантсе да Бугу эли айыпка жыгылганы менен эли чабылып, түндүгү түшпөгөнүн, жигиттери кул, кыз-келини күң болбой калганына Солто элинин жоокер башчысы Жайылдын салымы чоң экендиги калайык калкка кыргыз журтчулугуна толук тарады. Эл арасында эгерде Жайыл Маматкулду тыйбаганда Бугу элинин ташы талкан болмок деп тактап-какшап бирди-эки кылып сөз ташыгандарга кудай берди.

*10.03.04.*

Жаштыгына карабай эл оосуна алына баштаган Жайыл да тегин жердин адамы эмес эле. Анын ар нерсени алдын ала көрө билгичтиги, мээримдүү аярлыгы, сабырлуу, токтоо, акылмандыгы, балбан билек, эр жүрөк баатырлыгына тан берген өмүрлүк жары Темиржан эненин ичинде түпөйүл болгон сыр түйүнү, ойлогон ойу аны тынчытпады. Оңутун таап айтсамбы? Же айтпасамбы? — деп эки ойлуу болуп кыйналууда. Бул пикиримди айтпасам Көкө Теңир астында түбөлүккө күнөкөр болуп, бирде болбосо бирде кадырлуу байымды жоро-жолдошторуна сөзгө солтук, кепке кемтик кылып аламын го. А эгер айтсам туура түшүнүп макул болсо го түзүк, кокустан ага макул болбой какмалап койсо, анда кандай болмокчу? — деп, Темиржан эне дайыма ойлуу, болуп өзү менен өзү...

Күндөрдүн биринде Темиржан эне, байынын кашкабагын карап, кеменгердин кең пейилдигине ишенип сөзүн баштады:

— Байым буйрук экен баш коштук, Теңиримден тагдыр жолу минтип бизге куш жаздыкташ кылды, уучубуз кур эмес, кудайым берээрин унутпады, бир эмес үч уулубуз барабар өсүп жетилип келатат. Арадан жылдар өттү, сен мени, мен сени жакшы түшүнүштүк, ортобузда жашыруун сыр калган жок, дайыма ыймандай чындык өкүм

сүрүүдө. Күлсөң каткырыгың таш жарып, беттешкен жооң жалтанып, башыңда акылың билегиңде белиңде күчүң бар мезгилиң.

Эми баатыр! Менде көптөн бери жүрөгүмдө сактаган бир ой-максатым бар. Уруксаат берсең айтайын деп, Темиржан эне байы Жайыл баатырга кайрылат. Кеп учугу узактап башталганын сезип отурган Жайыл баатырдын да жүрөгү алда нерселерди түйүп отурган. Ийи байбиче, "жакшы сөз жан сергитет, жаман сөз жан кейитет" — дегендей, ал кандай сөз? Анчалык камынып калган экенсиң, айтаар кебиң болсо ортого сал, бул дүйнөдө чечилбеген эмне бар? Бүтпөгөн иш бүтөт, чечилбеген маселе чечилет деп, жайдары өмүрлүк жарына карайт.

Жашымдан жетим калып, ата оордуна тутунганым, айтканына көнүп, акыл насыятын көкүрөккө бекем түйүп сактаганым, кеңештешим да Кошой атам. Баатырым сенин да акылыңа акыл кошуп, караңгыда жол көрсөтө жарык кылаар шам чырагың Темиржан деп, экөөбүздүн жолубузду кошуп кол кармаштырып ак никебизди кыйдырган да Кошой атам дегенде, Жайыл баатырдын чыдамы кетип, ойуңду бүдөмүктөтпөй пикириңди түз айт Темиржан — деди.

Демейде сүйлөгөндө саймедереп чечен болгонуң менен мындайда карайлап сөз табылбай калганыңа бушайман болгон Темиржан эне Жайыл баатырдын буйра сүйлөгөн сөзүнө ынап, жакшы болот, андай болсо ток этээр жерин айтайын деп сыр түйүнүн чечмелей баштады. Чоң үйдөгү энем менен акылдашып-кеңешип, экөөбүз бир чечимге келип, тымызын макулдашкан бир кыз бар. Ошону өзүңө ылайык көрдүк дегенде, Жайыл ийи дагы эмнени деп келатканда, сөзүмдү бөлбө байым деди Темиржан эне токтоо кана өтүнө. Андай дегенибиз досуңдан көп душманың бар, эртедир-кечтир, бири болбосо бири, бирде болбосо бирде, бир эссизи ойун-чындан жесирге үйлөнгөнсүң, жубанга үйлөнгөнсүң деген копол сөз артында калбагын. Мен чын пейилим деп ак ниетимден уруксаатымды бердим. Өзүмдүн ыраазычылыгым менен, сенин келечегиңди ойлоп отуруп ушул пикирди туура таптым. Менден эч качан, эч кандай кам санаба, мен ар дайым сиздикмин деп Темиржан эне Жайыл байына агынан жарылат.

Ошентип Темиржан эненин кең пейилдигинен Жайыл баатыр Айканга үйлөнүп Кетментөбө жеринде **Бегимжан, Канымжан** деген эки кыздуу болушат. Кийин Чүй өрөөнүнө көчүп келгенден кийин 1757-жылдары уулдуу болушуп атын **Итике** деп аташат. Мезгил өтүп кыздар бойго жетип Бегимжан моңолдор уруусунан Шана дегенге чыгып, кокустан ал каза болот. Андан кийин Атаке баатыр алып эки уул, эки кыздуу болгон. Бир кызы Белек бийдин **Токой** уулунун Эшкожосу үйлөнүп, андан Балбай баатыр төрөлөт. Экинчи кызы Канымжан казактын Алибек баатырына турмушка чыккан. Андан Сыпатай, Андаш баатырлар төрөлгөн.

XVIII кылымда, казактын Кененсары, Норузбайлары (Аблайхандын неберелери) кыргыздар менен чабышканда кыргыздын жээни,

казак элинин баатыры Сыпатай кыргыз тага журтуна чоң жардамы тийген. Анын натыйжасында казак элинин колу (жоокерлери) алсыраган. Өз дооруна Сыпатай, Андаш баатырлар менен солтонун Жангарач бийи да өтө ысык-алакы-берекеси кенен жайылып бири-биринин жеңилин жерден, оорун колдон алган достордон болушкан карым-катнашта болушканы тарыхый накта фактылар айгинелеген учурлар да кездешет. Жогоруда Абылай-хандын неберелери кыргыздарды кайрадан басып алууну көздөгөндө Казактын Сыпатай баатыры менен Жангарач бийдин купуя сырдуу сүйлөшүүлөрү болгондугу жөнүндө эл арасында бүгүнкү күндө да кептер айтылууда.

Жогоруда учурунда Солто, Сарбагыш эли биригип Бугу элинин Белек бийине каршы аттанышканында алар айыбына тогуз кызды себи, мал мүлкү менен бергенинен, ал кыздардын бири Жайыл баатырга тийгени жөнүндө айткан элек. Кыргыздын каада-салты, үрп-адаты боюнча илгери кызды бергенде "себи" менен берет дедик. Келин келгенде, келин көрөбүз деп айылдагы кыз-келиндер келишет. Келген келинди көрүп эле тим болбой, жаңы келген келиндин кийип келген кийимдерин, алып келген кийим-кечесин кошо көрүшчү тура. Келин көрөбүз деп келген келин-кыздардын бири ач көздүк менен, бири атайын эле жаңы келген келиндин кийген кийимдерин кармалап көрүп жатышып ырым кылып ага тагылган "акак" шуруларын бирден-бирден билгизбей чыгарып ала беришкен. Бөтөнчө башына кийген шөкүлөдөгү асыл таштарды чыгарып алышкан, жаңы келген келин мүмкүн байкабай же жаштык кылып дегендей... акыры шөкүлөнүн көркү кетип ичиндеги ичтеген жука кийизи саргайып, булайып чыгып калган. Бара-бара муну көргөн келин-кыздар, бири-бирине шыбырап айтып отуруп, жаңы келген келиндин аты унут калып эле саркалпак аталып кеткенинен уламалар айтылат.

Жайыл баатырдын ал аялынан Куттубай, Эшбото деген эки уулдуу болгон, Алардын таралышы жөнүндө атайын токтолобуз.

Коңурбайдын иниси Бакынын үч аялы болгон. Биринчи аялынан Эшимбек, Жанбала, Шапак деген уулдары болгон. Экинчи аялы Болдукеден болсо Айдарбек жана Садык, ал эми үчүнчү аялынан Баймат төрөлөт. Көрөөр күнү, ичээр суусу түгөнүп Бакы да бул жарыкчылык менен кош айтышкан күн болот. Баягыдай кой-ай деген байлары болбогон бул үч аялдын күнүлүгү күчөгөндөн күчөйт. Эл жайлоого көчкөндө Балдукеге берки экөө күнүлүк кылышып өздөрүнчө көчүп кетишип Болдукени журтка таштап кетишет. Мезгилдин талабына ылайык ал учурда агасы өлсө, жеңесин кайниси, иниси өлсө келинин кайнагасына өзүбүздүн жесир деп алып берүү кыргыздын калыптанган үрп-адеттеринен эле. Анын сыңарындай ага-туугандардын бүтүмү менен жеңеси Болдукени Жайылга нике кыйып алып беришет. Жайыл бул жеңе аялынан **Байбек** аттуу уулдуу болот. Байбек да аталаш агаларын ээрчип ойноп калган мезгилдерди, (болжолу 4-5 жаштарда) Жайыл баатыр жоро-жолдоштору менен кезектеги аңчылыктан келе жатышат. Ата-

бабалардан кыргыз элинде аң улап келе жаткан мергенчилердин алдынан тосо чыккандарга тапкан олжолорунан ыроолоп бөлүп берүшчү тура. Жайылды да ойноп жүргөн балдары утурлап алдынан чурулдап чуркап тосуп чыгышат. Жайыл баатыр алып келе жаткан олжосунан балдарына ыроолоп ыргытканда Байбектен ашыра улуу аялдарынын балдарына ыргытканын байкап турган Болдуке жеңе аялы, Жайылга атырылып ал эмне дегениң? Кенже уулуң Байбек чуркап чыкса, олжоңду байбиченин балдарына ашыра ыргытканың деп, бетке айтат. Албетте бул сөз Жайыл баатырга өтө оор тийип, жеңе айалынан көңүлү сууп калат. Элибизде "жаман сөз жан кейитет" — дегендей, ошондон кийин Жайыл баатырдын мамилеси Болдукеге салкындап калат. Ай болбостур эми болбостур деп кийин өкүнгөн дейт, Байбегим жалгыз болуп калды деп.

Бакынын улуу уулу Эшимбеги акыл эстүү мыкты азаматтардан болуп эр жетип өзүнөн кийинки инилерин бирин биринен бөлбөй, Жанбала, Шапак, Айдарбек, Садык, Баймат, Байбектерге барабар Калыс мамиле жазап Бакынын балдары дедирип ынтымактуу кармап калганынан кеп тараган Солто элинин арасында.

Кошой бий, Чүй өрөөнүндө калмактардын калбай калганын ар кимдин уккандан тышкары өзү да нечен жолу ишенимдүү адамдарын жиберип чындыгында калмактардын калбай калганына көзү жетип, эми атасы Талкан бийдин керээзин аткарууга ниеттенип. Солто элинин журт башчыларын кадырлуу карыларды, билерман мырзаларды толугу менен кабар бердирип чакыртып, ак боз бээни туура тартып бата тилеп сойдурат. Чогулган элге дасторкон жайылып, дүр-дүйүм тамак ашка толтурулуп, ийри отуруп түз кеңешип дегендей өтөөркетээрден кеп салып отурушат. Кошой бий өзүнүн карып, арыганын айтып мындан кийинки бийликти Жайыл баатыр жүргүзөөрүнөн жарыялап, ар дайым ынтымакта болуп, бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгаруу өтүнүчүн айтат. Жайылга болсо бүтүндөй Солто элинин улуусу агаң, кичүүсү иниң болорун айтып калк арасында кара кылды как жарган калыс, кең пейил эл башчысы болушун каалап чогулган көпчүлүк Жайыл баатырга батасын беришет.

Туулуп өскөн Чүй боорунда калмактардын карааны калбаганынан кабарлап, эгерде макул болсоңор ата-бабалардын жерлеген жерине көчүү жөнүндө кеп козголот. Отурган эл жаалаша сүйүнүшүп, кудай буйруса элге кетебиз дешип кубанычтарын жашыра алышпайт. Бир ооздон баардыгы эл-журтка көчөбүз деген бүтүмгө келишип көчүү камына уруна башташат. Бирок "ойлогон ойду кыстаган турмуш жеңет" — дегендей, алар антип-минтип камынышканча кокустан кар калың түшүп, айтылуу Алабел, Төө ашуу, (Улар ашуу) ашуулары бекип калат. Камынган эл аргасыз "Тузу" — оор Шамшакал ата өрөөнүндө кыштоого туура келет. Элибизде "адам улуу эмес, ажал улук" деген накыл сөз бар. Андай дегенибиз жашы 85ке (сексен беш) барган Кошой бий да бул жарыкчылык менен кош айтышып түбөлүк келбес са-

парга аттанат. Өлүмдүн өз шаан-шөкөтү, түйшүгү, куру намыс деген-дей... Кошой бийдин сөөгү Коңурөгүзгө койулат.

Жаз келип, мал кылка тойунуп, ашуулар ачылгандан кийин Солто эли көчүп-конуп отуруп Чүй өрөөнүнө келишип өз жерлерин бүгүнкү Казактардын Меркесинен Ысыкатага чейинки Ала-Тоону этектешип жайланышып калышкан.

Урматтуу окурман бир карап мына эми кыргыз эли тынч бейкутчулукта жыргап жашап калышат деп ойлойсуң, анткени мурдагыдай жоолошкон калмактар жок, деген пикирде. Бирок жашоо биз ойлогондой болбой эми кыргыз менен казактар бири-биринин малына тийишип, керек болсо чабышуулары башталып байагы эле кымкуутчулук жашоо өкүм сүрөт. Кыргыз-казак эле эмес кыргыздар уруу-уруу болушуп биринин малына бири тийип чабышканын карт тарых баяндап отурбайбы. Кыргыздар негизи ушундай эл болгонбу дейин десең, бир боорлош казак эли деле жыргап кеткен жери жок. Алар да "үч жүз" бири-бири менен бийлик, байлык талашып чабышканы чабышкан. Аргасыздан ойлоого мажбур болосуң, көрсө бул жашоонун ыргаты, багыты болуп жүрбөсүн, көр оокаттын, куу кекиртектин айынан адам баласы бири-бири менен талашып, бири-бири менен сабашып, айбанаттардай ырылдашып, чырылдашып, тебишип, тиштешип турмай.

Өзүңүздөр көргөндөй Кошой бий өлгөнү Солто элиндеги бардык бийлик Жайыл бийдин колуна өткөн. Жайыл бий эл арасындагы чыр чатак, талаш тартыштарды калыстык менен чечип эл арасында кадыр баркы, зоболосу өсө берген. Жайыл бий агасы Кошой бийдин уулу Момокон мырза менен өтө ынтымакта сый-урматта болушкан. Ал жөнүндө эл арасында төмөндөгүдөй уламалар айтылууда. Жайылдын атасы Коңурбай өлгөндөн кийин, анын жесирин иниси Кошой алып андан Момокон төрөлгөн деген да уламалар айтылууда.

Мезгилинде Жайыл бий солто эли эмес башка кыргыз урууларынын башчылары менен да сый-урматта болуп ар дайым аларды ынтымакка үндөгөндөрдөн болгон. Кыргыз эли-жерин сырткы жоолордон сактоону ыйык милдетим деп эсептеген. Кыргыз элиндеги тири карак жоо жүрөк азамат мырзалардын башын кошуп, кайчы кулак, куйма туяк аргымактарын камдап, кыргыз элин көздүн карегиндей сактоонун камында болгон.

Жайыл бий кезектеги бир жүрүшүндө жигиттери менен Кашкар өрөөнүнө барган. Андагы кыргыз урууларын билип кайткан. Кашкар өрөөнү Кытайдын батыш тарабында Синцизиан провинциасында Котон тоосу, Котон шаары орун алган. Бул жерден негизги тургундарына аралаш мачак кыргыздары да жашайт. Буларга Аксуу, Турпан шаарлары да кирет. Ошол Котон менен Яркен шаарынын арасындагы тоолордо: Тейит, Кесек, Кыпчак, Найман, Карабагыш, Чоңбагыш жана Чериктер жашаганынан кабардар болгон.

Бул жердеги кашкарлардын айтуусунда Тибетте да 30-40 миңче кыргыздар жашаары белгилүү. Алардын тили, дили таза, арап, орус

тилдери кошулбаган, дини калмактардыкындай дешет. Мусулман элдериндей бата кылбастан башкача бата кылышаары белгилүү. Мына ушул сапарларынан кайтканда Жайылдын жигиттери бир баланы кошо ала келишип Жайыл баатырдын аялы Айкан энеге беришкен. Айкан эне Итике уулума жолдош болсун деп той өткөрүп Итике менен эмчектеш кылып багып өстүрөт. Кашкардын Котон жеринен келген баланы эл Котон деп, жүрүшчү. Айкан эне балага той өткөргөндө бата тилеп баланын атын өзгөртүп Котон дебей Кудайберген деп аташат. Бул боюнча кийин кошумчалайбыз.

Жайылдын солто элине эле эмес, бүтүндөй кыргыз элине алына башташы коңшулаш казак элинин айрым төбөлдөрүнө анча жага бербейт. Анткени ошол мезгилдерде кыргыз менен казактардын "көкөйүнө көк таштай тийген" — калмактарга каршы кыргыз-казак жоокерлерин бириктирип калмактарды түбү менен жок кылууга Жайыл баатырдын кадыры андан да көтөрүлгөн.

Жайылдын үзөнгүлөштөрү, туугандары, замандаштары Жайылды "пир" тутушуп, кайда болсо Жайылга ишеничтерин көрсөтүшкөн.

## КАСИЕТИ КҮЧТҮҮ КЕРЕМЕТ ИНСАН

Эли журтунун бейпилдикте жашоосун көздөгөн Жайыл ата келечекти көрө билген касиеттүү инсандардан экендиги далилдөөсүз чындык экендигине аргасыз ынанасыз. Анын айкын далилдеринин бири катары төмөндөгү мисалдарды келтире кетели.

Жогоруда көрсөтүлгөндөй атабыздын Айкан аялынан Бегимжан, Канымжан жана Итике уулдуу болгон. Жайыл ата эки элдин достугун, тугандыгын чыңдоо максатында улуу кызы Бегимжанды Атаке бийге, кичүү кызы Канымжанды казак элинин баатыры Алыбекке турмушка берген.

Атакеден Бегимжан эжебиз эки уул эки кыздуу болгон. Кыздарынын бирине Белек бийдин небереси Эшкожо үйлөнүп андан Балбай баатыр төрөлгөндүгүн жогоруда белгиледик.

Алыбекке турмушка чыккан Канымжан эжеден казак элинин Супатай, Андаш баатырлары төрөлгөнү тастыктоосуз тарыхый чындык экенин бүгүнкү турмуштун агымы көрсөтүп отурбайбы. Жайылдын неберелери Супатай баатыр арадан жүздөгөн жылдар өткөндөн кийин Абылай хандын неберелери Кененсары Норузбайлар кыргыздарды кайра чаба турган болгондо казак эли менен кыргыз элинин чек арасында отурган Супатай баатырдын бир ооз сөзү менен Солто элине тийиштик кыла алышпай тиги Токмоктон ары барып кыргыз элине катылып, ташталканы чыгып отурбайбы.

Жайыл атанын касиетинин күчтүүлүгүнүн үчүнчү бир далили 1758—1760-жылдары Кыргыз элинин элчилигин Кытай элине жөнөткөндө Жайыл баатыр өзүнүн эс тарткан неберелери Шарип менен Шорукчунун Кытайга элчилердин курамына кошуп жөнөткөнү. Кытай

хандыгы шарт боюнча элчи башчысы Нышага кошуп Жайыл хандын неберелери Шарип менен Шорукчуну ак үйлүү кылып алып калгандыгы. Жайыл хан Кыргыз журтчулугу Кытай эли менен достукта, тынч жашоону көздөп эки бирдей небересин ак үйлүү кылып Кытай хандыгынын колунда калтырганы, анын эли журтунун бейгоога жашоосуна шарт түзүү, жыргачылыгын көздөө эмеспи. Ошол эле мезгилде Кошой бийдин уулу Момокон өз жигиттери менен коңшулаш казак элинин жылкысына тийип аларга тынчтык бербеген. Ушундай эле көрүнүштү Талас тараптан Садыр баатыр да коңшу казак элдеринин жылкыларына тийишип байлыкка туйтунушкан. Садыр коло коңшу казактардын жылкысына утур-утур тийе берип, аларды тиги Чымкенттен ашыра көчүрүүгө жетишкен. Жадаган казак эли эмне кылыш айлаларын таппай, аргасыздан казак бий-байларын ортого салып Абылай ханга бир эмес, бир нече жолу арызданууга барышкан. Абылай хан келген өкүлдөргө, кыргыздар жылкыларга тийсе эле силер карап турбассыңар. Колуңардан келишинче силер да талап-талкалап жатканыңардан кабарлар бар деп, барган өкүлдөрдү жибитип казак төбөлдөрүнүн көксөөсүн суутат.

Албетте өз кезегинде казак эли да кыргыздардын жылкыларына тийишип, олжолоп турушкан. Натыйжада казак-кыргыз жоокерлери беттеше калган жерлерде чабышып, жоокерлери каза болушкан. Казак-кыргыз элдери кадырман карыларга, бий, манаптарды калыстыкка чакырып күнөөлүлөрдү айыпка жыгышкан. Мындай карама-каршылыктар тамырлагандан тамырлап отуруп казак эли менен кыргыз элинин касташтырууга алып келген. XVII — кылымдын орто ченинде жогоруда көрсөтүлгөндөй кытайдын аскерлеринин калмактарды жер менен жексен кылган кыргынынан кийин казак-кыргыз элдери калмактардан түбөлүккө кутулушканы менен эми түйшүк башка болду Кийинки түйшүк бир боор казак элинен кыргыздар элдешкис жоо-душман болушуп дайыма бири-биринин малына тийишип чабышуу башталат.

Казак элинин кызыкканы кыргыз жергесинин жайыттуу жашыл тоолору, суулуу жерлери казак элинин суусуз ээн жаткан камгак баскан талаасына салыштырмалуу бейиштин төрүн элестетип көздөрүн кызартат. Айрым ач көз бий, бай, манаптары кантсе да кыргыздарды баса отуруп, малын чаап алып жадатып жүрүп качырып акырындык менен бул жерлерди ээлеп калуу эле. Албетте мындай көз караштарды бардык эле казактар колдобогону менен басымдуу көпчүлүгү жогорудагыдай ойго колдоо болушту.

Ошентип коңшулаш казак элинин Бердикожо, Сырдыбай, Семет, Арипбай жана Жанеп, Асектери жоо-жүрөк жигиттери менен Алатоону этектеп конуш алган кыргыздарды баса конуп малын айдап, беттешкенин жыга чаап жүрүшүп азыркы Мерке районуна чейин сүрүп келишти.

Булардын мындай олжолуу чабуулдары Барак баатырды да кызыктырып, көзүн кызартты. Мындай бекер олжодон кур калбоону көз-

деп, экинчи жагынан ал да сүрүп кирди. Мезгилинде казак элинин Барак баатыры өтө, кажыбас кайраттуу, албуут, беттегенин бербеген шер болгондугунан "баатыр" деген атына "көк жал" кошулуп казактын "көк жал Барак баатыры" аталып калган. Ал дагы кыргыздардын малына тийип оңой олжого туйтунду. Элибизде "Чапкан сайын көз чыкпайт" дегендей, өз кезегинде кыргыздын эл бийлеген бийлери жоокер баатырлары да коргонууга мажбур болушту. Момокон жоокер жигиттери менен карап жатпай казактарга жооп кылып түн ката казактардын жылкыларына тийип ал да үйүр-үйүрү менен айдап келүү адетине өттү. Тиги жагынан Саяктын Садыр баатыры Таластын чегинен баштап Чымкентке чейин казактардын шорун катырып жылкыларына тийишкен. Ал эле эмес Садыр баатыр өзүн хан көтөрүп туш тарапка Садыр хан деген жарыясын жиберип өзүн тааныштырууга өткөнү жөнүндө адабий маалыматтар бар.

"Эрегиштен эр өлөт" дегендей кезектеги казактардын жортуулу натыйжасыз болуп кайтты. Анткени жылкыларын алдырбоону көздөгөн кыргыз жигиттери казактын жылкыга келген жигиттери менен чабышып натыйжада казактардын Чүңгулу деген билерманынын уулу жана Жапегинин уулу Коомандар түнкү чабышта каза болушуп казактардын бул жолку сапары олжосуз кайтат. Буларды баштап келген Бердикожо колго түшөөрдө астындагы атынын мыктылыгынан зорго качып кутулуп кетет. Бул кун куумайды чуулдатып казактар мезгилиндеги казактын "үч жүз" уруусунун ханы болуп эсептелген Абылай ханга өкүлдөрүн жөнөтүп арыз-муңдарын айттырышат.

Абылай хан бул кабарды жоопсуз калтырганда Бердикожо өзү баш болуп Төлө бийди ээчитип Абылай баатырга келишет. Абылай хан алардын акыйкатсыз даттануударын беттерине ачык айтып суроо узатат. Бердикожо качанга чейин бул бет тырмаарылыгыңды таштабайсың? Кыргыздар сенин Жапегиңдин уулу Кооманды үйүңө келип чаап кетсе кеп башка болуп, анда кун доолашсак болот эле. Кооман кыргыздардын малына тийген жерден өлүмгө дуушар болуп жатпайбы. Кыргыздар да өзүнчө ар намыстуу эл болот. Силерге окшоп "катылгандардын катыгын берээр" деп Бердикожону кагып, силкип адилетсиз жоругуңду таштагын деген пикирин айтып, коңшу турган эки элди жоо кылбай жүргүн деп эскертет.

Буга канаттанбаган Бердикожонун амалы куруп башына ар нерсе келет. Акыры Көк жал Барак баатыр эсине келип, ага барып болгон окуяны болгондой баяндап берет. Көк жал Барак баатырдын баатырлыгы Абылайга тете эле баатырлардан болгон. Бир кана хан деп аталбаганы болбосо. Бердикожонун арызданып келгени Көк жал Баракка жага бербей, ошол суу жүрөк Абылайга барбай эле түз келбейт белең деген пикирин билгизип, Бердикожону Меккеден келген мейманындай кадырлап тай сойуп урматтап тосуп алат. Жамбаштап жатып алышып терең сырдашышат. Келечекти элестетип бири-бирине шыкак болуп кыялдарында чабыттап учушат. Акыры сойулган согумдун казы карта-

сынан тойо жегенден кийин бир бүтүмгө келишип жаңырган айдын жетисинде кыргыздын казанын түшүрө чабууга убаданы бышырып ажырашат.

Элибизде "бир киши каткан сыр, сыр болот, эки киши каткан сыр, чыр болот", деп бекеринен айтылбаса керек. Бердикожо аттанаар менен жогоруда болгон кеп-сөз толугу менен "жансыз киши" аркалуу түнү менен жүрүп кыргыздарга таң атып-атпай жетип айтылат. Душмандардан көп запкы жеп калган кыргыздын бийлеринин ар кайсыл элде, урууда жогорудагыдай ишенимдүү "жансыз кишилери" болгон. Мындай адамдар өтө сак жана ишенимдүү шексиз адамдардан болушканын карт тарыхтын барактары баяндоодо.

Кыргыздардын ошол учурдагы билерман бийлери, баатырлары сарбагыш элинен Атаке баатыр бугу элинен Эсенгул баатыр, Белек, Маматкул бийи, Солто элинин Коңурбайдын уулу Жайыл баатыр, Кошойдун уулу Жамансарт, Момокон, Жамансарттын уулу Түлөберди баатыр, Саяк элинен Садыр баатыр, Саруу элинен Бердике баатырлар өңдөнгөндөр болгон. Жогорудагы жансыз кишинин кабары чагылгандай тездикте тарап эртеси сарбагыш элинде Атаке баатырдыкына кеп кеңешке чогулушту. Бал кымыздап ичип, согумдун эти желгенден кийин болгон кеп толук талкууланып жогоруда айтылган жаңырган айдын жетисине чейин жоо жарагын даярдап жоокерлер айтылган жерде даяр болушмай болуп тарашты. Ар уруу башчы бийлери жашыруун сырдын түйүнүн бекем кармап тымызын катуу даярдыктарды көрүп жатышты.

Бердикожо менен Көк жал Барак баатыр болжошкон күнү айткан жерден көп жоокер менен жолугушуп, эми күтүүсүз жаткан кыргыздарды чаап алуу үчүн бет алышты. Ойлогон ойлору таш каап, алар кол салган айылда мурдатан камданып турган жоокерлер каршы алышып чабуулдун мизин кайтарып эле тим болбостон, катуу кармаш узакка созулуп баш айрылып, көз чыгып, эр азамат жоокерлер өлүм-житимге учурап, акыры камданып келген казактар аргасыз чегинүүгө мажбур болушту. Аттуу-баштуудан Көк жал Барак баатыр, Жанектер каза болуп, Бердикожо жарадар болуп качып кутулуп кетти. Көптөгөн жоокерлер каза тапты. Бердикожонун тилеги таш капты.

Жамандык жерге жатпайт дегендей бул болгон каргашалуу кармаш дароо эле Абылай ханга ар кандай адамдардан, ар кандайча болуп жетип жатты. Буга чейин өзүн токтоо, сабырдуу туткан Абылай ханды Көк жал Бaрактын өлүмү ойлондуруп койду. Хан ордонун акылман кеңешчилери Абылай ханга кыргыздардын кылыгы чектен ашты, мына эми казактын бирден кийинки баатыры Көк жал Баракты да жайлашты, эртерээк бир чарасын көрбөсөңүз эртең ордоңузга да кол салат деген чагым кептерин бежиреп айтып жатышты. Абылай чындыгында аз кыргыздарды теңине алып-албай эле жүргөн. Анын тынчын алган Кокон хандыгы, ал жагы орустар, бул жагы кытайлардын жер жайнаган жоокерлери көз алдынан кетпей элестей берээр эле. Эми минтип чындыгында казактын мен деген уулдарынын бири болгон Көк

жал Барак баатыры кыргыздардын колунан өлүм тапканы аны аргасыз ойлонтту.

Ошол мезгилдерде Таластын этегиндеги Садыр баатыр Абылай ханга өз элчилерин жөнөтөт. Максаты мындан кийин Абылай хан Садыр баатырды "хан" — деп таанысын деген. Бул жактан Солто, Сарбагыш эли Абылай ханга Кошой бийдин небереси Түлөберди мырзаны жанына сакалдуу карыларды коштотуп элчиликке жиберт.

Абылайхандын ордосунан Кыргыз элчилери жолугушуп калышат. Абылай ханга мурда келген Садыр баатырдын элчилери киришип, Түлөбердилер кезек күтүп калышат.

Садыр баатырдын элчилери Абылай ханга киришип саламдашкандан кийин, келген ой максаттарын айтышат. Урматтуу Абылай хан сиз мындан кийин Садыр баатырды "хан" — деп таанышыңыз керек деген. Саламдубасын айтышат.

Муну уккан Абылай хандын жини келип, хан дегенди эл шайлайт ал мен, хан бирөө эле болот деп, тескери бурулуп басып кетет. Садыр баатырдын элчилерин, хандын жигиттери акырын ишаратын жасап сыртка чыгарып койушат.

Эми кыргыздардын солто, сарбагыш урууларынын элчиси Түлөберди баш болгон элчилер тобу киришет. Хан менен саламдашкандан кийин ээрчип барган аксакал көрсөтүлгөн орундан орун алат. Түлөберди мырза сөздү баштап келген максаттарын айтат. Жакында болгон казак элинин Көк жал Барак баатыр баш болгон жигиттеринин кыргыздарга болгон чабуулун баяндап, капарсыз, жазыксыз калктын өлүм-житимге учураганын маалымдайт. Ошону менен бирге Теңирдин буйругу менен Көк жал Барак баатыр өзү да өлүм тапканын билгизет. Кыргыз элинин максаты, улуу урматтуу ханым! Ата-бабалардан бери куда-сөөк болуп келген бир боор эл, тынчтыкта, ырыс-ынтымакта эле жашасак деген ой деп, сөзүн бүтүрөт.

Бердикожонун азгыруусуна кирген Көк жал Барак баатырдын, кыргыздарды чаап алам деп барып, өлүп алышы Абылай ханды да сөзгө сөлтүк, кепке кемтик кылып жер каратты.

Өз кезегинде Абылай хан жаш болсо да Түлөберди мырзанын чечен, акылдуулугуна, сабырдуулугуна тан берип, ичинен ыраазы болуп кыргыздарга капчылык жиниң келсе да эл арасындагы элчиде эмне күнөө? "Элчиге өлүм жок" — деп, дүйнө элинде бекерге айтылбаган чыгаар. — Ооба иним, биз, казак элинин да ой, максаты силердикиндей эле деп жооткоткон жообун айтты.

Абылай хан Түлөбердиге кайрылып, сизди элчиликке жөнөткөн кыргыздын билерман бийлерине айта барсаңыз, Талас тараптан чыккан Садыр баатыр менен Мерке-Ашмара жерлериндеги эр Момокондор коңшулаш казак калкынын тынчын алганын токтотушсун. Казак эли ал экөөнө катуу наразы болуп жатышат деп, сөзүн бүтүрдү. Элчилерге сый-урмат ирээтинде сый-сыпаты көргөзүлүп, анан ордо кишилеринин коштоосунда узатылды.

Эл арасында "пайгамбардын чоңунан эмес, кичинесинен корк" дегендей, ордодогу акылман, кеңешчилери какшагандай коңшулаш кыргыздардын оңой жоо эместиги жанынын өтө тынчын алды. Андай дейин десе, күнөө өзүбүздүн казактардын накта өзүндө болуп жатпайбы. Алы жетпегенден кийин кыргыздарга катылып эме кылат? Деген түркүн-түркүн ойлор Абылай хандын айласын алты кетирип, тынчын алды.

Анысы аз келгенсип жанагы Жайыл баатырынын балдары Теке-Үсөн баатырлары да жойлоп жүргөн жолборсту укуруктап кармап алышканы чындык болсо, ордо кеңешчилеринин айткандарында кандайдыр бир чындыктын үлүшү жатканынан кабар берет.

Буларга ишенбейин десең Садыр баатыры мени "хан" — деп тааныгын деп элчисин жибергени, эгерде антип таанытбасаң эртең барып чаап аламын дегени болуп жүрбөсүн деп санаасын санга, ойун онго болуп, түйшүккө салды.

Абылайдан келген Түлөберди элчи Абылай хан менен болгон жолугушуунун кандай кырдаалда өткөнүн, эң негизгиси Абылай хандын өтүнүчү Садыр баатыр менен Момокон шерлерди казак коңшулардын тынчын албагандай кылып тыйып койгула деп өтүнгөнүн билгизди.

Кыргыз билермандары Атаке, Жайыл, Эсенгул, Бердике баатырлар ал өтүнүчү жөндүү көрүнөт деп күлүп калышты. Кошойдун уулу Момоконго Жайыл баатыр эскерте турган болду. Садыр баатырга Бөлөкбай уруусунан Кебек бийди жөнөтүшөт. Кебек бийдин айткан кептерин Садыр баатыр укмак түгүл кайра Абылай бийге тишин кайрап мен атайы мени "хан" деп таанысын деп, элчи жөнөтсөм ханды эл шайлайт, ал эл шайлаган хан менмин дептир. Мени хан деп таанытбаган нөменин түндүгүн түшүрө чаап, жылкысына тийип сазайын беремин, ошондо көрөм ал хан сөрөйдүн мени таанып, таанытбасын деп. Кебек бийдин кебин укпайт. Албетте бул ич арадагы мындай сөздөр, кулк-мүнөз, мамилелер жансыз кишилер тарабынан тез эле эки тарапка бирдей жетип, турду. Натыйжада казак-кыргыз элдеринин арасында барган сайын жоолашуу күчөгөндөн күчөп жатты.

## АБЫЛАЙ ХАНДЫН КОЛГО ТҮШҮШҮ

Абылай хан мындан бир бүтүм чыгарып, тез арада тиешелүү чарасын көрүүнү туура тапты. Тымызын эч жанга билгизбей ишеничтүү жоокерлери менен ууга чыккан болуп, Жайыл баатырды колго түшүрүп кетүүнү көздөгөн ой кылт этип, басса-турса эсинен чыкпады. Акыры бул асыл максатын аткаруу үчүн аттанып кетишти. Чабыттап сыртта көп жүргөн баатыр өзүн эр ойлоп башына жаманчылык келген жок. Шайтан да шыкактап, кана бол, Жайылды кармап келип ордодогу акылмандарды бир сөзгө жык. Мына силердин корккон Жайыл баатырыңар деп, келекелегин деген азгырыгын күчөттү.

Азуусун айга жанган амалдуу Абылай хан аз кол менен келип, Жайыл баатырды аңдып жатып, капыстан дайыма даярдыкта жүрүшкөн

Жайыл баатырдын жигиттерине кабылып калышып чабышуу башталат. Жигиттеринин алсырап баратканын баамдаган Абылай хан дароо ак желегин койнунан алып чыкканча аркасынан байкатпай келген Бекболот чокмор башы менен чокуга басып алат. Эси ооган Абылай хан дагы жарадар болгон жанжөкөрлөрү менен колго түшүп Жайыл баатырдын алдына алынып келинет.

Абылай хан эсине келгени жанын үрөп жалынып эки элдин бир боорлугун, куда-сөөктүгүн, достугун эскерип безеленди. Демейде мындай учурларда калмактар өлүм жазасына тартышат. Кыргыз-казактарда болсо уяткарып, айып төлөтүп, керек болсо ак чапанын, калпагын кийгизип, ат мингизип ал эле эмес кыз алып берип жөнөткөн учурлар да болгон.

Балким кыргыздардагы "атаңды өлтүргөнгө, энеңди алып бер" деген сөз ошондон калгандыр. Мындай учурларда эл башкарган бий менен анын кеңешчилери (айыл аксакалдары кадырлуу кадырлардын) көпчүлүк добуш менен бир бүтүмгө келишет.

Жогорудагы Абылай хандын сөзүнөн кийин ак көңүл, кең пейил Жайыл баатыр айтса, айтпаса төгүнбү? Айтканындай эле кичүү кызы Канымжанды казак элинин баатырына берип, казак эли менен куда-сөөктүгү жалганбы. Канымжандан казак элинин баатыр уулдары Сыпатай менен Алаштар Жайыл баатырдын кара чечекей жээндери төрөлүп отурбайбы. Колго түштү эле деп Абылай ханды кантип өлүмгө буйрумак. Алыбетте Жайыл баатыр мунун баарын терең ойлонуп негизи казак менен кыргыз бир туугандыгын элестетип ортого жик салып жоо болбойлу деген пикирде Аблай хандын башына азаттык берген.

## ЖОО АЯГАН ЖАРАЛУУ

Бирок Жайылдын ак тилегин кең пейилдигин Абылай хан туура түшүнө алган жок, анын пейилинин деги эле адам катары ички дүйнөсүнүн тарылыгы менен кайра Жайыл баатырдан өч алууну ойлонуп жүрөгүнө кек сактап кетти. Мына ошондон крыгыз элинде "жоо аяган жаралуу" — деп айтылып калгандыр.

Элине аман эсен барган Абылай хан бул окуяны эч жанга билгизбөөгө аракеттенип, тез аранын ичинде сансыз жоокерлерин камдап Жайыл баатырды, кыргыз элинин ташын талкан кыла чабууну максат кылып даярдыгын жүргүзө баштады.

Жайыл баатыр болсо, кудай буйруса Абылай хан баш болгон казак эли менен мындан кийин түбөлүккө тынч достук, ынтымакта таттуу куда-сөөк катарында жашоо уланат деген үмүттө көңүлү тынчып калды.

Ортодо сөз ташыган ушакчы, кошоматчыларга кудай берип, ал жакка казактарга барып бирди айтса, казактар минтип жатат деп, кыргыздарга башкача бузукулук сөздөрүн ташып дуулдатып жатышты.

"Какаганга муштаган" — болуп, ушул тапта Ашмарада Момокон, Талас-тын этегинде Чоң Капкада Садыр баатыр казактардын жылкысына үстөккө-босток тийишип, аларды тажатып жиберишти, айласы кеткен казак калкы да жөн жатпай учурунда Абылай ханда кол башчысы болуп кызматын өтөгөн Жоогач баатырга келип коңшу кыргыздын Садыр баатыры менен Эр Момокону шаштыны кетирди, бир убакыт таап элдин атынан Абылай ханга арыз муңун айтсаңчы деп өтүнүшөт. Элдин өтүнүчүнө жок дей албай Жоогач баатыр алды менен эмне болсо да тили жатыгыраак деген ойдо Үмөтаалы ырчыны жөнөтүп айттырат. Андан жыйынтык чыкпаган соң өзү келип, баатыр кошуна кыргыздар жанды койбоду го деп айтканын белгилүү казак элинин жазуучулары газеталарга ачык эле жазып чыкканы анын накта далили.

Ансыз да жакында эле Жайыл баатырдын колуна түшүп ыдык жеп, ыза болуп калган Абылай ханга "шылтоого шынаа" болуп дегендей, кудай берип калат. Ордого улуу жүз, орто жүз кичүү жүздүн эл башкарган өкүлдөрүн топтоп кеп-кеңешин курган болуп, бу элдин арыз-муңуна карасак кыргыздардын Садыр баатыры өзүн хан көтөрүп жакында элчилерин жибериптир, мени Абылай хан мындан кийин Садыр хан деп таанысын, болбосо ордосун ойо чаап алып ташын талкан кыламын деп жатыптыр. Андан нарыда Момокон, Жайыл баатыры да жөн жаткан жок, ал да утуру бечара элдин малына тийип шаштысын кетиргенин мына Жоогач баатыр өзү баяндады деп билдирди. Ордодогу кадырлуу кеңешчилери да омоктуу кеп-кеңештерин айткан болушуп акыры бир бүтүмгө келип, ар бир уруу башчылары он миңден жоокерди камдоо тапшырмаларын алышат. Болжонгон күнү белгилүү жерде жолугушуп отуз миңдеген казактын Абылай хан баштаган жоокерлери кыргызга каршы аттанышкан тура.

Ооба, жогорку белгиленгендей эки элде тең болуучу жансыз адамдар аркалуу Абылай хандын, деги эле казак элинин кыймыл аракети, даярдыгы толугу менен Жайыл баатырга жеткирилген. Жайыл баатыр солто, сарбагыш, бугу, саяк, саруу, кушчу уруулар ортосунда кеңири кеңеш өткөрөт. Өтө өкүнүчтүү жери жыйынга катышкан уруу өкүлдөрү болуптур, колду кураштырып бирге бир жакадан башты чыгарып душманга каршы туралы деген сунушту сунуштай албагандыгы болду. Алардын кызыкчылыгы душман келсе, аларга каршы кол башчысы ким болот деген бийлик кызыктырганы болду. Жайыл баатырга ачык айтпаганы менен алардын жасаган мамилелеринен душман чаап келсе солто элине келет да деген ой ачык эле билинип жаткандай болду. Жооткотушуп болуптур баатыр бара бериңиз, бара көрөөрбүз, жардам беребиз дегендей сөздөрдү айтып тил эмизип жөнөтүштү. Ал эле эмес бугу элинен келген баатырлар өт күйгөн суусундугун ичишип жыйынга катышып-катышпай ордо ойноп жатып алышканы, алардын душмандын келе жатканына кыргыздын тагдырына кайдыгерлик мамилеси эмей эмне деп түшүнүүгө болот.

Элибизде "кийиз кимдики болсо билек ошонуку" — дегендей кыр-

гыздардын казак эли менен чектешкен солто уруусу болгон үчүндүр, каршы келген казак жоолорду тосуу үлүшү солто уруусунун тагдырына туура келет.

Жайыл баатыр мүгдүрөп карап отуруп калган жок. Дароо солто элинин билермандарынын башын кошуп ар кимдин аткараар ишин дайындап тапшырмаларын табыштады. "Жаман айтпай жакшы жок" дегендей деп уулу Асанга айылдарды тоо койнуна көчүрүп, кары-картаң, бала-чакага көз болуп, жоокерлерге керектүү курал-жарак, тамак-аш, суусундук улоо жоого минилээр аргымактарды камсыздоосун айтты.

Өзү уулдары Үсөн, Итике, Текени жана Кошой агасынын уулдары Жамансарт, Момокон, Жамансарттын уулу Түлөбердилер жан жөкөрлөрү менен бирдикте жоого каршы чыгууга даярданышты.

Жоонун келишинен кабарды уккан Кочкор өрөөнүнөн асык уруусунан Ормуш башкарган 221ден ашык жоокерлери менен келип кошулушту.

Кара чоро тукумунан тарагандарды жетектеп Мусаке 300 кол менен келип кошулду.

Таластын Саруу уруусунан баатыр Бердикенин Жаныбеги миң ашык кол менен келип Жайыл баатырга кошулду.

Жайыл баатыр, аскер башчыларынын жана асык, саруу, кара чоро урууларынан келип кошулган жоокерлердин башчыларын чогултуп жоо менен кармашуунун жол жобо, жашыруун ыктарын, айла-амалдарын кеңешип, ар кимине өзүнчө тапшырмаларды дайындоо менен алектенүүдө.

Журт башына мүшкүл иш түшсө, айылчылап жатып алган аял болмокпу. Темиржан эне өзү баш болуп зоот кийимдерди кийип кадимки эр азаматтардай болуп бир колуна калкан алса бир колуна кылычын кармап, чачын желкеге түйүү менен алдуу, күчтүү аял заттарын толук үгүттөп кыз-келиндерге жаа тартканга даярдап жатты. Аларды чогултуп беттеген бетбак жоо кары-жашыңа, бала-чакаңа катын-кызыңа карабайт, казаныңды тулгаңдан түшүрө чаап, үйүңдү өрттөп, мал-мүлкүңдү талап жигиттерди кул кылып, катын-кызыңды күң кылып айдап кетип эзээрин баяндап жатты. Ошондуктан ата-энеңди, ага-тууганыңды, бала-чакаңдын ташын таш талкан кылган жоого катын болгончо, аларга каршы кармашып, атышып жатып эли-жерди, мекенди, үй-бүлөөнү коргоодо өлүп алганың артык деген акыл кептерин үзбөй айтып ар бирин жоого каршы күрөшүүгө үндөө ишин уюштуруп, жоого жек көрүү сезимин жаратты.

* * *

Жер бети кылкылдаган казак жоокерлери ары айбаттуу, ары сүрлүү, атчандары аралашкан ар түрлүү, кылымдардан берки карызын доолагандай найзаларын сунушуп, кылычтарын күнгө чагылдыра жаркылдата кындарынан сууруп качырып кирип келишти. Эки тарап качы-

рып келген казактар менен киндик каны тамып туулуп өскөн эли-жерин каардуу казактардын жоокерлеринен коргогон кыргыздар бетме-бет жоолашып чабышып жатты. Кулап түшкөн баштар, сулап жаткан жаштар, акшыңдап жаткан кабак-каштар, жараланган жоокерлерден аккан кандар сел болуп, өлүктөр тоодой болуп кырылдап кырылышып жатышты.

Бул жерде өзгөчө белгилей кетүүчү нерсе Жайыл баатырдын каардаңган казактар менен кармашы болуп отурат. Узундугу он метрдей, жоондугу сандай болгон атайын бакан ээрдин кашына арчындапа байланып бекитилген, ал беттешкен казактарды аралай чапканда, баканга туш келгени оңду, солду жоокерлер аттарынан топтой учуп кулап жатканы болду, колундагы кылыч менен беттешкенинин башын кыя чаап утуру алга темингени теминген. Жайыл баатырдын оң тарабында уулу Үсөн баатыр, сол тарабында Теке баатыр атасына жоону жолото койбой найзалары менен жыга сайышып кармаш күчөгөндөн күчөөдө. Жоолошып чабышкан казак-кыргыз согуштагы беттеши бирде кыргыздар кырып качырып бара жатса, экинчи жагында канча болсо да көптүк кылышып казактар кыйратып келе жатышты. Бул согуш бир эле беттешкен жерде өтпөстөн бири качып экинчиси кууп жүрүп чабышкан кандуу кыргын болду.

Демейдегидей беттешкен согуш бир-саат, бир күндө эле нары же бери болуп бир тарабы качып, экинчи тарабы кубалап күлүн асманга сапырган учурлардай болгон жок. Негизинен айыгышкан кармаш карыш кадам жер үчүн жан үрөөдө өтүп жатты. Таңда башталган кармашуу-кырылышуу күүгүм кирип кашкарайып эч нерсе көрүнбөй калганча уланып жатты. Акыры качырып келген казактарды кырдан ашырып кууган кыргыздардын жоокерлери "Жайыл" "Жайыл" — деп, ураан чакырып казак элинин жоокерлери Абылай, Абылай деп, утур качырып жоо артынан сая түшүштү. Акыры күүгүмдөп күн уясына батып, күүгүм кирип, качкан жоо жеткирбей көздөн кайым болушту. Жоодон кайткан жоокерлердин шайманы ооп биринин башы жарылган, биринин саны чабылган, өз мекендерине келишип аттан түшүп, жараттарын таңышып эс алууда.

Темиржан эне баш болгон аялдар тобу жоокерлерге жардамын берип, тамак-ашын белендеп, оокаттандырып ал абалдарына карашып аракеттенишүүдө. Тамактанып эс алган жоокерлердин көңүлдөрү бир аз көтөрүлүп бүгүнкү жоо менен болгон кармаштын урунттуу жерлерин бири-бирине айтып, аңгемелерин курушууда. Жараты күчтүүлөрдүн жаны жер тартып ажалы көзгө көрүнүп боздоп-сыздап жай ала алышпай жан алекетте. Мындай оор абалдагы жоокерлерди түнү менен Асан айылга жеткиришип, жандарын жай алдырып, алардын ордуна күнүгө жаңы толуктоолорду кийирип турушту.

Эртеси күнү таң сөгүлүп аткандан баштап Жайыл баатыр жоокерлердин ал-ахвалын өз көзү менен көрүп, алардын кечеги эрдиктерин эскере айтып көңүлдөрүн көтөрө кыдырып жүрдү. Согуш учурунун бө-

төнчөлүгү таң атты, күн батты дебей ар дайым жоого каршы даяр туруу болуп саналат. Мындай кармашта ар бир жоокер өзүнөн да минген атына көбүрөөк көңүл буруп жем-чөбүн берип сугарып, белин баспай турган кылып токуу оң натыйжаларын берээрин айыгышкан кармаш айгенелөөдө.

Эртеси күнү, кечээги качып зорго кутулган казактын жоокерлери андан да көп кол менен толукталганы байкалып турду. Кексе Абылай жоокерлерин үч топко бөлүп, үч багытта согушууга өз чабуулдарын баштаганы эми билинди. Көрсө карамагындагы отуз миң жоокерди он миңден үч топко бөлүп, өзү баштаган жоокерлер менен Олуяатага багыт алып, экинчи топту, өзүн "хан" эсептеген Талас өрөөнүндөгү Садыр баатырга жиберип үчүнчү топту кең Чүй боорун мекендеген Солто эл башчысы Жайыл баатырга багыттаган экен.

Талас өрөөнүн мекендеген Садыр баатыр капарсыз жатканда, капысынан баскан казактар оордунан былк эттирбей Садыр баатырды, уулдары менен бирге колго түшүрүп эл алдында жазасын берип, малын Сарыаркага айдатып, жоокерлерин кул кылып, келин-кыздарын күң кылып олжолоп алышып көңүлдөрү тынчышат. Солто элине кеткен топтон кабар алмакка бет алышып кокустан, алардын качып келе жаткан жолдорунан чыгышат. Көп ойлонбой эки топ биригип кайрадан Жайыл баатырга, солто элине каршы чабуулга өтүштү. Айыгышкан кармашуулар, кырылып, жойулуулар. Найза менен сайышып, кылычта кыя чабышып, чокмор баш менен чокуну жара чабышкан жоокерлер. Ортодо оңду, солду барабар кылыч менен шылып чаап бараткан Теке баатыр. Бет келгенин башка чаап, качканын карууга чаап, үстүккө босток тынымсыз чабышуулар, салгылашуулар. Калп айткан менен болобу, кантсе да каршылашкан казак жоокерлеринин көптүгү байкалып жатты. Колундагы чокмор баш менен душманды аралай чаап жүргөн Итике эле, ал атасынын айтканындай жандай өткөн казактардын кашкайган тизелерин жара чаап өтүп, аттан кулаганына өзү да курсант болуп, ан сайып теминип кездешкенин так тизеге чаап кулатып жүрдү. Айыгышкан согушка бири кирип, экинчиси чыгып тынымсыз уланууда. Утуру шаштысы кеткени четтей чыгып топ-тобу менен кайра качырып кирип жатышты.

Темиржан эне бир топ жаа тарткан келиндерди алып келип, качырып келе жаткан казактарды бирден терип аткылап жоонун ыгын таап алышты. Айтылуу жоокерлер казактар менен чабышып-чабышып жатып, аргасы түгөнгөндөй дароо аркасына кача жөнөйт. Карама каршы кармашкандан качканды кууган жеңилирээк бейм, качкан бир жоокерди кууган беш-алты жоокер, аялдардын тарткан жаасынын огуна туш болуп курман болуп жатышты. Акыры казак жоокерлери көптүк кылышып утуру кыргыз жоокерлерин чегинүүгө, качууга аргасыз кылышты. Мындай чегинүү бир эле жолу болгон жок, утуру эс алып, кошумча колуна жоокерлер келип толукталып кайрадан казактын баскынчыларына Жайыл баатыр каршылык көрсөтүп кармашуу күндөн-күнгө, жумадан-жумага улана берди.

Жоо менен кармашууда жоокерлер күн өткөн сайын билинбегени менен алсырап ал-күчтөн тая башташты. Жайыл баатыр кайраттанып мүмкүн эртең сарбагыш элинен Атаке баатыр (күйөө баласы), бугу элинен баатыры Эсенгул чоң баатыр жардамга келип калабы деп үмүттөнгөн үмүтүн үзгөн жок. Ал эле эмес жоокерлерге да мына эртең Атаке баатыр, жээ Эсенгул чоң бааатыр жоокерлери менен жардамга келишет деп ишендире күтүп жүрүштү. Үмүттөнгөн тилеги таш каап Атаке баатыр да Эсенгул баатыр да келген жок... Калдайган калың казакка солто эли Жайыл баатырдын жетекчилиги менен жан үрөп каршылык көрсөткөнү менен туруштук бере албай утуру чегингенден чегинген. Жоого каршы асык уруусунан Ормуш баатыр, Саруу уруусунун баатыры Бердике баатырдын уулу Жаныбек, карачоролордон Мусаке баатырлар бул теңдешсиз кармашуу согушта кашык кандары калганча салгылашышты. Тынымсыз согушуудан жоокерлер эле эмес, кол башчысы да денесинен оор жарат алып ал күчтөн тая баштаганын мойунга албай кайратына кайрат, күчүнө-күч кошкондой кубаттануу менен жоого каршы чыгып жатты. Карама-каршы чыккан казак баатыры алсырап чарчаган Жайыл баатырдын оң тизесин чокмор баш менен сындыра чаап өтөт. Сынган буту менен аттан түшсө кайра мине албасын түшүнгөн Жайыл баатыр сынган бутун шалактатпай канжыгага байлатып алып үч күн, үч түн аттан түшпөстөн — кас душмандар менен кармашканын раматылык атам айтып калаар эле. Өкүнүчтүү жери ал кездерде эч нерсени байкап элес албаган балалык кез экен, мына азыр аны эстеп арманда болуп отурган учурум. Айла канча өтөөр иш өтүп кетти, эч нерсе ордуна келбейт. Андан да өкүнүчтүү жери мындай тарыхый окуяларды бүгүн сурай турган да адамдардын калбай бара жатканы болуп отурбайбы.

Абылай бөтөнчө (митаамданып) амалданып Жайыл баатырды, балдары менен өлтүрбөй тирүү кармоону катуу буйрат. Анын максаты Жайылды балдары менен чогулган элге элесин калгандай кылып кордоп өлтүрүүнү максат кылган. Албетте жоодо кармашып жатып канча адам каза болду, анын өлүмүн эч ким көрбөй да калды, бир кана жери жоодо өлдү болуп калат. Мүмкүн жалпы солто элинин жүрөгүнүн үшүн алуу үчүн Жайылды эл алдында кыйнап өлтүрүүнүн максат кылгандыр Абылай хан. Жер жайнаган казак жоокерлери утуру толукталып жаңы күч менен кыргыздарга каршы чыгып жатты, кырып жатты, анда талаш жок. Акыры кыргыз жоокерлери жоого каршы туруштук бере албай качкандары көбөйө баштады анын баарына баш көз болуучу Жайыл баатыр жаралуу болсо да жоо менен кармашты. Аларды байкап турган,

## ТЕМИРЖАН ЭНЕ

Темиржан эненин ар намысы чыдатпай утуру айтканына жанталашкан жоокерлер кулак сала бербеген соң бийик ала баканга кыргыз-

дын туусун илип, качып келаткан жоокерлерге кайрылып жоодон качып мына бул далбактаган туудан өтүп кеткениң — "катынсыңар" — деп, айхайды салганда канчан жоокерлердин айласы кетип кайра жоого, беттеп кармашкан.

Жоо беттеген баатырсың,
Кайратың жоону качырсын.
Жоонун аткан жебеси,
Желкеңе эмес, жүрөгүңө атылсын.
Желпилдеп турган желектен.
Өтүп кетсең катынсың — деп,

айтканы күнү бүгүн да калайык калк арасында кеп боло калганына ар кимиңиздер күбө болуп жүрөсүздөр.

— Жайылдын өзүнөн да минген аргымагы канча күндөн бери тынымсыз жоого каршы чабылып акыры кыйкайып Жайыл баатырдын "Чү" — деп, темингенин, жоопсуз калтырып калтырап "быш-быш" этип кабыргаларын кагып туруп калды. Айласы түгөнгөн Жайыл баатыр "Ат адамдын канаты, ат аттан кийин жат" деген ушул деп күүгүм киргенде туш тарабынан кысып келген казактарга колго түшүп отурбайбы.

Жогоруда айтылгандай Абылайдын буйругунун негизинде Жайылды жана анын балдары Үсөн, Теке жана Итинени тууганы Момоконду өлтүрбөстөн кармап Абылай ханга алып келишкен.

Көксөгөн максаты орундалган Абылай хан Жайыл баатырды балдары менен тарпы кеткен кара боз үйгө камашып туш тарабынан күзөтчүлөрдү катарлап кайтартып койушуп өздөрү да канча күндөн бери арыган киши болуп эс алганы кетишет.

Баатырдын кошоматчы акыл кеңешчилери Абылай хандан кандай кеп-сөз чыгат дегенсишип утурлап күтүшүүдө. Чай-пайларын ичип дем алып отурушуп кеп учугун чубап кана билермандар кандай дейсиңер, Жайыл баатырга балдары менен кандай жаза колдонобуз — деген суроосун узатты Абылай.

## ЖООГАЧ БААТЫР АБЫЛАЙ ХАНГА ТААЗИМ КЫЛЫП

— Кадырлуу кеңешчи бий, султандары каада салт боюнча, бирибирин карашып, кана сен башта дегенсишип тымызын үн-сөзсүз тиктешүү өкүм сүрдү. Ал ангыча сырттан шашып Жоогач баатыр отургандарга саламын айтып кирип келет. Абылай ханга кайрылып, улуу урматтуу ханым! Жаштайымдан жанымды үрөп жоокерлериңизди баштап кызматымды жасадым, кара ниеттик кылбадым. Кытмыр, кыйдыларды ылгадым, керек болсо бүгүн да кызматыңыздамын деп эки колун бооруна алып таазим этет.

— Жоогач баатырдын алыстан салам айтып киргенинен баарын түшүнүп отурган Абылай хан.

— Ийе кулак сизде Жоогач баатыр, дагы эмне айтайын деген кебиң бар деп суроолуу карады.

Кыргыз менен кылымдардан,
Бирге болгон айылым.
Калмак менен чабышта,
Жардам берген Жайылым.
Өзүңүздөн өтүнөөрүм?
Кечир Жайыл айыбын? — деп, Жоогач баатыр Абылай ханга жалоорул суроолуу карайт.

Абылай хан:Чексиздикке көпкө ойлуу тиктеп...

Агаинсиң бирге турган чегиңде,
Айтканыңдын актыгы бар кебиңде.
Аман калса Жайыл досуң... эртеге,
Акыр түбү куба турган кегинде? — деп кайра Жоогач баатырга суроолуу тиктейт.

Жоогач баатыр күйпөлөктөп, кекти каапырга жараткан ханым, Жайыл дос, андайга барбайт, казак-кыргыз куда-сөөк, бир тууган элденбиз Жайылдын өз жанынан жаралган кызы Канымжан айым Алыбек баатырдын зайыбы, бир эмес эки уулу Сыпатай менен Алаштар барабар чоңойуп келатат дейт.

Азга ойлуу отурган Абылай, кечээ эле ушул Жайыл баатыр өзүн өлүмдөн бошоткону көз алдына келип, жүзү чымырап айласы кетип, — Жоогачка карап, "Бирге болсо айылың, кечтим Жайыл айыбын" — деп, кесе сүйлөйт. Отургандар бири-бирин карашканы менен сүйлөшүүгө чамалары жетишпей таң калышта сырдуу мелтирешти...

Ушул эле сөздү уга албай турган Жоогач баатыр дароо ордунан туруп, рахмат ханым, кулдугум бар, бул адамкерчилигиңизди, жакшылыгыңызды эч качан унутпасмын баатырым деп, кош айтышып сыртка жыла жөнөдү.

Жоогач баатыр көп ойлонбой, дароо Жайыл баатыр балдары менен жаткан жаман бозүйгө бет алды. Келип болгон ишти Жайыл баатырга баяндап, досум каныңды сурап алдым кана кеттик деп, маселени кабыргасынан койду.

Жоогач баатырдан бул уккан кабарына Жайыл баатыр жай кана кабыл алды, жүрөгү жарылып сүйүнгөн да жок. Анын да өз себеби бардай. Кечээ эле Абылай ханга чагымчылык кылып кыргыздар жанды койбоду деген кеби Жайыл баатырга жеткен. Ошон үчүн жандай көргөн жан досу, жаш досу, адамкерчиликте, бейкутчулукту бийик тута албай эки элдин ортосунда бузукулук, кара ниеттин ишин жүргүзгөндүгү кайра Жайылды капа кылып тургандай сезилди. А балким бул

кеп ортодогу чагымчылардын бузукулук кеби болуп жүрбөсүн? — деген ой кылт этти.

Жайыл баатыр бир карап иниси Момоконго кайрылып биз ичээрибизди ичтик, көрөөрүбүздү көрдүк кандай дейсиң Моке? Андан көрө жашоосун эми баштаган балдарга кезек берсек дейм деп суроолу карады.

Момокон да башын ийкеп, мен макулмун дегендей ишааратын билгизди. Айтса-айтпаса төгүнбү? Кырчындай балдар турса, досум менин канымды сурап алды эле деп аларды өлүмгө ыйгарып кете беришинен өткөн безээрлик болобу? Ошону үчүн Момокон агасы Жайылдын айтканына макулдугун билгизе башын ийкеген. Андан кийинки сөз кезегин Теке баатыр алып,

Жашоону-жалдыратып,
Өлүмдү-өкүм кылбайлы.

Үсөн экөөбүздө туяк калды, Наристе Итикени сыйлайлы, — дегенде, Үсөн баатыр да ага колдоо болуп, туура айтат деп коштоду. Жайыл баатыр Теке уулунун бул чечкиндүү кебин угуп отуруп, Теке менен Үсөн энеси бөлөк деп жекелебей, кайра ушу наристе Итикеден туяк калган жок, андан көрө кичүүбүз Итикеге азаттык берели деп кара кылды как жарган калыстыктарына Жайыл баатыр ачык айтпаганы менен ичи жылып уулдарынын чечимине ыраазы болуп отурду.

Жайыл баатыр, Момокон, Үсөн жана Теке болушуп алакандарын жайып Итикеге баталарын берип, ак жол каалашты. Муну угуп турган Итике буркурап көз жашын төгө ыйлап, жок, жок жооок деди... мен силерди өлүмгө таштай албайм... Эч кайда барбайм.

Оо тагдыр! Неге мынча таталадың?
Оомийин деп, бердиңер баталарың.
Өлүмгө таштап койуп өзүңөрдү... Өлбөстүк жакка кантип кеталамын — деп боздоп көз жашын көл кылды.

Абылайдын айнымалык адетин айтып, Жоогач баатыр Жайыл досуна кайра кайрылды. Аны туура түшүнгөн Жайыл баатыр, Итикеге кайрылып; Уулум бу да, болсо пешенеге бүткөнү, Теңирдин буйругу, тагдырга жазганын көрүү шарт. Агаларыңдын айтканын аткар, элиңе тарт деп, буйра сүйлөй Жоогач баатырга алып жөнө дегендей ишаарат кылат. Досунун ишааратын түшүнгөн Жоогач баатыр Итикени колтуктай кармап акырын жетелеп сыртка чыгат. Көзүнөн жашы шоргологон Итике айла жок Жоогач баатыр менен бара жатты. Жоогач баатыр, Абылай хандын кызматында жаштайынан аткарып жүрүп, анын кулкмүнөзүн, ушак, чагым сөздөргө тез кирээрин ийне-жибине чейин түшүнүп калган. Аны жандаган акылман карылары дароо эле жолдон чыгарып чечимин өзгөртүп жиберээрин да жакшы түшүнөт. Ошондуктан Итикенин атын дароо жайдактап сугарып жем-чөбүн берип тоюунду-

рууну буйруп өзү Итикеге өтөөр-кетээрди айтып курсагын тойгузуп, канжыгасына күл азыгын байлап берүүнү сунуштап жатканда, алыста текирең-баскак менен келаткан хандын жасоол жигиттерине көзү түштү. Ачыгын айтса айласы алты кетти. Акыры акылын жыйнап тигинде турган тай казандын казанбагын көмкөрүп астына Итикени жашырышты. Казандын үстүнө терип келинген сөксөөлдөрдү, тезектерди жыйа койушту. Ал аңгыча шаша-буша жасоол жигиттер да жете келишип Жайыл баатырдын кенже уулу Итикени сурашты. Жоогач баатыр шек алдырбай, ийи тынччылыкпы эмне болду, деп, суроо узатымыш болуп, ал жоонун баласы, хандын ордосунан чыгаары менен эле "чү" деген боюнча кеткен, чамасы айылы тарабына кетти окшойт деп, жасоолдорго көз жүгүрттү. Жигиттердин бири эми кайдан табабыз деп бушайман болсо, экинчи жасоол элеңдеп эки-жакты кароодо. Итикенден шек жок экендигине көздөрү жетип бири-бирине жүрү кеттик дешип шылкыйып аттарынын баштарын бурушту.

Жоогач баатыр болсо, Абылай ханды айныткандар болгонуна көзү жетип, ийе мырзалар айткыла керек болсо ханыбызга мен өзүм да барып жолугайын деп узатты. Жоогач баатыр ал-абалды түшүнүп өтө этияттык менен туш тарабын чабыттатып Итикенин тулпарын токутуп, канжыгасына чакан гүл азык, суусундугун байлап жолго даярдайт. Жанына эки ишеничтүү жигитин кошо жандатып Итике менен кош айтышат.

Жайылдан калган туягым,
Жалгыздыгың туямын.
Жоодон эсен кутулсаң, Жайыл деп, тукум улаарым —
деп Итикенин амандыгын Көкө Теңирден кош колдоп тилеп атына минип узап кеткен Итикени өзү да Ашмарадан өткөнчө акмалап узактан узатып келет. Тоо этектеп кеткен Итикенин карааны көрүнбөй калгандан кийин гана көңүлү жайланганда кайра айылына тартат.

* * *

Отургандар ээлеген кадыр баркына жараша бир-бирден ар кеңешчи өз ой-пикирин ортого салышты. Бирок кандай болсо да Жайыл баатырды балдары менен өлүм жазасы күтүп турганы дайын болду. Анткени тирүү калса эртең эле бүтүн кыргыз элинен кол курап чаап кетишет деген арам ой аларды бийлеп алды. Ал ангыча төрдө отурган акылдуу карылардын бири үнүнүн кыраатын чыгарып, Абылай ханым, өлүмдөн адам качып кутула албас, Жайылга азырбы же ананбы баары бир өлүм өкүмүнө токтолдук. Андан көрө үч күндөн бери ач жоокерлерге казак-кыргыз калкынын каада салты боюнча тамак тартып бир сынап көрбөйлүбү?

Жайыл баатырдын ач карыны күчтүү бекен? Жээ ар-намысы күчтүү бекен? Деген сунушун кийирди. Төрдө жамбашынан кынтайган Абылай хан башын өйдө көтөрүп, Кыдыр ата туура айтасыз деп колдогонун билгизди.

Күн бешимдеп калганда, Абылай баш болгон казак элинин хан, султандарды аргымак аттарына минип Жайыл жаткан тамтыгы чыккан жаман кепеге келишти. Туурдугу кырк тешик болуп кепенин ичи сыртын анын керегиси эле бөлүп турганы болбосо, ич менен сырттын айырмасы жоктой эле.

Төрдөгү жаман өгүз талпагынын үстүндө сол жамбашында кынтайган Жайыл баатыр, ага катар агасы Кошой бийдин уулу Момокон отурат. Алардын бир тарабында Үсөн , экинчи тарабында Теке баатырлар отурушат.

Казак кадырлуулары ат үстүндө кандайдыр бир нерселерди талкуулаган адамдардай өздөрү менен өздөрү болушуп бак-бак этишип каткыра күлүшүүдө. Жаман кепедеги Жайыл баатырдын бар жогу менен капарлары жоктой түрдө. Ал ангыча эки казак жигит колго суу куйган болуп дасторкон салып бир чарага ортосунда козунун башы бар эт тартылды.

Жашоодо "өлүм" менен "өмүр" — мен, мен деп турган учурда тартылган бул эт "сый" табак эмес, "сын" — табат экенин бирге отурган ага-ини, ата-балдар толук түшүнүштү. Шайтандын азгырыгына алдырышып талап-талашып жеп койгон жок. Мелтиреп ортодо бир чара эт турат. Ангыча кынтайып жаткан Жайыл баатыр козголуп, оңолуп отуруп, кой балдарым ырыскесерлерден болбойлу, бул тартылган тамакта эмне айып деп, табактагы, башты алып анын оң уурутунан бир тилим кесип ооз тийип жанында отурган Момоконго узатты.

— Момокон эр, агасы Жайылдан алган баштан кежиге куйкасынан бир тилим кесип оозуна салып, бычакты чыкыйга сайып Үсөн баатырга сунду.

— Үсөн баатыр да баштын оң кулагынан кесип жеп, экинчи кулагына сайып, өзүнөн кийинки Теке баатырга жылдырды. Теке Үсөн сунган башты алып, оң көзүн ойуп алып, оозуна салып, бычакты сол көзүнө сайганда. Көздүн чечекейи жарылып сыртка чачырады.

Казактар калп эле каткырып күлүшүп жатканы менен Кепедеги бул окуялардын баарын байкап турган санчы-сынчыларынын миң сандаган көз каректер ар бир кыймыл аракетти астейдил аңдып карап турушкан.

Ооба, сынчылардын пикири боюнча Жайыл баатырдын ар намысын-ач карыны жеңе алган жок. Алар айрым казактар кептегендей болуп тартылган табактагы этти талашып-тартышып жеп ташташпады. Болгону Жайыл баатыр ооз тийген баштан ар кимиси ар башкача ооз тийгени болду.

Санчы-сынчылардын жогоруда тамак жеген аземинин сырдуу түйүндөрүн чечмелеп айткандары.

— Жайыл баатырдын башты алып оң уурутунан бир кесип ооз тийгени:

Баш этинин өтө даамдуу, ширин жери бул жогоруда Жайыл баатыр кесип жеген уурту болоорун эсептегени, ары жумушак, ары даам-

дуу. Баяаа эле пайгамбар жашынан өткөн баатыр жашоонун ширindiгин түшүнүп калгандыгын кабарлаганы колдон келсе бул жашоонун ширindigин туйсак, билсек дегени. Экинчи кесип жебегени, тойо жеп тогуз болбойсуң, ар нерсеге топук кылган оң болот дегени деп чечмеледи.

— Момокондун кежигедеги эттен бир тилим кесип оозуна салып, бычакты чыкыйга сайганы: Кокустан аман бошонуп чыксам, барыңарды бирден мууздап каныңарды селдей агызамын дегени, бычакты чыкыйга сайганы, мээңерди чукуп башыңарга чай кайнатам дегени деп чечмеледи.

— Үсөн баатырдын кулакты шарт кесип жегени, бир боор элек, ушак кепке, сөзгө алдандыңар дегени, аман кутулуп кетсем кулагыңарды чунайта кесип кегибизди алабыз дегени деди.

— Теке баатырдын оң көздү ойуп алганы. Соо калсак оң көзүңдү ойуп жеп, сол көзүңдү чукуп саламын дегени го деп сынчылар бир оздон чечим чыгара жарыялашты, тиги билармандарга.

Бул чечмелөөнү угуп отурган кадырлуу казак акылман кеңешчилери Абылай ханга ого бетер шыкак болушуп буларды тирүү койо берүүгө болбостугун далилдөөгө аракеттенип жатышты. Айрыкча көзүңдү чукуймун деген Теке баатыры деп жаалашты.

## ТЕКЕ БААТЫРДЫН АКЫРКЫ ЭРДИГИ

Абылай хан жанжөкөрлөрү менен бир бүтүмгө келишип, эми аны иш жүзүнө ашырууга келишти. Алардын максаты казактардын көздөрүн чукуур Теке баатырды атасынын көзүнчө, жалынтып, жалбартып, чөгөлөтүп мизин кайтаруу болуучу.

Эки балбан жигити ийее... Теке баатыр сенсиңби?— дешип, экөө эки колдон алышып, эки этегин баса отурушту. Канжарларын сууруп чыгып экөө эки бөйрөгүн ойуп алышты. Куду Теке баатыр баштын көзүн ойуп алгандай кылышып. Теке баатыр эч нерсе болбогондой үн да чыгарган жок. Эки бөйрөктөн каны шорголоп агып жатты. Мына эми кансырап жыгылат деген Абылай хан. Теке баатырга кана баатыр өлөөр астында кандай өтүнүчүң бар деген суроосун узатты.

Теке баатыр үнүн басымдуу чыгарып, Абылай хан!

Аткара алсаң сөзүңдү,
Аргымак атка мингизгин.
Колума курал карматып,
Айкөлдүгүң билгизгин.
Аткарбас болсоң сөзүңдү,
Айымдыгың билгиздиң Абылай — деп суроолу ханды карады.

Абылай хан атка жетпей жыгылаар деген ойдо желдеттерге өтүнүчүн аткаргыла дегендей каш какты. Желдеттер мыйыгынан күлүшүп

аргымак деп бир чобур, ташкуланы туура тартышты, мына курал кылычыңыз деп, мазактап койчунун четин таягын сунушту.

Теке баатыр шап атка минип, колунда четин таяк. Жаныбарым тулпарым, жаның болсо чуркагын деп, эки буттап капшытын кабыра темингенде минген аты ыргыштап ойноп турду.

"Жайыл" — деп, ураап чакырып, Жайыл деп күчтүү бакырып, колундагы четин таягы менен казактын жети султаныны соройто чаап түшүрдү. Акырында өзү да "Жааааййыыл"... деп, аттан кулап түшүп жан таксым болду. Карап турган казактар, "уу-дуу" болушуп, көз ачып жумганча кандай окуя болуп өткөнүн карап турушуп эле түшүнүп түшүнбөй да калышты. Алардын эч кимиси мындай болоорун үч уктаса түшүнө да кирбеген укмуштай сырдуу окуя, чырлуу өлүмгө дуушар болушту. Жерде жаткан жети казактын бөөдө өлүмгө дуушар болгонуна өздөрү себепчи болгондугуна эми түшүнүштү.

Карап турган казактар ой тообаа... дешип жакаларын кармышып, бири тан берип чыныгы баатыр экен десе, бири бул кыргыз өз кунуну өзү алып кетти го дешип шыпшынып, баштарын чайкап жатышты.

Ошентип Жайыл баатырдын өлүмүнө кумарланып тамаша кылабыз деген казактар, өздөрүнө-өздөрү өкүрүп ойгайлашып ызы-чууга түшүшүп жатышты.

Теке баатырдын акыркы "Жааааййыыыл, Жааааййыыыл" — деп, чакырган ураанын мүмкүн көкө Теңириме жеткендир деп, аргасыздан ойлоносуң. (бул жөнүндө атайын токтолобуз)

Ооба, Жайыл баатыр балдары менен өлүмгө тике караштьі, кара жаны үчүн жалынып жалбарышкан жок. Алардын өкүнгөнү Абылай эмес, кепкеңешчи акыл мандары казак эл билермандары болду, алар казак-кыргыз бир боор элдин ортосуна жик кетирип жатканы болду. Анткени кечээ эле Абылайды колго түшүрүп келген жигиттеринин, талабын орундатпай Жайыл баатыр кыргыз-казак кошуна жашаган бир боор тууган элбиз, куда-сөөкбүз деп Абылайдын башына эркиндик бербеди беле.

## ЖАЙЫЛ АТАНЫ ОЙЛОНТКОН ОЙЛОР

Эмне үчүн Абылай хан, Жайыл баатырдай ай көл, кең пейилдик кылбайт?

Эмне үчүн эки элдин достугун, ырыс-ынтымагын улантып аны сактабайт? Мына ушул суроолор Жайыл баатырды ойлонтуп жатты.

— Балдары менен Жайылдын, санаасы санга бөлүнөт. Агара таңдын атышы, кылымга тете көрүнөт. Өткөн өмүр жашоосу көөдөнгө батпай төгүлөт.

— Балбылдаган көктөгү, тараза жылдыз батканда, түнөргөн түн агара, таң сөгүлүп атканда, мынчалык ширин жашоолор, бакыттын дамын татканга. Жайыл баатыр жайдары, багымдат окуйт намазын, да-

аратын ала далдаада, бир карап таң каласың, "күрс" — жөтөлсө Үсөнү, тийбесин суук дейт баласын.

— Жайыл баатыр, өлүмдөн кабар келсе да, өлөт деп кабар берсе да, өкүнүү жок, өксүү жок, өрөөпкүп аны жеңсе да, өлүмгө тике караган, өчөшкөн душман жеңсе да.

— Жайыл баатыр жайдары чогулган элге кайрылат, кыргыз-казак достугун, элестеп бир топ кайгырат, керээзинде кеп айта, Абылай ханды көп сынап. Беш жыл мурун Абылай, кыргызга кыргын баштадың, белсенип басып алууга, бел байлаган ал чагың, талап-тоноп талкалап, бүлдүргөндөн качпадың.

— Кандуу кыргын болгондо, катыгыңды алгансың, ташың талкан болгондо, колго түшүп калгансың, куруңду салып мойунга чөк түшүүгө баргансың. Казак-кыргыз бир боордун, достугун жар салгансың, Булбулдай безеп тилиңди, чечендикке салгансың, куткарыш үчүн башыңды, күнөөңдү толук алгансың. Баатырсынган кандай эр, керт башы үчүн каргансын, антты кечип жаны үчүн, арамдыкка алдансын? Абийирсиз Абылай! Адамзаатка армансың.

— Абылай! Көз жашыңды көлдөтүп, чөк түшкөнүң эстеби? Жан соога деп жалооруп, бөк түшкөнүң эстеби? Эт-бетиңден жыгылып, ант ичкениң эстеби? Казак-кыргыз тууган деп, күнү-түнү болгон кеп, азаттык бердик башыңа, айтылуу эле "чуудан" — деп, адашкандын иши экен, "ташкуланы" — буудан деп.

— Аңтара кийген бөзүңдү, аябастан өзүңдү, айхайлап ыйлап жатканда, аңдабай айткан сөзүңдү, акшыңдатып койбодум, аңтара сайып көзүңдү. Боортоктоп жөрмөлөп, безилдеп айтып арманың, бетбактык эми болбойт деп, бозоруп ыйлап калганың, бок-жиниңди аралаш, Абылай! Боздотуп жарып салбадым.

— Абылай! Бир-боор элден болот деп, бөпөлөп бербей ашымды, бычмал аттай тартайтып, таш-талкан кыла кашыңды, кылыч менен кыя чаап, бөктөрсөм болмок башыңды. Сай башында салпайтып, сайып койсом жарашмак, сон пенденин ичинен, сөөлөтүң кимдер карашмак, сай-сагызган, чөө-бөрү, сөөгүңдү тытып талашмак.

— Бузуку тилге киргенде, бул кылыгың билгенде, болмок экен Абылай! Толоорсуктан илгенде, бети жоктук кылыгың акыйкатты билгенге.

— Элим үчүн жерим деп, өлөөрүмө арданбайм, кара жандын камына, карайлабайм жалбарбайм, карт тарых бар аркада, каарыңа арбалбайм Абылай!

— Жанымдан жаралгандар! Канымдан таралгандар! Эл үчүн жанды кыйып, өлүмгө баралгандар, өлөөрү өлгөнүнчө, өз өчүн алалгандар. Жалтанбай жалдырабай, жагымсыз балдырабай, жүрөктү элим үчүн, жан берели алсырабай, жараткан буйругудур, сага да жаза бар Абылай — "тай".

— Оо калайык! Чөгөлөө жок, чөкпөйбүз, чуурута жашты төкпөйбүз, чымын жан деп сенчилеп, чыпалакты өппөйбүз, чырпыгым калды аркада, чынар-сымал көктөйбүз.

— Балдарым! Башты көтөргүлө! Көз жашты эч төкпөгүлө, элиң

үчүн жаның курман, көңүлдөн чөкпөгүлө! Намыз үчүн элди сактап, кайгылуу күн өткөнүнө.

— Кылымдар өтөөр-кетээр, кабарым элге жетээр, кымбатым ата-кем — деп, куранда таазим этээр, калыстык даңазалаар, кадырды мындан бетер!

— Абылай! Алаарсың менин жанымды, ичээрсиң менен каным-ды, кан ичээрсиң канкорсуң аткараарсың аныңды, бирок эстен чыгар-ба? Түмөн кыргыз барыны.

— Намыз үчүн төрөлгөн, элим турат артымда, бүгүн эмес, бир күнү, алар жетээр баркыма, тулпар жүгүн оордобойт, ишеничим кал-кыма.

— Казак-кыргыз агалар, тартылган бир санаалар, мени өлтүрсөң — "кан ичээр", миң казакка санаа бар, өз агаңды сен өзүн өлтүргөнгө барабар.

— Намыз деп, жылбай карыштык, намыз деп тынбай алыштык. Намыз деп жатып намызсыз. Намыз деп өлүп калыштык. Намызды бирге карабай, намызды бөлө салыштык.

Кош! Кошкула! Кыргыз-казагым,
Кас душман ишин жасадың.
Кыргызды кырдың бир боордон...
Көңүлдөн кетпес азабың.
Калкымды коргоп жан бердим,
Капилет көөнүм тазамын.

* * *

Амир буйруп "Жайыл" — ысым аталгам,
Азбы-көппү жашоо даамын таталгам.
Ата-мекен элим үчүн жан тартуу,
Ага-ини, эл-журтумдан бата алгам.
Акыйкаттык өкүм сүрүп акыры,
Арбагымды ардакташаар катардан.

*9³⁷ 21.03.04.*

## БУРАДАРЛАР!

Тарыхта бул согуш "Жайыл кыргыны" деп, аталып калган. Тарыхый маалыматтарда Жайыл баатыр бул согушка жети миң кол менен, ал эми казак элинин Абылай ханы 30 (отуз) миң колу менен беттешип, натыйжада бир нече күн созулган бул кармашта Жайыл баатыр иниси Момокон, баатыр уулдары Үсөн жана Текеси душмандар тарабынан кашык каны калганча кармашып жатып бул жарыкчылык менен кош айтышкан.

Урматтуу окурман! Бул жерден аргасыз суроо туулат Жайыл баатыр жети миң жоокерлери менен талкаланып акыры жеңилип толук жок кылынганынан кабар бар. Ооба Жайыл баатыр колго түшүп өлүм жазасын алды. Бирок өлгөнгө чейин 30 (отуз) миң казак колун да чексиз кырып талкалап жок кылгандыгы үчүн улуу тарыхта мындан бир жарым, эки кылым мурда "Жайыл кыргыны" деп аталуу менен жазылып калганы кашкайган чындыктан кабар берип турбайбы. Алыбетте салыштырмалуу аз кол менен сандаган көп казактын жоокерлерин кыргандыгы үчүн тарыхта "Жайыл кыргыны" — деп аталып калганына эч кандай далилдин кереги жокко деген пикирдебиз. Эгерде Абылай хандын жоокерлери өлүмгө учурабай, кыргыз жоокерлерин кырып кеткенде, анда талашсыз Абылай кыргыны деп аталаар эле.

Валиханов Чокан Чынгызович — казак элинин тунгуч илимпозу, демократ-агартуучусу, этнографы жана фальклористи, тарыхчысы. Абылай хандын чөбөрөсү. Беш томдон турган чыгармалар жыйнагынын экинчи томунда Абылай хандын кыргыз калкына каршы келип 30 миңден ашуун жоокерлери менен солто элинен Жайыл баатыр менен беттешүүсүндө бир кыргызга үч төрттөн казак туура келген кыргын согуш болгондугун төмөндөгүдөй баяндайт.

"Кыргыздар Абылайдан көп жолу жеңилишкен. Айрыкча Абылайдын 1770-жылы каптап кириши кыргыздардын эсинде калган. Анда кайсактар күчтүүлүк кылып, алар менен кыргыздардын ортосунда чоң ордону алгандыгы бекемделген. Найман султаны Барак (көк жал) кыргыздарга чабуул койду. Алар тараптан эч кандай каршылык көрсөтүлбөгөндүктөн, бактысына мактанган Барак күчүнө ишенип кыргыздардын ыйык жери Кочкор-Атанын мүрзөсүн булгаган. Анын катаалдыгына кыжырланган кыргыздар өз ара сүйлөшүп алышып, түнкүсүн аларга кол салышкан. Жеңилбес Барак өз колун калтырып, каршылык көрсөтпөстөн качып жөнөгөн. Аны Иль дарыясына чейин кууп барышкан. Кыргыздар анын качып жөнөшүнө ата-бабалардын арбагы колдоду деп ишенишкен. Абылай, аргындардан, наймандардан, уйсундардан турган күчтүү аскер менен жеңилген, Барактын өчүн алуу үчүн Талас, Үч-Кошой аркалуу өтүп, Канбелес тоосунун алдында солто менен саяктардын чогулган айылдарын талкалаган. Сан жеткис байлыктар жана туткундар менен кайра келатканда Чууга куйган Кызыл-Суу, Шамшынын жайында кыргыздардын оң жана сол колунун жоокерлери менен беттешкен.

Бул жолу кыргыздар туткундарды бошотуп алуу үчүн жан аябай кармашса да, жеңиш кайсактар тарапта калган. Солтонун аскер башчысы Жайыл эки уулу — Үсөн жана Теке менен кармаш учурунун каза табышкан. Кыргыздар көп зыян тартышкан: Чоңбагыш уруусунан эки гана айыл, ал эми Чоңталкан уругунан 40 адам гана калган.

Жайылдын кызы Атакенин мурдагы аялы Бегимжандын кошогу азыр да айтылып жүрөт. Ошондой эле "Жайыл кыргыны" — деп аталган бул салгылашуу али элдин эсинде." (Ч.Ч.Валиханов 2 том).

Мына өзүңүздөр окугандай бул тарыхый маалыматты Ч.Ч.Вали-

ханов укканын уккандай, болгонун болгондой эч өзгөртүүсүз жазганына күбө болдуңуз. Жайыл баатыр солто эли, ага-тууганы кала берсе кара чечекей балдары менен эли-жерин, калайык кыргыз калкынын аманчылыгы үчүн кашык каны калганча кас душмандар менен кармашып жатып кырылышкан.

Жайыл бий, өз учурунда кыргыз эли-жерин кас душмандардан коргоодо балдары Үсөн-Тәке иниси Момокон менен бирге курман болгон кыргыз элинин улуттук баатыры болгондугун тастыктап айрым жазуучуларыбыз "Жайыл бий кыргыздын уруу баатырына жатпайт, ал улуттук баатыр. Так айтканда Жайыл 1756—1771-жылдардын аралыгында Теңри-Тагды мекендеген кыргыз элинин ажосу, эл жеринин тагдыры үчүн бала-бакырасы менен кошо сырткы душмандын колунан жан таслим болгон журт атасы, тарыхыбызда өчпөй турган чолпон жылдызыбыз" — деп жазгандары бар.

Жайыл баатыр, өз эли-жерин калмактардын эзүүсүнөн куткарып, аларга каршы кыргыз журтчулугун уюштуруп күнү-түнү кармашып жүрүп акыры аларды сүрүп чыгарган.

Жайыл бий элдердин тынччылыгын, достугун бейкуттугун көздөгөн баатыр болгон. 1758—60-жылдары Кытай элине кыргыз элчилерин Нышаа баатырды башчы кылып Шарип менен Шарукчу деген эки бирдей неберелерин барымтага кошуп жиберип элдердин ынтымагын, тилеген. Кара чечекей кызы Канымжанды казак элинин баатыры Алыбекке турмушка берген. Андан казак элинин Сыпатай, Андаш баатырлар төрөлгөн. Казактын жаш баатыры Жоогач менен достошкону да эки элдин ырыс-ынтымагы үчүн болгон аракети эмеспи.

Жайыл бийдин ынтымагына айкөлдүк менен элин башкаруусуна Сарыбагыш, Бугу, Асык, Черик, Саяк, Саруу, Кушчу элдери тилектеш болуп ишеним көргөзүп баары бирдей колдоп турушканы тарыхта так жана даана кыргыз эли эмес, казак санжырачылары тарабынан тастыкталган эмгектер жарык көргөн.

Анын дагы бир далили казак элинин абройлуу жазуучуларынын бири Ильяс Есенберлин Абылай хандын түпкү теги Чынгыз хандан келип, "Кан ичер" Абылай небересинин баскан жолун жазып келип, биринчи вазири Бухаржырау менен акыркы сырдашканын жазган, Аблай менен Бухаржыраунун сөзүн мындайча берген:

— Жок, ханым, бул жалган улуулук... Жайыл кыргынын эстеп көрчү?... Ал капчыгайда казак менен кыргыз жигиттери биринин үстүнө бири сулап жаткан. Тоо суусу үч күн бою кандан кызарып турган, — деп белгилейт.

Кыргыз манаптарынын тез-тез кол салып, барымта алганын шылтоолоп Абылай атчан жигиттери менен күтүүсүздөн Шату ашуусунан Туро дарыясынын боюнда жайгашкан кыргыздын солто уруусунун айылына кол салганда кыргыздар Чүй өрөөнүнө кире качышкан. Ошол жерде Кызыл-Суу менен Шамшынын жээктеринде да катуу кыргын болуп өткөн — деп, (көчмөндөр 435-бетте) казак калкынын дайыма

эчкездүктө талап тоночулукта кыргыздарды кырып басып алып байлыгына туйтунушканы даана баяндалган.

Абылайхандын, Барак (көк жал) баатыры, Бердикожо ал эле эмес Абылайдын неберелери Кене хан менен Норузбай баатырлар да кыргыздарды кырып басып алып талоону көздөгөнү тарых бетинде жазылып калып отурбайбы.

Мына ушуларды окуган окурмандардын калыс көз караш таразасына, аң-сезим абийирине калыстыгына койууну туура таптык.

Жайыл баатыр эли-жерин алаамат кыргындан сактоо үчүн балдары менен жанын берди, Адилеттик үчүн.

Абылайхан, Бердикожо, Көк жал Барактар кийинки неберелери Кене хан, Нарузбайлар — басып, кырып жойуп кан агызган кара ниеттик акыйкатсыздыкты көздөшүп коңшулаш кыргыздарга үстөмдүгү менен дайыма басып-талап, тоноп турушканына өзүңүздөр күбө болдуңуздар.

Жогоруда көрсөтүлгөндөй Жайыл баатырды балдары менен өлүмгө дуушар кылган Абылай хан тынып калбастан жоокерлери менен Чүй өрөөнүн өрдөй жүрүп Сокулук менен Бишкек шаарынын үстүндө жайгашкан Талкан бийден тараган Бөлөкбай уулунун элин толук талкалап малын-мүлкүн талап катын-кыздарын күңдүккө, эр-азаматтарын кулдукка айдатып кеткен.

Ооба, Абылай аны менен эле чектелип калган жери жок. Ал жалаң эле солто эли эмес, ага жардамга келген башка кыргыздын урууларынын да жоокерлерин толук талкалаганы жөнүндө тарыхый маалыматтар да кеңири жазылган. Өз кезегинде Сарбагыш элинин Атаке баатыры Абылай хан туткундаган кыргыздарды ажыратып калыш үчүн бүт болгон күчүн жумшаганы да эч натыйжасыз болуп акыры Атаке баатыр колго түшүрүлүп дайыма түмөндөгөн малдардан айып төлөп турууга макул болууга аргасыз болгон.

Ошентип Абылай хан каршы болгон кыргыздын урууларын бирибирине бириктире койбой жекеден жайлап чаап, талкалап алардын байлыгына туйтунганы жөнүндө Шабданбек Кулуев 2003-жылы жарык көргөн өзүнүн "Кылымдар жаңырыгы" аттуу эмгегинде толук баяндагандыгы маалым.

Кыргыз элиндеги "Бир жакадан баш чыгарып, бир жеңден кол чыгаралы" — деген макалы мына ушундай ынтымак, ырктын келишпестик кесепетинен чыккандыгын карт тарых тастыктап отургандай. Анткени Жайыл баатыр солто элинин баатыры казактар менен кармашып согушуп жатканда Сарбагыш элинин бийи Атаке баатыр (Жайылдын күйөө баласы), Бугу элинин Эсенгул баатырлары эмне үчүн жардамга келип каптап келген кас душманга каршы бетме-бет согушкан жок урматтуу окурман?

— Мына ушундай ыркы келишпеген, ынтымакты билишпеген бирибирин көрөалбастык балким кыргыз элинин канынан бүткөн кемчилик болуп жүрбөсүн? — деген түйшүктүү оор суроо туулат. Мындай суроо албетте ар кандай адамды ойлонууга аргасыз кылат.

Эмесе, окурманым бул маселени сиз менен бирге чечели деген өтүнүчүбүздү билгизгибиз келет.

* * *

Ооба, Абылай хан кыргызды, жер-менен жер кыла кырып чаап, талап-тоноп кетти. Утурумдук мүдөөсүнө жетти. Миңдеген-миңдеген кыргыздарды түбөлүккө казак элине кул-күң кылып кызмат кылууга мажбурлады.

Атайын белгилейин дегеним жаратkандан жер жүзүндөгү адамзааттын улутуна карабай бирдей даражада экендигин ар кандай адам баласынын түшүнбөгөндүгүндө. Болбосо кыргызды кыйрата чапкан Абылай ханды казак эли өмүр бойу кастырлап, урматтап сыйлай турган жөнү бар эле. Абылай казак-кыргызды экиге бөлүп бирин сыйлап, экинчисин талкалап жок кылды. Акыры эмне болду? — деген суроо туулат. Акыры Абылай ханды дале ошол казак эли урматтап сыйлаган жок. Ал карып арыганда анын бийлигин талашып хандык тактан кулатаарда Абылай ат чаптырып Жоогач баатырга кабарлап, ал келип Абылайды чөйрөсүндөгү казак султандарынын көтөрүлүшүнөн Абылайды аман сактап калды.

Өзгөчө белгилей кетүүчү нерсе Жоогач баатыр 1770-жылдары Абылай хан кул кылып айдап кеткен кыргыздар менен сүйлөшүп алардан 500 (беш жүз) куралчан жоокерин уюштуруп жергиликтүү казактардын Абылай ханга каршы чыккандарын токтоткон. Натыйжада Абылай хан казактардын талап, талкалоосунан аман калган. Арадан эки-үч жыл өтпөй казак элинин Абылай ханга мындай мамилеси абдан терең ойлонтуп, акыры хандык бийлигин бербей тырышып жатып өлгөндүгү жөнүндө казак туугандардын газеталарга жазган маалыматтарында кеңири чагылдырылган.

Ооба, бул жашоодо өз доорунун «Кан ичер» Абылайхандары, Гитлери, Моджохедтери, террорлору, акылсыз акмактары болбогондо, деги элде адам баласынын айкөлдүгү, акылмандыгы ак көңүлдүгү, кең пейилдиги, ак ниеттүүлүгү кара кылды как жарган калыстыгы боорукерлиги, мээримдүүлүгү балким байкалбай калмак.

Демек, күндүн-түнү, жаздын-жайы, күздүн-кышы, жакшынын-жаманы, ысыктын-суугу, бардын-жогу, ачуунун-таттуусу барлыгы жаратылыштагы жашоонун жазылбаган мыйзамы, турмуштун талабы, агымы, деп түшүнгөнүбүз оң болоор.

*18[21] 15.10.04.*

# ЖАЙЫЛ АТАНЫН УРПАКТАРЫ

## ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ

# ЖАЙЫЛ АТАНЫН УРПАКТАРЫ

Ата-бабаларыбыздан бери эле санжыра айтып, ата-тегиңди, уруу, урук сүрүү маселеси түрк элдеринде түбүнөн эле калыптанган ооз эки чыгарма. Бирок Совет доорунун идеологдору өкүм сүргөн 70 жыл ичинде, санжыранын өөрчүшүнө көз-көрүнө тоскоолдук болуп келди.

Акыркы жылдары элибизге эгемендүүлүк колго тийгенден баштап санжыра айтуу маселеси кайра жанданып, республикабыздагы күндөлүк газета-журналдардын бетине ондогон авторлордун өз деңгээлине жараша эмгектери жарык көрүп, кылымга тете санжырага чаңкаган, суусаган элибиздин калың катмарына сары майдай эле жагып калгандыгы далилдөөсүз чындык.

1995-жылы кыргыз тарыхында алгачкылардан болуп Аттокуров Сабыр этнограф илимпоз катары өзүнүн “Кыргыз санжырасы” аттуу китебин жарыкка чыгарган. Автор жалпы кыргыз этносунун пайда болуу, өнүгүү жолдорун илимий деңгээлде далилдер менен далилдегендиги окурмандарга айкын.

Китептин автору — түрк наамынын атасы, Хиванын ханы Абулгазинин “Түркмөн шежиреси”, Молдо Сайф ад-дин Аксикентинин “Маджму ат Таварих” В.В.Радлов, В.В.Бартольд, О.Сыдыков, Үсөн Ажы, Н.А.Аристов сыяктуу окумуштуулардын эмгектерине жана С.М.Абрамзандун, Я.Винниковдун жыйнаган жана жарыялаган материалдарына таянып, жазган. Анын автору С.Аттокуров болгону менен санжыранын негизги автору эл. Бул санжыраны сыдыргыга салгандай кынтыксыз төрт тарабы топ келген деп айтуудан алыспыз. Ошондой болсо да кыргыз тарыхында биринчи жолу тарыхчы, этнограф илимпоздун эмгегинин жарыкка чыгышы көптөгөн “көбүртмө” санжырачылардын көзүн ачып, “өрдөк” учурмайларын өрт өчүргөндөй басат го деп ойлойбуз — деп бүтүм чыгаруу менен бирге эле, өзүнүн бул илимий деңгээлде негизде жазылды деген эмгегинде жогоруда өзү атаган “көбүртмө”, “өрдөк” учурмайларды ириде өзү колдонгондугун белгилей кеткибиз келет. Ошону менен бирге санжырачы илимпоз агабыз республикабыздагы оңдогон-оңдогон кыргыз элинин бүгүнкү күндөгү санжырачыларын атайын параддан өткөрүп, ар бирине өзүнүн сын-пикирлерин айтууга аракеттенгенине күбө болдук.

Албетте жогоруда кыргыздын санжырасынан кабар берген авторлор адистиги боюнча атайын билими бар тарыхчы, санжырачы болбогондон кийин, санжыраны жазууда, айтууда тарыхый талаптарды толук камтыбай, ар кандай мүчүлүштүктөрдү кетириши табигый нерсе экендигин эстен чыгарбообуз зарыл. Менин пикиримче жогоруда белгиленгендей 70 жылча капаста камалган санжыраны аз да болсо эл астына алып чыгып тартуулагандыгына, Сабыр акебиз айткандай “информациялык ачарчылыкта” калган элге сунуштаган авторлордун абройуна шек келтирип сындагандын ордуна, аларга чоң рахматыбызды айтуубуз керек эле. Анткени алар аттуу-баштуу, тарыхчы, илимпоз-

дорду карап күтүп отура беришип, акыры тажаганда ар ким өз билгендериндей санжырасын жарыялоого аракеттенишкенинин эмнеси айып.

Күндөлүк жашоодо өзүңүздөр күбө болуп жүргөн бир окуяны элестетип көрөлү. Арабага чегилген аттар, арабакечти күтүп, карап тура беришет, арабакечтен кабар болбосо жедеп тажаганда "кечтим байдын кызынан" дегендей жадаган аттар алдыга жүрүп кетиши ыктымал. Антип арабасы жүрүп кеткен арабакеч сөгүнүп-сагынып, аркасынан ээрчип, өз алдынча жүрүп кеткен ат арабасын ким көрүнгөнгө жамандап, даттанып арабаны аргасыздан ээрчүүгө мажбур болот эмеспи. Анын сыңарындай жашоодо турмуштун агымы токтогон жок, жашоо өтүп жатат, жашоо-турмуштун талабы ошондой илим-билимдүү санжырачылар айтып жазып берет деп эл күтөт, күтө берет. Айласы кеткенде ар ким өз билгениндей уккан-билгенин тукумдан-тукумга калсын деген ниетте, жазууга мажбур болушат.

Буга дагы айкын мисалды автор өзү келтирген экен. 1991-жылдын октябрь айында Жети-Өгүз районундагы Ысык-Көл агрофирмасынын (Шалба айылы) жетекчиси Турат Султанов тарабынан уюшулган республикалык деп аталган санжырачылардын бир жумага созулган талаш-таймашы болду. Буга 150дөн ашык адам катышып, жеңип чыккандарга баалуу белектер, сыйлыктар, ал эми анын катышуучуларына санжырачы деген наам берилди. Жыйындын уюштуруучуларына мындай укукту эч ким бербеген. Жыйындын материалдарын жазып алууга, же тасмага түшүрүүгө тыюу салынгандыктан алар колхоздун жашыруун менчилигине айланды деп жазат автор.

Аргасыздан авторго суроо берүүгө мажбур болосуң, алар мындай жыйынды өткөрүүчү республикабыздагы аттуу-баштуу илимдер академиясы, андагы тарых институтунун илим-билимдүү тарыхчыларын күттү-күттү... андан жылыш болбогон соң, эч кимден суроого мажбур болбой эле өз алдынча өткөрдү да койду. Ал эми илимдер академиясынын тарых институтундагы илим-билимдүү окумуштуулары, бизсиз эч нерсе болбойт деп, куру чиренүү менен четте калып калды. Жогорудагы биз айткан арабадагы аттар күтүп-күтүп жедеп жадаганда жүрүп кетти, а биздин улуу урматтуу, илим-билимдүү санжырачы-тарыхчыларыбыз жүрүп кеткен арабаны ээрчиген "арабакечтей" артта калып, жада калса жазып алганга да тыюу салды деп көрүнгөнгө даттанып, газета-китептерге санжыраны уюштурган Турат Султановду жаманатты кылып жазып, өздөрүнөн күнөөнү арылтып, көңүлдөрү жай алышууда.

Турат Султанов мырза жөнүндө эки ооз өзүбүздүн билгендерибизди баяндай кеткенибиз оң болоор деген пикирдемин. Турат кесиби боюнча жогорку билимдүү ветеринардык врач, К.И.Скрябин атындагы айыл чарба институнун ветеринардык факультетин 1965-жылы ийгиликтүү аяктаган. Институтта окуп билим алып жүргөндө беш жылы катары менен тынбай дене-тарбия кафедрасынан күрөш боюнча сек-

циясына катышып күрөшүүнүн токсон тогуз ыкмаларын үйрөнүү менен разрядык нормаларын толук аткарып акыры спорттун чеберлигинин да нормасын толтурган балбан билек, эр жүрөк азамат инсандардын бири. Институтту бүтөөр менен эмгек жолун катардагы ветеринардык врачтыктан баштаганы менен көп өтпөй эле чарбаны жетектеген чыгаан жетекчилерден болуп үзүрлүү эмгектенген.

Ал ошол учурдагы карапайым калктын көксөөсүн жакындан сезип, туюп алардын мүдөөсүн орундоону көздөп республикабыздагы санжыра маселеси жөнүндө абалды жандандырууну максат кылып кайрылбаган барбаган жери калбай, акыры эч жылыш болбогондо аргасыздан өз колунда болгон мүмкүнчүлүгүнөн пайдаланып республикалык деңгээлдеги санжырачыларынын жыйын мелдешин өткөргөн.

Албетте Турат мырзанын негизги максаты элибиздеги санжыра маселесинин дүркүрөп өсүп-өнүгүүсүнө жол баштап чаңкаган калайыкка санжыра жөнүндө аз да болсо маалымат берүү эле болгон. Турат кесиптешибиз башкаларга окшоп республикабыздын тарыхчылары санжыра маселесине көңүл бурбай, бул тарабында иш жүргүзбөй койушту деп эч кимге даттанып, арызданып жамандап барбады. Ал тарыхчы-илимпоздорубуздун дараметинин канчалык деңгээлде экендигине көзү жетип, аларды дагы чейрек кылым күтсө да эч жыйынтык чыкпасына ынангандан кийин аргасыз жогорудагы ишти баштоого мажбур болгон.

Бардыгы даяр болуп, республикалык деңгээлдеги санжырачылардын кароо конкурсу башталып калганда, даяр ашка ортомчу болуп кирип келген илимдин дөө-шаарларын бул жыйынга кийрибей койгону менин пикиримде өтө туура болгон. Себеби Турат мырза өткөрүп жаткан жогорудагы иштердин баардыгы ошол окумуштуулардын иши эмес беле. Алар республикалык деңгээлде жыл сайын өткөрүп турса аларга ким тыйуу салды? Мейли анда Турат уруксат бербеди дейли, а андан кийинки жылдары деле кана ошол Турат өткөргөндөй республикалык деңгээлдеги санжырачылардын конкурсунун өткөрүлгөнү?

Өтө өкүнүчтүү жери, биздин урматтуу окумуштуу, илим-билимдүү тарыхчы, санжырачыларыбыз күндөлүк күндүн өтүшү менен жашоотурмуш жылып, аны менен кошо тарыхыбызда да жылып бара жатканын сезбегендей. Алардын пикири боюнча тарыхчылар жазбай, айтпай койсо элибиздин тарыхы токтоп калчудай ойлогондугу. Булар бул түшүнүгү менен ылайым арабекечи жок, жылып бараткан арабага илээшкен нерседей жүрө берээрин түшүнүүгө мезгил жетти. Алардан эли-журтунун күткөнү саматпай, чаңкатпай керектүү тарыхый, маданий адабий санжыра маалыматтары.

Белгилеп кетүүчү нерсе ар бир инсан, окуучу, окумуштуу мекеме, институт өз деңгээлинде иштерин суратпай, суусатпай аткарганы оң болоор эле. Ошондо өзү жашаган турмуштан 10-15 жыл артта калбай, ал антип жазыптыр, бул минтип жазыптыр деп ар кимди сындабай тарых өз нугунда өтмөк.

Окумуштуу мыкты санжырачы агабыз, эсептен эки экенин сынтагуу менен далилдеп отурганына өзүңүз күбө болуңуз.

Автор өз китебинде санжырачы Мукан Найманбаевдин "Манастын ашы" жөнүндө жазылган маалыматына (19-бетте) шектенүү менен караган жерин ачык билгизет. Окурмандарга толук маалым болсун үчүн, автордун жазгандарын сөзмө-сөз берүүгө туура келип отурат. "Он миң конокко 300 жасоол, тойго келген ат-башылыктарга кошсок калктын саны өтө эле көп болчудай. Алардын 1000 (миң) боз үйгө кандай жай алдырды экен? Бир үйгө 1000 (миң) конок туура келип жатпайбы. Апыртуунун да чеги бар го?" Деген таң калыштуу сын көз карашын таңуулаган.

Албетте бул маалыматты окуп алып түшүнүп түшүнбөй, экинчи класста окуган неберем Алишер уулу Адилеттен он миң конокту миң (1000) боз үйгө бөлүштүрсөк, бир үйгө канчадан конок туура келет деп сурасам, ата өзүң билип туруп эле менден сурай бересиң деп нааразы боло, бир үйгө ондон конок туура келет деп отурбайбы.

Автор китебинин (20-21) беттеринде санжырачы Жапар Кенчиевге сын-пикирлерин айтып келип "өмүрүнүн бешими жакындап калган инсан, демек ар кандай кадам ойлонулуп, ченелип шилтенээр кез. Ар бир окуя, ар бир көрүнүктүү инсан тарыхтын таразасына түшөт. Ченелет жана бааланат. Калем менен жазганды балта менен өчүрө албайсың". Ал түбөлүк деп бүтүм чыгарыптыр.

Баракелде элибиздеги "сынчынын сыңар өтүгү майрык" — деген эл макалы ушундай окуялардан кийин чыккандыгы дагы бир жолу далилденип отургандай түрү бар. Он миң конокту миң боз үйгө бөлүштүрө албай ар бир боз үйгө миңден конок туура келип жатпайбы, апыртуунун да чеги бар го? — дегенин өзү айткандай, калем менен жазып, сыноо менен бүтүм чыгарган сынтагуусу кыргыздын тарыхында кылымдардан кылымдарга калып кеткени өкүнүчтүү... Анткени аттуубаштуу кыргыз элинин ишенген тарыхчысынын жеткен дармети ушул болсо, калган тарыхчылары (илимпоз тарыхчыларынын) деңгээли кандай болду экен? — деген суроо аргасыз ойго кылт дей түшөт.

Бул айтылгандардын баарына макулбуз. Бул жерден да автор Жапар Кенчиевге өмүрүнүн бешимине келсе да деп сындоого, уялтууга аракет жасагандыгы даана сезилип турат.

Албетте, автор республикабызга санжырачы катары аттын кашкасындай таанымал санжырачыларды илимий негизинде иликтеп-жиликтеп жатып, пайгамбар жашына барганда ойлонсоңор болмок деген бүтүмгө келүү менен бирге, пайгамбар жашынан өткөн ар бир инсанга табияттартуулаган (алжуу) кемчилик келээрин эсинен чыгарганы байкалып турат. Бул жерде Сабыр акебизди "он миңди миңге бөлө албайт деп айтуудан алысмын. Бул жөн гана табият тартуулоочу жалпы кемчилик, көңүлкоштук пайгамбар жашынан өткөндөгү карылыктын алгачкы салам дубалары деген пикирдемин.

Ошол учурда Жайыл ата, анын санжырасы андан тараган укум-

тукумдары жөнүндө маалымат көздөрүнөн учуп турганы бул кашкайган чындык эле.

Жайыл атанын тарыхын, андан тараган балдарынын санжырасын ондогон-ондогон жылдардан бери иликтеп-изилдеп жазып жүргөн Адылбек Оморов, Бээрман Бөкөев баш болгондор Жайыл-Ата эл аралык коомунун Президенти Ажакмат Аманов болушуп келип калышты. Ийри отуруп түз кеңешип дегендей белгилүү тарыхчы Сабыр Аттокуров агабызга барып жолугуп кеңешип анын пикирин билели деген максаттарын билгизишти. Мен мамлекеттик иштерге байланыштуу бара албастыгымды билгизүү менен бирге Сабыр акеден эгерде биз Жайыл ата жөнүндөгү болгон маалыматтарыбызды берсек бизди авторлукка кошот бекен ошону биле келүүлөрүн өтүндүм.

Жогорудагы пикирлештерди Сабыр Аттокуров агабыз кубанычтуу кабыл алып, жөн жайды сурашып пикир алышат. Жайыл ата жөнүндө менде тарыхый маалыматтар бар деп ишенимдүү кебин айтат. Болгон маалыматтарыңар болсо калтыргыла дегендей ой максатын билгизет. Коомдун президенти Ажакмат мырза бакылдап, аныңызга биз макулбуз, бирок бул беш-он жылдан бери түйшүктөнүп чогултуп жүргөн тугандарды Жайыл ата жөнүндө жазган китебиңизге авторлукка кошулабы деген суроосун узатат.

Сабыр агабыз сабырдуулук менен жок деп, кесе айтат, калтырган материалдарыңарды мен карап чыгып керектүү жери болсо алып пайдаланамын, силер авторлукка кошулбайсыңар деген Сакемдин жообун угушуп болуптур биз кеңешип келебиз деп кайра тартып кечки саат төрттөрдө жолугушуп кеңешти уланттык. Ар кими өз пикирин ортого салышты. Аттокуров Сабыр агабыз аттуу баштуу белгилүү окумуштуу, болгон маалыматыбызды берели деген пикирге келдик. Бир аз нары бери тартышып отуруп “элибизде ийлеп-ийлеп” — деген бир макал бар... Даяр маалыматты ардактуу окумуштуага берип койуп “ай караган текедей” — болуп отура беребизби? — деген жүйөөлүү суроолор тынчтык бербеди...

Өтө кызыгы республикабыздагы аттуу-баштуу тарыхчыларыбыз менен болгон телеберүүлөрдө же радиоуктуруулардагы пикирлерине көңүл бурсаңыз баланча инжинер, түкүнчө куруучу же агроном баланчанын тарыхын минтип жазып коюптур деген күнөөнү оодара беришип, өздөрүн актоого аракеттенишет. Алардын пикири боюнча тарыхый материалдарды жалаң гана тарыхчы окумуштуулар жазууга тийиш окшойт. Мейли ага дале макул бололу дейли, андай болгон соң ошол окумуштуу тарыхчыларыбыз элдин көксөөсүн канааттандырып тилеген, чаңкаган тарыхын толуктап жазып беришсе оң болмок. Тилекке каршы антип жазып да беришпегендиги өтө өкүнүчтүү болуп отурбайбы.

Кептин ток этээр жерине келсең акыркы он-он беш жылдан бери солто элинен чыккан Жайыл баатыр жөнүндөгү тарыхый маалыматтарга кызыккандар көп болуп белгилүү тарыхчыбыз Сабыр Аттокуров агабызга атайы кайрылып отурганыбыздын себеби ушундай.

Бишкек шаарынын тургуну Жайыл атанын Теке уулунун тараган Ысыккөл өрөөнүнүн тургундарынан Токтогул уулу Тынчтыкбек мырза 1999-жылы кыш айларында Сабыр Аттокуровду тарыхчы-санжырачы илимпоз катары атайын байбичеси менен чайга чакырып, Жайыл атанын тарыхынан билген маалыматтарыңыз болсо сөздөп берсеңиз деген суроосуна алты саат отуруп, алты ооз сөз айтпастан, кайра Жайыл атанын тукуму болуп эч нерсени билбейсиңер дегендей мааниде мыйыгынан жылмайганы күнү бүгүн дагы эстен чыга элек.

Ооба менде баатыр жөнүндө көптөгөн маалыматтар бар, китепке кире турган дегени менен чеке жылытаарлык эч нерсе айтып бере албады. Көрсө Сабыр акебиздин делң куржуну куру окшобойбу. Антпегенде атайы чыккан "Кыргыз санжырасы" китебинде Жайыл баатыр жөнүндө маанилүү маалыматтарды бербес беле. Андан да өкүнүчтүүсү солто уруусун жалпы санжырачылар катары сүрүп келип, Жайылдын төртүнчү уулу Итикени, Жайылдын агасы катары көрсөткөнүнө таң калбаска чараң жок. Анысы аз келгенсип Талкандын Делдең, Байболот, Багышан, Баакы, Кошой, Коңурбайын Талкандын уялаш тууган Татанын балдары деп берип, Талкандан кимдер тараганынан кабар жок (107-бет).

Автордун Жайыл баатыр жөнүндө берген маалыматы толугу менен 1993-жылы жарык көргөн. "Жайыл баатыр баяны" деген китепдеги маалыматтарга карама-каршы, бири-бирине тогошпогонуна ынандык.

Санжырачы, илимпоз, тарыхчы Сабыр Аттокуровдун "Кыргыз санжырасы" аттуу китеби 1995-жылы жарыкка чыккан. Албетте автордун ишенген негиздеген, тактыкты талап кылган булактары болушу мүмкүн. Андай дептир, мындай жазыптыр деп күнөөсүн көтөрүү чекилик болоор. Чыгармасын окуган ар бир окурман көңүлдү буруп тереңирээк талдоолору зарыл. Демек Жайыл баатырдын тарыхын тактоо максатында эл арасына сүңгүп кирип, дагы көптөгөн баяндоолор болсо чогултуу менен гана баатыр жөнүндө жанан анын укум-тукуму жөнүндөгү тарыхый маалыматтарды толуктоо керектигин айтмакчымын. Ошентип, "талаштан тактык жаралат" дегендей ата-бабаларыбыз жөнүндөгү тарыхый маалыматтарды чогултуу, жазуу анын ар бир урпагынын ыйык милдети катары эсептөөбүз керек.

Ортодон он жыл билинбей өттү да кетти. Арабызда жүргөн акылдын кенчи болгон ардагер агаларыбыздын көбү бүгүн арабыздан түбөлүк келбес сапарларына кетишти. Күндөн күнгө арабыз суйулуп баратат. Ар кимибиз өз алдыбызча Жайыл ата жөнүндө бир негиздүү эмгек жаратуу жүрөктүн борборунда. Бирок...

Эл-журттан сураштырсак Жайыл атанын урпактарынан чыккан ондогон илимдин докторлору, жүздөгөн илимдин кандидаттары бар экендиги маалим болду. Бирок бардыгы илимдин башка тармактары боюнча: экономика, биология, айыл чарбасы, саламаттык сакчылары, эл агартуу педогогика ж.б.у.с.

Жогоруда көрсөтүлгөндөй Кошой бий агасы Коңурбай каза болгон-

дон кийин уулу Жайылды өзү тарбиялап чоңойтконунан сөз болду. Жайылдын жашы 17 (он жетиге) толгондо, кызматын аткарып жүргөн жигиттеринин бири кокустан каза болуп, жашы жыйырмалардагы жаш жубайы жесир калат. Бул жесир келин өтө өңдүү-түстүү, акыл-эстүү экендиги маалим эле. Мындай эстүү келинди колдон чыгарбоону көздөп Кошой бий байбичеси менен кеңешип Темиржанды Жайылга ак никесин кыйдырып алып бергенинен кабар берген элек. Албетте Темиржан эненин өтө сарамжалдуулугу, үй-оокатына тыңдыгы, акыл-эстүүлүгү менен татыктуу болгонун турмуш айгинелеп отурбайбы.

Арадан жыл артынан жылдар өтөт. Берээрин унутпаган кудайым Жайыл менен Темиржан энеге Асан, Үсөн жана Теке аттуу улдарды берет.

Темиржан эне өзү сүйлөшүп макул кылып Жайылга Айкан аттуу кызды алып берет. Айкан энеден Жайыл атабыз Бегимжан, Канымжан деген эки кыздуу жана Итике деген уулду болот.

Солто эли Сарбагыш элинин чабабыз дегенде Белек бийинин айыпка 9-кызды беришкенде, андан бири Жайыл баатырга туш болуп бул аялынан Куттубай, Эшбото деген уулдуу болгон.

Жайыл баатыр агасы Бакы өлгөндөн кийин жеңеси Болдукеге нике кыйылып андан Байбек аттуу уулду болгон.

Урматтуу окурман, мындан ары Жайыл атанын балдарынын таралышы жөнүндө кепти уланталы. Асан менен Үсөндүн кимисинин улуулугу күмөн болгондуктан шарттуу түрдө Үсөндү улуусу деп атап, кеп учугун ошол багытка буралы.

# ЖАЙЫЛ АТАНЫН ҮСӨН УУЛУНАН ТАРАГАНДАР

Жайыл атанын Үсөнүнөн Шарип уулу 1758-жылдары Кытайга элчилер тобунун мүчөсү катары Ныша баатыр менен барган. Кытай хандыгы Жайыл баатырдын неберелери Шарип менен Шорукчуну ак үйлүү катары алып калышкан.

Шарип агабыз Кытайдын Синьцзяндагы Багылжын деген айылда үйлөнүп жайланып калган. Кайра келишине Абылай хан менен Жайыл чоң атасынын салгылашуусу чоң таасирин тийгизген.

Маматкерим уулу Рысбек аганын айтуусу боюнча алынды.



сүрөө №2 (90)



# КАРАСАРТ УУЛУ КУЛЕК

Кулек агабыз 1910-жылы Жайыл районуна караштуу Сарыгоо айылдык кеңешинин аймагында төрөлгөн. Агабыз эс тартканы ата-энеси ошол учурдагы леквезден окутуп билимдүү боло алган. Ал эле эмес бүтүндөй калайык-калкыбыздын сабатсыздыгын жойууга өтө активдүү катышып үзүрлүү эмгектенген. Жаңы курулган Совет өкмөтүнүн калыптанышына үй-бүлөөсү менен катышып жаңыдан колхоздун курулушуна колдоо болушкан. Ошол учурдагы Чүй өрөөнүндө жаңы курула баштаган чоң Чүй каналынын казылышына өмүрлүк жары Сабира эне менен бирге катышып, эмгектин алдынкыларынан боло алышкан.

Ата мекендин согуш башталганга чейин жаңыдан уюшулган колхоздун секретары болуп иштеген. Ангыча неместер кол салып Ата мекенди коргоо үчүн согушка кетти. Согуш башталгандан бүткөнгө чейин немистер менен кармашып, согушуп жүрүп акыры аларды өлкөбүздөн толугу менен кууп чыгышып жеңиш менен элине алты саны аман эсен кайтып келген. Согуштан аман эсен келген агабыз колхоздун ар кандай иштеринде (ферма башчысы, кампачысы, кырмандын башчысы ж.б.) үзүрлүү эмгектенди. Көптөгөн мамлекеттик орден, медалдарга, ардак грамоталар менен сыйланган.

Кулек агабыз Сабира жеңебиз менен төрт уул үч кыздуу болуп, алардын баарын жогорку билимдүү болушуна жетишишти.

Кылымдын жүзү өттү андан бери,
Калкым деп төгүлгөндүр далай тери.
Кылкандуу дан эктирип калкы үчүн,
Калтырбай бүт айдатып карыш жерди.
Кырманы ашып-ташып эгинине,
Каржалган калың элге алгын деди.

Элим деп эмгектене эгип эгин,
Элинин элестетип келечегин.
Эсептен эриш-арак кемчилигин,
Эч качан иш жүргүзбөй бекер тегин.
Эжебиз — Сабираңыз төрө айымың,
Эми эле жаңы келген, ооба келин.

Чарбанын чар тарабын бүт талдады,
Чарба деп кандай ишке ал барбады.
Чек койбой чекесинен бүт бүтүрүп,
Чарбада иштебеген иш калбады.
Чарбанын келечегин элестетип,
Чыгаан жан беттешкенин бүт арбады.

*22$^{37}$ 17.07.04.*

# КАРАСАРТ АТАНЫН КЕЛИНИ САБИРА



Сабира энебиз 1916-жылы бул жарыкчылыкка бинаа болгон. Айылда өсүп чоңойуп агабыз Кулек менен баш кошуп бирге жашап калышат. Жаңы баш кошкон жаш жубайлардын жаштык мезгилдери көптөгөн кыйынчылыктарга дуушар болушат. (Алды менен колхоздоштуруу, байларды кулакка тарттыруу, андан кийин батыштан немистердин кол салышуусу) Энебиз айылда калган менен армияга кеткен жоокерлердин баардык оорчулук иштерин аткарууга мажбур болушат. Жер айдашып эгин эгип, айылда калган кары-картаңдарды, жаш балдарды багуу эле эмес, согуштагы жоокерлерге кийим кече, дан-азыктарын камдоонун баардыгы Сабира энеге окшогон эмгекчилердин энчисине калбадыбы.

Сабира энебиз бардык кыйынчылыктарды жеңе билди, кажыбас кайраттуулук менен үзүрлүү эмгектенди. Согуштан немистерди жеңип агабыз Кулек да аман эсен кайтып келди. Чарбанын иштерине экөө бирдей активдүү катышып жаштык жалындарын аянышкан жок. Сабира энебиздин күжүрмөн эмгегине анын шайыр мүнөзү топ келишип, эриш аркак иши алдыга жылды. Айылда өздүк-көркөм чыгармаларында кубулжуган мукам үнү көптөгөн ырларды аткарып ар дайым анын жеңүүчүлөрүнөн боло алган.

Сабира эне Кулек ата менен төрт уул, үч кыз, жыйырма беш неберe, он беш чеберелердин бактылуу ата-энелеринен боло алышты.

Саргайа ишке караган,
Сапырып эгин талаадан.
Саратан жайдын ысыгы,
Сазайды берип арадан.
Саргоодо жайы-күзүндө,
Сарсанаа тартпай баладан.

Анда жаш келин керилип,
Аңыздан машак терилип.
Ал күчкө толгон убагы,
Ашыкча сөздөн теригип.
Асанда туруп ишине,
Азамат айым дедирип.

Күн өтүп күндүн артынан,
Күргүштөөр кыргыз салтынан.
Кызылча эгип талаалап,
Көбүнө таңсык жарты нан.
Көз алды баары элестейт,
Кептөөдө чыны тартынам.

*1[21] 18.07.04.*

сүрөө №3 (127)

Жайыл
Үсөн
Кубатбек

Балбак
Ысмайыл
Табылды
Кулжан
Аманкул
Алик
Кибиралы
Калыбек
Болот
Ыйманкул
Төлөмүш
Тукун
Жыргалбек
Дайрабек
Деңизбек
Толкунбек
Аралбек
Калыс
Ырыс
Азамат
Акыйкат
Бейшен
Таштанбек
Жакыпбек
Жекшенбек
Сатылган
Тойбай
Жакимбай
Жамил
Ислам
Руслан
Мирлан
Нурлан

Жаманбай
Тилеп
Жангара
Кадыралы
Мырзалы
Карабай
Нуржан
Сүйүндүк
Турар
Алмазбек
Салмоорбек
Рахатбек
Адис
Рамис
Азамат
Адилет
Аскат
Изат
Таңатбек
Туратбек
Улантбек
Кубантбек
Молдобай
Төлөнду
Рысбек
Төрөкелди
Айбаш
Эсенкул
Орозбек
Алик
Эсенбек
Тайыр
Абай
Марат
Тимур Данияр

/Эриктүү, Кара-Балта, Жекен айылдары/

Усуп
Жангелди
Абийир
Эсеналы
Касымкул
Адылбек
Акылбек
Канат
Кубатбек
Тилек
Рыскелди
Асылбек
Рустам
Алтынбек
Дастан
Жолдош
Алмазбек
Орозалы
Кондубай
Ажыке
Орозбек
Ишенбек
Оңолбек
Догдурбай
Тилек
Нарынбек
Насипбек
Руслан
Алмаз
Алтынбек
Темирбек
Абдыбек
Алымбек

/Эриктүү айылы/

Куттукожо
Багышбек
Турусбек
Таласбий
Намаз
Көлбай
Кожокмат
Суракмат
Макенсары
Жусупбек
Осмонбек
Бекболот
Мырзабек
Усей
Алымбек
Сейитбек
Асан
Кубан
Төөчү
Рысбек
Кабылбек
Токтоналы
Орозбек
Кеңеш
Бусурманкул

Талас ш.
Жекенди а.
Эриктүү а.
Жөн-Арык а.
Буденный а.

## КУЛЕК УУЛУ ШАРШЕНБЕК



Шаршенбек агабыз 1937-жылы Жайыл районуна караштуу Эриктүү айылында төрөлгөн. Айылдан жетинчи классты бүткөндөн кийин Фрунзедеги кооперативдик техникумуна 1952-жылы өтүп 1955-жылы аяктаган.

Эмгек жолун Жалалабат областынын Ала-Бука районунун кооператив коомуна башкы бухгалтердин орун басары болуп иштөөдөн баштаган 1955-жылы. Андан Өзбекстандын Новои райондук керек жарак коомунда ага бухгалтер болуп которулуп 1963—1964-жылдары эмгектенген. Ушул учурда Самаркандагы кооператив институн сырттан окуп бүтүргөн. 1965-жылы Кыргыз республикалык керек жарак коомунун башкы бухгалтериясына орун басар болуп которулуп келет. Мындан 1966—1974-жылдары Фрунзедеги кооператив техникумуна окуу бөлүмүнүн башчысы, директорунун орун басары, болуп үзүрлүү эмгектенет. 1972— 74-жылдары Москвадагы кооперативдик институтун бүткөн.

1974—76-жылдары Кыргыз республикасынын элдик контролдоо комитетине соода-сатык тармагы боюнча инспектор болуп дайындалат. 1976—1981-жылдары Нарын областык керек-жарак коомунун төрагасынын орун басары, 1981—1983-жылдары Борбордук Союзда эмгекти илимий негиздөө институнун директорунун орун басары. 1983—1988-жылдары Жалалабат кооперативдик техникумунун директору, 1988—90-жылдары Кыргыз республикасынын керек жарак коомунун даярдоо башкармалыгынын башкы адиси, 1990—1993-жылдары окуу методикалык борборунун директору, 1993—1997-жылдары аталган коомдун өндүрүштүк окуу бирикмесинин башкы бухгалтери, 1997—2000-жылдары "Ала-Тоо" атындагы Кыргыз-түрк университетинин башкы бухгалтери, 1998-жылдан бери гуманитардык сабактар боюнча И.Арабаев атындагы университетинин башкы бухгалтери болуп жемиштүү эмгектенүүдө.

Шаршенбек агабыз үй бүлөлү, өмүрлүк жары Жайнагүл Мусакановна менен Зебо аттуу кызы жана Нурлан, Канатбек аттуу уулдарынын ошондой эле Айгерим, Жазгүл, Санжар, Жибек жана Искендерлердин бактылуу ата-эне, чоң-ата — чоң-эне, таята, тайенелери.

Республикабыздын соода-сатык тармагындагы, жаш муундарды таалим-тарбия, илим-билим берип тарбиялоодогу эмгектерин Өкмөтүбүз жогору баалап орден, медал, Ардак граммоталар жана баалуу сыйлыктар менен сыйланган.

Бүт өмүрү окуп келе жатасыз,
Бүйрүңүздү кызыта даам татасыз.
Бир тыйындан курулат деп дүнүйө,

Бир тыйынга жаңылбастан катасыз.
Бурадардан таазим этээр теңирге,
Бүтпөстүгүн билээри сиз батасыз.

Бухгалтердик кесиптен иш башталган,
Бухгалтердик иштер менен такшалган.
Баштан-аяк жаш-муундарды окутуп,
Бухучетту талап кылган жаштардан.
Билбегенин билдирүүгө шыкактап,
Билим менен тажрыйба ашталган.

Жарым кылым соода-сатык иштерин,
Жаның үрөй үйрөтүүдө иштедиң.
Жалалабат бирде Нарын элинде,
Жаш муундарга билим бере иш дедиң.
Жетимишке жете барып калсаң да,
Жигердене таңдан-кечке иш демиң.

*21:45 17.01.04*



## КУЛЕК АТАНЫН КЕЛИНИ ЖАЙНАГҮЛ

Жайнагүл айым Аламүдүн районуна караштуу Чоңарык айылында 1940-жылы төрөлгөн. Ата-эненин тарбиясында болуп 1957-жылы Фрунзе шаарындагы кооперативдик техникумуна өтүп, 1960-жылы ийгиликтүү аяктап чыгат. Техникумдун жетекчилеринин сунушу боюнча Самаркандтагы кооперативдик институна жолдомо алган. Аталган институтту ийгиликтүү аяктаган.

Эмгек жолун Жетөгүз районундагы селпоосунда эмгектенүүдөн баштаган. Кийин Фрунзедеги универсам соода базасында, Мамлекеттик пландоо комитетинде экономист, жетектөөчү адис болуп үзүрлүү эмгектенген.

Жайнагүл жеңебиз, Шаршенбек агабыз кай жерде иштесе ошол жерге өз адистиги боюнча кызматын өтөп жүрдү. Эмгегинде кынтыксыз, дайыма кара кылды как жара калыстык, менен ишинин үзүрүн көрүп, Өкмөтүбүз тарабынан бир топ баалуу сыйлыктар, Ардак Грамоталарга татыктуу боло алды. Жайнагүл жеңенин келиндери Чынара менен Гүлмиралар экономика жана саламаттык сактоо тармагы боюнча илимдин кандидаттары, экенин сыймыктануу менен атоого болот.

Тазалык тартип сактаган,
Так иште мээнет актаган.
Тилинен балы төгүлө,
Тилегин айта мактаган.

Түз айтып ниет пикирин,
Тетири-тескеп какпаган.

Үмүттүү ишти сүрөгөн,
Үзүктү көрсө жүдөгөн.
Үзүлө-түшөөр алдыңа,
Үлгүлүү үй-бүлөөдөн.
Үзүрүн көрө жашоонун,
Үлгүртпөй миң-бир түлөгөн.

Таасири балким аганын,
Таасирин айтып жатамын.
Тиреги болуп дайыма...
Талашаар ага таламын.
Толукшуп тоту кушундай,
Толкууда берет саламын.

*16[21] 20.07.04.*

## БӨКӨ АТА

### *Акыйкатчы*

XIX – кылымдын экинчи жарымында Жайыл атанын Үсөн уулунун чебере-кибирилери болгон Бөкө атабыз, эл арасына акыйкатчылыгы, ак ниеттиги, кара кылды кап жарган калыстыгы, чынчылдыгы, чукугандай кеп тапкан акылдуу чечендиги менен таанылган тура. Айрыкча той-тамаша боло калганда эл арасындагы Бөкө атанын кылык-жоруктарын калайык калкы самап кумарланышчу экен. Замандашы казак элинен чыккан Төкө куудулу бар. Экөө бириккен жерде элдин чери жазылып жыргап-куунап, ойун-зоок менен тарашчу экен.

Кыргыздан чыккан Бөкө куу,
Казактан чыккан Төкө куу.
Кыргыз-казак ичинде...
Керемет туткан өтө куу.
Кызыктырып эл-журтту,
Кыраан-каткан ызы-чуу.

Элибизде эл арасында болгон арыз-муңду, талаш-тартышты бий болуштар чечип, күнөөлүү жагын айыпка жыгып, доосун алууга чечим чыгарып беришчү тура. Айыл манаптарынын бири күндөн-күнгө абройу көтөрүлүп, кадыр-баркы арта баштаган Бөкөнү айыпка жыгып бир абийирин эл-журттун көзүнчө Бөкөнү көздөп бийлерге арызданып келет. Бөкө куудул мени "энеңди" — деп, сөктү, айыбын төлөсүн деп. Бий-

лер ары кетип, бери кетип Бөкө куудулду чакыртышып, болгон ишти болгондой айтып манапты сөккөнү үчүн бир тулпарды ээр токуму менен бер бербесе андан да чоң айыпка жыгылаарын билгизишет. Аны уккан Бөкө куудул, бийлердин бул чечимине макул болуп, арыдан айткан тулпарды манаптын алдына туура тартып, калайык калкка угуза добушун бийик чыгарып, чечим чыгарган өкүмдөр бийге кайрылып. Улуу урматтуу бий аке! Доолаган манаптын дооматына жообу мынаке. Калыңын төлөдүм, бүгүндөн баштап манаптын оозу менен экинчи катыным болсун мына ушуну кошо жарыя кыл аке! — деген тура.

Бөкө атанын сөзүн уккан эл-журтка даана шерменде болоорун түйүп.

Бөкө мырза! Кулак сал,
Ат-патыңды өзүң ал.
Айыбыңды кечейин,..
Айыбың менен куруп кал.
Ашата сөктүм манап деп,
Ааламга кыла көрбө жар? — деп, Бөкө мырзанын берген атын албай, кайра Бөкөгө жалынып-жалбарган тура, калайык-калкка жарыя кыла көрбөгүн деп. Айып төлөтөмүн деген манаптын шермендеси чыгып көпчүлүктүн алдында Бөкөгө жыгылыштуу болгону, Бөкө мырзанын абийирине-абийир кошуп зоболосун көтөргөн тура.

Жай чилдеси, күн ысып мактанып турган мезгили, жер-жемиш бышып, бышыкчылык Чүй боорун мекендеп "ак төөнүн карды жарылган" — мезгил тура. Бөкө мырза жоон топ жоро-жолдоштору менен "солто жүрүш" — жасашып сапар тартып келатышып абдан чаңкашат. Жолоочулар бири-бирин карап "аттиң ай, байтал бээнин бал кымызы" — болгондо десе, экинчиси аны бир айтасызбы, миң айтасызбы деп, сөздү сөзгө улап келатышса, алдыларынан төрт-беш мырза кырды ашып келип калышат. Карашса кошуна айылдагы чык татырбас Чынарбай, Садыбакас жана Акылбектер экен. Садыбакастын алдына өңөргөн чаар ала чоңдугу казандай болгон дарбызы бардыгын көргөн Бөкө агабыз баягылар менен кол кармашып учурашып келе жатып Садыбакастын эки колун эки колдоп кармап, ой Саке кандай бала-чака тынчпы? Эли-журт жакшыбы? Ага-туугандар аман-эсенби деп эки колун утуру силкип-силкип көтөрө бергенде, Сакемдин алдындагы кучактаган дарбызы кулап түшүп, жер жайнап кызарып жарылып калат. Анда Бөкө ага ой кантет Саке бекемирээк кармасаң болбойбу деп аттан түшкөн экен. Көктөн тилегендери жерден табылган жолоочулар чогуу аттан түшүшүп жарылган дарбызды жайланып отурушуп аябай жешип чанкоолору канган экен.

Чаңкоолору кангандан кийин Бөкө мырза, тиги Садыбакаска кайрылып, ушу деги сага "Саке" ишенич деле калбай калды, дагы кудайым чоң колдоду, алдыңа өңөргөнүң дарбыз болуп, кокустан баланы өңөргөндө колуңдан түшүрүп жиберсең баланын башы-көзү жарылбайт

беле, жашың деле эл ортону элүүдөн ашып, ата сакалың ээгиңе бүттү, бу качан бир атка тыканыраак жүргөнгө жарайсың? Улак тартам деп ооп түшүп каласың мээм чайкалды деп эмканага жатып аласың деп акыл-насыят кептерин айтып аттанып кетишкен экен.

Жолдо келе жатышып Бөкөнүн жоро-жолдоштору болгон ишти кайра-кайра айтышып ыкшып жатып күлүшкөн экен анда Төкө:

Бура кармап сол колун,
Булкулдаттым оң колун.
Бек кучактап алыптыр,
Бурап ийдим колдорун — деп болгон окуяны мойунга алып, андан эмне силерге жаман болдубу? — деген тура.

Дарбызга тоюуп алдыңар,
Дардайып оңуп калдыңар.
Данеги менен шимирип,
Дандайып чыкты кардыңар — деп, досторун кайра сүйлөгүс кылган экен.

Бөкө агабыздын бөтөнчөлүгү болгон кепти бетке айткан, тартынбагандыгы экен. Албетте бул кылык жакканы бар, жакпаганы андан көп. Ага кекенип калган манаптардын бири жигиттерине дайындап Бөкөнү ээндетип кармап колго түшүрүп, Бөкөнүн чылбырын жулуп алып, беш алты жигиттер коштоп Бөкөнүн атын жетелеп ээндетип алып чыгышат. Бөкөнүн жүрөгү алда нерселерди сезип, бул шерлердин соо койбосун сезип, акырын алар менен кадим миң жылдан бери тааныштай, камырабай сүйлөшүп кызык кепке тартып бара берет. Бөкөнүн кызыктуу, күлкүлүү сөздөрүнө маашырланышкан тигилер дүнүйө бейкам узун куурайлуу талаага беттеп баратышканда Бөкө жүгөндүн сагалдарыгын чечип жүгөндү аттын башынан шыпырып жиберип "чү" койгон экен. Кулун, кунанынан Бөкөнүн колунан жем жеп чоңойгон аргымак темингенде эле атырылып дуу койгон боюнча, куугунчуларга жеткирбей үйүнө алып келген тура. Элибизде "ат айланып казыгын табат" деген кеп калкыбызда ушундан чыккан белем.

Бөкө ата жөнүндөгү кызыктуу кепти Рысбек агабыздын айтуусу боюнча берүү менен ыраазычылыгыбызды билгизебиз.



# МАМАТКЕРИМ УУЛУ РЫСБЕК

Рысбек агабыз 1936-жылы 7-ноябрда Жайыл районуна караштуу Эриктүү айылында төрөлгөн. Айылда жетинчи классты бүтүрүп колхоздун ар кандай иштеринде иштеп жүрүп. 1952-жылы Фрунзедеги кооперативдик техникумуна өтүп 1955-жылы ийгиликтүү бүтүрүп чыгат. Ошол эле жылы Самаркан шаарындагы кооперативдик институна өтүп аны артыкчылык (кызыл) диплому менен 1959-жылы аяктайт.

Эмгек жолун 1959-жылы Фрунзедеги кооперативдик техникумда катардагы эле мугалимдиктен баштаган. Жаш муундарга татыктуу илим-билим, таалим-тарбия берүүдө жаш педагог бара-бара такшалып техникумдун директорунун орун басары болуп жемиштүү эмгектенген. Өз ишине делгир, уюштуруу иштерине жөндөмдүү педагог Фрунзедеги Самаркан шаарынын кооперативдик институнун филиалына директору болуп иштейт. Андан кийин Москва шаарына караштуу Борбордук Союздун Эмгекти илимий негизде уюштуруу жана өркүндөтүү боюнча жүргүзүлгөн илим-изилдөө институна директорунун орун басары болуп дайындалат.

Албетте агабыз Рысбектин көптөн тилегени жерден табылып дегендей, аталган институтта эмгектенүү менен бирге өзүндө да илимий иликтөөгө тема тандап аны окумуштуулар кеңешинде тастыктатып алып тынымсыз илимий иликтөөлөрүнө тажрыйбаларын жүргүзүүнү колдон чыгарган жок. Убакыт учкан куш дегендей билинбей айлар, жылдар тез эле өтүп кетти. Агабыз да алдыдагы максаттарын иш жүзүнө ашырып эмгекти илимдин негизинде уюштуруу боюнча иликтөөлөрүн (кандидаттыгын) татыктуу коргоп экономика илимдеринин кандидаты деген ардактуу наам ыйгарылды.

Ардагер агабыз акыркы жылдары Кыргыз техникалык университетинде доцент, кафедра башчысы болуп эмгектенүүдө.

Өмүрлүк жары Токтоналиева Токтокан жеңебиз менен кыздары Гүлмира менен Лоранын жана уулу Тилектин бактылуу энеси. “Сөз кезеги келгенде айтпаса атаса өлөт” — дегендей жеңебиз да тегин адамдын кызы эмес. Атасы Эркимбаев Токтоналы 1885-жылы Нарын областынын Тяншан районуна караштуу Куланак айылында төрөлгөн. Өмүр бою Куланак колхозунун жылкысын асырап багып жүрүп эмгегинин үзүрүн көргөн инсандардан. 1947-жылы карамагындагы элүү тубар бээден элүү кулун алып бир башын да чыгашага учуратпай аман асырагандыгы үчүн 1948-жылы Социалисттик эмгектин Баатыры деген ардактуу наам Москвадан ыйгарылган. Ленин ордени, алтын жылдыз көптөгөн орден, медал, ардак граммоталар менен сыйланган.

Баатыр атабыздын көзү өткөн менен анын кең пейил ак көңүл, акыйкат, айкөлдүгү элүү алты жашында көргөн кенже кызы Токтокан

жеңебиз аркалуу неберелери Гүлмира, Лола, Тилектердин көкүрөк көөдөнүндө жаны менен жан болуп, жүрөгүндө кан болуп аруу сезим, ак тилектикке үндөп жашап жатат. Атабыздын жаткан жери жайлуу болуп, жаны жаннаттан жай таап, арбагы ыраазы болсун демекпиз.

Бүгүн Токтокан жеңебиз Рысбек агабыз менен уул-кыздарынын төрүнүн куту. Балдарынын баары жогорку билимдүү мамлекеттик кызматкерлер.

Улуу кызы Гүлмира Бишкек шаардык кеңештин депутаты, билим боюнча комиссиянын төрагасы, Мамлекеттик башкаруу боюнча ПРООНдун проектисинин координатору. Президенттин алдындагы "Акыйкаттык башкаруу" боюнча улуттук кеңештин мүчөсү, Илимдин кандидаты, республикалык жаштар союзунун сыйлыгынын лауреаты.

Соода-сатык экономдоо жактарын,
Самаркандан окуп келип тактадың.
Сарамжылоо иштерин бүт иликтеп,
Сарсанаасыз илимий иш жактадың.
Соода ишин журтчулукка үйрөтүп,
Сабак берип бекер карап жатпадың.

Таттың турмуш ачуу-таттуу ызгаарын,
Таалим алган татыктуу уул кыздарын.
Турмуштагы тентек, тежик, кежирди...
Тарбиялап түз жолунан кыспадың.
Таазим менен бүгүн изаатташууда...
Теңиримден сезе жүрөк сыздаарын.

Иликтөөлөр көп кыйналып тер кетти,
Илим менен негиздедиң эмгекти.
Ийне менен кудук казган сыяктуу,
Илимиңди алган муундар эр жетти.
Ийгиликтен-ийгиликтер жаралып,
Изилдөөңдү улант иштей бер дешти.

*22[44] 17.01.04.*



# ЖУМАБАЙ УУЛУ САТАРКУЛ

Сатаркул Жумабай уулу 1919-жылы Жайыл районунун Эриктүү айылында төрөлгөн. Агабыз төрөлгөндөн эле түйшүктүү турмушка түш келди. Өзүңүздөр көргөндөй совет өкмөтү эми жаңы орноп кедей кембагалдар теңчилик заманга жеткенин бай-манаптар көрөлбай талаш-тартыштар күчөгөн учур. Элдин жашоо турмушу өтө начарлаган мезгил эле.

Жаштайынан турмуштун ысык-суугун, жашоонун ачуу-таттуусун татуу менен анын жаштык кези калыптанды. Эми эр жеткенде каргашалуу согуш башталып мекенди немицтик баскынчылардан коргоо милдети башка түштү. Андан кийин кайра калыбына келтирүү мезгили дегендей. Чарбада агабыз иштебеген иш калган жок десек жаңылышпайбыз. Жашы отуз үчкө толгондо айылдагы эл-журту ишеним көрсөтүп колхоздун башкармалыгына болбой жатып шайлап алышты. Узак жылдары өзү туулуп өскөн айылды чарбаны башкарган чыгаан жетекчи. Чарбаны ар тараптан өсүп өнүгүшүнө жетише алды.

Жер айдап эгин эгип чаалыкпады,
Жанчтырып талкан кылып калган данды.
Жай ичи сугарууга эгиндерди,
Жаз чыкса тазалашып арыктарды.
Журт ичи бөпөлөшүп карaар эле,
Жардамга муктаж болгон жарым жанды.

Эмгектер сиңген экен элиңизге,
Эскерет элдин баары жериңизде.
Эчен жыл өтсө дагы аралыктан,
Эл-журтуң ыраазыдыр пейлиңизге.
Элим деп эмгектенген аракеттер,
Эгемден тартуу болгон дээриңизде

Чыгаан ал жетекчи эле али эсте,
Чарбанын башкармасы болгон кезд
Чөмүчтөп чогулттуго коом мүлкүн,
Чекеси зорго ойулду ушул кезге.
Чапкылап убайымды тартпас эле,
Чачылып кетээрлигин эгер сезсе.

*$13^{48}$ 6.01.04.*

# КАСЫМКУЛ УУЛУ АДЫЛБЕК



Адылбек агабыз 1924-жылы Жайыл району-на караштуу Эриктүү айылында төрөлгөн. Айылдан билимин алгандан кийин Фрунзедеги айыл-чарба техникумуна өтүп эсеп-кысап бөлүмүн бүтүргөн.

Эмгек жолун өзү туулуп өскөн айылда катардагы эсепчиден баштаган. 1957-жылдан 1988-жылга чейин өз айылында колхоздун башкы бухгалтери болуп жемиштүү эмгектенген. Өзүнүн бүткүл өмүрүн айыл апага аралашып жүрүп болгон дареметин, илим-билимин, күч-кубатын, тажрыйбасын элдин жашоо турмушун жакшыртууга, чарбанын экономикасын көтөрүүгө астейдил аракеттенип иштеген.

Элибизде "Эр кадыры элинде" дегендей, агабыздын эмгеги өкмөтүбүз, коомчулук тарабынан жогору бааланып бир катар мамлекеттик сыйлыктарга татыктуу болду. Бүгүнкү күндө айылдын ардактуу аксакалы, персоналдык пенсионер.

Агабыздын колунда табилчи болуп иштегендердин бири Адашбек Кыдырмаев кийин илимдин доктору, кыргыз республикасынын эмгек сиңирген кызматкери, Кыргыз Республикасынын айыл чарба министри болгондугун баарыбыз эле биле бербешибиз талашсыз..

Ээн эркин чотту кармадың,<br>
Эсептеп чарба тармагын.<br>
Элдик мүлк уят болот деп,<br>
Эрмеше калса бармагың.<br>
Эсепсиз дүйнө болбойт деп,<br>
Эч нерсе ашык албадың.

Эки маал иштээр түндөрдү,<br>
Эсептеп эмгек күндөрдү.<br>
Эл мүлкүнө кол салса,<br>
Эскерип, эссиз жүргөндү.<br>
Эсебин таап токтоттуң,<br>
Эл ичин тетир бүлгөндү.

Кызматың элге арнадың,<br>
Кыйла жыл иштеп талбадың.<br>
Кадыр барк күтүп айылда,<br>
Кыйла эле ага салмагың.<br>
Кара кылды как жара,<br>
Калыста ишти кармадың.

*22³⁷ 7.01.04.*

# ЖАЙЫЛ АТАНЫН ТЕКЕ УУЛУНАН ТАРАГАНДАР



сүрөө №4 (80).

# ДӨЛӨТБЕК КЫЗЫ ЖҮЗҮМ



Жүзүм эжебиз 1929-жылы Жайыл районуна караштуу Эриктүү айылында төрөлгөн. Айылдан жетинчи классты бүтүргөндөн кийин Фрунзе шаарындагы кооперативдик техникумуна өтүп ийгиликтүү бүтүргөн. Жогорку билимди көксөгөн Жүзүм эжебиз ошол эле жылы мугалимдер институнун физика-математика факультетине өтүп атайын жогорку билимдүү адис болуп чыгат.

Эмгек жолун Жайыл районундагы Талдыбулак мектебинде өз адистиги боюнча мугалим болуп иштөөдөн баштаган. Жүзүм эженин колунан жүздөгөн-миңдеген жаш муундар тарбия алышкан бүгүнкү республикабыздын белдүү адистери болуп эмгектенишүүдө.

Жүзүм эжебиз мугалимдик эле эмес, колунан көөрү төгүлгөн «уз-чебер», кыргыздын түркүн улуттук кийим кечелерин, үй-жайына керектүү буйум-тайымдарын өз чыгармачылык жөндөмү менен даярдай алат. Республикалык көргөзмөлөрдө дайыма алдынкы оруңдарды ээлеп, «уз-чебер» — деген ардактуу наамга татыктуу болуп, баалуу сыйлыктар, Ардак Грамоталар менен сыйланган.

Райондук гезит беттерине эжебиздин чеберчилик, боюнча крыгыздын үрп-адети, салт-санаасы, жөнүндө үзбөй макалалары жарыяланып турган кадырлуу ардагер, «уз-чебер». Өз эмгегин даңазалаган китеби басмага даярдалып чыгуу алдында турат.

Жүзүм эжебиз өмүрлүк жары менен уул-кыздардын, небере-чеберелердин бактылуу ата-энелери.

Көргөндүн көөнү бөлүнгөн,
Керемет айым көрүнгөн.
Кол — өнөрлүү, «уз-чебер»,
Колунан көөрү төгүлгөн.
Кең пейилдүү, ак көңүл,..
Келген жан мейман төрүнөн.

*4[04] 21.07.04.*

Жүзүм эженин дагы бир өзгөчөлүгү, анын жаш кезинен баштап эл куш кармап, аны үйрөтүп мүнүшкөрлүк ишке шыктылуугу жана куш салуунун өзүнчө ыкмаларынын бар экендигин чагылдырган макалалары гезит беттерине үзбөй жарыялануууда.

Саяпкерлик жана дарыгерлик ыкмаларынын бар экендигин жашыра албайт.



# ОСМОН УУЛУ ТУРГУНБЕК

Тургунбек мырза 1962-жылы 13-июлда Жайыл районунда төрөлгөн. Айылдан сегиз жылдык мектепти бүтүргөндөн кийин Карабалта шаарындагы пищевой техникумга өтүп ийгиликтүү бүтүрүп чыккан. 1981—1984-жылдары Тынч океанында морфлотто кызматын обийирдүүлүк менен өтөп келген. Армиядан келген жоокер, айылда бош басып жүрбөй дароо Фрунзе шаарындагы политехникалык институнун курулуш боюнча факультетине өтүп аны 1989-жылы бүтүрүп куруучу деген жогорку адистигине ээ болуп чыгат.

Эмгек жолун жогорку билимдүү куруучу катардагы инжинерликтен, прораб болуп иштеп жүрүп 2000-жылдан баштап Талдыбулак айыл өкмөтүнүн жетекчиси болуп шайланып жемиштүү эмгектенип жүрүп, 2004-жылы 16 сентябрда жарыкчылык менен түбөлүккө кош айтышып кете берди.

Жигер деп, ашказанга ой бурушуп,
Жүрөгү мыкчый калса ден курушуп.
Жаш жигит көптөн бери кыйналууда,
Жан үрөй жаратканга кол сунушуп.
Жүйөлүү диагнозун таап-таппай,..
Жан ооруп жашоо үчүн алп урушуп.

Тургунбек өмүрлүк жары Бурул экөөнүн Калыс, Адис аттуу уулдары Акак — Азем аттуу кыздуу болушкан.

Тургунбек мырза айыл өкмөтүнүн жетекчиси болуп иштеген учурда айылда эсте калаарлык көп иштерди аткарууга жетише алды. Ата Мекендик согушта курман болгондорго эстелик тактасын тургузду. Айыл инсандарына мечитин курдуруп берди. Мектептин үстүн жаптырды. Айыл тургундарына таза суу түтүгүн курдуруп берди.

Тургунбекти акыркы келбес сапарына миңден ашык адам чогулган экен, аза күтүү митингесинде Жайыл районунун жетекчиси Г.В.Дадыденко сөз алып Тургунбектин ишкердиги, каныккан жетекчилиги, уюштургуч иш билгилигин ак көңүл, кең пейилдигин баяндалды.

Айыл аксакалдарынын атынан сөз алган карыя Тургунбек аз жашаган менен айыл тургундарынын мүдөөсүн канааттандырган көп иштерди аткаргандыгын кенен токтолуп келечекте Талдыбулак айыл өкмөтүнө Осмон уулу Тургунбектин ысмын ыйгарууну көпчүлүк калкка сунуштап, Тургунбек менен коштошуп жаткан жерин жумушак, ыйманың саламат болсун деген ниетин билгизди.

# НУРГАЗЫ УУЛУ БЕЛЕК



Белек мырза 1941-жылы күздүн башталышында 12-сентябрда Жайыл районуна караштуу Эриктүү айылында төрөлгөн. Өзүңүздөр көргөндөй батыштан ажал издеген оттор тынымсыз тынч жаткан элдин бейпилдигин алды. Мына ушундай учурда төрөлгөн Белектин балалыгы да өтө оор учурларга туура келди.

Эс тартканы жанын үрөп окуунун артынан түшүп айылдан мектепти бүтүрүп Канттагы айыл чарба техникумуна өтүп аны ийгиликтүү аяктап, айыл чарба тармагында өзүнүн алгачкы эмгек жолун баштады. Чарбанын ысык-суугун толугу менен башынан өткөрүп, кагылып-согулуп такшалган адис болуп чыга келди.

Белек келечекти элестетип Самаркандагы кооперативдик институтуна өтүп аны ийгиликтүү бүтүрүп чыгат. Денеси чымыр кыргыз жигити студенттер менен бирге күрөш боюнча машыгып жүрүп өзбек элинин чемпиондугун жеңип алган балбандардан. Жогорку билимдүү соода тармагындагы адис республикабыздын түштүк регионунда үзүрлүү эмгектенип алды. Ош, Куршап Өзгөн райондорунда кооперация бөлүмүнүн жетекчиси болуп ийгиликтерди жаратты.

Өмүрлүк жары Салима менен эки кыз бир уулдун бактылуу ата-энелери. Уулу Эрмек алардын тукум улоочу бакыты.

Карыштыра чалдыңыз,
Күрөштөн байге алдыңыз.
Кармашканды катырып,
Көтөрө чаап салдыңыз.
Карымбай байдын мекени,
Куршапта иштеп калдыңыз.

Жигерлүү ишти баштадың,
Жүргүзүп соода тармагын.
Жаштыгың жалын кез экен,
Жекжаатка тийип жардамың.
Жебеген жердин астында,
Жеткендер жалап бармагың.

Беш жылдык план аткарып,
Бекерпоз жандан сактанып.
Бардыгын бешке орундап,
Борборго чейин макталып.
Биз билгенден ар дайым,
Белегим жүрдү макталып.

*23[12] 12.09.04.*



# КАЛМАНОВ ЖАНЧАР

Жанчар агабыз 1936-жылы 15-июнда Жайыл районуна караштуу Эриктүү айылында төрөлгөн. Башталгыч классты Эриктүүдөн, кийин Сарыбулактан окуусун улантып, он жылдыкты №2 Карабалтадагы мектептен бүтүргөн. Борборубуздагы политехникалык институна өтүп 1958-жылы тоокендери боюнча инжинер деген ардактуу кесипке ээ болгон.

Агабыз эмгек жолун Кызылкыя шаарында көмүр кенинде иштөөдөн баштаган. Катардагы карапайым инжинер «Комсомол» шахтасында мастер болуп иштеп жүрүп турмуштун татаал, тайгак жолуна аттанды. Жанчар агабыз 1961—1964-жылдары Улуттук Илимдер Академиясына өз адистиги боюнча аспирантурага өтүп, иликтөө-изилдөө иштерин жүргүзө баштайт. Жер алдындагы көмүрлөрдүн өз алдынча күйүп кетүүсүнүн себептерин аныктоо иштерин жүргүзүп, анын күйүп кетүүсүнө каршы иш чараларды илимий негизде тастыктаган. Бул илимий ачылыштарды өндүрүшкө киргизүүдөн Өлкөбүзгө 20 миллиондогон (доллар) киреше түшкөндүгү үчүн агабызга Кыргыз Республикасынын Мамлекеттин сыйлыгы ыйгарылган (1974). Бул багытында Жанчар аганын эки монографиясы, 4 (төрт) авторлук күбөлүгү, ондогон илимий статиялары жарык көргөн.

1964—1967-жылдары кенже илимий кызматкер, 1967—1978-жылдары СССРдин көмүр өнөр жай министринин орун басарына жардамчы болуп эмгектенип Союз боюнча көмүрлүү жерлердин баарында болгон. Мына ушулардын негизинде илимий иштерин өркүндөткөн. 1981-жылы Кыргыз Республикасынын курулуш-материалдар өнөр-жай министрлигинин орун басары, андан биринчи орун басары болуп 1985-жылга чейин үзүрлүү эмгектенген. 1992—1995-жылдары Кыргызстан өнөр жай бирикмесинин Генералдык директорлук милдетин да бирдей эле учурда өткөргөн. Анын курамына Токмок шаарындагы таш жана мрамор иштетүүчү «Кыргызстан» карьери кирген.

Өндүрүштөгү мындай зор ийгиликтери, эмгектери, жетишкендиктери өкмөтүбүз тарабынан өз учурунда Жогорку бааланып «СССРдин көмүр өнөр жайын өнүктүрүүнүн отличниги деген ардактуу наамды ыйгарган. Өлкөбүздө агабыздын илимий иликтөөлөрү космонавтика пайдалуу иштеген эмгектерин эскеришип Жанчар Калманов СССР космонавтар федерациясы тарабынан С.П.Королев атындагы медалы, космонавтика СССР аттуу илимий чыгармалары жана баалуу сыйлыктары менен сыйланган.

Кыргыз Республикасынын аймагындагы курулуш иштеринде Жанчар аганын үзүрлүү салымы бар, анын катышуусунда жыйырмадан ашык юбилейлик курулуштар бүткөрүлдү: В.И.Ленин атындагы музей,

Борборубуздагы Ала-Тоо аянтындагы имараттар, Ак-үй, Манас аэропорту, филармония, опера-балет театры, Нарын ресторанды, Достук, Ысыккөл мейменканалары, Ош шаарындагы В.И.Ленининдин эстелик комплектиси, Москвадагы президенттик двореци, кремилдин жасалгаларына гранит, мрамор, сары таш плиталары ж.б. курулуш материалдары менне камсыздаган.

Өз доорунда Жанчар агабыз: Т.Усубалиев, А.Масалиев, А.Акаев, А.Дүйшеев, Т.Кошоев, А.Жумагулов, И.С.Бесмертный, Я.Е.Фишер, М.У.Носинов, А.М.Кузнецов, С.А.Аблесов, С.Бегалиев, С.Г.Моисеев, А.С.Моисеев, Х.Д.Дадабаев, Б.Э.Мамбетов ж.б. Кыргыз элинин белдүү жетекчилери, кызматкерлери менен бирге иштешти.

Бир сөз менен айтканда акыркы 1980-жылдан бери агабыздын колу тийбеген, өбөлгө түзбөгөн бир дагы курулуш жок десек жаңылыштык болбос. Республикабыздын чөйрөсүндөгү бардык курулуш материалдарына изилдөө, иликтөө ишке ашырууда Жанчар аганын салымы зор. Өзгөчө белгилей кетүүчү нерсе мындай курулуштарды чет элдик курал жабдыктар менен камсыз кылганы.

Жанчар агабыз үй бүлөлү, өмүрлүк жары менен Бермет, Каныщай аттуу кыздары, Нуридин аттуу уулу бар. Нуридинге бүгүн жети айдын жүзү толду.

Ата-ата-аталап,
Атакесин жакалап.
Ага-тууган элинен,
Агаинден бата алат.
Атанын атын өчүрбөс,
Алтын туяк аталат.

Жайыл атабыздын жети айлык урпагы Нуридинге узун өмүр каалайбыз.

Көбүнөн ооба тың али,
Кыйладан чыккан кырааны.
Кең пейил, таза ниеттүү,
Кеменгер жагы сыналды.
Көч башын баштап келатат,
Көңүлдөгүсүн ынанды.

Элинин баалап арышын,
Элинин ойлоп намызын.
Элим деп, жанын үрөөдө,
Элинин алга барышын.
Эринбей иштеп эзиле,
Эмгектен көрөт жарышын.

Чоң жерде иштеп баркталган,
Чордондо дайым макталган.
Чыгаан мырза атуулдук,
Чоң ниетерде такталган.
Чопо, чоюун, темир деп,
Чордонун көпкө башкарган.

*8⁰⁷ 6.12.02.*



# СЕГИЗБАЕВ ЖОЛДОШБЕК

Жолбошбек мырза 1947-жылы 26-мартта Жайыл районунун Эриктүү айылында төрөлөт. Сегизинчи классты бүтүрүп, борборубуздагы финансы-экономикалык техникумуна кирип, 1967-жылы бүтүргөн.

Эмгек жолун колхоздо катардагы эсепчиден баштап, бухгалтер, бригадир анан башкы экономист, парторг болуп көп жылдары эмгектенет. Кийин Кара-Балта шаарынын финансы башкармалыгын жетектеген. Шаар менен район кошулгандан бери Жайыл районунун финансы башкармачылыгын жетектейт.

Эл аралык Жайыл-Ата коому түзүлгөндөн бери, коомдук ишине активдүү катышып, жетектеп да келүүдө. 2000-жылы Жайыл-Ата коомунун марафонун уюштуруп, Жайыл-Атанын эстелигин даярдап жаткандыгын сыймыктануу менен эскергенибиз оң болот.

Үй-бүлөлүү, өмүрлүк жары Кымбат экөөнүн Чынара, Нургүл, Бермет, Эркинбек деген уул-кыздары бар.Небереси Амантур чоң ата, чоң энесинин кубанычы.

Атанын жолун жолдогон,
Арбагы анын колдогон.
Ариет үчүн эмгекте,
Арада жүрөт оңдогон.
Алкы бузук суранса,
Андайга жолду койбогон.

Эл бузгандан калкалап,
Элдик ишти аркалап.
Эл ичинде Жолдошбек,
Эбегейсиз даңк алат.
Эл намысын коргогон,
Элге иштеген салтанат.

Калк ичи канча түтүн,
Каттатып сааган сүтүн.
Кам көрүүдө калкына,
Карч уруп кара күчүн.
Каржылап эсеп-чоттойт,
Кадиксиз чыгып бүтүм.

*30.05.01*

# БЕКТУРГАН УУЛУ НААМАТБЕК

Нааматбек мырза Жайыл районунун Эриктүү айылында 1954-жылы 3-июлда төрөлгөн. Айылда мектепке барып 1971-жылы он жылдыкты ийгиликтүү бүтүргөн. Советтик Армиянын курамында кызматын өтөп келди. 1975-жылы Мамлекеттик дене-тарбия боюнча институтуна өтүп 1979-жылы аяктан жогорку билимге ээ болгон.

Эмгек жолун 1979-жылы Жайыл районундагы жаштардын спорттук мектебине тренер болуп иштөөдөн баштаган. Иштеген ишинен бара-бара такшалып аталган мектептин директорлугуна дайындалган. 1986-жылы Эриктүү орто мектебинин директору болуп которулган. 1990-жылы Жайыл районунун спорткомитетинин жетекчилигине дайындалган. 1997-жылдан бүгүнкү күнгө чейин «Эриктүү» дыйкан чарбасынын жетекчиси болуп үзүрлүү эмгектенүүдө.

Нааматбек эмгегинин үзүрү жогорку бааланып 1984-жылы республикабыздын «эл агартуу тармагынын отличниги» — деген ардактуу наамы 1985-жылы күрөш боюнча республикалык категориядагы судья жана 1993-жылы Кыргыз Республикасынын «эмгек сиңирген тренери» деген ардактуу наам ыйгарылган. 2000-жылдан баштап айылдык жана райондук кеңештин депутаты.



Үмүттүү тилеп өмүрүн,
Үйрөтүү максат көңүлүн.
Үгүттөө мен өткөрүп,
Үйлөнтүп өчөөр көрүгүн.
Үзүлөөрдү улаган,
Үзүрүн көргүн төрүңүн.

Катыра койгон талабың,
Көңүлдүү берип сабагың.
Көз кырынан чыгарбай,
Калтырбай тактап баянын.
Качан да болсо коргоодо,
Кашкая ачык кабагың.

Арипти «А» дан чейгизген,
Акылын айтып билгизген.
Алпуруша машыгып,...
Ар, күчкө такай киргизген.
Ааламга чыксын чемпион,
Ал күткөн үмүт биз — сизден.

*$12^{36}$ 20.09.04.*

сүрөө №5 (95)



Жайыл
Теке
Бектен
Тоймат
Молдодияр
Насыраалы
Өскен
Аслан
Руслан
Шаймолдо
Жапар
Рустам
Рафик
Расул
Райым
Абыш
Сыйдаалы
Касым
Сыргак
Чаргын
Сейитбек
Толодияр
Бектурган
Таалай
Кулдан
Куржун
Баке
Турдукожо
Шераалы
Жусубек
Алым
Тологон
Дыйкан
Сейитказы
Эсенаалы
Дүйшенаалы
Бейшенбек
Рыскулбек
Кыштообай
Кутман
Чортонбай
Конужбай
Берген
Манбет
Оторбай
Сейитбек
Бектурган
Кожодияр
Думана
Докон
Алыбек
Каныбек
Семен
Аманбай
Арыкбай
Райымбек
Отунчу
Эсен
Алтынбек
Иман
Дүйшөнбек
Айбек
Жолдошбек
Кидил
Мийнеке
Толо
Жетичал
Бекзада
Мамыр
Мырзакмат
Кубатбек
Максат
Жоомарт
Самат
Кочорбай
Тобой
Бейшакмат
Илпек
Дүйшөнбек
Качы
Жанусак
Акматбек
Марлин
Жусуп
Карыпбек
Күрүчбек
Акынбек
Закон
Замир
Сабыр
Койкелди
Солтуке
Албан
Аалыбай
Сталбек
Алыкул
Ашым
Асан
Суусамыр
Кунасбек
Отунчу

сүрөө №6 (79)


Жайыл
Теке
Бектен
Жанагарач
Сасык
Сасымсак
Жапар
Чокуш
Аманкул
Курманбек
Асанбек
Абдыкадыр
Жалил
Калил
Жакылбек
Болот
Мурат
Машарип
Нуршарип
Масадил
Мирин
Асанбек
Замир
Мелис
Эрнис
Советбек
Эркин
Мырсакелди
Кудайберди
Жаманкул
Шейшен
Жекшебек
Ишен
Аалы
Исмаил
Карып
Исраил
Ибарим
Торокул
Искак
Жандар
Сагынбай
Капар
Үркүнбай
Мамбет
Эмил
Асылбек
Асан
Үсөн
Суракмат
Кубат
Дүйшөн
Акынбек
Медет
Бүркүтбай
Шабдан
Долон
Сыдык
Казакбай
Темирбек
Болот
Мырсабай
Исакул
Кылыч
Эсен
Жолдош
Канат
Осмон
Алмаз
Ильяс
Сейиткул
Эгемберди
Талант
Талгат
Максат
Марглен
Абдылда
Тукун
Кожомберди
Маламберди
Шаршенбек
Адылбек

сүрөө №7 (61)



Жайыл
Теке
Бектен
Карачолок
Байгашка
Топок
Сулайман
Борбу
Абдыкайым
Сагын
Ишеке
Койчуман
Акан
Жукай
Шарше
Калкабай
Саты
Сагаалы
Кожоке
Зарылбек
Эсенгул
Бейшенбек
Султанбек
Карабай
Шабдан
Жумабай
Бейшен
Нурадил
Мусураалы
Жумаш
Эсенбай
Темирбек
Мелис
Аскар
Мелис
Азис
Рамис
Эрнис
Нурадин
Нурадил
Автандил
Закир
Марсбек
Тимур
Орозаалы
Тулкубай
Ногой
Мамат
Сансызбек
Азимкан
Болот
Медет
Акмат
Абаскан
Сатыбалды
Садабай
Мусуркул
Мукан
Мисирбек
Шербек
Союзбек
Муктар
Нурлан
Жылкыбай
Жылжымыш
Ильяз
Мамбетбай
Нияз
Дүйшөнбек
Үсөй

# АКЫНБЕК КҮРҮЧБЕКОВ



Акынбек Күрүчбеков 1922-жылы Калинин районундагы (азыркы Жайыл району) Саргоо сельсоветине караштуу Эриктүү айылында туулган. Ошол эле райондогу «Эркин-Сай» толук эмес орто мектепти 1940-жылы аяктап, Фрунзедеги гидромелиоративдик техникумуна өтүп, 1941-жылы 2-чи курсунда окуп жатканда Улуу Ата Мекендик согушу башталып, окуусун таштоого мажбур болгон.

1941-жылы Советтик Армиянын катарына чакырылып, атчандар дивизиясында машыктырылгандан кийин согушка жөнөтүлгөн.

1942-жылы 19 жаш курагында Калинин фронтунда Ржев шаарынын жанында айыгышкан кандуу салгылашта катуу жарадар болуп, оң бутунан ажыраган. Көптөгөн ай бою госпиталдарда дарыланып 1943-жылы апрелде айылына кайткан. Келгенде элдин ахывалын көрүп, эс алып жатып албастан, Саргоо сельсоветине счетовод болуп орношкон. Андан кийин Эриктүү колхозунда жылкы ферманын башчысы болуп 1945-жылга чейин иштеди.

1945—47-жылдарда Фрунзедеги эки жылдык юридикалык училищеде окуду. Окууну бүтөр менен Тянь-Шань областтык соттун мүчөсү, Жалал-Абад областынын адвокаттар коллегиясынын президиумунун председатели, Токтогул райондук 1-бөлүмүнүн эл соту, Жалал-Абад областтык сотунун председателинин орун басары болуп иштеген.

1955-жылдан 1962-жылга чейин Кыргыз ССР Жогорку Сотунун мүчөсү болгон, андан соң 1968-жылга чейин Кыргыз ССР Министрлер Советинин алдындагы юридикалык комиссиясынын мүчөсү катары кызмат өтөгөн.

1968—1971-жылдардын аралыгында «Кыргызстан маданияты» газетасында адабий кызматкер, ал эми1971-жылдан 1974-жылга чейин Кыргыз Совет Энциклопедиясынын Башкы редакциясында илимий жана ага илимий кызматкер болуп иштеген.

Акынбек Күрүчбековдун чыгармачылык ишмердүүлүгү 1950-жылдардын башында башталган. Ал «Атама кат», «Окко каршы», «Ишеним», «Күн айтат», «Адамдарга кайрылуу», «Өмүр», «Өлүмдөн да күчтүү» ж.б. поэтикалык китептердин автору болгон. Ата-мекендик согуштун 1-чи жана 2-чи даражадагы ордени, көп сандаган медалдардын ээси.

1949- жылдан КПССтин мүчөсү болгон.

1970-жылдан СССР жазуучулар союзунун мүчөсү болгон.

Акын-жоокер өмүрүнүн акырына чейин чыгармачылыгынын башкы темасы кылып, согушка каршы, аны жек көрүүнү, ага каршы талыкпай күрөшүүгө элин үндөп, Совет элинин келечек муундары үчүн бейкуттукту даңазалаган.

Чыныгы коммунист, согуштун ардагери, юрист, кемчиликтерге келишпес Акынбек Куручбеков 1988-жылы 30 ноябрда дүйнөдөн кайткан.

Сөзмө-сөз маани бергенден,
Сөздөрдүн гүлүн тергенден.
Атына заты жарашкан,
Акындар чыккан жергемден.
Мекенди коргоп журт үчүн,
Энчисин алып келгенден.

Кас душман каарын салганда,
Кармашып согуш майданда.
Капыстан кайып ок тийип,
Кан агып жерге жайганда.
Караңгылан каректер,
Ок учуп, жүзүн чайганда.

Күн өттү касты күрөгөн,
Күн өттү жанды сүрөгөн.
Кармашып жатты согушта,
Кыштакта ар бир бүлөөдөн.
Кан агып дүйнө от күйүп,
Качырып жанды үрөгөн.

*6[28] 19.09.04.*



## ЖУМАБАЕВ БЕЙШЕН

Бейшен агабыз Жайыл районуна караштуу Жонарык айылында төрөлгөн. Айылдан он жылдыкты абдан жакшы окуп бүтүргөн өспүрүм өзү окуган мектепте башталгыч класстарына мугалим болуп иштеп калат. Агабыз иш менен окууну айкалыштырып Кыргыз Мамлекеттик Улуттук университетинин тарых факультетине өтүп аны сырттан окуусун уланткан.

Айылдагы кечеги өспүрүм бүгүн такшалган жогорку билимдүү адис болуп жетиле келет. Райондук элге билим берүү бөлүмү Бейшен аганы Акбашат орто мектебине окуу бөлүмүнүн башчылыгына дайындашат. Коммунистик партиянын курамына кабыл алынат. Партиянын тапшырмасы менен Жалалабат областынын элге билим берүү тармагына жөнөтүлөт. Бул жакта үзүрлүү эмгектенип жүрүп 1958-жылы кайра Жайыл районуна которулуп келип айылдагы мектепте окуу бөлүмүн жетектеп 1973-жылга чейин

жемиштүү иштеген. Мына ушул учурда Университеттин физика-математика факультетине өтүп ийгиликтүү бүтүрөт. Райондук партиялык комитетинин буйругу менен Бейшен аганы «Нива» колхозунун партиялык комитетин жетектөөгө жөнөтүшөт. Колхоздогу саясий иштерди жогорку денгээлге жеткирип Өкмөтүбүз тарабынан баалуу сыйлыктар менен сыйланат. Орден, медалдарга татыктуу болот. Колхоздун правлениясынын өтүкүчү менен колхоздун ревизиондук бөлүмүн башкарууга дайындашат. Өмүрүнүн акыркы күнүнө чейин мекени, эли жери үчүн жигергүү иштеген Бейшен агабыз.

Өмүрлүк жары жеңебиз Калбүбү менен алты уул, төрт кыздуу болушту. Уулдары: Нурадин, Нурадил, Афтандил, Закир, Марсбек, Тимур.

Кыздары: Нуржамал, Айжамал, Гүлжамал жана Гүлзат. Бейшен ага менен Калбүбү жеңени уул-кыздарынын баары жогорку билимдүү, үй-жай күтүшүп очокторунан өз түтүндөрүн булаткан азаматтар. Бүгүнкү күндө 30 (отуз) небере 14 (он төрт) чеберелүү болушту.

«А» -дан баштап ариптерди үйрөттүң,
«Ата атка така как» — деп, сүйлөттүң.
Ак ниетиңде илим-билим бералдың,
Алга үндөп айга карай күүлөттүң.
Айлыбызда кадыр-барктуу Бейшеним!
Кыз узатып, уулдарың үйлөнттүң.

Кастарлап даам таткан эне сүттү,
Келин алып, кыз узатып Куда күттү.
Көргөзүп куда-сөөккө урмат-сыйын,
Кылдаттык менен билим ала бүттү.
Кадырлуу агам Бейшен сыймык эле,
Кылымга тете жашап каска түттү.

Ата-журт койгон шартты бүт аткарды,
Айтылган партиялык кызматтарды.
Ар дайым эл камында жанын үрөп,
Аттиңсиз акыл калчай бүт тактады.
Адилет, калыс карап турмушуна...
Атанын ишеничин бүт актады.

*4[39] 20.09.04.*



# БЕЙШЕН УУЛУ НУРАДИЛ

Нурадил 1960-жылы 1-январда Жайыл районунун Жонарык айылында төрөлгөн. Айылдан он жылдыкты бүтүрүп 1977-жылы борборубуздан К.И.Скрябин атындагы айыл чарба институтунун зоотехния факультетине өтүп аны 1982-жылы бүтүргөн.

Эмгек жолун Жайыл районунун чарбаларында катардагы зоотехниктен баштап, Завферма, селекционер зоотехник, чарбанын башкы зоотехниги болуп иштеген. Кийин райкомпартиянын инструктору. «Бишкек-Ош» жолундагы тунел кызматынын башчысы, 2002-жылдан баштап Сарыкоо айыл өкмөтүнүн төрагасы болуп үзүрлүү эмгектенүүдө.

Үй бүлөлүү, өмүрлүк жары Атыркүл жогорку билимдүү бухгалтер. Балдары Мелис — студент, Азис — Турцияда студент. Рамис менен Эрнистер мектеп окуучулары.

Жаш туруп, турмуш шартын тата билген,
Жүйөөсүз сөзүң болсо ката илген.
Жайдары ачык мүнөз шартылдаган,
Жигит бар агып тураар «балы» — тилден.
Жөндөмү жаратылыш тартуулаган,
Жумушун аткаруучу катар бирден.

Жүзүнөн нур төгүлүп күлүңдөгөн,
Жайдары төргө өтүң деп, жүрүң деген.
Жетектеп чоң чарбанын иштеринде,
Жөнү жок иштер үчүн үңүлбөгөн.
Жашынан бышып бүтүп көп иштерге,
Жан үрөп илгери үмүт түңүлбөгөн.

Жигиттин гүлү ачык шартылдаган,
Жайдары ачык мүнөз жаркылдаган.
Жөн-жайлуу ички сырын толук айтып,
Жана-жан досторундай тартынбаган.
Журтчулук талаптарын орундатып,
Жашынан ар-бир иштин алдын-алган.

*Сары-Челек 8 [08] 31.09.02.*

сүрөө №8 (75)


Жайыл
Теке
Атай
Чыны
Шууруке
Абакир
Аманбек
Жолоочу
Дүйшөнбек
Акылбек
Мирбек
Надыр
Эсенбай
Омурбек
Алмаз
Исмаил
Анарбек
Нурбек
Болотбек
Аалыке
Тургунбай
Тама
Тогонбай
Кудаяр
Үсөн
Ишенбек
Жумабек
Жылдызбек
Русло
Таалайбек
Жаназар
Абдраим
Мамбет
Алыш
Эсенгул
Зарлык
Зарылбек
Зарыбек
Молодокан
Карыбай
Жуман
Сарыбай
Дүйшөбай
Музоо
Аалыбай
Осонаалы
Субанбек
Умөтаалы
Рысбек
Орусбек
Ажы
Эркебалан
Бак
Айдараалы
Калыгул
Ормуш
Келдибек
Айылчы
Жунушаалы
Бектур
Маймыл
Шадыбек
Мамбетаалы
Сүйүнбек
Кубанычбек
Байдолот
Исак
Ашым
Насыркул
Ибраим
Саркучук
Эстебес
Ырысаалы
Ырысбек
Таштанбек
Темирбек

сүрөө №9 (50)


Жайыл
Теке
Чылпак
Саза
Жандараалы
Темирбек
Мамбет
Шамбет
Асел
Жайнак
Усун
Сатай
Бапан
Асанбек
Абдыкалык
Эсенсалют
Касым
Нурдин
Калдыбек
Таалайбек
Чоро
Анай
Садыкул
Байгазы
Алымкул
Исмаил
Чомой
Кучкач
Боржу
Турдубек
Токтогул
Ыман
Жакып
Сарманбек
Өмүралы
Керимбек
Кожобек
Туратбек
Муратбек
Мыйзамбек
Жусупбек
Сагынбек
Медераалы
Алдаярбек
Руслан
Жапаркул
Анаркул
Бакыт
Нурбек
Асимтай
Улукбек
Нурболот
Азамат

## БАПАН УУЛУ АСАНБЕК



Асанбек агабыз Жайыл районуна караштуу Жекен айылында 1925-жылы 2-январда төрөлгөн. Айылда окуп он жылдыкты бүткөндөн кийин 1945-жылы Константин Иванович Скрябин атындагы айыл чарба институнун агрономия факультетине өтүп 1949-жылы бүтүрүп жогорку билимдүү агроном адистигине ээ болгон.

Эмгек жолу өзү төрөлүп өскөн айылына келип катардагы эле агроном болуп иштөөдөн баштаган. Бара-бара такшалган агабыз узак жылдары башкы агроном болуп эмгектенип айыл чарба өсүмдүктөрүнөн жогорку түшүмдөрдү алууга жетишти. Анын акыл эмгегин өкмөтүбүз жогорку баалап көптөгөн Ардак грамота, Эмгек Кызыл Туу ордени баалуу сыйлыктар, медалдар менен сыйланган.

Бүгүнкү күндө ардактуу эс алууда. Асанбек агабыз арыдым-карыдым деп эле жатып албастан Жекен айылдагы аксакалдар сотунун төрагасы болуп үзүрлүү эмгектенген айылдын дөөметтүү да соолоттуу да ак сакалы.

Агабыз өмүрлүк жары менен алты уул Абдыкалык, Эсенсалют, Касым, Нурдин, Калдыбек, Таалайбек (волейбол командасы) беш кыздуу алардан 32 (отуз эки) небере 16 (он алты) чеберелүү болушкан. Жеңебиз «баатыр — эне».

Жерин айдап эгиндерин септирип,
Жерин айдап жер-жемишин эктирип.
Жер тамырын тарткан адам агабыз,
Жер кыртышын үйрөнгөндөн бек билип.
Жети күндүк жамгырыңдан нөшөрлүү,
Желип өткөн суу жакшы деп шекшишип.

Карыса иштен калбаган,
Карайлап жатып албаган.
Калыстык менен караган,
Карөзгөй бүлүк салгандан.
Карылар сотун жетектеп,
Кара ниет ишке барбаган.

Кадырлуу айыл карысы,
Кадырлап турат баарысы.
Кылдаттык менен каралат,
Кыштактан берген арызы.
Калыстык менен текшерген...
Калкынын тапкыс — даарысы.

*6[47] 19.09.04.*

# САРМАНБЕК УУЛУ ӨМҮРАЛЫ

Өмүралы агабыз 1886-жылы Жайыл болушуна караштуу Жекен айылында төрөлгөн. Жаштайынан зээндүү баланы, болуш болуп жүргөн агасы Керимбек Олуя-Ата шаарынан окуп билим алышына өбөлгөсүн тийгизген. Илим-билимге кызыккан Өмүралы агабыз орус тилин да абдан жакшы өздөштүрүүгө жетишип эркин сүйлөй алган.

Окуусун бүтүп келип Карабалта палаасында эмгек жолун баштап ар кандай иштерде сабаттуулугу бааланып чоң кызматчылар менен бирге иштешүүнүн негизинде күндөн-күнгө анын обройу өсө берген. Жаш кезинде эле болуш болуп шайланып эл тагдырын чече билгендерден болгон. Тарыхтагы 1916-жылкы үркүндө, карапайым калың элдин катмарына орус солдаттары күнөөсүз элди кырып-жойот экен деген ушак сөздөр тарай баштайт. Ошондо Өмүралы агабыз карапайым калың элдин алдына чыгып кайрылып эч ким эч жакка качпасын, андан көрө ар ким боз үйлөрүнүн кырчоолоруна ала баканынын тээ укуругунун учуна ак жоолукгун (желегин) байлап, келген орус жоокерлерине нан, туз, айран-сүтүн алып чыгып тосуп алып жөнөткүлө деген үгүт-насыятын үндөгөн. Мындай тынчтыкты каалаган эл-журтка орус калкы тийиштик кылбайт деп, түшүндүрүү иштерин жүргүзүшкөн. Болуш Өмүралы болсо эл кадырмандары менен бирдикте келген орус жоокерлерин достук пейилде тосуп алышып, урмат-сыйын көргөзүп андан нары узатышкан тура. Натыйжада Ашмардан Александровкага чейинки калайык калкка орус жоокерлери тийиштик кылбай эл бейпил жашоолорун улантканына агабыз Өмүралынын салымы чоң деген уламалар бүгүн да айтылууда. Жазыксыз элди бөөдө кыргындан амандесен сактап калууда анын салымы зор.

Мына ушундай эл адамдарын 1929—1930-жылдары көрө албаган кас душмандары кулактыкка тарттырып аргасыздан Орунбургка айдалып кеткен. Акыры акыйкаттык өкүм сүрүп арадан бир жыл өтүп элине кайра келет.

Бирок агабыз Өмүралы 1937-жылы репрессияга кабылып, «эл душманы» катары кайрадан камоого алынат. 1943-жылы каргашалуу катуу оорудан 57 жаш курагында бул жарыкчылык менен кош айтышат. 1955-жылы республикабыздагы ак ниет, ак жүрөк Өмүралы агага окшогондор толугу менен акталып чыгат. Айла канча армандуу дүйнө дегендей бул жакшы кабарды укпай калды.

Өмүралы агабыздан Загида, Алима жана Жанна аттуу кыздары калды. Загима эл агартуу тармагында, Алима менен Жанналар саламаттык сактоо тармагында Бишкек шаарында үзүрлүү эмгектенишээринен кабарлар бар.

Өмүралы атанын даңазалуу кабарын 1972-жылы 87 жашында каза болгон Омор атабыздын өз оозунан укканмын — деп, Адылбек, Абдыкул уулу Жайыл айылы.

сүрөө №10 (63)

Жайыл
Теке
Шорукчу
Мангулда
Бата
Бокой

Саада
Аскер
Акылбек
Таалай

Кадырмахмед
Ахмедкалый
Орозбек
Курманбек
Турсунбек

Сааданбай
Догдурбай
Рафид
Рашид

Турсунбек
Равхад
Равшан

Эсенгелди
Рысбек
Алманбет
Руслан

Сагынджан
Алмаз

Сагынбек
Үсөнбек
Бекжан
Рамис
Алмас
Марлис
Кадыраалы
Бээрман
Токтосун
Мелис
Калыс

Энтермир
Кадыр
Жумадил
Таалай
Канат
Болот

Жумабек
Адыл

Тудо
Чыныбай
Сулайман
Жеңиш
Сагынбек
Турат
Кубат

Чыныбек
Бердибек
Эрнис
Эмил
Абылмажит
Узак

Усуп
Бердибай
Жеңиш
Мелис
Марат

# БЭЭРМАН (МЭЭРМАН) БӨКӨ УУЛУ



Берман мырза 1942-жылы 15-июлда Каракол шаарында төрөлгөн. Караколдо окуп билим алып бойго жетти. Жаштайынан ыр-күлкү оюун-шоокко жакын инсан өз багыты менен турмуш жолун баштаган.

Эмгек жолун жаштайынан жөндөмдүү инсан, Кыргыз филармониясында иштөөдөн баштаган. Узак-узак жылдары республикабыздын атагы таш жарган абройлуу чыгаан актерлору, акын, артис, адистери менен бирге эмгектенип күнөстүү республикабызда ал барбаган айыл кыштак болбосо керек.

Акыркы жылдары Бериман Жетиөгүз, Аксуу. Түп райондорунун маданият үйлөрүн жетектеп таланттуу жаштарга демилгечи болуп, шыгына-шык кошууга жардамдашты Беримандын төрөлгөндө Асан чакырылып койулган ысымы Мээрман экен. Бирок айыл-апа, ага-туугандары Бериман деп жүрүп ошого көчүп кеткени көрүнүп турат.

Мээрман акыркы жылдары "Жайыл баатыр" дастанын жазып аныcы Чүй баяны газетасына 2002-жылы жарык көрдү.

Жайдары мүнөз салуучу,
Жамактап ырдап калуучу.
Жайылдын урпагыбыз деп,
Жылмая жай алуучу.
Жаратканга айла жок,
Жүрөктөн кармап талуусу.

Маданият багында,
Маданий тармак жагында.
Менсинбей иштеп кырк жылы,
Маалим ал жашы карыга.
Мезгилдин талабы менен,
Мамиле түзөт баарына.

Ар кошкон күүнү толгоду,
Алтымышка толбоду.
Ачыгын сүйлөп жаркылдап,
Арманы бүткүс болгону.
Аргасыз аттиң! деп калам,
Ар кимде бар толгонуу.

*$5^{49}$ 22.01.04.*

1959-жылдан 1988-жылга чейин Бээрман мырза Өкмөтүбүз тарабынан республикабыздын маданият тармагында үзүрлүү эмгектенип ондогон Ардак Грамоталар, биринчи даражадагы дипломдор менен сыйланган.

сүрөө №11 (80)


Жайыл
Теке
Шорукчу
Мангулда
Батагуз
Момун
Атаке
Абдрахман
Ашырбай
Иман
Бакай
Жеңиш
Ханафия
Абылмажит
Жумабек
Абакир
Жумабай
Султан
Сулайман
Салават
Сагынбек
Карыбай
Мухамед
Мирбек
Меркул
Дауд
Жумабай
Бейшен
Мажит
Сыдык
Чоро
Арстанбек
Торокелди
Матмуса
Турдахмет
Муктар
Махмедкул
Турсунбек
Курманбек
Эркинбек
Кубатбек
Дүйшө
Ислам
Садык
Давлет
Эркинбек
Жапар
Талапкер
Марат
Нарынбай
Токтогул
Хамид
Тынчтык
Анварбек
Токтосун
Ильяс
Марат
Таалай
Турусбек
Султан
Сапар
Мажит
Сулайман
Мурат
Айвахун
Эркинбек
Кеңешбек
Жеңишбек
Керимжан
Ыбраим
Эркинбек
Эмил
Жаныш
Байыш
Асан
Үсөн
Бакыт
Мухамед
Курманбек
Каныбек
Асылбек
Шапык
Нурлан
Талант



# СУЛТАНОВ МУХАМЕД СУЛТАНОВИЧ

Мухамед агабыз 1911-жылы төрөлгөн. Беш жашка толуп толбой алаамат үркүн башталып 1916-жылы жалпы калайык калк менен Кытайга өтүп кетишет. Албетте жолдогу кыйынчылыктар жөнүндө көптөгөн адабий маалыматтар жазылды, менимче аларды кайталоонун кажети деле жок. Үркүп баргандарды Кытайлыктар деле колун жайып, колтугун ачып тосуп албашы айдан ачык деңизчи. 1917-жылы Кыргызстанда Совет өкмөтү орноптур деген кабар Кытайга үркүп кеткен кыргыздарга да жетип, жаңы орногон бийлик теңчиликти көздөгөн, кедей-кембагалдардын заманы экен деп угушуп, Кытайдан кайра касиеттүү Ысыккөл өрөөнүнө көчүп келишет. Жаңы орногон Совет өкмөтүнүн талабы калайык калктын сабатсыздыгын жоюу экендиги айкындалат. Жашы жеткен өспүрүмдөргө атайын мектептер ачылып, балдар-кыздар акысыз окушуп билим алышууда. Мухамед агабыз да 1924-жылдары мектепке окууга барып окуп илим-билим алып кат сабаты жоюлуп комсомолдун курамына өтүп, Совет өкмөтүн активдүү куруучулардан боло алды.

Алгачкы эмгек жолун жалындаган жаш комсомолец Мухамед агабыз республикабыздын түштүк регионунун Базар-Коргон районунан баштады. Райком комсомолунда бөлүм башчысы болуп тоо арасындагы айылдагы жаштарды комсомолго мүчө болууга үгүт-насыят иштерин жүргүзүү менен бирге, бай-манап басмачылар менен күрөштү күчөтүп, колхоздун курулушуна активдүү катышты. 1930-жылы май айында Мухамед агабызды Борбордук комсомолдун комитети Жети-Өгүз районунун комсомол уюмунун жооптуу катчылык кызматына которушту.

Келечегинен көптү үмүттөндүргөн Мухамед агабыз айылдан алган билиминин жетишсиздигин сезе баштайт. Ошол кезде жаңы ачылган Ташкент шаарындагы Орто Азиялыктардын Коммунистеринин Университетине өтүп билим алат (1930-1932). Бул университетти бүтүрүп келип Каракол райкомпартиясынын инструктору болуп (1933) жылдары эмгектенди. 1933—1935-жылдары Советтик Армиянын курамында кызматын өтөп келди. Армиядан келген агабыз Кыргыз республикабыздын кредиттерди берүү тармагында инспектор болуп (1938-1939) жылдары үзүрлүү эмгектенген. 1939—1941-жылдары борборубуздагы Свердлов райкомпартиясынны үчүнчү, экинчи секретары болуп иштен жүрүп Ата Мекендик согушка мекенди коргоого кетти. 1941-жыл кан суудай агып, өт күйгөн алаамат согуштун азаптуу күндөрү башталганда Мухамед агабыз немистерден эли-жерди коргоо үчүн согушка өз ыктыяры менен арызын жазып алдынкылардан болуп жөнөдү. Мекенди коргоого келген жоокерлерге саясий жактан таалим тарбия берип, коммунистик духта тарбиялоодо агабыздын салымы басымдуу.

Нечен жолу немистер менен бетме-бет кармашкан кандуу согуштарга катышып, алардын сазайын берүүгө жарады. Согушта жараткан эрдиктери үчүн биринчи жана экинчи даражадагы Ата мекендик согуштун ордендерине ээ болду. 1943-жылы кезектеги кармашта эрдиги үчүн Кызыл Жылдыз ордени менен сыйланган. 1944-жылы Москва шаарын коргогондугу үчүн орденин алган. 1946-жылы Германияны жана Японияны жеңгендиги үчүн ордендерине ээ болгон. Андан тышкары согушта женгенибиздин 20-30 ж.б. жылдарында атайын ондогон медалдар менен сыйланган.

Ата Мекендик согуштан аман-эсен келген Мухамед агабыз 1946—1949-жылдары Коммунистик Партиянын Борбордук Комитетинин бөлүм башчысы болуп иштеп жүрүп, 1949—1952-жылдары ЦК КПССтин алдындагы жогорку партиялык школада окуп билимин өркүндөткөн. Жогорку партиялык мектепти бүтүп келип Тянь-Шань областык аткаруу комитетинин биринчи орун басары болуп 1952—1956-жылдары жемиштүү эмгектенди.

Мухамед агабыз 1956-жылдан 1961-жылдар аралыгында Кочкор районунун Коммунистик Партиясынын биринчи секретары болуп алгылыктуу иштерди аткара алды. Иштеги ийгиликтерин өкмөт менен партиябыз учурунда жогору баалап Эмгек Кызыл Туу ордени менен 1957-жылы сыйланган.

1961—1963-жылдары Республикабыздын курорттук эс алуу башкармасынын төрагасы болуп, 1963—1975-жылдары Кыргыз республикабыздын жабдуу боюнча №1 базасынын директору болуп иштерин жүргүзгөн.

Албетте Мухамед агабыз иштеген кызматында эле эмес, ага туугандар арасында да кадыр барктуу, улуулардын урматын, кичүүлөрдүн сыйын көргөн төрүбүздүн куту болду.

Мухамед Султанович Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин мүчөсү болуп Жогорку Советтин эки жолку чакырылышынын депутаты болуп шайланган инсандардан.

## СУЛТАНОВА РОЗА МУХАМЕДОВНА



Мухамед Султанович Каракол райисполкомунда инструктор болуп иштеп жатканда 22 (жыйырма эки) жашта эле. Болуп-толуп турган эр азамат, сүйүүнүн алоолонгон отуна чалынып дегендей өмүрлүк жарына 1933-жылы кеч күздө үйлөнгөн тура.

1934-жылы агабыз Советтик Армияда кызматын өтөп жүргөндө жеңебиз көз жарып Роза аттуу кыздуу болот. Күн артынан күн өтүп дегендей Роза тез эле эс тартып мектептен-мектепке барып 1952-жылы Фрунзе шаарындагы №28 орто мектепти ийгиликтүү аяктаган.

Онду эң жакшы бүткөн эжебиз ошол эле жылы Мамлекеттик Университетинин биология факультетине өтүп аны 1957-жылы кызыл диплом менен бүтүрүп чыккан.

Эмгек жолун Улуттук академиянын ботаника институнда стажировкадан баштаган. 1960—1964-жылдары ошол эле институтта аспирантурада окуп изилдөө иштерин жүргүзгөн. 1964-жылы илимий иликтөөлөрүн ийгиликтүү коргоп биология илимдеринин кандидаты деген ардактуу наамга татыктуу болгон. 1965-жылдан 1981-жылдары илимдер академиясынын биология институнда улуу илимий кызматкер болуп үзүрлүү эмгектенген. 1971-жылдан баштап Фрунзе шаардык кеңешинин депутаты болуп шайланган.

1981-жылдан баштап Ардак даңк ордендүү К.И.Скрябин атындагы айыл чарба институнун агрономия факультетинин кафедрасынын башчысы болуп эмгектенген. Айыл чарба адистерине биология сабагынан таасирлүү сабактарын бере алды. 1996-жылдан баштап кафедранын доценти.

Роза Мухамедовна үзүрлүү эмгектери менен катар Кыргызстандын «Гүлдүү өсүмдүктөрү» аттуу китебинин автору жана Кыргыз Республикасынын флорасы аттуу он биринчи томдугунун со автору. Кыргызстандын дыйканчылык зонасындагы флоралардын аныктагычы, Кыргызстан флорасындагы алколоидтери, Кыргызстандагы өсүмдүктүнүн негизги отоо чөптөрү, негизги дары-чөптөрү, Советтик Кыргызстан энциклопедиясы, Кыргыз республикасынын айыл чарбасынын энциклопедиясы. Оңдогон бир нече томдогон илимий эмгектердин соавтору боло алган. Мындан тышкары студенттер үчүн ондогон-ондогон методикалык китепчелерди чыгарган.

Эженин калеминен көптөгөн илимий статиялар күндөлүк массалык маалымат каражаттарынан жарык көргөн.

Роза Мухамедовнанын эмгегин баалап агрардык университеттин, республикабыздын профсоюздарынын агрардык комитетинин Борбордук Комитетинин, республикабызды элге билим берүү министрлигинин жана Кыргыз республикасынын Жогорку Советинин Ардак Грамоталары менен сыйланган.

Эжебиз өмүрлүк жары менен үч уулдун тогуз неберенин бактылуу энеси жана чоң энеси болуп бүгүн төрүбүздүн бактылуу балпайган куту.

Уулдарынан Марат Акматбекович Жаманбаев 1956-жылы төрөлгөн. 1974-жылы К.И.Скрябин атындагы айыл чарба институтуна өтүп, жогорку билимдүү зооинженердин дипломуна ээ болгон. Илимдин кандидаты.

Эмгек жолун Чүй районундагы Кегети совхозунда катардагы эле ферманын зоотехниктигинен баштаган. Талыкпай такшала эмгектөнүүнүн негиздеринед Ысыккөл районунун акими, Аламедин районунун акими болуп үзүрлүү эмгектенүүгө жетишти.

Акыркы учурларда Кыргыз Республикасынын Президентинин аппаратынын структуралык чоң бөлүмүн жетектөөдө.

Марат үй бүлөлүү, өмүрлүк жары менен төрт баланын бактылуу атасы.

**Асылбек Акматбекович Жаманбаев**, 1959-жылы төрөлгөн. Лениграддагы Оптика жана Механика боюнча таптак институнун бүтүргөн. Техника илимдеринин кандидаты. Бүгүнкү күндө Санкт-Петербург шаарында жашап жана иштеп жатат.

Электротехникалык ири компаниянын генералдык инижинери.

**Эркинбек АКматбекович Жаманбаев**, 1964-жылы төрөлгөн, 1987-жылы Мамлекеттик медициналык институтун кызыл диплом менен аяктаган. Ординатуранын кордиология институтунда өткөн. Америкалык биографиялык институттун Дүйнөнүн лидерлери аттуу китебинин каттосунан өткөн.

Турция өлкөсүнүн ардактуу атуулу, өлкөбүздө башкарууну өнүктүрүү фондунун негиздөөчүсү. Көптөгөн чет элдик уюмдардын мүчөсү, Орто Азия тренинг боюнча башкаруу борборунун төрагасы. Көптөгөн монографиялардын автору.

Үй бүлөлү, өмүрлүк жары менен үч баласы бар.

## ТОКТОГУЛ УУЛУ ХАМИД



Хамид агабыз 1925-жылы 15-августа Ысыккөл өрөнүндөгү Ташкыя айылында төрөлгөн. Агабыздын насибине Ата Мекендик согушка катышууга да туура келет. Немистер менен баатырларча кармашып аларды Берлинге чейин куул барышты. Аман-эсен согуштан келген агабыз жаш муундарга сабак берүү максатында педагогикалык окуу жайына өтүп, аны бүтүрүп чыгат.

Эмгек жолун өзү туулуп өскөн Ташкыя мектебинде мугалим болуп иштөөдөн баштаган. Андан кийин Каракужур өрөөнүндөгү Лахол, Жеркөчкү мектептеринде мугалим болуп эмгектенди.

Тяншандан которулуп келгени Ысыккөл селекциялык станция чарбасында бухгалтер, кассир, зоотехник болуп тажрыйба чарбасында активдүү кызматкерлерден болгон.

Бүгүнкү күндө Хамид агабыз сексен жашты серпээр мезгилге жеткен айлыбыздын кадырлуу ардагери.

Акыл тунук ай Ааламды жооруган,  
Акыл менен ар бир жанды коруган.  
Ардакталган кадырлуунун биридир,  
Армандуугa орун берген боорунан.

Алик алып илбериңки келиң дейт,
Агам Хамид көңүлүнүн тогунан.

Жайылдын Теке уулунан тарагандар,
Жоо жүрөк көп иштерге жарагандар.
Жүз жылдар өткөн менен аралыктан,
Жүйөөлүү Көктө Теңир барабарлаар.
Жан үрөп тууган издеп табыштырган,
Жүзүнөн нуру жанган агалар бар.

Ой тоодой, максаттарды ойлоп келген,
Окутууда институтта сабак берген.
Окутуп келечектүү адистерди,
Орошон окутуучу өрнөк делген.
Окушуп билим алган миңдегендер,
Омоктуу айланса аз түптүү элден.

*$23^{25}$ 2.01.04.*



## ТОКТОГУЛОВА ХАЛИДА

Халида айым Ысыккөл областына караштуу Жетиөгүз районунун Челпек айылында 1941-жылы күркүрөгөн күздө төрөлгөн. Бирок таалайына жараша согуш башталып кетип өлкөбүздө көптөгөн кыйынчылыктарга дуушар болгонун кантип тана алабыз. Айылдан окуп мектептен билим алып онду бүткөндө жүрөгүндө оту күйгөн чыгаан жигит (Чырактык) алакачып кетип «таш түшкөн жеринде оор» — болуп, отуруп калат.

Халида жогорку билимге жетпей калганы менен Казан университетин ийгиликтүү өздөштүрүп бүтүрөт. Бүгүнкү күндө кыздары Шуру, Жибек, Элмира, Мээрим, Жазгүл, Назгүл, Жанара... уулдары Камчыбек, Мыктыбек, Кадырбек... Он уул-кыздардан, отуздан ашык неберелердин бактылуу ата-энелери.

Халида Чырак айылында кадыр-барктуу сөөлөттүү-дөөлөтүү ардагер айымдарынан. Ырдаса ыры, сүйлөсө сөзү куйулушкан үй куту.

Темиржан энебизди тарткан белем,
Теңирим колдоо боло сыры терең.
Теңтуштар арасында «Жаңыл» мырза,
Тең келчү адамы жок, танды берем.
Теректей бойго тете, алп денелүү,
Темтеңдеп көп мырзалар элең-элең.

Ар инсан буйругандай даамын таткан,
Аз эле өзүңүздөй аял заттан.
Аргенден кубулжуган үнүңүз бар,
Акыйкат чындык издеп бакыт тапкан.
Алпеште «баатыр эне» уул-кыздар,
Апалап турса баары дили актан.

Келин-уул кыз-күйлөөлөр, неберелер,
Кудайым куттуу кылган чеберелер.
Кең пейил, ачык айрым эжекебиз,
Керемет балкып кетээр делебелер.
Касиет колдоо болуп кең дүйнөдө,
Кудай да бергенине бере-берээр.

*4[26] 20.09.04.*

## ТОКТОГУЛОВА САГИДА



Хамит кызы Сагида 1949-жылы 16-февралда Ысыккөл областынын Жетиөгүз районуна караштуу Челпек айылында төрөлгөн. Айылда ата-эненин таалим-тарбиясын алып жүрүп он жылдык мектебин бүтүрүп 1966-жылы ал убактагы Фрунзе шаарына келип Мамлекеттик университетинин филология факультетине студент болуп окуусун уланткан.

1971-жылы жогорку билимдүү Сагида өмүрлүк жары менен Кочкор районунан эмгек жолун башташат. Мектепте катардагы эле мугалимдиктен баштап, жашоо, турмуштун ачуу-таттуусун татып, ысык-суугуна тотугуп күндөн-күнгө Сагида тажрыйбалуу мугалим болуп чыга келди. Жаш муундарга сабак берүүдө өзүнүн жеке ыкмасы, методикасын ойлоп тапты, көрсөтмө куралдарды пайдаланып, ачык сабактарды берип, мектептер аралык семинарларда, райондо өз ыкмаларын баяндап акырындык менен анын кадыр-баркы, абройу айылдык мугалимдер коллективинде эле эмес, ата-энелер арасында райондук, областык педагогдор арасында кепке алынды.

Турмуш шартына байланыштуу 1988-жылы Бишкек шаарына келип балдарына карап балабакчадан ишин баштап бара-бара №68 орто мектепке мугалим болуп ишин улантат. Тажрыйбалуу мугалим 1992-жылы коммерциялык колледжге мугалим болуп иштей баштайт. 1999-жылы Кыргыз Улуттук Университетинин «философия жана мамлекетти башкаруу» бөлүмүнө методикалык кабинеттин жетекчиси болуп ишке көтөрүлүп үзүрлүү эмгектенүүдө. Студентер арасында эле эмес пе-

дагогдор арасында да кадыр баркка татыктуу болуп көптөгөн Ардак грамота, баалуу сыйлыктар менен сыйланат.

Сагида студенттерди бөтөнчө кайрымдуу, мээримдүү, боорукерликке үндөгөн инсан. Колунан келишинче ар кимге өз жардамын аянбаган кең пейил, ак көңүлдүгү менен айырмаланган насыятчы. 2003-жылы «АСУУ» — аттуу коомдук бирикме — өкмөттүк эмес уюмду уюштуруп карапайым калаабыздын жарандары өз укуктарын коргой билүүсүн камсыздоо, аларга моралдык, материалдык жактан социалдык жардамдарды уюуштурууга жетишкен. Ошондой эле кароосуз калган балдарды тарбиялап жаткан «Самуел» аттуу балдар борборуна да жардам берүүнү колго алган.

Сагида карындашыбыздын Улан, Урмат аттуу уулдары жана Салтанат, Аселдей кыздары бар. Алды жогорку билимдүү, аркасы студент.

Тарбиялап ачып билим эшигин,
Таалим берээр Жаштар алтын бешигиң.
Тынчың кетип жаның үрөй тырышып,
Түбөлүктүү таасири күч кесибиң.
Талабың күч тарбияңдан татынам,
Тагын айтсам канааттанбайм дечү ким?

Мезгилинде күч-кубатка толгондон,
Манас эмес, Манасбүбү болгондон.
Мелдеш болсо көтөрүп чаап көптөрүн,
Мыйыгынан күлүп карап койгондон.
Мээримдүү жан, кара кылды как жарган,
Максатына жетүү үчүн ойлонгон.

Мугалим — окуучуну карап сындап,
Мугалим — окуучуга сынчы кылдат.
Менсинбей акыл-кеңеш айтып берээр,
Мугалим — насыяты өтө кымбат.
Мугалим — кесиптерин аркалаган,
Маңыздуу сөзүн айтаар абдан ылгап.

*18$^{36}$ 20.09.04.*

## ТОКТОГУЛ УУЛУ ТЫНЧТЫКБЕК



Тынчтыкбек мырза 1952-жылы 22-февралда Ысыккөл областынын Аксуу районунун Челпек айыл өкмөтүнө караштуу Ташкыя айылында төрөлгөн. Башталгыч мектепти айылдан, он жылдыкты Каракол шаарынан бүтүргөн. Бишкек шаарындагы политехникалык институтунун энергетика факультетине өтүп 1974-жылы ийгилкитүү бүтүрөт.

Эмгек жолун. Республикалык энергетика боюнча илим изилдөө институнда кенже илимий кызматкер болуу менен баштаган. Темир бетон заводунун лабораториясында улуу инжинер болуп эмгектенет. 1979-жылдан баштап өзү бүтүргөн институтка мугалим болуп иштеген. 1984—87-жылдары Москвада аспирантурада окуп, техника илимдеринин кандидаты деген илимий даражасын ийгиликтүү коргогон. 1993-жылдан баштап бизнестик иштер боюнча өзүнчө фирманын директору, кийин өз алдынча көз карандысыз инжинерлер тобунун директору.

Үй бүлөлү, өмүрлүк жары Жанетта менен Венера, Чынара жана Медеттердин бактылуу ата-энелери.

Көңүлдүн тереңинен орун алган,
Күпүлдөп сүйлөбөгөн эч бир жалган.
Кырчындай мырза жигит арабызда,
Кыйлалар ашык мүмкүн арман-арман.
Кымындай убактысын бош кетирбей,
Кызматта эли үчүн таңкы заардан.

Иликтеп иштерин көп тереңдетип,
Илимдин кандидаты энергетик.
Ийгилик жаратууга эли-журтка,
Илгиртпей көп нерсени белендетип.
Инвестор менен ишти алып барат,
Изилдеп, иликтеши жалаң тетик.

Тактыкты, тазалыкты жандай көргөн,
Тарыхка, таалимдерге көңүл бөлгөн.
Таасирлүү сүйлөгөн сөз тарбиясы,
Татыктуу ага орун берсе төрдөн.
Талабың тапшырмаңды орундоодо,
Тилеги урук байлап ооба өнгөн.

*7[37] 31.10.02.*

*Сары-Челек коругу*

сүрөө №12 (107)


Жайыл
Теке
Шорукчу
Мангулда
Байынтогуз
Утнаасын
Эльяс
Баалий
Турдубек
Бекеш
Мухамед
Данияр
Данил
Кенежес
Махмеджан
Мукамеша
Каркырабек
Бактыбек
Таалайбек
Кубатбек
Кыргызбай
Жаныбай
Сүйүнбек
Асан
Жаныбек
Тынчтыкбек
Эрнис
Акжол
Тургонбай
Данил
Эльяс
Эльдар
Батнаасын
Солто
Султаш
Токтахун
Жээнбек
Курманбай
Шаба Каба
Анвар
Саака
Доолот
Сулайман
Мухамедшарип
Мелис
Эрнис
Хамза
Турсун
Тынчтыбек
Бактыбек
Туратбек
Болотбек
Азна
Ракымбай
Шакир
Абакир
Абдулла
Абдугазы
Абрахман
Колбай
Мукай
Калый
Макаш
Курманкалый
Абдубалий
Омор
Омурбек
Хамид
Турсунбек
Нурдин
Мухуддин
Адылбек
Болот
Асан
Кубанычбек
Эрмек
Шамил
Раил
Санап
Абыкадыр
Сейдаалы
Кубаныч
Жылдыз
Абда
Асанбек
Адылбек
Акылбек
Турдубек
Туратбек
Үсөнбек
Дүйшөнаалы
Бейшенаалы
Таалай
Бактыбек
Бейшенбай
Тотобек
Айбек
Алмаз
Алтынбек
Асанбек
Касымбек
Аскер
Данияр
Рысбек
Марат
Рыскелди
Сүйүнбек
Абдыбек
Калый
Аалий
Догдурбай
Керимбай

## КОЛБАЕВ МУКАЙ



Мукай агабыз 1922-жылы 1-майда Ысыккөл областына караштуу Челпек айылында төрөлгөн. Айылда мектепте окуп билимин алган учурда каргашалуу Ата Мекендик согуш башталып, 1941-жылдын декабрь айыда алгачкылардан болуп согушка ата-мекенди коргоого аттанды. Секунда сайын от күйгөн согуш майданында ажал менен арбашкан күндөр башталды. Албетте согуш учурундагы ар бир жоокердин башынан өткөргөн күндөрүн эки ооз сөз менен айтып бүтүрө албайсың. Алардын ар бирине экиден том болгон китеп жазсаң да аздык кылаар. Бул жерде бөтөнчө белгилей кетүүчү нерсе агабыздын ичээр суусу, көрөөр күнү бар экен немистер менен беш жыл тынбай согушуп жүрүп акыры аларды Берлинге киргизе кубалап, жеңиш тууларын борборго сайганы эмеспи.

Ошентип Ата Мекендик согуштан аман эсен келген Мукай агабыз айылда бош карап жата албады. Ысыккөл областык аткаруу комитетинин маданий тейлөө бөлүмүнө инспектор болуп иштөөдөн баштаган. Кийин 1946—1947-жылдары областык соодасатык бөлүмүнө текшерүүчү болуп дайындалат. 1948-жылдын март айында Ворошилов атындагы артелдин башкармасынын орун басары болуп ишин улантат. 1948—1949-жылдары Кыргыз керек-жарак коомунун универсалдык соода базасынын төрагасынын орун басары болуп иштейт.

Соода тармагында атайын билимсиз иштөөнүн келечексиздигин элестеткен агабыз 1949—1950-жылдары Москва шаарындагы Борбордук Союздагы жогорку кооператив мектебинин угуучусу болуп өз билимин өркүндөткөн. Аны 1950-жылы июнь айларында бүткөндөн кийин Прежевальский шаарында районаралык базанын директору болуп ишетеген. 1952—1964-жылдары Москвадагы "Кыргызстан" — деп, аталган чарбалык эсептеги магазиндин директору болуп эмгектенген. 1954—1956-жылдары СССР Министрлер Советинин алдындагы Поспредстводо кеңешчи болуп үзүрлүү эмгектенген. 1956-жылдын акырынан баштап Фрунзе шаарында Республикалык Кыргыз чарбалык дүңүнөн (оптовый) соода базасынын жетекчиси болуп ишин уланткан.

Мукай агабыз кайда, ким болуп иштебесин ар дайым өз ишине өтө жоопкерчилик менен караган ак ниеттүү, кең пейилдүү инсандардан болгон. Бирге иштеген эмгекчилер жамаатында кадыр-барктуу, жаштарга насыятчы болгон. Агабыздын үзүрлүү эмгеги Өкмөт тарабынан татыктуу бааланып төмөндөгү сыйлыктар ыйгарылган:

— 1946-жылы Улуу Ата Мекендик согушта Германиянын жеңгендиги үчүн медалы;

— 1966-жылы Улуу Ата Мекендик согушту 1941—1945-ж жеңгендигинин жыйырма жылдыгынын бегилөө медалы;

— 1967-жылы Кыргыз Республикасынын Жогорку Советинин Ардак грамотасы менен;

— 1967-жылы СССР Соода Министринин Ардак грамотасы менен;

— 1970-жылы В.И.Лениндин 100-жылдык юбилейине карата эр, кайраттуулук медалы;

— 1975-жылы Улуу Ата Мекендик (1941-1945 ж) согушта жеңгендигибиздин отуз жылдыгынын урматына медалы;

— 1977-жылы Кыргыз Республикасынын Жогорку Советинин Ардак грамотасы менен;

— 1978-жылы СССРдин куралдуу күчтөрүнүн элүү жылдыгы медалы менен;

— 1978, 1979, 1980-жылдарда социалистик мелдештин жеңүүчүсү деген төш белгиси;

— 1982-жылы Кыргыз Республикасынын Жогорку Советинин Ардак грамотасы менен;

— 1985-жылы Улуу Ата Мекендик согушта жеңиштин кырк жылдыгына карата Ата Мекендик согуштун жеңүүчүсү экинчи даражадагы ордени менен сыйланган.

Колбаев Мукай агабыздын өмүрлүк жары Токтокунова Магрифа 1925-жылы 17-сентябрда төрөлгөн. Агабыз Мукай менен баш кошкон, жогорку билимдүү. Агабыздын иши кайда болсо жеңебиз да ошол жерде өз кесибине байланыштуу иштерди иштеген. 1952—1956-жылдары Москвада ГИТИСте окуган кыргыз жаштарына кыргыз тилинен сабак берип окуткан. 1956—58-жылдары Москвадагы В.И.Ленин атындагы китепканада китепканачы болуп эмгектенген. 1959—1975-жылдары республикабыздагы Улуттук Университетте окутуучу болуп эмгектенген. Жеңебиздин асыл эмгеги Өкмөтүбүз тарабынан жогору бааланып баалуу сыйлыктар, орден, медал, ардак грамоталар менен сыйланган.

Мукай агабыз менен Магрифа жеңебиздин Роза жана Марита аттуу кыздары өз алдынча үй-бүлөлүү. Розанын адистиги педагог (логопед) ал эми Марита болсо Кыргыз республикасындагы Бириккен Улуттар Уюмунун консульствосунун кызматкери.

# БОЛОТОВ АСАН



Асан агабыз 1909-жылы Ысыккөл областына караштуу Аксуу районунун Челпек айылында төрөлгөн. Он жашынан баштап Каракол шаарында жетим балдардын мектеп интернатынан окуп билим ала баштайт. Толук эмес орто мектеп (7 класс) билими менен Каракол шаарындагы мугалимдерди даярдоо мектебинде үч жыл окуп орто билимдүү мугалим болгон. Ал мезгилде жогорку билимдүү эмес орто билимдүү мугалим деги эле сабаттуу адистердин жетишпей турган учуру эмес беле.

1929-жылдан баштап Асан аганын эмгек жолу башталып Ак-Суу районуна караштуу мектептерде мугалим болуп иштей баштайт. 1934-жылы Ташкенттеги Орто Азия республикалар үчүн университетинде беш жыл окуп жогорку билимдүү мугалим болуп келет. Жогорку билимдүү агабызды ошол учурдагы эл агартуу министрлиги Жети-Өгүз районунун элге билим берүү бөлүмүнүн төрагалык кызматына дайындашат. Калайык калктын сабаттуулугун көтөрүү максатында аталган райондо жан үрөп иштеп жүргөндө, батыштан каргашалуу согуш башталып калып отурбайбы.

Асан агабыз да Ата Мекенди коргоо үчүн алдынкылардан болуп арызын жазып, ажал издеген окко аралашып немистик баскынчылар менен кармашын улантты. Асан ага негизинен Сталинградтагы кан күйгөн кармашта болуп жарым метр жер үчүн жарым ай, бир үй үчүн бир жыл каардуу кармашты өз башынан өткөрбөдүбү. Акыры ажал издеген ок жаңылып агабыз оор жарадар болуп алты ай эмканада зорго дегенде сакайып чыгат. Аскердик комиссиядан кароодон өткөрүшүп Асан аганы согушка жараксыз деген бүтүмүн чыгарышып элине жөнөтүшөт.

1943-жылы армиядан келген Асан Болот уулу чарбанын ар кандай иштеринде иштеп жүрүп, акыры “Бурма-Суу” колхозунун башкармалыгына эл шайлап алышат. Колхоздун иши оңолгондон кийин “Кызыл Чолпон” колхозун да оңдоп бериңиз деп ага башкармалыкка шайлашкан. Талыкпай, так калыс иштеп жүрүп 1965-жылы ардактуу эс алууга чыккан.

Согушта жүргөндө Сталинградды бошотуу ж.б. ондогон орден, медалдардын ээси болгон. Кийин чарбада иштеген үзүрлүү эмгектери үчүн да өкмөтүбүздүн грамота, орден медалдарына татыктуу болгон. Уулу Кубан жөнүндө өзүнчө окуңуз.



# КУБАНЫЧБЕК АСАН УУЛУ

Жайыл баатырдын уулу Текенин 1758-жылы Кытайга он үч жашында элчи болуп барган Шорукчунун чөбөрөсү. Кубанычбек Каракөл шаарынын тургуну. Бүгүнкү күндүн талабына ылайык бизнестик, дыйкан-фермерлик иштерин уланткан мырзалардан.

Кубанычбек мырза өмүрлүк жары менен Эрмек, Шамил, Раил жана Санап аттуу уулдары бар. Кудайым берсе жакында катар-катар келиндүү болушуп куда-сөөктүү болооруна талаш жок.

Бетке айтып үзүр-мазар кеңештерин,
Бетке айтып акыл-ойлор кеңешкенин.
Кимдердин ким экенин талдай билген,
Кубантаар жарандан деп элестедим.
Кылымдан-кылымдарга кала берээр,
Каадалуу-касиеттүү керээздериң.

Элинин керегине жарай билген,
Эли үчүн чаңы чыккан кызыл тилден.
Элине кызмат өтөп келе жаткан,
Элинин көксөө оюн дароо билген.
Эмгегин аракетин бүтүн арнап,
Эли үчүн ынтымакка ооба кирген.

Кубаныч инилерден бакылдаган,
Көөдөнгө кубанычын батырбаган.
Кептери уюуткулуу сыры терең,
Керектүү жерге көбүн акылдаган.
Касиет колдоо болгон сөзүн айта,
Керемет сыры менен жакындаган.

*7⁴⁴ 7.09.02.*

## ХАМЗА УУЛУ ТУРСУН



Турсун агабыз 1929-жылы 1-майда Ысыккөл областына караштуу Челпек айылына төрөлгөн. Айылдан орто мектепте окуп билимин алгандан кийин 1947-жылы Фрунзе шаарындагы мугалимдер институтуна өтүп окуп илим-билимин алып, жогорку билимдүү педагогдук дипломуна ээ болгон.

Эмгек жолун Ош шаарындагы педагогикалык институтуна мугалим болуп иштөө менен өзүнүн эмгек жолун баштаган. Педагогикалык институтта келечектин кадырларына билим берип Турсун ага 1954-жылга чейин үзүрлүү эмгектенди. Акыры өзү туулуп өскөн, киндик каны тамган эли-жерине которулуп 1955-жылы келди. Алды менен Челпек айылындагы мектептин катардагы мугалими болуп ишке орношуп кийин окуу бөлүмүнүн башчысы, мектептин директору болуп узак-узак жылдары 1989-жылга чейин үзүрлүү эмгектенди. Челпек айылында Турсун аганын колунан билим албаган инсандар аз эле. Аганын таалим-тарбиясын алган окуучулары республикабыздын туш тарабында түркүн кесип ээлери болуп иштеп жатышат.

Турсун аганын өмүрлүк жары Токтобүбү энебиздин кесиби педагог, өмүр бою агабыз Турсун менен бирге жашап беш перзенттүү болушту. Мугалимдин кесибин аркалап жаш муундарга илим-билимин үйрөттү. Улуу уулдары Тынчтыкбек Каракол шаарында ишкер болуп иштеп, жашоодо. Бактыбеги болсо Челпек айылында, үлүшүнө алган жери-мал мүлкү менен фермердик чарбасы бар. Туратбеги борборубуз Бишкек шаарында өз алдынча ишкер. Кызы Эркин кесиби ата-энесин тартып педагог, үй жайлуу Бостери айылынын тургуну. Кенже уулу Болотбек да Челпек айылынын белдүү фермелеринен.

Турсун аганын жаш муундарды тарбиялоодогу жемиштүү эмгегин райондун, областын, республиканын элге билим берүү башкармалыктары баалап көптөгөн Ардак грамоталар орден-медалдар менен сыйланган. Кыргыз Республикасынын эл агартуусунун отличниги.



## ХАМЗА КЫЗЫ ЖАМИЛЯ

Жамиля эжебиз, 1918-жылы 30-декабрда Ысыккөл областынын Челпек айылында төрөлгөн. Караколдогу педагогикалык окуу мектебин бүтүрүп. 1938-жылы Ново-Вознесенский районунун Ак-Булуң айылында мугалим болуудан эмгек жолун баштаган. 1942—1947-жылдары туулуп өскөн айылындагы толук эмес орто мектебинде мугалим болуп иштеген. 1947—1948-жылдары Прежевальскийдеги désinститутта окуп жогорку билимге ээ болгон. 1948—1950-жылдары Челпек айылындагы мектептин окуу бөлүмүнүн башчысы, кийин директору болуп эмгектенди. 1950—1952-жылдары Аксуу, Прежевальск райондорунда аялдар менен иштөө бөлүмүн жетектеди.

1952—1954-жылдары борборубуз Фрунзе шаарында Кыргызстан Коммунистик Партиясынын Борбордук Комитетинин алдындагы эки жылдык партиялык мектепте окуп билим алган. Бул курсту бүтүрүп барып жогоруда аталган райондо өзү иштеген иш ордуна келип 1954—1956-жылдары эмгектенет. 1956—1958-жылдары Ново-Вознесенский райком партиясынын экинчи катчысы болуп иштеген. 1958—1959-жылдары эл депутататарынын Тоң райондук аткаруу комитетинин орун басары болгон. 1959—1960-жылдары Тоң райкомпартиясынын катчысы, 1960—1963-жылдары Түп райком партиясынын катчысы, 1963—1965-жылдары Түп райкомпартиясынын инструктору, 1965—1968-жылдары Фрунзе шаарында Свердлов райком партиясынын инструктору, 1968—1977-жылдары Свердлов районунда соода бөлүмүнүн №160 чарбалык эсеп магазинин директору болуп үзүрлүү эмгектенип жүрүп ардактуу эс алууга чыкты.

Эмгектеги ийгиликтери Өкмөт тарабынан жогору бааланып, СССРдин жогорку советинин указы менен эмгектеги жараткан ийгиликтери үчүн орден-медал жана Ардак грамоталар менен сыйланган.



## ТУРСУН УУЛУ ТУРАТБЕК

Туратбек мырза 1956-жылы Каракол шаарында төрөлгөн. Жети жашынан мектеп эшигин аттап "А" деген арифтен баштап билим ала баштады "Ленин жолу" атындагы орто мектебин 1973-жылы бүтүрдү.

Окуп орто билимге ээ болгон Туратбек, эмгек жолун чарбалык дүкөндө карапайым жумушчу болуп иштөөдөн баштады. Турмуштун ысыксуугуна тотугуп, ачуу-таттуунун татымын татты.

1974-жылы Россия өлкөсүнүн Тамбов областындагы Мичуринский Мамлекеттик педагогикалык институтуна өтүп, 1979-жылы ийгиликтүү бүтүрүп, жогорку билимдүү педагогдун дипломуна ээ болот.

Жогорку билимдүү Туратбек кийинки эмгек жолун Бишкек шаарындагы №8 техникалык окуу жайында комсомол комитетинин секретары болуп иштөөдөн баштаган. 1979—1981-жылдары Советтик Армиянын курманыда кызматын Ленинград шаарында өтөп келет.

Армиядан келгенден кийин Туратбек Бишкек шаарындагы Биринчи Май райкомпартиясында Лениндик жаштар союзунун инструктору болуп 1981—1983-жылдары эмгектенет. 1983-жылдан баштап 1995-жылдарына чейин республикабыздын Лениндик жаштар союзунун Борбордук Комитетинде бөлүм башчысы, төраганын орун басары болуп үзүрлүү иштерди алып барды. 1995—2000-жылдары АОЗТ "Башкы туристик" фирмасынын директору, 2000-жылдан баштап жоопкерчилиги чектелген ОсОО "Ин туристтин" директору болуп эмгектенүүдө.

Туратбектин комсомол тармагында эмгектенген иштери республикалык комсомол комитети жана Союздук комсомол комитети тарабынан жогору бааланып бир нече жолу Ардак грамоталар менен сыйланган.

Өмүрлүк жары Мамырбекова Атыркүлдүн кесиби борборубуздагы Октябрь районунун мамлекеттик администрациясынын бөлүм башчысы. Улуу кызы Асель финансы министрлигинин адиси, уулу Аскар — студент, кенжеси Жамиля бакчанын бактылуу мүчөсү.

## СОЛТОЕВ СУЛТАШ



Султаш агабыз 1900-жылы Ысыккөл областынын Аксуу районуна караштуу Челпек айылында төрөлгөн. Тагдырдын таш боор кырсыгы, ата-энеден эрте ажырап жетимчиликтин доорун аябай сүргөн инсан. 1916-жылы эл үрккөндө кошо үркүп Кытайга да барып көрбөгөн кордуктарды көрүп келген. Кайра келип Совет өкмөтүнүн орношуна колхоздоштурууга толугу менен катышкан.

1941-жылы Ата-Мекендик согуш башталганда 1942-жылы кетип, 1945-жылы үч жолу катуу жарадар болсо да алты саны аман эсен эли-журтуна кайтып келген. Армиядан келген агабызды айыл тургундары бир добуштан колхоздун башкармалыгына шайлап алышкан. Албетте колунан келишинче, айрыкча согуштан кийинки оор учурда колхоздун өркүндөп өнүгүшүнө өз салымын кошо алды. 1950-жылдан баштап чарбанын мал чарба жагын (ферма) тейлеп үзүрлүү эмгектенген.

Ата Мекендик согушта көрсөткөн эрдиктери боюнча көптөгөн орден, медалдар менен сыйланган.

Султаш агабыздын адамкерчилик сапаты өтө бийик, бир айтканын кайра кайталабаган сөзмөр адам болгон. Андан да көзгө атар мергендигин айтпайсызбы. Далай фрицтерди Берлинди караткан деп калышат көргөн билген фронттук достору. Жаш кезинде өтө шамдагай, айла амалдуу, эр жүрөк инсандардан болгон экен. Көп жолу илберсти тирүүлөй кармап өкмөткө тапшырганын кеп-улагандар бар.

Үй жайлуу болуп, эки уулдуу, эки кыздуу болгон.



## СУЛТАН КЫЗЫ ТУРДУБҮБҮ

Турдубүбү айым 1941-жылы 6-июнда Ысыккөл областынын Аксуу районуна караштуу Челпек айылында төрөлгөн. Айылдан он жылдыкты бүткөн эле жылы Мамлекеттик университеттин экономика факультетине өтүп ийгиликтүү бүтүргөн.

Эмгек жолун Каракол шаарында нан заводунда пландоо бөлүмүнүн башчылыгынан баштаган. Кийин курулуш трестинин башкы экономисти болуп үзүрлүү эмгектенет. 1974—1985-жылдары Караколдогу шаардын аткаруу комитетинин пландоо комиссиясынын председатели, 1985—1994-жылдары шаардын жылытуу базасынын директору болуп иштеп жүрүп ардактуу эс алууга чыккан.

Турдубүбү өмүрлүк жары Азат менен эки уул, үч кыздуу болушту. Улуу кызы Айгүл — «Европа банкында», Жамилия — «Инкомбанкта», кенже кызы Асель — «Доспродбанкта» — үзүрлүү эмгектенүүдө. Уулдары Бакытбек республикабыздын токой чарба тармагында, Жаныбек Дордой ордодо эмгектенет.



## ИЛЯСОВ ДАНИЛ

1949-жылы Ысыккөл областынын Аксуу районуна караштуу Челпек айылында төрөлгөн. Айылда мектепте окуп 1956—1966-жылы он жылдыкты бүтүргөн. Ошол эле жылы ырга шыктуу жигит Кыргыз Мамлекеттик опера жана балет театрынын алдындагы эки жылдык окуусуна өтүп, дүйнөнү дүңгүрөткөн Болот Миңжылкыевдин өзүнөн сабак алган. Аталган окуу жайын бүтүргөн өспүрүм алган билимин бекемдеп өркүндөтүү максатында Москвадагы П.И.Чайковский атындагы консерваториясына өтүп окуган.

Эмгек жолун 1974-жылы республикабыздын опера жана балет

театрында солист болуп иштөөдөн баштаган. Данил бул театрда үзүрлүү эмгектенип бир топ каармандардын ролун өтө жеткиликтүү кылып ойноого жетишет. 1976-жылы Каракол шаарында ачылган атайын музыкалык мектепке мугалим болуп которулган. Жаштарга илим-билим берүү менен бирге өзү да тынымсыз эмгектенүүсүн токтотпойт. Анын репертуарында жүздөн ашык түркүн жанрдагы ар улуттун (орус, казак, татар, калмак, украин ж.б.у.с.) ырлары, романстары, ариялары бар.

Өкмөтүбүз Данилдин эмгегин жогору баалап Кыргыз республикасынын «Эл агартуусунун» отличниги деген ардактуу наамын ыйгарган. Көптөгөн Ардак Грамоталар баалуу сыйлыктарга татыктуу болгон.

Өмүрлүк жары Айнагүл менен Алмаз, Мээрим, Аида жана Айжаркындардын бактылуу ата-энелери.

Аргендей созолонгон үнү терең,
Ар дайым сыбызгыган үнү менен.
Алатоо мекенинде түбөлүккө,
Азыр да эл ичинде шаңшып келген.
Ата-журт калайыкка далбас ура,
Ар улут ыр саптары дайым белен.

Ыр менен келет өмүрү,
Ыр ырдайт иним төгүнбү.
Ыроолоп ырын жаштарга,
Ырларга берет өмүрдү.
Ырахат, бакыт тартуулап,
Ыр менен Данил көңүлдүү.

*$18^{21}$ 12.09.04.*



# АСАНБАЕВ КАСЫМБЕК

Касымбек агабыз 1934-жылы 24-октябрда Ысыккөл областынын Аксуу районуна караштуу Челпек айылында төрөлгөн. 1949-жылы Челпектеги жети жылдыкты, 1952-жылы Каракол шаарындагы Киров атындагы орто мектепти бүтүргөн.

1952—1958-жылдары Москвадагы Бауман атындагы жогорку техникалык окуу жайына өтүп, ийгиликтүү окуп бүтүргөн.

Жаш адис эмгек жолун өзүнүн алган билимине жараша республикабыздагы Тоо кендери боюнча Карабалта шаарындагы №14 п/я тоо комбинатынын лабораториясында катардагы инжинерликтен баштап, бара-бара конструктор, лаборатория башчысы кызматтан утуру жогорулап үзүрлүү эмгектенүүгө жетишти. 1985—1992-жылдары турмуш шартка байланыштуу өзү туулуп өскөн мекенине которулуп келип Каракол шаарындагы ЭТЗ да Рембыттехникада, андан кийин Касым Тыныстанов атындагы Ысыккөл Мамлекеттик университетинде окутуучу болуп ишин улантткан.

Какем эмгек ардагери. «Челпек» агрофирмасында өзүнчө дыйкан чарбасын түзүп алган активдүү айыл фермери. Анын иштеген иштери жаштарга үлгү, кеп-кеңеши насыят.

Аткарган иштери Өкмөтүбүз тарабынан өз учурунда бааланып баалуу сыйлыктар, орден, медаль Ардак Грамоталар менен сыйланды.

Өмүрлүк жары жеңебиз Акай кызы Натаза менен Аскар, Данияр аттуу уулдары жана Адиля аттуу кыздуу болушкан. Куда-сөөк күтүшүп төрлөрүнүн куту.

Темирде кесип темирди,
Теорияга берилди.
Технолог белдүү мекенде,
Туу тута көкө Теңирди.
Так иштеп үлгү көргөзө,
Талыкпай алга теминди.

*18[37] 12.09.04.*

# АСАН АТАДАН ТАРАГАНДАР

Жайыл баатырдын Асан — уулунун 6 (алты) аялы болуп, алардан 18 (он сегиз) уулдуу болгон. Эмесе аларды толук баяндоого өтөлү.

Биринчи аялынан Таштанбек, Чыныбек, Адылбек, Акылбек жана Мырзабек аттуу уулдары төрөлгөн.

Экинчи зайыбынан Нооруз, Атантай, Жоомарт жана Бекбото деген уулдуу болуптур.

Үчүнчү аялынан, жалгыз Каратай аттуу улдуу болот, бирок Асан атанын калган балдары менен уулу Каратайдын балдары барабар болгондуктан бүгүнкү күндө эл арасынад Жайыл баатырдын Асан-Каратайы деп аталышынын себеби ушундадыр. Алыбетте алдын ала аша чапкандай болбойлу ага төмөндө өзүңүз күбө болуп таразалап көрүңүз.

Төртүнчү аялынан: Жаныбек, Ажыбек, Шайбек, Карбоз жана Саза аттуу уулдары.

Бешинчи аялынан тарагандар Боруке жана Байчумак атуу уулдары.

Алтынчы аялын Асан ата 67 (алтымыш жетиге) чыкканда Кетментөбө өрөөнүнөн уулу Каратай кудалашып жашы 14 чамасындагы атактуу бийдин кызын алып келип берип андан кенже уулу Асылбеги төрөлөт.

Эмесе бул аталгандарды бирден чечмелөөгө өтөлү.

Урматтуу окурман! Сиздерди алдын ала эскертүү менен бирге кокус туура эмес маалымат болуп же деги эле бул санжырага кирбей калгандары болсо, шашпай окуп, токтоолук сабырдуулук менен бир колуңуздун ачуусун бир колуңуз менен кармап, уурутуңуздан саал жылмайып анан колуңузга калем-кагаз алып түзөтүү жазып бизге салып жиберүүгө аракеттениңиз. Анткени бул колуңуздагы жашы алтымыштан өткөн үч инсандын он жылдык эмгеги. Алардын бири, өткөн 2002-жылы 1-ноябрда көрөөр күнү түгөнүп Бээрман Бокоев мырза бул жарыкчылык менен коштошту.

сүрөө №13 (49)




Асандын Таштанбек уулунун Курманбайынан Акматынын Жусубу Эркинсай, Ортокайырма айылдарынан биринчи чыккан юстиция кызматкерлеринен болгонун эскере кеткенибиз оң болоор.

сүрөө №14 (42)




Бердигул мырза Жайыл атанын балдарынан чыккан акын катары таанылган инсандардан экенин айтсак мактангандык болбос.

## БЕРДИГУЛ КУРМАНКУЛ УУЛУ

Бердигул мырза 1939-жылдары Панфилов районуна караштуу Ортокайрыма айлында төрөлгөн. Эркинсай орто мектебинен окуп билим алды. Окуп жүргөндө эле мектептеги стенгазетанын бетине ар дайым Бердигулдун ырлары жарык көрүп туруучу. Бул шыгы ага түрткү болуп 1958-жылы он жылдыкты бүткөндөн Мамлекеттик университеттин кыргыз тил адабият факультетине өтүп ийгиликтүү бүтүргөн. Ырга болгон ыгын-шыгын ого бетер күчөтүп жазган ырлары республикалык басма сөз беттеринен жарык көрө баштады.

Бердигул Кыргызстан жазуучулар жана журналистер союздарынын мүчөсү, акын, драматург. Анын калеминен “Желегим”, “Жаңырык”, “Керме-Тоо”, “Үн”, “Ак-момпосуй”, “Жаштык ыргагы”, “Ак Мөөр менен Болот”, “Ак Саткын менен Кулмырза” ж.б. ырлар жыйнактары, дастандары, “Калык”, “Шаршен”, “Карагүл ботом” , “Кожожаш”, “Жайыл баа-

тыр" жарык көргөн. Акыркы учурларды Жайыл районунун Жаңы мезгил деген газетасынын редактору болуп жемиштүү эмгектенген.



Асандан уулу Жайылдын,
Акыны элең айылдын.
Адабият майданда,
Алыска кетип дайының.
Алтымышка чыкканча.
Арбаштың ага кайылмын.

А дебей жазып ырыңды,
Ааламда сермеп кылымды.
Ата Мекен эл-жер деп,
Ачыгын айта сырыңды.
Арбагы колдоор атанын,
Албадың эң бир тынымды.

Алмазың-тукум улоочу,
Алмазың тарых сыноочу.
Артыкбай кызы Байыза,
Алганың абийир кыноочу.
Ага тууган аркада,
Айылдан түтүн булоочу.

*5[31] 22.01.04.*

## САМУДИН УУЛУ НАЙЗАБЕК

Ниязбек мырза 1952-жылы 1-апрелде Жайыл районунун Эркинсай айылын да төрөлгөн. Эркинсай орто мектебинде илим билимин алып 1970-жылы он жылдыкты ийгиликтүү аяктаган. 1970-жылы борборубуздагы политехникалык институтунун куруучулук кесиби боюнча бөлүмүнө өтүп аны 1975-жылы бүтүргөн. Айыл курулуу министрлигинин жолдомосу боюнча Нарын обласындагы Кыргыз курулуш өндүрүштүк бирикмесинде куруучу мастери кызматынан баштаган. 1976-жылы ошол өндүрүштүн жетекчиси болуп дайындалган.

1978-жылдан 1986-жылдары Нарын областындагы Кыргызайылкурулушиндустриянын филиалында директор болуп эмгектенген. 1982—1985-жылдары элдин бир ooздон колдоосу, шайлоосу менен депутат да болуп шайланды.

1986-жылы 13-августа эмгектеги ийгиликтери үчүн СССРдин Жогорку Советинин Президиумунун Указынын негизинде "Эмгектеги артыкчылыгы" медалы менен сыйланган. 1980—1985 беш жылдыктын курулуш боюнча социалисттик мелдештин жеңүүчүсү болгон, ошол эле жылы курулуш министринин коллегия мүчөсү болуп дайындалат.

1981—1984-жылдары Москвадагы Борбордук Ведемстволук ин-

ститутта жетекчи кызматкерлердин курсунда болгон. 1986-жылы курулуш министринин коллегиясынын чечими менен Балыкчыдагы үй курулуш заводунун директору болуп бекитилген. Ошол эле жылы республиканын Кыргызайылкурулушиндустрия өндүрүштүк бирикмесинин директору болуп которулган. 1992-жылдан бери "Кереге" акционердик коомунун генералдык директору болуп үзүрлүү эмгектенүүдө.



Кош тизгинди кере тарткан жүгөнду,
Көрөөр күнү, ичээр суусу түгөнду.
Кырсык экен айла барбы ажалга,
Кирээ болбой эки бирдей үзөңгү.
Кайраттангын, кагылайын Ниязбек,
Көргө бердик, дөңдөн казып түзөңду.

Тагдыр сага татымдарын тар кылып,
Таалим алган Искендерден айрылып.
Турган кезде каргашалуу шум ажал,
Таш боор кырсык Болотту алды кайрылып.
Тагдырга көп таарынбагын "тобба" — де,
Тең тууганың бирдей алды пар кылып.

Түйшөлөбүз, кайгырабыз түнөрүп,
Түркүк болуп кимдер калмак түбөлүк.
Таалайыңа жазылганды көрүү шарт,
Теңирге биз таазим кыла жүрөлүк.
Талый бербе, башты көтөр, Ниязбек,
Татым туздар барда өмүр сүрөлүк.

*10.10.01.*

Ниязбек өмүрлүк жары Роза менен Зайнагүл аттуу кызы, Темирлан жана Нурлан аттуу уулдары бар.

Нурлан 1980-жылы 5-октябрда төрөлгөн жогорку билимдүү куруучу.

Экинчи уулу Лондон шаарында тил боюнча атайын колледжде окуп билим алууда.

Ал эми кызы Зейнегүл болсо улуттук университеттин юридика факультетин бүтүрүп, Лондон шаарында окуусун улантуу менен атайын юридикалык фирмада эмгектенүүдө.

сүрөө №15 (66)




Ноорус атанын Абденинин Өмүрбегинин үч уулу Асей, Сабырбек жана Кадырбеги бар. Сабырбек мырза өмүрлүк жары Жеңиш экөө тең жогорку билимдүү ветеринардык врачтар. Өмүрү бою Жайыл районунда өз адистиктери боюнча иштешип айыл чарба малдарындагы ондогон-ондогон жугуштуу ыландарды жок кылууга зор салымдарын кошкондугун эстен чыгарууга болбойт.

сүрөө№16 (48)




Асан атанын Бекбото уулунун Жайсаңынын Жунушалысынын Амантай аттуу уулунун Мукамбет деген уулу (Макен). Айдар жана Даниярдай уул балдарды көрөт. Макен мектепти жалаң беш деген баалар менен аяктап дароо политехникалык институтунун тоо кендерин изилдөө факультетине өтүп аны ийгиликтүү аяктаган. Республикалык деңгээлдеги кызматтарда үзүрлүү эмгектенди.

## АМАНТАЙ УУЛУ МУКАМБЕТ



Мукамбет (Макен) мырза 1940-жылы 6-июнда Панфилов районуна караштуу Ортокайрыма айылында төрөлгөн. Эркинсай орто мектебинде он жылдыкты эң жакшы деген баалар менен аяктайт. Ошол эле жылы Фрунзедеги политехникалык институттун геология факльтетине өтүп аны ийгиликтүү бүтүрүп чыгат.

Эмгек жолун Ош областы азыркы Баткен областына караштуу Сүлүктү шаарынан баштаган. Катардагы мастерликтен, инжинер бара-бара областык тоолорду жардыруу башкармалыгынын жетекчиси болуп узак жылдары жемиштүү эмгектенген. 1978-жылдары Бишкек шаарына которулуп келип № 37 кесипчилик окуу жайына директор болуп 1990-жылга чейин иштеди.

Өмүрлүк жары Гүлайым менен 1961-жылы баш кошушуп Айдар, Чолпон, Динара жана Даниярлардын бактылуу ата-энелери боло алышты. Неберелери Акбар, Улукбек, Шабдан, Аскат, Алтынкыз, Айтурган, Бегимай, Эркайым, Камилалардын сүйүктүү чоң ата-апа, таенелери.

Жер казып ташын талкан чыгаргансың,
Жер кезип аныктаган чыгаан жансың.
Жеримден алтын, алмаз, акак табып...
Жериңдин байлыгына ынангансың.
Жергеңдин байлыгын бүт даңазалаар,
Жигиттин мырзасы сен кыраандансың.

Элиңдин ырахатын ойлой бердиң,
Элимдин келечегин ойлой келдиң.
Элим деп эчен-эчен кыйындыкты,
Эсепке алып-албай аны жеңдиң.
Эл үчүн күнү-түнү жанды үрөп,
Элим деп кебээрсиген, ооба ээрдиң.

Мекенден «ак-кара» издеп абдан талдың,
Мекендин асылдарын таба алдың.
Миң жылдар жаткан ташын чабыт кыла,
Мармарын миң-мертебе санат салдың.
Мыйзамы табихаттын ошол тура...
Маззасын көрүп-көрбөй өкүт калдың.

*$21^{00}$ 7.04.02.*

# ШАРШЕБАЕВА ГҮЛАЙЫМ



(Мукамбеттин өмүрлүк жары)

Гүлайым айым 1941-жылы 10-ноябрда Ысык-көл районунун Карой айылында төрөлгөн. Айылдан он жылдыкты бүтүрүп келип борборубуздагы медициналык училищадан билим алган.

Эмгек жолун өмүрлүк жолдошу Амантаев Мукамбет менен бирдикте Сүлүктү шаарында эмгектенүүдөн баштаган. Кийин Мукамбет Ош шаарына областык жетекчи болуп которулганына байланыштуу Ошто жашап иштеп калышат. Гүлайым эмгектенүү менен бирге Оштогу педагогикалык институттун биология факультетине өтүп, анысын ийгиликтүү аяктаган. Жогорку билимдүү адис катары Бишкектеги шаардык санитардык-эпидемиологиялык станциянын бактериолог врачы болуп, Республикалык санэпидстанцияда лабораториянын жетекчиси болуп узак-узак жылдары эмгектенген. Эмгеги министрлик, өкмөт тарабынан татыктуу бааланып Ардак граммота, орден, медаль баалуу сыйлыктар менен сыйланган.

Акыркы жылдары Кыргыз республикасынын эксперименталдык биологиялык фабрикасында өндүрүш тармагынын жетекчиси болуп үзүрлүү иштөөдө. Балдары Айдар, Чолпон, Динара жана Даниярдын төрүнүн куту.

Керектүү жерге бардыңыз,
Кеп-кеңеш бере калдыңыз.
Кудайым берип сүйүнүч,
Кыз берип, келин алдыңыз.
Касиет колдоп өзүңдү,
Керемет сарай салдыңыз.

Ийиктей чийген кашыңыз,
Ийилбей өйдө башыңыз.
Ичиңден түтөп көп жылы,
Илгиртпей агып жашыңыз.
Ишенген мырзаң көз жумуп,
Ичилбей калды ашыңыз.

Таң сөгүлүп жаткандай,
Татына сулуу ак маңдай.
Тагдырдын экен буйругу,
Татымсыз калып ак таңдай.
Түнөргөн, түндөр, түйшүктүү...
Таалайды издеп жаткандай.

*8[35] 12.11.03.*

# МУКАМБЕТ УУЛУ АЙДАР



Айдар (Орозобек) мырза 1962-жылы 1-мартта Фрунзе шаарында төрөлгөн. Айдардын балалыгы чоң энеси Гүланда эненин колунда көбүрөөк өттү десек жаңылышпайбыз. Эркинсай орто мектебинен он жылдыкты ийгиликтүү аяктаган. Советтик армиянын курамында кызматын өтөп келгенден кийин университеттин экономика факультетин аяктайт.

Эмгек жолун Карабалта, шаарындагы кант заводунда снабжение бөлүмүндө катардагы адистиктен баштап аны жетектөөгө жетишип жемиштүү ийгиликтерди жаратты.

Өмүрлүк жары менен Акбар, Улукбек, Шабдан аттуу уулдарынын бактылуу ата-энелери.

Орозгерлик баш коштуңар билемин,
Оттон ысык жашоо болуп тилегиң.
Отуз жылы бирге жашоо өткөрүп,
Очор-бачар жашоо демин жиредиң.
Ортоңордо эки уул, эки кыз...
Орозобек уулуң болуп тирегиң.

Балалыгы өттү эне колунда,
Басканынча апасынын жонунда.
Буламыгын даяр кыла беш убак,
Басса-турса бөпөлөөнүн соңунда.
Балам бактым, бактым балам дей берип,
Болушунча тартаар эле бооруна.

Бүгүн токтоо, жаштык-мастык жаш калган,
Белдүү бекем келечектүү жаштардан.
Бар-жогуна акыл калчап толуктап,
Бир мекеме ишин толук башкарган.
Балдарына таалим бере бөпөлөп,
Бардык иши шайкеш келе ашталган.

*9⁰⁷ 1.03.03.*

# СЕЙТАЛЫ УУЛУ МАРАТ

(Асан атанын урпактарынан Биология тармагында илимий эмгегин ийгиликтүү коргогон алгачкы илимдин кандидаттарынан)

Марат мырза 1963-жылы 12 июнда Панфилов районуна караштуу Ортокайырма айылында төрөлгөн. Онунчу классты Эркинсай орто мектебинен аяктагандан кийин Советтик армиянын курамында кызматын өтөп келет. Армиядан келгенден кийин К.И. Скрябин атындагы айыл чарба институнун зоотехния факультетин 1990-жылы ийгиликтүү аяктайт.

Институтту жакшы баалар менен аяктаган адисти дароо эле Москва шаарындагы Бүткүл Союздук мал чарба илим изилдөө институтуна аспирантурасына эл катары экзаменин бергенден кийин кабыл алышат. Аспирантурада Марат айыл чарба малдарынын уругундагы калий, калций, натрий өңдүү заттардын катышын, ошондой эле уруктун сапатын, баалуулугун аныктоо боюнча илимий изилдөө, иликтөө иштерин ийгиликтүү жүргүзүп кандидаттыгын өз учурунда коргоп биология илиминин кандидаты деген ардактуу наамга ээ болот.

Эмгек жолун Кыргыз республикасынын айыл, суу чарба жана кайра иштетүү, министрлигинде жетектөөчү адис болуп иштөөдөн баштаган. Кийин Өкмөт үйүндө вице-премьердин жардамчылыгына которулуп жемиштүү эмгектенүүдө.

Өмүрлүк жары Нурия менен Тилек, Азат аттуу уулардын бактылуу ата-энелери.



Москва дүйнө чырагы,
Москва билим булагы.
Мен деген алаар билимди,
Мекенге күйөөр ынагы.
Менсингенге чарпылбай,
Маратты айтып тыналы.

Бурадар сүйбөс кылыгын,
Билгендер жасаар ырымын.
Бирине-бири жалгашпай,
Билгизбей жасап былыгын.
Бакытты баалап алалбай,
Бут тосоор кыргызчылыгым.

Алсызын ылгап куруттуң,
Асылын тандап уруктун.
Анализ жасай иликтеп,
Ар түркүн уулу улуттун.
Алдыңа койгон максатың,
Аткара алган — улуксуң.

*3[04] 19.11.03.*

сүрөө №17 (80)




Бул сүрөөдө көрсөтүлгөндөй Асан атанын Бекбото уулунун Жетибайы Ысман, Алымбек, Арай жана Сыдык аттуу төрт уулдуу болот.

## СЫДЫКОВ АШЫМ



Ашым мырза Чүй областынын Панфилов районуна караштуу Ортокайрыма айылында 1939-жылы төрөлгөн. Эркинсай орто мектебинде билим алды. Турмуш шарты Ашымдын жогорку окуу жайынан окуп билим алуусуна өз кедергесин тийгизбей койгон жок. Мектепти бүткөндөн кийин эле чарбанын айыл чарба иштерине аралашып жашоонун ачуу-таттуусун эртерээк татып калды.

Ашымдын мүнөзү токтоо, өтө салабаттуу куйкум сөздүү, көзү оттой жайнап жолукканда сүйкүмдүү жадырап- жайнап учурашаар эле.

Жүйөөлүү сөздү бекем түйөөр эле,
Жүзүнөн нур жайыла күлөөр эле.
Жөнөкөй, жопжош болгон классташым,
Жөнү жок мактап-жактап жатат дебе.
Жайдары жалындаган кайран мырза,
Жер эне сиңип барат курган дене.

Окудук мектебимде бирге жүрүп,
Ойнодук ак чөлмөктү бирге күлүп.
Ортокайрыма менен Эркинсайда,
Орошон жаштыктардын доорун сүрүп.
Опосуз бул шум ажал жулуп кетти,
От сымал жүрөк күйүп, салып бүлүк.

Көзүнөн оту жанып балбылдаган,
Кездешпес бул жашоодо ар бир жандан.
Кадырын билген жандар күбөө болоор,
Кебимдин кокус болсо бири жалган.
Кантебиз кокус эле суук кабар,
Көз жумду кайран досум арман-арман.

*$10^{00}$ 4.11.03.*



# СЫДЫКОВ БАКЫТ АШЫМОВИЧ

Бакыт мырза Чүй областынын Панфилов районуна караштуу Ортокайрыма айылында 1965-жылы төрөлгөн. Айылда ата-энесинин тарбиясын ала Эркинсай орто мектебин аяктагандан кийин толкуган жаштар менен бирдикте жогорку билим алууну көздөп борборубуз Бишкек шаарына келип физкультура жана дене тарбия институтуна өтүп ийгиликтүү аяктаган.

Бакыт институтту бүтүргөндөн кийин жаш муундарды тарбиялоодо өз салымын кошо алды десек жаңылышпайбыз. Кийинки жылдары республикабыздын өзгөчө кырдаалдар министрлигинин курамында эмгектенип Сокулук районунда анын жеткчиси болуп иштейт. Бош убактыларында спорттун акыл менен иштөө тармагына көбүрөөк көңүл буруп шахматка кызыгат. Шахмат боюнча «мастерлик» нормасын толтурган.

Азыр сен отуз сегиз кырындасың,
Алоолой жашчылыктын ырындасың.
Ага-ини, эли-жериң, мекен үчүн.
Арбалып аруу сезим сырындасың,
Алдыда койгон максат орундалып.
Айбаттуу кылыч сымал кынындасың.

Азбы-көп жаштыгыңды жойлодуңуз,
Арзыырлык рахатта тойлодуңуз.
Алынып ата мекен иштерине,
Аларга кайдыгер ой болбодуңуз.
Арзыбас иштер менен алек болбо,
Алдыда зор максат бар ойлонуңуз.

Алсызга көксөө болгон мүрөк суусуң,
Арбашкан каршылашка жеткис туусуң.
Адамдык касиетиң ыйык кармаар,
Ашымдын уулу Бакыт бактылуусуң.

*11$^{41}$ 4.11.03.*

# СЫДЫК УУЛУ АШЫМАЛЫ



Ашымалы мырза 1940-жылы 7-ноябрда Панфилов районуна караштуу Ортокайрыма айылында төрөлгөн. Орто мектепти Эркинсай орто мектебинен бүтүргөндөн кийин республикабыздын ички иштер министрлигинде катардагы кызматкерден баштап милициянын подполковниктигине чейинки чиндин ээси болгон. Участкалык милиция кызматында, инспектор, улуу инспектор жетекчинин орун басары болуп үзүрлүү эмгектенди.

Иштеп жүрүп билимин өркүндөтүп университетти сырттан окуп бүтүрүп жогорку билимдүү адис боло алды. Иштеген ишиндеги ийгилик, кемчиликтерди газета-журналдарга үзбөй жазып жүрүп калеми төшөлгөн журналист да боло алды. Кыргыз республикасынын журналистер Союзунун мүчөсү. Ашымалынын калеминен жаралган ыр саптары да райондук, республикалык газеталарга үзбөй жарык көрүп турган. Белди бууп чыгынса ырлар жыйнагынын жарык көрүшүнө шек жок. Бүгүнкү күндө ардагер, фермер, айылдын кадырлуу насыятчы, кеңешчиси.

Өмүрлүк жары Каныкей менен Сапар, Эльмира, Жапар жана Гопал аттуу балдарынын бактылуу ата-энелери, неберелери Эрмек, Эржан, Элнура, Айпери, Айжан, Нуржамал, Жеңишбектердин сүйүктүү чоң ата-апалары.

Айттырбай билээр дили бир,
Арбашуу ар ким дилидир.
Ага-ини кадыр барктаган,
Ал дагы төрттүн биридир.
Артынан түшүп кылмышты,
Ачканы толо бирме-бир.

Ички иштер тармагын,
Илгиртпей көпкө кармадың.
Ирээтке салып көп жылы,
Ириген менен ар жагын.
Ийгилик иштер көп болуп,
Иштетти фермер чарбагын.

Турмуштун татып татымын,
Так иштеп ишти катырдың.
Териштире, текшерген,
Тындыгың айтып жатырмын.
Ташмат сымал таймашса...
Татымын даана татырдың.

*4.07.02*

# БЕККОЖО УУЛУ САТАР



Бекбото атанын Жетибай уулунун Ысманы эки уул балалуу болгон Чотубай, Беккожо деген. Беккожонун Сатары өз мезгилинин чыгаан уулдарынан болуу менен колунан көөрү төгүлгөн уста, да болду. Колундагы үч уулунун улуулары Ортокайрыма айлына барып дыйканчылык иштерин колго алышууда.

Сатар мырза, Панфилов районунун Ортокайрыма айылында 1939-жылы төрөлгөн. Айылдан он жылдыкты алдыңкылардан болуп аяктап келип борборубуз Бишкектеги К.И. Скрябин атындагы айыл чарба институнун механизация факультетине өткөн.

Сатар кара сөздү эле эмес, ырды да катыра жазган акын да болуп чыга келди. Өкүнүчтүү жери жазган ырларын өзүнчө жыйнак кылып чыгарбаганы болуп отурат. Бүгүнкү күндө Сатар мырза өз уулдары менен фермерлик иштерин колго алып үзүрлүү эмгектенүүдө. Өзүнүн жеке менчигине эгин чабуучу комбайын трактор, жүк ташуучу, жеңил автоуналары бар белдүү фермер. Уулдары өзүнө тийген 10 гектар жерин иштетип жылына мол түшүмдөрдү алышууда. Акыркы учурларда малды бордоп багууга көбүрөөк коңүлүн буруп иш алып баруда.

Үй бүлөлү, өмүрлүк жары Бейшегүл экөөнүн төрт уулу, 7 неберлеринин бактылуу ата-энелери.

Коногу куунап төрүнөн,
Колунан көөрү төгүлгөн.
Ким десең? Сатар мырза бар,
Кырктарда эле өңүнөн.
Каалаган ишин аткараар,
Кыйладан кыйын көрүнгөн.

Мыйзамын тилеп чоңдордон,
Магазин ачып борбордон.
Мыйыгынан жылмайып,
Менсинбей иштер ондолгон.
Маанилүү сүйлөп ар дайым,
Маашырлана зор болгон.

Карегин албай боюунан,
Кастарлап тураар оюунан.
Келинчеги Бейшегүл,
Кыз-жибектей чойулган.
Кадырлап жоро-жолдошту,
Каз таман согум союулган.

Балдары бойго жетилип,
Беккожо уулу дедирип.
Баба дыйкан жер айдап,
Баар таап, кетпей чекилик.
Бош боло калса убара,
Балалык күндөй секирип.

сүрөө №18 (25)

Жайыл

Асан

Бекботонун Белекке жана Боке уулдарынан тарагандар төмөнкүлөр:

Белекеден

Табылды

Акмат

Ытан

Кулчубай

Бообек — Аалы

Саадак

Болот

Тилек

Мердиас — Алмирбек

Талас

Мединбек

Мирмукамбек

Диаз

Боке

Шайылда

Абыке

Бектен

Кубат

Мурат

Таалай

Сабырбек

Салбар

Төмөндө Бекботонун чөбөрөсү Аалынын Бообеги жана анын уулдары Мердиаз ошондой эле Мирмукамбек жөнүндө маалыматтарды берели.

## АЛИЕВ БООБЕК



Бообек аксакал 1907-жылы Панфилов районуна караштуу Ортокайырма айылында төрөлгөн. Айылдан мектепте билим алып 1928-жылдары комсомолдун катарына кабыл алынып колхозго секретарлык кызматта иштей баштаган, кийин партиялык ячейканын катчысы болуп иштеп жүрүп 1932-жылы партияга мүчө болуп өтөт. 1933—35-жылдары Фрунзе шаарында атайын партиялык мектепте окуп билимин өркүндөткөн. 1935-жылы Жалалабад областындагы Кызылжар партиялык комитетине инструктор, 1936-жылы Алабука райкомпартиясынын экинчи катчысы, 1939-жылы Тяншан обком партиясынын инструктору, 1940-жылы Акталаа райком партиянын кадрлар боюнча секретары, 1941-жылы ошол эле райондун прокурору болуп дайындалган. 1942-жылы Талас областында Буденый районунун прокурору,

1946-жылы Панфилов райкомунун инструктору, 1947-жылы өзү туулуп өскөн колхозу «Ортокайрыманын» башкармасы болуп дайындалган.

Өмүрлүк жары Рапия эне менен Лена, Мердиаз, Талас, Мединбек. Бердигүл, Салилай жана Мирмухамбектердин бактылуу ата-энелери.

Теңир тоо тоосун төрлөөдүң,
Тектирлей өзөн өрдөдүң.
Тапшырган ишти аткарып,
Турмуштан нени көрбөдүң.
Татканың таттуу бал кымыз,
Теңирим буйруп бергенин.

Партия буйруп Таласка,
Прокурор болдуң Таласта.
Тарбия таалим бердиңиз,
Тартипсиз мыйзам талашса.
Түзөлүп кетти көптөрү,
Тартипсиздери таң аша.

*7.01.04.*



## БООБЕК УУЛУ МЕРДИЯС

Мердияс мырза 1938-жылы 24-январда Панфилов районуна караштуу Ортокайрыма айлында туулган. Эркинсай орто мектебин жакшы деген баалар менен аяктап борборубуздагы политехникалык институна өтүп, аны ийгиликтүү аяктаган.

Өндүрүштүн ар кандай тармактарында иштеп иш тажрыйбасы артып кыргыздын алдынкы катарындагы чыгаан уулдарынан болуп техника жагына кеңири иликтөө-изилдөө тажрыйбаларды үзгүлтүксүз жүргүзгөн. Натыйжа жаман болгон жок жыйынтыгында техника илимдеринин кандидаттыгын ийгиликтүү коргоп илимий даражага татыктуу болгон.

Өкмөтүбүз техника тармагындагы эмгегин өз убагында баалап республикабыздагы завод свердлого директор болуп дайындалган. Узак жылдары жетекчилик ишин жүргүздү.

Өзгөчө белгилей кете турган нерсе Мердияс мырза Жайыл баатырдын уулу Асандын тукумунан чыккан алдынкы техника боюнча илимдин кандидаты эле. Өмүрү кыска экен шум ажал арабыздан алып кетти, докторлук иштерин коргоого алып чыгаар мезгилинде.

Жеңебиз Эркин айылда миң келин болсо ошолордун эң биринчи-

си десем жаңылышпасмын өмүрлүк жарынын фамилиясын алган. Мына уШунун өзү да сый-урматтын, акыл эстүүлүктүн бир белгиси эмеспи.

Өмүрлүк жары Эркин жеңебиз Кыргыз Республикасынын депутаты, байпак токуу фабрикасынын директору. Алардын Алмир, Гулмира, Асыл жана Айша аттуу уул-кыздарынын ата-энелери.

Жаш кезинде айылдагы боз улан,
Жоортоктоп ойун салса-, көк тулаң.
Жеткиликтүү билимдүүдөн болоалды,
Жигиттерден жибектей ал чоюлган.
Жанын үрөп аткарууда аракет,..
Жүйөөлүү сөз чыгып калса оозуңан.

Жылдызы пешенеден жадыраган,
Жигиттин гүлү эле магдыраган.
Жексурлар көралбастык кылды окшойт,
Жашоосун тагдыр ага аз кылалган.
Жамандап, жагалданган гөр пенделер,
Жагымсыз бул турмушта ар кыл адам.

## БООБЕК УУЛУ МИРМУКАМБЕК



Мирмукамбек мырза Панфилов районуна караштуу Ортокайырма айылында төрөлгөн. Айылдан он жылдыкты бүткөндөн кийин борборубуз Бишкек шаарынан политехникалык институнун инжинер архитектор бөлүмүн аяктаган.

Эмгек жолун курулуш тармактарында эмгектенип жүрүп акыркы учурларда Жайыл районунун архитектура боюнча мекеменин жетектеп узак жылдардан бери үзүрлүү эмгектенүүдө. Бирдей эле учурда Жайыл районунда акимдин орун басарлык милдетин да аткарууда. Кыргыз Республикасынын эл Өкүлдөр жыйынынын депутаты.

Жайыл баатырдын эстелигин тургузууга кошкон салымына баа жеткис десек ашыкча болбос, анткени эстеликтин пайдубалын түптөп анын тургузушу толугу менен Мирмукамбектин көзөмөлү астында бүткөнүн баары эле биле бербес. Өмүрлүк жары экөөнүн Диаз аттуу уулунун жана кызынын бактылуу ата-энелери.

Абройлуу эл-журтумда чыгаан жан,
Аста сүйлөп билимдүү бар чыгаандан.
Акимдердин орун басар ишинде,
Архитектор шаар көркүн чыгарган.

Ат көтөргүс эмгеги бар калкына,
Айтса бүткүс айылдык жаш кыраандан.

Демге-демөөр эл колдогон сыйында,
Дабаа болоор ишиң калса кыйында.
Дыйкан-фермер абалына жардамдаш,
Депутат ал эл өкүлдөр жыйында.
Даттангандын дартын дароо чечмелейт,
Догурунган арзыбас бир тыйынга.

Эл ичинде эссиздерге жаны ачып,
Эртели кеч эли менен жанашып.
Эринбестен териштире тактаган,
Эл мүдөөсүн аткарууда таң ашып.
Эмгекчинин жашоо шартын ойлоно,
Эл өкүлдөр жыйынында талашып.

*5[46] 5.11.03.*

сүрөө №19 (74)

Жайыл
Асан
Бекбото
Коондуктан:

Коондук атанын Кадырбай, Иманкул, Жумаш жана Осмоналы деген уулдары болгон. Төмөндө ошолордун таралышына кайрылалы:

Кадырбай
Султаналы
Үмөталы
Кадырбек
Дүйшеке
Райымбек
Бакыт
Мурат
Марат
Кубан
Кубаныч
Белеке
Бектен
Темиши
Улан
Бекзаада
Абдыкалык — Алымбай, Алтынбек, Садыбакас
Сабырбек
Эсенбек
Абылашым
Эрик
Эмил
Азамат
Асан
Нургаазим
Жеңишбек
Жумабай
Айдар

Иманкул
Исмаилбек
Жылышбай
Хабидулло
Баатыр
Курманбек
Муратбек
Каныбек
Калыйнур

Жумаш
Кожобай
Төлөн
Казак
Мухамед
Аман
Аманкелди
Таалай
Көчкүн
Жумабек
Медет
Догдурбек
Болотбек

Осмоналы
Бердигул
Бердалы
Молдалы
Касым
Насыр
Нургазы
Борис
Медет
Мекен
Болот
Асан
Сатар
Сакин
Сапаш
Болот
Темиркул
Султан
Ишенбек
Иманбек
Үсөнбек

Бул сүрөөдө көрсөтүлгөндөй Коондуктун Кадырбайынын Султаналы жана Үмөталы деген эки уулу болгон. Үмөталынын улуу уулу Кадырбек көзгө атар мергендиги менен өзгөчөлөнгөн мырзалардан. Ал эми Райымбеги болсо бүгүнкү заманга шабкеш келген, жашоонун ысык-суугуна каныккан инсандардан.

сүрөө №20 (70)




Жоомарттын Кудайберген, Калча жана Жаркынбай аттуу үч уулунан маалымат берүүгө аракеттенели:



Урматтуу окурман жогорудагы №20 сүрөөдөгү Кудайберген атанын балдарынын тарашынан азыноолак болгон маалыматты берүүгө аракеттенели. Токо уулунун Насыралы, Кадыркул, Момукул жана Керимкул аттуу уулдары болгон.

Насырлыдан Сейит, Алтымыш, Иса жана Замирбек.

Тарыхта Талкан бийдин тукумдары Ала-Тоонун бул жагы Ала-Арча өрөөнүнөн башталып, Сокулук, Аксуу , Карабалта, Чоң-Кайыңды, Чолоккайыңды, Жартыкайыңды, Чорголу, Аспара, Мерке, Кайнар, Мунке, Короготу өрөөндөрүндө Олуяатага чейин орун алышкан экендиги маалым.

Жоомарт атанын Кудайбергенинин Токо, Акмат, Мамбет, Шамбет жана Жуматай аттуу беш уулу болгон. Токодон Насыралы, Кадыркул, Момукул жана Керимкулдар төрөлгөн.

***Токо*** өз заманынын илим-билимдүү, адамкерчиликтүү, уюштургуч эл оозуна алынган мырзалардан болгон тура. Мындай асыл сапаттарын баалаган калайык калк Токону бий кылып шайлап алышкан.

Панфилов районундагы Чоңкайыңды өрөөнүнө жанаша күн чыгыш тарабында кичи Сарыбулак өрөөнчөсү жатат. Токо бий мына ушул өрөөндөн чыккан булакты мекендеп адыры-түзүн айдатып арпа, буудай, таруу эктирип дыйканчылыкты жакшы өздөштүрүп кары-картаң айылападагы жетим-жесирлерге абдан каралашкан кең пейил мээримдүү инсан тура. Ошо сарыбулактан уланган дөңсөөгө эгин эгип өстүргөнү элге белгилүү, ал эл оозунда "Токонун жону" — деп, аталып калган. Булакты бааналап үч бөлмөлүү үй салып аны актатып койгон экен. Бул үй керек болсо улуу жибек жолунан (таш жолдон, темир жолдон) Ала-Тоонун этегине көз жүгүрткөндө узактан тоо боорунда апапак, (жумурткадай) болгон ак там көрүнгөн. Панфилов, Жайыл райондорунун эски кадырлуу адамдары "Токонун ак тамы" — деп бүгүнкү күндө да айтып жүрүшөт. Бирок эскере кете турган нерсе бүгүн ал ак тамдын карааны көрүнбөй калган. 1950—1960-жылдарда узактан ак тамдын караанын биз да көрүп калдык.

Мына ушул ак тамга жакын жерде мал сарайы, булактан чыккан сууну байлап көлмө курдуруп ага өрдөк, каздарды багып өстүргөн тура. Ошол учурда уезден келген "төрөлөрдүн" — көбү Токо бийдин апапак болгон хан сарайында чай-пайлашып, эс алып рахаттанышчу экен. Орустар (Меркеден, Карабалтадан) көп келишип алар менен Токо бий жакшы мамиледе болгон деп эл арасындагы кептер бар. Өзүнүн кенже баласы Керимкулду Меркедеги ошол орус тааныштарына берип орусча окуткан экен.

Токо бий, бийликтен түшкөндөн кийин да анын эл арасында бий аты өчкөн эмес, анткени ал элдик киши болуп эли-журтуна көп каралашкандыгынын далили болуш керек. Ал эле эмес, кийин Совет өкмөтү орноп байларды тап катары жойуу башталып аларды "кулактыка" тартканда, айылдык кадырлуу аксакалдары Максымаалы, Сыдыгалы өңдүүлөр жалпы эл менен Токо бийди балдары менен бирге коргоп кулактыка тарттырган эмес экен. Алар ачык эле айтышып:

— Ооба Токо бий болгон, бай болгон, бирок байлыгы элдики болгон дешип. Токо бий, өз элин дайыма дан менен камсыз кылып каралашканы анын кең пейил, мээримдүүлүгүн калайык калкы, кадырына жете билишкен.

Токо бий болгон,
Токо бай болгон.
Таруу, буудай айдатчу,
Тоо койну толгон.
Тырыштырбай, бул байлыгын,

Тоголок жетим-жесирге бөлүп берип койгон деп, ал жөнүндө эл арасында бул ыр саптары бекерге токулбаса керек.

## ТОКОЕВ ИСА НАСЫРАЛИЕВИЧ

Токонун Назыралысынан төрт уулунун бири Иса.

Иса мырза Панфилов районуна караштуу Ортокайырма айылында төрөлгөн. Республикабыздын искусство, маданият тармагында узак жылдары үзрлүү эмгектенди. Бул эмгеги Өкмөтүбүз тарабынан жогору бааланып, «Кыргыз республикасынын маданиятына эмгеги сиңген кызматкер» деген ардактуу наам ыйгарылган. Кыргыз Республикасынын мыйзам чыгаруу палатасынын депутаты. Кыргыз республикасынын элдердин достугу ассамблеясынын төрагасы. Жайыл баатырдын Асан уулунун чөбөрөлөрүнөн.



Мыйзамын иштеп элинин,
Мыйзамын тактап жеринин.
Мыйзамдуу болсо экен деп,
Мыйзамдуу таанып теңирин.
Мырза бар бизде Исадай,
Мыйзамсыз жагын жээридиң.

Атанын жолун жолдогон,
Атанын ишин колдогон.
Атуулдар чыкты арада,
Андайлар бизде ондогон.
Ата ишин алга жылдыраар,
Арзырлык жагын болжогон.

Талабын элдин карашкан,
Талабын элдин талашкан.
Тынымсыз элдин ишинде,
Татыктуу жагын самашкан.
Тилеги-элдин жыргалы,
Тактыкка дайым таң ашкан.

*$22^{33}$ 19.03.02.*

## КАДЫРКУЛ УУЛУ ЖҮЗҮМКУЛ



(Токо атанын Кадыркулунун Жүзүмкул, Сейитбек аттуу уулдары болгон. Жүзүмкулдан Мерлис, Болот, Асан, Дуулат жана Азамат)

Жүзүмкул агабыз 1913-жылы Панфилов районуна караштуу Ортокайрыма айылында төрөлгөн. Айылдагы мектепти бүткөндөн кийин Олуятага окууга барып бир жыл окугандан кийин Токмок шаарындагы мектеп интернатына 1927-жылы келип кирет. Бул мектеп интернатта Кыргыз эл акыны Абдурасул Токтомушев жана Алыкул Осмоновдор менен бир класста бир партада отурушуп окуп билим алышкан. Интернатта окуган балдардын арасында бул келечегинен көптү үмүттөндүргөн өспүрүмдөр окуучулар жайкы эс алуу учурунда кайда-эс алат деген маселени ошол кездеги райондук партия уюмунун уюштуруу бөлүм жетекчиси Төлөгөнов Садыкка кайрылышкан (Кыргыз эл жазуучусу Жалил Садыковдун атасы). Мындай жүйөөлүү маселени туура чечкен такшалган жетекчи окуучулардын жайкы эс алуусун Октoркой жайлоосунда эс алууну уюштуруп берген. Окуучулар жөн жатпай жайлоодо малчыларга ойун койуп, концерттерди уюштурушкан.

Кийин мектеп интернаттагы окууларын бүтүп, ар кими ар башка окуу жайларынан окууларын улантышкан. Алыкул Осмонов педагогикалык, Жүзүмкул агай айыл чарба техникумдарына өтүшкөн. Айыл чарба техникумун 1933-жылы бүтөөр менен ошол эле жылы жаңы ачылган айыл чарбасы боюнча зооветеринардык институтуна биринчилерден болуп өтүп аны ийгиликтүү аяктаган, айыл чарбасы боюнча алгачкы жогорку билимдүү окумуштуу зоотехник адис болгон.

Жүзүмкул агабыз эмгек жолун алыскы Тяньшандагы Акталаа районунун айыл чарба башкармалыгын жетектөөдөн баштаган. Андан Фрунзе областынын айыл чарба башкармасын жетектөөгө которушкан. Айыл чарбасында тынымсыз изденүүлөр менен аракеттене эмгектенип элижери үчүн болгон аракетин, ак эмгегин аянган жок. Бул үзүрлүү эмгеги текке кетпей жаш адистин абройуна андан бетер кадыр баркын көтөргөн.

Мезгил закымдан өтүп, кан күйгөн алаамат Ата-Мекндик (1941-ж) согуш башталып кетти. Жүзүмкул ага кызмат абалынан пайдаланып кылтыйып жатып албады, ошол кезде республикабыздын коммунисттик партиясынын борбордук комитетинде жооптуу кызматта иштегенине карабай биринчилерден болуп ыктыяры менен арызын жазып мекенди коргоого аттанды. Элибизде “Эр жигит эл ичинде, жоо бетинде” — демекчи, душмандан ата-мекенди коргоо негизги максаты болду. Неместик баскынчылар менен агабыз — Украина-4, Үчүнчү-Белорус фронтунда экинчи гвардия артиллериялык двизиянын Башкы коман-

дасынын батарея командири болуп душмандар менен далай салгылаштарды башынан өткөрбөдүбү. Немистер чегинүү учурларда бүт болгон аракетин жасашып айрыкча асмандан самолёт менен бомбалоого өтүштү. Кезектеги авиобомбалоодо түшкөн бомбанын осколкасынан контузия болуп оор жарадар болду. Республикабыздан мекенди коргоо үчүн 363144 жоокер катышып 154000 кайтып келбей курман болушту. 2004-жылга болгону республикабыз боюнча 13 миң (он үч) согуштун катышуучусу эле калганынан кабарлар да бар.

Жүзүмкул Кадыркул уулу Берлинге чейин жеңиш туусун сая албаганы менен, алты саны аман-эсен эли-жерине кайтып келип күч-кубатын топтоп кайрадан республикабыздын эл чарбасын көтөрүүдө эмгектене баштады. 1947-жылы Кыргызстан Борбордук Комитетинин айыл чарбасы боюнча секретарынын орун басары болуп ишин улантты. 1949-жылы Жалал-Абад обкомунун айыл чарбасы боюнча секретары болуп дайындалат. Областын аймагында айыл чарбасынын анын ичинде мал чарбасынын өркүндөп өсүшүнө басымдуу өз салымын кошо алды. Мындай үзүрлүү эмгектери Борбордук Комитет тарабынан туура бааланып, Жүзүмкул Кадыркуловичти 1953-жылы республикабыз боюнча айыл чарба кадрларын даярдоочу институтка ректор кылып дайындашты.

Эл оозунда бекеринен "кадрлар бардыгын чечет" — деп айтылбаса керек. Болгон акыл-эсин, алган илим-билимин айкөлдүк, кең пейилдик асыл сапаттарын толугу менен айыл чарбасында эмгектенүүчү миңдеген-миңдеген адистерди тарбиялоого жумшады. Илимде болгон алдыңкы жетишкендиктерди, ачылыштарды толугу менен иш жүзүндө колдонууга өбөлгө түзүүгө аракеттенди. Жүрөгүн өйүгөн маселе республикабыздагы айыл чарбасында чечилбеген маселелердин себебин таабуунун жолун изденди.

Мезгилиндеги дүйнөгө таанымал окумуштуу үч илимдин доктору (биология, медицина, ветеринария) академик Константин Иванович Скрябин менен тыгыз байланышта болуп, бирге иштешип чечилбеген маселелерди чече алды, ошонун негизинде бүгүнкү күндөгү ветеринария тармагында элүүдөн ашык илимдин докторлорунун пайда болгонуна кимдер шек бере алат. Ошондой эле айыл чарба институна Константин Иванович Скрябиндин аты да ошондуктан берилип отурбайбы. Жогоруда айтылган республикабыздын ветеринария тармагындагы илимдин докторлору Бейшебай Касымбеков, Мамбеталы Иманалиев, Кеңеш Рыскулов, Догдурбек Райымбеков, Асанкадыр Жунушов, Энгел Иманов, Абдырай Каниметов, Арстанбек Дүйшеев ж.б.

Жүзүмкул агабыз айыл чарба институнун ректору болуп турганда дүйнөнү дүңгүрөткөн Кыргыз эл жазуучусу Чыңгыз Төрөкулович Айтматов, академик, илимдин доктору Жамин Акималиев, мезгилинде республикабыздын Министрлер Советинин төрагасы Арстанбек Дүйшеев, республикабызда жетекчи кызматтарда эмгектенген Темирбек Кошоев, Жумгалбек Аманбаев, Кубанычбек Акматовдордун дипломдо-

руна Жузүмкул агабыздын колу коюлгандыгын кимдер төгүндөй алмакчы.

Жүзүмкул Кадыркул уулу тоонун мөлтүр булагындай таза, сыпайы, терең адамкерчиликтүү мүнөзү менен да унутулгус жаран болгон дешет. Баарынан да анын бирин ала, бирин кула көрбөгөн айкөл калыстыгы айрыкча жетекчи кызматтагы адам үчүн эң эле жогорку сапаттардын бири эмеспи. Жүзүмкул аганын замандаштары бул адам кишиге дамаамат жардам берип жакшылык гана кылып жүргөнүн көрөөр элек дешет. Ичи тарлык, көралбастык, өзүмчүлдүк, ачкөздүк дегенди байоо баладай дегеле билчү эмес экен. Анан калса мындай асыл сапаттар ошол кездеги адамдардын дээрлик баарына таандыктай сезилет. Атаганат десеңчи, жылгалардагы мөлтүр булактардын көзү бүтөлүп кокту-колоттордон көзгө камсоо какыраган сайлар учурай калгандай адамдарда да жанагыдай сонун сапаттардын башаты тартылып аларда ачкөздүк, алдым-жуттумдук өкүм сүрүп баратканы кимди кейитпейт. Дегеле адамда кандай жакшы сапат болсо ушу Жүзүмкулдан көрөөр элек дешкеничи. Элдин айтымында андай жарандар сейрек кездешет окшобойбу. Анын үнүн көтөрүп кишини какпаган өйдөсүнүп боюн көтөрбөгөн жибектей чойулган мүнөзүнө тамшанышат. Бирок ошол эле жумшак мүнөзү менен ишке келгенде принципиалдуулугу, баштаган ишин аягына чыкмайынча жаны жай албаган кажыбас кайраты (көктүгү) кызматы жогоруга кошокөрлөнбөгөн чоң адамдык парасатын бийик урмат менен эскеришээрин Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмери. Субайылда Абдыкадырова эжебиз өзүнүн Чүй баяны гезитинин №1 (326) санына 18-21 январда 1999-жылы жарык көргөн “Байсалдуу өмүр чыйырлары” аттуу макаласында баяндаган.

Мезгилинде Республикада мындай абройлуу абалда болгону менен Жүзүмкул агабыз өзү үчүн балдары үчүн да далбас уруп дүнүйө жыйууну же жогорку наамдарды алуу үчүн жанталашып аракеттенбеди. Анын тескерисинче өтө жупуну, жөнөкөй гана жашоо турмушун өткөргөн инсан болгон. Бүгүнкү азаматтардай болуп, жебеген жердин алдында, “май кармаган бармагын жалайм” жана “пара албаган адам жалкоо жээ кем акыл” деген принциптерди туу туткан жок.

Жүзүмкул аганын ниети таза, пейили кең, жөнөкөй, карапайым алдым-жуттумдардан жаа бою качкан инсан 1962—70-жылдары Кир НИИЖВге караштуу Сокулук тажрыйба чарбасынын директору, пенцияга чыккандан кийин мамлекеттик ат майданынын (ипподромдун) директору болуп Бишкек шаарынан Сокулуктагы Фрунзе айылына күнүгө автобуска түшүп каттаганы-каттаган эле. Эч болбосо элчилеп бир жеңил машина алып ошону жол тосуп кор болбой машинасына түшүп да жүрбөгөнүнө таң каласың.

Үй бүлөлү, өмүрлүк жары Анипа эже экөөнүн Мерлис, Болот, Асан, Дуулат, Азамат деген уулдары жана Чынара аттуу кызы бар. Балдарынын баары жогорку билимдүү, алды илимдин кандидаттары. Боло-

ту Кыргыз Республикасынын Жогорку Советинин депутаты, Мыйзам чыгаруу палатасынын спикеринин орун басары.

Жүйөөсүз ишти буйруп үңүлбөгөн,
Жүзүнөн нуру жайнап күлүңдөгөн.
Журт ичин сабаттуулук жолго баштап,
Жайдары жакшылыктан түнүлбөгөн.
Жайы кыш эл ичинде аралашып,
Жагымдуу шайдоот жүргөн түрүн көргөм.

* * *

Жашообузду кайдыргерлик жүгөндөгөн,
Жалкоолук бар жайдары түгөнбөгөн.
Жүрөгүңдү толкундаткан кубаныч бар,
Жымың этээр жылдыз же гүл өңдөнгөн.
Жалкоолукка берилбей эмгектен деп,
Жан агабыз тынымсыз көп үндөгөн.

* * *

Жайы кышы бир жүргөндөй көңүлдөсүз,
Жибектей илбериңки төгүлгөнсүз.
Жылмайып каш-кабакты керип койсо,
Жүзүмкем эң сүйкүмдүү көрүнгөнсүз.
Жан уулуң Мерлис, Болот, Асан, Азаматтар,
Жүрөктөн эскеришсе төрүндөсүз.

*10.05.01.*

Төмөндө Жүзүмкул аганын уулдары жана улуу келини Шарипа Жоробекова жөнүндө маалыматтарга көңүл буруңуз.

Жүзүмкул агабыз 1985-жылы 72 жаш курагында жарыкчылык менен кош айтышып акыркы келбес сапарга кетти. Бирок агабыздын айткан, акыл-насыят, кеп-кеңештери, жаркын элеси биз менен бизден кийинки муундарда түбөлүккө сакталып калмакчы.

Ооба, Жүзүмкул агабыз өлгөн жок, анын жанынан, канынан жаралган балдары бүгүнкү күндө анын ишин улантып, арбагына таазим этишүүдө.

# ЖҮЗҮМКУЛ УУЛУ МЕРЛИС

Мерлис мырза негизи Панфилов районуна караштуу Ортокайрыма айылынын тургуну. Балалыгы Фрунзе шаарында өттү. К.И.Скрябин атындагы айыл чарба институтунун инжинер-механик деген факультетине өтүп, аны ийгиликтүү аяктаган.

Мерлис өз кесиби боюнча Бишкек шаарында өндүрүштүн ар кандай тармактарында жетекчилик кызматтарда эмгектенүүдө.



Тетиктерин териштирип чарбанын,
Техника жагын колго кармадың.
Телегейи тегиз болсо элим деп,
Тер шыпыра, эмгегиңди арнадың.
Таң сөгүлө, эмгегинде элиңдин,
Тийип жатты журтчулукка жардамың.

Бүт иштеген аракетиң жайында,
Береке таап эл кызматы айылда.
Биргелеше жерге үндөп дыйканды,
Булар эми мол түшүмдөн байыр да.
Бактың издеп келечектен түбөлүк,
Башты коштуң Шарипадай айымга.

Тун уулу болуп атанын,
Татымын тата батанын.
Түз басып туура жүрүүдөн,
Татыктуу ага аталдың.
Таалимиң бердиң иниге,
Таасири ал да атанын.

*8⁰⁷ 21.03.02.*

# ЖОРОБЕКОВА ШАРИПА

Шарипа айым 1945-жылы төрөлгөн. Эркинсай орто мектебинде окуган. Он жылдыкты бүтүрүп келип университетке өткөн. Аны бүткөндөн кийин өзүндө эле аспирантураны да бүтүрүп алды менен ассиситент андан кийин окутуучу, доцент, кафедра башчысы, профессор, декан болуп үзүрлүү эмгектенген.

1994-жылдан баштап Кыргыз республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын химия жана химиялык технология институтунун директору, К.Р. УИА академиги жана Вице президенти. Физикалык химия жана биотехнология тармагы боюнча адис. 1997-жылдан бери Россия Академиясынын педагогика жана социалдык илимдери боюнча академиги.

Иштеги ийгиликтери Өкмөтүбүз тарабынан жогорку бааланып “Ардак данк” ордени, Кыргыз республикасынын Ардак Граммотасы менен сыйланган. Америкалык биографиялык институту тарабынан 2000 миллениум Ардактуу алтын медалы ыйгарылган. Ленин комсомолу сыйлыгынын жана Ж.Баласагун атындагы сыйлыктардын лауреаты.

Шарипа Жоробекова эки жүздөн ашык илимий эмгектердин автору, алардын ичинде алты монография, беш окуу китебинин жана он төрт патенти бар. Анын жетекчилиги менен бир докторлук он төрт кандидаттык диссертация корголгон.

Жайыл баатырдын чөбөрө келиндеринен.

Айылда арбын айымдар,
Айымдар толо айылдар.
Асан-Жайыл келини...
Академик айым бар.
Ага жетпей миңдеген,
Айым бар ооба, айым зар.

Жүйөөлүү ишин аныктай,
Жүргүзүп ишин талыкпай.
Жүз ирээт кээде кайталап,
Жаңылык жакка каныкмай.
Жөн жайын айтсак ырасы,
Жан үрөп кээде талыкмай.

Илимсиз иштер ноктолуу,
Илимдин чыгып токтому.
Иликтөө жасап Шарипа,
Илимдин болгон доктору.
Изилдөө ишин жүргүзсө,
Илгиртпей иштейт кош колу.

*21[14] 7.04.02.*

# ХУДАЙБЕРГЕНОВ БОЛОТ ЖҮЗҮМКУЛОВИЧ



Болот Жүзүмкулович 1946-жылы Бишкек шаарында туулган. Кыргыз, жогорку билимдүү. 1969-жылы К.И.Скрябин атындагы айыл чарба институтунун ветеринардык бөлүмүн бүтүргөн.

Эмгек жолун 1969-жылы Кыргыз мал чарба жана ветеринария илим-изилдөө институтунун кенже илимий кызматкерлигинен баштаган. Советтик Армиянын катарында кызмат өтөп келгенден кийин 1970—1976-жылдары Кыргыз мал чарба жана ветеринария илим-изилдөө институтунун кенже илимий кызматкери. 1976—1978-жылдары Жети-Өгүз районундагы кой чарбачылыгы боюнча Оргочор тажрыйба станциясынын директорунун илимий иштери боюнча орун басары. 1978—1984-жылдары Фрунзе айыл чарба техникумунун директору. Аламүдүн районундагы Стрельников атындагы мамлекеттик асыл тукум мал заводунун директору, Кант районунун айыл чарба башкармасынын начальнигинин орун басары. 1984—1991-жылдары Фрунзе айыл чарба техникумунун директору. 1991-жылы партиянын Кант райкомунун биринчи секретары. 1992—1995-жылдары Кант райондук мамлекеттик администрациясынын башчысынын биринчи орун басары. 1995—1998-жылдары Кант райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы. 1998—1999-жылдары Кант шаар башкаруусунун башчысы. Ысык-Ата райондук мамлекеттик администрациясынын башчысынын биринчи орун басары. 1999-жылдан тартып Кыргыз Республикасынын Премьер-министринин аппаратынын жетекчисинин биринчи орун басары болуп үзүрлүү эмгектенген.

2000-жылы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу жыйынынын депутаты болуп шайланды. Жер маселелери боюнча комитетинин төрагасы. Мыйзам чыгаруу жыйынынын спикеринин орун басары.

Биология илимдеринин кандидаты. Мамлекеттик сыйлыктары бар. 12-чакырылыштагы Кыргыз Республикасынын Жогорку Советинин депутаты Чүй областык Кеңешинин жана Кант райондук Кеңешинин депутаты болгон.

Үй-бүлөлүү, өмүрлүк жары Нуржан экөө уул Нази, кызы Айсананын бактылуу ата-энелери.

Жоопкерчилик иштен албай катуу сын,
Жогорулар ишиң элге татысын.
Журтчулуктун талаптарын орундаар,
Жогорку Кеңештин депутатысың
Жүзүмкулдай агабыздын Болоту,
Жүзү жарык мырза экен анык, чын.

Иликтедиң илимий иш жактарын,
Изилдөөдө тажрыйба тактадың.
Ийгиликтен — ийгиликтер жаратып,
Илимпоздор алдында аны жактадың.
Иште болуп илгерилөө жылыштар,
Ишеничин эли-журттун актадың.

Кыргыз эли үчүн иштеп тынбадың,
Кеп-кеңешти кадыр тута тыңдадың.
Көптөрүнө үлгү боло жетектеп,
Керек болсо терс аягын сындадың.
Кылымдардан-кылымдарга калуучу,
Кыргыз элге мыйзам түзө чыңдадың.

*16.05.01.*



## ЖҮЗҮМКУЛ УУЛУ АСАН

Сокулук районундагы Фрунзе айыл өкмөтүнүн төрагасы

Асан мырза Худайбергенов Жүзүмкул агабыздын уулу. Асан Бишкек шаарында төрөлүп мектептен окуду. К.И.Скрябин атындагы айыл чарба институтунун «агрономия» факультетине өтүп аны ийгиликтүү бүтүрүп окумуштуу агроном деген ардактуу адистигине ээ болгон.

Эмгек жолун республикабыздын колхоз-совхоздорунда катардагы агроном болуп иштөөдөн баштап башкы агроном совхоздун директору болуп узак жылдары эмгектенди.

Жерин айдап, эгин эгип тынымсыз,
Жүргүзгөнү тажрыйба ырымсыз.
Жүгөрүбү, жүзүмүбү, талаада...
Жыйынтыгы чыгарылат кылымсыз.
Жан жыргатып жата бербей, эмгекте,
Жүйрөө мырза! Үлгү болоор чылымсыз.

Ак эмгегин эли үчүн арнаган,
Акыйкаттык иште эч бир талбаган.
Асан мырза басса-турса кеңешчи,
Арабызда кең пейилдүү жандардан.
Адал иштеп мекенине бериле,
Аракетчил иштерине таңданам.

Атадан таалим жана тартип алып,
Атанын кеңешине абдан каныл.
Асакем алпештеген эли-журтун...
Айтканын аткарууда күйүп-жанып.
Ар дайым эли үчүн жанын үрөп,
Аткан таң менен кошо арып-талып.

*7[07] 20.03.02*

## ЖҮЗҮМКУЛ УУЛУ АЗАМАТ



Ветеринария илиминин кандидаты

Азамат 1955-жылы 28-июлда төрөлгөн. Он жылдыкты бүтүрүп, Мамлекеттик университеттин биология факультетин бүтүргөн.

Эмгек жолун Улуттук Илимдер Академиясынын биология институтуна илимий кызматкер болуп эмгектенүү дөн баштаган. 1979-жылы Москва шаарындагы илимдер академиясында гельминтология лабораториясына аспирантурасына өтүп ийгиликтүү аяктап өз убагында биология илиминин кандидаты деген илимий даражасын коргоого жетишкен.

Илимий даражалуу окумуштуу биолог Москвадан кайра келип улуттук илимдер академиясында илимий кызматкер болуп ишин улантты. 1991—1996-жылдары Кыргыз республикасынын Улуттук илимдер академиясынын окумуштуу катчысы болуп үзүрлүү эмгектенди.

1996-жылдан баштап Кыргыз республикасынын айлана-чөйрөнү коргоо министринин чакыруусу боюнча, республикабыздын экологиялык коопсуздугун сактоо боюнча эмгектене баштады.

Азамат Республикабызда экологиялык проблемаларды чечүү тармагында үзүрлүү эмгектенүүдө, бүгүнкү күндө кырктан ашык илимий иликтөөлөр боюнча макалалары жарык көргөн.

Үй бүлөлүү, өмүрлүк жары Жылдыз Мырзабековна Кыргыз республикасынын Өкмөтүнүн курамында маданият жана улуттук тил-маселелери боюнча эмгектенүүдө. Азамат экөөнүн Жоомарт, Султан аттуу уулдарынын бактылуу ата-энелери. Жоомарт — Ж. Баласагын атындагы университетинин студенти.

Митенин миң бир түрлөрүн,
Мителик жагын үйрөндүң.
Митеге каршы иш чара,
Мыйзамын иштей үндөдүң.
Мекенге бердиң аныктап,
Митенин кылган сүлдөрүн.

Митенин зыян жактарын,
Митеден залал тапканын.
Маалимдеп микроскоп менен,
Мителер жашап жатканын.
Маанилүү жагын далилдеп,
Мекенге мээнет актагын.

Илимге сүнгүй кирипсиң,
Ийгилик жагын билипсиң.
Илимдин болгун доктору,
Ийгиге-ийги бириксин.
Ишенчин элдин актоодон,
Мээнетиң калкка сиңип-миң.

*11[54] 7.04.02.*

Жогоруда Токо атабыз эң кичүү уулу Керимкулду Меркедеги орус досторуна дайындап орусча мектепке берди деп эскерттик эле. Эми Керимкул ага жөнүндө сөз козгойлу.



## ТОКО УУЛУ КЕРИМКУЛ

Керимкул агабыз 1897-жылы Жайыл болушуна караштуу Ортокайрыма айылында туулган. Эс тартканы Меркедеги орус-тузем мектебинен окуп сабатсыздыгын жойгон. Орус тилинде эркин сүйлөй да жаза да билген өз учурунун илим-билимдүү инсаны болгон

Керимкул аганын тагдырына 1917-жылы Октябрь революциясы жеңип чыгып Совет Өкмөтү орноп, бай-манаптардан бийлик кедей-кембагалдарга өтүп жатпайбы. Орусча-кыргызча барабар сүйлөп, жаза билген сабаттуу Керимкул агабыз 1920-жылы партиянын мүчөлүгүнө өтүп Бишкектеги уездик комсомол уюумунун секретары болуп иштей баштайт. Мезгилдин талабына ылайык Керимкул агабыздын кызмат абалы да көтөрүлүп отурду. 1926-жылы республикабызда Наркомдо эл комиссарында маданий агартуу тармагында иштеп жүргөндө Эркинсай, Ортокайрыма айылдарынын ортосуна мектеп жана больница курдурган экен. 1927-жылы мектепке балдар окууга барып окуп калгандыгы жөнүндө ошол учурдагы мектептин биринчи мугалими Айткулов Ашыркул агабыз сөз кылып калаар эле. Эркинсайга мектеп менен больницаны Токо бийдин кенже уулу Керимкул республикабыздын эл комиссарынан маданий агартуу тармагында иштеп жүргөндө салдырган деп. Мына тагдырдын буйругу мектепти салдырган, Керимкул ага, ал мектептин биринчи мугалими Ашыркул ага да каза болду. Бүгүнкү күндө ошол мектептин биринчи окуучусу Мырзаким уулу Жу-

магул аганын көзү тирүү. Жумагул агабыз 1916-жылы төрөлгөн. Айылда жаңы мектеп курулганда биринчи окуучусу менмин деп айтып калат. Азыр 88 (сексен сегиз) жашка келди баскан турганы тың эле, бир кана кулагы жакшы укпай калды, эмне айтсаң уурутунан жылмайып кулак жакшы укпайт деп койот. Жумагул жөнүндө атайын токтолобуз.

Ооба, мезгил өтүп жашоо турмуш дагы алга умтулууга дем берээри талашсыз. Албетте бул айлана-чөйрөнүн, турмуштун талабы деңизчи. Керимкул ага да замандын өзгөрүшү, менен билимин дагы жогорулатууну сезип 1933—1935-жылдары Ленинградтагы Жогорку партиялык мектепте билимин өркүндөтө окуп келет. Бүтүп келгенден кийин Партиянын Борбордук Комитетинин чечими менен 1935-жылы Талас кантонуна (административдик териториядa) милициянын жетекчиси болуп дайындалып ишин улантат. Ошол учурдун агымына ылайык республикабызда колхоздоштурууну уюштуруу жүрүп жаткан учурлар. Бай-манаптар мал-мүлкүн бербей колхоздоштурууга каршы чыгып басмачылардын күч алган мезгили. Басмачыларга каршы күрөштү, уюштурууда милиция кызматкерлеринин кызматы өзүнчө экенин баарыбызга маалим. Алга умтулуу, жашоодо толгон-токой кыйынчылыктар. 1938-жылы республикабыз боюнча Совет өкмөтүнүн активдүү куруучуларын репрессиялоо (жазалоо) учуру. Мына ушулар өткөндөн кийин Керимкул Токоевге бай-манаптын тукуму деп кулакка тартылып отурбайбы. Бирок элибизде "Ак ийилет, бирок сынбайт" — демекчи 1940-жылы Керимкул агабыз акталып чыгат. Акталып чыгуу менен бирге Партия ага зор ишеним көргөзүп Ош областынын Совет (Кара-Кулжа) районуна райкомпартиянын биринчи секретары кылып ишке жөнөтөт. Бул жерде ишин ийшиликтүү жүргүзөт. 1942-жылы Ош областынын Эски-Ноокат районунун биринчи секретары кылып которушат. Чыгаан, уюштургуч принципиалдуу кызматкердин эмгеги Өкмөт тарабынан бааланып Токо уулу Керимкулду 1944-жылы Ош обласынын милициясынын начальниктик кызматына дайындашат. Бул кызматта 1946-жылга чейин үзүрлүү эмгектенет. 1946-жылы Фрунзе областынын Кемин районунун даярдоо конторасынын башчылыгына которушкан. Бул кызматында эки жыл иштегенден кийин 1948—1956-жылдары республикабыздын Мелкомбинатынын (тегирмен, дан бастыруу) директору болуп эмгектенген. 1956—1957-жылдары Фрунзедеги эт комбинатынын директору болуп иштеп турганда жашы 60-ка толуп республикалык маанидеги персоналдык пенсияга чыккан.

Урматтуу окурман! Өзүңүзгө маалим болсо керек, республикалык маанидеги персоналдык пенсияга чыгуу үчүн да анын өз талаптары болоору. Демек Керимкул аганын да иштеген эмгеги татыктуу болгондугун айгинелеп отурат. Эмгектенип жүргөндө Кыргыз республикасынын Жогорку Кеңешинин үч жолку чакырылышын депутаты болгон. Басмачылар менен күрөшүүгө колхоздоштурууга активдүү катышкандыгы үчүн эки жолу Эмгек Кызыл Туу ордендери менен сыйланган. Андан

тышкары, тылда иштегендиги үчүн Улуу Ата-Мекендик согуштун ордендери, Эмгеке даңк ордендери көптөгөн Өкмөттүк Ардак граммоталар, медалдар менен сыйланган.

Ар бир инсан пешенеге жазганы дегендей, тагдырына эмнени буйруса, аны көрүү милдети эмеспи. 1967-жыл биз үчүн оор жылдардын бири болду, анткени Кыргыз республикасынын уюштурулган биринчи күнүнөн баштап тынбай үзүрлүү эмгектенген агабыз Токо уулу Керимкулду акыркы сапарына узаттык.

Ооба, Керимкул аганын канынан жаралган аркасында уулдары, небере, чөбөрөлөрү калды.

Керимкул уулу Анвар 1935-жылы Керимкул агабыз Ленинграддан партиялык мектепти бүтүп келген жылдары төрөлгөн. 1957-жылы Москвадагы түстүү металлдар боюнча тоо кендери институтун бүтүрүп келип республикабызда үзүрлүү эмгектене алды. Республикалык тоо кендерин жардырып жана жол салдыруу башкармалыгынын жетекчиси болуп узак жылдары иштеди.

Керимкул уулу Сапар 1942-жылы туулган. Он жылдыкты бүткөндөн кийин, Фрунзедеги дене-тарбия жана спорт боюнча институтуна өтүп, ийгиликтүү аяктаган. Узак жылдары бою Талас областына караштуу Киров районундагы спорт иштерин жетектеп жемиштүү эмгектенди.

сүрөө №21 (37)



Жоомарт атабыздын Жаркынбай жана Калча уулдары кудай жолун колдогон ислам динине зор маани беришкен инсандардан болушканы эл журтка кеңири маалым.

Жаркынбай атабыз оор басырыктуу, сабырлуу, токтоо, акылдуу инсандардан болгон экен. Эл арасына ар дайым шарияттын талаптарын айтуу менен бирге ак ниеттике, кең пейилдике адилеттике, калыстыка үндөгөн айылдын имамы болуптур.

Үч жылда Меккеге барып ажы Жаркынбай иман болуп кайтып келгени бүгүнкү күндө да айыл апада кеңири айтылып жүрөт.

Уулу Акматбек жогорку билимдүү окумуштуу зоотехник болуп, республикабызда мал чарбасынын өсүп өнүгүүсүнө арымдуу салымдарын кошо алган. Өз учурунда 1947—1955-жылдары Ош областына караштуу Ноокат районунун айыл чарба башкармалыгында райондун башкы зоотехниги болуп үзүрлүү эмгектенген. 1955-жылы туулуп өскөн айылына которулуп келип чарбанын башкы зоотехниги болуп иштеп жүрүп ардактуу эс алууга чыккан.

Акматбек агабыз ардактуу эс алууга чыккадан кийин да карыдым деп жатып алган эмес. Атасы Жаркымбайдын жолун жолдоп Ортокайрыма жана Эркинсай айылынын имамы болуп өмүрүнүн акырына чейин элди адилеттике үндөдү.

Жаркынбай атанын экинчи уулу Жолдошбек Ата-Мекенди коргоодо беш-жыл баатырларча кармашып кайтып келди, бирок согуштун кесепетинен көзү көрбөй азис болуп калганы өкүнүчтүү пешенеге жазган татаал тагдырга туш кылды. Согуштан келгенден кийин үйлөнүп уулдуу болуп атын Качкын деп атады. Уулу жыйырма бешке толгондо 1975-жылдары бул жарыкчылык менен кош айтышты. Жаткан жери жайлуу, ыйманы саламат болсун.

Жолдошбек агабыздын уулу Качкын мырза да Чоң атасы Жаркынбайдын жолун жолдоп бүгүн эки айылдын кадырлуу имамы жөнүндө төмөндө таанышсаңыз болот.

## КУДАЙНАЗАР УУЛУ ТӨЛӨКУЛ



Төлөкул атабыз 1898-жылы Панфилов районунун Ортокайырма айылында төрөлгөн. Жаштайынан илим-билимге кызыгып окуп жүрүп арип таанып зээндүүлүгү байкалган. Бара-бара куранды өз алдынча окуу менен которо да билген. Арабча эле эмес фарс тилдерин да түшүнгөн маалыматтуу инсан болгон.

Биз билгенден Төлөкул молдо Эркинсай, Ортокайырма айылдарынын молдосу болуп жүрдү. Узун бойлуу, чап жак, күлүмсүрөй сүйлөгөн жүзүнөн нуру чачыраган өтө сулуу инсан эле. Бул адамдын сүйлөгөн сөзү, баскан турган кулк мүнөзү толугу менен өзүнөн кийинкилерге сабак болгон десем жаңылышпасмын. Бөтөнчө ак көңүл, адамкерчилиги, айкөлдүгүн айтып түгөнгүс.

Өмүрлүк жары Дүрбүбү эне быйыл 98 жашта. Акыл эси тунук, ичкен-жегени тың балпайып төрдүн куту болуп отурат. Алардын Бүбүшай, Зулайка, Үркүн, Чолпонкул, Базира, Төлөн, Канымбача, Асипа жана Төлөгөн аттуу уулдары бар. Тун кызынын күйөө баласы Адашбек айыл чарба илиминин доктору, Кыргыз Республикасына эмгеги сиңген айыл чарба кызматкери.

Төлөкул айылында молдо болгон,
Туу өңдүү ардакталып колдон-колго.
Таасирлүү сөзүн айта, таалим бере,
Түз жүргүн деген дайым тетир жолдон.
Таң сүрө багымдаттан таазим кыла,
Теңирдин дилин айтып толгон-толгон.

Теңирим жалгайм десе баары белен,
Теңирдин купуялуу сыры терең.
Терс аяк, тентегирээк, телилерге,
Түшүнтө теңириңди тааны деген.
Тарбия, таалими күч аталарда,
Табигат тартуулаган пейли кенен.

Теле-теңтуш, туганга жок арманың,
Таасири күч тарбияңды кармадың.
Төлөкул деп ысмың алды бир көчө,
Таасим кыла кубансын деп арбагың.
Түп көтөрө элиң колдоп ыраазы,
Туйса деген жан өйүгөн арманым.

*5[20] 13.11.03.*



## ТӨЛӨКУЛ УУЛУ ЧОЛПОНКУЛ

Чолпонкул мырза 1948-жылы эрте жазда Ортокайырма айлында төрөлөт. Айылдан он жылдыкты бүтүргөндөн кийин эл сыяктуу Советтик Армиянын курамында кызматын өтөп келет. Чолпонкул жеке кызыкчылыгын ойлоп окуймун иштеймин деген шылтоолор менен шаарлап кетип калган жок. Ал карыган ата-энесине эртели-кеч каралашып, чарбанын ар кандай иштеринде иштеп жүрдү. Үйлөндү жайланды бала чакалуу очор-бачар болду. Кийинчерээк республикабыздын Илимдер Академиясына караштуу гидрометиорологиялык станциясында инжинер гидрометиоролог болуп үзүрлүү эмгектенүүдө. Өмүрлүк жары Элмира менен Алтынай, Нурмат жана Акылайлардын бактылуу ата-энелери.

Тик караган топуктуудан мүнөзү,
Тескей эмес, тоо болсо ал күнөсү.
Тирилигин эл ичинде өткөрөт,
Тууган доско тирөөч болоор бир өзү.
Төлөкулдай молдокемдин уулу бар,
Таалим берээр, чындыгымдын күбөсү.

Орозгерлүү бала-чака күтүнгөн,
Ойдогусун ооз ачканча бүтүргөн.
Опулдабай орундуктуу иши бар,
Ортон колдой ишенимдүү бүтүндөн.
Опосуз бул жашоосунда кутулуп,
Оюундагы эненин ак сүтүнөн.

Кең далылуу, кырдач мурун токтоодон,
Көп арыган атакесин жоктоодон.
Кыргызымда арбын болсо мырзалар,
Каш-кабагы ачык Чокем окшогон.
Кытмыр, куйтку, калпычыны чынында,
Кадырлуунун катарына кошпогон.

*$5^{17}$ 28.11.02.*

## КЫДЫРМАЕВ АДАШБЕК



Адашбек мырза 1943-жылы 17-апрелде Жайыл районуна караштуу Эриктүү айылында туулган. Фрунзе айыл чарба техникумунун зоотехния бөлүмүнө кирип ийгиликтүү аяктайт.

Эмгек жолун өзү өскөн айылда катардагы зоотехниктен баштап, чарбанын бардык тармагында эмгектенген. Орто мектептин билими менен келечекте ойлогон ой максаттарга жетпесин түшүнгөн инсан 1965-жылы К.И.Скрябин атындагы айыл чарба институтунун зоотехника бөлүмүн кызыл диплом менен бүтүргөн. Алган билимин илимий тармактагы изилдөө, иликтөөлөргө арнаган. Адашбек, 1972-жылы аспирантурага кирип, аны 1974-жылы аяктап, кандидаттык илимий даражаны ийгиликтүү коргогон.

1974-жылдан баштап Сокулук районундагы мал чарбасы боюнча тажрыйба чарбасынын башкы зоотехниги, директордун орун басары, директору болуп иштеген. 1983-жылдан баштап Панфилов районунун аткаруу комитеттинин төрагасы, 1986-жылдан баштап Талас райкомунун биринчи секретары. 1993-жылдан «Асылмал» илимий өндүрүштүк бирикмесинин президенти.

Чүй областтык Кеңешинин жана эки жолу Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты. Кыргыз Республикасынын айыл чарбасына эмгек сиңирген кызматкер.

Айыл чарба илиминиң доктору. Үй-бүлөлүү, өмүрлүк жары Жийде экөө Айгүл, Нурдин, Турсунай, Уландын, 6 неберенин чоң ата, чоң энелери.

Жашоо турмуш өтө берет зымылдап,
Жаштык жалын, мезгилинде акың ак.
Жаштыгыңдын өткөндүгүн сезгенче,
Жигит болот уулуң өсүп такылдап.
Жалжал карап элестетип бүткөнчө,
Жайбаракат «ырыс» келет жакындап.

Адашбек иштебеген иш калбады,
Алп урушту ат-араба айдады.
Анда жаш чак, өспүрүм кез чыйралган,
Адеп жашоо, ысык-суукка кайнады.
Аралашып чарба ишинде таңдан-кеч,
Азбы-көппү кээде майын чайнады.

Алда-кайда калып жаштык шоктонуу,
Алдыңкы тажрыйбаларды топтоду.
Аянбай жан үрөп иштеп мекенге,
Айыл чарбасында чыгып токтому.
Азамат кызматкер, илимпоз-ата,
Айыл чарба илиминин доктору.

## ЖОЛДОШБЕК УУЛУ КАЧКЫН

Качкын Жолдошбек уулу 1951-жылы 11-майда Ортокайрыма айылында төрөлгөн. Эркинсай орто мектебин ийгиликтүү аяктап келип К.И.-Скрябин атындагы айыл чарба институнун зоотехния факультетине өтүп, аны бүтүрөт.

Эмгек жолун өзү туулуп өскөн Панфилов районуна караштуу Панфилов атындагы колхоздо катардагы зоотехниктен баштаган. Чарбалык иштерде такшалып жүрүп чарбанын башкы зоотехниктигине, башкарманын орун басарлыгына которулат. Илимге дилгир мырза бара-бара республикалык мал чарбасы боюнча илим изилдөө институтуна аспирантурага өтүп окуй баштайт. Институттун окумуштуулар кеңешинде Качкын мырзага «Кырызстанда аулиеата тукумундагы ири мүйүздүү малдардын аклимитазацияланышы» деген илимий тема бекип ошонун үстүндө чарбаларда тажрыйбаларын жүргүзөт. Аспирантураны аяктагандан кийин республикабыздын түштүгүндөгү тажрыйба чарбасына илимий кызматка дайындалат. Чыгаан уюштургуч адистин жөндөмүн туура баалаган Ош областык айыл чарба башкармасы Жаркынбаев Качкынды Кадамжай районунун мамлекеттик асыл тукум станциясынын жетекчилигине дайындайт.

Колдорун алып бооруна,
Кудай деп анын жолунда.
Кудайга «тоббо» келтир деп,
Кичиги менен чоңуна.
Качкыным түшкөн ылайым,
Касиет колдоор жолуна.



Ыйманга үндөп жаштарды,
Ыйманга үндөп качканды.
Ынтымак, ырыс ошо деп,
Ыймандан сабак башталды.
Ызааттап улуу кичүүлөр,
Ыраазы канча жаш кары.

Тилегин коюуп алдыга,
Тизени бүгүп алдына.
Таазимин жасап аллага,
Ташпиши күчөп алдыда.
Таасирсиз күндөр капкайда,
Талканы чыгып калдыда.

*$6^{12}$ 25.06.02.*

Илээнди көрсөң күлдү элең,
Илимге көңүл бөлдү элең.
Ири мүйүз малдарды,
Иликтеп бир топ жүрдү элең.
Илимий ишке үңүлүп,
Ириде жеңди түрдү элең.

*$20^{21}$ 15.08.02.*

# АСАН АТАНЫН — КАРАТАЙ УУЛУНАН ТАРАГАНДАР

Жайыл
|
Асан
|
Каратай

Жогоруда көрсөтүлгөндөй Жайыл баатыр ыйык Ата мекенди, кыргыз элин, жерин катылган кас душмандардан карегиндей коргоп жатып эки бирдей уулу Үсөн менен Теке жана иниси Момокондор болушуп каза болушканы баяндадык. Элибизде өлгөндүн артынан өлгөн жок, деген бир акыл кеби бар.

Өрттөнүп өкүнөсүң көнө албайсың,
Өзгөчө көңүлүңдү бөлө албайсың.
Өкүмү өзгөчө экен табихаттын,
Өлгөндүн аркасынан алалбайсың — дегендей, тарыхта калаган "Жайыл кыргыны" — да бүтүп канкор Абылайдын ойлогон ой-максаты орундап кыргыздардын миңдей адамын туткундап мал-мүлкүн талап-тоноп жер жайнаган малын айдаган боюнча кайдасың Сары-Арка? — деп, жолуна түштү. Бул алаамат согуштан бир кудайдын буйругу менен аман калган Ала-Тоонун койун-колтугун мекендеген жетим, жесирлер кемпир-чалдар, безе-бекинген ажалсыз шордуулар өлбөстүн күнүн көрүү үчүн кайрадан өз конуштарына мекендешип отурукташа баштады. Айылдын кары-картаңдары акылдашып-кеңешип теңдешсиз согушта курман болгондорго куран окутуп кеч болсо да өлгөндүн сыйнатын өткөрүшүп көңүлдөрү тынгандай болушту. Билимсиз күндөр өтүп жылдар жылышты. Элибиздеги салт боюнча согушта жесир болгон келиндерди ылайыгына карап кайнагасына же кайниси болсо ага никесин кыйып баш байлоо ырым-жырымдары жүргүзүлгөн.

Жайыл атанын согуштан аман калган балдары Асан, Итике, Байбек, Куттубай, Эшбото, Кудайбердилер болуучу. Асандын эки аялы бар. Итикенин жашы 13 төрдө али жаш, бойдок. Жесирлердин улуусу Үсөндүн аялы болгондуктан аны Асанга нике кыйдырышмак болушат. Жесир калган Үсөндүн аялы эки аялдын үстүнө токолдукка баруугa макулдугун бербей каршы чыгат. Атасы саяк элинин манабы Качыке жесир калган кызын эки уулу менен көчүрүп кетет. Текенин аялы Бутугуш да, кечеги балпайган байбийче катын, бүгүн эки аялдын алдына токол боло албайым деп, каршылыгын бидлирет. Андай эле нике кыйуу салт болсо, мени тийсем кенже уулга, (Итикени ошентип тергөөчү тура) тийем, тийбесем жок деп жообун кесе айтат. Албетте өмүрлүк жашоо улануучу нике кыйууда шарыятта "зордоого да, кордоого да"

жол жок. Бутугуш эне балдарын ээрчитип төркүнүнө кетип калыптыр (Ысык-Көлгө). Ооба энебиз өңдүү-түстүү, акыл-эстүү айым экен. Бирок эс тарткан балдары менен төркүнүндө эки-үч жыл жашап көрүп, балдарынын таяке-тайы тарабынан ыдык көрүп калаарына көзү жетип, кой мунум болбостур Теке баатырдын тукумун көз көрүнө кепке кемтик, сөзгө сөлтүк кылганым мага эки дүйнөдө кечиримсиз болоор деп, кайра Сары Өзөн Чүйдөгү бүгүнкү Жайыл районундагы өз туугандарына көчүп келет.

Текенин аялы кайра көчүп келгенде Асан кайнагасы келинине нике кыюу маселесин козгойт. Эне шордуу Теке баатырдын арбагын сыйлап, кайнагасынын козгогон маселесине көңүлсүнбөйт. Кыргыздын динге бекемдигин карабайсызбы, келининин сыртынан молдого нике кыйдырып койот.

Бутугуш эненин Текеден: Бектен, Атай жана Чылпак деген уулдары бар. Кийин Асандан уул балалуу болуп атын Каратай койушат.

Каратай аталаш туугандарынын атын алыстан укканы менен балалыгы энелеш туугандары Бектен. Атай, Чылпактар менен бирге өсүп чоңойот.

Энелеш агалары эмне болсо да улуулугун көргөзүшүп, анын үстүнө төртөө бир ата, бир энеден Каратайдын атасы башка энеси бир болгону менен туугандар арасында анчалык кадыр-баркка дале илине бергендей.

Мезгил учкан куштан зымырап өтүп, Каратай да эс тартып, бой көтөрүп калганда энебиздин өкүнгөн жери бар дейт, алда чиркин ай,... я! бекер чеки иш кылган экенмин. Каратайым жалгыз болуп калды, мунума ат токууру болгондо болмок экен деп. Айла канча арга жок, бүгүнкү бар нерсе эртең жок. Ошон үчүндүр армандуу дүйнө дегенидир элибиз. Энеге баланын баары бирдей болот эмеспи. Эне байкушка кайда болсо да, кимден төрөсө да өз баласы эмеспи.

Каратай бой тартып 15-16 жаштарга барганда энелеш агаларынан тийиштүү энчилерин бөлдүрүп алуу ой пайда болот. Балдардын улуусу Бектен мал-мүлктүн ээси катары иниси Каратайдын энчисине тогуз тайга кошуп бир айгыр берет. Каратай агасы Бектендин бөлгөн энчисине наразы болуп, Бектендин "Туу чунак" — деген күлүк атын кошо сурайт. Бектен бул күлүгүн Каратай инисине ыраа көрбөйт. Ага капа болгон Каратай, кой мен аталаш туугандарымды таппасам болбойт экен деген, пикирге келет.

Албетте мындай учурдагы түйшүк, кайгы-капа эненин эле башына түшөт эмеспи. Эненин муштумдай жүрөгү туйлап көөдөнүнө батпай төрткө бөлүнөт. Балдарынын бирине айтса, экинчисинин көңүлү калат. Кыжалаатчылык, түмөн-түйшүк эне шордунун санаасын санга бөлөт.

Сырттагы ага-инилер арасындагы талаш-тартыш, таарынычтар толугу менен Бутугуш энеге жетип турат.

Мына ушул учурда капа болгон Каратай, энесине киши жиберет.

Энем мени менен кетет бекен? Же бул жерде калат бекен? Деген суроо менен. Ортодогу келген кишиден эне шорду сураган экен "Каратай эмне кылып отурат?" — деп. Каратай жертиктеп колундагы шамшаар бычак менен жердин бетип тилип отурат дегенде, Бутугуш эненин жүрөгү алда нерселерди сезип, ай анда болбостур деп, уулу Каратай менен кеткен тура.

Каратай атасы Асандын кол астына келет. Атасы өзүнчө үй көтөрүп, ак өргөөсүн тигип берет. Жаштайынан балалыгы башка өскөн Каратай бул жерден жашоонун ысык-суугун, ачуу-таттуусун да тата баштайт. Энелеш туугандары менен таарыныша көчүп келген Каратай, аталаш туугандары менен сый жашоону ойлонот. Казак элинде "чымыр көппү, чымын көппү"? — дегендей. Атасынын коңшулаш казак элинин "чымыр" уруусунда бай, кадырлуу адамы Мамбет деген досу бар экен, ошол эске түшүп атасы Асан менен кеңешип атасынын досунун колуна барат. Мамбет казак эли кадырлап сыйлаган, абройлуу инсан. Сүйлөсө сөзү, күлсө күлкүсү жарашкан сөөлөттүү да ары дөөлөттүү да бай. Каратай атабыз бул казак байдын таалым-тарбиясын алып беш-алты жыл бирге жашап калат. Бул жылдары казак элнин үрп-адетин, каада салтын үйрөндү билди дегендей. Бирок жашоосу канчалык жакшы жашаса да өз эл, өз жериңдей болбошу айдан ачык деңизчи.

Кыргыз элинде "бирөөнүн элинде Султан болгончо, өз элиңде ултан бол" — деген кеби бекер болбосо керек. Анын сыңарындай Каратай чоң атабыз да күндөрдүн бир күнүндө өз эли-жерине кетүүнү ойлонот. Бул пикирин Мамбет байга билгизет. Мамбет бай да Каратайдын бул жүйөлүү маселесин ойлонуп отуруп Каратайга кайрыла ак ниетинде: Айланайын Каратай карагым, аз болдубу, көп болдубу менин колумда туруп өз баламдай эле болуп калдың. Дагы бир аз сабыр тутсаңыз, үстүңүзгө үй көтөртүп, каалаган казактын суйкайган керме-каш сулуусуна үйлөндүрүп атайын энчиңди бөлүп берейин анан жөнөгүн деген экен.

Каратай ата-энесине, тууган-уруктарына барып учурашып келүү үчүн жооп сурап элине кетет. Туулуп өскөн элинде ата-энелери, бир туугандары менен учурашып аманчылыгын билген соң, атасы Асан менен кеңешип казактардан келип өзүнчө түтүн булатып орозгер күтүү пикирин билгизет. Атасы баласынын койгон суроосу өтө жүйөлүү экенин белгилейт. Каратай атасынан бир ак боз туу калды бээни алып, аз да болсо атадай болуп таалим-тарбиясын берген Мамбеттин батасын алууга кайра барат. Бээни сойдуруп, этинин чып-чыргасын калтырбай бышыртып казак калкына кабар бере оокатка чакыртат. Каратайды көрүп билген казак элинин кадырлуу карылары, ак элечектүү байбиче энелер келишет. Отурган элге кайрылып Каратай ата, айылыңарда сиздер менен насиптеш болдум, кеп-кеңешиңерди акыл-насият кептериңерди уктум, ак көңүл кең-пейил ниетиңерди үрп-адетиңерди үйрөндүм таалим-тарбияңарды алдым. Бирок ар кимдин туулуп өскөн жери бар

демекчи, эли-жериме кайтууну туура көрдүм. Эгерде калайык калкым уруксат берсеңиздер, элиме кайтаар алдында, сиздерден сураар бир өтүнүчүм бар дейт: Отургандар бири-бирин карап, "айт, айта сал" — дешип жаалап калышат. Каратай сабырлуу рахмат агаиндер деп, өтүнүчүн баштайт.

— Айтсам, "Макем атамдай эле мамиледе болуп, өзүнчө ак өргөөңдү көтөртүп, ак никесин кыйдырып казактын каалаган сулуусун алып берип, аз да болсо балдарым менен энчилеш болуп калдың, малымдан энчиңди ажыратып анан эли-жерине шаан-шөкөтү менен жөнөтөйүн" — деди. Албетте атамдай болгон Макемдин бул ак ниеттигине чексиз, баа жеткис ыраазычылыгымды билгиземин, өтө чоң рахматымды айтамын. Кептин чынын айтсам, мындай тилекти өз атамдан да уга электигимди сиздерден жашырып не кылам деп сөзүн улады. Менин Мамбет атамдан тилеген тилегим, өтүнүп сураарым башка эле дегенде, жалпы отургандар сырдуу ойду ойлонуша, дагы кандай кеп чыгаар экен дешип, ийе, ийе деп, башын ийгилеген кадырлуу карылардын бири Сонда Каратай карегим, тилеген тилегиң не? Айта сал, деди. Ушул чакта Мамбет бай да болду болбоду күлүк тулпарлардын бирин же соорусуна кеседеги сууну койсо төгүлбөгөн жорголордун бирин сурайтко деген пикирде, үнсүз-сөзсүз чексизге көз кырын жиберип ойлуу телмирүүдө. Отурган элде жымжырттык өкүм сүрүп, "дың" — деп, учкан чымындын добушу угулчудай.

Урматтуу агаиндер! Биздин элде, "жамгыр менен жер көгөрөт, бата менен эр көгөрөт" — деп койушат. Уруксат болсо менин Мамбет атамдан тилеген тилегим өтүнүчүм. Улуу урматтуу Мамбет ата! Өз колуңуздан, чарадагы берекеңизден даам татсам дедим эле, дейт. Уккан кулагына өзү да ишенбей Мамбет бай эки жагында отургандарды карап жылмайып ийе деп таң калыштуу токтоп калат. Анын ойунда эми кудай уруп элдин көзүнчө тиги атса ок жетпес аргымакты сураса кандай айла кыламын бербесем "шермендем" — чыгат, бергенге көз кыйбайт деп отурган. Ойлуу дымып калган Мамбетке дасторкондо отурган элдин баары карап калышат. Ойлогон ойун жашырбастан Мамбет бай Ээ Каратай карагым мындай тилээр тилегиңди чындыгына ойума да келген эмес, анча сураган болсоң, эми болбос, кел карагым Каратай, сен аз дебе, мен көп дебейин, мына ушу Теңиримдин буйруганы деп, табактагы тууралган беш бармактан алып Каратайга өз колу менен сугунткан экен. Каратай Мамбет байдын сугунтканын жеп ыраазылыгын билгизет. Отурган эл бата кылып тарашат. Каратай да эл кадыралаган Мамбет байдын батасын алып, кайыр кош айтышып кыргыз элине аттанат.

Ак өргөөдө Мамбет бай, дагы кадырлуу үч-төрт казактын карыя аксакалдары суусундугуна бал кымыздан ичип отуруп бүгүнкү болгон окуяны аргасыз кеп кылып отурушту. Бири айтылуу Жайыл баатырдын небереси Каратайдын акылынын тунуктугун айтса, экинчиси келечекти элестете билген көрөгөчтүгүн айтып. Бири Каратайдын сөзгө

чечендигин айтса, экинчиси анын тартынбас, өткүрлүгүн сөздөшүүдө. Акырында оң жамбаштан кынтайып жаткан Мамбет чыдабай оордунан козголуп, бах баракелде! Каратайым аман бол! Деген тура. Мына бул Каратай жөнөкөй эле Каратай эмес, бул кыргыз боорлоштордун олуя Каратайы деп. Бул айткан сөзүн отургандарга чечмелеп: Каратайдын олуялыгы байлыкка (малга) кызыкпады, байлык колдун кири деди, бүгүн бар, эртең жок. Казак элинин сулуусуна да кызыккан жок. Эр жигитке үйдөн кадам чыккан сайын катын бар деп. Каратайдын акылдуулугу, олуялыгы калдайган казак элинин берекесинен кыйнабай, зордобой өз колуңдан ыктыярың менен Мамбет сенден алып кеткени болду дешип кептеп отурушту. Элибизде бекеринен

Бар байлыгың берекең,
Бүт дүйнөңө тең экен.
Берекени тута алган,
Түбөлүктүү эл экен — деп айтылбаса керек.

Энди болоору болду, бойоосу канды, айтып, айтпай не пайда деп, казактар шыпшынышып отуруп калышкан деп куду бүгүн да эл арасында айтылып калат.

Каратай казак элинен келгенден кийин атасы Асан ак өргөөсүн көтөртүп үйлөндүрөт. Балдарына (18) баласы энчилерин бөлүп берип жатып Каратайдан уулум сен ким менен энчилеш болосуң деп сурап калат. Анткени Асан атанын алты аялы болгонун жогоруда айтып өттүк. Ар бир аялынан үч-төрттөн балдары болгондуктан алардын энчилерин бирге бөлүп берип энчилеш кылып отурбайбы. Каратай ата Бутугуш энеден жалгыз болгондуктан сен кимдер менен энчилеш болосуң деп сураганынын жөнү бар экен. Атасынын суроосун туура түшүнгөн Каратай ата да токтолбой мен энем менен эле энчилеш боломун деген жообун бергени ошондон экен.

Каратай атага, атасы Асан энчисин бөлүп берүү менен отукташып отураар жери деп жол, астындагы Кара-Дөбө (азыркы Панфилов районунун Вознесеновка айыл өкмөтүнө караштуу) айылы менен Чоң-Кайыңдынын оозундагы Эркинсай, Букара айылдарынын ортосун, ал эми жайкы жаздоосуна Ийри суу, жайлоосуна Суусамыр өрөөнү, Арамза деген жерлерди чектеп бериптир. Ошондуктан Каратайдын биринчи аялынан үч уулу Кожогелди, Толкунбай жана Сейити Букара айылында, экинчи аялы Касбала эне менен үчүнчү аялы Айбөбөгү Эркинсай айылдарынан отурукташып калыптыр.

*6.07 3.04.04.*

# СОЛТО ЖҮРҮШ

Аталардын тарыхын жазып отуруп аргасыздан бүтүндөй кыргыз журтчулугуна мына ушул "солто жүрүш" — деген сөздүн тарап кеткенин эске түшүп, мына ошону чечмелей кетүүнү туура, таптык. 1981-жылдары республикабызда айыл чарбасы анын ичинде мал чарбасынын дүркүрөп өсүп турган учурлары экендиги мына бүгүнкү мезгилде айдан ачык маалим болуп отурат. Ал учурда Кыргыз Республикасынын минисрлер Советинин төрагасы болуп, негизги кесиби боюнча ветеринардык врач, ветеринария илимдеринин кандидаты маркум Арстанбек Дүйшеевич Дүйшеев эле. Арстанбек Дүйшеевич Республикабызда бөтөнчө мал чарбасынын кунардуулугун, асылдуулугун, ургаалдуулугун көтөрүүдө тынымсыз изденүүлөр менен эмгектенген десек аша чапкандык болбос. Андай дегенибиздин себеби ар дайым республикабыздын колхоз-совхоздорундагы айыл чарба иштеринин кандайча жүрүп жатканына тынымсыз көзөмөлдөө иштерин жүргүзүп турушаар эле.

Күндөрдүн биринде айыл чарба министрлиги кезектеги (командировкага) иш сапарына машыккан адистерди чогултуп тапшырмаларды бере баштады. Албетте шарт боюнча ар бир областка жооптуу бир жетекчини дайындап, анын курамына колдон келишинче ошол областагы ар бир районго бирден адис жеткендей өзүнчө бригадаларды түзүшүп, анан аткаруулучу иштер боюнча тапшырмаларды берүүчү.

Нарын областына жетекчи болуп Өмүркул Дүйшекеевич Дүйшөкеев дайындалып, ал кишинин карамагына дагы төрт адис бекидик, алардын бири мен болдум. Министрликтен тийешелүү тапшырмаларды алагандан кийин жетекчибиз Өмүркул Дүйшөкеевич өзүнө чакырып качан, кайсыл жерден кандайча жолго чыгаарыбыз жөнүндө кеп-кеңешин айтып калды. Иш сапарындагы биздин топтогу адистердин дээрлик бардыгы (менден башкасы) Тяншандык мырзалар экени байкалып калды. Жетекчибиз баарыбызга бирден көз кырын салып, анан эми мырзалар эртең, эртең менен саат сегизде эски автовокзалдын алдына чогулуп тургула мен бизге бөлүнгөн автоунааны алып келем, анан кудай жол берсе, "солто жүрүш" кылабыз деп, мени карап уурутунан жылмайып койду. Кана эми барып эртеңки иш сапарга даярдана бергиле, мен да эртерээк даярдыгымды бүтүрөйүн деп. Топтошкон адистер бири-бирибизди карап эртең иш сапарга жөнөсөк эмнеге даярданабыз дегендей пикирде, бул "солто жүрүштүн" купуя сырына толук түшүнбөй бушуркөшүп турдук.

Алардын арасында солто уруусунан мен болгондуктан, аргасыздан Өмүркул Дүйшекеевичтен суроого туура келди.

Өмүркул Дүйшекеевич кечиресиз, мен сиз айткан "солто жүрүш" — дегениңизге анча түшүнбөй турам эмнеге даярданышыбыз керек дедим. Жанымдагылар да колдошуп, ой байке түшүндүрүп койбосоңуз эртең дагы уят болуп калбайлы дешип жаалап калышты.

Өмүркул Дүйшекеевич мага кайрылып, ой Мухуддин булар "сол-

то жүрүштү" түшүнбөсө кечиримдүү, анткени бири асык, бири моңолдор, бири саяк экен, анан сенин түшүнбөйм дегениң кечиримсиз деп, мага карай жылмайды. Эмесе "солто жүрүштүн" мааниси мындай, жакшылап кулак төшөгүлө инилерим деп, кеп учугун баштады. Бул "солто жүрүш" — деген мен ойлоп тапты дейсиңерби, — жок андай эмес, бул кыргыз элинде ата-бабаларыбыздан бери айтылып келе жаткан сөз. Өзүңөр билип республикабыздын аймагындагы территориясы боюнча эң эле кенен түз аймак бул Чүй өрөөнүндө, ошондуктан элибиз бышыкчылык болгондо (дан эгиндери бышканда) сары өзөн кең Чүй өрөөнү дебегендир. Мына ушул өрөөндүн негизги тургундары бул солто эли, анткени алар тиги күн батышы Ашмарадан баштап чыгыш жагы Кегети өрөөнүнө чейинки аралыкты толугу менен ээлеп жатышпайбы.

Илгери солтонун эр азамат жигиттери, же эл башчы бий, манаптары топ-топ болуп алышып жыйын терин бүткөндөн кийин, сапарга чыкчу экен. Ал мезгилде бу ээн талаада мына бүгүнкүдөй болуп ар бир айылда чайкана, ашкана дегендер болгон эмес, ошондуктан солтолор жолго чыкканда атайылап бир баглан козуну куйкалап союуп, этин бышырып куржунга салып канжыгага бөктөрүп алышчу тура, суусундукка деп чаначтарга бал кымыздан толтуруп аны да канжыгага байлап алышып анан жолго чыгышып, жай бастырып узун кептен баштап маселе куруп кете беришчү экен. Качан кана аттар чаалыкканда бир суулуу жерге келишип аттарынан түшүп мингичтерин чалдырып, өздөрү да уй мүйүз тарта отурушуп, ортого куржундагы козунун бышкан этин коюуп, улуулата жиликтерди алышып жеп, кымыздан ичип алып, анан кайра сапарын улап беттеген тарабына кете беришчү тура. Мына ошондуктан мындай жүрүштү элибиз "солто жүрүш" деп атап калган экен деп, сөзүн аяктап жылмайды.

Ой байке! Мына эми жакшы болбодубу бул сырдуу түйүндү чечмелеп бергениңиз. Кой эмесе тарайлы "солто жүрүшкө" даярданалы деп тарап кеттик. Эртеси айтылан убада боюнча белгиленген жерден жолугушуп Нарынды карай бет алдык. Антип-минткенче Токмок шаарынан өтүп калыптырбыз. Арткы орундуктагы Жолдошбек Өмүралиев мени карап көзүн кызып, астынкы орундуктагы жетекчибиз Өмүркул Дүйшекеевичти көрсөтүп, бирдеме дейбейсиңби дегендей ишааратын билгизди.

Өмүркул Дүйшекеевич Кыргыз Республикасынын мал чарба жана ветеринария илим изилдөө институтунда бөлүм башчысы, айыл чарба илимдеринин доктору, Кыргыз Республикасынын айыл чарбасына эмгеги сиңген кызматкери деген ардактуу наамдын ээси. Мүнөзү ачык-айрым, кытмыр-митаамдыгы жок бакылдаган ар нерсени жашырып жаппай бетке айткан адам.

Менден сөз чыкпагандан кийин Жолдошбек демилгени өз колуна алып, Өмүркул Дүйшекеевич бу Мухуддин Төлөбаевич солтонун жеринен чыгып баратабыз, байкеңе айтпайсыңбы деп мени утуру түрткүлөп баратат деп карс-карс күлкүсүн коштоду. Алдынкы орундагы Өмүркул

Дүйшекеевич шарт артка бурула. Я ошондойбу Мухуддин деп мага карады. Мен да токтолбой, ооба Өмүркул Дүйшекеевич, кечээ өзүңүз мына Кегети өрөөнүнөн кийин Сарыбагыш эли жайланышкан деп айтпадыңызбы. Эгерде улуксаат берсеңиз "солто жүрүш" кылып, анан мен эстафетаны бу сарбагыш элине жылдырсам дегем. Өмүркул Дүйшекеевич чын пейили менен аябай ыкшып күлүп, ой азаматтар ээй... Ушу силер бир нерсени саал эле сезсеңер болду... кудай берип калат деп, күлүп жатып көзүнөн аккан жашын сүртүп.

Эмне Мухуддин?

Жолдошбекке эстафетаны өткөрөсүңбү? —деп дагы күлүп, айдоочуга карап ой иним аргымактын тизгинин тарт "солто жүрүш" кылбасак болбойт окшойт деди.

Айдоочу да адеп ар кимдер менен иш сапарларында жүрүп машыккан жигит экен, акырын жүрүп отуруп арыкта суусу бар жерге машинасын токтотуп дароо капотун көтөрүп койду. Биз жерге түшүп нарыбери басып, колдорду чайкап келип анан ортого Өмүркул Дүйшекеевич! Капа болбоңуз илгеркинин куржуну жок, бул казыркынын куржуну деп, ортого баштыктагы оролгондорду ачып, нак казыдан жасалган чучукту кесип койуп кана алыңыздар дедим. Бышкан жылкынын кабыргаларынан алышып, чучуктан бирден оодоруна салыша ишке киришишти. Мен да алар менен кошо иш аракетиндемин. Баарыбыздын бир колубузда нан, экинчисинде бышкан эт. Бири-бирибизди карайбыз... Бирок... үн дебей...

Карасам болчудай эмес, Өмүркул Дүйшекеевич! Элибизде "Баялы баягыдай эмес, байагыдай болсо аягыдай эмес" — дегендей, илгеркидей байтал бээни балкымызы жок, анын оордуна бүгүнкүнүн кымызы деп. Шампандын шишесин алып чыксам, баары күлүп жиберишти. Анткени менен алардын көксөгөнү башка экени менин да эсимде...

Ангыча, Жолдошбек сөзүн баштап, кантсе да Мукем Сары өзөн Чүйдүн жигити да бул жерде күн жылуу, Тяншандын суугун анча того то бербейт деп, кер какшыгынын чекесин чыгарганда, кой эми болбостур деп, Жоке! Бул жакта бир орус жигит утуру салам айтып уруксаат сурап жатат мага уруксаат бергилечи деп десем, Жолдошбек, эки жагын карады.

Баарын байкап турган Өмүркул Дүйшеевич күлкүсүнө чыдабай, тескери бурулду. Сумкадан таза орус орагын алып чыксам.

Жолдошбек дароо күлкүсүн токтотуп, ой атаа, бар турбайбы? Баятан эле ушинтпейсиңби. Ой, Муке бу Нарында күн суук болот, шампаныңды ал, катып ал, аныңыз өтпөйт бул базар экономикасы күчөгөн заманда деп, бак-бак этип жатты, ойлогону орундалганга кубанычын жашыра албай. Мына ушундай "солто жүрүштүн" шарапаты менен Фрунзеден эртең менен эрте чыккан жеңил машинадагылар Нарын шаарына күүгүм киргенде зорго жеткен күндөр өткөн эле.

Урматтуу окурманым "солто жүрүш" — дегенди чечмелейбиз деп, негизги багытыбыздан четтеп кеткендей болдук окшойбуз, кечиримдүү

болоор деген ишеничтебиз. Анын сыңарындай жайдын толук мезгили, элдин баары Суусамыр, Арамза жайлоолорунда. Каратай чоң ата күндөрдүн биринде жанындагы жигиттери менен Арамза жайлоосун ашып Сарыкамыш өрөөнүнө түшүп эски тааныштарында мейман болушуп, андан чыгышып Кызылойго ашып түшүп Суусамырдагы жек-жааттарына учураша кетүүгө аттанышкан. Жек-жааттарыныкында эки-үч күн болушуп, андан аттанышып, ушунча жерге келип тиги Түркмөн ажыга учурашпай кетсек, уят болобуз дешип, Кызыл-Ойдон Көбүктүнүн суусун кечирип чыга берээрде, суудан бир жылаңач аял чыгып Каратайдын атынын куйругуна жабышат. Аны көргөн Каратай.

— Э, бетбак! Алаарың бир атпы? — деп, атынан түшүп баса берген экен. Булардын баарын уккан Түркмөн ажы (саяк элинин белгилүү, абройлуу манабы) дароо ат коштотуп Каратайды жоро-жолдоштору менен алдырып тай сойдуруп меймандоого өтүшөт. Түркмөн ажынын үйүндө отуруп Каратай олуя ата.

Жайлоосунун чөбү узун,
Шилтээ экен.
Журтчулукта айып жок,
Оңоор бекен?
Аргымакты такымдап
Жабышты бекем,
Суусунун балыгы жок:
Ээгеси, катын экен — дегенде, кеп төркүнүн түшүнгөн Түркмөн ажы, Каратай олуяны кадырлап урмат сыйын көргөзүп, үстүнө чапан жаап, башына ак калпагын кийгизип, аргымак атын мингизип узаткан экен.

Ушул окуяны байкап отурган саяк элиин кадырман карылары Түркмөн ажынын бул солтонун Каратайын анча эле ардактаганын жактыра бербей, экинчи жагы Каратайдын берекеси ашып-ташыган олуя дешет экен, ошону бир сынап көрбөйлүбү? — дешип Түркмөн ажыны сөзгө тартышат. Айылдык акылман кеңештештеринин пикири купулуна толуп, айтса айтпаса төгүнбү? — Олуялыгы, берекеси канчалык экен Каратайдын деген шектүү суроо Түркмөн ажынын да тынчын ала баштады. Акыры аксакалдарын чакырып, мен сиздердин сунушуңуздарды макул таптым деген жообун берет. Жай мезгили, эриккен элге эмне, андай болсо аттаналы ажы аке дешип, көпчүлүк Түркмөн ажыны жаалап калышат. Айылдагы колу-жолу бош отуздан ашык атчандар ээрчишип аттанышып Каратай олуяны кантип кепке кемтик, сөзгө сөлтүк кылуунун айла амалдарын ойлонушуп бир бүтүмгө келишет. Суусамыр өрөөнүндөгү Токойлуунун боюндагы Каратай жайлаган айылга Түркмөн ажы баштаган беш-алты адам менен келип түшүп калышат. Каратай олуя меймандарды тосуп алып, боз үйгө киришип дасторконун жайып чай-пайларын даярдашып мейман каадасы көрүлөт. Жигиттердин бири дароо семиз күрпөңдүн бирин туурасынан тартып бата тилейт. Кара-

тай олуя келген меймандар менен узун кептин учугун улап дегендей өткөн кеткенден кеп куруп отурушту. Келиндер бал кымыздан куйушуп, жигиттери союлган козуну жиликтеп казанга асып аракеттенүүдө. Өзүңүздөр билгендей жаш козунун эти борк этип бир кайнагандан кийин очокко жагылган отун аз-аздан тартылат. Эт бышаар болжогон убакыт болгондо атайы бөлүнүп калган саяк туугандар кыдырып кымыз ичип жүргөн кейиптенишип Атсалоому алейкумдар дешип созо саламдарын айтышып биринен сала, бири аттан түшүп калышат. Шарт боюнча сырттан келген мейман үйгө киришет. Жаңы келген жоон топ меймандар менен учурашып Каратай: Ка-ап урматтуу конокторум кана сыгылыша отургула, кечирип койгула бир аз арсарыаак оокат болуп калгандай болду окшойт. Мейли кийинки меймандарга атайын мал союулар, ага чейин суусундукка кымыз, иче отургула меймандар дейт. Кийинки меймандардын жоон тобу жарыша жо-жо-ок биз ыраазыбыз. Кудайым бизге да буйруган насип болсо кичине эле ооз тийсек болду, шашылыш да элек деп, кайра мал союуга каршы болушат.

Түркмөн ажыны жандаган саяктардын ары салмактуу ары кадыр барктуу аксакалдары ичтеринен кымыңдашып бири-бирине көз кырын узатышып кана олуя Каратай эми эмне кылаар экенсиң? — дегенсишип тымызын тунжуроодо сынап отурушат. Алардын атайы сынап келгени менен иши жок ак көңүл, кең пейил Каратай, эми туугандар күндүзгү аштын ээси көп дегендей капа болбой, болгонун насибинче "өлө жегенче, бөлө же" — дегендей, ооз тийээрсиздер, анын үстүнө кийинки меймандарыбыз чеки шашып малга бата кылууга каршы болдуңуздар деди. Ангыча семиз козунун эти казандан чыгарылып, жигиттер дароо туурап даярдап жиберишет. Коноктorго табак тартылаарда Каратай өзү чыдамсыздана тура калып чыгдан тарапка өтүп келип: тууралган этке колун сала О кудай!

Берээрин унутпаган,
Берекесин унутпас.
Бейкүнөө бурадарды,
Насибинен курутпас.

Ойдогу берекем,
Тоодогу берекем.
Берекени буйруган,
Пейили кең экен.
Мендей пендесин,
Теңирим колдоор бекен? — деп,

чарадагы тууралган эттен бир алып сугунганда, аны карап турган Айбөбөк эне (үчүнчү аялы).

Ийе олуям, аныңыз кандай, ансыз да тарткан тамагыбыздын чамасы аз болчудай деп суроолу караганда.

Каратай оолда сарамжалдуу берекем, -ай-йа, дагы бир алганча

сабыр тутканыңды бул чара-чара эттериңдин чети ойулбай калат эле. Мейли эми буйруганын ооз тийээр деп бышкан этти үч адамга бирден табак тарттырганда отурган отуз адам ойдогудай тойуп баардык чаралардын түбүндө кешик калып, түгөтө алышпай калган экен деген сөздөр калайык калк арасында али да айтыла калып жүрөт.

Беш бармагын жеген Түркмөн ажы баш болгон саяк туугандар аттанышып айылына келе жатышып бирине-бири тийише ийи Келдике демейде жулмаңдап бир койду жеп койчу элең, биз го болуптур бу сени кайсыл кара теке сүзүп алкың буулду деп, кара сакал Акылбек тийише сүйлөдү. Ошону айтамын да деп, Акылбекти Канымет аксакал колдоодо. Ар кими өз билгенин ортого салып ал экен, бул экен дешип дуулдашып келатканда эртеден бери үндөбөй бастырып келаткан Түркмөн ажы сөзгө аралашып, кана туугандар солто Каратайдын олуялыгына эми ынандыңарбы дегенде, бакылдаган көпчүлүктө тынчтык өкүм сүрүп күбүр шыбыр болуп тынып калышты. Элибизде бекеринен "кудайды көрбөсөң да акылың менен тааны" — деп, мына ушундайдан чыгып айтылган кеп экен. Андан көрө мындай касиеттүү олуя адамдарга сый-урмат кылып колдон келсе алдынан туура чыкпай ызааттап батасын алышты ойлоо керек деди.

Өткөндөгү кылган ишиңер тиги, жээ мени укпайт, билбейт дейсиңерби. Бир ат алабыз деп, бүт бир уруу элди сөзгө жыгып, өмүрү баш көтөргүс кыла таштадыңар. Айылда отузуң эмес, онуң биригип бир жылкыны тымтыракатын чыгарасыңар. Бул жерде отузубуз чычкандай бир чычкак козунун этин түгөтө албадык. Жээ кебимдин чеки жери барбы Каныбек аксакал, кандай дейсиң Эгемберди деп суроолуу карады. Атчандар дагы кандай кеп чыгып кетет дешип үн катпай бастырып келе жатышты.

Каратай олуя чыныгы кудай адамы, тамак тартылаарда чыгданга туруп барып кудай менен сүйлөшүп жаткан, дубасын уктуңарбы?

Мендей пендеңди, Теңирим колдоор бекен? — деп, сүйлөшүп жатты деп Түркмөн ажы дин, кудай жөнүндө көптөгөн дагы насыят сөздөрдү айтып, туугандарын экинчи ооз ачкыс кыла биротоло кеп менен ныгырып жатты. Каратайдын олуялыгы, кеңпейил, берекелүүлүгү жөнүндө сөздөр эл арасында кеңири тарай баштайт. Бул сөз акыры Каратай аз да болсо колунда баласындай болуп анын таалим-тарбиясын алган Мамбетке да жетет. Казак элинин улуу-кичүү, акылмандары эртели-кеч, алиги алар менен насиптеш болуп жүргөн кыргыздын Каратай деген уулунун чыны менен акылы тунук көзү ачык олуя болгону, колу ачык берекелүүлүгү жөнүндөгү кептер тарагандан-тарай берет. Кезектеги кеп-кеңешинде Мамбет байдын жан-жөкөрлөрү, сөз учугун чыгарышып Маке алиги сиздин кыргыз уулуңуз жөнүндө көптөгөн ак сөздөр айтылууда. Сиздин бу Каратай жөн Каратай эмес, бул кыргыздардын "олуя Каратайы" — деген аныктооңуз, Кудайдын кулагына да жеткен окшойт. Ырасы менен көзү ачык олуялыгын акыркы учурларда кептегендер көп болууда деп калышат.

Ал ангыча бакыйып эл ортосунда отурган, Мамбет байга кептеген кеп-кеңеши эки болбогон таасирлүү казактын Кендебай султаны кеп кезегин ала, Ие-е Маке! Эгерде сиз макул десеңиз, мына сыртта күн жаз, эт аз демекчи, мал арык үзүмчүлүк өкүм сүрүп турган мезгил. Осы казактын канча берекеси кыргыздын олуя Каратайына жукту экен? Жигиттерден бир жоон тобун жөнөтүп байкап көрбөйлүбү? — деген пикирин билгизет. Мамбет байга бул сөз кичине оорураак тийди. Көрсө бу элим менен айткандарыма ишенгенинен ишенбегени көбүрөөк турбайбы деп. Мамбет бай токтолбой, андай болсо тандалган жигиттерден жыйырма-отузун жөнөткүлө, Каратай олуя алып кеткен казактын берекесин көрүп келишсин, эгерде казак элинин чыны менен берекеси кетпеген болсо, аны билип келишсин деп Мамбет бай буйра сүйлөдү. Отургандар кеңири кеңешишип бир бүтүмгө келишти. Булардын максаты да жогоруда кеп кылган кудум Түркмөн ажылардын ойлогонундай эле. Үчөө-төртөө күттүрбөй салам айтып түшүп, эт бышканда калганы саламчы болуп байкоосуздан келип калмай. Жазга маал атайын Каратайды сөзгө жыгуу максатында казак катнаштары кокустан эле үчөө-төртөө келип калышат. Булардын максаты үч-төрт кишиге козу сойсо, тамак бышканда силер баса түшөсүңөр деп жыйырмадай жигиттерди артка калтырып келишет. Ошондо бул Каратайдын олуялыгын көрөлү дешип. Тарткан тамагын талап жеп бир мазактайлы деген пикирде болушат.

Чакыруусуз келген меймандардын пейилин байкаган Каратай чоң атабыз, бул меймандарды күтсө бир Айбөбөгүм күтө алат деп, ошол айылга түшүрүп тосуп алышат Айбөбөк эне келген меймандарды көптөн бери сагынгандай чыдамсыздык менен жадырап-жайнап тосуп алышат. Ал-ахвалды сурашкан соң Айбөбөк энебиз дасторконун кенен жайып, душман көзүнө деген каткан-куткандарын бүтүндөй жайнатып коё баштайт. Келиндерин жумшап арыдан-бери казан-казан ысык нандарды казанды көмөрө бышырта баштайт. Алда кандай болот деп адыраган арпа, талкандан тай казан менен бир көжө бышыртып даярдыгын көрө баштайт. Меймандар келээр менен обочороок жердеги боз үйгө беш жашар "ноо чарыны" (торпоктой болгон койду) куйкалатып сойдуруп, этин бузуп чыпчыргасын коротпой иче-карды менен кошо тай казанга салышып бышыра беришет. Сойулган кой семиздигинен кабыргалары ичкерип чийдей болуп кабыргасындагы кыртышы үч элиден жоон болгон экен. Койдун этине кошуп элибизде "узунсарыга" сактаган кыштагы кул жебестерди, чучуктарды кошо бышырта берет. Болжогон убакыт болгондо атсалоомумалейкум дешип бирнен-бири өтө жарыша дагы жыйырмадан ашык казак жигиттер түшүп калышат. Меймандарды отургузуп атайы ачка болуп келген казактарга казан-казан жаңы бышкан ысык нандарды чай менен шыкап ортосунда урматтуу туугандар күн жаз, эт аз дегендей демиш болуп, жаңы эле бышырылган адыратма жармадан табак- табагы менен бышкан жарманы да ичирип жиберишет. Айтса айтпаса төгүнбү, бу эрте жаздагы арыкчылыкта кайдагы согум дешип казактар нан менен жарманы жалмашат.

Айбөбөк эне мындай меймандардын далайын тосуп жүрүп көңүмүш адетке айлангандыктан, баягы көндүм иштердей мейман камын көрүп жатышты. Келиндерине Айбөбөк эненин жеңдей болгон баштыкта каткан унунан келиндерге кесме кестирип жаңы бышкан сорпого бир тай казан майлуу ботко жасатып чыгарып келишип, төрт кишиге бирден табак ботко салдырып үстүнө эки жиликтен устукан кабырга, омуртка, ич этин алардын үстүнө сактаган кул жебес чучуктарын кошо тартканда эртеден бери эптеп карынды тойгузууну көздөгөн казак туугандар аптыгып арпа жарма менен нанга тоюп алышкандыктан, табактагы этти толук түгөтө албай калышат. Бул бешбармактын артынан ак серке, андан кийин курутту аябай эзип үстүнө сары май томуруп салдырып, кесе-кеселеп алып келип казак туугандарды тосушкан экен. Мына береке, мына сарам-жалдуулук деп ушуну айтса болот. Ошол күндөн ушу күнгө чейин эл оозунда сөз болууда. Ошентип чакырылбай атайы Каратай чоң атабызды сынаганы келген казак меймандар Каратай чоң атабыздын чыныгы олуялыгына таң калышкан тура. Албетте атабызды олуялыгынан шек алдырбаган Айбөбөк энебиздин сарамжалдуулугу, ар-намыстуулугу, акылдуулугу, айкөл, амалкөйлүүлүгү болуп отурбайбы.

Элибизде болоор болбостон көңүл алат, болоор болбостон көңүл калат дегендей энебиз Айбөбөктүн акылдуу, сарамжалдуулугу чоң атабыздын абийирине абийир кошкон тура.

Казактын Мамбет байына барган жигиттери, олуя Каратайга барып келгендерин ортого кептеп беришти. Бирок алды менен арпа жарма менен жапкан нанга өтө тойуп алгандарынан сөз козгошкон жок. Эгерде андан сөз болгондо, Мамбет байдан атайы барып, айткан тапшырманы аткара албагандыгын ашкерелеп алышман. Алар да сойулган койдун семиздигин, Каратай олуянын берекелүүлүгүн кептеп тим болушту.

Каратай атанын олуялыгы жөнүндөгү кеп, ошол айыл-апада эле эмес, бүгүнкү күндө бүтүндөй кыргыз журтчулугунда да кеп боло калганынан кабарлайлы.

XXI кылымдын башталышы журналист Бейшенбек Бекешовдун “Коломто” деген берүүсү январь айынын аяк чендерине (25) уюштурулуп, анда деги эле сарамжалдуулук, берекелүүлүк жөнүндө аңгеме болуп жатты. Коломтонун катышуучулары ар кими бул жөнүндөгү өз билгендерин, көз караштарын айтып жатышты. Республикабызга белгилүү жазуучу бүгүнкү ардагер Жакып Медетов мырзанын айткан сөзүн сөзмө сөз келтирейин: “Бу сарамжалдуу болуш ар бир эле адамдын колунан келе бербес, мен билгенден Панфилов районунда Эркин-Сай деген айылда Жайыл баатырдын уулу-небереси Асан-Каратай тукумунда, Каратайдын эки аялы болот экен. Биринчиси Касбаласы өңүтүсү абдан сулуу келишкен аял болсо, экинчи аялы Айбөбөктүн өңдүү-түстүү болбогону менен жеткен акылдуу, ар нерсени акыл калчап иш жүргүзгөн, өтө сарамжалдуу ары берекелүү, амалдуу аял экен.

Өмүрлүк жары Каратай эрте келеби, кеч келеби кабагым-кашым деп сыр алдырбаган, өтө сыпаа, колунан көөрү төгүлгөн чебер аял окшобойбу.

Ушул күнгө чейин Каратай чоң атабыздын олуялыгы тууралуу кыргыз-казак арасында кеп-кеңештерде сөз илээшкен учурлар бар.

Урматтуу окурман, Жайыл баатырдын небереси олуя Каратай жөнүндөгү сөздүн бүгүнкү күнгө чейин айтыла калып жүргөнүнө өзүңүздөр күбө болдуңуздар. Ал Каратай ата туулуп өскөн айылда эле эмес, бүтүндөй кыргыздын кыйырына райдио аркалуу теле берүүлөрдө да жетип жатпайбы.

Бизге жеткен санжырадагы кеп-кеңештерде Асан атанын Каратайынын үч аялы болгону маалим. Биринчи аялынан Кожогелди, Толкунбай жана Сейит. Экинчи аялы Касбаладан: Эркинбай, Чолпонбай, Садыр, Жаныш жана Алчыкелер. Үчүнчү аялы Айбөбөктөн: Сүймөн, Тыныш жана Шатен аттуу уулдары болгон. Эмесе Каратай атанын жогорудагы он бир уулдарынын тарашын чечмелөөгө аракеттенели.

Бүгүнкү күндө көзү тирүү сексендин сегизиндеги Каратай атанын чөбөрөсү Чөйбектин кенже уулу Аманбек аганын айтымы боюнча Каратайдын биринчи аялынан Кожогелди, Толкунбай жана Сейит уулу болгон.

Эмесе кеп учугун Каратайдын Кожогелди уулунан баштайлы.

сүрөө №22 (55)

Жайыл

Асан

Каратай

Кожогелди

Чымыр

Момункан
Мамыркан
Өмүркан
Бакен
Шакен
Супатай
Табыш
Эсенбай

Осмон
Омор
Черик
Жаныбек
Баатыр
Сагыналы

Кубат
Капар
Замир
Дамир
Тимур

Нурбек
Мирлан
Бактыбек
Жеңиш
Бакыт
Нурлан
Үкү

Үрүстөм

Жолдош
Улан
Дастан
Азамат

Толкунбай

Шамен
Ботбай
Абдылда

Бердалы

Самыйбек
Самат
Кушбек
Кумарбек
Майрамбек
Тахир
Анвар
Адыл
Замир
Назарбек

Асанбек
Айылчы

Айдаралы
Бердалы
Абдыкадыр

Сейиттин сегиз уулунун балдары

1. Найманбай — 2
2. Ушунбай — 1
3. Шыйкынбай — 4
4. Төкө — 5
5. Нурак — 2
6. Назар — 1
7. Мамбет — 3
8. Кененсары — 2

20

Сейиттин балдарынын тарашын өзүнчө чечмелөөгө аракеттенели.

# СЕЙИТТИН СЕГИЗ УУЛУ

Урматтуу окурман! Сейиттин сегиз уулун өзүнчө берүүгө аракеттенели. Анын сегиз уулунан 20 небереси болгон экен.

Жогоруда көрсөтүлгөндөй Каратай атанын биринчи аялынан Кожогелди, Толкунбай жана Сейиттер бой тартып эр жеткенде өз алдынча үй көтөрүп, үйлөнтүп-жайлантып бөлүп чыгарат турбайбы. Улуулата Кожогелди, Толкунбайлары бөлүнүп чыгат. Кыргыздын ата-бабадан калган салты боюнча кичүү Сейити ата-энеси менен бирге туруп калат, демек мал, мүлкү да салыштырмалуу балдар арасында эңчи бөлүштүргөндө Сейитте көбүрөөк калганы маалым болот.

Кожогелди менен Толкунбай мындай көрүнүшкө ич ара атасы Каратайга нааразы болушуп, кайра келишсе атасы бар, иниси Сейит үйдө жок болот экен. Ошондон пайдаланып атасына өтөөр-кетээр кептерди айтып, атасынын түшүндүргөнүнө ачуулары келип кол көтөргөнгө чейин барган тура. Ачууга жеңдирген ата, балдарынын бул жоругуна ыза болуп, ачуу үстүндө: Ээ жараткан Алла таалам! Көкө Теңирим! Мына бул атага наалат айткандардын өмүрүн пайгамбар жашына жеткирбей, тукумун ондон ашыра көрбө деп, жиберген дейт. Ошентип арыкта аккан сууга көзүнөн чыккан жашты чайып отурганда, кичүү уулу Сейити келип калат. Атасынын өзүнчө кейип, ыза болуп кобурап отурганынын жөнүн сураганда Каратай улуу балдары Кожогелди, Толкунбайлар келип нааразылыктарын билгизип сөз тийгизгенин баяндайт. Сейит дароо аргымагына минип агаларынын келген тарабынын артынан Чу койот.' Ошондо Каратай олуя кудайдан кош колдоп, жалынып жатып суранат. Ээ жараткан парвадигер Теңирим! Сейиттин минген атынын бутун тушай көр, Сейит Кожогелди менен Толкунбайга жетпесин деп, жалынган экен. Олуянын тилеген тилегин кудай таалам орундап, Сейит агаларын кууп жетпей кайра келет.

Сейиттин он үч, он төрттөргө келип эми жаңыдан күчкө толуп келе жаткан учуру экен, атасы Каратайдын энелеш агалары эртели-кеч көчүп конгондо пайдасы тийген бир чоң буура төөсүн атасынын агалары утурумдукка көчүп алалы деп сурап кетишип, бирок кайта сураса эле бошобой жатат деп ар кандай шылтоолорду айтышып беришпейт. Сейит узун бойлуу, алдуу-кчүтүү жаңы күчкө толуп келе жаткан мезгили окшойт, атка минсе үзөңгүгө бутун салса эки тизеси аттын кулагына жетип, бутун бош кое берсе эшек мингенсип эки буту жерге салаңдап калуучу экен. Күндөрдүн биринде атасы Каратайдан буура төөнү алып келемин деп калат. Атасы берээр бекен, же жөн эле койсоңчу балам, иштери бүтсө кабарлашаар дейт. Ага болбостон Сейит жок мен алып келем деген бойдон аргымак атына минип жол астына чоң аталары турган жерге бастырып барса, жазга маал жаңыдан күн ысып, боз үйдүн туурдугунун этектерин түрүп коюп шамалдатып отурушкан экен. Аны узактан баамдаган Сейит жакындаганда добушун катуу-катуу чыгарып, бу эмне булардан башка адамдарга тиричилик-

тин кереги жокпу. Керек деп алгандан кийин кайтарып берсе болбойбу деп, аттан түшпөстөн буура байланып турган мамыны бир колу менен эле сууруп алып, төөнү жетелеген бойдон кетип калыптыр. Атасынын агалары жана балдары боз үйдөн чыгып, ал-бул дешпей тим калган дешет. Мына ошондон баштап Каратай чоң атабыздын кадыр-баркы энелеш туугандар арасында да, аталаш туугандар арасында да көтөрүлгөндөн көтөрүлө берген тура.

Кыргыз элиндеги "Арыктан аккан суунун баркы жок" — деп, айтканы бекеринен эместигин күндөлүк турмуштун агымы айгинелөөдө. Өзүңүздөр күбө болгондой Кыргыздын, казактын кадырлаган, сыйлаган, урматтаган адамына жогорудагы балдарынын мамилесин угуп, аттиң, аттиң опосуз дүнүйө дегенден башка сөз таба алчудай эмессиң. Бул жашоодо адам баласы дүнүйө деп, эмнелерди гана жасабайт да, эмнелерге барбайт. Мындай көрүнүш бүгүнкү күндө ар бир урууда эле эмес, ар бир үйдө кездешип жатканына күбө болуп отурбайбызбы.

Элибизде бекеринен "Атанын каргышы ок, эненин каршышы бок" — дебесе керек. Ачууга алдырып, катуу ыза болгон атанын бир ооз сөзү менен Кожогелди, Толкунбайдын укум-тукумун Сейиттей инилериникине салыштырып көрсөңүз, айтылган макалдын төгүнсүздүгүнө аргасыздан ынанасыз. Бул окуяны өзүңүз салыштырып, өзүңүзчө жыйынтык чыгарганыңыз оң болоор окурманым.

сүрөө №23 (99)


Жайыл
Асан
Каратай
Сейит
Найманбай
Кочкор
Сүйүндүк
Шадыбек
Шеримбек
Турдубек
Тайлак
Райымжан
Жетиген
Сатыбалды
Байыстан
Тимурлан
Мирлан
Мирзат
Максат
Жумалы
Асанбек
Мукамбет
Абдырайым
Апыш
Сахадин
Календир
Болот
Эрнист
Максат
Канат
Кайрат
Азамат
Айбек
Нурбек
Нурбек
Нурак
Касым
Эралы
Эркин
Алымбек
Манас
Нурлан
Алманбек
Биримкул
Сабыркул
Токтош
Улан
Нурбек
Тилек
Ташыбек
Омор
Кубан
Нурлан
Нурдин
Мирлан
Руслан
Талант
Таалай
Айбек
Мирзат
Мирбек
Азамат
Нурдин
Ушумбай
Курама
Абдыракман
Жекшенбек
Сардарбек
Кубанычбек
Муктарбек
Мирзат
Кенжебек
Улан
Жандарбек
Иринат
Чынгыс
Назарбай
Муса
Казак
Исак
Оросулбай
Нарын
Чубак
Жайыл
Нурсултан
Дүйшөнбек
Жекшенбек
Мирлан
Темирлан
Алмаз
Исраил
Аскар
Таалай
Нурбек
Райкан
Рыскан
Сталбек
Болот
Адилет
Бактыбек
Азамат
Марлис
Максат

Сейит атадан Найманбай, Нурак, Ушумбай жана Назарбай уулдарынын тарашы берилген. Нурак уулунун Касымынан Биримкул. Биримкулдун улуу баласы Ташыбек.



## БИРИМКУЛОВ ТАШЫБЕК

Ташыбек 1939-жылы Панфилов районуна караштуу Букара айылында төрөлгөн. Эркинсай орто мектебин аяктагандан кийин К.И.Скрябин атындагы айыл-чарба институнун ветеринария факультетин 1964-жылы ийгиликтүү аяктаган.

Эмгек жолун институтту бүткөндөн кийин Панфилов районуна караштуу Тельман атындагы совхоздо катардагы ветеринардык врачтыктан баштап совхоздун башкы ветеринардык врачы болуп узак жылдары үзүрлүү эмгектенди. Ташыбектин ишине жөндөмдүүлүгү терең бааланып райондук ветеринардык станциянын башчылыгын жетектөө иши жүктөлгөн.

Үй бүлөлү, өмүрлүк жары Темирбекова Жүзүм менен Айнурадай кызы уулдары бар. Айнура биология илимдеринин кандидаты, бүгүнкү күндө докторантурада окууда, эртеңки илимдин доктору болooруна шек жок деген пикирдебиз.

Элестелип баскан турган курагын,
Саамайыңдан сылайм деген убагын.
Иш деп жүрүп бүт өмүрдү өткөзүп,
Мезгил бүттү, жүрөк токтоп кур-алың.
Деген менен бүлбүл сымал жашоо бар...
Эске тутуп, эстеп койоор убагың.

Жаштык өтөт, жалындаган чок болуп,
Алды-артына карабаган ок болуп.
Назар салып аркаңа бир кылчайсан,
Ылдыйлайсың бара-бара токтолуп.
Мыйзамына баш ийебиз жашоонун,
Мезгил өткөн ойноп-күлөөр оштонуп.

Жүзүң сүйүп бир кумардан тарабай,
Үмүт деген үзүлбөй жаш баладай.
Закымдаган мезгил өтүп арадан,
Үзүрү жок күндөр бүтүп чаладай.
Махабат бул «алоолонгон чок» — тура,
Мезгилиңе жаш-карыңа карабай.

*7[01] 21.04.03*

## ТАШЫБЕК КЫЗЫ АЙНУРА



Ташыбектин улуу кызы Биримкулова Айнура Сейит атанын тукумунан чыккан биринчи илимдин кандидаты (биология, вирусология) Айнура чет тилдерден немис тилинде эркин сүйлөй алат. Бүгүнкү күндө агрардык академиянын ветеринардык факультетинде мугалим болуп иштөө менен илимий иликтөө, изилдөөлөрүн ишеничтүү улантууда. Айтайын дегеним кыргыз кыздарынын ветеринария тармагындагы алгачкы вирусологтордон эртеңки илимдин доктору экендигинде талаш жок. Айнуранын Таалай, Талант, Айбек аттуу инилеринен да ветеринардык врач болуп иштегендери бар. Ал эле эмес ак сүтүн берип эмизген энеси Жүзүм Темирбекова да 1959-жылы айыл чарба институнун ветеринария факультетинин студенткасы болгон. Демек Айнуранын ветеринария тармагына кызыккандыгынын негизги себептеринин бири бул ата-энесинин бул кесипти аркалагандыгы болуп жүрбөсүн.

Негизи жок ишти эске түйбөгөн,
Негизи жок чеки кепти сүйбөгөн.
Натыйжалуу иштери көп татырлык,
Назар тута чет тилдерн үйрөнгөн.
Наар албастан күнү-түнү иш менен,
Немисчени кыргызындай сүйлөгөн.

Биология тармагында берилген,
Биримкулдун небереси керилген.
Вирусолог эң биринчи кыргыз кыз,
Бүт кыргызга илим мындай дедирген.
Берлинде тажрыйба жүргүзөт...
Бул да болсо, буйругудур Теңирден.

*4[41] 22.04.04*

Ал эми Сейит атанын Ушумбайынын Курамасы да купуя сырлуу инсан болгонун көрүп билген ага туугандары бүгүнкү күндө да эл оозунда кеңири айтылууда. Замандаштары Сопу деп аташчу экен, анткенинин себептери болгондугу айдан ачык деңизчи. Эмесе анын чын же төгүндүгүн тактоо максатында болгон окуяларынан айрым маалыматтарды баяндайлык.

Сопу адам мусулманчылыктын бир милдети бул Меккеге барып кудай тааламга зиярат кылып, ажы болуу экен деп, жанына эки сапарлаш жолдошторун алып Меккеге жол тартышат. Өзүңүздөргө белгилүү бүгүнкүдөй ылдамдыгы үндүн тарашынан да тез учуучу учактардын

ал эле эмес, азыркыдай автоуноо, мерседестердин дээрлик жок мезгили. Ажылыкка үйдөн кудай деп чыгып, кудайым буйруса аман эсен кайра эли-журтуңузга "үйүрүңүзгө" кошуласыз. Кокустан кудай таалам буйрубаса анда айла жок, ичээр сууңуз, көрөөр күнүңүз бүткөн жерде, бул жарыкчылык менен түбөлүккө кош айтышып түп-түз эле бейиштин төрүн карай кирип кетесиз (молдокемдердин айтуусу боюнча).

Ээн талаа, эрме чөлдө Меккеге бет алган инсандар кыйналдым, кысталдым дебей, баардыгы пешенеге жазганы муну көрүү шарт деп белди бек бууп бир эмес, бир нече жылдарда Меккеге барып, кайра аман эсен кайткандары болгон. Курама сопуда да ээн-талаада отуну жок оту жок, бир тамчы суусу жок жол жүрүп отуруп акыры бир кумар канганча чай ичүүнү көксөшөт. Сопу эки досун от жакканга отун терип келүүгө жумушап, өзү суу таап келүүгө кетет. Арадан чай кайнам убакыт өтпөй жетишээрлик суусун көтөрүп келип, чай кайнатып ичишип дем алышат. Эртеси таң атып атпай жолго чыгышып, керели кечке жол жүрүп күн иңир болгондо кечеги Курама сопу суу алган жерге жетишет экен.

Экинчи бир болгон окуя, Кураманын атасы Ушумбай, Кадыркулдун атасы Төкө да Сейиттин балдары. Үйлөрү Алтын-Арыкта экен, аралыгы (20-25) чакырым жердеги Кураманы оокатка чакырып келүүгө барат экен. Курама сопуга жолугуп атасынын саламдубасын айтып кайра аттын тизгинин бурат. Курама сопу, болуптур бар-бара бер деген жообун берип, кудай буйруса мен да барып калаармын дейт. Кадыркул кайтып келип, аттан түшүп үйгө кирсе Курама сопу атасы менен чай ичип отурганын көрүп, шашканынан Атсалоу малейкум деп жиберген экен.

Курама сопу Кадыркулду уялтпай саламын алик алып, казыр эле үйдөн учурашпадык белек, мейли саламдын (учурашуунун) зыяны жок, демек арзанчылык болот экен деп, сөздү башкага бурган экен. Кадыркулдун атасы болгон окуяны өзү көрүп түшүнүп-түшүнбөй калат.

Курама сопу жайы-кышы дебей, ысык-суук дебей дайыма бутуна ак чокойу бар экен ошону кийип жүрчү экен. Бул окуяны Кадыркул ишенсиң, ишенбесеңер өз эркиңер бирок бул болгон окуя деп, тангалганын айтканын уккан айыл аксакалдарынан угулган кеп.

## МУСА УУЛУ КАЗАК



Сейит атанын Назарбайынын **Муса** уулунун Казак, Исак жана Оросулбай (Окен) үч уулу. Казактын Исрайыл уулу кесиби мугалим болуп эл агартуу тармагында эмгектенди

Ал эми Исак болсо Ата-Мекендик согушка кетип, кайра кайтпай калды, эли-жерди кас душмандардан коргоп жүрүп курман болду. Уулдары Дүйшөнбек менен Жекшенбектери калды Алар жөнүндөгү баяндама менен таанышсаңыз болот.

Казак ата 1885-жылы Панфилов районунун Сай Арык (Букара) айылында төрөлгөн. Жаштайынан ата-энеден ажырап кичине бөбөктөрүн өзү асырап багат. Колхоздоштурууга активдүү катышып жалпы жашоочулардын талкуусуна салып (кедей кембагалдардын айылы) «Букара» — деген атты айылга колго салып жатышып аталган экен. Кийин колхоздун аты да Букара колхозу болуп аталат. Анын биринчи башкармасы болуп Казак ата шайланганын бүгүнкү Букара айылынын бардык эле тургундары биле бербесе керек.

Муса уулу Казак Букара колхозун уюштуруп 1932-жылы, жети жыл анын башкармасы болуп иштеген. Кийин колхоздун белдүү активдеринен болуп эмгектенди. 1941—1950-жылдары (андагы Калинин району) бүгүнкү Жайыл районунун финансалык инспектору болуп эмгектенген. 1950—60-жылдары райондун «Мергенчилик союзунун» кызматкери болуп иштеди.

Казак атанын **Ысрайыл** аттуу бир уулу өмүр бою Сайарык орто мектебинде мугалим болуп иштеген. Анын уулдары Райкан, Рыскан, Стал жана Болоттор айылдын белдүү фермерлери болуп үзүрлүү эмгектенишүүдө.

Сай-Арык орто мектебинен Ысрайыл аганын колунан окуп билим алгандар бүгүн чарбанын алдынкы адис, кызматкерлери жана фермерлеринен боло алды.

## МУСА УУЛУ ЫСАК



Ысак атабыз 1900-жылы, XX-кылым башталганда Панфилов районундагы Букара айылында төрөлгөн. Ошол учурларда Кыргызстанда адамдар арасында келте оорусунун эпидемиясы каптап ата-эненин үч уул бир кызы томолок жетимчиликти баштарынан өткөрүү шыбагасы таалайларына жазылган экен. Албетте ошол учурда бийлигине, байлыгына чиренген элдеги жакын туугандардын ар кандай үй кызматтарын аткарышып

отуну менен кирип, кулу менен чыгып жүрүшүп өлбөстүн күнү өтөт. «Өлбөгөн адам алтын аяктан аш ичет» — дегендей, кечеги жетим балдар бара-бара жетилип, турмуштун ысык суугун, ачуу-таттуусун баштарынан өткөрүшө эр жетишет.

Ысак ага кең пейил, ак көңүл, адилеттүү кара кылды как жарган калыстыгы менен жоро-жолдошторунун оозуна кеңири алынып калайык калкка кадыр барктуу инсандар экен. Ошол учурда кант кызылчасын өстүрүү жаңыдан колго алынган мезгил экен, Ысак ата баш болгон (бригадир) эмгекчилер Букара колхозу эле эмес бүтүндөй Панфилов району. Республикабызда рекорддук түшүмдү алышкан, ар гектарынан (800-1000 центнерден) эмгеги Өкмөтүбүз тарабынан жогору бааланып областык Советке депутат болуп шайланган. 1939-жылы Москва шаарындагы эл чарбасынын жетишкендиктеринин көргөзмөсүнө катышып көптөгөн баалуу сыйлыктар (килем, патефон, саат, акчалай) менен сыйланган. 1939-жылы ал учурда республикабызда эми колго алынып келе жаткан киного тартып алышкандыгын айыл тургундары кеп кылышат.

Ысак атанын эмгектеги ийгиликтерин республикабызда эми калыптанып келе жаткан кино тармагы толугу менен кино лентасына тартып алганын айыл тургундары али да кептешет. (Абурасул, Эсенгул ж.б. лар). Бул маселени уулу Жекшен республикабыздын киностудиясынын архивине барып сураштырып толук маалымат алса болоорун эскерте кеткибиз келет.

Бул шум ажал Ысак атага да сук колун сунуп, 1940-жылы январь айында, кыштын кычыраган суугунда алып тынат. Букара айылынын тарыхында биринчи жолу Ысак ата каза болгондо областык Советтин депутаты катары жоктошуп райондун чоңдору атайын музыка алып келишип аза күтүү музыкасынын ойноосу менен Ысак атаны акыркы сапарына узатышкан эле.

Ысак атанын өмүрлүк жары Күмүш эне 1916-жылы Тельман айылында төрөлгөн. Күмүш эне Ысак атанын жеңилин жерден, оорун колдон алып бирге иштешип зор ийгилик жаратышына салымын кошо алган.



## ЫСАК УУЛУ ДҮЙШӨНБЕК

Дүйшөнбек агабыз 1938-жылы Панфилов районунун Букара айылында 5-майда төрөлгөн экен. Ысак ата менен өмүрлүк жары Күлүм эне бечара он жети наристе төрөп, утуркусу утуру каза болуп кудайга зар какшашкан күндөрү баштарына келет. Акыры кыргыз калкынын болгон үрпадет, каада салт, ырым-жырымдарын толугу менен аткарышат. Акыры он алтынчы баласы төрөлгөндө ырымдашып жаңы төрөгөн энеге, ой жок,

бала эмес, бир күчүк төрөлүптүр дешип жаңы туулган күчүктү көргөзүп коюушат. Эненин жүрөгү зар какшап тынып калат. Жаңы төрөлгөн наристени (күчүк) деп ырымдап жүрүп, кийин эр жеткенде Асан чакырып койгон Дүйшөнбек атына көчкөнү айылдын эски тургундарынын эсинде.

Ооба Дүйшөнбек он жылдыкты 1955-жылы Эркинсайдан бүтүрүп, айылда колхоздун ар кандай иштеринде иштеп келген. 1960-жылдары Кара-Балтадагы (почтовойдо) тоо-кендери боюнча заводдо катардагы жумушчу болуп иштөөдөн баштаган. Бара-бара дилгир, жигит бригадир, мастерлик кызматтарга чейин көтөрүлүп жумушчуларды башкарган. Канча болсо да заводдо түрдүү-түстүү тоо тектерин иштеткендиктен мүмкүн анын жогорку радиациясы таасир эттиби айтор алтымышка толгон агабыз Дүйшөнбек жарыкчылык менен кош айтышып келген сапарына жол тартты.

## ДҮЙШӨНБЕК УУЛУ АЛМАЗБЕК



Алмазбек мырза Жайыл районунун борбору Кара-Балта шаарында 1961-жылы төрөлгөн. Шаардан окуп онунчу классты ийгиликтүү аяктап борборубуз Бишкек шаарындагы К.И.Скрябин атындагы агрардык академиянын гидромелиоративдик факультетине өтүп, толук билимин алып жогорку билимге ээ болот.

Эмгек жолун өндүрүштө өз кесиби боюнча катардагы эле адистиктен баштап, бара-бара инжинер, башкы инжинери болуп үзүрлүү эмгектенди. 2004-жылдын башынан баштап Жайыл районунун сугат тармагы боюнча башкармалыгынын төрагасы болуп дайындалды.

Алмазбек үй бүлөлү, уулу Назар орто мектепти бүтөөр алдында.

Суу адамдын көңүлү,
Суусундугу төгүнбү?
Суусаган билет, суу баркын,
Суу адамдын — өмүрү.
Суу жашоо булагы,
Кайнабас суусуз — чөгүнүң.

*15[22] 17.10.04.*



# ЫСАК УУЛУ ЖЕКШЕНБЕК

Жекшенбек мырза 1940-жылы 1-майда Панфилов районуна караштуу Букара айылында төрөлгөн. Өкүнүчтүү жери Жекшендин төрөлүшүнө үч ай калганда атасы Ысак катуу оорунун кесепетинен каза болгон. Жекшен мырзанын арманы, атасын көрбөй калганы. Ооба, жетим болуп төрөлүп, кайдагы жыргалды көрмөк. Эптеген жашоо, дегендей кыйын кезек. Жетинчиге чейин өз айылында окуп, онунчу класссты Эркинсай орто мектебинен 1957-жылы бүтүргөн. Эки жылы колхоздун ар кандай иштеринде иштеп жүрүп, айдоочунун (шофердун) курсун да окуп айдоочу деген күбөлүгүн алып эки жыл колхоздун автомашинасын башкарып эмгектенди. 1961-жылы Фрунзе шаарына келип, автотресте диспетчер болуп ишин улантып жүрүп Университеттин экономика факультетинин өнөр жай бөлүмүнө кирип 1969-жылы ийгиликтүү бүтүргөн.

Жогорку билимдүү адис, эмгек жолун финансы министрлигинде экономист болуп иштөөдөн баштаган. 1971—1976-жылдары Жайыл районуну финансы бөлүмүнүн төрагасы, 1976—1984-жылдары Жайыл жана Панфилов райондорунун финансы бөлүмүнүн төрагасы, 1984—1986-жылдары Панфилов районунун байланыш бөлүмүнүн начальниги, 1986—1988-жылдары Финансы Министрлигинде башкы адис болуп үзүрлүү эмгегин уланткан.

1988—1993-жылдары Кыргызсбербанкта КРУнун начальниги болуп иштеген. 1993—1995-жылдары Өнөр жай жана Соода министрлигинде ревизор болуп иштеген. 1995—1997-жылдары «КИП» те генералдык директордун экономика боюнча орун басары, 1997-жылдан бери Борборубуздагы Биринчи май районунун салык инспекциясында улуу инспектору болуп эмгектенүүдө.

Жекшенбек өмүрлүк жары **Рапия** менен эки уул үч кыздуу болду. Улуу уулу Мирлан атасынын жолун жолдоп Мамлекеттик университеттин экономика факультетин бүтүрүп, азыр өз кесиби боюнча Америкада эмгектенүүдө.

Ал эми кенже уулу Темирлан университеттин юридика бөлүмүндө окуп билим алууда.

Бирге окуп, бирге жүрүп,
Бирге ойноп, бирге күлүп.
Бирге өттү балалыктар,
Бир мектепти бүтүрүп.
Бир атанын балдарыбыз,
Билип-билбей жүгүрүп.

Окудуң билим алалдың,
Ойлогон ойду таналдың.
Орозгер күтүү ишке ашып,
Орундуу мырза сан алдың.
Окутуп уул-кыздарды,
Омоктуу ишке кадалдың.

Салыгын жыйып элиңдин
Салтанат ишке берилдиң.
Сасык ой сараң байларга
Сарэсеп сала теминдиң.
Сары-Өзөн Чүйдү мекендеп,
Саамалын ичтиң Кеминдин.

*5[57] 10.06.02.*

## ЖЕКШЕНБЕК УУЛУ МИРЛАН



Мирлан мырза, 1973-жылы 20-ноябрда Кемин районунун борбору Быстровка айылында туулган. Он жылдык билимди борборубуз Бишкек шаарындагы №27 орто мектептен окуп билим алды. Мирлан атасынын жолун жолдоп Мамлекеттик Улуттук университеттин экономика факультетине өтүп, аны ийгиликтүү аяктаган. Жогору билимдүү экономист эколог деген адистигине ээ болгон. «ОсОО Ак-Бата» мекемесинде менеджер, болуп ийгиликтүү эмгектенүүдө, Америкада өз кесиби боюнча атайын (стажировка) курстан билимин өркүндөтүүдө.

Өмүрлүк жары менен 1998-жылы уулдуу болушкан. Уулунун аты Салманбек.

26-август 2004-жылы Азаттык радиосунан Америка Кошмо Штатында (АГАИ) Жайыл атанын тукумдарынан Жекшенбек уулу Мирландын уулу төрөлдү. Жаңы төрөлгөн наристеге.

Амир — деген ысым койушуптур деген кабарды бүтүндөй дүйнө жүзү укканына өтө толкундандык. Мирландын — Амир уулу Кыргыз элинин баатыры Жайыл атанын тукуму жайыла берсин жер жүзүнө демекпис.

Теңир буйруп эл башкараар Эмирим,
Теңир колдоп аман болсун — Амирим.
Тарых бетин таталаган кыргызга,
Телегейи тегиз болсун Теңирим.
Тилегени орундалсын ылайым,
Тукум улаар уул тапкан келиним.
Америка Кошмо Штаттарында,

Анда дагы кыргыздардын барында.
Амир аттуу бир уулубуз төрөлдү,
Атакелейт Жекшен мырза таарынба.
Америка, Аляскалар биздики...
Айта бергин бүт дүйнөнүн баарына.

Кер маралдай керилгенде тер кетсин,
Кудай-кудай, аман-эсен эр жетсин.
Кыргызынын абройун көтөргөн,
Кыраан боло Кыргыз элин дегдетсин.
Кошмо Штатта Жайыл ата тукуму,
Карыганда Жекшен чалга эрмексиң.

*4[57] 1.09.04.*

## МУСА УУЛУ ОРОСУЛБАЙ



Оросулбай агабыз 1910-жылдары Панфилов районуна караштуу Букара айылында төрөлгөн. Жаштайынан ата-энеси, ага-туугандар эркелетип Окен деп жүрүп, айыл-ападагылар Оросулбай десе билбегендер да бар. Жаштайынан тың, зээндүү өспүрүм мектептен талыкпай билим алып кат сабаты жойулат. Ошол учурдун талабына ылайык комсолдун курамына өтүп активдүү жаштардан болот. Колхоздоштурууга активдүү катышкан агабызды Өкмөт менен партия жогору баалап Ташкенттеги университетке жогорку билим алууга 1934-жылы жөнөтүшөт. Окуусун ийгиликтүү бүтүрүп келип республикабыздын агартуу тармагында эмгектенүүсүн уланткан. 1938—1941-жылдары Нарын районунда элге билим берүү тармагынын төрагасы (заврайоно) болуп үч жыл эмгектенген. Бийик тоолуу Тянь-Шандын борборунда иштеп жүргөн агабыз 1940-жылы жайдын чилдесинде уулдуу болушуп атын Нарын деп аташкан. Ата-Мекендик согуш башталганда өз ыктыяры менен арызын жазып суранып жатып мекенди коргоого согушка кеткен. Согушта да илим билимдүү кызматкер эр жүрөк баатыр жоокерлерге саясый жагынан таалим тарбия берип окутуу иштерин жүргүзгөн. Немецстик баскынчылар менен нечен жолу бетме-бет кармаштарга катышып эрдиктерди көргөзгөндүгү үчүн көптөгөн орден, медалдар менен сыйланган.

Акыркы баскынчылар менен айыгышкан кармашта катуу жарадар болуп 1944-жылы согуштан келген. Армиядан келээр менен билимдүү уюштургуч кызматкерлерге зар болуп турган Панфилов районунун жетекчилери Мусаев Оросулбайга Тельман атындагы колхоздун башкармалыгына дайындашкан. 1944-жылдан 1953-жылдары башкарма болуп иштеп бир топ ийгиликтерди жарата алды.

1953—1956-жылдары Оросулбай Муса уулу мамлекеттик маанилүү иштер (тапшырма) менен чет өлкөлөрдүн туристик жүрүштөрдө болгон.

1956—1960-жылдары Панфилов районуна караштуу Эркин-Сай колхозунда башкарма болуп жемиштүү эмгектенген. Колхоздун талаачылык жана мал чарбасынан өнүгүп-өсүшү үчүн зор салымын кошууга жетишкен. Айыл чарба малдарынын асылдуулугунун артышына катуу көзөмөлдү жүргүзгөн.

Ал эми Оросулбай (Окен) эл арасында ушинтип аталып калган. Оросулбай агабыздын кол астында алгачкы эмгек жолумду баштагандыгымды эскербей кетсем болбос. Бул 1957-жылы Эркинсай орто мектебинен он жылдыкты бүтүрүп орто билимге ээ болгон учур. Мамлекеттик медициналык институтунун дарылоо бөлүмүнө тапшырып конкурстан өтпөй калган күндөр. Ал мезгилдерде мединститутка конкурс областар боюнча болоор эле Фрунзе областынан жалаң эле Фрунзе шаарынан бүтүргөн эврей жана европа тилдүү жарандар өтүп, бизге окшоп айыл-ападан келгендердин балы азыраак болуп конкурстун шартына туура келбей калган. Ошол эле учурда Ош областынан келген окуучуларды экзаменден кулап калгандарын кайра тапшыртып жатып эптепсептеп эле үч деген баасы барлар толугу менен студент болуп калышты. Ошентип бул жашоомдо алгачкы тагдыр сыноосуна туруштук бере албай, майтарылып бул эмне акыйкаттык деген кайда же жокпу? деген суроо туулган.

Экинчи жолу элүү тогуз жашка чыкканда 1998-жылы республикабызда кой чарбасын өнүктүрүү боюнча компанентине ишке өтүүгө конкурска катышып, кудай буйруса дебей эле, өз пикиримде өтөмүн деп жүргөм, себеби турмушка такшалган, тажрыйбалуу ветеринардык врач, ветеринария илимдеринин кандидаты, ветеринария газетасынын редактору. Бирок бул сапар да конкурстун талабы өткөрбөй койушту. Себебин издөөгө, аныктоого аракеттенген жокмун, анткени бул жашоодо акыйкаттыктын жоктугуна толук ынандым. Ал эми бул конкурстан ким өттү? Албетте бир "чоң теринин бучкагы" — өттү. Демек бул өтүп жаткан жашоо, алдуу күчтүү, абройлуу, кызматтагы, бийлик башындагылардын өкүмзарлардын заманы. Теңчилик, калыстык акыйкаттык жок экенине аргасыз ишендим. Негизги багыттан четтеп кеткендей болдум окшойт. Эркинсай, Ортокайрыма айылы өзүнчө колхоз болуп башкармасы Мусаев Оросулбай. Окен ага ар кандай иште акыйкаттыкта, калыс чече билген, ишти уюштургуч, чыгаан инсан эле. Чарба баардык тармагынан барабар өсүүгө жетишти, колхозчулардын жашоо турмушу оңолду дегендей.

Ал убактагы колхоздун активдеринин баардыгы ат минип жүрөөр эле, бүгүнкүдөй зыпылдаган жеңил машиналар жок. Качан карасаң жалаңдап талаадан-талааны кыдырып тапшырмаларын берип, ишти талап кылып тыным албаган жетекчи эле. Мал чарбасындагы жетишкен ийгиликтерге чиренбей дагы жогорку көрсөткүчтөрдү талап кылып дайыма малчы, койчу, саанчылардын ишин көзөмөлүнөн чыгаруучу эмес.

# ОРОСУЛБАЙ УУЛУ НАРЫН



Нарын бийик Тянь-Шандын борбору Нарын шаарында 1940-жылы 5-январда төрөлгөн. Атасы ал учурда Нарында зав районо болуп элге билим берүү тармагынын төрагасы эмес беле. Турмуш шартка жараша Нарын жетинчи классты Панфилов районунун Тельман колхозунан бүтүрдү. Жетинчи классты бүтөөр менен борборубуздагы финансы техникумуна өтүп билим алды.

Эмгек жолун алыскы Ала-Бука районунан баштады. Райондук финансы башкармалыгында катардагы инспектор болуп иштөөдөн баштаган. Ишке жөндөмдүү аракетчил жигиттин мээнети текке кетпеди. 1961-жылы Минфинге киреше тармагына ага инспекторлук орунга которуп алышты. Бул жерде жемиштүү аракеттенип эмгектенип жатканда, министрликтин кадырлар бөлүмүн башкаруу кызматы тапшырылат!

Нарын иш менен окууну айкалыштырып университеттин экономика бөлүмүнө өтүп окуусун да уланта берди. 1978—1981-жылдары Министрлер Советинде финансалык тармактары боюнча референттик кызматта эмгектенди. 1981-жылдан 1991-жылга чейин өзү окуп билим алган финансы техникумуна директор болуп дайындалып, үзүрлүү эмгектенип миңдеген-миңдеген финансалык тармагындагы кадырларга таалим-тарбия илим-билимин берип турмуш жолдомосун колуна тапшыра алды. Андан Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер Академиясынын экономика бөлүмүнүн жетекчиси болуп узак жылдары эмгектенип ардактуу эс алууга чыкты.

Жетини бүтүп борбор шаарга барды,
Жан үрөп күнү-түнү билим алды.
Жабыркап орусчаны окуу жактан,
Жашырбай айткан жанга ал кыйналды.
Жашоодон ысык-суукту эрте билип,
Жетүүгө максатына абдан талды.

Үнөмүн издеп казды тарыхтарды,
Үзүрүү эсеп-чоттун аныктады.
Үңүлүп таңдан-кечке китеп менен,
Үйрөндү каржылоону талыкпады.
Үзүлө түшүп чечип сыр түйүнүн...
Үмүтүн үзбөй дегдеп ачып карды.

Менсинбей терең таанып бир топ элди,
Миң милче аралады кыйла жерди.
Мекендеп Ала-Бука районун...

Машыккан адис болуп чыга келди.
Мээнети текке кетпей, кызматтарга,
Минфинге, андан ак үй тандай берди.

*6[39] 17.04.04.*

Өтө таң калыштуу жери Сейит атанын Назарбайынан Мусаев Нарын Оросулбаевич жана Шыйкынбайынын Сенкибайынан Исаев Эркин Арпылдаевич бирдей эле учурда Совет Министринде бири финансы тармагында, экинчиси саламаттык сакчылык тарабында эмгектенишкен. Бирок өкүнүчтүү жери аркаларынан Сейит атанын тукумунан биреөжарымына жардамы тийдиби? Жээ өздөрү менен өздөрү болуп эле күн өткөрүштүбү? Бир боорлук, мээримдүүлүк болгонбу? Чиркин өмүр... Эми өкүнгөн менен айла канча?

## ОРОСУЛБАЙ УУЛУ ЧУБАК



Чубак мырза 1961-жылы Панфилов районунун Букара айылында төрөлгөн. Сай-Арык орто мектебин бүтүргөндөн кийин борборубуз Бишкек шаарына келип, политехникалык институтунун курулуш боюнча факультетине өтүп аны жакшы окуп бүтүрүп, курулуш боюнча инжинер деген ардактуу адистигине ээ болгон.

Эмгек жолун Панфилов районунун борбору Кайыңды айылындагы үй куруу комбинатында катардагы мастер болуп иштөөдөн баштаган. Кийин мастерликтен инжинерлик кызматтарда эмгектенди.

1998-жылдан баштап, өзү туулуп өскөн айылынан Букара колхозунан үлүшүнө жер, мал, мүлкүн алып ага туугандарынын башын кошуп фермердик чарбасын уюштурган. Ооба чарбанын иши чатак иш демекчи, анын ысыгына күйдү, суугуна тоңду, жаман-жакшысын, ачуу-таттууларын керт башынан өткөрүп көзү каныгып калган учур. Фермерликтин купуя сырларын талыкпастан үйрөнүп: өсүмдүктөрдүн вегстанциялык убагын, үрөндүн сапатын, тамчы суунун татымын талаачылыкта толук өздөштүрүп, мал чарбасында анын асылдуулугун көтөрүүгө далалат урууда.

Чубак мырза! Жайыл атаңдын арбагы колдоп, уулуң Жайыл жеңилиңди жерден, ооруңду колдон алса эле албетте ишиңиз алдыга жылаарына кудайга ишенгендей ишене бер.

# ТӨКӨНҮН КУЛААЛЫ

Сейит атанын Төкөсүнүн балдарынын улуусу Кулаалы 1870-жылы туулган экен. Кулаалы чоң атасы Сейитти тартып узун бойлуу, алдуу-күчтүү, эки көзү бажырайып ботодой жайнаган жүзүнөн нуру төгүлгөн мырза экен. Калайык калктын арасында ар дайым калыстык сөзүн сүйлөгөн бирөөнө кек сактабаган ачык-айрым ак көңүл инсан тура. Айбатынан, сүрүнөн адам тике беттеп карай алчу эмес экен.

Жүзүнөн нуру төгүлгөн,
Жүйөөлүү сөзү көңүлдөн.
Жоро-жолдош, эл-журтка,
Жүрүң деп оорун төрүнөн.
Жайы-кышы ар дайым,
Жек-жаатка көңүл бөлүнгөн.

Кер какшык болсо сүйбөгөн,
Калыстык сөзүн сүйлөгөн.
Керээзин айтып жаштарга,
Көңүлгө бекем түй деген.
Кадырлап кары-картаңды,
Каадалуу жерим Чүй деген.

Кулаалы эл арасында абройу артып 1898-жылы элдин колдоосунда бий болуп шайланып, бул бийлигин өмүрүнүн акырына чейин жүргүзгөн тура.

Совет өкмөтү орноп, бай манаптарды тап катары жойо баштаганда 1929-жылы Кулаалы бийди камакка алышып акырындык менен Ташкент шаарына түрмөгө которушуп жиберишет. Беш жылы жылбай түрмөдө жатып, карандай суу, кара нандан башка эч нерсе жок, ага да карын тойуп-тойбогондуктан акыры «цынга» менен ооруп бул жарыкчылык менен 1934-жылы кош айтышат.

1924-жылга чейин Кулаалы бий-бийлигин жүргүзүп келген. 1926-жылы элүү алты жашында кенже уулу Макиш төрөлөт.

Кулаалынын Жумагул, Жуматай, Нусупкожо, Айткожо, Асан, Үсөн, Шаршен, Макиш аттуу улдары болгон. Макиш аксакал бүгүнкү күндө сексен бирге караган учуру. Алдуу-күчтүү ноябрдын он бештеринде кеч күздө күндүз таягын алып көчөдө көйнөкчөн жүргөн инсан. Мына ушул жазылган сажырада Сейиттин сегиз уулу жөнүндө кыскача маалымат берген Макиш менен Кермалы аксакалдар экенин эскере кеткеним оң болоор.

сүрөө №24 (70)


Жайыл
Асан
Каратай
Сейит
Төкө
Кулаалы
Жумагул
Нусупкожо
Жусу
Мирлан
Марс
Осмонбек
Эшимбек
Кекенбай
Абдыкерим
Абдыкул
Бекитай
Бекбосун
Таалай
Аппас
Кокон
Алыкул
Кубанычбек
Артык
Сламбек
Айткожо
Асан
Үсөн
Шейшен
Самарбек
Ашым
Дамир
Тимур
Чолпонкул
Калут
Самат
Бекжан
Марс
Алмаз
Назар
Дүйшөнбек
Акматжан
Азамат
Алмаз
Арзымат
Шаршен
Макиш
Абазбек
Айып
Хамиджан
Разахан
Акбархан
Орозхан
Эрик
Нурмат
Тилек
Белек
Азамат
Айбек
Эсенбек
Рысбек
Жеңишбек
Мелисбек
Элисбек
Кеңешбек
Сагынбек
Саякбек
Базарбек
Боронбай
Муратбек
Максат
Амангелди
Рыскелди
Алишер
Козорбек

сүрөө №25 (58)


Жайыл
Асан
Каратай
Сейит
Төкө
Сыдыгаалы
Абыш
Кадыркул
Алымкул
Тынаалы
Акыш
Султанкул
Осмоналы
Бегалы
Беки
Шамил
Сакы
Улукман
Акбар
Капар
Сапар
Белек
Бекбото
Амантур
Бектайыр
Нурсултан
Жандар
Нурлан
Руслан
Рыскулбек
Мисир
Зарылбек
Сыргак
Амангелди
Эгемберди
Рыскелди
Иманбек
Камчыбек
Найзабек
Абдыбек
Токтогул
Аппас
Шаймаран
Бабуржан
Сабыржан
Өткур
Ратжин
Даныш
Жаныш
Жеңиш
Кутман
Абдырайым
Бейшенбай
Нарынбай
Мусулум
Мирлан
Улан
Эрлан
Аман
Эсен
Руслан

сүрөө №26 (118)

Жайыл

Асан

Каратай

Сейит

Шыйкымбай

Сенкибай

Иса
Эшеналы
Максуталы
Сманкул
Бурдуша
Арпылда

Эркин

Санжар
Алиаскар
Абдыкалып
Карыбай
Табылды
Таштан
Төлөн
Азамат
Максат
Айбек
Осмонбек
Эмилбек

Ниятбек
Сабыр
Медет

Артык
Нарынбек
Сатыбалды
Эрмек

Эрлан
Алишер

Чойбек

Черикчи
Ыбарайым
Коңурат

Насыркул
Мырзакул
Айылчы
Султанкул
Абдыкул
Зарыл
Узакбай
Деңизбай

Нурдин
Жаудат
Имадила
Мадила
Эркинбек
Куба
Улан
Буудайчы
Мечитбек
Абдыкайым
Көчөр
Медет

Канат
Капар
Калыбек
Нусупбек

Айбек
Нурбек

Ширгели
Дуулат

Аргын
Тыныс

Мурадил
Байсулда
Тимурлан
Мелис
Төлөн
Калыс
Нурлан
Бакыт
Калык
Абдыразак
Абдылда
Амантай

Кубат
Асылбек
Алмаз
Адыл
Арстанбек

Нурбек
Рамил
Бектур
Каныбек
Мирлан
Кубанычбек

Улан
Нурлан
Мирлан
Искендер
Тургунбек
Узакбек

Бердикожо
Жамансарт
Качыке
Насыпбек
Аманбек

Бузурманкул

Ажыбек
Курманбек
Кубанычбек
Жекшенбек

Мурзабек
Асанбек
Байсалбек
Койчуман

Алмаз
Мукаш
Руслан
Марат
Өзбек
Кермалы

Акимаалы
Жолдошаалы

Бактыбек
Кубанычбек
Канат
Азамат
Максат

# АЛЫМКУЛ УУЛУ АМАН

Аман мырза, билишимде 1939-жылдары Панфилов районуна караштуу Букара айылында төрөлгөн. Айылда мектептен окуп илим-билимин алды. Аман кичине кезинде өтөт шок балдардын бири эле. Чачтары тармалдашып куду Александр Сергеевич Пушкиндин чачтарындай болуп сеңселип мектепте бирге окуган кыздар эле эмес, балдарды да кызыктыруучу эле го чиркин.

Мектепте окуп жүргөндө ар бирибиз ата-эненин камкордугунда эч нерсе менен ишибиз жок, бир гана максат окуу, окуу. Он жылдыкты бүтүп ар кимибиз өз алдыбызча кеткенден кийин, жашоонун-турмуштун сабактарын алып, аргасыздан көрбөгөндү-көрүүгө, билбегенди-билүүгө туура келет. Анын сыңарындай Амандын да келечек жашоосу сыдыргыга салгандай боло койбогондур. Турмуштун өкүм мыйзамы кагылууга, согулууга алып келди. Күндүзү иштеп кечкисин окуп жүрүп Кыргыз Улуттун Университетинин юридика факультетин ийгиликтүү бүтүрүп, жогорку билимдүү дипломдуу-юрист деген адистигине ээ болду.

Эми жогорку билимдүү Сейит тукумунан чыккан алгачкы юристтин эмгек жолу өз ыргагы менен элдин адилдигин көздөө багытында болду. Кызматы боюнча республикабыздын көптөгөн аттуу-баштуу мекемелеринде юридика жактарын жетектеп үзүрлүү эмгектенип, анын жемишине арзыды.

Аман үй бүлөлүү болуп, өмүрлүк жары менен Эсен жана Руслан аттуу уулдарынын бактылуу ата-энелери.

Айыл, Алымкулдун уулу агамды,
Лира токуп ырга кошсом жаманбы?
Ырас жери жашоо үчүн жан үрөп,
Менсингенге бербей койот саламды.
Кайда кетмек бир тукумбуз негизи,
Укугуң бар, тузактагын жаманды.
Легендадай жашоо-турмуш өтүүдө,
Лира коштоп поэма жаз Аманды.

Уюлгуп чачтар тармал башыңызда,
Умсунбай жеңекебиз кашыңызда.
Лиралуу Пушкинди эстеп эл-журтуңуз,
Урматтап таазим кылаар башыңызга.

Аманым, аман болгун! Аманымсың,
Мага ага, белдүү кыргыз жарааныысың.
Акылсыз амал болбос, бүт эл билет,
Намыска ар убакта жараарымсың.
Гений да аман болбой, гений болбос,
Андыктан агабызда Аман — ысым.

*4[31] 11.05.04.*

# ЫБРАЙЫМ УУЛУ МЕДЕТ

Медет мырза Чойбек атанын Ыбрайымынан. Панфилов районунун Букара айылынын тургуну. Айылдан окуп онду бүтүрүп турмуштун терең сыноосуна сүңгүп кирип, жашоонун ачуу-таттуусун тата алды. Окуду илим-билимин ала алды.

Республикабыздын айыл чарбасы дүркүрөп өсүп-өнүгүп турган учурунда Токмок шаарында республикабызда өндүрүлгөн жүндөрдү алгачкы иштетүү фабрикасы курулуп, ишке киргизилген. Менин билишимде мына ушул фабрикага бүтүндөй Кыргызстандан чарбаларда өндүрүлгөн (кыркылган) жүн толугу менен мына ушул фабрикага тапшырылып турган. Тапшырылган жүндөр толугу менен лабораториялык текшерүүлөрдөн өткөрүлүп анын сапаттуулугу аныкталып такталган. Мына ошол сапатына жараша — анын баасы койулуп жүндү тапшырган колхозго, совхозго, чарбага анын акысы коюлчу.

Медет мырза мына ошол лабораториянын башчысы болуп үзүрлүү эмгектенгенинен сөздөр бар. Учурунда Медеттин аныктоо-тактоосу боюнча лабораториядан чарба тапшырган жүнүнүн сапаттуулугу бир пайызга жогоруласа же төмөндөсө, ошол колхоз, совхоздун кирешеси миллиондогон сомго көбөйүп же азайганы — кашкайган чындык болгон.

Бүгүн анын бири жок. Аларды айта берсе узун сабак кеп болот. Кечээ 2004-ж. 21-апрелде Медетти борборубуздун Москва-Гогол көчөлөрдүн кесилишиндеги Мечиттин алдынан сыртынан көрүп, салам берип тааныштым. Сүйлөштүп... Маалыматтын сурасам, эски партиялык тартиптин аштоосунан даам таткан мырза, ынгыраныпойлонолу дегенчилик кылды. Жүрүп бараткан поезди Медет мырза күтөт да деген пикирде... Мезгил өткөнүн сезип сезбейт... Дагы жалынып жалбарып өтүнүп, суранса дейт... Ушулардын кесепетинен ал маалыматын бербей эле койду, айла канча анысы өзүнө эле.

Ооба, анын өткөн-кеткен, билип-билбей кетирген кемчиликтери үчүн кудайга зыярат кылганы абдан түзүк деңизчи. Бирок өз тарыхыңа кайдыгерлик кылган адамдардын жыргаганы деле аз чыгаар.

Пир сымал сүйлөөчү эмес эч бир жалган,
«ПОШ» — умдун кудайындай болгон дарман.
Процент кандай болот? Медетбай — деп...
Пырпырап кире алышпай көбү арман.
«ПОШ» – ум жок. «Пир» — да болбой бүгүнкү күн,
Пайгамбар жаштарынан өтүп калган.

*5[17] 11.05.04.*

Медет иним телефон чалабы деп күнүгө күтүп-күтүп, айла кеткенде арманды кагазга түшүрдүк. Мезгилинде миллион-миллиарддарды бир тыйындай санаган мырзабыз жөнүндө маалымат болсо жакшы эле болмок айла канча.

# ИСА УУЛУ СМАНКУЛ

Сманкул агабыз илим билим алып чоң кызматкерлерден болбогону менен, баскан-турганы, сүйлөгөн сөзү, кулк-мүнөзү менен ошол билимдүү-илимдүүлөргө үлгү боло алган инсандардан эле. Ар дайым ачык-айрымдыгы, ак көңүлдүүлүгү калыстыгы менен ага-туугандар арасында кадыр барктуу эле.

Ооба, пешенеге жазганы демекчи, жаштайынан Туристик путевка менен экскурсияларда болуп көрбөгөн жерлери калган жок десек калп болбос, алды менен Украинада кийин Казахстандын Караганда областарында боло алды.

Агабыз жаш кезинде абдан шок, шайыр мырзалардан болгон экен. Ошол туристик-экскурсияда жүрсө да жөн жүрбөй Казахстандан өмүрлүк жары Амантай аттуу кызга жолугуп, Кыргызстан бул «бейиштин төрү, көргөн да көрбөгөн да арманда» деп арбап жатып Сайарыкка (Букарага) ала келген тура.

Кара жумуш колхоз ишин жасаган,
Кара пайым мээнет менен жашаган.
Качан болсо бак-бак этип кең пейил,
Касиеттүү ак көңүлдүү тазадан.
Кытмыры бар, кыйдылары толтура,..
Карап турсам Сманкулдай аз адам.

*4$^{04}$ 23.04.04.*

# СМАНКУЛ УУЛУ ТАШТАН

Таштан мырза 1958-жылы 10-апрелде Панфилов районунун Букара айылында төрөлгөн. Айылдан онунчу классты бүтүрүп, Советтик Армиянын курамында кызматын ийгиликтүү өтөп келген. Бишкектеги дене тарбия институн окуп, жогорку билимдүү педагог болуп чыгат.

Эмгек жолун мектептерде жаш муундарга таалим-тарбияда берүүдөн баштаган. Ооба, бара-бара республикабыздын бажы тармагына кызматка орношуп, анда үзүрлүү эмгектенүүдө.

Таштан ар нерсени баамдап туура түшүнө билгендиги менен айрымаланган мырзалардан.

Таң каласың Таштаным, таң каласың,
Таасирлүү даңкым жок деп арданасың.
Тарыхтын барактары элеп-элеп...
Тексизге ача бербейт дарбазасын.
Талдаган тарыхымдын сыр түйүнүн,..
Таалимиң эң бир күчтүү жан-баласың.

*7$^{13}$ 23.04.04.*

# АРПЫЛДА



Агабыз 1922-жылы Панфилов районундагы Букара айылында төрөлгөн. Ата-энеси кулакка тартылып 1932-жылдары, бай-манаптар тап катары жойуу саясаты жүргөндө бүтүндөй Кыргызстандыктар. Украинанын Харьков областындагы Херсон районунун Чалбас айылында болушкан. Бай болсо ата-энелери болгондур, балада эмне айып, мектеп жашындагы балдар мектептен билим алып окуй баштаган. Бирок немистердин кол салаары маалим болгондо жаш балдар кыздарды эли-жерине Кыргызстанга кетишине уруксат берилип көптөгөн мектеп жашындагы балдар толугу менен поезден-поездге жармашып жүрүп эли-жерине жетип келишет.

Бойго жеткен жигит, асманда айды сермеп аламын деген жаштык жалын мезгили. Арпылда агабыз үйлөндү. Ата Мекендик согуш башталып айылдагы жаштарды бир катардан армияга алган учур. Агабыз өз ыктыяры менен арызын жазып суранып жатып мекенди коргоого кетти, 1942-жылы. Ал немистер менен кармашып жүргөндө айылда уулу Эркин төрөлүп, агабыздын демине-дем, күчүнө-күч кошулду. Баскынчыларды Берлинге кийре кууп, жеңиш туусун сайып туруп, анан келбедиби. Согуштагы көрсөткөн эрдиктерин белгилеп ага берилген орден, медалдарга төшү толоор эле.

Алты саны соо согуштан келген агабыз, мектепте мугалим болуп иштеп жүрүп, Фрунзедеги педагогикалык институнан сырттан окуп жогорку билимдүү мугалим болуп, өмүрүнүн акырына чейин Эркинсай орто мектепбинде мугалим болуп үзүрлүү эмгектенди.

«А» — деген, ариптерди үйрөталды,
«Ата» — деп, наристени сүйлөталды.
Алп ура таңдан-кечке бөбөк менен,
Агабыз аракет күч, алдан талды.
Ак көңүл, тамашөкөй, шайдоот эле,
Арпылда агабыздай инсан барбы?

*6[13] 23.04.04.*



# АРПЫЛДА УУЛУ ЭРКИН

Эркин 1942-жылы 20-августа Панфилов районунун Букара айылында төрөлгөн. Жаңы төрөлгөн наристе эненин тарбиясында, атасы Мекенди коргоп согушта, жүрүп немистерди биротоло жеңип 1945-жылы армиядан келген. Алды менен айылдан кийин онунчу класска чейин Кайыңдыда орусча окуп билип алды.

Эмгек жолун катардагы эле жумушчу болуп Фрунзе Суусамыр автожол курулушунда иштеп турмуштун ысык-суугу, ачуу-таттуусу башынан өтүп, жүрүп окуп жогорку билимсиз болбосун түшүнүп саламаттыктын сакчыларды тарбиялаган Мамлекеттик медициналык институтунун санитардык гигиена факультетине өтүп, аны 1967-жылы ийгиликтүү аяктайт.

Жогорку билимдүү медицина врачы эми эмгек жолун, министрликтин берген жолдомосу боюнча Ош областынын Өзгөн районуна барып эмгектенүүдөн баштайт. Ишке жан дили менен берилген уюштургуч адисти бир жылдан кийин Сузак районунун санэпидемстанциясынын башкы врачытыгына которушат. 1978-жылы Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо министрлигинин инспектору болуп дайындалып үзүрлүү эмгектенди. 1977-жылы Эркин Арпылдаевич партиялык кызматка которулуп Кыргызстан Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетинин илим жана жогорку окуу жайлар бөлүмүнүн инструктору, 1978-жылы саламаттык сактоо жана социалдык камсыздоо бөлүмүнүн башчысы болуп дайындалат. Узак жылдары республикабыздын Коммунисттик Партиясынын Борбордук Комитетинде аталган бөлүмдү жемиштүү жетектеп, республикабыздын саламаттык сактоо тармагына зор салымдарын кошо алды.

1978-жылы Кыргыз республикасынын профсоюз курорттор башкармалыгынын Кеңешинин төрагалыгына дайындалган. Мына ушул кызматында өмүрүнүн акырына чейин эмгектенди.

Эркин мырза карапайым, жөнөкөй бой көтөрбөгөн, өтө сылык-сыпаа жана маданияттуу инсан эле. Өз ишине ар дайым өтө жоопкерчилик менен мамиле жасап, элдин саламаттыгын чыңдоого үзүрлүү салымын кошо алды.

Эркин узун бойлуу, терең ойлуу, сын сыпаты келишкен, кимди болбосун менин уулум болсо дегизген атына заты жарашкан мырза эле. Айрыкча жоро жолдоштору арасында сакталганы: чукугандай сөз тапкан куйкумдуу сөзмөрлүгү, аргендей коңур үнү менен уккулуктуу кылып орусча, кыргызча барабар ырдаганы, ак көңүлдүгү, кең пейилдүүлүгү, уюштургуч жөндөмү, кара кылды как жарган калыстыгы.

Эркиндин мына ушундай алтын сапаттарын бир туугандары эле эмес, бирге жүргөн жоро жолдоштору да дайыма эскеришип, опосуз жалган дүнүйө деп, оор үшкүрүшөт. Аттиң, аттиң опосуз жалган дүйнөдө

жашап доорон сүргөнүң бир минутка арзыбай бизди боздотуп, сыздатып түбөлүк келбес сапарыңа кеттиң. Айла канча тагдырга жазганы ушундай болсо.

Жигерден сезип келебиз,
Жүрөктөн бааны беребиз.
Жылмайып койсо ууруттан,
Жайдары жанга теңегис.
Жүйөөлүү сезген пикирди,
Жигиттин гүлү элеңиз.

Сүрдөшө салам беришкен,
Саматып азап жегизген.
Сылыктык, сыпаа жагынан,
Сагынсаң менмин дегизген.
Саамайдан сылап көкүлүң,
Сымбаты; сыны келишкен.

Бурадар мырза кененден,
Боюуна, оюу теңелген.
Бүгүн жок биздин арада...
Бук болсо издеп келем мен.
Бийлеген жүрөк сересин,
Бир боорум эле — Беренден.

*$12^{29}$ 21.04.04.*

## ГҮЛСАЙРА

Элибизде «эрди эр кылган, да эрди жер кылган да аял» — деген акыл сөз бар. Анысыңарындай биз жогору Эркин мырзанын адамкерчилик касиетин, ишмерлигин деги эле жараткан ийгиликтеринен сөз козгодук. Албетте булардын баарында Эркиндин өмүрлүк жары Исаева Күлсайра Аманатовнанын басымдуу салымы бар экендигинде талаш жок. Кыргыз элинде «вазир жакшы, хан жакшы, аял жакшы, эр жакшы» — деген макал бекеринен айтылбагандыр.

Күлсайра да тектүү үй-бүлөөнүн кызы, Эркин менен медицина институтунда билим алган жогорку билимдүү врач. Республикабыздагы мамлекеттик медицина академиясында окутуучу болуп эмгектенет. Үй бүлөнүн куту, ырысы боло алды. Алар баш кошкону тун кызы Асел төрөлдү. Асел аркасынан инилери Санжарбекти, Алиаскарды ээрчите келди. Асел да жогорку билимдүү дарылоочу врач.

Күлсайра мээримдүү эне, тажрыйбалуу саламатчылык сакчылыгы, тарбиялуу, таасирлүү келин боло алды. Ал Эркин менен баш кошкондо, ага сый-урмат кылып анын фамилиясына өткөн Букара айылындагы Сейит атанын сексен үйлүү уругундагы биринчи келин экендигин баары эле биле бербес.

Эчендери эриксиз ишке барган,
Эрки күчтүү келинден ооба балбан.
Сексен түтүн Сейиттин тукумунан,
Эң биринчи кайната ысмын алган.
Таалими бар, тарбия төп келишкен,
Исаева Күлсайра араңардан.

*$5^{17}$ 23.04.04.*



## ЭРКИН УУЛУ САНЖАРБЕК

Санжарбек Эркинович 1969-жылы 19 октябрда Жалалабат областына караштуу Сузак районунда төрөлгөн. Балалык күндөрү элибиздин түштүк өрөөнүндө өттү. Фрунзедеги №13 орто мектептен окуп орто билимин алып Мамлекеттик медициналык институтунан окуп, аны 1992-жылы ийгиликтүү бүтүрдү.

Эмгек жолун дүйнөгө аттын кашкасындай таанымал окумуштуу академия Мирсаид Миррахимович Мирахимов жетектеген кордиология институтунда — врач кордиолог болуп иштөөдөн баштаган. Андан Кыргыз Республикасынын профсоюз кызматкерлеринин Борбордук комитетинде эмгектенди. Бүгүнкү күндө Мамлекеттик медицина академиясынын профсоюздар комитетинин төрагасы болуу менен бирдей эле учурда аталган окуу жайынын физиотерапия жана физкультура кафедрасында студенттерге сабак берет.

Ооба, Санжарбектин бөтөнчөлүгү, иш деп эле жай баракат жатып алган жери жок, дайыма изденүү менен келечекке алга үмүттүү максаттар менен карап, академиянын окумуштуулар кеңешине атайын илимий теманы бекиттирип алып, ар дайым изилдөө, иликтөө эмдөө ыкмаларына үзбөй жүргүзгөн тажрыйбаларынын жыйынтыгы боюнча медицина илимдеринин кандидаты деген илимий даражаны коргоонун алдында турат. Теңирим колдосо бүгүнкү кандидат эртеңки илим доктору.

Санжарбек үй бүлөлү, өмүрлүк жары менен бир кыздуу жана Алишер аттуу уулдуу болушкан.

Таасири тийсин батанын,
Таалимин алдың атанын.
Тилеген оюң орундап,
Тиреги болгун апаңын.
Тагдырга айла жок тура,
Тарлыгын айтып жатамын.

Атанын жолун сураган,
Атанын ишин улаган.
Астейдил арбап акырын,
Ар бирин улай кураган.
Арбакка таазим кылалса,
Ааламда артык бул адам.

*$13^{24}$ 21.04.04.*

Эркиндин кенже уулу **Алиаскар** 1981-жылы төрөлгөн. Онунчуну бүткөндөн кийин борборубуздагы Кыргыз-Россиялык Славян Университетин ийгиликтүү аяктап «бакалавр» деген ардактуу даражага татыктуу болгон.

Алиаскар бүгүнкү күндө Москвадагы Мамлекеттик университетте эл аралык карым катнаш боюнча магистратурада билим алып жатат. Тунгуч Президентибиз Аскар Акаевич Акаев ишенген жыйырма биринчи кылымдын белдүү кадырларынан болоорунан көптү үмүттөндүрөт. Ак жол сага Алиаскар иним.

сүрөө №27 (43)





# ЖАНБОЛОТОВ АЛЫБЕК

Алыбек агабыз Панфилов районунун Букара айылында туулган. Орто мектептен кийин пединститутту бүтүрүп мугалимдик кесипти аркалап өмүр бойу катардагы мугалимден баштап, окуу бөлүмүнүн башчысы, мектептин директору болуп узак-узак жылдары Эркинсай, Сайарык мектептеринде эмгектенди. Бүгүнкү күндө аганын жолун жолдоп кызы да көп жылдардан бери Сайарык орто мектебинде директор болуп иштеп келет.

Сейиттен барып тараган,
Саресеп салган баладан.
Сабагын берип мектепте,
Сабырлуу ишке жараган.
Сайарык, Эркинсайларда,
Сегиз жыл өттү арадан.

Сабагын бере бакылдап,
Саясат айта такылдап.
Сабагын билбес балдарга,
Саламын айтат жакындап.
Сарсанаа болбой даярлап,
Сайрашчу балдар акыл таап.

Таалимин берип балага,
Таасири толук балада.
Таалимин алган окуучу,
Топ жарган жыйын алдыда.
Түбөлүк кетип бүгүн жок,
Тең курбуң калды арманда

*$5^{49}$ 7.11.03.*

сүрөө №28 (75)


Жайыл
Асан
Каратай
Сейит
Мамбет
Кененсары
Баймурза
Керимкул
Жумаалы
Үчкемпир
Калканбек
Керимаалы
Найзабек
Жаныбек
Искендер
Зарип
Авас
Бакыт
Газиз
Медет
Кеңеш
Эрмек
Райымбек
Жыргалбек
Рысбек
Акылбек
Тилек
Азамат
Азат
Рахмадилде
Бердигул
Смайыл
Камидилде
Бердибек
Талант
Молдокадыр
Дунган
Омор
Абдыкул
Сатарбек
Нурлан
Калыс
Дүйшөн
Молдалы
Канат
Өскөн
Искен
Шамшыбек
Нарынбек
Таалай
Бакыт
Каныбек
Калмурза
Ашырбек
Нусупбай
Өмүралы
Сулайманкул
Сүйөркул согушта
Аманкул
3 тең курман болгон
Абдырасул
Эсенгул
Темиркул
Алмаз
Болот
Сооронбек
Орозбек
Абдула
Данияр
Нурлан
Раззак
Адылбек
Азис
Ильяс
Курманбек
Турар
Бактыяр
Мумадияр
Элдияр
Адилет

# КАРАТАЙ АТА

Калың элдин катмарында Каратай атанын олуялыгы жөнүндө кеңири кеп болуп келүүдө. Эмесе төмөндө Кочор жергесине келипкетиши жөнүндө сөз козгойлу. Кадимки Кызарттын белин ашышып төрт-беш жоро-жолдоштору менен келе жатышса, ээн талаада жалгыз өскөн даракка топ-топ болгон элдер чүпүрөк байлашып ар кими өз арыз-муңун айтып кудайга зар какшап жалынып-тиленип жаткандарын көрүшөт. Бул кудайга сыйынышкан адамдар жолдо келе жаткан Каратай аталарды деле байкашпайт. Ага көңүлү толбогон Каратай ата, сыйынган элге кайрылып, жаныңарга жанаша келген олуяны көрбөй кайдагы бир жалгыз талга сыйынасыңар деп, кынынан кылычын сууруп жалгыз талды аягы өйдө бутап баратканда тал түбүнөн узундугу бир метрдей ак жылаан октой атылып чыгат. Ошондо Каратай олуя ата "Ээ Парвадигер" — бу талдын ээси ак жылаан тура, — деп,

Жараткандан сен жалгыз,
Жаралгандан мен жалгыз.
Ааламда сен жалгыз,
Аймакта мен жалгыз.
Айланайын жаратканым,
Айыбым кечирегөр! Экинчи кайталангыс.
Мендей тентегиңди, Оо көкө Теңир!
Деп кудайга сыйынган экен.

Барган жеринде, досуна болгонун болгондой баяндап дароо ак боз бээ алдырып түлөөгө чалдырып элге тараткан экен.

Досунун сый-сыпатын көрүшүп, сапарлары карып кайра кайтаар да мезгил болуп, жолго чыгышат.

Келген жеринде Каратай олуянын кабары чагылгандан тез тараган. Саринжи уулу Жолдошбектин Чүйдөн досу келиптир. Ал киши "олуя" — имиш, кудайдан тилегени орундайт экен, батасы тийген кишиге, деген уламадан-улама калың элдин кыйырына тарап кеткен экен. Алдыларында белестен аша берээрде ээчишкен эрди-катынга көздөрү түшөт. Каратай ата аларды элес албаган болушуп бастырып кете беришет.

Алиги бечаралар "олуя" атанын батасын алып калууну көздөшүп баглан козусун куйкалап союуп бышырып алышып, суусундукка эки чанач кымызын артына келишкен.

Олуя атанын байкабай, өткөндөрүнө өздөрүнчө кыжаалат болушуп, эмне кылышаарын билишпей, же карса-курса бакылдап муңзарларын айтуудан да тартынышып, шылкыйа ындындары өчүп, олуя атаны ээрчип келе беришет.

Жүрөгүндө мунун баарын сезип-туюуп келаткан Каратай олуя, ой болбостур мунум, булар анчалык зарыкпаганда, мынчалык ээрчи-

бес эле деген ойго келип, жанындагылардын биринен сурайт? Акырын байкатпай көз кырыңды салчы жанагы жолдон чыккан “бечаралар” кайтып кетиштиби деп. Алар дагы эле ээрчип келатканынын айтат. Каратай аргымагынын тизгинин тартып. Сурагылачы эмне “зары” — бар экен деп. Андайда атка жеңил тайга чак Саякбай дароо тиги ээрчип келаткандарга кайрылып, кандай ишиңиздер бар эле олуя атага деп кайрылат.

Алардын мүдөөсүн уккан Саякбай ээрчитип “олуя” атага алып келет. Алар бири-бирин карашып сүйүнүшүп Каратай атага ийиле саламдарын беришип, баш кошконуна чейрек кылым болгонун, бирок “перзент” көрбөгөндөрүн сөз кылышып бала сураныщат.

Анда Каратай олуя:

Мен эмне кудай белем?
Мен дагы кудайлап келем.
Баланы кудайдан сурайт,
Бала берээр кудай деген.
Деп, Каратай “бурк” эткенде,
Тиленген бечаралар, элең-элең.

Каратай олуя, аттын тизгинин бошотуп сапарларын улантып бастырып кетишет.

Кыргыз элинде кары кадырман аталардын айтымында, батага зарыл адамдын көңүлүн суутпаса, бата кабыл болбойт деген. Мындай көңүл суутулган кеп болгондо, батага зар болбогондор кайдыгер кайрылып кете беришет экен, ал эми чыныгы батага зар болгондор, зарлап, боздоп болсо да кудайдан тилеген батасын алууга аракетин жасашат тура.

Чейрек кылым кудайга зар какшаган бечаралар кептин төркүнүн түшүнүшүп, жаштары барып калгандарына карабай жаңылыштык кетиргендерин сезишип, бири-бирин карап көздөрүнөн сызылган мөлтүр жашты аарчышып, олуя атам туура айтат; элибизде бекеринен “Жамгыр менен жер көгөрөт, бата менен эл көгөрөт” — деп айтпаса керек. Бизден чекилик кетиптир, дешип кайра ээрчип келе беришет. Кыр ашып булакты көздөп токтошкон олуя атага жете келишип, сиздерге арнаган кичине “даам” — бар эле ошондон ооз тийе кетсеңиздер экен деп, дароо аттарынан түшүшүп дасторкондорду жая салышып куржундан куйкаланып бышкан козунун этин алып чыгып жиликтеп устакандап ортого койуп, бышкан боорсокторун, ортого коюуп чаначтагы кымыздан кесеге куйуп жолоочу меймандарга узатышат. Жолоочулар алды менен боорсоктон ооз тийишип, анан кыртыштуу кабыргалардан шылый-шылый кесип оозго салышып, кымыздан кере-кере жутушуп, анан алдыдагы устукандардан бирден алышып, жол жүрүп келаткандарга ойлогондору ордунан чыккандай эле иш болду. Тиги экөө меймандар алыңыздар, ичиңиздер деп, илбе-

риңки өтүнүшүп олуя атаны тике карай алышпай күнөөлүү немелерден бетер бөжүрөшкөнү-бөжүрөшкөн.

Каратай олуя болсо алдына коюулган баглан козунун башынын оң уурутунан кичине кесип ооз тийип жеп калганын бузбастан дасторкондун чекесине койот. Алдыга коюулган тамак толук желип бүтүшкөндөн кийин дасторкондун чекесиндеги баглан козунун башын колуна алып, тиги бата тилеген эрди катынга карай кайрылат.

Карагым силер ак тилегиңер, илгери үмүт менен семиз баглан козуну башы менен былкылдатып бышырып келген экенсиңер, буйруганын жедик, аныңарга чоң рахмат, козунун башынын ууртунан ырымдап ооз тийдим, көзүн оюуп оңурайтпай, кулагын кесип чунайтпай кайра өзүңөргө ыроолойун. Алла Таалам силер менен насиптеш кылды, бул козунун башы менден силерге белегим. Каратай олуя ата, отургандардын көңүлүн бура, ээй жараткан Алла таалам! Бул турмушта "бирөө ичээрге суу таппаса, бирөө кечээрге кечүү таппайт, бирөө балага зар болуп жүрсө, дагы бирөө балага кор болуп жүрөт — деп сөзүн баштап, баятан бери желип бүткөн тамакка алакандарын жайып бата кылышат. Каратай олуя ата эки колун көтөрүп алаканын жая: О жараткан Алла Таалам, жаратканың чын болсо, берээр казанаң куру болбосо, Тилеген тилегимди колдо!

Ээ жараткан кудайым кулум, Мухамедим үммөтүм десең, ушул бала деп, зарлаган бечараларга тилеген тилегимди колдой көр?!

Зар какшап өмүр бою бала көрбөй,
Зарына жаратканым көңүл бөлбөй.
Зыркырап ымыркайдын үнүн эңсеп, Замана куурулгандай жашоо көрдөй, болуп чейрек кылымдай өмүр сүрүштү. Ушул бурадарлардын тилеген тилегин орундата көр, оо жараткан Алла!

Кудайга таазим эткиле,
Кудайдан балам бек тиле!
Бир уул, бир кыздуу болуп,
Тилегиңерге жеткиле!

Оомийин дегенде дасторкондо отургандар жабыла оомийин дешип баталарын берип жиберишет.

Непада берешен казынаң куру болсо, ушул бечараларды зарлантпай менин Кожогелди, Толкунбайымды бер! Деп, батасын берген дешет.

Бата менден,
Бала белден.
Берээрине кудай таалам,
Бере берген!

Кана эми калганын кудай тааламдан өзүңөр сурап алгыла деп

бастыра берээрде тиги "бала" эмес, "баталуу" болгон жубайлар бошогон чаначтын бирин тап-таза чайкап жууп кургата аарчып туруп, ичине дасторконго оролгон козунун калган эттерин, боорсоктордун салып Саякбайдын канжыгасынын бир жагына экинчи жагына чаначтагы кымыздын калганын бекем бөктөрө байлап беришет. Жолоочулардын аттарын туура тартып, аларды аттандырып ак жол каалап сапарларынын байсалдуу болушун тилешип булар да алакандарын жайа бата кылышып жөнөтүшөт.

Жолдо келе жатып Каратай олуянын башына ар нерсе келип, кудайга миң мертебе жалынып үйүнө келээр менен ак боз бээни туура тартып түлөөгө чалдырып оо кудай! Мендей тентегиңди кечире көр, Кожогелди, Толкунбайымдын боосун бек кыла көр! Деп жалына Түлөөсүн өткөргөн экен.

Каратай олуя атанын батасын алган бечараларга кудай тааламдын ырайымы түшүп олуя атанын тилеген тилеги орундап бир жылдан кийин наристелүү болушуп атын Каратай коюшат, дагы эки жылдан кийин кыздуу болушуп анын атын Тилек коюшканынан сөздү улайлы. Каратай атанын олуялыгы жөнүндө болгон окуяларды бүгүнкү күндө небере-чөбөрөлөрү сексендин кырындагы Макиш, Кермалы, Аманбек аксакалдар сөз кылып калышат.

Каратай олуя атанын Сейитинин Шыйкымбайынан Чөйбек төрөлөт. Чайбек төрт аялынан 27 (жыйырма жети) бала көрөт. Ошол балдардын эң кенжеси 1924-жылы төрөлгөн Аманбеги Каныш энеден. Аманбек бүгүнкү күндө сексен жашка чыгып отурат.

Уулу Бузурманкул туз-насип буйруп, Атбашы районунан үйлөнөт. Ата-бабадан калган салт боюнча келген келиндин "ачуу басары" — деген кыргыз салты боюнча Аманбек агабыз агалары Насипбек менен Качыкелерди алып куданын астына жөнөшөт. Биринчи бара жаткан алыскы район, баш аягы Букара айылынан Атбашыдагы кудасыныкына чейин 555 (беш жүз элүү беш) чакырым. Алдыңда минген жеңил машинаң болбогондон кийин автобустан-автобуска отуруп жүрүп жетээриңиз бышык. Ошентип Аманбек агабыз агалары менен кудага жөнөштү. Бишкекке келип Бишкек-Атбашы деген эскилиги жетишкен автобуска отуруп жөнөшөт. Эртең менен чыккан автобус зуулдап жүрүп отуруп саат 12 (он эки) лерге барганда Кочкор районунун борборуна барып токтошту. Айдоочу кудай буйруса жарым жолго келип калдык дегендей жүргүнчүлөргө угуза жарым саатча турабыз, сыртка чыгып сээрүүндөп, каалагандар чай-пай ичип алсаңыздар болот деп жарыялады.

Аманбек агабыз, да агалары менен сыртка чыгышып чайхананын астында топтошкон элдин алдыларына келсе пиво сатылып жатыптыр. Качыкеден тартынышып Насыпбек менен Аманбек кайра бурулушканда аларга кайрылып Качыке ага, эй Насиппек! Күндүн ысыгы бул суусасаңар пиво ичип алсаңарчы деди. Алар дале суусап каны катып айлалары кетип келатышкан, бирок Качыкеден ыйбаа кылы-

шып, жо-жоок, биз ичпейбиз деп бери бурулушушту. Чаңкаган Качыке пиво саткан жерге келип эки кружка пиво алып чекерээктеги бошураак столго келип отурду. Арыда бакылдашкан беш-алтоо өздөрүнчө күп-күп этишип, сырттан келген адам жергиликтүү элге дароо эле белгилүү болуп калат эмеспи. Ортолорунан жашы элүүлөргө чамалап калган адам кружкадагы пивосун көтөрүп Качыкенин жанына келип отурууга уруксаат сурады. Качыке тиги сый сыпаа уруксаат сураган адамга отур отура бериңиз дегендей ишаарат жасады.

Бир караганга билинбегени, байкалбаганы менен бул адам менен Качыкенин ортосунда кандайдыр бир ички "туюуу" сезимдери пайда болуп бири-бирине жакындаштырып жатканын экөө тең эле сезип-сезе беришпеди.

Жаңы келип отурган киши, Качыкеге кайрылып, кечиресиз тууган кайсыл жерлик болосуз, көрүнүшүңүзгө караганда биздин элге-жерге меймандай түрүңүз бар деп, суроолуу сөзүн баштады.

Качыке да эч нерсе ойунда жок, Чүйлүк болобуз. Атбашы деген жерге кудага баратабыз деп, болгон сырын толук айтып берди.

Эй тууган Чүй деген кенен жер болот, баш аягы эки жүз элүү чакырым бу биздин Кочкордой эмес. Чүйдүн кайсы районунан деп тактаган суроосун кайра узатты.

Бул кыраакы Качыкеге анча жага бербей, өзүңүздөн кеп болсун, кайдан? Ким деген болосуң? — деп суроосуна кайра суроо узатты.

Тиги бей тааныш киши, албетте бул суроону күткөн эмес, анын көксөгөнү эгер Чүйдөн болсо а балким... деген гана ички туюк сезимдин жетеги. Качыкенин берген суроосуна бир аз ыңгайсыздана дароо эле кечирим сурап кечириңиз менин орунсуз суроомо деп шашкалактап... Менин атым Каратай, бул эле Чолпон совхозунан болом. Силерди көрүп эмнегедир жүрөгүм алда нерсени сезгендей алеп-желеп болуп туруп алды. Албетте кечирип койушуңузду өтүнөм деп кичи пейилдүү, эгер меден чочулап кооптонсоңуз сиздин тынчыңызды албай эле тигилер менен деп турманчы болгондо, Качыке тиги бейтааныш эмей эле куду карын бөлөсүндөй, бир тууган инисиндей сезилип, жо-оок отур, отура бериңиз деп сөзүн улантты.

Сиздин Каратай болгонуңуз, өтө таңкалыштуу болуп отурат, дегенимдин себеби биздин чоң аталарыбыздын ысымы да Каратай дегенде, тиги бейтааныштын көздөрү күлүңдөп, айтпады белем, мына жүрөк кургуруң кыйын турбайбы сезип жатпайбы, — деп оордунан туруп, тиги... тиги... олуя Каратайбы? Чоң атаңыз деп кайра суроолуу Качыкеге тигилди.

Эгер ошол "олуя" Каратай болсо, ал менин да атам, менин да чоң "олуя" атам деп, Качыкеге карай кадам таштап, далдайган неме эки колун жайа келип Качыкени кучактап калбаспы. Оо жараткан көрөөр күнүм бар экен, бир боорлорумду таптым деп, бак-бак этип көзүнөн жаш алып... Нарыда эртеден бери бакылдашып жаткандар тигилердин бир боорум дешип кучакташып калганына аң-таң,... ооздорун ачышып, бири-бирин карап калышты.

Арыдан басып келаткан Насыпбек менен Аманбек Качыке байкени далдайган неме эле кучактап "бир боорум" — деп, жатканын көрүп, көргөн көздөрүнө ишенбей бири-бирин карашып, кайра Качыкени карашса, тигиниси жүз аарчысы менен чын эле жаш аккан көздөрүн аарчып жатканын көрүшүп андан бетер таңданышууда.

Качыке байкеден тартынышып, Насыпбек менен Аманбек байке, азык-түлүк дүкөнүнө баш багышса бир тааныш "орустун" жигитине көздөрү түшөт. Айтышпаганы менен ичтеринен мына бул жерде бизди күтүп турган тура деген ой экөөндө тең пайда болду. Аманбек байке агасы Насыпбекти бир карап, үн дебей барып тиги "орус баатырынан" бирди (бутулканы) алып сыртка чыгышып, кой тиги Какем байкап калса уят болобуз ушул жерден эле жайлайлы бу баатырды деп, тигинин оозун ачып экиге бөлүп... Ичээрин ичип алып Насыпбек ага, ай Аманбек мунуң көп болуп калып Качыке байкеме уятыбызды чыгарып жүрбөсүн деп тынчы кетет. Анда Аманбек байке Насыпбек агасына кайрылып, эй Наке, автобуска отуруп оозду ачпай, бул жактын абаасы бийик окшойт, баш ооругандай болуп жатат деп үн демей жок — деп, анын амалын таап койду.

Качыкени кучактаган Каратай нарыда отургандарга кайрылып, ээй Асык туугандарым мына мен "Каратай олуянын" — баласы Каратай, Солто элиндеги олуя атам Каратайдын небере балдары Качыке агам баш болгон бир боор туугандарымды таап отурамын деп, өтө сыймыктануу менен бак-бак этип кубанычтуу жарыялап жатты.

Ал ангыча Бишкек-Атбашы багытындагы автобус "пип...пипи..." летип жүргүнчүлөрүн чакырып "келгиле" кеттик — деп жатты.

Оордунан турган Качыкеге кайрылып, Каратай акедей асылып, калып конок болуп кетиңиздер — деп жалынып-жалбарып өтүнүп жатты.

Оор басырыктуу, ары сабырлуу Качыке ага Каратайга кайрылып сиз менен таанышканыма зор кубанычтабыз. Ооба, олуя Каратай атабыздын Кочкор өрөөнүнө мезгилинде сапар тартып кадырлашкан досунукуна келип кеткени, жолдон "бата" тилеген жаш жубайлардын жолукканы биздин элде да узун сабак сөз болуп айтылып жүргөнү бар. Мына насип экен, олуя атабыздын касиет, кереметтүү батасы менен жарыкчылыкка бинаа болгон сиз менен таанышып калдык. Эл оозунда айтылган сөздөрдүн акыйкаттыгына көзүбүз жетти.

Каратай мырза! Бизге уруксаат бер "жолоочунун жолдогусу жакшы" — дейт элибизде, биз да жолдон калбайлы деп. Кош айтышып Качыке баятан бери «пи... пи...» деген автобусуна бет алды.

Нарыда Качыке агасынын кечиккенине кабатыр болгон Аманбек, ой байке тигилер эмне эле сизди ортого алып... деги тынччылыкпы? — деп, күйпөлөктөй утурлап тосуп чыкты.

— Э эй Аман иним, эмнесин сурайсың, дагы бир туугандуу болуп калдык, деп күлүмсүрөй инисине карады.

— Кочкордо кайдагы тууган Каке? Бул Карабалта эмес да, Жайыл атанын балдары дегидей.

— Ооба, Аманбек кеп ошондо болуп жатпайбы кептин баары бул жер Кочкор району болгондо болуп жатпайбы — деп, Качыке автобустун алдынкы эшигинен кирип оордуна отуруп болгон купуя сырды инилери Насыпбек менен Аманбекке төкпөй, чачпай чечмелеп айтып бүткөнчө Долон ашуусун ашкан автобус зуулдаган боюнча Нарын шаарына кирип барышканын Аманбек байке сыймыктануу менен Каратай атабыз жөнөкөй адамдардан эмес, чыныгы олуя экенин, анын батасын алган ээрчишкен эки бечаранын Каратай деген уулдуу болушканын, ал Каратай менен Капысынан кудага баратып Кочкордун как ортосунан Качыке агасынын таанышканын айтып берди.

*14.05.03.*

## КАСБАЛА ЭНЕНИН БАЛДАРЫ

Каратай атанын экинчи аялынан тараган тукумдар жөнүндө болгон маалыматты келтирели. Экинчи аялы Касбала деген энебиз. Элдин айтканына караганда сын-сыпаты келишкен, кер-маралдар керилген, өңдүү-түстүү, акыл-эстүү айым экен. Энебиздин сулуулугуна, көрктүүлүгүнө Каратай чоң атабыз өзү да суктанчу турбайбы. Андан жоро жолдоштору сен эмне эле байбичең менен токолуңдукуна көп барбай ушу ортончу аялыңдын жанынан кетпейсиң деп тамашалашса, ээй дос сен аны сураба, мен айтпайын, мени сыйкырлаган анын ашынган сулуулугу айрыкча түндөсү айдын жарыгында анын керилип уктап жатканын көрсөңүз өзүнчө эле бир керемет дүнүйө деген кубанычын айтып берген тура.

Сулуу бар, сулуу эл билген,
Сырдашың болсом дедирген.
Сарсанаа кылып жүрөктү,
Секунда сайын көз ирмем.

Сулуу бар сулуу мен билген,
Суйкая бербей телмирген.
Санаадан чыкпай таптакыр,
Садагаң болсом дедирген.

Айым бар, айым эл билген,
Ажары жайнап элирген.
Ага ашык адам көп болуп,
Айлансам сенден дедирген.

Айым бар укмуш мен билген,
Астыртан карап керилген.
Ар убак арбап өзүмдү,
Ашыгың болсом дедирген.

Албетте булардын баарын угуп көргөндөр бүгүнкү күндө арабызда болбогону менен калың элдин арасында азыр да айтыла калып жүргөндүгүн эскерттип койгонубуз оң болоор.

Касбала эненин Эркинбай, Чолпонбай, Садыр, Жаныш жана Алчике аттуу уулдары болгон. Төмөндө Эркинбай атанын Сегиз деген уулунун Молдустам, Адигине жана Чайкыстамдардан тарагандарга көз жүгүртүңүз.

сүрөө №29 (56)





# АМАН УУЛУ АЖАКМАТ

Аман уулу Ажакмат Сарчадан Аман, Жолдошбек, Амандан Ажакмат. Ажакматтын үч уулу. Ажакмат өзү жаштайынан жетим калып, турмуштун ачуу сыноосун көп көрдү. Айылдан жетинчи классты бүтүрүп келип курулуш техникумуна кирип аны ийгиликтүү аяктап куруучу болуп көп жерлерде эмгектенди. Алгачкылардан болуп Төө-Ашуу тунелинде мастер, прораб болуп эмгектенген жылдары болду. Бүгүнкү Бишкек шаарынын көптөгөн курулуштарына жетекчи болуп иштеди. Акыркы жылдары Кыргыз керек-жарак коомунун астындагы курулуш бөлүмүн жетектеп калды. Ал учурда өзүңүздөргө белгилүү, "жоону сайса эл сайды аты калды Манаска" — дегендей иштин оор жерлеринде Кыргыз адистери иштегени менен жетекчиликке анча эле көтөрө бербегенин баарыңар толук билесиңер. Андай дегеним Москва районундагы үй куруу комбинатын фундаментинен баштап куруп толук бүткөргөн ушул Аманов Ажакмат эле. Улуу урматтуу Турдахун Усубалиев анда Кыргызстан компартиясынын биринчи секретары катары өзү контролдукка алып бул курулушка барганда дайыма Ажакмат мырза Тукемди жетелеп жүрүп бардык ишти проект боюнча баяндап берген күндөрдүн телеберүүдөн деле байма бай көрүп жүрдүм. Бул курулуш толугу менен бүткөндө, Тукең келип объектинин бүтүрүшүн кабыл алып Ажакмат Амановго кезексиз бир жигули машинасын бөлүштүрүп берген болуп, үй куруу комбинаттын директорулугун бир эврейге буйрук чыгарып отурбайбы.

Кыргыздар бекер жеринен "ийлеп-ийлеп итке салып берди" деп айтпаса керек, анын сыңарындай Ажакмат баардыгын бүткөргөндө, комбинаттын директорлугуна эврейди дайындашат. Муну кандай деп түшүнсө болот. Эгерде эврей ошондой эле кыйын болсо, ал курулушту өзү эле курдуруп бүтүрсө болбос беле. Элибизде айта берсе арман көп дегендей, өмүр бою Ажакмат шаарда курулуш тармагында иштеп жүрүп өзү батирде жашайт. Ал убакта Л.И.Брежниевдин заманы эле. Бул акыйкатсыздыкка чыдабаган Ажакмат туура Брежневдин жеке өзүнө кат (телеграмма) жазат, өмүр бою курулушта иштеп квартирада турамын деген мааниде, кезегим келсе да үй беришпей кыкемдер кыйшаңдатып жатышат деп.

Ооба, ал убакта акыйкаттык деген аз да болсо бар экен. Арадан аз убакыт өтүп-өтпөй эле Борбордук Комитеттен жооп келет куруучу Аманов Ажакматка тез арада төрт комната үй Бишкек шаарынан бөлүнүп берилсин. Маселени оң чечип жообун дароо билгизгиле деген экен, Леонид Ильич мырза. Мына Ажакматка үй бербеген кыргызстандагы чоңдорду көрөйүн. Ажаке! Кайсыл үйдөн, кайсыл көчөдөн, канчанчы кабаттан аласыз деп кас-катар тизилген коммунисттердин

жетекчи желдеттери ат тезегин кургатпай Ажакматты издеп жүрүшүп таап суроо-талабын канааттандырып жатышпайбы. Мына ушулардын баары элибиздеги "арыктан аккан суунун баркы жок" дегени болуп отурбайбы. Ал мезгилде улуу Урматтуу Турдахун Усубалиевич ар дайым бөжүрөп эле эки сөзүнүн бири бизде кадр маселеси жетишпейт, биз кой эле кайтара береличи силер кадр жөнөткүлө кадрдан жардам бергиле деп, жатып республикабыздагы завод, фабрикалардын кароолчусуна чейин борборубуз Москва, Ленинград ж.б. чоң-чоң Россиянын шаарларынан келгенин бүгүн кимдер жокко чыгара алышат. Убагында булары айта албаганыбыз менен бүгүнкү күнү демократиянын шарданы менен айтсан жарашаар дейм же кыныгын таап калган аксакалыбыз дагы Асабадагыларды айыпка тарттыргандай, аракетин жасаар бекен? Эмнеси болсо да ишенич жок "уйга жүгөн салаарбы, үйрөнгөн адет калаарбы" — дегендей, ардактуу агабызды андан кайтат деп айта албайбыз.

Бөтөнчө күйгүзгөнү келген кадр сөрөйлөрдүн баары аксакалдын убадасы боюнча дароо квартира алып, уулун үйлөп ага квартира, кызын күйөөгө берип буга квартира, өзүнө машина балдарына машина алып жатышпайбы. А кыргыздар кыр-кырда, «кыроо-короо» деп кой кайтарып эле жүргөнүбүз жалган беле? Урматтуу Турдакун аке?

"Нысапсызга кашык салса, бешууртайт" болушуп тиги адис сөрөйлөр өздөрү жашаган үйлөрүн балдарына небере-чеберелерине калтырышып өздөрү кайрадан квартира кеңейтишип, алышып жатышпадыбы.

Аргасыздан суроо туулат, мына ушулардын бары улуу урматтуу Турдакун Усубалиевич билген жокпу, же билсе да өзүнүн жеке кызыкчылыгын элдикинен өйдө койуп, өзүмө сөз тийбесин деп бүт кыргызды сыздатканын ким жок дей айлат.

Айрыкча өкүнүчтүүсү 1950—1970-жылдарда кыкеңдер эми баш көтөрүп окуйун деп шаарга келгенде окууга өткөнү өтүп өтпөгөнү ишке орношо албай кайра салпып айылга малына кетип жатышпадыбы. Себеби шаарга ишке орношуш үчүн прописканң болуш керек тура, а прописка болуш үчүн жашаган жериң болуш керек. А жашаган жериңдеги жашоо аянты кошумча пропискага мүмкүн эмес.

Менин баамымда Турдахун Усубалиевич ак үйдүн төрүндө эртеден түнкү саат он бирге чейин Москваны карап отура берип, өзүнөн башка кыргыз кадырларынын өсүшүнө кайдыгерлик кылганын бүгүн түшүндү бекен? Какаганга муштаган болуп шаардагы райондордогу паспорттук столго барсаңыз анда иштегендердин баардыгы улуу элдин кадырлары эмес беле, айткан арманыңдын бирин да уккусу келбейт айтканы эле "площадь не позволяет", бир паспорттук столдо бир күндө жүз адам прописка болсо ошонун бирөө гана кыргыз калганы бүт улуу элдин өкүлдөрү катталып ишке орношууда квартира алып, машина алып дегендей эле жыргап жатышпадыбы. А кыргыздардын көргөнү кой, бакканы кой, төлдөткөнү кой, сойгону кой жеге-

ни кой, дегени кой, өзү да кой, сөзү да кой болуп калбадыкпы. Анан да тигилери магазинде свежий кой эти жок деп кынтык таба башташпадыбы. Мына ошентип "кой үстүнө торгой жумурткалап жатканда" Косыгинибиз бир келип кой этин бүт Москва, Ленинградка жөнөткүлө деп, буйрук берип кетти. Кыкеңдердин өндүргөн эти бүт Маскоого кетип, өзүбүз баш-шыйрак, ичеги-карын жеп калганыбыз дагы нукура чындык. Кептин чындыгына жетиш үчүн бир окуяны эскере кетейин. Чамасы сексенинчи жылдардан кийин болуш керек, иш сапар менен Нарынга барып калдым. Өзүңүздөр билгендей Нарын шаарында бир эле негизги көчөсү бар эмеспи, шаардын этек жагында эт комбинатына жакын жерде чоң жолдун боюнда бир кичине бутка эт саткан дүкөнчө бар экен бирок эти жок. Топтолгон элди карасаңыз кара таандай, ал жерде ар кандай жаштагы, кейиптеги, өңдөгү кийимдеги инсандар. Ал көрүнүштү бир-эки сөз менен айтып түшүндүрүүгө мүмкүн эмес. Бул ларектун тегергинде ар кайсыл жерде тарпка конгон жоорудай болуп, көчүктөрүн ташка койуп отурган эле адамдар.

Мына ушул маалда кудай бетин көргөзбөсүн, отурган эл «дуу» — деп эле бутканы курчап калышпасбы, көрсө нарыта баш-шыйрак, ичеги-карын жүктөгөн машина көрүнүптүр. Машина да келди жүгүн түшүрдү. Тамашаны эми көрө бериңиз. Мен ошондо түшүндүм кыргыз деген очередь (кезек) күтүү дегенди билбеген калк экенибизди. Карыбыз деле, жашыбыз деле, аялыбыз деле, эркегибиз деле төө бастыга өтөт экенбиз, тебелеп-тепсеп жетет экенбиз, эки-үч башты калжайтып көтөрүп кетет экенбиз. Сөгүшкөндүн урушкандын ар кандай жаргондорун уккуң келсе мына ошо жерге келиңиз акебай. Албетте бул окуяларды накта Нарындыктар билет, бирок билсе да айтпайт а Турдахун аксакал кайдан көрсүн а киши акыркы жылдары Москваны эле карап түнкү он бирге чейин дежурит кылып калбады беле. Туке мына ушуларды мен сизге айта албай калдым, кокус айтсам партияга албай койобу деп. Ансыз да 1970-жылдан 1987-жылга чейин кезек күтүп отуруп, анан "кечтим байдын кызынан" дегендей баш тарттым эле. Себеби мен партияга ишине карап алат деп жүрсөм, тишине, ичине бойу-башына, өңү-түсүнө, папкесине, шапкесине карап алынаарын билчү эмес экенмин. Көрсө коммунистик партиянын "мафиясы" — ошондо эле башталып биздин жашообузга сүңгүп кирип алган тура. Ошондо папкесинен-шапкеси чоңдор очереди жок эле, Сокулук районунан сектары ошол учурдагы Турганупка кирип партияга өтүп кийин чоңойуп министрликке жетти, кудайга шүгүр азыр деле иштеп жатышат. Мындай бакыт биздин пешенеге жазылбаптыр эмне демекчибиз. Ажакмат мырза да элдин арасында, көп улуттун өкүлдөрү менен курулуш тармагында эмгектенип жүрүп ар кандай кепке жакындыгы бар, мырзалардан. Андай дегеним Ажакматтын демилгеси менен жогоруда көргөзүлгөндөй эл аралык Жайыл-Ата мээримдүүлүк коому түзүлдү. Ошонун аркасынан Жайыл-Атага арналып марафон уюушулуп эстелиги тургузулуп жатат. Бул жөнүндө атайын токтолобуз урматтуу окурман.

Ажакмат үй бүлөлү, өмүрлүк жары Раиса менен эки кыз үч уулдун бактылуу ата-энелери. Эльнура, Айбек, Айсулуу, Азисбек жана Эркинбектер бардыгы жогорку билимдүү.

Мүдөөсүн аткараары ал абдан чын,
Менсинген инсандарга айтаара сын.
Мисалын макалдатып сөзүн сүйлөп,
Мырза бар арабызда ал абдан тың.
Максатты койуп алган болгон-толгон,
Мүнөзү ачык айрым Ажакматтын.

*1958 8.02.04.*

Мына ушундай ийгиликтүү иштерди жараткан. Ажакмат экенин билгенинен билбегени көп арабыздагылардын. Ажакеңдин дагы бир жакшы жери мен муну иштеп бүтүрдүм деп мактанбаганы болуп отурбайбы. Уулдары да бой тартып, жогорку билимдүү болушту, республикабыздын эртеңки билдүү кызматкерлеринен экендигинде күмөн жок.

## ДӨӨЛӨТБАК КЫЗЫ КАЛЫЙ



**Дөөлөтбак** атадан Калый эжебиз Кыргыз Республикасынын "эл агартуунун отличниги" деген наамга татыктуу болгон.

Калый эжебиз биз мектепке барганда эле Эркинсай орто мектебинде мугалим болуп жаш муундарга "А" деген арипти үйрөтүп таалим-тарбиясын берген республикабыздын агартуу тармагында талыкпай үзүрлүү эмгектенген мугалимдерден. Менин билишимче Калый эженин колунан таалим-тарбия албаган айылда бир да инсан калган жокко деген пикирдемин. Анын колунан билим алган окуучулары республикабыздын бардык тармактарында эмгектенген ар кесиптин ээси болгон адистер (мугалим, врач, айыл чарба адистери, курулуучу, инжинер, автомобилист, ж.б. у.с.) Эркинсай айылынан чыккан биринчи автожолдор боюнча министри Токторбек Ажикеев да Калый эженин колунан алгачкы тарбиялангандардын бири.

Тартынбай таалим бердиңиз,
Тажабай иштеп келдиңиз.
Таанытып "А" – дан арипти,
Тамшанды далай ээрдиңиз.
Тагаймат тартип бузба деп,
Талапты койуп жеңдиңиз.

Окуунун баркын аныктай,
Оку деп айтып талыкпай.
Ошол күн али эсимде...
Ооз ачпай сууда балыктай.
Ойлонуп билим алса деп,
Оку деп, айым зарыкмай.

Окуу деп көпкө барганбыз,
Окудук билим алганбыз.
Окуусуз билим болбосун,
Оп тарта билип алганбыз.
Ой корумун баалаган,
Окумуштуу, акын чалданбыз.

*7[48] 20.03.04.*



## АДИГИНЕ УУЛУ АСАН

**Адигине** атанын жалгыз уулу Асан агабыз. Эркинсай айылынан чыккан алгачкы илим-билимдүү инсандарынын катарына кирет. Жаштайынан чыгармачылык багытында аракеттенип ыр саптарынын көптөгөн түргөгүн жараткан. Өкүнүчтүү жери мына ошол ыр саптарына анчалык маани бербей учурунда газета-журналдарга жарыяланып калып кала берген. Атайын ырлар жыйнагын чыгарбай калгандыгы болуп отурат. Анын далили катары Асан аганын калеминен 1940-жылдары жазылган "Эсен бол" деген ыр саптарына белгилүү композитор Жумамудин Шералиев обонун жазганын баардыгы эле биле койбос. Асан агабыздын ошол учурдагы өмүрлүк жары баатыр эне Уулбүбү эжебизге арнаган ыры.

### ЭСЕН БОЛ

Көркүң көздү талдырган,
Көгүчкөн сенсиң ойлонсом.
Көктөн сызып качырган,
Көк шумкар болуп ойносом.
Көңүлгө толо кир калат,
Көрүшпөйбүз дегенсип,
Күдөрүң үзүп койбосоң.

Жактырса бир күн түшөөр деп,
Жашылдан жибек жайдым тор.
Жаштыктын билээр сырын деп,

Жактырып сизге сундум кол.
Жалындаган тилекти...
Жаа менен тоссоң өзүң бил,
Жароокер сулуу эсен бол.

Акыры бир күн түшөөр деп,
Ак жибектен жайдым тор.
Албырган жүрөк сүйүүсүн,
Алаар деп сизге сундум кол.
Айтсаңчы ачык жообуңду,
Албасаң колум тартайып,
Айтылуу сулуу эсен бол.

Ооба Асан агабыз колхоздун ар кандай иштеринде аралашып карыган ата-энесин багамын деп, өзүнүн жеке кызыкчылыгынан аны тапкан, тарбиялаган ата-эненин кадыр баркын жогору баалаган инсандардан экендигине кимдин шеги бар.

Бүгүн эгемендүүлүк деп, айрым жаштардан абийир, мээрим арнамыс кетип карыган ата-энелерине карабай карылар үйүнө өткөрүп таштагандарды өз көзүбүз менен эле көрүп аралашып жүрбөйбүзбү. Алардын жоругу жолдо калып кудай анын бетин ары кылсын.

Арадан алтымыш алты жыл өтсө да "Эсен бол" аттуу ыр өзүнүн баалуулугун жоготкон жок, керек болсо бүгүнкү жаңы таанышып сүйүшкөн жаштар да өтө кубануу менен ыр ыргагын обонго салганына күбө боло калып жүрбөйбүзбү.

Ошол учурларда республикабыздын радио комитети тарабынан Асан аганы, радио уктуруу боюнча кызматка чакырса, ата-энемди багамын айылдан деп болбой койгону жөнүндө күнү бүгүн деле эл арасында сөздөр боло калат. Мына кандай гана таланттуу инсандар келечекти ойлонбой, ата-энени багуу милдетин аздектеп керек болсо мамлекет чакырган кызматтан да баш тартышкан. Асан агабыздын жаркын элеси жалпы кыргыз журтчулугунун жүрөгүндө түбөлүккө сакталып кала бермекчи.

Эзилишкен күндөр өткөн сандаган,
Эргүү ырын жүрөгүнөн тандаган.
Эркинсайды ээн-эркин чабыттап,
Эреркөөдө эжебизди жандаган.
Эр жүрөгү болкулдоодо токтобой,
"Эсен болун" — эжебизге арнаган.

*4.04.04.*

**Каратайдын Чолпонбайынан** Жантай андан Алымкул, Ашырахман төрөлгөн. Алымкулдун Кайынбай Эркебек деген эки уулу болгон. Кайынбайдан Дүйшөн, Шаршен, Бакыт, Бектен деген уулдары бар. Эркебектен Догдурбек, Жаныбек, Самат деген уулдары бар.

сүрөө №30 (22)




Ашырахмандан улуусу Үркүмбай, анан Арканбай, Дайынбай деген үч уулу төрөлөт. Үркүнбай агабыз колхоздун жылкысын багып үзүрлүү эмгектенди, андан уулу Канат бар. Арканбайдан Стал, Мураким аттуу уулдары. Стал мен билгенден автотранспорт тарабындагы адистерден болуп борбор шаарыбыздагы мекемелерде белдүү адистерден Арканбай агабыздын өмүрлүк жары Токтор эжебиз өмүр боюу колхоздун талаачылык кызматында үзүрлүү эмгектенди. Төшү толо орден-медалдар уулу Муракимден маалыматын сурасам макул деди күтүп-күтүп алып келбеди ошондуктан эжебиз жөнүндө маалымат чала болуп калды. Ашырахмандын Дайынбайынан Талант жана Арабек. Дайынбай агабыз айылдан бирден кийинки адабий-тармагында иштеген инсандардан. Көп жылдары республикалык газета-журналдарда кабарчы, бөлүм башчысы болуп иштеген журналистерден. Убагында куйкумдуу сөздөрү, макалалары дайыма жарык көрүп туруучу. Мезгилинде Чалкан журналына Дайынбай Ашырахмановдун калеминен жаралган сын кабарлары үзбөй жарык көрүп калайык калктын кычуусун кандыра ыраазы кылуучу. Бүгүн абийирлүү айыл аксакалы, ардактуу эс алууда.

сүрөө №31 (33)




Каратайдын Садырынын үч уулу болгон: Ниязаалы, Аалы, Ырыскелди. Ниязаалыдан Мүсүркул андан Сардарбек, Сардарбектен Камил. Сардарбек айылдагы орто мектептин кадырлуу мугалимдеринин бири. Уулу Камилдин кесиби ветеринардык врач.

Аалыдан Кангелди, Жангелди, Кангелдиден, Нургазы агабыз, андан Азамат, Эркин деген эки уулу, үч кызы бар.

## КАНГЕЛДИ УУЛУ НУРГАЗЫ



Нургазы байкебиз айылдан чыккан алгачкы илим-билимдүү мырзалардан десем аша чапкандык болбос. Анткени Совет өкмөтү орногондон кийин айылдан суурулуп барып мугалимдик кесипке борборубуз Фрунзе шаарынан ээ болгондордун бири Нургазы Кангелдиев эмес беле. Ал учурда бүтүндөй Кыргызстандын айыл кыштактары толугу менен чала сабаттуу, алыскы тоолуу райондор болсо бүтүндөй сабатсыз эле десем жаңылышпайм. Нургазы агабыз мугалимдик

окуу жайында тырышып окуп, татыктуу билимин алды. Окууну аяктагандан кийин элге билим берүү министрлигинин буйругу менен Жалал-Абад обласынын Үч-Терек районуна (Чоңколорго) бөлүштүрүлөт. Министрликтин берген жолдомосун алып, ашуу ашып, бел басып аталган районго эптеп жетип барып кыргыз тили боюнча мугалим болуп иштеп калат. Арадан бир жыл убакыт өтүп-өтпөй каргашалуу согуш башталып, айылдагы курал кармаганга жарактуу эркек аттуулардын баардыгын мекенди коргоого ала баштайт.

Кептин ачыгын айтсак, ал мезгилде мекенди коргоо деген ыйык милдет болуп эр азаматтардын кайратына кайрат, күчүнө-күч кошоор эле. Ар бир согушка аттанган жигит, мен тиги жүзү кара душмандарды талкалап келейин деген максат менен жөнөөр эле. Мына ушундай ажал менен бетме-бет арбашкан, кармашкан заманда республикабыздын өкмөтүнүн чечими менен кыргызстанда малчылар менен мугалимдерге (брон берилген) согушка алынбасын деген.

Өзү теңдүү курбу-курдаштарынын баардыгы мекенди коргоого кетип жатканына арданган агабыз өзү суранып арызын жазып айыл кеңешине барат. Айыл кеңешинин төрагасы шартты түшүндүрүп малчылар менен мугалимдер согушка алынбайт, силер кетип калсаңар коомдун малын кимдер багып, эли-журттун сабатсыздыгын кимдер жоюушат дегендей пикирин билгизет. Төраганын бул түшүндүргөнүнө, биз мекенди душмандардан коргоп калалбай душман басып ала турган болсо биздин мал багып сабаттуу болушубуздун кажети кайсы? деп, каяша айтып, кан күйгөн согушка жөнөтүүсүн өтүнөт. Шаштысы кеткен төрага болуптур бул сапар калып калдың күзгү жөнөткөнүбүздө кошо жөнөтөлү дейт. Андай болсо райондук согуш комиссариатына барып арызданаарын билгизет. Элдин көбү согуштан кантип калаар айласын таппай, керек болсо парасын берип алып калыңыз деп жалынып-жалбарып жүрүшсө, бул согушка деп жулунган кимдин баласы экендигин билейин деп, Нургазы байкеден сен кайсы айылдан кимдин уулусуң деп сурайт. Анда Нургазы агабыз мен Сары-Өзөн Чүйдөн мугалим болуп келгем дегенин укканда эле, кой андай болсо эртең эле бара гой деп, эртеси согушка айдап жибергени жөнүндө кийин да сөз болуп жүрбөдүбү. Жогоруда мен Үч-Терек району Чоңколордо деп, атайын белгилегендигимдин себеби ушул эле.

Ооба, ал учурда согушка билимдүү кадрлардын өтө зарыл учуру. Чакырылган балдарды комиссиядан өткөрүп дароо ар кимди илимбилимине, адистигине, жөндөмүнө жараша бөлүштүрүштү. Нургазы Кангелдиев ары билимдүү ары орусчаны таза сүйлөгөндүгүнөн болуш керек дароо эле Воронеж шаарынан согуш тармагындагы байланышчылардын окуусуна окууга чегеришет. Согуштун жүрүшүнө байланыштуу бул окуу жайы Өзбекстандын Самарканд шаарына көчүрүлгөн. Бул жерде эки жыл согушуунун ар кандай ыкмаларын, байланышуунун ар кандай түрлөрүн, согушта колдонулуучу жаңы курал-жарак техникаларды өздөштүрүштү. Ортодон эки жыл учкан куштай зымырап, кандай өткөнү да билинбей калды. Акыры көптөн көксөгөн

согушка да катышып, кан күйгөн согушта байланыш бөлүмүнүн башчысы болуп, зуулдап ажал издеген окко аралашып баш аягы алты жыл аскер кызматын өтөп, алты саны аман-эсен кайра туулуп өскөн айылына кайтып келип Айымбүбү апа менен Кангелди атаны кубанычка бөлөбөдүбү.

Согуштан келгенден кийин кайрадан мугалимдик кесиптен баштап ишин улантты. Өмүрлүк жары Сонунбүбү жеңе менен баш кошуп, уулдардын-кыздардын бактылуу ата-энелери болушту. Өзүнчө үй куруп бүткөрүшүп уулдарын үйлөп, кыздарын узатышты.

Согуштан келгенден кийин кайрадан агартуу системасында үзүрлүү эмгектенди. Көп жылдары "Мектеп" басмасынын директору болуп иштеди, университеттин юридика факультетин бүтүрдү, көптөгөн мамлекеттик сыйлыктардын ээси болду.

Нурказы агабыз Сонунбүбү жеңебиз менен эки уул, эки кыздуу болду дедик. Улуу уулу Азамат тарых илимдеринин доктору, Республикабыздын бажы комитетинин төрагасы андан Чүй областынын Губернатору болуп жемиштүү эмгектенүүдө. Эркин болсо ички иштер кызматынын полковниги, борборубуздун Ленин районунун ички иштер кызматынын жетекчиси.

Атасынын атасы Аалы ата,
Аман-эсен келгин деп берип бата.
Аттандырды от күйгөн согушуна,
Алты жылдай бел чечпей жүрдү жата.
Аткылашты, кыйратты, жексен кылды,
Айыгышкан согушта кетпей ката.

Анда жаш чак, алгыр куштай болушкан,
Араң-араң бойго жете толушкан.
Ата Мекен, элди-жерди сакташып,
Алп уруша немистерден корушкан.
Автоматын колго алып күнү-түн,
Аман-эсен кайтып келди согуштан.

Согуш кыргын, күнү-түнү эрдеди,
Согуш отто көрдү күйгөн пендени.
Согуш бүтүп, тарбиялап жаш муунду,
Сар санаадан чыгарды көп элдерди.
Саресепте баалашын эр эмгегин...
Сый-урматка толкуп далай тердеди.



# КАНГЕЛДИЕВ АЗАМАТ НУРКАЗЫЕВИЧ

Азамат мырза 1957-жылы 4-июлда Фрунзе шаарында төрөлгөн. Он жылдыкты бүтүрүп, боорлош казак элинин борбору Алматы шаарындагы мамлекеттик университетинин философия-экономикалык факультетине өтүп, аны 1980-жылы бүтүрүп, философ адистигине ээ болот.

Эмгек жолун 1980-жылы орус тили жана адабияты боюнча педагогика институтунун марксизм-ленинизм кафедрасынын окутуучулугунан баштаган. 1984-жылы Москва шаарындагы М.В. Ломоносов атындагы мамлекеттик университетинин философия бөлүмүнө аспирантурага өтүп, аны ийгиликтүү бүтүрүп, философия илиминин кандидаттык даражасын коргогон. 1988-жылы педагогика институтунун философия кафедрасына окутуучу болуп которулган. 1989-жылы конкурстун негизинде ага доценттик даража ыйгарылган, андан кийин ошол эле окуу жайына декан болуп шайланган. 1993—1996-жылдары «Кыргыз-Немис соода үйүнө» коммерциялык иштер боюнча директордун орун басары болуп иштеген.

Азамат Нурказыевич 1996-жылы Бишкектеги эркин экономикалык аймактын бажы бөлүмүнүн коопсуздук кызматына башкы инспектор болуп иштеп жүрүп, 1997-жылы анын жетекчиси болуп дайындалды. 1998-жылы Кыргыз Республикасынын финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик бажы инспекциясынын директорунун орун басары болуп эмгектенген. 1999-жылы Бишкек бажыканасынын жетекчиси болуп дайындалган. Ал эми 2000-жылдын январынан баштап Мамлекеттик бажы инспекциясынын директору болуп дайындалат. 2001-жылдан баштап Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын председатели.

Азамат мырза өмүрлүк жары Айгүл менен Жанара жана Санжар аттуу уул-кыздын бактылуу ата-энеси.

2002-жылы саясат боюнча илимдин докторлугун ийгиликтүү коргоду.

2004-жылдын январынан Чүй областынын губернатору болуп дайындалып ишин ийгиликтүү улантууда.

Талаша ташып катканын,
Текшертип тетир жатканын.
Теңирим өзү күбөөдүр...
Тып тыйпыл кыла сатканын.
Тараза сымал так иштеп,
Талабын элдин актадың.

Эсептеп иште болгон бир топ кемин,
Эстүү жан мүмкүн сезип кетет дедиң.
Ээлешип менчигиндей жеп-ичкенге,
Эскертип токтот дешке жетет демиң.
Эл мүлкүн карегиндей сактоо менен,
Эсептөө палатасын жетектедиң.

Назарында бүткүл эл адамзаттын,
Нар көтөргүс, элиңдин жүгүн тарттың.
Натыйжалуу иштерин териштирип,
Напси бузук «шерлерди» ажыраттың.
Нур төгүлө жүзүңдөн кең пейилдүү,
Нурказынын уулу сен — Азаматсың.

*5⁴⁰ 30.05.2003.*

## КАНГЕЛДИЕВ НУРКАЗЫ УУЛУ ЭРКИН



Эркин мырза 1960-жылы 15-июлда Фрунзе шаарында төрөлгөн. 1967-жылы мектепке барып 1977 он жылдыкты бүтүргөн. Ошол эле жылы Мамлекеттик университеттин экономика факультетине өткөн. 1979-жылы Советтик Армиянын курамында кызматын өтөп келип окуусун уланткан. 1983-жылы жогорку билимдүү экономист адис болуп чыгат.

Эмгек жолун борборубуздагы Биринчи Май аткаруу комитетиндеги ички иштер бөлүмүндө өз кесиби менен эмгектенүүдөн баштаган. Кийин Калинин районунун ички иштер бөлүмүндө ОБЭПК бөлүмүнүн жетектеп ишин уланткан. Кылмышкерлер менен аяоосуз күрөшкөндүгүнө байланыштуу Жайыл районунун ички иштер бөлүмүнүн жетекчисинин орун басарлыгына дайындалат. Андан Кыргыз Республикасынын ички иштер Министрлигинде оперативдик иштер бөлүмүндө жетекчинин орун басары болуп ишин уланткан. Андан республикабыздын ички иштер министрлигинин аба жол транспорттору боюнча жетекчиси болуп, Ленин районунун ички иштер бөлүмүнүн жетекчиси, болуп үзүрлүү эмгектенген.

Эркиндин дайыма татыктуу иштери, такшалган ишке жөндөмү эске алынып 2002-жылы Чүй областынын ички иштер башкармалыгынын жетекчиси болуп дайындалат. 2004-жылы бир тууган агасы Кангедиев Азамат Нурказиевичтин Чүй областынын губернатору болуп дайындалганына байланыштуу Кыргыз республикасынын мыйзамдарына ылайык өз ыктыяры менен Өкмөт башчыларына (рапорт) билдирүү жазып Кыргыз республикасынын ички иштер Министрли-

гинине караштуу ар кандай ваканттык кызматка которуп койуусун өтүнгөн, республикабыздын чөйрөсүндө.

2004-жылы март айында Эркиндин берген билдирүүсүнө байланыштуу республикабыздын түштүк региондору боюнча уюшулган кылмышкерлерге каршы күрөшүү башкармалыгынын жетекчиси болуп дайындалган. Эркин ар дайым кайда иштебесин өз билимин өркүндөтүүнүн үстүндө аракеттенүүдө. Иш үстүндөгү алдынкы ыкмаларын татыктуу тажрыйбаларын үзгүлтүксүз иш жүзүнө ашырууга умтулган адис. Кыргыз республикасынын ички иштер министрлигинин буйругу менен бир нече жолу кызматтык иш сапарларына Англия, Эгипет жана башка батыштагы чет өлкөлөргө тажрыйба алмашканы жана билимин өркүндөтүүгө барып келди. Өкмөтүк баалуу сыйлыктарга күжүрман эмгеги үчүн медалы менен сыйланган.

Эркин Нургазиевич үй бүлөлүү, өмүрлүк жары Минара менен Султан, Каныбек жана НурАмир аттуу уулдарынын бактылуу ата-энелери. Уулдарынын алды жогорку окуу жайынын студенти, кийинкилери мектеп окуучулары.

Атадан алып тартип тарбияны,
Ажайып мүнөзү бар жок кыялы.
Алдырбай коом мүлкүн «ашмалтайга»,
Айтылуу бир аймактын ал тыйаары.
Адеп-бул, ыйман-изаат түбөлүккө,
Атадан балага өтөт бул сыягы.

Теңирим тартуу кылган угуу дилди,
Терикпей аткарылып айткан тили.
Тетири жагын оңдоп териштирип,
Темирдей тартиптерди сактай билди.
Тараза болуп адил иштерине,
Тыңшады кепке кеңеш толук кирди.

Атага тең төрөлгөн уул экен,
Ариет, ар намысты тутуп бекем.
Акыйкат адилдикте нээти таза,
Аларды күтүп жатат толук Мекен.
Ата-Журт эли үчүн эмгектенүү,
Алдында иштер турат нечен-деген.

*7[33] 23.04.02.*

# ЖАНГЕЛДИ УУЛУ ДАРДАЙЫЛ (КАЛУЛИЛЛА)



Дардайыл агабыз 1932-жылы 2-февралда Панфилов районунда Эркинсай айылында төрөлгөн. Айылда толук эмес орто мектепти аяктагандан кийин Канттагы айыл чарба техникумунун агрономия факультетине өтүп, аны ийгиликтүү бүтүргөн.

Эмгек жолун Жайыл районундагы Большевик колхозунда агроном болуп иштөөдөн баштаган. 1960-жылы 10-октябрда Талас областын малды бордоо боюнча адистештирилген совхозуна агроном болуп ишке орношкон, узак жылдары үзүрлүү эмгектенди. 1968-жылы ушул эле тармак боюнча Жайыл райондук малды бордоо совхозуна агроном болуп которулуп келет. Ардактуу эс алууга чыкканча ушул чарбада эмгектенди.

Дардайыл агабыз он сегизге толгондо Республикалык оодарышка катышкан. Бул жыйынга Кыргызстан боюнча 24-балбан оодарышка катышып, акырында Таластан келген балбан жашы отуздан өткөн Жээнелиев Казыгул менен оодарышып аны алып түшүп. Биринчилик үчүн Жалалабат тараптан келген жашы кырктардан ашкан Саитов деген балбан менен оодарышып бири бирин алышалбай, акыры техникалык жактан артыкчылыгы бар деп Саитовго биринчи, Дардайыл агабыз экинчи орунду жеңип алгандыгын бардык эле адамдар биле бербес.

Агабыз Лена жеңебиз менен Эмил, Бурмагүл, Ринат, Жумаке, Мейкинбек, Айдагүл аттуу уул-кыздарын бактылуу ата-энелери он эки небере үч чөбөрөлүү болушкан.

Он сегиз жаш күчкө толгон убагы,
Оомат келип, бүт ааламда сурагы.
Ортолукта чоң той болуп күч сынаш...
Оодарышка чыкпай агам турабы.
Обдулганда чап билектеп «чү» — десе,
Опол тоодой каршылашы кулады.

Балбандыгы атан-төөнүн Нарындай,
Билектери тай-торпоктун санындай.
Бар алында дөө сымалдуу Дардайыл...
Беттешкени муң-зарынан арылбай.
Белден алып ат үстүнөн тартканда,
Бертингени жылбай жатчу жарым ай.

*5.04.03.*

Жер айдап, эгин эгип дыйкан болдуң,
Жер жемиш өстүрүүдө болуп оордуң.
Жигиттин гүлү элең мезгилинде,
Жүзүңдөн нур төгүлө абдан толдуң.
Жеңекем жетелөөгө эми алыптыр,
Жашооңду элестетип байке-кормун.

*6[44] 1.04.03.*

Эскере кетүүчү бир нерсе, Дардайыл агабыз 1949-жылдары Эркин-Сай колхозунун субай жылкыларын баккан мезгили. Эми ойлосом күч-кубаты толуп эле эмес, ашып-ташып турган учуру окшобойбу. Ал учурда мына бүгүнкү Бишкек-Ош трассасы жаткан жолдун түндүк тоо тарабында (Балыкчы, Корумду) жайланышаар эле биздин колхоз. Биз анда атка минип мал кайрыганга жарап калган учур. Жылкычылар таң аткандан чоң шашкеге чейинки иштеген иштери эле сазга тыгылган жылкыларды аркан менен байлап чыгаруу болоор эле. Казыр айтсам сиздерге жалган мага чын жогоруда аталган жерлер былкылдаган эле саздак жерлер эле. Жылгалардан түшкөн суулардын жээгинен сазга жылкылар тыгылып калган учурлар көп болоор эле.

Эрте турган малчылар малдарын түгөлдөп кайра жайытка жайып коюушуп келип, анан кыдырышып жылкычылардын үйүнөн кымыз ичүшчү. Ал учурда элдин пейили кенен, бүгүнкүдөй кабак бүркөө, же кымыз сатуу деген үч уктасаң түшкө кирбген мезгил. Тескерисинче кыдырып кымыз ичип келатышып бирөө жарымын калтырып кетишсе, ал үйдүн ээси кадимкидей таарынып эмне үчүн биздин үйгө кирбедиңер деген дооматын койгон учурлар эле.

Жайлоого малчылар толук көчүп келгенден кийин той-тамаша башталуучу. Жайлоодо Москва району менен бүгүнкү Жайыл районунун малчылары коңшулаш жайлашкандыктан болуш керек дайыма бири-бирилерин тойго кабар берип калтырбай чакыруу адетке айланган. Мындай тойлорго ар бир айыл аксакалдары, ферма, мал доктур колу бош малчылар болушуп канжыгага чанач-чанач кымыздарды байлап барушчу. Тойдун шаанаса көк жайык шиберге тегиз жерге кыркасынан тегерете кыз-келиндер бир тарабына эр азаматтар экинчи тарабына отурушуп кымызын ичип сармерден ырын ырдашчу. Андан кийин эр оодарыш, күрөш “көк бөөрү” улак тартыш улануучу. Айтайын дегеним Дардайыл аганын балбандыгын өз көзүм менен көргөн учур болуп отурат. Биринчи жолу мен таанбаган балбандар беттешип, алардын алдуурагы дароо эле каршылашып атынан оодарып кетсе болобу. Экинчи оодарышка коңшу райондон келбети көпишкен алп денелүү бакыйган азамат чыкты. Биздикилер тараптан көпкө чейин ага ылайык балбан табылбай эл арасы күбүр шыбыр сөз болуп калды. Ал ангыча Дардайыл байкенин чоң атасы Аалы аксакал өзү баш болуп небереси Дардайылга батасын берип алдыга сүрөп

калышты. Карап турган көпчүлүк, ой баланын бели ката элек жаштык кылаар бекен, тиги карт бөрүгө дешип ачык эле айтып жатышты.

Ага карайбы көпчүлүк, дароо дайыма оодарышка минилип жүргөн тору айгырды токулгасын оңдоп, бөктөрүнчөгүн бөктөрүп Дардайыл байкени мингизип, үстүнө желбегей чапанды жаап алып чыгышты. Балбандар жабылган чапандарын алып ташташып, ар кими өз тарабындагы элдин алдына бастырып келип батасын алып жатышты. Сырткы көрүнүшүнө караганда Дардайыл байке атаандашына салыштырмалуу саал чаканыраак экендиги байкалууда, мындагы артыкчылык анын жаштыгы, он сегиз жашка эми толгон маалы жана өзүнө мүнөздүү өтө шамдагайлыгы ыкчамдыгы, ал-күчтүүлүгү.

Ошентип көптөн күткөн эки балбандын бири-бирине беттешээр мезгили жетип бетме-бет беттешкен учуру. Алды менен балдандар бири бирин байкашып билекти сунуп кармата койбой кайра сууруп алып, акырындык менен ык алышты, оздорунда чайнагандары жал куйрук, утуру теминишип бирин-бири шаштырып белдеги курга жетип кармоо негизги максаттары. Ар кими өздөрү билген ыкманы колдонушуп каршылашып оодаруунун аракетинде, бирок ойлогон ойлору толук аткарылбай жатышты. Арадан билинбей жарым сааттай убакыт өттү. Дуулдап сүрөгөн эл, ар кими өз акылын айткан болуп кыйкырышат. Атаандашынын жашына жараша аз да болсо алсырай түшкөнүн байкаган кыраакы Дардайыл байке дароо кайрадан качырып калды.

Жаштык жалын, жаштык кубат турбайбы,
Жаштык жалын, карыларга муң кайгы.
Жете келип бел курчоодон бек кармап,
Жыйрылганда көчүк ээрден кынтайды.
Жылоо буруп, «чу» дегенде торуну...
Жанталашкан жанга агам жылмайды.

Ооба, көчүк ээрден оогандан кийин, кайра оңолуу бул оодарыш ойунунда өтө кыйынга тураары көпчүлүккө маалым. Белден бек кармаган Дардайыл куду кара күчкө салган бойдон, кериле тартып, минген торуну темингенде, такай оодарышка минилип жүргөн жаныбар оордунан дароо чарк айланып кетсе болобу. Оодарышта үзөңгүдөн бут, ээрден көчүк тайыгандан кийинки көргөн күнүң курусун. Атаандашың дароо койо берсе тоо кулагандай аттан оодарылып жерге түшөсүң. Жер күчтүү, жер баарын көтөрөт. Дардайыл байкенин колу каршылашынын бел курчоосунун аркасынан кармап, минген торуну чү деп темингенде ат дароо каршылашынын атын айлана кетип, агабыздын күчүнө-күч, ыгына-ык, кубатына-кубат кошулуп каршылаш балбанды чалкасынан оодара кетип жатпайбы.

Ооба Дардайыл агабыз оор басырыктуулук кылды, оодарган каршылашын дароо эле таштап жиберген жок, аны тарбаңдаткан боюн-

ча белиндеги курунан бек кармап, жай бастырып келип кыз-келиндер отурган тарапка алып келип таштады.

Ошо күнкү тойдогу; эки кишинин башы кошулган жердеги сөздүн баары эле ушул оодарыштын өтүшү жөнүндө болуп жатты. Дардайыл агабыздын "атына заты жарашкан" — инсан экендигине ошондо чыны менен көзүм жетти. Жаштайынан нак кымыз ичип чучугу толгондуктанбы же кудай тааламдын буйругунанбы бүгүн жемиштен ашкан адамдын манжаларын карасаңыз барбайып-барбайып биздин манжаларга салыштырмалуу эки эсеге чоңдук кылат.

Мынча болду агабыз жөнүндөгү экинчи бир олуяны да айта кеткенибиз оң болоор. 2000-жылдын кыш айлары Бишкек шаарында Токтогулов Тынчтыкбек мырза Жайыл ата коомунун уюштуруучуларынын жана республикабызга белгилүү этнограф окумуштуу Сабыр Аттокуровду чайга чакырган экен. Бардыгыбыз улуу-кичүү барабар бир дасторкондо отуруп калдык. Агабыз өңдүү улуу аксакалдар чай менен болушуп, биз өңдүүлөрү (алтымыштын ара-бери жагындагылар) бери суусундугуна да аралаша отурабыз. Кудайга шүгүр дасторкондун үстү толо даамдын түркүн-түркүнү. Кыргызга мүнөздүү болгон казы-карта, чучук, куйрук боор дегендей. Өкүнүчтүү жери Дардайыл агабыз мурдагыдай болуп бизге аралаша албай калганы болду. Аксакалдар менен сүйлөшүп чучук, казы-карты жегени менен аны сиңирүүчү "католизатору" жок болуп жатпайбы. Жашы барып калган адамга тамактын сиңиши кыйын болоор бекен деген пикирде отурсам, бизден бир-эки жаш кичүүрөөк раматылык Берман мырза мыйыгынан күлүп Дардайыл байкеге убал болчудай болуп отурат, кантип бир катарга кошуп алсак болот деп калбаспы. Куду өзүм кыжалаат болуп жаткан маселени козгоп. Ага дароо эле алдындагы минералдык суу куйулган стаканды бери ал дедим. Көпчүлүккө байкатпай акырын алып келди, ага толо тиги "төрөдөн" куйуп кайра алдына койуп койдук. Арадан беш-он минута өткөндөн кийин агабыз алдындагы толо стаканды таза алып жиберип, кудай урган балдар бирдемке аралаштырып койгонбу деп, кобурап жатпайбы бизди карап. Биз байкамаксан болуп биздин стакандарда таза эле суу деп шек алдырган жокпус. Ошентип тамак желип бүтүп, кете турган убакыт болуп сыртка чыксак байкем күлүп, ошол сенин эле ишиң болуш керек дейт. Эмне байке чеки иш болдубу? Кайра жакшы болбодубу тамактын сиңгенине десем агабыз мыйыгынан жылмайды.

Алдан-күчтөн тайгандай,
Ак сакалын жайгандай.
Атаны курган карылык;
Жеңемсиз эркин басалбай.
Кайдасың жаным деп турат,
Көралбай көзү касалдай.

# ЖАНГЕЛДИ УУЛУ КЕҢЕШБЕК

Кеңешбек агабыз 1938-жылдары Эркинсай айылында төрөлүп, айылда мектептен окуп билимин алды. Акыркы жылдары онунчу классты борборубуз Фрунзе шаарындагы жалгыз кыргыз мектеби №5 орто мектепбинде окуп бүтүрдү. Мектепте окуп жүргөндөн баштап эле спортко кызыгып бөтөнчө бокс боюнча машыгып мелдештерге катышып байгелүү орундарга көтөрүлүп сыйлыктарга татыктуу болуп жүрдү. Бокска катышышынын да себеби ар кандайча айтылып жүрөт. Айрымдарынын сөзү боюнча айылдан келген өспүрүмдү, шаар көргөн балдар жекелеп ыза кылып койушат. Кийин алардын "сдачасын" берүү үчүн бокска машыгууга туура келген дейт. Кийин тигил досторунун баарын катыгын бирден-бирден берип, карызынан кутулуп анан алар менен чыныгы достугун түзгөн экен.

Ооба, онду бүтүп Фрунзедеги дене тарбия институтуна өтүп, аны ийгиликтүү аяктаган. Дипломдуу адис элге билим берүү тармагында иштеп жүрүп бара-бара республикабыздын коопсуздукту сактоо тармагына ишке өтүп, узак-узак жылдары мекенибиздин коопсуздугу үчүн талыкпай эмгектенди. Кызмат абалы боюнча чини биз бала кезде эле "майор" эле, менимче болбогондо полковниктике жеткен болуш керек. Үй жайлуу болуп Асанкул менен Эриктей уулдары бар. Асанкулу республикабыздагы мен деген журналистердин бири боло алды. Бүгүнкү күндө Жайыл районунун администрация башчысынын орун басары болуп эмгектенүүдө.

Бүгүн агабыз Кеңешбек Ысыккөл өрөөнүн салкын төрүндө ардактуу эс алууда. Айылга барып Эркинсайдын сайында ысыкка күйгөнчө, мэңгүн Ысыккөлдө эле ырахаттанып жашоону туура көрдү окшойт, айтор азырынча айлыга келүүгө күч кубатын топтоодо, десек жаңылышкан болоор элек. Бишкек шаарынын жаңы курулуп жаткан конуштарынын биринен үй алыптыр деген акыркы кабар угулууда.

Арбап алаар касиет бар жакындап,
Ачык айрым мүнөзү да бакылдап.
Аны менен миң жыл бирге жүргөндөй,
Аттиңи жок, баарын айта шакылдап.
Ата мекен коопсуздугун коргогон,
Амал менен аракетте акыл таап.

Коопсуздугун ойлой берип элинин,
Кыргызымдын кереметтүү жеринин.
Кызмат экен кыбырашып арада,
Кимдер? Эмне? дээр экен деп берилдиң.
Кокконендер келсе, көлдө балыктай,
Камыш ичин аңдып абдан керилдиң.

Арсланбап, Базаркоргон жерлерин,
Алма, алча, жангак токой черлерин.
Араладың бир кумардан канганча,
Ай́малоодо, ата журттай жердедиң.
Ашык болгон айымыңа баш кошуп,
Анан келип ага-ини эл дедиң.

*23[37] 10.04.04.*

## ЖАНГЕЛДИ КЫЗЫ ГУЛЬНИЗА

Гульниза 1941-жылдары Эркинсай айылында төрөлгөн. Айылдан он жылдыкты бүткөндөн кийин өмүрлүк жары Төлөбай уулу Махмуд менен баш кошуп Нурдин аттуу уулду жана Венера аттуу кыздуу болушту. Таш боор кырсык агабыз Махмудду 1963-жылы алып кетти.Гульниза мүгдүрөп отуруп калбай техникалык окуу жайынан окуп тигүүчүлүк кесибине ээ болду. Тигүүчүлүк кесиби менен иштеп жүрүп Университетти сырттан окуп билим алып жогорку билимдүүлүккө жетишип Жайыл райком партиясында катардагы инструктордон баштап кийин Панфилов, Ысык-Ата райондорунун идеология боюнча секретары болуп жемиштүү эмгектенди.

Бүгүн ардактуу эс алууда, төрдүн куту. Келин-уулунун неберелеринин кубанычы.

**Гульниза!**

Кутман курагыңыз куттуу болсун!

Анда 18 жаш тал чыбыктай буралып,
Ашык болгон сан жигиттер сыналып.
Алоолонгон кандай сонун күн өттү,
Андан бетер көңүл түшкөн кыналып.
Ашык болгон агам-мырза көп жүрдү,
Аркаңыздан “ардагым” — деп, чыңалып.

Таалайга жазса көрбөскө арга барбы,
Татына агабызды ажал алды.
Тырнактай уул-кызың көкүрөктө,
Түйшүктүү түтүн булап санаа калды.
Түн уйку миң бөлүнүп намыс үчүн,
Тагдыр-“ов” таштан катуу сыноо салды.

Тиштенип кебээрсиген жука эрдиң,
Тырышып күнү-түнү иштей бердиң.
Талыкпай сырттан окуп, окуу жайын,
Таалимиң карапайым элге бердиң.

Так иштеп партиялык кызматтарда,
Тамчысын агыздыңыз далай тердин.

Азбы-көп бир жашоону өткөрдүңүз,
Ачыгы жакшы жагын көп көрдүңүз.
Аттиң ай, көрөөр күнү түгөнүптүр,
А өзүң алтымшыты бөктөрдүңүз.
Алдыда сексен, токсон, жүзү турат,
Алладан буйруганын көп көрүңүз!

*25.01.02.*

## МҮСҮРКУЛОВ САРДАРБЕК

Сардарбек мырза 1940-жылдары төрөлгөн. Панфилов районуна караштуу Эркинсай айылынын тургуну. Онунчу классты Эркинсай орто мектебинен бүтүргөн. Карабалта шаарында эмгектенип, окуп илим-билимин өркүндөтүп айылга мугалим болуп которулуп келген.

Жаш муундарды тарбиялоодо кошкон салымы опол тоодой эле болду, бүгүн да кайратынан жанбай ардагер мугалимдерден. Бүт жашоо-өмүрүн өспүрүмдөргө билим берип оң жолго тарбиялоого аракеттенген инсандардан. Калп сүйлөгөндү, ушак сүйлөгөндөрдү жининдей көргөн ак көңүл кең пейил мырзалардан.

Буттан чалып тогоноктоп байладың,
Белден алып көтөрө чаап жайладың.
Бала кезден мээнеттене тынымсыз,
Бир айылдын чыккан мыкты балбаным.
Биринчиден болбосоң да бир топ жыл,
Баспай калчу бир ай бою чалганың.

Ага-ини мамиледе билинип,
Аста басып айыл-апа тирилик.
Апыл-тапыл иши чыга калганда,
Айттырбастан дароо баары биригип.
Ашпы-тойбу болуп калса маареке,
Айыл-ичи толук аны сиңирип.

Машыктырып балбандыкка балдарды,
Мээрим төгүп, мыйтып баспай калганды.
Мыктылардын бири Сакен айылда,
Мырзаларга сүйлөтпөй эч жалганды.
Мыйыгынан күлүп коюп кээ-кээде,
Мээр чөбү бар сөздөрү бүт балданбы?

*4[37] 20.04.02.*

Жайыл

Асан

Каратай

Жаныш

сүрөө №32 (82)

Жаныш атанын биринчи алынан: Экинчи аялынан төрөлгөндөр

Төрөкан
Козуке
Сыдык
Бүркүтбай
Жеңишбек
Канат
Самат
Кайрат
Анарбек
Мунарбек
Дамир
Азат
Замир
Тайыр
Улукбек
Азис
Дастан
Муратбек
Бакыт
Аскар
Билим

Демесин
Жалгасын
Саргалдай
Тойчубек
Жунуш
Атай
Абай
Рахматилде
Асей
Ороз
Нурлан
Руслан
Максат
Асанкалый
Жайыл
Арстан
Жайлообек
Жумабек
Жарышбек
Кудайберген
Жунушбай
Бейшенбек
Күлчоро
Бакыт
Нурлан
Марс
Марат
Медет
Алтымыш
Жетимиш
Улан
Алмаз
Азамат

Осмон
Муса
Биримкул
Кудайберген
Сарбагыш
Турар
Максат
Канат
Саргалдай
Ильич
Бакыт
Бакыт
Бакир
Таалай
Канат
Мусулумбек
Жумабек
Жумадил
Малик
Медербек
Төлөн
Марс
Жеңиш
Мирбек
Айбек
Арген

Ырыскелди
Тилек
Уларбек
Шабдан

Жаныш атанын байбичесинен Төрөкан, Козуке, Сыдык аттуу уулдары, ал эми кийинки сүймөнчүк аялынан Осмон, Муса жана Биримкул аттуу уулдары төрөлгөн.

## ТӨРӨКАНОВ МУНАРБЕК



Мунарбек агабыз 1931-жылы 14-январда Панфилов районуна караштуу Эркинсай айылында төрөлгөн. Эркинсайдан жетинчи классты бүткөндөн кийин Сарыбулактан орто мектепти аяктаган. Университеттин химия-биология факультетин аяктаган.

Эмгек жолун Баткен районунун борборундагы В.И.Ленин атындагы орто мектепте мугалим болуп иштөөдөн баштаган. 1965-жылы Жайыл районундагы Акбашат айылына мугалим болуп которулуп келген. 1969-жылы Эркинсай орто мектебине мугалим болуп которулуп иштей баштайт. Бара-бара окуу бөлүмүнүн башчысы, мектептин директору болуп узак жылдары үзүрлүү эмгектенди. Кыргыз Республикасынын эл агартуусунун отличниги, Өкмөт тарабынан Ардак граммота, орден, медалдар менен сыйланды.

Өмүрлүк жары Мария жеңе менен баш кошуп Дамир, Айнура, Света, Элмира, Азат жана Замир аттуу уул-кыздардын бактылуу ата-энелери болушту.

Тарбияны берип келдиң балага,
Таалимиңиз кетпей такыр талаага.
Тентектери чыгып калса арадан,
Тынчы кетип Мукем толук санаада.
Татыктуулар чыкты өзүңдөн билимдүү,
Таасириңиз таңдануу жок балада.

Касиеттүү ак селдесин байланып,
Капкара чач, ак бубакка айланып.
Кеп-кеңешин насыяттап жаштарга,
Кадыр туткан агам бүгүн жайланып.
Кыйла жылын билим үчүн арнады,
Кереметтин кайсы бирин айталык.

Мелтиреген көк тирээрин ал билип,
Мезгилинде чыбык учтап бак тигип.
Мунарыктап жылдар өттү арадан,
Мээрим төгө солкулдаган жаш жигит.
Мактаныч жок табийгаттын мыйзамы,
Мертинүү бар, калабызго жан чирип.

*8[10] 19.04.02.*

# ДЕМЕСИНОВ ЖЕТИМИШ



Жетимиш мырза аты эле айтып тургандай атасы жетимиш жашында көргөн уулу, 1957-жылы Панфилов районуна караштуу Эркинсай айылында төрөлгөн. Он жылдыкты бүтүрүп сырттан окуп жогорку окуу жайын бүтүрдү.

Эмгек жолун Букара айылындагы дыйкан чарбасында катардагы айдоочулуктан баштап, акырындык менен зав мастерской, инжинер, башкы инжинери болуп узак жылдары үзүрлүү эмгектенген, бүгүнкү күндөгү айылдын белдүү фермелеринин бири.

Чынар эне периштедей жергемде,
Чоң атабыз жетимишке келгенде.
Чын пейилден кепке тарта сиңдисин,
Чер жазыла ченеми жок элден ээ.
Чоң шашкеде толгоо жетип көз жарган,
Чоң атага зор кубаныч бергенде.

Айыл апа эл чакырып бата алат,
Ал наристе ата-апа-аталап.
Ач кыйкырык эли-жерим мына деп,
Арыш таштап там-туң басып таталап.
Асан айтып бүт Ааламга жар сала,
Ат койула Жетимиш деп аталат.

Келечектүү мырза жигит керилген,
Кадыр күтө калайыкка берилген.
Короо толо төрт түлүгү жайылса,
Кайда чыкты кимдин малы дедирген.
Колу ачык кең пейилдүү ак көңүл,
Куйрук боорун дос-жарына жедирген.

*$4^{49}$ 1.09.04.*

# ЖАЛГАСЫН УУЛУ ЖАЙЛООБЕК



Жайлообек агабыз 1937-жылы, Панфилов районунун Эркинсай айылында төрөлгөн. Эркинсай орто мектебинен жетинчи классты бүткөндөн кийин Фрунзедеги М.Күрөнкеев атындагы музыкалык мектебинин вокалдык факультетине өткөн. СССРдин эл артисти Сайра Кийизбаевадан билим алган. 1958-жылы Кыргызстандын Москва шаарында өткөн экинчи декадасынын катышуучусу. Музыкалык окуу жайын бүткөндөн кийин Москва шаарындагы П.И.Чайковский атындагы консерваторияга өтүп, аны 1966-жылы ийгиликтүү аяктаган.

Эмгек жолун 1966-жылы Фрунзедеги опера-балет театрында солист болуп эмгектенүүдөн баштаган. 1973-жылдан баштап өзү окуп билим алган М.Күрөнкеев атындагы музыкалык мектепте жаш кадырларды даярдоо үчүн мугалим болуп дайындалган. Жаш муундарга татыктуу билим берүү менен бирге өзүнүн чыгармачылык иштерин да унутта калтырбады. Жакембин жүрөгүнөн оргуп чыккан обондор жаралды. Мисалга алсак Смар Шмеевдин «Таалайым сенде» деген ырына А.Осмоновдун «Келсем жоксуң сүйгөнүм», «Көлдүк кыз», «Махабат арманы», «Кыргызстан», «Дилкайрык», «Барам сага» ж.б.у.с. ондогон ырларга сүйкүмдүү, уккулуктуу обондорду жарата алды.

Өзгөчө белгилей кетүүчү нерсе Жайлообек агабыз арабызда болбогону менен ал жараткан обондорун сапрано үндүү кыздарыбыз кубулжуган кереметүү үндөрү менен Жайлообекти бүтүндөй жер жүзүнө, дүйнө жүзүнө даңазалап ырдап жатышкандыгы эмне деген сыймык.

Жайлообектин патриоттук духка үндөгөн «Дилкайрык» аттуу обонун Өкмөтүбүз кыргыз калайык калкы жогору баалап кароодо биринчи орун ыйгарылып, баалуу сыйлыктар ыйгарылып, Ардак грамоталарга татыктуу болгон.

Жылкычы Жалгасындын уулу элең,
Жай-кышы, балдай ширин кымыз белен.
Жигиттин "пири", ага Жайлообегим,
Жыбылжып созгон арген үнүң менен.
Жогорку деңгээл үчүн Москвадан,
Жан үрөн билим алдың терең-терең.

Жигиттин гүлү, мырза элең — "берен",
Жайдары күлүмсүрөп пейлиң кенен.
Жигерлүү таалим берген өспүрүмгө,
Жароокер, жөпжөнөкөй жаран элең.
Жалгабай жарыктыктан өттү десе,
Жан ооруп, түш көргөндөй болуп келем.

Жашырбайм жаш жагынан улуу элең,
Жибектей Дарика кыз болуп жеңем.
Жыргалын даңазалап кыргызымдын,
Жубайлар кызмат өтөп сонун деген.
Жантаксым "жүрөктөн" деп кабар угуп,
Жашоонун жалгандыгы ушул дегем.



## ЖАЛГАСЫНОВА ДАРИКА
**(Артыкбай кызы)**

1941-жылы 20-мартта Талас областынын Карабура районунун Чимкент айылында төрөлгөн. Айылдан башталгыч класстан билим алып кийин Талас шаарында мектеп интернатта окуп 1958-жылы орто мектепти аяктаган. Ошол эле жылы Фрунзедеги М.Куренкеев атындагы музыкалык окуу жайынын вокалдык факультетине өткөн. Үчүнчү курстан 1960-жылы Москвадагы консерваторияга өтүп 1966-жылы ийгиликтүү бүтүргөн.

Эмгек жолун 1966-жылы Фрунзе шаарында опера жана балет театрында солистигинен баштаган. Дүйнөлүк классикалык жана кыргыз операларынан отуздан ашык рольдорду аткара алды. Негизинен басымдуу көпчүлүгү кыргыз улуттук опералардын каармандары. Мисалы «Айчүрөктө» — Калыймандын «Манаста» — Канайымдын, «Ажал ордунда» — Зулайканын, «Алтын кызда» — Чынардын, «Көңүлдө» — Гүлайымдын, «Бойдоктордо» — Шириндин, Аста секин колуктуда «Зияданын, «Фауста» — Маргаританын, «Карменде» — Микаэланын, «Русалкада» — Ольганын ролдорун өтө жеткиликтүү денгээлде аткарып көпчүлүк көрүүчүлөрдүн көңүлүнүн арзуусуна татыган.

Дарика маданият тармагына сиңирген эмгектери өкмөтүбүз тарабынан жогору бааланып 1972-жылы, Кыргыз Республикасынын эл артисти деген ардактуу наамды ыйгарган. 1978-жылдан баштап Кыргыз мамлекеттик симфониялык оркестринин солисти болуп иштөөдө. Андан тышкары Кыргыз радиосунун алтын фондуна беш жүздөн ашык музыкалык чыгармаларды жаздырууга жетишти.

Көптөгөн чет өлкөлөрдө гастролдордо болуп, Кыргыз элинин маданиятын жана искусствосун кеңири тааныштырууга жетише алды.

1961-жылы Москвада консерваторияда окуп жүрүп, өмүрлүк жары Жайлообек агабыз менен таанышып, келечекке кол кармашып баш кошушуп Күлчоро аттуу уулду жана эки кыздуу болушкан. 1998-жылы 26-июль Жайлообек агабыз түбөлүк келбес сапарга узады, аркада эстен кеткис 37 жыл жалындуу жашоо калды.

Алтымыш жылдыгына карата

Там-туңдан басып жүрүп эй, татынам,
Тай-тайлап тилиң чыкты бал татыган.
Тагдырдын буйругу экен табихаттан,
Татыктуу жары болдуң эң татыган.
Тата бер мөлтүр суусун таалайыңдын,
Тартуу ал ыр саптарын дил атынан.
Жайдары жагалданып жүргөн парың,
Жигиттин "пири" эле сүйгөн жарың.
Жубайлар кырк жыл бирге жашоо өтөп,
Жашашты биле бербей турмуш зарын.
Жалп этип, жалын жашоо жарың өчтү...
Жеңеке, элестеттиң турмуш тарын.

Тагдырга жазылганын көралдыңыз,
Татына махабатың бөлалдыңыз.
Тамшанткан аруу сезим сүйүүң менен,
Таалайлуу Жайлообектей төралдыңыз.
Татыктуу уул-кыздарды төрөп берип,
Тарбия-таалиминди бералдыңыз.

Өрүшүң толо малга бүт төрт түлүк,
Өзөктү бийлеп алган санаа күлүк.
Өркүндөө багытына бет алгансыз,
Өргөөңдүн чамгарагы көтөрүлүп.
Өксүйбүз, бирок дагы көнүү шарты...
Өкүттө... өтө берет бул тирилик.

*21.09.01.*

*Күлүйпа-Мухуддин*

Жалгасын атанын экинчи уулу Жумабек мырзаны кичинесинен Дөмесин чоң атасы багып алып анын тарбиясында болду. Жумабек өмүрлүк жары Кандалат экөө тең Ташкент шаарындагы театралдык институтту бүтүрүшкөн. Жумабектин уулу Марат дагы ата-энесинин жолун жолдоп узак жылдардан бери Кыргыз драма театрында жемиштүү эмгектенүүдө. 2003-жылы Маратка "Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген ишмери" — деген ардактуу наамы ыйгарылды. 2004-жылы Мараттын режиссерлугу атында "Алдаркөсө" — аттуу пьесасы көрүүчүлөргө тартууланды.



# ЖАЛГАСЫН УУЛУ ЖУМАБЕК (КОЗУКЕЕВ)

Жумабек мырза 1942-жылы 1-майда Панфилов районуна караштуу Эркинсай айылында төрөлгөн. Эркинсай орто мектебин 1960-жылы бүтүргөн. Мектепте окуп жүргөндө эле шыктуу ар нерсеге ыктуу Жумабек, орто мектепти бүтөөр менен эле Нарын театрында артист болуп иштеген.

1961—1966-жылдары Ташкент шаарындагы Островский атындагы театралдык институтта окуп билим алган. Окууну бүтүп келген жогорку билимдүү адис 1966—1980-жылдары Кыргыз драма театрында үзүрлүү эмгектенген.

1980—1982-жылдары Москвадагы кичи театрда атайын режиссерлукту бүтүрүп келип, Каракол шаарында театрдын башкы режиссеру, кийин Ош драм театрынын режиссеру болуп 1982—1986-жылдары иштеген.

Жумабек мырза театрдын сахналарында: У. Шекспирдин «Азоого чалмасында» — Транионуну, Ромео Джульетада — Меркуционун, «Акылдан азапта» — Репетиловдун, Трибуналда — Володянын, «Бийик жерде» — Бектемирдин, Омор Хаямда — Кусейиндин «Күйөө жолдошто» — Орозалынын, «Эртең жаңы жылда» — Сапардын, «Махабатта» — Касендин, «Осмонкулда» — Осмонкулдун, «Маашырбек үйлөнөттө» — Маашырбектин, ролдорун өтө чеберчилик менен ар бир көрүүчүнүн жүрөгүн толкундата алгандай денгээлде ойногонуна күбөбүз.

Атайын режиссерлукту бүтүп келип төмөндөгү спектаклдерди койгон: Е.Шварцтын — «Кар канышасы», Т.Абдымомуновдун — «Машырбек үйлөнөт», К.Тойбаевдин — «Жаңы келин», Бамершенин — «Фигаронун үйлөнүшү», М.Каримдин — «Бечара Махмуд».

Жумабек инибиздин Кыргыз Республикасынын маданият тармагына сиңирген эмгеги учурунда бааланып да бааланбай да калганына өзүңөргө маалым. Өкмөтүбүз тарабынан ондогон Ардак Грамоталар, баалуу сыйлыктар менен сыйланды.

Анын жараткан ролдору кыргыз журтчулугунун көз алдында түбөлүккө элестеп кала берет. Жумабек бул жарыкчылыктан кеткен менен анын ишин улаткан аркасында туяк калды. Демек Жумабек өлгөн жок... Ал биз менен... Армандуу дүнүйө деген ушул белем.

# МУРАТ КЫЗЫ КАНДАЛАТ

Кандалат келинибиз Жумабек инибиз менен Ташкенттеги театрда окуп жүргөндө таанышышып баш кошушкан. Жумабек экөө жашоонун ачуу-таттуусун, ысык-суугунун көптөгөн күндөрүн баштарынан бирге өткөрүштү.

Кандалат айым Кыргызстандын түштүк өрөөнүндөгү кыргыз кыздарынан алгачкы жогорку билимдүү театрдын артисти экенин көбү эле биле бербес. Жумабеги кайда болсо Кандалат ошол жерде бирге иштешип жүрүп, катар-катар төрөлгөн уул балдарына таалим-тарбияларын бере алды.

1968-жылдары июль-август айларында Кыргыз драм театрынын артистери Ош областынын Фрунзе районуна оюн койуп барып калышты. Ал учурда артистердин абройу өтө күчтүү эле го чиркин. Раматылык Жумабек иним, досу Нуркан Турсунбаевди анын карындашы Таттыбүбү Турсунбаеваны жана өмүрлүк жары Кандалат болуп, үйгө келишип кетиптир.

Ал учурда мен Кадамжай совхозунун башкы ветеринардык врачы болуп иштээр элем. Кечинде иштен келсем, өмүрлүк жарым Күлүйпа үйгө меймандар келишти деп өтө сыймыктануу менен жылмайды. Эшиктин алдында көчөтүн өз колубуз менен Ферганадан алып келип отургузган үч түп эрте бышкан шабдаалыбыз укмуштай гүлдөп, шагы ийиле мөмө байлаган. Ар бир мөмөсүнүн чоңдугу муштумдай болуп мала кызыл түстө дүмбүл болуп калган мезгил эле. Үйдө балдарга тыйуу салып, тийгизбей абдан бышса анан жейсиңер деп жүргөнмүн. Кечинде келсем бир түп эми бышып келаткан шабдаалынын шалбыраган эле жалбырагы калып, мөмөсү жок. Күлүйпадан жөн жайын сурасам, жылмайып тиги мырза уул (Жумабек) менен келген Таттыбүбү, жеңе мен шабдаалыны абдан жакшы көрөмүн деп бир чакага толо кагып чогултуп келип өзү эле жеп койду деп отурбайбы. Аттиң ай — я, балдарым ооз тийсе деп жүрбөдүм беле деп тим болдум. Мейли эми болоор иш болуптур, дагы эки түбү турбайбы деп, өзүмдү-өзүм жооткоттум.

Чехондора...

Эртеси күнү ишке кетип, кечинде келсем, экинчи түптөгү шабдаалы жайланыптыр, үчүнчү күнү, үчүнчүсү... Айтканга сөз жок. Көрсө ошонун баары... ичээр убакта, ичип, жээр убакта жеп алайын деген окшобойбу, бечара...

Ошону үчүн «кудай буйруса» — деп, айтылып калган кептин жөнү бардай. Үч түптөн үч шабдаалы жебей биз калдык.

Жумабекке жолугуп, бирге келген коллективиңди чакыр үйгө чай ичишсин десем, ууртунан жылмайа мени карап, саал унчукпай туруп жок байке жөн эле койуңуз, рахмат деди.

Ой Жуке андай дебе, бир курсак качан, кайдан болсо да тойот. Андан көрө ошол бирге иштешкендериңе чай-пайын уюштуруп берсек, дос-душман көзүнө бир ооз сөзүң чоң болот десем, Жумабек мен бир ооз аларга айтып көрөйүн деп кетти.

Эртеси Жумабек келип эгер сиздерге оорлук келбесе Өзбекстандын Шахимордан деген жерин көргөзүп, чай-пайды ошол жактан эле... деп, Жумабек сөзүн аяктады. Ой Жуке деги канча адам десем, байке театрдын директору, жана башкы режиссеру Назаралиевдер да келишиптир... аяк-быягы эки эле автобус дебеспи. Уккан кулагыма ишенип, ишене албай, шашканыдан эмне дээрим билбей, абдан жакшы болот дедим.

Ушуну эле күткөндөй болуп Жумабек эртең саат онго биз даяр болобуз, сиздерди үйдөн эле келип алып кетебиз деп, кош айтышып кетти.

Ооба, совхоздун башкы ветеринардык врачына эт маселеси проблема эмес эле. Эртең этке тапшырабыз деген беш жашар «ноо чарылардан» экөөнү алып келдирип куйкалатып сойдуруп этин бышырып түнү менен даярдап койдук.

Эртеси, автобус келди, бышкан тамак ашты толук жүктөп Шахимарданга барып чайханадан орун алып, меймандарды отургузуп дасторкондо дүр-дүйүм тамак-аш дегендей...

Жумабек, Нуркан, Кандалат, Күлүйпа жана мен болуп беш киши меймандарыбызга чай ташып жатып эле суй жыгылдык... Эки койдун бышкан этин бүт устукандап таратып, өт күйгөн суусундуктан (96 спирт) 10 эле литр х 5=50 даана бутулка 28 (жыйырма сегиз) адамга зорго-зорго жеткендей болду. Бир оокумда чай-пайларын ичкенден кийин шаракташкан кыз-келиндерибиз чыгып кана эми «Чихондара» ойнойбуз дебеспи. Нуркан Турсунбаев аны укканда буту күйгөн тооктой секирип, ой аныңарды койгула эле койгула деп жүгүрүп жүрөт.

Нурканды мындай чакырып алып, аныңар эмне эле десем, кулагыма шыбырап айтып жатпайбы... (эшек секирмей деп).

Кой Нуркан «чихондараңарды» — Чүйдөн эле ойногула бул башка мамлекетте андай купуя сырлуу нерселердин көргөзүүгө болбойт деген болдум.

Бүгүнкү Кыргыз Республикасынын баатыры Сабира Күмүшалиева эжебиз, мурда дагы бир келген экен ушул жерге, ошондогу бир бөлөсүн эстеп, эскерип бир аз муун-жүүнү бошоду. Эже койуңуз бул турмушка түркүк болгон эч ким жок деп көңүл айтып жатып зорго...

Эптеп жатып кечки саат алтыларда келген автобусубузга отуруп, кайра жөнөдүк. Жолдо келе жатып бут басмай, көз кысмай... Күлүйпа экөөбүз кыздарыбыз Бурулкан менен Гүлмираны кучактап артистердин шаан-шөкөтүнө маашырланып, ойноп-жыргап ырахат менен бир күн ушинтип эс алганыбыз күнү бүгүн да көз алдыбыздан кетпейт...

Келинибиз Кадалат, инибиз Жумабек экөө гана бизден бир аз тартынгандай, ыңгайсызданып... сүйлөнүп жаткан сөздөргө...

Мына биздин каарман келинибиз Кандалат Мурат кызы «ата-балага» барабар камкордугун көрүп, тамак-ашын, таалим тарбиясын бере алды.

## МАРАТБЕК ЖУМАБЕК УУЛУ (КОЗУКЕЕВ)



Маратбек мырза 1970-жылы 8-сентябрда Бишкекте төрөлдү. Эркинсай орто мектебин 1987-жылы аяктап, Ленинграддагы театралдык институтка өтүп ийгиликтүү бүтүрүп келди.

Эмгек жолун ата-энеси эмгектенген Кыргыз драма театрында 1992-жылы иштөөдөн баштады.

Маратбек да жашоо-турмуштун ысык-суугуна бышты. Ондогон-жүздөгөн каармандарын театрда ийине жеткире ойноп көрүүчүлөрдүн купулуна толо алды.

АКШ менен Италия өлкөлөрүнүн биргелешип тарткан «Чынгызхан» киносунда Чагатайдын ролун ойногон. «Саманчынын жолу» фильминде Касымдын ролун ойногон.

1998-жылы Муратбек Рыскулов атындагы сыйлыкка, 2000-жылы Мамлекеттик жаштар сыйлыгына татыктуу болгон.

Маратбектин эмгегин Өкмөтүбүз жогору баалап 2002-жылы «Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген кызматкери» деген ардактуу наамды ыйгарган.

Маратбек мырза ата-эненин абройуна шек келтирбеген, элине эмгеги сиңген, кыргыздын белдүү маданий кызматкерлеринен болуу менен бирге, келечектин ээси жаштарга таалим-тарбиясын берүүдө.

## ЖАЛГАСЫН УУЛУ КУДАЙБЕРГЕН

Кудайберген мырза Панфилов районуна караштуу Эркинсай айылынын тургуну. Айылдан он жылдыкты бүтүргөндөн кийин Фрунзедеги дене тарбия институтуна өтүп ийгиликтүү аяктаган.

Эмгек жолун катардагы мугалимдиктен баштап, тактaлды такшалды, натыйжа жаман болгон жок. Өзү окуп билим алган мектебинде, сабак берген мугалимдер коллективине мектептин директору болуп шайланды. Узак жылдардан берип жаш муундарга илим-билим таалим-тарбия берүүдө талыкпастан эмгектенип келүүдө.

Үй бүлөлүү, өмүрлүк жары Калыйча да кесиби педагог. Ортолорунда уул-кыздарынын бактылуу ата-энелери.

Кыйла күн кыялыңда безгениңде,
Кер сары, ээрдиң тиштеп сезгенүүдө.
Кайраттуу жан экенсиң шек алдырбай,
Кызыгам каардуу күндү эзгениңе.
Кыйындык күндөр өтүп аркаларда,
Качан? — деп бүгүн аны сезбедиң ээ.

Өспүрүм тарбиялап мектебиңе,
Өкүтсүз күндөрүң бүт мектебиңде.
Өлкөгө ченеми жок иш аткардың,
Өргө деп, алга тартып кеткениңе.
Өзөктөн кубануу бар, сүйүнүү бар,
Өз максат тилегиңе жеткениңе.

Күнү-түн көтөрбөстөн башты жерден,
Күн өттү талааларда машак терген.
Көрбөдүң сен аларды иничегим,
Кан катып суусун ичтик керден-керден.
Кут кылсын парвадигер бул турмушту,
Кудайым берген уулу Кудайберген.

*6⁰⁹ 17.04.02.*

## ЭЛИКБАЙ КЫЗЫ КАЛЫЙЧА

Кичинесинен айылда төрөлүп, агарып-көгөрүп дегендей бардыгы көз алдыбызда болгон окуянын каарманы Калыйча эл ортону элүүнүн босогосун эчак эле аттаган айымдардан болуп калды.

Өмүрлүк жары Кудайберген менен баш кошуп беш баланын бактылуу ата-энелери. Калыйча жалаң эле математик мугалим эмес, райондук, областтык, республикалык газеталардын активдүү кабарчысы, республикабыздын журналисттер союзунун мүчөсү. Ар дайым изденүү менен күнүн өткөргөн чыгаан инсан, педагог. Айыл ардагерлеринин музейин, Эркинсай орто мектебин аяктаган «өмүрү өрнөк адамдардын» музейин уюштура алган.

Мурдагы муундар иштеп кеткенине,
Музейин уюштуруп мектебине.
Мугалим, математик, отличник...
Менсинбей топук кылат жеткенине.
Мыктынын мыктыларын заңгыратып,
Мектепте музейине четтен иле.

Айлыбызда айыл толо адамдар,
Арасында өмүрү өрнөк адам бар.
Алда канча басып өткөн жолдору,
Алар бүгүн касиеттүү кадамдар.
Андайларды ардак тактага илген,
Аста секин алпештеген айым бар.

Кысталыш жерлеринен жол тандаган,
Карч уруп кара жанын жалтанбаган.
Кызматын кадыр тута калайыкка,
Көргөзмө уюштура эч талбаган.
Кыз бала, келинибиз тынымы жок,
Калыйча калк ичинде ардакталган.

*20[41] 29.11.02.*

## КОЗУКЕ УУЛУ САРГАЛДАЙ



Ал эми Козуке атанын үчүнчү уулу Саргалдай өз учурунун илим-билимдүү инсандарынын бири. Көп жылдары Эркинсай, Ортокайрыма айылдарында болуш болуп, кийин айылдык кеңештин төрагасы болуп жемиштүү эмгектенди. Бөтөнчө колхоздоштурууну жүргүзүү учурунда салымдуу үлүшүн кошкону айыл тургундарына кеңири маалим.

Саргалдай агабыз ак көңүл, кең-пейилдүү болгонун-болгондой бетиңе жашырбай айткан инсан эле. Айрыкча айыл тургундарына кеп-кеңештерин айтып алардын кыйынчылык, азап-тозогун өз башынан өткөргөндөй, ысык-суугуна, ачуу-таттуусуна барабар күйүп-бышып жүргөнүнө көп эле күбө болдук.

Саргалдай ага медицина тили менен айтканда чоң психолог эле дегим келет. Анын да өзүнчө жүйөөлү себебин чечмелеп берейин. 1963-жылы 6-июль биздин үй бүлөө үчүн чоң жоготуу болду. Көрөөр күнү бүтүп, ичээр суусу түгөнүп дегендей өзүмдөн улуу агам Махмуд кокустан каза болуп, ыйлап-сыктап 9-июлда жер эненин кучагына узаттык. Ыйлабаган адам калган жок. Жыйырма төрт жаштагы ай мончоктой болгон өспүрүм жалп этип шам чырактай өчтү да калды. 9-июль күн түш оош саат 1ден эми өткөн. Жайдын саратан чилдеси күндүн ысыгын айтпаңыз. Төрткүлгө барган адамдар баштпай кетти. Айылдын ыймамы Төлөкул молдонун айтуусундай болуп өлүк эми көргө берилгенде, чайыттай күндүн ачыгына карабай кайдан-жайдан бир казандай калдайган булут келип кудайдын күнү төктү нөшөрүн төктү, болжол менен жарым саатча, суу болбогон адам жок, элдин баары шөлбүрөп кийиген көйнөктөрү сыгып алма болуп. Кары-адамдар көздөрүнөн

жаш алып, "ой тобо кудайдын күнү да ыйлады го бул жигитке" — дешип жашышканы алигүнгө көз алдымдан элеси кетпейт.

Ооба ыйлап, ыйлап кала берет экенсиң. Атам раматылык ошол күндөн баштап эшиктин алдындагы алманын түбүндө жаткан боюнча турбай жатып калды, үн да жок, сөз да жок, эч ким менен сүйлөшүп да койбойт. Санаа, кайгы деген адам баласын жеп койот тура. Адеп Махмуд уулунун азасын жеген Төлөбай ата эки ай үнсүз, сөзсүз жатып турбай калды. Мунун баарын сезген Саргалдай агабыз бир күнү атайы басып келип ал-ахвалды сураштырып чай ичип отуруп, мага карай сөзүн улады, атаңды тургузуп берейинби? деп.

— Ой жезде андай ишке жарасаңыз, анда эле этегиңизге намаз окубайбызбы, дедим.

— Андай болсо бери кел, деп мени короонун башын көздөй чакырып ээрчитип барып. Ой Мухуддин башкаларына мейли, а сен деген атаңдын абалын көрүп билип турбайсыңбы? Ушуну айттырбай эле өзүң туйбайсыңбы? — деп, мени жемелей баштады. Бул Төкөм деген бүт өмүрү таптап аргымак ат минген адам, андыктан эртең базарга барып бир жоош арабага жүргөн кулуңдуу бээ сатып алып келип тиги карабактын көлөкөсүнө байлап койуп, Төкөмө бир ооз айтып туруп баарыңар тарап-тарап качып көрүнбөй кетип калгыла. Тиги ач болгон жылкы суусап кишенеп тынчы кетип, утуру туйлап кайра кишеней баштаганын уккан атаңар беш минутка жетип-жетпей туруп барып чөп салып, бээсин сугарбаса эле мага келгиле деп, ыкшып жатып күлдү. Саргалдай жезденин айтканындай бир тор бээни кулуну менен сатып келип, бактын көлөкөсүнө байлаган боюнча Мухтар, Мараттарды да атама көрүнбөгүлө деп мен Фрунзеге кетип калдым. Кийинки ишенби күнү айылга келсем атам раматылык тор бээсин жетелеп аркандап, сугарып жүрөт, ошол боюнча жатпай туруп кетти атам. Өлгөн өзүнүн шору, өлгөндүн артынан өлгөн адам жок — деп, туура айтылган кеп экен.

Ак сакалдуу төшү толо жайкалган,
Ак көңүлдүү, ниети дилден байкалган.
Айланайын ак сакалдуу агалар...
Атам сымал, нуска сөзүн айталган.
Адал иштеп, калыстыкта жашоодо,
Арам иштен, пенделерди кайтарган.

Ар башкача адамзаттын баласы,
Ар башкача алардын бүт санаасы.
Ар кимибиз миң кыялдуу болобуз,
Ажыратып аларыңды карачы.
Ак көңүлбүз байкабоого салабыз,

Ана ошондо, адамзаттын чаласы — деп, Сакем карегиңе-карегин кадап, эмне дээр экен деген пикирде сындуу тиктөөдө сендеги ой толгоону айттырбай эле билип коючу.

# РАХМАТИЛДЕ УУЛУ АРСТАН



Арстан мырза борборубуз Бишкек шаарында 1969-жылы төрөлгөн. Арстандын атына заты жарашкан кыргыздын тың уулдарынан болчудай. Онду бүткөндө эле бизнестик иштерге сүңгүй кирип, анын купуя сырларын чечмелей билгендерден болду. Бүгүнкү күндө Америка Кошмо Штатында эмгектенүүдө.

1997-жылдары Американын атуулдугун кабыл алып үзүрлүү эмгектенүүдө. Өтө сүйүнүчтүүсү англис тилинде эркин сүйлөп компьютердин ыкмаларын толук өздөштүрүп калгандыгы.

Өзгөчө белгилей кетүүчү нерсек Арстан бүгүнкү күндө турмуштан өз ордун тапкандыгы болуп отурат. Анткени Арстан өңдөнгөн миңдеген-миңдеген уландар алыскы Америкага эмес, туулуп өскөн айылда иштөөдөн качып көчө таптап жүрүшпөйбү. Арстанга Америкадан Кыргызстанга келип кетиш, айылдан райондун борборуна барып келгендей эле болуп калгандыгы. Көр оокаттын кулу болуп колуна баштык-уштук көтөрбөстөн, чакан дипломаты. Кыргыздын Арстандай чыгаан, тың уулдары көбөйө берсин дегим келет.

Бир жылда эки жолу келип кетет,
Билбеймин ага тыйын кантип жетет.
Бизнес ал өз алдынча иш жүргүзгөн,
Бир айда акча табаар этек-этек.
Белек деп салып ийет туфилини,
Таштаман асты доллар, үстү батек.

Арстан Америка шаарларында,
Алты жыл ашып калды барганына.
Ал иштеп окуу менен алек болот,
Ал күтпөй ата-эненин жардамына.
Атуулу болуп калган кошмо штаттын,
Арстан иши жүрүп жарланууда.

Компьютер тилин суудай билгендерден,
Келечек компьютерсиз ирденбеген.
Касиет колдоо болуп жолу болсун,
Кадимки өз үйүндөй жүргөн шерден.
Кыргызды гүлдөтүүгө түрткү болмок,
Керемет сыр түйүнүн чече келген.

*7⁴⁴ 2.11.03.*

# МУСАЕВ БАКИР



Бакир мырза Ата-Мекендик согуш бүткөндөн кийинки жылдары (1947) төрөлгөн. Муса агабыздын Мээркүл, Курман, Сайракүл аттуу кыздары төрөлгөндөн кийин Асылкан эне экөөлөп эми уул болсо болот эле деген тилеги орундалбай дагы кыз бала төрөлүп атын Уулболсун койушат. Уулболсуну аркасынан уул бала ээрчите келип атын Бакир коюшат.

Бакир айылдан онунчуну аяктагандан кийин карыган ата-энесине каралашып чарбанын иштеринде эмгектене баштайт. Ар нерсеге жөндөмдүү жигит тез эле колхоздун трактор бригадасынын иштерине аралашып аны айдаганды үйрөнүп, бузулганын өзү оңдоп улуу-кичүүлөр арасында кадырбарктуу боло баштайт. Бара-бара чарбанын механизация тармагын өзү башкарып белдүү, ишеничтүү адистерден болот.

Өмүрлүк жары Роза менен баш кошуп уул-кыздарлуу болушат

Акылын таап иштин көзүн билалган,
Айттырбастан ниетиң биле тил алган.
Ак көңүлдүк жагын айтып жатамын,
Азаматтар азыр аздыр биларман.
Аттиң-аттиң арабызда бүгүн жок,
Айтып-айтпай не кылабыз бүт арман.

Күчкө толуп күпүлдөгөн убагы,
Кудайга да жеткен сымал сурагы.
Күмөндөрмүн сыр түйүнүн чечалбай,
Кимде калды куу өлүмдүн убалы?
Кайран жигит акыл калчап иштебей,
Күйүп турчу, өчүп калды чырагы.

Көргөн жерден салам айта бакылдап,
Күлүп-жайнап кандайсыз деп жакындап.
Көңүлүңдү алаар эле Бакирим...
Касиеттүү кеменгердей шакылдап.
Каңырыгым түтөй берет алиге...
Канааттанбай келем али акыл таап.

*5[24] 19.11.03.*

# ЖАНЫШ УУЛУ БИРИМКУЛ



Биримкул чоң атабыз 1888-жылдары кой үстүнө торгой жумурткалаган күркүрөгөн күздө жарыкчылыка келген экен. Өзү менен бир энеден төрөлгөндөрдүн кенжеси болуп атасына кана эркелей алган.

Биз эс тарткандан Биримкул чоң атабыз колхоздун белдүү, кадыр-барктуу ишеничтүү жылкычысы эле. Ал убакта маани бербептирбиз дайыма чоң тору айгырын минип, экинчисин жетелеп алаар эле. Казыр ойлонсом эртеден кечке мингенге алар чыдай албаганы үчүн түшкө чейин бирин минсе түштөн кийин экинчисин минчү турбайбы.

Чоң атабыз эпсиз чоң алп адам эле, боюунун бийиктиги эки жарым метрден бийик, салмагы болжолдо 150-170 киллограмм болсо керек деп ойлойм. Андай дегенимдин себеби кадимки Каба уулу Кожомкул менен билектешип жүргөн балбандардан экени эл ичинде сөз болот. Айылда Кулболдунун Биримкулу, Жаныштын Биримкулу экөө тең замандаш болгондуктан чоң атабызды айыл ападагылар төө Биримкул деп аташаар эле. Ал учурда койчу-жылкычы, уйчулар көчкөндө дайыма төөгө боз үйдүн эмеректерин жүктөшөөр эле өзүнүн чоң кара-буурасына жүктү жүктөп жетелегенде ошол жетелегéн чоң кара буурадан да бийик болуп тураарлыгын эл кептешет.

1948-жылы Суусамырга жайлоого барып биз чоң атамдын үйүндө жайлап калдык. Атам колхоздун жылкы фермасы, мал доктуру да болуп иштээр эле. Жайлоого көчүп чыгабыз деп атам үй-сүрүштүрсө Биримкул чоң атабыз келип, эй Төлөбай муштумдай уулуңар менен өзүңөрчө үй тигип эмне кыласыңар мына биздин үй турбайбы жетет ошо деп атама буйра сүйлөп кетип калыптыр. Атам, апам экөө тең агасынын (кайнагасынын) айтканын эп көрүшүп бир ооз сөз менен бир боз үйдө жайлаганбыз. Чоң атамдын Кудайберген, Сарбагыш деген эки уулу аларга кошулуп мен Суусамырда жайлоодо бир боз үйдө чоңойдук. Таңдан кечке бир үйдө, урушуп-талашуу, таарынышуу деген мүнөздөр ал заманда болбосо керек.

Кудайдын күнүнө кечинде бир кой союулуп ошол бир колхоздун жылкычы, койчу, уйчусу бүтүн баары бир үйдөн тамагын ичип анан тарап-тарап үйлөрүнө кетишээр эле.

Бүгүн мында болсо, эртең анда дегендей. Бир күнү Суусамыр суусунун тиги өйүзүнө тогуз жашар Кудайбергенге тору айгырып мингизип Токтомамбеттикинен бир кой алып кел деп чаптырды чоң атабыз. Суусамыр суусу күпүлдөп кирип турган мезгили. Тору айгыр сууга киргенде эки эле кулагы көрүнүп калды "атаңдын көрү" — деп, Кудайберген ыраматылык күлүп койоор эле. Кудайберген келээр келгенче чоң атабыз турнабайын колунан түшүрбөй кой өңөрүп келат-

кан Кудайбергенден көзүн албай өзүн-өзү сөгүнүп Теңирим колдо,? Колдой көр Теңирим! — деп, отурганы күнү бүгүн да көз алдымда элестеп турат.

Тору айгырды токуп алып мингенде,
Торуайыгыры тоодой эле билгенге.
Түш жарымга чыдап кээде чыдабай,
Тойтолоңдоп баспай калчу бир демге.
Токуп алып кайра башка мингичин,
Тоодон келчү күүгүм эми киргенде.

Тоо койнунда топ жылкынын соңунда,
Топ жылкысы тээп оттоп коңулда.
Тоюп алса тай-кунаны секирип,
Тоо этектеп учкан куштай оюнда.
Теңир колдоп жыл мезгили өзгөрт,
Тынчтык өкүм сүргөн жашоо соңунда.

Тогуз жашар Кудайберген сурдана,
Торайгырдын оозун суугa бурганда.
Торпок сымал чоң ирикти өңөрүп,
Токойлуунун суусу кирип турганда.
Турнабайда нечен карап көз талып,
Тынчы кете чоң атабыз курган да...

*4[33] 11.04.04.*



## БИРИМКУЛОВ КУДАЙБЕРГЕН

Биримкул уулу Кудайберген Панфилов районунун Эркин-Сай айылында 1939-жылы төрөлгөн. Кыргыз, жогорку билимдүү инжинер-автомобилист, эмгек жолун онунчуну бүткөндөн кийин Бишкектеги алтымышынчы заводдо жумушчулуктан баштайт. 1964-жылы Баткен районунда автобазада аккумуляторчу — инженер-механик, башкы инженер, начальниктин орун басары, айыл чарба техникалар мекемесинин начальниги болуп узак жылдары үзүрлүү эмгектенди.

Кудайбергендин өзгөчөлүлүгү кесибинен тышкары өзүнө нукура таандык аргендей созулган сүйкүмдүү коңур үнү бар эле. 1957-жылдары айылдан шаарга келип, республикабыздын опера жана балет теат рында дүйнөнү дүңгүрөткөн СССРдин эр артисти Болот Миңжылкиев менен классташ болуп, экөө бирге Москвадагы Кыргызстандын декадасына камданып жүргөндө Советтик Армиянын курамына алып кетип, декадага катышпай калат. Өтө кызык жери Болот экөө

бири болбосо, биринин ролун экинчиси эркин аткара берер эле дешет.

Үй-бүлөлү, бир уул, үч кызы бар. Уулу Бакыты аркасында калган анын орун басары.

Бакылдап балбан билек, баатыр жүрөк,
Бар дилин, аракетин алга үрөп.
Бурадар, иштеп жаткан ишин көрсө,
Бали деп, жардам бере алга сүрөп.
Берешен, ак көңүлдүү азаматтар,
Билбедим неге кыска өмүр сүрөт.

Уул бар, ата-эне элге керек,
Уул бар, уютулган алтын белек.
Улууга урмат болуп, кичүүгө сый,
Умтулуп ынтымакка утур демеп.
Урматтаар улууларды арабыздан,
Уу чеңгел, ажал чиркин жерге эмет.

Кудайым берген досум Кудайберген,
Кубана Кудайымдай көрүп келгем.
Кубаныч кайгы-муңун тең бөлүшүп,
Кең пейил, мырза жигит элең эрден.
Керемет жашоо түгөп жарыктыктан,
Күн бүтүп, түбөлүк жай болду жерден.

## БИРИМКУЛ УУЛУ ТУРАР



Биримкул чоң атабыз, пайгамбар жашына келгенде кийинки чоң энебиз раматылык Жумакан энеден 1950-жылы Турар аттуу уулдуу болду. Пайгамбар жашында болгону менен абдан алдуу-күчтүү экендигин биз көрүп калдык. Ал убакта улак тартуу өтө кызык өтөөр эле, айрыкча аламан болгондо. Кезектеги улак тартыш болгондо Эркинсайда мектептин ылдый жагында улак тартыш болуп жатат. Жогоруда айткандай чоң атабыз Тору айгырын минип, экинчисин жетелеп жүрчү деп. Кудай бергендин болжол менен 10-11 жаштагы кези, биз төртүнчү класста окучу элек. Улак болгон жерге келсек Биримкул чоң ата жетелеп жүргөн жайдак мингичин Кудайбергенге кармата койуп улакка кирип кетти. Дододо улакты талашкан жүздөй атчандар утуру улакка умтулушууда. Ангыча Кудайберген карап турмакпы дароо секирип торуга жайдак минип улакка ал дагы кирди. Бир оокумда улак тарткандар бирден бирден чыгып олтуруп, жардын башында

эки эле адам улакты тартышып биринен бири ала албай жатышты. Аларды карап тааныган элден бири эй Биримкул бер алдагы улакты уулуңа десе, экинчи бирөө Кудайберген эле Кудайберген тарт улакты жардан тике ылдый деп бакырып жатпайбы. Ошондо Биримкул чоң атабыз улак талашып тартышып жаткан уулу Кудайбергенди көрүп, эй балам акырын алдагы жардан жыгыласың деп улакты койо бергенин өзүбүз көрүп турдук.

Бүгүн чоң атабыздын пайгамбар жашында көргөн уулу да эл ортону элүүдөн өткөн үй-жайлуу, айылдын чыгаан фермелеринин бири. Короосундагы койлорунун бирин да өлтүрбөй, жоготпогон, абдан тың азамат, камбыл ата болду.

Дүнүйө үчүн адам жаралбаган,
Дүнүйө деп жүргөндөр көп карайлаган.
Дүйнөнүн кулу болгон пенделер бар,
Демигип, дердеңдеген арам кадам.
Дидаарлаш көңүлүн ал адамзаттын,
Дегдеткен адам затты адамга-адам.

*18[05] 17.05.04.*

## АЙБӨБӨК ЭНЕДЕН ТАРАГАНДАР

Каратай атанын Айбөбөгүн үч уул: Сүймөн, Тыныш жана Шатендер төрөлгөн экен, эмесе алар жөнүндө болгон маалыматтар менен таанышыңыз.

Алпештээр бассак-турсак берекебиз,
Атыңдан айланайын энекебиз.
Алдейлээр үч уулуңдан жүз түтүн бар,
Айбөбөк атыңызга тең экенсиз.
Ааламга колуң-үнүң бирдей жетип,
Акыйкат, ак пейилдүү мекенимсиз.

Айбөбөк энебиз уул-келиндерине ар дайым:

Ата-тегиңди бил,
Төшүңдү какпа.
Пейлиңди катпа,
Дилиңди такта.
Ыйманыңды сакта,
Абийириңди сатпа.
Кудай берет деп,
Куру карап жатпа,
Эне сүтүн акта, — деп эскертип айтчу деп эл арасында кеңири айтылып калганы жөнүндө бүгүнкү күндө да карыкартаңдар арасында кеп боло калат.

Жайыл

Асан

Каратай

сүрөө №33 (63)

Каратай атанын үчүнчү аялынан Сүймөн, Тыныш жана Шатен аттуу уулдарынан баяндама:

Сүймөн
Токтогул
Сопу
Сасыкулак
Сманкул
Абытай
Сатаркул
Бакыт
Таалай
Абыш
Ыдырыс
Иманалы
Жумалы
Абдыразак
Насыр
Мухтар
Кайрат
Мурат
Насир
Даир
Абыке

Тыныш
Алтынбаш
Мырзаким
Мырсаалы
Төлөбай
Байса
Жусуп
Шарыпбек
Айбек
Осмонбек
Романбек
Махмуд
Мухуддин
Мухтар
Марат
Максат
Канат
Мирлан
Диаз
Алишер
Адилет
Жумагул
Калый
Назар
Сыдык
Кубанычбек
Курманбек
Болот
Адилет
Жолдош

Молдокул
Жунушалы
Биримкул
Кубат
Шагдан
Осмонбек
Уларбек
Азамат
Нурзат
Жээнтай
Нурдин
Аалы
Нурсултан
Данияр

Кыргыз элинде ата-бабадан бери келе жаткан бир орду менен айтылган сөз бар, "элүү жылда эл жаңы, жүз жылда жер жаңы" — деп, бул айтылган эл макалы далилдөөнү талап кылбаган чындык экендигине ар бириңер ынанасыңар. Андай дегенимдин себеби Панфилов районуна караштуу Эркин-Сай кыштагынын этегинде жайгашкан, жарымы Орто-Кайырма кыштагынын орто ченинде Чоң-Кайыңды суусун бойлой отурукташкан "Айбөбөк" айылы бар. Мына ушул алакандай айылды ошол айлана-чөйрөдөгү айыл аксакалдары, эмгек ардагерлеринен сурасаңыз чечмелеп айтып беришпесе бүгүнкү жаштар жылмайып билбейм дегенден башканы айтышпаганына күбө болуп жүрөбүз. Ал тургай аттуу-баштуу эле эл ортону элүүгө барып калган эр азаматтардан сурасаңыз деле "шык" деп таңдайын такылдатышып ооз ачышпайт.

Бүгүнкү эмгектин ардагери, ардактуу эс алуудагы Гүлниза Жангелдиевна бир тууган жеңебиз мезгилинде көп жылдары адегенде коммунисттик партиянын катардагы мүчөсү болуу менен бирге кийинчерээк Ысык-Ата, Жайыл жана Панфилов райондорунда райкомдун идеология боюнча секретары болуп эмгектенген инсан. Эртеликеч туугандар арасында отуруп калганыбызда биз "кыз алышкан" тугандар болобуз деп калса алды менен түшүнүп, түшүнбөй жүрсөк, кийинчерээк гана ал айтылган сөздөргө толук маани берип калдык. Көрсө жеңебиз менен биздин агабыз Махмуд Төлөбай уулу төртүнчү атадан барып (кошулушат экен) бир атанын балдары болуп отурбайбы, ошондуктан биз "кыз алышкан" туугандарбыз дейт тура. Мындай кыз алышкан туугандар бүгүнкү күндө республикабыздагы айыл арасында абдан эле көп учурлар бар эмеспи. Кыргыз элинин нукура салты боюнча жети ата өткөндөн кийин гана ошондой кыз алышса болоору шариятта кеп болуп жүрөт.

Мына булардын баарын айтып жатканымдын себеби, деги эле эли-журтубузда ар бир айылдын, уруунун, уруктун тарыхын билип алышы ар бир атуулдун ыйык парзыбы деп ойлоп калдым. Элибизде бекеринен "ойлобой сүйлөгөн онтобой ооруйт" деп айтпаса керек. Ошондуктан Кыргызстандын кайсыл жерине барбагын кары-картаңдар менен кептешип калсаңыз кайсыл элден, кайсыл жерден, кай уруудансың, керек болсо жети атаңа чейин сурап, аны айта алсаң азамат деп, такалып жооп бере албасаң уяткарганынын баары жөндүү турбайбы, билгенге мунун баары узун сабак таалим-тарбия экендигин ким тана алат. Андай дейин десеңиз айрым мырзалар алакандай кыргызды бөлүп-жарыштын кереги эмне деп кекээрлегендерди да көрүп жүрөбүз.

Бул жерде булардын баарын айтып отурганымдын негизги себеби кантсе да өзүбүздөн кийинки муундардын ар бири жети атасын билип эле эмес кыргыздын санжыра тарыхына да тийиштүү маани бергени зыян эмес деп ойлойм. Андай дегенимдин себеби акыркы эле беш-алты жыл мурун Калинин району (Кара-Балта) Жайыл рай-

ону деп аталып калышы бекеринен эле боло койгон жок. Нары жагын териштирип, сурүштүрүп көрсөңүз Жайыл району толугу менен Панфилов, Московский районунун тең жарымына чейин кыргыз тарыхында кеңири орун алган кадимки Жайыл баатырдын уулдарынын тукумдары экендигин бул райондо жашагандардын баары эле биле бербеси талашсыз. Ал эми Эркин-Сай, Орто-Кайырма, Букара айылдарынын тургундары толугу менен Каратай чоң атабыздын балдары экендигин бүгүнкү бул айылдардагы аксакал, көксакалдары билбесе көпчүлүгү аны толук билбейт.

Акыркы жылдары республикабызда санжыра жөнүндө көптөгөн авторлордун эмгектери, иликтөөлөрү жарык көрүүдө. Өтө өкүнүчтүүсү буга чейин санжыраны билген адамдардан ал жөнүндө кабары жоктор эле аны угуп, жазып алып анан өз атынан чыгарып жиберген "шерлер" көп кездеш учурлар болгон. Бүгүнкү күндөгү базар экономикасы көп нерселерди ордуна коюп койду десек жаңылышпайбыз. Казыр керек болсо ар уруунун өзүнүн санжырасы, аны жазып чыгарган билермандары пайда болгонунда талаш жок.

Санжыраны окуп үйрөнүп, билип алуунун өтө пайдалуу жагы айрым атка минерлер айткандай алакандай элди жик-жикке, уруу-урууга бөлүү эмес, тескерисинче кимдин кимден, кайдан кантип пайда болгонун толук билип, түбү кыргыз эли бир эле атабыз Долон бийдин балдары экенибизди, билип алса келечекте сен солто, сарбагыш, саяк, түндүк, түштүк деп бөлүшпөй бир атанын балдары "бир жакадан баш, бир жеңден кол" чыгарса деген гана асыл максат, ынтымактуу, ынтымактуу болушса деген ниетти көздөдүк.

Айбөбөк энебизден Сүймөн, Тыныш, Шатен деген үч уулунан бүгүнкү күндө тараган атуулдарга аз-аздан токтололу.

Албетте чоң ата, баба-бубаларды көрбөй калгандыктан алар жөнүндө уккандарыбыздан, билгендерибизден сөздү баштайлы. Жайыл атадан Асандын уулу Каратай.

**Каратайдын** Айбөбөгүнүн балдары Сүймөн, Тыныш жана Шатен. Сүймөндөн Токтогул, Сопу, Сасыкулак. Токтогулдан Жумаалы, Жумаалыдан тарагандар жогорудагы сүрөөдөн толук баяндалган.

Бул сүрөөдө көрсөтүлгөндөй Ыйманаалы-Жумаалы эки бир туугандардын Ыйманаалы чоң атаны көзүбүз көрүп калды, өтө сыпаа, уста адам эле, ал эми иниси Жумаалы чоң атынын балдарынын улуусу Абдыразак, кичүүсү Насыр.

# ЖУМААЛЫ УУЛУ АБДЫРАЗАК



Жумаалы уулу Абдыразак, агабыз менен эриш-аркак болуп бирге иштешпегенибиз менен эртели-кеч мурдагы Фрунзе шаарынын чоң таза көчөлөрүнөн сыртынан көрүп калаар элек. Келбети келишкен узун бойлуу, чачтары капкара аркасына тараган, кара торусунан келген сулууча мырза эле. Эсте калганы сөз сүйлөгөндө дайыма тактап, таптап, макал-лакапташтырып кебин улоочу. Сүйлөшүп жатканда сени тике карап, сени көзүңдөн эмнени ойлоп жатканыңды, анын сөзүнө кандайча мамиледе экениңди баамдап тураар эмес беле, карс-карс күлө.

Мезгил 1946-жылдын кыш айлары болсо керек. Анда биз али мектепке бара элек учур. Абдыразак байкебиз таң эртеңден туруп кар жаап койгон тура, мен тайгандарды ээрчитип түлкү чаап келейин деп кер кашкасын токуп эки учар тайгандарын ээрчитип айылдын күн чыгыш тарабын карай ээн талааны беттеп бастырып кетти. Көрсө аң улоого кызыкчу турбайбы. Кээде жолу болсо, кээде жолу болбой, бирок дайыма бир калыпта бакылдай сүйлөп, каш-кабагы ачык жүрөөр эле. Абдыразак агабыз үйлөнүп-жайланып Республикабыздын түштүгүндө көп жылдары мугалим болуп иштеп жүргөнүн укчубуз. Биз он жылдыкты бүтүрүп, институтка өтүү менен аракеттенип жүргөн учурлар. Агабызды шаардан эртели-кеч көп көрүп калабыз. Бутунда кийген туфлисин жалтырата майлап таптаза. Бир карасаң өтө чоң кызматта иштеген интеллигенттин эле өзү эмес беле. Байке кайда иштейсиз деп суроодон деле айбыкчыбыз.

Ошентип жүрүп айыл чарба институтунун ветеринария факультетин 1964-жылы бүтүрүп, айыл чарба министрлигинин жолдому боюнча Ош областынын Фрунзе (Кадамжай) районуна ишке багыттама алганмын. Ал Учурда Фрунзенин борборун Ала-Тоо кинотеатры деп эсептээр элек. Кимди издесең, кимди көргүң келсе шашпай Ала-Тоо кинотеатрынын алдына келсең, жарым саат же бир саатта таап алат элең. Аңгыча арадан эки колун аркасына алып, ак көйнөк, кара шым, туфличен Абдыразак байкем да келип калды. Мээ кактаган жайдын чилдесине карабай, боргулдана тердесек да болбой кара костюм-шымды кийип, максат костюмдагы институтту бүттү деген атайын төш белги “ромбикти” (көрсө деген эле пикир) тагынып койкоюп, эки-үчтөн боло бизди ким байкаар экен деп, өпкөлөр көөп турган мезгил эле. Абдыразак байкебиз өтө кыраакы инсан эмес беле, узактан эле бизди байкап, атайы жаныбызга басып келип учурашып, институтту бүткөнүбүз менен кызуу куттуктап, ишке кайда бөлүнгөнүбүздү сурамжылады. Айыл чарба министрлиги атайын жолдомонун негизинде Ош областынын Фрунзе (Кадамжай) районуна жөнөткөндүгүн баяндадым.

Оо абдан жакшы, Фрунзе районунун борбору Пүлгөн деген жер. Бул сөздүн мааниси пул кен "пулдун кени" дегенди түшүндүрөт, демек акчанын кенине бара жаткан турбайсыңбы деп кубаттап күлдү. Өзү билген өтөөр-кетээр кептерди айтып, жери кооз, эли меймандос келет деп кыскача мүнөздөп, сапарыбыздын байсалдуу болушун каалады.

Кийинчерээк сураштырып ой жүгүртсөк, ошол учурда агабыз терең билимсиз иш болбосуна көзү жетип Фрунзе шаарындагы кечки мектептен он жылдыкты бүтүрүп, университеттин юридика бөлүмүндө окуп жүргөн экен. Биз сыртта он жылча иштеп келсек, агабыз юрист болуп алды менен шаарда, кийинчерээк Москва райондук прокуратурасында тергөөчү, прокурордун жардамчысы, адвокат болуп көп жылдары иштеп калды.

Өзгөчө белгилей турган нерсе, он жылдык билими болбосо да көп жылдары республикабыздын түштүк өрөөнүндө мугалим болуп, жаш муундарга таалим-тарбия берип жүргөнүн элестетсеңиз Абдыразак агабыз абдан зээндүү, эстүү, сабаттуу инсандардан экендигине көзүбүз жетти. Болбосо сабатсыз адам сабак өтө алмак беле, окуучуларга эмне деген таалим-тарбия бере алат эле. Бүгүнкү күндө институтту жаңы бүткөн жогорку билимдүү азамат адис, керек болсо арыз жазалбай отурганы, анча деле таң калыштуу эмес.

Тагдыр экен көрөөр күнү, ичээр суусу түгөндү окшойт, бул жарыкчылык менен пайгамбар жашына жете бербей кош айтышып кете берди (1928—1984-жылдары).

Кыйла эле аруусу,
Куйкум кептен салуучу.
Карегин кадап карекке,
Кыт-кыт күлө калуучу.
Кыламык кар жааганда,
Кылтактап калтар алуучу.

Куйулушуп сөздөрү,
Кубандырчу өзгөнү.
Кызыктырчу кыйланы,
Касиеттүү сөздөрү.
Каз-катарга тизилчү,
Кыз-келиндер өздөрү.

Табытың тарта сүйлөгөн,
Тарыхсыз кепти сүйбөгөн.
Түп көтөрө кыдырып,
Түзүк жерим Чүй деген.
Таалайы жок дечү эле,
Тагдырына күйбөгөн.

*3[03] 3[27] 26.10.03.*



# ЖУМААЛЫ УУЛУ НАСИР

(1938-ж. 21.04., 1968-ж. 24.03.)

Насир агабыз 1938-жылы 21-апрелде Панфилов районуна караштуу Эркинсай айылында төрөлгөн. Айылдан жетинчи классты бүтүрүп алгачкылардан болуп республикабыздагы автожолдор техникумуна өтүп окуп бүтүргөн.

Эркин-Сай айылы колхоздоштурулуп жаңы уюшулуп, элдин жашоо-турмушу оор мезгил эмес беле. Ооба төрөлгөнү жашоо-турмуштун бар-жогун, ысык-суугун башынан өткөрдү. Насир агабыз ошол учурда бир эле Эркин-Сай эмес, бүтүндөй тоо этегиндеги Орто-Кайырма, Букара, Сары-Булак кыштактарында экинин бири болгон инсан эле.

Айылдык курбу-курдаштары Насирдин оозунда "мээр" чөбү бар деп тамашалашчу. Анткени бош убактарында тууган-урук, жоро-жолдошторунукуна барып кептешип, колунан кандай иш болсо да жардамын аябаганында. Дайыма аркасынан айылдык досторун ээрчиткени ээрчиткен. Өтө таң калыштуулугу жок мен барбаймын деп калып калбагандыгында болуп отурбайбы. Анын уюштуруучулук жөндөмдүүлүгү айтып түгөнгүс.

1957-жылы Насир агабыз техникумда окуп жүргөн учур. Ал мезгилде бүгүнкүдөй "жылдыздар" күнүгө топ-тобу менен концерт койгон кайда, артист аттуулар өтө дефицит болоор эле. Осмонкул өңдүү артисттер эки-үч жылда бир араба менен кыдырып келсе келди, келбесе жок. Айыл тургундарынын көр оокаттан башка иши жок. Айыл тургундарыңдагы ушул проблеманы чечүү максатында Насир байкебиз айылдыктарга эмне үчүн оюн көрсөткөнгө дареметибиз жетпейт деп "Атабектин кызы" деген драманы айылдагы балдарды-кыздарды чогултуп алып, ар кимисинин кулк-мүнөзүнө жараша ролдорду бөлүштүрүп, тапшырманы катуу дайындайт.

Өзү бир жума Фрунзе шаарында окуп, ишемби күнү кечки поездге түшүп Кара-Балтага чейин жетип, айылга (21 км) жөө-жалаңдап клубка жетип келет. Биз менен ал-ахвалды сураштырып, даярдыгыбызды толук текшерип, кайра дагы бир жумага тапшырмаларды дайындап, базар күнү түнкү поездге жетишим керек деп жөө кайра кетет. Мына мунун баарын көз алдыңа элестетсең эмне деген эрк, кайрат, уюштуруучулук демилгелер.

Айылдагы чолок активдер биз силердей кезибизде тиги немистерден ата мекенди коргодук, силер клубка оюн койгонго жарабайсыңар деп ардантып коер эле. Клуб демекчи, клуб сөрөйүбүздүн үстү жабылганы менен эшик, терезелери, сахнасы жок. Ыркырап кышында шамал ышкырып турчу. Терезелерин кара кагаз менен тактайлап бекитип, эшигине эски таарды тартып, эски бузулан чоң жүк тарткан ма-

шинанын кузовун сахна кылып коюп алганбыз. Клубдун ичинде ар кай жерде үлпүлдөгөн № 7, 10 чырактар.

Ошентип көгөрүп жүрүп жогоруда аталган драманы да кыштын кычыраган суугунда элге көрсөттүк. Согуш жаңы бүтүп балдарынан, жакын туугандарынан ажыраган эл оюн коюп жаткан бизди көрүп, аларды балдарын туугандарын элестетип шолоктоп ыйлагандар да бар, кубанып кол чаап сүйүнгөндөрү андан көп. Иши кылып көрүүчүлөрдү дүүлүктүргөн укмуштай бир чоң "сенсация" окуя болду. Бул айылдын тарыхындагы биринчи уюшулган ачылыш болчу.

Коңшулаш "Букара" колхозунун башкармасы ошол учурда республикага атагы чыккан раматылык Орозаалы Текеев. Чарбасы да алдыңкы чарбалардан окшобойбу элдин айтымында. Панфилов районундагы тоо этегиндеги кыштактардан биринчи болуп водопровод "суу түтүгү" орнотулуп, карапайым эл тим эле "мүрөктүн" суусун ичкендей суктанып, сыймыктанышчу. Башкарманын жал куйругу төгүлгөн, келишкен чоң ак боз аты болоор эле. Ал да дайыма жемге тойгон неме камчы салдырбай, теминсе ыргып кетме адаты бар, ордунда ойдолоктоп тулпарды элестетчү. Кыскасы эмнени айтасыз, мингени ээсине куп жарашкан, төгөрөгү төп келишкенин карабайсызбы, өзүнчө эле жомок.

Айылга оюн коюп, элдин кызуу куттуктоо, мактоосуна маашырланган жаныбыз коңшулаш Букара айылына оюн көргөзгөнү жөө-жалаңдап жөнөп калдык. Барсак заңгыраган апаппак клуб, ичи таптаза, ирээти менен тизилген койкойгон орундуктар, жерден бир метрче көтөрүлгөн өзүнчө сахнасы, деги коюңузчу булар биз үчүн өзүнчө эле керемет эле.

Айылдын аяк-башына Эркин-Сайдын балдары клубка оюн коет экен деген кабар кеткен. Клубдун ичи жык-жыйма. Кичине балдардан чоң адамдар көп. Колхоздун активдери дегендей. Клубдун ичи жапжарык, "Ильичтин шамы" шаңкаят. Жетекчибиз Насир агабыз 19 жашта, көпчүлүктүн астына чыгып саламдашып, эл-журтка кайрылып мүмкүн болсо тынчыраак көңүл коюп отурууларын өтүндү. Ал мезгилдерде сый-урмат, ызаат ыйман деген нерселер бар турбайбы. Зал тыптынч, тартиптүү, кадимки академиялык театрдын артисттери келгендей күтүү менен кол чабышат. Биз даярдап келген спектаклди коюп элге тартууладык. Дүркүрөгөн кол чабуулар, алкоолор. Аларды элестетсең бүгүн да аргасыз таң калыштасың.

Бүгүнкү айыл, шаар балдары эмес, жогорку кеңештин кош палатасынын аттуу-баштуу эл ишенген депутаттары сессия убагында бирибирне акаарат келтиришип, какшыкташып, сөгүшүп эле тим болушпай, керек болсо чымчылаша чыпалактарын сындыраша соттошуп, боктошкондорун көрүп элде эмес эле, эл башкарган жерде ыйман, ызаат, абийир кеткенине көзүң жетип "ишенген кожом сен болсоң, кепшеген оозуңду" дегиң келип кетип аргасыздан астапыралла дейсиң.

Насирдин карапайымдыгын, ак көңүл, кең пейилдигин айтып түгөнгүс. Айыл-ападагы кары-картаң кемпир-чал, жетим-жесирлерге анын мээрими чексиз эле. Өзү теңдүү балдарды чогултуп алып алардын чөбүн чаап, суусун сугарып дегендей бардык иштерин уюштура коючу. Эмнегедир ошол мезгилде 1950—1960-жылдары айылдын балдары колоктоп көчөдө ойнобой, караар-багаары жок бечаралардын ишин үймө үй жүрүп бүтүрүү өнөкөткө айланган. Алардын башчысы Насир агабыз, анын үгүт насыятынын негизинде болуп жүргөн тура.

Татырлык мырза өңүнөн,
Тилегин айтып көңүлдөн.
Татына максат, таттуу ой,
Тилинен мээри төгүлгөн.
Татымын тата тагдырдын,
Таалими таасир көрүнгөн.

Чок кечкен эле жолдошпу,
Чекилик кетсе оңдошту.
Чөбүн чаап малын багыша,
Чал-кемпир ишин колдошту.
Чын дилден сырды төгүшчү,
Чогултуп жоро-жолдошту.

Министрдин жолдомосу менен алган билими-кесиби боюнча эмгек жолун Ош областына караштуу Өзгөн, Мырза-Аке райондорундагы ДЭУнун начальнигинен баштады. Жумалиев Насир ДЭУнун начальниги болуп үзүрлүү иштеди. "Ош, Кара-Суу, Өзгөн, Мырза-Аке, Кара-Кулжа, Алайкуу" багытындагы жолду түптөп салдырууга өз салымын кошкон инсан. Ошол учурда Өзгөн районунун райкомунун биринчи катчысы болуп, ветеринария илимдеринин кандидаты Арстанбек Дүйшеевич Дүйшеев иштеп турган. Чарбанын ишине көзү каныккан, демилгелүү чарбакер, талапты кое да, сурай да билген өз учурундагы илимпоз жетекчи.

Ооба иштер өз ыргагы менен жүрүп жатты. Кезектеги райкомдун бюросунда райондун аймагындагы жол курулушунун отчетун угуп, ага жаңы келген жетекчи Насир Жумалиев өз ишине жоопкерчилик менен караган, жаш болсо да дасыккан адис экендигине ынанып, тийиштүү эскертүүлөрүн айтып, ишине ийгилик каалады.

Албетте, Арстанбек Дүйшеевичти кызыктырганы начальник Насир мырзанын келечектүү пландары, көптү ойлонткон максаттары, ыгына жараша ишти уюштурган жөндөмү болду. Бул жөнүндө кезектеги командировкага келген автошоссежолдор министри раматылык Кусаин Көлбаев менен аңгемелешип отуруп, райондогу жол курулушун тейлеген Насир Жумалиевдин жаштыгына карабай анын уюштуруучулук жөндөмдүүлүгүн мактап эскере кетти.

Мезгилдин агымы учкан куштай. Белгисиз күндөр өттү. Күндөрдүн биринде Арстанбек Дүйшеевичтин кабыл алуусунда ДЭУнун начальниги Насир Жумалиев келип катчысынын кабыл алуусун өтүнгөндүгүн билдирет. Эч нерседен кабары жок Арстанбек Дүйшеевич үстүнө кирген алдындагы мекеменин жетекчиси менен пикир алмашып көпкө сүйлөшүп, керектүү тапшырмаларын берди. Бул иштер, тапшырмалардын аткарылышына өзүм көзөмөл болоюн деп, сөз учугун баштайт Насир агабыз Арстанбек Дүйшеевичке автошоссежол министри Кусаин Көлбаевдин буйругун суна. Анда Өзгөн районунун ДЭУсунун начальниги Жумалиев Насир аталган министрликтин бөлүм башчысына дайындалганы маалимделген. Бул буйрукту окуп Арстанбек Дүйшеевич бир чети сүйүнсө, экинчи чети кандайдыр бир ичи ачышкандай абалда болот. Сүйүнгөнү албетте келечектен көптү үмүттөндүргөн жаш кадрдын өсүп жогорку кызматка көтөрүлгөнү болсо, өкүнгөнү эми гана сыр алышкан, уюштургуч, ак көңүл, дили таза жетекчи адисинен кол жууп калганы, дагы кандай адис келип, аны менен андай иште, мындай иште деп көрсөтмө бербесе жылбаган неме болсо аны жетектөө болуп отурат.

Көпкө сүйлөшүп отурушуп, Арстанбек Дүйшеевич Насир мырза убада боюнча өткөндүгү отчетуң боюнча Алайкууга чейин асфальтташтырууну көз кырыңыздан чыгарбаңыз деп буйра өтүндү. Сөзсүз деп сөз кезеги келгенде Насир мырза да ишенимдүү добуш менен кош айтышты.

Адеттегидей өзү бий, өзү чоң эмес, кааласа, каалабаса да министрге күнүгө кирип тапшырма алып, алган тапшырмасын аткарууда. Жаңы коллектив, жаңы кызмат айлана-чөйрө дегендей. Министр өзү Насир мырзаны коллективге тааныштырды. Алгачкы иш күндөрү, жумалыгы, айлары... күндөр күргүчтөп аккан дайрадай, өтө берди.

Өзгөндө ДЭУнун начальниги болуп иштеп жүргөндө пландаштырган иштерин орундап коюп, бош убактыларында шахмат ойногонду жакшы көрөөрүн жоро-жолдоштору кеп кылышат. Албетте шахмат боюнча гроссмейстер болбогону менен биринчи разрядчылардын деңгээлинде ойносо керек. Досторунун арасында баш деп эле көтөрүп жүрө бербей аны да анча-мынча иштетиш керек, деп тамашалап калаар эле дешет. Шахмат бул акылдуу адамдардын оюну — деп, койчу тура.

Таш боор кырсыкка арга жок экен, бул дүйнөгө ким түркүк болуп кала алган. Ошон үчүн бул дүйнө жалган, жашооңдун көбү өтөт арман-арман деген эмеспи.

Кезектеги иш-сапарда. Ат-Башы району республикабыздагы бийик тоолуу район. Насир агабыздын кан басымы көтөрүлүп 24-март, 1968-жылы кокус көз жумду. Уучу кур эмес аркасында эки уулу, бир кызы калды.

Эмки маалымат Насир аганын уулдарында.



# ЖУМАЛИЕВ МУКТАР НАСИРОВИЧ

Ооба, айла канча, атадан эрте жаш калышты. Жетимдиктин азабын аябай эле тартышты. Бирок энелүү жетим эрке жетим демекчи, жеңебиз Роза колунан келген бардык аракетин жасап балдарына таалим-тарбиясын берди, окутту. Бүгүнкү күндө уулдары биринен-бири өтүп тирелише эр жетип эли-журтум, ата мекеним деген максатта эл үчүн эмгектенишүүдө.

Муктар Насирович 1964-жылкы. Бүгүнкү күндө аскердик чини полковник учкуч. Канттагы аэропорттун жетекчиси. Бүт өмүрүн, билимин мекенди коргоого арнаган.

Өлдү Насир жоктур азыр жанымда,
Өлбөйт Насир өтүп жаны-канына.
Өлбөстүктүн үрөнү ошол эмеспи,
Өсүп жатат уулу Муктар жалында.
Өмүр өчсө тукум калып аркада,
Өөрчүй берет жаны анын канында.

* * *

Өлбөстүктүн үрөнүн сээп тууруна,
Өжөр ажал кармашууда буулуга.
Өмүр улап өздөн кийин тукуму,
Өтөт улап өзүнөн өз уулуна.
Өлбөстүктүн далили ошол эмеспи,
Өспүрүм уул, элден чыкты суурула.

* * *

Атасынан калган ишти аткарып,
Ата "уулдар", ар күн сайын такталып.
Ага-ини, эли-жери мекенге...
Ар-намыстуу аткарууда ант алып,
Ана өмүр уланганы ушулдур,
Ата ордуна, ата болуп ат калып.

Албетте Муктардын эмгектери өкмөт тарабынан, тунгуч Президентибиз тарабынан калыс бааланып 1999-жылы үчүнчү даражадагы Манас ордени менен сыйланды. Бүгүнкү полковник — эртеңки кыргыз элинин тиреги, ишеничи, үмүтү, генералы дегибиз келет. Элибизде "өлбөгөн адам алтын аяктан даам сызат" дегендей, аманчылык болсо, кудай буйруса ал күндү да көрөөрбүз. Үмүтсүз шайтан деген кеп бар.

## ЖУМАЛИЕВ КАЙРАТ НАСИРОВИЧ



Кайрат мырза 1965-жылы Фрунзе шаарында төрөлгөн. Эл катары он жылдыкты №39 мектепте окуп бүтүргөндөн кийин Советтик армиянын курамында кызматын өтөп келет. Борборубуздагы политехникалык институтуна кирип, аны ийиликтүү аяктайт. Эмгек жолун мамлекеттик улуттук университетте кесиби боюнча иштөөдөн баштайт.

1992-жылдан бери мамлекеттик мүлк фондусунда катардагы адистен бөлүм башчылыгына чейин көтөрүлүп үзүрлүү эмгектенүүдө.

Карасам Насир ага өзү белең,
Керемет сүйлөй турган сөзү белен.
Кайдыгер кылтың-култуң сөздөн алыс,
Келишкен пейли кенен сыры терең.
Кудайым тукум улап койгонуна,
Колумду боорго алып, танды берем.

Атаңыз эскиликти талкалаган,
Атаңыз эл мүнөзүн аркалаган.
Айылдык жаштарды бүт уюштуруп,
"Атабек кызын" коюуп калкалаган.
Атаңдын оозунда "мээр чөбү бардай,
Азамат айкөл эле, залкар адам.

Капилет кете берди арабыздан,
Кайгырып кала бердик аргасыздан.
Кайратым атакеңе "кандаш-жандаш".
Керилип бир жатынды тээп чыккан.
Кайратым — Мухтар экөөң кастарлоочу,
Какиндей эжең бир боор тукум кыздан.

*21.03.01.*

## СОПУ УУЛУ АБЫШ

Андан Ыдырыс Ата Мекендик согуштан келбей калып отурбайбы. Ыдырыс агабыз уккан кептерге караганда минемотчу болуп кас душмандын сазайын берген экен.

Мекенди коргоо үчүн баскан элден,
Мекенди коргоо үчүн Гитлерден.
Майышпай эл-журт үчүн башты сайып,
Минеметтук полктордон кызмат эткен.

Майданда быт-чыт болуп миңдегендер,
Маалимсиз өлүп-житип анан кеткен.

Абыш чоң атабыздын уулу Ыдырыс эли-жерин, мекенин коргоп жүрүп курман болду. Ооба армансыз дүйнө болбос. Колунда алмончоктой кызы Бурул калды. Жаманчылыкты аманчылык жеңет дегендей, эжебиз бой тартты. Турмушка да чыкты, бала-чакалуу өзүнчө эле шаар болду.

Өлбөстүктүн үрөнү Эсенаман,
Өмүр жашы узарып болсун аман.
Өчүп жашоо тайкеси согуштан жок,
Өлүп өмүр, жашоодо жоктук жаман.
Өлкө үчүн ак эмгек арнап келет,
Өлбөстүктүн үрөнү шилтеп кадам.

Шилтөө кадам өлбөстүктүн үрөнү,
Шаан-шөкөттө асырап ал бүлөөнү.
Шаар ичинде башкарып көп мекеме,
Шыкак боло жаңылыктын сүрөнү.
Шүмшүк ажал үзгөндөрдү үздүрбөй,
Ширин жашоо улантып ал жүрөөрү.

## САСЫККУЛАКТАН СМАНКУЛ

Андан Абытай (1932). Абытайдын үч уулу: Сатаркул, Бакыт, Талай Кара-Балта шаарында жашашат. Сманкул чоң атабыздын Шакен, Орунбүбү, Нурбүбү аттуу кыздары бар.

Абытай агабыз айылдан алгачкылардан болуп шоферлук курсту бүтүрүп, машина айдаган, кийинчерээк типографияга ишке орношуп, газета-журналдарды чыгарган адис болуп ардактуу эс алууга чыкты. Ушуну менен Сүймөн бабабыздын тукумдары жөнүндөгү кыскача маалымат аяктайт.

Кийинки сөз кезегин Каратайдын ***Тыныш*** уулуна берели.

Каратайдан Тыныш, Тыныштан Молдокул, андан Жунушалы, Бимкул. Элибизде кудайдын күнү жарык, түнү караңгы дегендей, бул чоң аталарыбыздан тараган Токтобүбү (Чоргол) айылында уулу Манас, раматылык Шайыр эжебиз Тельман айылына түшкөн, уул-кыздары үй-жайлуу болушкан уулдары Асанкул Салмоорбек. Эң кенжеси Бүкөн эжебиз Казакстандын Мерке райборборунда казак боорлошторго турмушка чыккан, анын да канат-бутактары өсүп, өзүнчө айыл болуп калды деп угабыз.

Кеп чындыгынан бузулбайт эмеспи, ал эжелерди көргөн аталарыбыз бул жарыкчылык менен кош айтышты. Бизди алар билип, билбейт, биз аларды таанып, тааныбай дегендей эле кеп болуп калды окшобойбу.

Тыныштан Молдокул Алтынбаш. Алтынбаш бабабыздын беш уулу: Мырзаким, Мырсаалы, Төлөбай, Байса, Жусуп. Мырзаким төрт

уулдуу болот: Жумагул, Калый, Назар жана Сыдык. Назары Ата Мекендик согуштан кайтпай калган.

## МЫРЗАКИМ УУЛУ ЖУМАГУЛ



Жумагул агабыз 1916-жылы Панфилов районуна караштуу Эркинсай айылында туулган. Бир жылдан кийин дүйнөдө биринчи жолу кедей-кембагалдарга бийлик келип дегендей Октябрь революциясы Падышаны тактан кулатып теңчилик заман орноду. Агабыз **Эркинсай орто мектебинин биринчи окуучусу** экенин бүгүнкү жаштардын баары эле биле бербес. Жаштайынан жаңы уюшулуп жаткан колхоздун жумушуна аралашып кол кабыш калды.

Ата Мекендик согуш башталганда алдынкы катардагы солдаттардан болуп немистер менен каармандарча кармашып жүрүп, акыры аларды үйүнө кийре кууп Берлинге жеңиш туусун орнотуп анан өз элине кайтты. Жумагулдун таамай аткан мергенчилиги, жазбай аткандыгы катарлаш солдаттар арасында ага урмат-сый алып келди. Дайыма солдаттар кадырлашып сыйлашчу экен.

Жумагул агабыз согушта немистик баскынчылар менен салгылашуудан аман-эсен кайтып келип, айылда эл чарбасын калыбына келтирүүдө кайраттуу эмгегин жумшады. Андан кийинки жылдары өзү туулуп-өскөн айылында механизатор болуп иштеп жүрүп ардактуу эс алууга чыгат. Эли-жери үчүн түн уйкусун миң бөлдү. Таңдан кечке чарбадан өзүнө бекиген "Белорусь" маркасындагы тракторун минип алып иш менен алек болуп жүрүп алтымыш жашка кандай чыкканын да сезбей калгандай болду.

Ооба, колхоздо Жумагул агабыздын колу тийбеген бир да иш калган жок. Ала жаздан кеч күзгө чейин талаачылык ишинде болсо, кыштын кычыраган аяз суугунда малга жем-чөп ташып, тыным албаган миңдеген күндөр өткөрдү. Элчилеп ишемби, жекшемби күндөрү дем албады, эмгек отпускасында болбоду, эс алуу жайларында дем алууга барган жок. Иш, иш деп жүрүп пенсияга чыгып кетти.

Сөз кезеги келгенде эртели-кеч сүйлөшө калганда сурансак согуштагы кыйынчылыктардан кеп салып калат. Айрыкча кыштын чилдесинде кардын калыңдыгы бел курчоодон, немистер менен атышып жатып кеч кирген күндөр болот. Каш карайган жерден эле терең карды үңүп казып кирип алып, ооз жагын ичинен чыккан кар менен бүтөп бир аз эле тешик калтырып коебуз дейт. Калппы же чынын байкем өзү билээр мен бирде ишенсем, бирде ишенбей кетем. Бул кар астындагы үңүп кирген үңкүрдө таң атканча бир тердеп жыргап жатчубуз дегенине. Анткени кардын астында карда жатса, бүгүнкү бизге окшоп терезенин кычыгынан суук кирсе грипп болуп, кан басымдар көтөрүлүп, температура жогорулап, өлөөрдү самап калмайыбызды

кантесиң. Анан кантип жогорудагы айтылган жомокко окшогон көрүнүштөргө ишенесиң да ишенбейсиң, окурманым. Албетте бүгүн сексендин сегизиндеги ардагер агабыз менин бул күмөндөнүүмдү кечирээр деген пикирдемин.

Жумагул агабыз согушта жүргөндө көзгө атаар мергендиги менен далай немисти сулаткан тура.

Так таамай мээлеп аткычты,
Талкалап немис баскычты.
Төрт жылы жайы-кышында,
Тартылып далай кан кысты.
Тагдырын ойлоп элинин,
Түк сезбей карда ал сызды.

Өмүрүн тилеп чылымсыз,
Өмүрү бою тынымсыз.
Өлкөсү үчүн мээнетте,
Өйдөгө, ылдый ырымсыз.
Өрнөктүү ага өтүнөм,
Өчпөсүн өмүр кылымсыз.

*9[19] 22.01.04.*

Агабыз Жумагул үч уулду, үч кыздуу болду. Уулдары Кубанычбек, Курманбек, Болот. Кыздары Гүлбарчын, Шаршебү, Галя. Бардыгы турмуш курушуп, ар бири өзүнчө эле шаар болуп калышкан.

Уулдарынын улуусу Кубанычбек ата жолуна түшүп, айылдын кадырлуу механизатору, иш дегенде атасынча ичкен ашына да карабайт. Ак көңүл, кабагы ачык бак-бак эткен шар жигит.

Инилери Курманбек, Болот да карыган атасын кастарлап карашып, эртели-кеч малын карап айыл арасында.

## АЛТЫНБАШТАН МЫРСААЛЫ

Мырсаалы чоң атабызды мен көрүп калдым. Мүнөзү жумшак, балдарды дайым эркелеткен инсан эле. Биринчи чоң энебиз Калыйчадан бала көрбөй, кийинки алганы Бүбайша апабыздан эки уул: Кубатбек, Шагдан жана эки кыз Күкүн, Гүлзамиралар бар.

Уулдары Кубатбеги менен Шагданы өмүрү кыска экен, жарыкчылык менен кош айтышты.

# АЛТЫНБАШ УУЛУ ТӨЛӨБАЙ



Атам — Алтынбаш уулу Төлөбай. Жайыл баатырдын уулу Асан-Каратайынын чөбөрөлөрүнөн. 1898-жылы Жайыл районунун аймагындагы тоо этегинде Чоң-Кайыңдынын оозунда жарык дүйнөгө жаралган. Ал учурдун талабына ылайык окуп билим алуу эмес, канткенде ата-энени асырап багуу биринчи орунда турган. Эл сыяктуу карамагындагы болгон байлыгы малына баш-көз болуп күндөлүк тирилик өткөн.

Алтынбаштан Төлөбай. Төлөбайдын биринчи аялынан Жумайым эжебиз, кийинки апабыз Ажардан алты уул, бир кыз. Ал мезгилде ата-энебиз кулактын тукуму делип Украинанын Харьков областы, Херсон району, Чалбас селосунда мекендешкен тура, бүтүндөй Кыргызстандан кулак болуп айдалгандар. Апабыздын тун уулу Осмонбек менен андан кийинки Романы эки жашка толуп, толбой каза болгондуктан ырымдашып айылда ат баккан эки өзбек бир туугандар бар экен Махмуд, Мухуд деген, кийинки 1938-жылы төрөлгөн уулуна Махмуд дешсе, андан кийинки уулуна Мухуддин деп ысым берип отурушпайбы. Алланын амири, кудайдын буйругу ошону менен тилеген тилектерине жетип балдары токтоп калат.

1941-жылы батыштан немистер басып кирип келгенде, Украинадагы кулак болуп барган адамдардын жаш балдары Б.Чормонов, Акылбеков сүрөтчү, Калый Молдобасанов, Байса, Жусуп Тынышев, Ракыя Бешбаева ж.б. у.с. бардыгына Кыргызстанга кетүүсүнө уруксат берип, алар кайтып келишет. Ал эми ишке жараган эр азаматтарды бул кулактын балдары немистерге кошулуп кетет деген ойдо бардыгын Казахстандын Караганда областына которуп жиберишет. Ал жерден согуш бүткөндөн кийин бир жылдан кийин 1946-жылы элине бошотушкан. Казахстандын Караганда областына келишкенде трессовхоздун башчысы атабыз Төлөбайды чакырып алып, сен чоң байдын баласы экенсиң, мына бул совхозго мал доктур болосуң деп дайындап коюптур. Булар атамдын өз оозунан чыккан сөз. Эбепке себеп дегендей ошону менен раматылык атабыз күндөлүк иштен каныгып отуруп мал доктурлук кесипти аркалаган тура. Согуш бүтүп айылга 1946-жылы келгени баягы эле мал доктурлугун тутуп колхоздун чоң доктуру аталып жүрдү. Албетте илимий негизи болбогону менен күндөлүк тажрыйбасы күчтүү адистигине өзүм күбө болуп калдым. Сөзүм куру болбосун үчүн бир окуяны баяндап өтөйүн.

Болжолу элүүнчү жылдары (1950) жазга маал, колхоз жаңыдан өтө кымбат баага сатып келген асыл тукум карагер айгырын үйүргө кошушса, жергиликтүү ташаңги жайдары айгырлар менен алыша кеткен тура. Жайдары ташаңги качырып келип жамбашын жара тиштеп өтөт. Асыл тукум айгырдын жараланган жамбашынан оргуштап, тү-

түктөп кан ага баштайт. Кудай жалгап райондон келген жогорку билимдүү ветврач В.В.Рылцев, Б.Пащенко, эпизоотолог В.Хамзамулина алар бул окуянын үстүндө болушат. Алардын аракети кан тамырды тигүүдө. Азанаган үйүргө жаңы кошулган азоо айгыр ага болобу. Таза айлалары кетишип убара болушат. Төкөм болсо колхоздун койчусу курдашы Касымбек менен жазгы майданда жамбаштап жатышат. Аларды тиги билимдүү ветврачтар тоготушпайт да кандай кылсак деп кеңешип да коюшпайт. Акыры амал түгөнгөндө баары бир бул айгыр кансырап өлөт, андан көрө сойгула деп буйрук беришет.

Ошондо Төлөбай аксакал (тигилерге салыштырмалуу жашы эр ортону элүү жашта экен) мага бир аз уруксат берсеңер, мен улуттук ыкманы колдонуп көрөйүн дейт. Муну күтпөгөн тиги чоң доктурлар, ну давай старик, покажи свое искусство деп колдорун самындап жуушa баштайт. Төлөбай ветфельдшер болсо Касымбек курбусуна дайындап эни 50х50 сантиметр келген кийизди кесип отко бетин күйгүзө кактап (курмушу) келип, жамбашы жарылган айгырдын жарасына жаба басып жип менен таңып ташташат. Натыйжада оргуштап аккан кан дароо токтойт. Илимдүү чоң мал доктурлар бири-бирин карашып, үнсүз-сөзсүз биз шашып жаттык эле деп аттарына мине жөнөп кеткени күнү бүгүн да көз алдымда эсимде турат.

Ооба, атабыз Төлөбайдын бул ветеринария тармагындагы бир эле окуясы. Негизи саяпкерлиги абдан байкалаар эле. Өзгөчө Панфилов, Жайыл районунудагы күлүктү таптап, чапкандар дайыма кокус аттары аксап калса, ал жагы Орто-Арык, Кум-Арыктан бери келишкендери көз алдымда. Андай учурда аксаган аттын тамырын кармап көрүп, жарым чакырым жерден текирең-таскактата чаптырып келип дароо скальпель менен кан алат эле. Оргуштаган кан агып бүткөндө айылдын аркасындагы Орус-Алыштагы чоң сууга жарым саат байлатып коет. Чолоңдоп баспай келген ат, жарым саатта кадимкидей басып эч нерсе болбогондой сакайганын далай көрбөдүмбү.

Атабыздын мал доктурлук жагындагы эки эле окуясына токтолдук. Бардык иштеген иштерин жаза берсек мактангандай болушу ыктымал

Атабыздын мүнөзү токтоо көрүнгөнү менен ачуусу чукул болчу. Бирок сабырдуулукту туткан болуп дайыма (жалынып) айланайын деп сүйлөөр эле. Балдарын сөгүп урушчу эмес, бирок ачуусу келгенде караганы (тиктегени) жетээр жерге жетип кетээр эле. Бизге дайыма калыс болууга, адилет, ак ниет болууга акыл насыятын айтчу.

Адилдик жагын көздөгөн,
Акыйкат жагын сөздөгөн.
Азгырык ишке барбастан.
Арамдык иштен без деген
Ар убак берип кеңешин.
Акыл дос аны сез деген.

Таалимин берген ардагым,
Талабың кое талбадың.
Түз жүрсөң ишиң таасир деп,
Тактыкка дайым арбадың.
Түбөлүк койгон гүл дестем,
Тартуулап менин арнаарым.

Алысты карап карыгып,
Алдыман чыга зарыгып.
Атакем тосуп алчу эле,
Айлансам аз деп жалынып.
Алланын экен буйругу,
А, дүйнө кетти багынып.

*7.03.02.*

1983-жылы 85 (сексен беш) жашында 5-мартта каза болуп, 8-мартта жерге тапшырдык, ыйманы саламат болсун.

## ТӨЛӨБАЙ УУЛУ МАХМУД



Махмуд бир тууган агабыз 1938-жылы 13-июлда Украинанын Харков областыны караштуу Херсон районундагы Чалбас айылында төрөлгөн. Жашоодо ажал улук деген ырас кеп экендигинде талаш жок. Анкени атабыз (64) алтымыш төрт жашка барганда агабыз Махмуд кокустан каза болуп атабызды мүгдүрөтүп кетти.

Махмуд он жылдыкты бүткөндөн кийин Кара-балтадагы тоо кендерин иштетүүчү заводдо иштеп калды. Ал жерден үй алып, өмүрлүк жары менен баш кошуп Нурдин аттуу уулдуу Венера аттуу кыздуу болду. Ленинграддагы электротехникалык институтта сырттан окуп төртүнчү курс болуп калган. Ойлогон ой максатына жетпей, ага-тууган сыйын көрбөй кетти.

Махмуд жаңыдан 24 жашка (жыйырма төрт) толуп, жыйырма бешке караган учур. Кара-Балта шаарындагы почтовой ящик шаарчасында турушчу. Кезектеги волейбол оюнун ойноп бүтүп, бассейиндеги суута түшүшөт. Калган окуяны көргөндөр, билгендер айтпады, тергөө органдары тергебеди. Табышмактуу өлүм болгон бойдон калды. Агабыз албеттүү жалгыз өзү эки-үч адамга баш бербей турган алдуу-күчтүү мырза эле, айла жок, айтканга сөз да жок. Баскан-турганы, өңдүү-түстүү, жумшак мүнөзү, пейили баардыгы төп келишкен жигит эле. Эл айткандай көз тийип кеттиби бир кудай билет. Жаткан жери жайлуу болсун. 6.07.1963-жылы каза болуп 9.07.1963-жылы жерге жашырылды.

Жашоонун эми ширин даамын татып,
Жыйырма төрткө толуп-толбой жатып.
Жай чилде болуп турган мезгилинде,
Жан таксым болду мырза сууга батып.
Жан үрөп окуу десе тынымы жок,
Жогорку окуу жайы калды таштай катып.

О жараткан баары толук сезимде,
Оттой күйүп ойноктогон кезинде.
Ойдо жоктон көзүн жумду агабыз,
Опурталдуу сайган сымал безиме.
Он гүлүнөн бири ачылбай жеңебиз,
Ошол күндөн ушул күнгө ***жесир*** ээ.

Ойлонсом жаратканда таалай тарбы?—
Оп тартып ажал деген шүмшүк алды.
Орозгер күтүп уул-кыз, неберелери...
Оромпой тээп жүрөт, берем танды.
Ой максат тилегиңе жетпесең да,
Очогуң өчпөй артта изиң калды.

Кырчындай гүлдөп турган өмүрүндө,
Көргөндүн көөнүн тартып көңүлүнө.
Курдаштар арасында кадыр-барктуу,
Калыстык сөзүн айтып төгүнүнө.
«Көзүктү» — деген кептер калк ичинде,
Кокустук кырсык болду өлүмүнө.



## ТӨЛӨБАЕВ МУХУДДИН

1940-жылы 15-январда Панфилов районунун Эркинсай айылында төрөлгөн. 1947—1957-жылдары Эркинсай орто мектебин бүтүргөн. 1959-жылы К.И.Скрябин атындагы айыл чарба институтуна өтүп 1964-жылы ийгиликтүү бүтүргөн.

Эмгек жолун Ош областынын (Фрунзе) Кадамжай районуна караштуу Победа колхозунда Халмион участкалык ветеринардык участкасынын башчысы болуп иштөөдөн баштаган. 1966-жылы райондук ветеринардык станциянын башкы эпизоотологу, ошол эле жылдын 6-июнунан баштап Кадамжай совхозунун башкы ветеринардык врачы болуп дайындалган. Үзүрлүү иштеп жүрүп 1970-жылы республикабыздагы мал чарба жана ветеринария боюнча илим-

изилдөө институнун гельминтология лабораториясына аспирантурага өтүп илимий иликтөөлөрүн баштаган. Аспирантураны бүткөндөн кийин ошол эле лабораторияда кенже илимий кызматкер болуп ишин уланткан.

1976-жылдан баштап жогорудагы аталган институттун өндүрүштүк башкармалыгы уюушулуп, анын башкы ветеринардык врачы болуп бекитилген. 1988—1989-жылдары Кыргыз республикасынын ветеринария боюнча өндүрүштүк илимий бирикмесине башкы паразитолог болуп которулган. 1989—1994-жылдары Республикалык малды бордоо боюнча адистештирилген бирикменин башкы ветеринардык врачтыгына дайындалган. 1994—2003-жылдары Кыргыз республикасынын мамлекеттик ветеринария департаментинде ветеринардык инспектору, бирдей эле учурда «Ветеринария» газетасынын редактору болуп жемиштүү эмгектенген.

Жогорудагы илимий мекемеде окуп, иштеп жүрүп, жылкылардын мите ыландары боюнча 25 (жыйырма беш) илимий макалаларды жазды. Кыргыз Энциклопедиясынын 3,5,6-томдоруна, Кыргыз айыл чарба энциклопедиясынын 1-2 томунда жүздөн ашык макалаларды жазган авторлорунан.

— 1986-жылы «Кой-эчкилердин бөгөнөк ылаңы жана ага каршы күрөшүүнүн иш-чаралары» деген китепче көлөмү 2,5 басма табак;

— 1988-жылы «Чабандын малга ветеринардык алгачкы жардам көрсөтүүсү» көлөмү 3,5 басма табак;

— 1995-жылы Республикабызда Манас эпосунун 1000 жылдык юбилейин өткөрүүгө активдүү катышып, «Манас-1000» супермарафонуна аргымактарды Түркмөнстандын борбору Ашхабаддан Ашхабад-Бишкек-Талас (кароол чоку) маршруту боюнча миң миль аралыкка (1609 км) чабууда калыстар курамына катышып башкы ветеринардык кызматынын милдетин аткарды. Натыйжада тунгуч Президентибиз Аскар Акаевчтин колу коюлган Указынын негизинде «Манас-1000» медалы менен сыйландым.

—1997-жылы илимий иликтөөлөрдү жыйынтыктап ветеринария илимдеринин кандидаттыгын ийгиликтүү коргодум.

— 2000-жылы көлөмү 6,0 басма табак болгон «Ветеринар акын Жолон Мамытов 60 жыл» деген китепче;

— 2000-жылы «Саяпкерге сабак», көлөмү 3,0 басма табак;

— 2001-жылы «Доор сапары» деген биринчи китеп, көлөмү, 23,5 басма табак жарык көрдү;

— 2004-жылы «Доор сапары-2» деген экинчи китебим басмадан басылып жарык көрдү, көлөмү 28,6 басма табак.

— 2004-жылы «Жайыл бай, баатыр жана анын урпактары» деген көлөмдүү китеп компьютерде терилип, басмага даярдалууда.

1999-жылы Кыргыз Республикасынын журналистер союзунун мүчөсү.

2000-жылы Кыргыз Республикасынын жазуучулар союзунун мүчөсү.

Айттырбай билип тилиңди,
Абайлап аңдап дилиңди.
Алдыда болсо сыр түйүп,
Алп ураар толо иримди.
А балким Алла буйругу,
Анығы анын билинди.

Токойдо толо сыр дарак,
Тарыхта толо сыр барак.
Тилегин, ойду, максатты,
Тактаса болот бир карап.
Тан берип тагдыр Теңирге,
Таазимин жасаар күн санап.

Атанын арбактары,
Аз-аздан аян берет.
Атаңмын Алтынбаш деп,
Алууга салам демеп.
Аздекте, абайлагын...
А балким бардыр себеп?

*4$^{04}$ 3.05.04.*



## АЛТЫНБАШ УУЛУ ТӨЛӨБАЙДЫН КЕЛИНИ КҮЛҮЙПА

Күлүйпа айым Ысыккөлдүн тургундарынан. Айылда он жылдыкты бүткөнү борборубуз Фрунзе шаарына келип педагогикалык институтун башталгыч класстар боюнча факультетине өтүп аны ийгиликтүү бүтүрөт. Окуп жүрүп өмүрлүк жары менен таанышып үч жылы кадырлаша сыйурматта жүрүшүп анан баш кошушат.

Эмгек жолу өмүрлүк жолдошу кайда иштесе ошол жерлерде бирге чыгуу болду, албетте эл агартуу тармагында. 1973-жылы Фрунзе шаарына которулуп келгенден баштап №5 мектеп гимназиясында үзүрлүү эмгектенди. Дайыма шаар боюнча ачык сабактарды өткөрүп андай сабагына тунгуч президентибиз Аскар Акаевич да көп жолу катышкан. Бош убактыларында жаш өспүрүмдөргө арнаган ыр саптарын да жазууну колго алган. 2002-жылы «Жаныбарлар дүйнөсү» деген ырлар жыйнагы жарык көрдү.

Касиет кереметтүү кыт-кыт күлгөн,
Көз-караш кызыктырган күнгө-күндөн.

Кылымдын кыйырына кетсек кана...
Каадалуу кадырлаша күнгө-күндөн.
Катар-катар каттан-катты кааладым,
Каттан кийин карым катнаш кааладың.
Көп-көп күндүн кеткендиги көңүлдө,
Көңүл калбай кастарлашсак каадалуум.

Кадыр күтө каада кептен козгойсуң,
Кандай күчтөр! Көңүлгө кир кошпойсуң.
Калыс, кеңеш кереметтүү кептериң,
Кайратың күч, күлкүлөрүң коштойсуң.

Кырк быш жылы кол кармашып бир жүрүп,
Кысталышта ысык-суукка жең түрүп.
Кызык-ысык жашоолорду өткөрдүк,
Катар жүрүп каткырыша бир күлүп.
Кыз узатып, келин алдык, небере...
Кереметтүү «Доор сапарын» — бир сүрүп.

Улуу кызым **Динара** университеттин чет тилдер бөлүмүн бүтүргөн. Жолдошу Кыдырбек менен Асел, Аида, Эрмек, Азаматтардын бактылуу ата-энелери.

**Бурулкан** университеттин биология факультетин бүтүргөн. Өмүрлүк жолдошу Таалай, кызы Камила уулу Русландар менен ынтымактуу өмүр сүрүшүүдө.

**Гүлмира** жогорку билимдүү стоматолог, коопсуздук министрлигинде, чини майор, кызы Айгерим онунчу класстын отличницасы.

Талабың койбой кишиге,
Тишиңди коюп тишиңе.
Түйшүккө батып көңүлүң,
Тиштенип барып ишиңе.
Таалайга жазган жазууну,
Тартасың кызым кичине.

Эзиле эпсиз ооруду,
Ээ бербей ажал тооруду.
Ээгимди кармап-акырын,
Эм даары сүйөп колуңду.
Эптүү жан кызым Гүлмира,
Эбин таап басты оорумду.



# МУХУДДИН УУЛУ АЛИШЕР

Алишердин уулу Адилет. Адилет XXI кылым башталганда биринчи класска мектепке барды, окуусу боюнча ударник. Алишер менен келинибиз Айгүлдүн Ширин аттуу кызы тыпылдап чуркап жүрөт. Он бир айында басты. Тили буудай кууругандай.

Күлүйпа Турпанчиевна окуткан балдар жогорку билимдүү болушуп, республикабыздын бардык аймагында эмгектенген жооптуу кызмат ээлери, жетекчи, жазуучу, акын, академик, окумуштуу, ар кесиптин ээлери болушту.

Күлүйпа Турпанчиевна, "Эл агартуунун отличниги", ардактуу ардагер. Үй-бүлөлү, бир уул, үч кыздын балпайган бактылуу энеси, тогуз небереси кубанычы.

Үйрөткөн ариптерди "А" дан баштап,
Үңүлүп ичип жаткан ашын таштап.
Үңгүрөп үч саат зорго чыдаар эле,
Үнүбүз чыкпай эстен анда жаш чак.
Үзүлө түшө калып үстүбүзгө,
Үндөдүң биле гой деп, дайым какшап.

Мугалим көк тиреген мунардайсың,
Мугалим бутак жайган чынардайсың.
Мээрман таалим берип бөбөктөргө,
Мүнөткө бекер карап туралбайсың.
Мезгилге топ келишип таалимиңиз,
Мээнетиң чексиз көктө бубактайсың.

Өзүңдөн таалим алган кеменгерлер,
Өзүңдөн таалим алган дарыгерлер.
Өзөктүү ишти баштап мекен үчүн,
Өзүңдөн сабак алган далай шерлер.
Өзүңсүз сабаттуулук болбос эле,
Өзүңдү жашоо агымы өзү дегдээр.

Татына кереметтүү иште аксың,
Таалайлуу мекен үчүн иште таксың.
Таалимди-академик, акын алган...
Түгөнгүс мына ошолор сенин бактың.
Тилегиң орундалып келечектен,
Тарбия берген сенин "алтын тактың".

Алишер Доор сапары — 1,2 китептеринин жана Жайыл ата китебинин сүрөтчүсү экенин эскергенибиз оң болоор.

# ТӨЛӨБАЙ УУЛУ МУХТАР



Мухтар мырза 1953-жылы 29-ноябрда (10-декабрь) Панфилов районунун Эркинсай айылында төрөлгөн. Кыш эрте келип жерде тизеден кар жаап салган, күн суук. Кечки саат 5-6 ларда апабыз тынчсызданып калды. Ангыча ааламды жаңырткан жаш наристенин үнү жаңырды. Ал ким? Ал бүгүн эл ортону элүү жашка толгон эки уул, үч кыз, үч неберелүү Мухтар.

Эл сыяктуу айылдан сегизинчини аяктаар менен Фрунзедеги № 5 кесипчилик окуу жайынын столяр-мебелшик деген бөлүмүндө эки жыл окуп колунан көөр төгүлгөн уста болуп чыга келди. Шаарда усталык кесиби менен эмгектенип жүргөндө, ойлогон ойду кыстаган турмуш жеңет болуп карыган ата-энебизге каралашуу үчүн туулуп өскөн айылына барат. Айылда мектепте кол эмгектен сабак берип жүрүп, университеттин география факультетинен сырттан окуп ийгиликтүү аяктайт. Кечеги кол эмгек сабагын берген жаш өспүрүм бара-бара такшалган мугалим андан кийин иш билги мектептин директору болуп он жылдан ашык жемиштүү эмгектенди.

Райондун акими чакырып алып жамааттташкан Эркинсай дыйкан чарбасын башкарууну өтүнөт. 1996-жылы Президентибиздин Указы менен Вознесеновка айыл өкмөтүнүн башчылыгына дайындалды.

Кийин Вознесеновка айыл өкмөтүнүн базасында республикалык семинар кеңешине уюшулуп анын жетекчиси Мухтар мырза өз ишин бүтүндөй Кыргызстандагы агрардык жер реформаторлоруна үлгү катары көрсөтө алды. Ата мекенди коргоого кетип келбей калган айыл тургундарынын эстелигин тургузуп тизмесин жаздырды.

Үй бүлөлү, өмүрлүк жары Салилайдын кесиби педагог. Республикабыздын эл агартуу тармагынын отличниги. Уулдары Мирлан, Диаз кыздары Айсулуу, Атыркүл жана Айгүлдөрдүн бактылуу ата-энелери.

Жеткинчек деп, жанын үрөп таш жарып,
Жаш муундарга билим бере башкарып.
Жыйырма жыл учкан куштай өтүптүр,
Журт ичинде ыймандуулук башталып.
Жата калып, жута калып жүргөндөр,
Жаман жорук бара-бара ташталып.

Ата мекен коргогонду ардактап,
Алар үчүн тургузалдың «ардак так».
Аты, теги бүт чегилип таштарга,
Аземделген агалар деп ар сактап.
Аталардан агалардан үлгү алган,
Ашык болбос койгон болсом аз мактап.

Айыл өкмөт башчылыгын иштедиң,
Адыратып ун-талканын ич дедиң.
Алды талап менчигине басышса,
Аз алганы жазып жатты ич кегин.
Ашып-ташып жатса дагы тойбогон,
Ач көздөр бар батырбаган ич демин.

*4[56] 5.11.03.*



## ТӨЛӨБАЙ УУЛУ МАРАТ

Марат мырза 1957-жылы 2-мартта Панфилов районунун Эркинсай айылында төрөлгөн. Он жылдыкты бүтүргөндөн кийин башка жаштардай болуп ээленген жок окууга өткөргүлө деп. Карыган ата-энеге каралашуу маселеси кыргызда жазылбаган мыйзам катары эле атам заманынан үйдөгү кенже уулуна тиешелүү.

Марат аны туура түшүнүп, ата-энесинин ойундай болду. Советтик армиянын курамын ыраакы чыгышта кызматын өтөп келди. Үйлөндү өмүрлөк жары Бейше менен Максат, Насикат жана Канат деген уулду болушту.

Эскере кетүүчү бир нерсе, биз 33 жаштагы мезгилибиз аспирантураны бирге бүткөн алгачкы демократ Аскар Базаркулов, Адашбек Кыдырмаев (бүгүн айыл чарба министри, айыл чарба илиминин доктору), Батыралы Сыдыков философия илиминин доктору агрардык академиянын ректору, Жумгалбек Аманбаев КПБКнын секретары, биология илиминин кандидаты, Кубанычбек Акматов биология илиминин кандидаты, Чаткал райакими болуп майрамдык маанайда биздин үйдө ырдап бийлесек керек.

Эртеси күнү Марат мага атайы кайрылып айтып жатпайбы байке уят эмеспи, карыганда бийлеп ырдап деп. Айла жок тишимди-тишиме койуп тим болдум. Өзү бүгүн 47ге келди кээде кээде туугандар арасында ырдап калса Маке койсоңчу жаштар эмне дейт десем эле күлүп тим болот.

Отуз үчтө оттой күйгөн кезегим,
Отуз үчтө ай-асманды сеземин.
Опсуздук деп ойноп, ырдап, бийлесек,
Ойлонууда санаа сазын кечемин.
Он жетиге Марат эми толгон кез,
Орунсуз го дешин ойлой беземин.

Кырктан ашып жетисине барганда,
Кундуз чачың ак аралап калганда.
Кубулжута арген үнүң созосуң...

Кыт-кыт күлөм кылыгына саргара.
Колуктулуу кыз-уулдардын атасы,
Көңүл менен жашоо үчүн чарбада.

Умтулуп билим үчүн абдан терең,
Уул кызың аракетте окуу менен.
Уз тутуп тилектери орундалса,
Умсунбай келечекте баары белен.
Улгайган атам ырчы деп күлүшсө,
Урматтуу Марат эмне дээр элең?

*2.03.02.*

## АЛТЫНБАШ УУЛУ БАЙСА



Алтынбаш чоң атабыздын кийинки алган аялынан Байса, Жусуп жана Жумабүбү эжебиз төрөлгөн экен.

Байса агабыз Совет Өкмөтү орногон жылдары төрөлгөн экен. Бирок Совет Өкмөтү бай-манаптардын тукумун тап катары жойгон учурларда ата-энеси менен Украинага айдалып кетишип кийин эс тартканда келиптир мектепте окуп, андан педагогикалык окуу жайларынан билим алып агартуу тармагында эмгектенип калган.

Ошол учурдагы Ош областынын Өзгөн, Совет, Куршаб райондорунун тоолуу айылдарында мектептин директору бирдей эле учурда колхоздун парторугу болуп үзүрлүү иштеп калайык калкка кадыр барктуу болгон экен. Акыркы жылдары айылына келип, үй салып, мектепте математика сабагын берип иштеп калды.

Байса байке Украинага кулак болуп бардыңарбы десек, чоочуп жок кантет кулак болбой эле «туристтик путевка» менен «экскурцияга» барганбыз деп калаар эле.

Өмүрлүк жары Зуура жеңе менен Осмонбек деген уулу Мыскал аттуу кыздуу болушту. Осмонбектин Уларбек, Азамат, Нурзат, Жээнбайлары эр жеткен мырзалар.

Бакылдап сүйлөп сабагын,
Балдарга койуп талабын.
Бура сүйлөп күлдүрөөр,
Буларын кантип танамын.
Бешке-беш канча болот деп,
Үйрөтчү төрт амалын.

Уйуган толо арманы,
Украинага барганы.
Эмнеге? десе эсимде,
«Экскурция» — дей калганы.
«Дейби деп кулак» тукуму,
Кебинин чыкпай жалганы.

Карымбай байды жер соргон,
Касиет жерде иштеген.
Калк арасы сыйлашып,
Кадырлашы сиз деген.
Керемет кебин сүйлөөчү,
Кеп болгондо биз менен.

*4[21] 15.11.03*

Байса байкебиз жогоруда көрсөтүлгөндөй 1941-жылы немистер басып келгенде Совет өкмөтү аргасыздан кулак болуп айдалып барган кыргыздардын мектеп жашындагы балдарына кайра кыргызстанга кетишине макул болушат, ал эми эр азаматтарды Казахстандын ээн талаасына которуп жиберишкен тура. Агабыз иниси Жусуп экөө Украинадан Кыргызстанга келип интернаттарда окуп, анча-мынча билим алышкан. Ошонун негизинде кийин мектептерде экөө тең мугалим болуп иштеп калышкан.

Байса байкебиз мугалимчилигин республикабыздын түштүгүндө (Өзгөн, Куршаб, Мырза-Аке, Кара-Кулжа) райондорунда иштегенин мен кийин аспирантурада окуп илимий тажрыйбаларды коюп жүргөндө билдим. Элдин айтымында өз доорунун өтө билимдүү адамы болуп, бул тоо койнунда жашаган кат сабатсыз караңгы элге чоң таасир калтырыптыр. Жайлоодо жылкылардын канын алып текшерип жүрсөк, Жалпакташтык Жапар деген жигиттен сурамжылап, биздин агалар согуштан кийин ушул жакта мугалим болуп иштеген десем, аты-жөнүн сурап калбаспы. Атын, атасынын атын айтсам, кадимкидей кубанып, оо баягы аркалык мектептин директору, колхоздун парторгу болуп иштеген Байса агайдын иниси болосуңбу деп, сүйүнүчтөрүн жашыра алышпады. Кептин чынын айтсам ошол күндөн баштап төрдөн орун беришип, чайдын коюусун, тамактын даамдуусун берип калышты, бул аша чапкан мактангандык болбос. Чындыгында мындай туңгуюк караңгылыкта сабатсыз элде, агабыз чексиз аброй алганы кадимкидей байкалды. Арадан 40-50 жыл өтсө да Байсанын иниси деп, мага ийиле таасим көргөзгөндөрү, агабыздын абийирлүү эмгегинин үзүрү эмеспи. Жапардын айтканына караганда Байса байкенин аргымак аттары бар экен. Бири жол жүрүшү бар жорго болсо, бири байгеге кошулуп чабылуучу күлүк, үчүнчүсү улак тартышка минилчү экен. Байса агабыздын мектепте жаш муундарга са-

бак берип, таалим-тарбияга үйрөткөнү өз деңгээлинде болгонунан көп сөздөрдү айтты. Мына булардын да чындыктан кабар бергендигинде шек жоктой. Себеби Жалпак-Таш айылынан медицина илиминин докторлору Акматов Бекболот республикабызда эхинококкоз оорусуна чалдыккан миңдеген-миңдеген инсандарды операция жасаган, экинин бири болгон хирургдарыбыздан. Ал эми анын жакын туугандары медицина илимдеринин доктору Эсекеев Базарбай урология тармагында Республикалык поликлиникада бөлүмдүн башчысы болуп жемиштүү эмгектенүүдө. Мындай учурларды санап отурсак Жалпак-Таш өрөөнүнөн чыккан оңдогон, жүздөгөн илимдүү-билимдүү инсандардын атын атоого болот. Мындан агабыз Байсанын убагында ашуу ашып, бел басып келип агартуу тармагында өтөгөн эмгектери текке кетпегендигинен кабар берип отурбайбы.

## АЛТЫНБАШ КЫЗЫ ЖУМАБҮБҮ

Жумабүбү эжебиз Алтынбаш чоң атабыздын кийинки аялынан төрөлгөн. Чоң атабыздан Жумабүбү эжебиздин эле көзү тирүү. Калгандарынын баары жер энеге берилди (Мырзаким, Айымбү, Мырзалы, Төлөбай, Калбүбү, Канымбүбү, Байса жана Жусуп).

Кудайга шүгүр эжебиздин баскан-турганы тың, бүгүнкү күндө Тельман айылынан төркүндөрүнө Эркинсай айылына жөө эле келе берет. Уулу Кубанычбек айылдын белдүү фермерлеринен. Бир тыйынын бекер кетишин каалабаган үнөмчүл азаматтардан. Энесин экиүч айылга чейин жөө жетелеп жүрө берет, куржунун көтөртүп алып. Короодогу койу жүздөн ашты, уй жылкысы да бар. Иши кылып малдуу жандуу кудайдын кулагы сүйүнсүн. Кубанычбектин да билгени бар, үйдө болгон акча-тыйын-алтынды эжебиздин белине түйүп берип жанына жарым тыйын салбаган жигит. Кубанычбек десең эле, апамдан анча сурайын деп турат...

Бай манап жер оодарган шорлуу түндө,
Байыштан баскынчылар баскан күндө.
Байлыкка жаш балдарда эмне айып,
Буркурап азап-тозок, зарлуу үндө.
Бардыгы өткөн-кеткен элеси жок,
Бүгүн ал төрдүн куту, куттуу үйдө.

Койун багып жүргөн дайым соңунан,
Козуларга упчу эмизип колунан.
Калк ичинде кызматтарын аткарды,
Кыт куйгандай иши чыгып оңунан.
Күнү-түнү мал артынан болсо да,
Көмүскүдө калганына таарынам.

Талаачылык шалфей гүлүн орушту,
Таӊдап-кечке ырахатка толушту.
Тынымы жок колхозунун ишинде,
Тагдырым деп кубанычта болушту.
Тырышыша коомдун малы өссө деп,
Тал чыбыгын сындырбастан корушту.

*9[13] 11.09.04.*

Ооба, эжебиз жаш кезинде бай-манаптардын үй-бүлөөсүнөн деп Украинага чейин барып келүүгө да мажбур болгон. Бүгүн уулу Кубанычбегинин төрүнүн куту.

## ЖУСУП УУЛУ ШАРЫПБЕК

Жусуп уулу Шарыпбек 1947-жылы 3-январда Эркин-Сай айылында төрөлгөн. Шарыпбек айылда он жылдыкты бүтүрүп, колхоздо клубдун башчысы болуп иштеп калды. Шарыпбек комузда кол ойноту черткени менен ар кандай обондорду коштоп, дайыма ырын ырдаган шайдоот мырза эле.

Советтик армиянын катарына чакырылып, аны жарым-жартылай өтөгөндө, өмүрлүк жары раматылык Жибек академик Оторбаев Кайыптын кызына баш кошту. Жашоолору жакшынакай өтүп, Айнура жана эки кыздуу, ошондой эле тукум улаар Айбек деген уулдуу болушту.

Шарыпбек Алтынбаш атанын уругунан тарагандардын арасында биринчи жогорку билимдүү юрист. Чүй өрөөнүндөгү Ысык-Ата, Кемин районунда көп жылдары прокурор болуп үзүрлүү, үлгүлүү иштеди. Өкмөттүк Ардак грамоталарга, сыйлыктарга татыктуу болду. Өмүрлүк жары Жибек катуу оорудан каза тапты. Калган уул, кыздарын тарбиялап окутуп, билимдүү болушуна аракеттенди.



Жибегиӊ арманын бүт айталбады,
Жийиркенди бирок артка кайталбады.
"Желмогуз" менин башым жутат ко деп,
Жаны ачып нечен ирээт кайталады.
Жан эттен жаралган кыз ата-энеӊди,
Жезкемпир үй-бүлөӊдү бүт жалмады.

Апкаарып туруп калбай катуу сынды,
Ар дайым бетке айттыӊ ачуу чынды.
Аларыӊ бирге жакса, миӊге жакпай,
Албууттар беттен алды, аным чынбы.
Адилет, чындык, тагдыр деп жүргөндө,
Азыткы арыз жазып алып тынды.

Шарактап сүйлөгөн сөз, ырың белен,
Шок элең, шайдоот элең, шайыр элең.
Шартылдап комуз чертип, күүгө салып,
Шаңданган мукам үнүң өтө терең.
Шек берген ата-бала ортосуна,
"Шалтактык" "шумшуктугун" сезген белең.

Кайран белдүү мырза эле Шакем! Өмүрү кыска экен... Сенин абийириңе шек келтиргендер ылайым жарыбас...

## АРИПБАЙ УУЛУ АШЫМ

Эл арасында ар дайым Жайылдын тукумдарында олуя чалыштар азыр да кезиге калып жүрөт деген аныктамасы кеңири сөз болууда. Ошого далил катары Алтынбаш чоң атабыздын Казахстандын Мерке районунун Киров айылына турмушка чыккан Каныкей аттуу кызы эки уул, эки кыздуу болгон.

Кичүү уулу Арипбай уулу Ашымдын акыркы жылдары эл арасында көзү ачылып, оорулууларды окуп, дары-дармегин берип, керек болсо бал китебин ачат экен деген сөздөр кеңири тарагандан тараган. Ашымдын жеке өзү менен сүйлөшкөндө анын өтө сөзмөрлүгү, интеллектуалдык деңгээлинин өтө жогорулугу, газета-журналдарды үзбөй окуп, эл аралык абалдар менен кабардарлыгы, дүйнөдөгү болуп жаткан бардык жаңылыктар менен тааныштыгына көзүңүз жетет. Убагында Ата Мекендик согуштан кийин Кара-Балта шаарында бир жылдык, "ветеринар-санитардык" курс болоор эле, ошону бүткөн. Чарбада мал доктур болуп көп жылдары эмгектенген. Турмуштун агымы таасир бердиби, же өзү айткандай таятам Алтынбаштын «ак тайлагы» таңга маал мага келип аян берди. Ашым бүгүндөн баштап ичкиликти таштап, беш убак намазыңды окуйсуң деди деп, кечээ эле көчөдө урунуп-беринип жүргөн терсаяк улан дароо эле кудай жолуна түшүп калганына көргөн адамдар ишенип да ишенбей да турушту. Ашымдын эмчилигине, дем салганына, дарылаганына калайык калк, бүтүндөй журтчулук таңданышты.

Ашым жаздын алды менен атын токуп, дагы эки-үч атты жаш балдарга мингизип алып тоого чыгып кетишип, көптөгөн дары болуучу чөптөрдү терип даярдап алышат. Кышы менен даярдаган чөптөрүнөн ар кандай оорунун түрлөрүнө жараша дарылоо үчүн дары-дармектерди даярдап, жабыркаган адамдарга берип, дарылоо иштерин улантат. Даттанып келген адамдар дартынан арылып, тез эле оңолуп кеткендиктери анын абийирине абийир кошуп, зоболосу көтөрүлө баштады. Анын өзгөчөлүгү ооруканадан баланча жеринде оорусу бар экен, дарылаган менен пайда жок деп чыгарып таштаган оорулууларды дароо эле, өзүнүн ыкмасы менен кадиксиз сакайтып жиберип жүргөнү болду.

Агылып элдер чар тараптан келе беришти. Кыргызстан, Казахстан, Өзбекстан, Азербайжан жана Россиядан бери.

Арипбаев Ашым мырзанын бөтөнчө рак оорусу менен катуу ооругандарды айыктырган учурларын көп көрдүм, андан тышкары жин оорусу менен эпкиндегендерге дем салып сакайткан учурларына күбө болдум.

Кыштын күнү 31-декабрь кайсыл жылы экени эсимде жок, атамдын иниси Жусуп байкенин аялы Мария жеңебиз ооруп-оорубай эле кокус каза болду. Эртең менен эрте саат $7^{30}$-8де Меркеден Ашым такси менен келип калды. Үйдөгүлөр жаңы өлүккө боз үй тигели деп кеп-кеңешке кирип отурушкан. Таңга маал Мария жеңем үзүлүп мага аян берди, ошого келдим деп. Мен мындан бир жыл мурун ушундай болоорун айткам, эсиңиздеби деп апам Ажардан сураса, ал киши ооба былтыр кышында ошентип айткансың деп отурбайбы. Мына ушундай олуялык иштер Ашымда көп байкалган. Ал каалаган адамга качан, эмнеден каза болоорун же кандай сүйүнүчтүү же коркунучтуу окуялар күтүп турганын так айтып берүүчү адети бар эле.

сүрөө №34 (78)




Шатен атанын биринчи аялынан Боскозу, Козубек жана Атаке, экинчи аялынан Шырдак, Аттокур Жылкычылар, ал эми үчүнчү аялынан Абдырахман менен Бокой чоң аталар төрөлгөн.

Жайылдан Асан, Асандан Каратай, андан Шатен.

Шатендин тогуз баласы: Боскозу, Балбай, Атаке, Козубек, Шырдак, Аттокур, Жылкычы, Абдырахман жана Бокой болгон. Боскозунун сегиз баласы болгон: Майкөтөн, Дыйкан, Сман, Абичоро, Сатай, Бекболот, Субанкул жана Ажыке.

Боскозунун Дыйканынан Арымбай, Карымбай деген эки уулу болот. Арымбайы Ата Мекендик согуштан катпай калган.

## ДЫЙКАН УУЛУ АРЫМБАЙ

Биз билгенден Дыйкан (молдонун) чоң атабыздын эки уулу жана кыздары болгон. Уулдарынын улуусу Арымбай кичүүсү Карымбай. Улуу уулу кичинесинен эле атасынын баскан-турганын иштеген иштерине кызыкан экен. Өзү узун бойлуу, каштары капкара чийип терип койгондой көздөрү бакырайып, кырдачынан келген мурунуна жарашып абдан сулуу жигит эле деп ошол-кездеги жоро-жолдоштору, бүгүнкү карыган айыл аксакалдары (өмүр уулу Молдокан) кеп кылышат. Бөтөнчө эсте калганы коңурунан келген конгуроодой үнү менен куран окуганда ушунчалык мукамдуу, уккулуктуу окугандыгын эскеришет.

Үй бүлөлүү, өмүрлүк жары Калый жеңе менен Апар, Шейшен аттуу кыздуу болушкандан кийин немецтик баскынчыларга каршы согушка кетип, ошол бойдон келбей калган.

Канаат алып касиеттүү өзүңдөн,
Кагылышат карегиңден көзүңдөн.
Кадырлашат арбагыңа сыйынат,
Көрбөдүк биз, көргөндөрдүн сөзүнөн.
Кыраатында куран окуйт эле деп,
Кылгырууда ый-муңзары көзүнөн.

Кырдач мурун кыраан мырза дедирген,
Коңур үндүү кереметтүү керилген.
Кырамын деп кылыч сууруп кынынан,
Күн батыштан душман келди элирген.
Кыргызымдан кырчын сымал жигиттер,
Кас душманга кармашууга элимден.

Окобунан баш чыгарып карашса,
Ок жаадырып душман жаткан тарапка.
Орунунда ойрондоду далайын,
Онтоп жатып жан таксымда таң атса.
О жараткан бүткөн белем көрөөр күн,
Ок жаңылды чабуулунда баратса.

Шинелин сүйрөй күчөп качуулары,
Шалдырап «хенде-хокко» барбы алы.
Шуулдап самолетто ок жаадырып,
Шорлорун катырышты «ажыдаарды».
Шам өчүп Айбөбөктүн бир үйүнөн,
Шорду калк Арымбайдан ажырады.

*23[16] 12.03.03.*

Кичине жашы жетпей Карымбайым,
Коргоого элин кетти Арымбайым.
Кайрылып келсе деген үмүт менен,
Келин-кыз оозандырчу карын майын.
Канчасы буктурмада бомбаланды,
Кантип мен бул тагдырга таарынбайын.

Агабыздан Апар, Шейшен деген кыздары калган, үй-жайлуу, жээндер жетилип, эл кызматында аралашып жүргөн кызы бар.

Арымбай аганын небересине арнообуз.

## ТУРУСБЕК КЫЗЫ МИРА

Билип-билбес мүнөзүң көп жашынган,
Бир кароого ишкерденсиң ашынган.
Бажырайып бото көзүң жадырайт,
Бермет сымал нур төгүлүп кашыңан.
Бийкечтенсин, билермансың берекем...
Беттегениң иш жүзүнө ашырган.

Ар дайым аракетиң жетелеген,
Айкөлдүк Ай периге тете белең.
Ардактап алганыңды, балдарыңды,
Аздектеп максатыңа жетээр элең.
Ага-ини, жоро-жолдош арасында,
Азбы-көп жашоодосуң баары белен.

Касиеттүү кең пейилдейм бардарың,
Кубанычың тапкан бакыт балдарың.
Керемети бул жашоонун ошондо...
Кол кармашсан ынтымакта бар жалын.
Кадырлашып бири-бирин ылайым,
Кыдыр тутаар түбөлүктүү ардагың.

Назик колуң, шартылдаган мүнөзүң,
Назданууда жылмаясың күлөсүн.
Назарыңда... тандан кечке иштерин,
Наристең бар бирөөгө сен бүлөөсүң.
Натыйжалуу иштеринде ийгилик,
Намыс күчтүү байкоосуздан жүрөсүң.

*6[32] 7.06.03.*

# ДЫЙКАН УУЛУ КАРЫМБАЙ



Дыйканов Карымбай Жайыл баатырдын чөбөрөлөрүнөн. Өмүр бою колхоздун курулушунан баштап анын гүлдөп өсүшү үчүн өмүрүн аянбай иштеген механизатор инсан.

Карымбай агабыз Панфилов районуна караштуу Эркен-Сай кыштагынын «Айбөбөк» айылынын тургуну эле. Өмүрүнүн акырына чейин эли, жеринин жыргалчылыгы үчүн эмгектенген. Карынбай агабыз карапайым, ак көңүл жайдары адамкерчиликтүү улуу, кичүүгө бирдей мээримдүү мамиледеги мырза. Өмүрлүк жары Калый менен Карымбай агабыздын эки уулу Мүсүлүм, Абдулазиз (Адиш). Мүсүлүмдөн: Алтынбек, Алмаз, Нарынбек.

Карымбай агалардан карапайым,
Кайгысыз кубанычта жүргөн дайым.
Колунан келгендерин жардам берип,
Кыш кынап үй куруучу кышы жайын.
Кыштактын кадырманы абийирлүү,
Кез келсең ичегой деп чайы дайын.

Трактор минип алып жерин айдап,
Тетигин бүт чыгарып кайра майлап.
Тырмоосун чиркештерип тынымы жок,
Түн-Күнү иши менен малын жайлап.
Таң атпай тракторун дүрүлдөтүп,
Тынымсыз эмгектенген жылдап — айлап.

Эгештирип үзүлгөндү улап тынса,
Эр жигит эли үчүн кызмат кылса.
Эл журтунун тилегине кудайынан,
Элүүдөн ашкан адам жүзгө чыкса.
Элиңдин тилектерин кабыл алгын,
Эл жердин камындагы тынбас мырза.

Карымбай агабыз пенсияга чыкканча колхоздун ар кандай иштерине аралашып негизинен трактору менен , жер айдап жүрдү. Ак көңүл, жөнөкөй, куулук-шумдугу, митаамдыгы жок инсан эле.

Айылдагы туугандардын ичинен Карымбай агабыз алгачкы кыш кыноо боюнча чоң адис эле. Анткени 1948-жылы Түркмөнстандын борбору Ашхабад шаары катуу жер титирөөдөн кыйраганда агабыз армиянын катарына чакырылат. Мына ошол жерде үч жылы кыш кыноо боюнча чоң адис болуп кайткан. Армиядан келгенден кийин айылда ким үй кургусу келсе Карымбай байкеге акедей асылып, үйүнүн кирпичин койдуруп алышаар эле, бул биздин айылда Карымбайга жаңы салынган үйдүн дубалын көтөрүү анын милдети катары болуучу. Анын жөнөкөйлүгү бул, иштеген иши, кызматы үчүн жарым тыйын акы алуучу эмес, эртеден кечке ылайда шалтактап бекер иштеп бергени берген. Жогоруда Какем бирөөнүн көңүлүн оорутуп жок деген сөз айтууга ага өлүмгө тете эле.

**Боскозунун Сманынан Нургазы** 1938—-2000-жж. Нургазы чукугандай сөз тапкан, мектепте алтынчы класста окуп жүргөндө эле ал учурдагы "Ленинчил жаш" газетасына алгачкы ыр саптары жарыяланып жүрөөр эле. Онунчу классты бүтүрүп, айыл чарба институтунун агрономия бөлүмүнүн үчүнчү курсунан таштап кетти. Кийин университетке өтүп, аны да экинчи курсунан таштады окшойт. Үйлөндү-жайланды дегендей, уулдары:

**Нургазы уулу Кайрат** 1962-жылы 15-февралда төрөлгөн. Он жылдыкты бүтүрүп Ташкент шаарынан тоо кендерин изилдөө техникумунда окуп билим алган. Бүгүнкү күндө Алтын акционердик коомунун Солтон-Сары участкасында чалгындоо кызматын жүргүзгөн адистерден.

Үй бүлөлү уулу Улан 1987-жылы 15-январда төрөлгөн жана кызы Раушаны бар.

**Нургазы уулу Жантай**, он жылдыкты бүтүргөндөн кийин политехникалык институтун бүтүргөн кесиби инжинер. Бүгүнкү күндө Бишкек шаарынын ички иштер министрлигинде үзүрлүү эмгектенүүдө, чини майор.

Үй бүлөлү уулу Эрлан 1990-жылы 1-сентябрда төрөлгөн. Кызы Сауле 1997-жылы 4-апрелде төрөлгөн.

Нургазынын эки уулу тең, эл оозуна алынган азамат кызматкерлерден болду. 2000-жылы Нургазы алды менен жазында, андан кийин күзүндө алтымыш жылдыгымды өткөрөмүн келгиле деп чакырып жүрүп эле, кокустан каза болуп калды.

Ачууга бир аз буюгуп,
Азбы-көп жашоо буюуруп.
Аттиң ай арман дүнүйө,
Алтымыш жашың туюлуп.
Ажалың жетип сен кеттиң,
Аз-аздан ара суюлуп.

Жашы боюнча анча-мынча улуу болуп, эртели-кеч жолуга кал-

ганда жакшы жүргүлө, арам оокаттан. Арактан алыс болгула деген акыл сөздөрүн айтып калаар эле. Алтымыш жылдыгыма келип бир чыны чайымды ичип кеткиле деп жүрүп тилеген тилегине жете бербей каза болду.

**Боскозунун Абичоросунан** үч уул: Жусуп, Муса жана Кайып. Жусуп агабыз туулуп-өсүп айылда эле ар кандай чарбанын иштеринде, көбүнчө Эркин-Сай орто мектебинде бухгалтер, чарбалык иштери боюнча директордун орун басары болуп иштеп жүрдү. Кабагы ачык, жайдары мырза эле.

Кеп чындыгынан бузулбайт эмеспи, ачыгын айтсак Абичоро чоң атабыз иниси Ажыкеден кара кагаз келгенден кийин анын келинчеги Күлүмсараны улуу уулу Жусупка алып берген экен. Ошентип жеңебиздин Ажыкеден Токорбеги, кайниси Жусуптан Кеңешбеги экөө энелеш бир туугандар болуп калышкан.



## ЖУСУПТУН УУЛУ КЕҢЕШБЕК

Кеңешбек мырза Чүй областынын Панфилов районуна караштуу Ортокайрыма айылында 1953-жылы туулган. Кыргыз. Жогорку билимдүү, Бишкектеги политехникалык институтту бүтүргөн.

Эмгек жолун №8 жүк ташуучу автобазада техниканы коопсуздуктан сактоо боюнча инженер, мастерскаянын жетекчиси болуп иштөө менен баштаган. Андан соң Бишкектеги шаардык аткаруу комитетинде жүргүнчүлөр транспорту боюнча ага инжинер, №3 автоунаалар паркынын эксплуатация бөлүмүнүн башчысы, парктын жетекчисинин орун басары, генералдык директорунун орун басары болуп үзүрлүү эмгектенген. Кийин Бишкектеги №4 жүргүнчүлөрдү ташуу автотранспорт ишканасынын директору, Ак-Жолтой акционердик коомунун директору. Бишкек шаардык кеңешинин депутаты.

Үй бүлөлү, өмүрлүк жары Гулнара менен бир уул үч кыздын бактылуу ата-энелери.

Тетиктен иштер башталып,
Терикпей баарын башкарып.
Тынымсыз күнү-түн иштеп,
Түйшөлүү менен баш жанып.
Тетигин улап кемине,
Татына бышкан аш калып.

Ак эмгектен тердеген,
Алигин алып кел деген.

Ата мекен эл үчүн,
Аракеттене эрдеген.
Авто унаа ишинде,
Агалар өскөн жол менен.

Каадалуу дайым иш менен,
Кычкылын таза ичпеген.
Кастарлап иштермандарды,
Көөнүндө дайым иш деген.
Кичүүнү тартып катарга,
Калыстык менен иштеген.

Кеңешбек шаардык кеңештин бир нече чакырыктарынын депутаты. Бишкектин тургундарынын көптөгөн көйгөйлүү маселелерин майнаптуу чече билген жетекчилерден. Өз кандидатурасын Жогорку Кеңештин Эл өкүлдөр палатасына депутатыкка койгон. Саясат багытында такшалып келе жатканын жашыра албайбыз. Кеңешбектин Айбек деген уулу Эрлан, Арсен аттуу неберелери бар.

Абичоро, атанын **Муса** уулунан Мамыр, Кемел, Аскер, Жапар деген балдары бар. Муса байкебиз колхоздун ар кандай иштеринде иштеген карапайым инсан. Оюндагысын бетке ачык айткан ак көңүл, ак жүрөк. Улуу уулу Мамырдан Бактыяр, Алдаяр деген балдары бар.

Абичоронун кенже уулу **Кайыбынан** Жамалбек, Жээналы, Анарбек, Аспеги бар. Жамал медицина институтун бүтүргөн, жогорку билимдүү медик (хирург). Кара-Балта шаарында поликлиникада хирург болуп эмгектенет.



## КАИП УУЛУ ЖАМАЛБЕК

Жамалбек мырза 1958-жылы 25-январда Панфилов районуна караштуу Эркинсай айылында төрөлгөн. Айылдан он жылдыкты ийгиликтүү бүтүрүп, 1975-жылы Мамлекеттик медициналык институтунун дарылоо факультетине өтүп аны ийгиликтүү аяктаган.

Жамалбек эмгек жолун Жайыл районундагы борбордук ооруканада травматолог врачы болуп чейрек кылымдан бери үзүрлүү эмгектенген дасыккан адис, кадыр барктуу врач катары таанылган.

Өмүрлүк жары Уулжан менен эки уул, эки кыздуу болушкан. Уулкыздарынын алды жогорку окуу жайларын бүтүргөн адистерден болуп калышты. Эми кудай буйруса куда-сөөк күтүп, өчөр-бачар, небере-чеберелерди күтүү жакшылыктары күтүүдө.

**Боскозунун Сатайы**. Сатай чоң атабыз балалыгы өтүп калыптанган күндөн баштап, карапайым элдин кызыгын көздөгөн жөнөкөй инсан болгон. Калайык калк карапайым эл бекер жеринен Сатай чоң атабызды болуштукка шайлашкан эместир. Демек биз кааласак да, каалабасак да ал инсандын көпчүлүктөн өзгөчөлөнгөн касиеттери, өткүрлүгү, акылдуулугу, чечендиги, сөзмөрлүгү, оор басырыктуулугу, кадыр-баркты баамдаган көсөмдүгү болгондугуна кимдер шек келтире алат. Элибизде кеңири тараган бир орундуу сөзү бар, "эл ичи элек, элдин көзү тараза" деген өңдүү. Анын сыңарындай, эл-журт токсон тогуз талдоо, электен өткөрүп гана болуштукка шайлашкандыр. Болгондо да өзү туулуп-өскөн айылга эмес, тиги кырдын аркасы айтылуу Талас өрөөнүндө.

Ооба айтмакка жеңип болгону менен элдик кызыкчылыгын көздөп, анын оор жүгүн ортолоп тартуу, ишенимин актоо ары жооптуу, ары ардактуу милдет эмеспи.

Сатай мырза азбы-көппү эл дайындаган, шайланган болуштукту алып барууда кара кылды как жарган калыстыкта, ак ниеттикте иштерин жүргүзгөн. Кедей кембагалдарды кордоп-зордоодон сактаган, адыраңдап бийликке көөп сөгүп какпаган, ар бир ишти кылдаттык менен тактаган инсан болгон экен.

Албетте ал убакта Социализмдин убагындагыдай беш жылдык пландар болбогону менен эл аралап, байы болобу, кембагалы болобу аларды ысык-суугуна барабар караган, өзүнө жараша салык саясаты болгондур, аларды жыйыштырып, териштире иш алып барган. Учурдун талабына ылайык айыл-ападагы ар кандай чечилбеген маселелерди, нааразылыктарды, арызданууларды, ар кандай жер чатагын жайкы чөп чабын жайлоо, күздөө, кыштоолорго чейин барабар бөлүштүрүп, элдин мүдөөсүн кандырган болуш болгондугун уккан, көргөн кары ардагерлер тастыктайт.

Сатайдын Курман, Алмаз аттуу уулдары, кыздары бар. Албетте аталган эжелер жөнүндө толук маалымат бере албаган ал өзүбүздүн кемчилик деп эсептейм. Ошондой болсо да Сатаева Гүлкан эже жөнүндө төмөндөгүлөрдү эскере кеткенибиз оң болоор.

## ГҮЛКАН САТАЕВА

Гүлкан эже өмүр бою Кыргыз Республикасынын маданият тармагында тынымсыз үзүрлүү эмгектенди. Эмгеги өкмөтүбүз тарабынан жогору бааланып ардактуу наамдарга жана баалуу сыйлыктар менен сыйланды.

Бүгүнкү күндө ардактуу эс алууда

Бир көрсөм эмгекчил элдин арасында,
Бир көрсөм кызгалдактай жанасың да.

Береке байлыктарын даңазалап,
Бүтүндөй кыргыздардын калаасында.
Бетеге белден келген жайлоолордо,
Булбулдай безеп үнүң саласың да.

Ботодой балбылдаган элең-элең,
Боз улан гүлүн кармап дайым белен.
«Биз» — дешип сахнадан тосоор эле,
Безесең сыбызгы үндү сыры терең.
Баары өткөн эжекебиз төрдүн куту,
Бел ооруп сыздап басып зорго келём.

*$8^{40}$ 14.03.03.*

**Боскозунун Бекболотунан** Упан, Кенже деген уулдары бүгүнкү күндө айыл аксакалдарынын катарындагы инсандар.

Упан ага өмүр бою колхоздун мал чарбасында үзүрлүү эмгектенип жүрүп ардактуу эс алууга чыгып, бүгүн токсонду таталап калган айылдын кадырлуу аксакал ардагерлеринен. Айыл арасында баш кошулган жыйындарда жаштарга акыл насаатын айтып оң жол менен жүрүүнү үндөгөнү-үндөгөн.

## БЕКБОЛОТ УУЛУ КЕНЖЕ



Кенже агабыз да чарбанын ар кандай иштеринде эмгектенген, ак көңүл, кең пейил инсандардан. Акыркы жылдары колхоздун жыгач усталык жагында эмгектенип курулуш иштерин жүргүзүүгө татыктуу үлүшүн кошту десек аша чапкандык болбос. Бүгүнкү күндө жетимишти жеңип, сексенге чабуул коюуп келе жатат.

Жайы-кышы керек малды багабыз,
Жыгач уста, жыгач отун жагабыз.
Жаны тынбай эл кызматын иштеген,
Жетимиштен ашып калды агабыз.
Жүзү жарык жүрөгүндө кири жок,
Журт ичинде кадыр тута алабыз.

Карапайым кызматынан көңүл ток,
Коодон таза, жүрөгүндө кири жок.
Кара жумуш ишин иштеп чарбада,
Кир жугузбай шайманына колу шок.

Качан болсо күйүп-бышып шашыла,
Колу менен кармагандай — оттуу чок.

*5[41] 19.09.04.*

## БОСКОЗУ УУЛУ АЖИКЕ

Ажике аталаш туугандардын эң кенжеси болгон. Кичинесинен эле өтө чыйрак тың, ар кандай жаңылыктарга жакын атуул болгону күнү бүгүн да аны билген замандаштары кептеп калышат.

Эркин-Сай мектебинин биринчи окуучуларынан бүгүн 88 (сексен сегиз) жаштагы Мырзаким уулу Жумагул, раматылык Жумалиев Рысбек, Ашырахманов Үркүмбайлар болгон. Эркин-Сай айылынын тургундарынан биринчи мугалим болуп Айткулов Ашыркул иштеген. Андан кийинки өз айылыбыздын тургундарынан Торпоков Амантай, Токтогулов Касымкул, Тултемиров Кошалы, Тултемирова Айша, Боскозиев Ажике, 1941-жылдан 1949-жылдары окуу бөлүмүнүн башчысы болуп Рысбекова Бурул эжебиз иштеген тура.

Ажике учурунда мектептин директору болуп турганда, элдин айтымында тактыкты, тазалыкты, тыкандыкты окуучулар эле эмес мугалимдерден да катуу талап кылган жетекчи экендигин кабарлашат. Ал эле эмес ошол учурларда мектептин директору Ажыке тууралуу төмөндөгүдөй ыр саптарын эскеришет.

Ташкенден келген таш күзгү,
Таш күзгүнүн түстүүсү.
Тарбия берген Ажыке,
Тартибинин күчтүүсү.

Талабы күчтүү тың адам,
Тарбия жагын чыңаган.
Тамганын баарын үйрөтүп,
Тапшырма берип сынаган.

Мезгилинде бир айылда бир да сабаттуу адам болбогону таң калыштуу эмес. Ошол учурда эл арасында үгүт насыят иштерин жүргүзүп, жалпы журтчулуктун сабатын жойду.

Ооба, Ажыке ошентип жүрүп үй-жай күттү, бирок утуру төрөлгөн наристелери утуру каза болуп убайымга батышты. Күтүүсүздөн каргашалуу Ата Мекендик согуш башталып кетти. Эл сыяктуу эле "Айбөбөк" айылынан да он бештей кырчындай уландары согушка атташышты. Алардын катарында мектептин директору Ажыке да бар эле. Согушка кетип баратып өмүрлүк жары Гүлүмсара жеңебизге кудайым буйруп аман-эсен көз жарсаң кыз болсо өзүң бил, уул болсо Токторбек деген ысым кой деп өтүнүп кеткен дешет.

Атака! Алдыга деп, сүрөп келип,
Ажике согушта да буйрук берип.
Ар күнү саясаттан сабак окуп,
Ансайын баскычтарды турду жеңип.
Айыгыш согушуулар, атышуулар,
Алдыга жутунганын бирден терип.

Көз жарды жарыктыкка уул бала,
Кыргыздын кыйырына добуш сала.
Карылар "Асан" айтып таң азандан,
Кеңешип Токторбек деп ысым таба.
Кат жазып сүйүнчүлөйт энекебиз,
Каалаган Токторбегиң тирек сага.

Кат алып жүрөк толкуп жарылгандай,
Кулуну "атаке" деп чаңыргандай.
Кубанып сүйүнгөнүн айта көрбө,
Кармашта төшкө орден тагынгандай.
Күндөн-күн үнөм кыла жээр тамагын,
Катыган нан, шекерин, чайын, майдай.

Күнүгө кармашуулар бууп белди,
Качырды немистерди кууп келди.
Кечинде үнөмдөгөн даамын жая,
Курдаштар уккула деп буйрук берди.
«Кубаныч» менин ***уулум*** — төрөлүптүр,
Куйгула менин берген тоюм деди.

Күрү-күү, толкуп-ташуу кубануулар,
Кабыл ал куттуктоом деп сурануулар.
Кучактап курдаштары Ажикени,
Көбөйсүн бизде дешет чыгаан уулдар.
Күн сайын немистерди кууп чыгып,
Кыштакка утур жаңы сайып туулар.

Белорус жана согуш батышында,
Белсемдүү баскычтарды атышында.
Бир эмес, балким миңин чөгөлөттү,
Бааланды мунун баары катуу сында.
Берилди орден, медал сыйлыктары.
Берилди майор деген согуш чин да.

Бетме-бет миң мертебе беттешкендир.
Беттешсе «хенде-хох» — деп, кектешкендир.
Бечара мажирөөсүн көрүп калса,

Бей күнөө өлгөнчө сен кет дешкендир.
Беймаза чыкса арадан безеленет...
Быр-чырын чыгарышып чектешкендир.

Басалышпай борошодо кар жиреп,
Баатырларга кырга жетүү бир тилек.
Бүткөн бою сыгып алма суу болуп,
Боору менен жылган күнүн бүт билет.
Бешим болсо түнөк издеп чуркабай,
Боортоктоп карды үңүп ал кирет.

Борошодо кар астына үңүлүп,
Бомба түшсө жашоодон да түңүлүп.
Бел чечилбей күндөр өттү арадан,
Белчесине этекти өйдө түрүнүп.
Баш оорубай, суук тийбей эч жерге,
Бүт адамга пайда калуу тирүүлүк.

Бомба түшүп утуру бир жагына,
Бытыралар себелөөчү санына.
Бешимдеги башталган өрт чабуулу,
Басаңдоочу эртеси күн таңында.
Барбадигер буйругудур, а балким...
Бабалардын арбагыдыр багына.

Басып кирип бирөөлөрдүн жерине,
Балча-булча балталоодо темине.
Беш метрлик бейкасам да буйрубай,
Бурадарлар талашыңар эмине?
Баскынчыга бүлүктөрдү салдырбай,
Бейкутчулук болчу тилек элине.

Быт-чытынан жоюу болуп илеби,
Басып алып, байып калуу тилеги.
Бей күнөөсүз миллиондор окко учту,
Бечаралар бул тилегин билеби.
Бир куу, кытмыр, ташбоор, арам адамдын...
Буйруктары болуп негиз тиреги.

Бүт адамзат майтарылды кайышты,
Бүт жер шары солкулдады майышты.
Бардык кыргын сокур тыйын көрүнбөй,
Бир "арам заат" ойлоп жатты байышты.
Баскындарга бастырбоодо далалат,
Бул адамдар бири-бирин сайышты.

Баш жарылып, көзү чыгып айрылып,
Баса албай жамбашынан жай жылып.
Бир күн эмес, бир нече күн талаада...
Бир аз жылып, чыдабастан көп тынып.
Бет келбестен бейтапкана жеталбай,
Баш калкалап куурай түбүн жай кылып.

Башкырты, орус, өзбек, кыргыз, казак,
Беларус, бурят, якут окоп казат.
Бардыгы баш ийкешип түр тил менен,
Бири-бирин түшүнүштү болбой азап.
Башчынын айткандары мыйзам болду,
Буйрукту бузушпады ишин жасап.

Ар улут өкүлдөрү ар түр тилде,
Ар улут өкүлдөрү баары бирге.
Азандан күнү-түнү, беш жыл бою,
Ач болуп, кокус тою кээде бирде.
Алдыда максаттары бирге болуп,
Андыктан көндү орто орус тилге.

Селт этип бомба түшсө, элең-элең,
Солк этип жер жарылса болуп кереӊ.
Сан эти, колу-буту окко учуп...
Сай-сөөгү сыздап ооруп тереӊ-тереӊ.
Сан жеткис эрдиктери менен абам,
Сыйланды толгон орден, медаль менен.

Согушууда колдон-буттан тонолуп,
Сыга байлап ак бинттерге оронуп.
Солдаттардын миллиондоп өлүгү,
Сан жетпеген сайда калды сонолуп.
Согуш болбой бүткүл өлкө тынчтыкта,
Соо-саламат, аман-эсен бололук.

Ондон бири келди кайра кайрылып,
Онтоп ыйлап бир мүчөдөн айрылып.
Ойдогудай иштей албай опуруп,
Өңүтүн таап отурууну жай кылып.
Оорубаган жери калбай ойдолоп,
Оңуп калат дарыланса аз тынып.

Көбү мунжу ишке толук жарабайт,
Курган турмуш мунжулукка карабайт.
Колу эптүү өтүкчүлүк кылышса...

Колдон келбес, үйдөн чыкпай сагаалайт.
Кыдыр колдоп, Рысбегим соо келди...
Калк ичинде, ардагерлер агалайт.

Аман калып, Эсен келди согуштан,
Алты жылча баскыч менен согушкан.
Ажал менен ач жылаңач кармашып,
Алар аны алабыз деп тоорушкан.
Арбагында Манас атам колдоду,
Ач-жылаңач, талаа-түстө конушкан.

Кан майдан алар ар кыл жерлеринде,
Кырчындай солкулдаган шерлерим ээ.
Күнү-түн каршы туруп мекеним деп,
Кансырап канча кургап-тердедиң ээ.
Калкыңдын камын ойлоп жан таксымда,
Канчаңар кайра элиңе келбедиң ээ.

Агалар курман болуп атышуудан,
Алоолоп согуш оту батышынан.
Алланын буйругу деп көксөөлөр сууп,
"Айбөбөк" айылы да катуу сынган.
Айбөбөк энебизден он алты уул,
Арбашып өлүм менен анан тынган.

Мекен үчүн акыркы күч жыйдыңар,
Мекен үчүн көз жашты бүт тыйдыңар.
Мекенимде ата-эне, тууган деп,
Мекен үчүн асыл жанды кыйдыңар.
Мекен эстеп эстеликтер коюлду,
Мекен үчүн бүгүн силер сыйсыңар.

Алар басып алуу үчүн согушса,
Алдырбайм деп, алар менен согушта.
Ар бир метр жерге кандар төгүлүп,
Ажал менен арбаштыңар согушта.
Ал кеткенде, шай кеткенде шалдая,
Амал түгөп чама калбай корушка.

Канкор демеп карыш жерге буулугат,
Кадам жерди бербөө үчүн уулугат.
Кан төгүлүп суудай агып сел болуп,
Каның катып жаттың утур суу сурап.
Көз алдыга шуру сымал тизилет,
Кулагыма суу дегениң угулат.

Кыйды өмүрүн миллиондор мекенге,
Кыйды өмүрүн миллиондор бекерге.
Кара ниеттер үстөмөндөп басмырлайт,
Кылдат карап чек араны бекемде.
Кыйсыпырап миллиондор кырылды,
Кайран өмүр чымынча жок экен ээ.

*$5^{31}$-$6^{08}$ 18.06.00.*

Ооба, каргашалуу согушка айла жок тура, айылдын алдыңкы интеллигентеринин бири Ажике мырзанын ажалы да немистер менен айыгышкан согуштан болду. Өлдү мырза кан жыттанган ээн талаада. Бирок анын эрдиги, шердиги өлгөн жок, ал бирге кызмат өтөгөн солдаттар арасында калды. Биринен бирине айтылды. Ушул күнгө чейин жетип келди. Анын солдаттарды сүрөп, Ата Мекен үчүн алга!... деген үнү бүгүн да жаңырып бараткандай элестейт.

Аттиң жашоо, Ажике өлдү, жок, жок ал өлгөн жок...! Ал тизеден кан кечип, эли-жерин коргоп немистер менен кармашып жүргөндө, алыскы кыргыздын Алатоо арасындагы Орто-Кайырмада анын тукумун улоочу наристе Токторбеги төрөлдү.

## ЭЛ УУЛУ ТОКТОРБЕК АЖИКЕЕВ
## (1942-1997)



Табигаттын жалгыз мыйзамы, ажалы жеткени каза таап, аркада анын тукумун улоочу наристенин төрөлүшү. Жогоруда Ажике аганын согушта каза болгону өкүнүчтүү болгону менен өзү көрбөсө да аркасында анын канынан жанынан жаралган наристеси, уулу, Токторбеги калды. Демек Ажыке өлгөн жок дегенибиздин себеби да ошол.

Согуш мезгилиндеги оор турмуштун өтүшү баарыбызга маалим. Жаңы төрөлгөн наристе саат санап, күн санап дегендей ирденип, эмгектеп, анан барып басып, сүйлөп, ата-ата деп, дегдеп ар дайым эненин алпешинде:

Атанын алпешине бөлөнбөдү,
Аталуу, атасыздай төрөлгөнү.
Атасы Ата Мекен коргоп жүрүп,
Атына уулун бир да өңөрбөдү.
Аттиң ай чоң казатта ажал жетип,
Аркада уулун көрүү көр өңдөңдү.

Наристе чыбык минип атка теңеп,
Наристе күндөн-күнгө боюн керет.

Наристе атакесин күтө-күтө...
Наздана суроо салат качан келет?
Наристе почточудан катты алып,
Нурдана апасына кабар берет.

Кубаныч каптап калың элди-жерди,
Куттуктоо кучак жайды жерди-элди.
Кыйладан күткөн күндөр эми келип,
Кыйроого учуратты немистерди.
Кокустук кырсык басып Ажикемден,
Кутүүсүз "кара кагаз" кабар келди.

Каран күн кайран мырза неден жазды,
Каран түн кубанычтар кара басты.
Кыйылып жашоо, өмүр, жарыкчылык,
Кырчындай мырзага жай жердин асты.
Канчалар түбөлүккө кош айтышып.
Келбестин сапарында көрүн казды.

Көз жаштар, өңгүрөөлөр, өкүрүүлөр,
Кайгыруу, карбаластоо, өкүнүүлөр.
Каралдым кайрат кыл деп көңүл айтып,
Карыга кайраттуулар өтүнүүлөр.
Кантмексиң көнүү шарты башка түшсө,
Комузда "Сынган бугу" кайгы күүлөр.

Күндөр өттү күн артынан өзгөрүү,
Кайгы-муң да ар бир жанга өлчөлүү.
Канат кагып ата алпешин көрбөстөн,
Кипкичине Токомдун бар өз жөнү.
Классташтын кыйласынан тың окуп,
Калып калбай классынан көчкөнү.

Өлбөстүктүн күнү өтсө кайыл да,
Өтөт күндөр торпок багып айылда.
«Өш-өш» дейсиң, чөбүн салып сугарып,
Өзүнө өзү сыноо коюп дайыма.
Өкүнүүлөр өксүү толуп жүрөккө,
Өтөмүн дейт жогорку окуу жайына.

Чыла белден айла кетсе басылат,
Чөбүн сала, алдын күрөп тазалап.
Чакалайга күндө дары койбосо,
Чүкөдөй бир малдоктурдан жаза алат.
Чогулганда бирге иштеген малчылар,
Чылым чекпей, чыгаан мырза аталат.

Таргылы бар, кара тору аласы,
Таңдан кечке торпоктордун арасы.
Тагдырыңа жазгандарын көрүү бар,
Татаал турмуш көнөт адам баласы.
Топук болбойт жашоого ал түбөлүк,
Техника жакка өтүү санаасы.

Үшүк алып карандай суук күн өттү,
Үшкүрүү бар, чарчап түрүп билекти.
Үзө басып бир өңүрүн торпоктор,
Үч маал мөөрөп, Токомду көп жүдөттү.
Үзүлбөгөн үмүт алга жетелеп,
Үмүт койду, алдыга чоң тилекти.

Китеп бул аздек табаар бүт жериңи,
Китептен билсе болот дүйнө элини.
Күнү-түн тынымы жок алек боло,
Китеби үйүлгөнү жан шериги.
Кастарлап эртеден-кеч аны менен,
Кынала кыттай балкып ага эриди.

Ал слесарь иштеп кара жумушту,
Арданбады алп урушкан жумушчу.
Аралашып улуу менен кичүүгө,
Арам көрдү бекер карап турушту.
Автоунаа тетиктерин термелеп,
Ага берген буйрук ишин курушту.

Автоунаа иштеринде тынбады,
Алы жеткен тармактарын чыңдады.
Асан кайгы тарта ар бир ишине,
Ага айткан акыл ойду тыңдады.
Ачык айтып улуу-кичүү бетине,
Ариет деп, кемчиликти сындады.

Жумушту иштегендер ач калаарбы,
Жумушчу мекемени башкаларды.
Жетектеп мамлекет ишканасын,
Жигерлүү мамиледе башкаралды.
Жетилди жеңил эмес ишти көрүп,
Жылоолоп нечен кыйын башкаларды.

Кыйналды кыйынчылык даамын татты,
Күнү-түн изденүүлөр окуп жатты.
Кең пейил достор күтүп Аскар өңдүү,

Калчады нечен түрдүү адамзатты.
Касиет кыдыр колдоп калысчылык,
Керемет күндөр койду нечен шартты.

Окуулар орус тилде жогоркулар,
Окуу деп мезгил учуп жоготуулар.
Орошон ойлор келип санааларга,
Окумуштар опурула жоодо туулар.
Ой-кыры бирдей эмес тириликте,
Оргуштап күндөр өтүп акты суулар.

Окуу деп ошол болуп дайым дилде,
Орусча билбегенди, үйрөн бил де.
Окумуштуу билермандар маалыматы,
Окусаң дүнүйөсү орус тилде.
Орусча окуу, иштөө басуу, туруу...
Орусча ойлоо, сүйлөө, баары зилде.

Баркташып жоро-жолдош бири-бирин,
Бакылдап балалык кез кандай ширин.
Бактылуу күндөр өттү билинбеген,
Бири айтса, экинчиси алып тилин.
Баарлашып көздөр жетти түбөлүгү,
Бактылуу болуу кыйын албай билим.

Шариги чачылганды териштирип,
Шатуну эшилгенди келиштирип.
Шынаарлап шыкак боло ар бирине,
Шаровой опорлорун бөлүштүрүп.
Шинасы жарылганын жалгаштырып,
Ширетип керек болсо илип-тилип.

Тажрыйба тыным албай такшалды,
Түйшүк тарта аларды бүт башкарды.
Тагдыр деген өмүр бою өлчөөсүз...
Териштирип кыйшык-түзү ашталды.
Тагын айтсак мекен коргоп агабыз,
Төрөлгөнү атасыз ал жаш калды.

***Баарынан да кыргыз элинин келечеги үчүн өмүрүнүн асыл учурларын арнап, өчпөс эмгек жараткан ата-бабаларыбыздын, улуу инсандарыбыздын эмгегин эч качан унутпайбыз.***

***А.Акаев.***

**Ажикеев Токторбек**, 1942-жылы Панфилов районунун Орто-Кайырма айылында туулган. Кыргыз, орто мектепти 1959-жылы бүтүрүп айылда колхоздун торпогун багып бир жылча иштеди. Кийин Бишкекке келип, жаштайынын техникага шыктуу жаны ага түрткү болдубу, машина куруу заводуна слесар болуп иштеп андан соң политехникалык институтуна кирип аны ийгиликтүү бүтүрөт. Ошондон баштап эмгек жолун республикабыздын автоулоо минстрлигинде өткөрдү. Жүргүнчүлөр автотресинде катардагы инжинерликтен баштап, бөлүмдүн инжинери, башкы инжинери, автобазанын башчысы, автотрестин башкаруучусунун орун басары, транспорт министринин орун басары болуп көп жылдары үзүрлүү эмгектенди.

Токторбек 1996-жылдан баштап кайра уюштурулган транспорт жана байланыш министрлигинин министри болуп иштей баштайт. Кыргыз Республикасынын транспортуна эмгек сиңирген кызматкер. Үй бүлөлү, эки уул, бир кыздын атасы.

Күтүүсүз катуу оорудан кийин 1997-жылы жарыкчылыктан кош айтышты.

Жайыл баатыр тукумунан эмес тегин,
Жоо жүрөк бабалардан түпкү тегиң.
Жан далбас тыным албай мекен үчүн,
Жан үрөп күнү-түнү эмгектендиң.
Жаңы эле ырахатын көрөөрүңдө,
Жаннаттан жай алдыбы Токторбегим.

Адамзаттын сыйлоо шарты бир-бири,
Айтылбаса ичте калат зил-кири.
Ак көңүл бардыгына тең барабар,
Азамат мырза эле балдай тили.
Автомобилист болуп алп урушкан,
Айылдын эң алгачкы — ***министри.***

Кечээ эле аралашып биз менен,
Күлкү коштоор сөзүң эсте сиз деген.
Кыргызыңа кызмат өтөп кылымга,
Калк камында далай ирээт тыз деген.
Көрөөр күнүң ичээр сууң түгөнүп,
Келбес сапар кеттиң таппайт издеген.

Жайыл баатырдын уулу Асандын он сегиз уулунун бир уулу Каратай болгон. Каратайдын тукумунан биринчи Кыргыз Республикасынын транспорт жана байланыш министри болуп 1996-жылы Ажикеев Токторбек дайындалган.

Албетте айтканга оңой болгону менен бул кызматка Токторбек элүү төрт жыл тынымсыз эмгектенип жүрүп анан жеткени баарыбызга маалым. Жогоруда белгилегендей Эркинсай орто мектебин бүтүр-

гөндөн кийин колхоздун торпогун багып жүрүп, окуу дегенде ак эткенден так этип Фрунзе атындагы заводдо катардагы слесарлыктан ишин баштаганын белгиледик. Тынымсыз изденүү, эмгектенүүнүн негизинде эл оосуна алынды.

Токторбек мырза бөтөнчө шаардагы №2 жүргүнчүлөрдү ташуучу автобазада иштеген учурун көбүрөөк сөз кылаар эле, анткени бул мекеменин иши абдан солгундап, бардык тармактары боюнча артта калган автопарк экен. Токторбек болгон күч аракетин, уюштуруучулук жөндөмүн, институттан алган илим-билимин чыныгы өндүрүшкө толук жумшоонун негизинде гана ийгиликтен-ийгиликтерге жетише алды. №2 автопарктын экономикасы дүркүрөп өсүшүн камсыздады. Өкмөтүбүздөн алган эки беш жылдык пландардын бардык көрсөткүчтөрү боюнча ашыгы менен аткара алды. Бул ийгиликтерин 1987—1988-жылдары КПСС БКнын, СССР Министрлер Советинин, ВЦСПС тин жана ВЛКСМ БКнын Өтмө Кызыл Туусун катары менен эки жолу жеңип алышкан.

Кыргыз ССР министрлер Советинин, Кырсовпрофтун, Кыргызстан ЛКЖС БКнын ардак грамоталары, эл чарбасынын жетишкендиктеринин көргөзмөсүнүн дипломдору менен сыйланып, республикабыздын ардак тактасына жазылган.

Албетте мындай ийгиликтерди жаратуу менен Токторбек кыргыз эли-журтуна кеңири таанылып, акырындык менен кадыр-баркы да жогорулады. Бирок Токторбек бул жетишкендерге манчыркап бой көтөрүп, чалкалап жатып алган жок. Ар дайым анын жөнөкөйлүгү, боорукерлиги, мээримдүүлүгү, кайрымдуулугу менен кара пайым жумушчу калкына жакындагандан жакындагандыгы болду. Алардын кыйынчылыгын, кайгы капасын тең бөлүшүп, колунан келген жардамын көргөзүүдөн тайбады.

## Токторбектеги асыл сапаттар

Токторбек иштеген ишине, кызматына чиренип бой көтөрбөгөнүн айттык, ошондой эле улуу-кичүүгө жумушчу-кызматкерге барбар карап кулк-мүнөзүнүн ачыктыгы, куудум-шумдугунун, керкакшык каразгөйлүгүнүн жоктугу, өз ой-максатын ачык шар жана ачык билгизээр эле. Кемчилигиң болсо да кекээрлеп, кемсинтип, какшыктабай, бул жериң минтип калыптыр, бул адетиңди оңдо, ташта деп эле бетиңе айтып койуучу.

Анын экинчи бир жакшы сапаты айткан сөзүнө, убадасын абдан бекем кармап аны аткаргандыгы эле, айрым жетекчилерге окшоп, өзүнүн боюн көтөрүп бааланып, аны чоймолоочу эмес. Кокустан колунан келбеген же аткарууга мүмкүн болбогон иш болсо, андай учурда анын жөн-жайын толук түшүндүрүп берээр эле.

Айрыкча министр болуп иштеп жүргөндө, коллегияда каралуучу маселелерди тактап, өтө принципиалдуу калыстык менен жогорку деңгээлде маданияттуу өткөрүүчү. Каралуучу маселелерди өтө кыс-

ка, адамга жеткиликтүү дайындап же талап кылып убакытты алтындай баалар эле. Айрым жетекчилерге окшоп колумдан келет, мен билемин деп ашыкча ныгыра басым көрсөтүп көр жемелиги жок эле.

Токторбек менен бирге иштешкендер Токторбек Ажикеевичтин иш стили, республикабызда узак жылдары автожолдор министри болуп иштеген Хусаин Көлбаевичтикине окшоштугун белгилешет.

Токторбек кокустан иш сапарында болуп калса жөнөкөй кесиптештери менен учурашып, иштеген иштери менен таанышканда ошол иштердин баардыгын өзү ага так жана жакшы билгендиги, берген баалуу акыл-кеңештеринен байкалып тураар эле, республикабыздын автотранспорт тармагындагы бардык кўпуя сырларды кесиптештерине түшүндүрө айтып, аларга үйрөткөндүгү менен айрымалануучу.

Токторбек Ажыкеевич кесиптештери менен айрыкча ишке жаңы орношкон адистерине куду бир тууган агасындай кеп-кеңешин айтып, иштерде кандай кыйынчылык болсо, кандайча аларды оңдоо керектигин толук түшүндүргөнү, кесиптештери менен иш боюнча эле эмес, үй турмушундагы кыйынчылыктарына да кеп-кеңешин айтып, колунан, келген жардамын аябагандыгын эскеришет.

Токторбек мырзанын кулк мүнөзүн, жакшы сапаттарын санай берсең булар бир тууганын атайылап көтөрө мактагандай сезилиши ыктымал. Ошондуктан республикабыздын булуң бурчтарыңдагы катардагы айдоочудан жогорку кызматчылара чейинки инсандардын ой пикирлерине да кеп кезегин берсек.

## Асыл адам эле

1982-жылы Ош шааркомунан курулуш министри болуп которулуп келдим. Шаарыбыздын кызыл Октябрь көчөсүнөн квартира беришти. Раматылык Токторбек Ажикеевич дагы ошол үйдөн квартира алып, кудай кошкон кошуна болуп туруп калдык. Токторбек анда 2-жүргүнчүлөрдү ташуучу автопарктта директор эле. Таң атпай жумушка жөнөчүбүз. Дайым эртең менен эшиктен көрүшүп калчубуз. Жумуштан кеч келебиз.

1992-жылга чейин транспорт министрлиги Минавтошосдор деп аталчу. 1992-жылы авто жол, граждандык авиация, темир жол, пароходствону бириктирип, транспорт министрлиги болуп түзүлүп, мен министр болуп калдым. Токторбек Ажикеевич орун басар эле. Кайра түзүлгөндөн кийин Токторбек ордунда орун басар болуп калып бирге иштешип калдык. Мына ошондо жакындан иштешип адамгерчилиги бийик, иш дегенде күйүп-жанган адам экендигин билдим.

1995-жылы көзүм ооруп, президентибизге арыз жазып жумуштан кеттим. Апас Жумагуловичке кирип — Токторбекти министр кылгыла, бардык жактан жооп берет, ишти көрө билгичтиги, деловой касиети бар деп айттым. Менден кийин Токторбек министр болду.

Министрликтен кеткенден кийин больницага жатып дарыланып

чыктым. Үйдө жатсам бир күнү Токторбек чакырып калды. Барсам ден-соолугумду сурап, ушундай чоң тажрыйбаңыз менен үйдө отурбай, биздин темир жол башкармалыгын жетектеп бериңиз — деди. Ойлонуп көрүп, макулдугумду бердим.

Бирге иштешип жүрүп байкаган касиеттерине токтоло кетсем, министерствонун ишин жакшы билчү, баштаган ишин аягына чыкмайын жаны жай алчу эмес.

Жолдошчулукка бекем, чөнтөгүндө бир тыйын болсо да бөлүшкөн адам эле. Далай жолдош-досторуна, жумушчуларга жардамын аяган жок. "Аял жакшы эр жакшы" дегендей аялы Майрамды аябай урмат кылчу. Майрамдарда отурганда менин "саячкам" — деп эркелетип, күлдүрүп калар эле. Майрам дагы жолдошун аябай сыйлаган, башын өйдө көтөрүп сүйлөбөгөн аялзатынан. Бул деген аялзатынын эң чоң касиети. Анткени көп чоңдордун аялдарынын күйөөлөрүнө жасаган мамилесинин далайларын көрдүк, өзгөчө эл үстүндө...

Жакшынын өмүрү кыска дегендей шум ажал Токторбекти арабыздан алып кетти. Ооруга, ажалга эч кандай айла жок экен. Пенде катары жакшы касиетин эстеп көңүл ордун толтурат экенбиз.

Жаткан жери жайлуу болсун. Бала чакасынын өмүрү узун болсун.

*Сыдыкбек Аблесов, Кыргыз Республикасынын*
*курулушунун эмгек сиңирген ишмери*

## Чындыкты бетке түз айтчу

Анткени мындай касиет көп адамдарда боло бербейт. Раматылык Токторбек Ажикеевич чындыкты бетке айтаар эле. Аягы келип туура чыкчу. Жүргүнчүлөрдү ташуучу түндүк автотрестинде иштеген мезгилден бери таанышып өмүрүнүн акырына чейин бир туугандай мамиледе жүрдүк. Транспорт тармагынын чыныгы профессионалы эле. Иштин көзүн көрүп турчу.

Адам катары өтө сыпаа киши эле. Бир адамга үнүн көтөрүп сүйлөгөнүн көргөн жокмун. Кичипейил, жөнөкөй адам болчу. Министр болуп турганда да жөнөкөй адамдарга жакын болуп, жумушчулардын маселесин чечүү жагын биринчи орунга койчу.

"Жакшы кишинин өмүрү кыска болот" дегендей Токторбек Ажикеевич аз жашады. Бүткүл өмүрүн транспорт тармагынын өсүп-өнүгүүсү үчүн арнады.

Дагы далай ийгиликтерди жаратмак. Өмүрү кыска экен арабыздан кете берди. Кесиптеши катары, жакын адамы катары ал кишинин жаркын элеси түбөлүк эсимде калат.

*Иса Өмүркулов*
*Кыргыз эл депутаты*

### Улуу-кичүүгө бирдей эле

Токторбек Ажикеевич эскерүүгө татыктуу, адамгерчилиги жогору, асыл адам эле. Бардык сапаты жагынан эң жогору турган инсан катары баалайм. Турмушта адам баласы ар түрдүү убакта, ар кандай жагдайда кезигишет тура. Токторбек Ажикеевичти айдоочусу жана эң жакын жолдошу катары 1970-жылдан бери билем. Ошол жылдан көзү өтүп кеткен жылга чейинки басып өткөн, иштеп кеткен ишин эстеп көрсөм, ушунчалык жумушка күйүп-бышкан, улуу кичүүгө бирдей мамиле кылган, жардамын эч бир адамдан аябаган, бир да кишиге жамандык каалабаган бул дүйнөгө бир жаралган адам эле. Токторбек Ажикеевичте адамдарда сейрек кездешкен, өзгөчө эстутуму күчтүү, бардык адамдарда боло бербеген таланты бар эле. Жакшы адамдын өмүрү кыска болот дегендей арабыздан шум ажал эрте алып кетти.

Токторбек Ажикеевтин жаркын элеси жүрөгүбүздө дайым сакталат.

*Акылбек Бегалиев,*
*ардагер айдоочу*

### Агасын көрүп ини өсөт дегендей,
### Агамдын жолун жолдогом

Биз төрт бир тууганбыз. Эң улуусу Токторбек байкем эле. Улуубуз катары бизди тарбиялоо, окутуу жагынан байкемдин эмгеги чоң болду. Панфилов районундагы Эркин-Сай орто мектебин эң жакшы бүттү, политехнический институтка өтүп кийин шартка байланыштуу вечерныйга которулуп иштеп окуду.

"Агасын көрүп ини өсөт" дегендей мен да агамдын жолун жолдоп транспорт тармагына окуп, иштеп калдым.

Транспорт тармагынын адамы катары айтаарым Токторбек байкем өз ишинин чыныгы күйөрманы эле. 2-автопаркта иштегенде миңден ашык адам иштечү. Ошолордун ар бирини атын жатка айтчу.

Министр болуп калганда транспорт тармагынын башын бириктирди. Ар бирибиздин иш проблемабыз менен кызыгып, дайым жолугушууларды өткөрүп турчу. Кийин биз министрликти унутуп калдык эле. Азыркы жаңы министрибиз Кубанычбек Мырзабекович да уюштургуч, иш билги жетекчи экен, баарыбыздын башыбызды бириктире баштады. Бул системада иштебесе да иштин көзүн билет экен. Баарыбыз сүйүнүп жатабыз.

Агам жөнүндө дагы эмне айтаар элем. Колунда чоңойдум, окудум, үйлөндүм дегендей. Менин кесипке, турмушка калыптанышыма агамдын эмгеги тоодой болду. Ооруусунун катуу экенин өзү дагы билбей калды раматылык. Дагы жашаганда транспорт системасына далай ийгиликтерди алып келмек. Өмүрү кыска экен...

*Кеңеш Жусупов, "Ак Жолтой" АКсынын*
*генеральный директору*

# ТОКТОРБЕККЕ АРНАЛГАН ЫР САПТАРЫ

## Эл үчүн эмгектенген эрен эле

(Мурдагы автоунаа министри Токторбек Ажикеевдин жаркын элесине)

Элге жагып дайым жүрүм-туруму,
Таамай айтчу кептин келсе учуру.
Бала чактан эмгек менен дос болду,
Эркин-Сайдын эркелеген кулуну.

Тыным билбей дайым чеке тердеткен,
Эмгек менен алпурушуп эр жеткен.
Автоунаа азаматы аталып,
Өз бактысын таба алган эмгектен.

Адам болчу максатынан тайбаган,
Автоунаа ээси эле жайнаган.
Тапшырылган ишти мыкты аткарып,
Жерде болчу дайым эмгек кайнаган.

Кайда болсо оюн ачык сүйлөгөн,
Талап коюп, жөнсүз кабак түйбөгөн.
Аман болсо дагы көп иш жасамак,
Эрте өтүп кетти жарык дүйнөдөн.

Басчу эмес даяр турган из менен,
Өмүрүндө өз чыйырын издеген.
Эли үчүн эмгектенип эпкиндүү,
Мен дебестен, качан болсо биз деген.

Кээ бирлердей жулунбаган жутуна,
Ошондуктан кут кошулган кутуна.
Ак эмгектен алкыштарга ээ болуп,
Эмгек менен туруп кеткен бутуна.

Ишке март, сөзгө болсо сараң эле,
Салмактуу таштаганы кадам эле.
Иш десе ичкен ашын таштай койгон,
Эл үчүн эмгектенген адам эле.

Иче турган сууң бүттү жетет деп,
Арсыз ажал алган тура этектеп.
Аргасыздан кош айтышты эл менен,
Турган кезде министрликти жетектеп.

Айтып жүргөн кеби калды калкында,
Айлы калды капчыгайдын алкымда.
Өз кесибин андан ары уланткан,
Туудай туткан туяк калды артында.

Салмак болчу анын намыс-арында,
Элес калды эл-журтунда, жарында.
Унутулбайт кайран Током элеси,
Жайнап турган дүйнө шары барында...

*Догдурбек Юсупов, Чүй областтык Алыкул-Осмонов атындагы сыйлыктын лауреаты*

## Эмгек менен курган тура эстелик

Жашоо-күрөш адам чыккан жекеге,
Бирок өмүр өтөт тура тез эле.
Токтор ага токтоо билбес турмушта,
Арабызда аман жүргөн кечээ эле!

Ал түбөлүк келбес жакка аттанган,
Бейитинде бейпилдикти жазданган.
Өмүр суусун түгөтө ичип алган соң,
Жашоо менен эсеп-чоту такталган.
Арабыздан эрте кетти кантейин!
Адам эле ак эмгектүү, ак пейил.
Кулк-мүнөзү келе калат эсиме,
Карапайым, кишиликтүү, алпейим.

Жакшылыкка жан тартканы бар эле,
Жаркылдаган жайдар мүнөз жан эле!
Элдин жолун кеңейтсем деп жан үрөп,
Максаты да, кылган иши ак эле!

Ажал тоскон арман менен чектелип,
Аргабыз жок олтурабыз эскерип.
Жакшы адамдын аты калды, байкачы,
Ал өзүнө курган тура эстелик!

Түшүнсөк да бу жашоонун жалганын,
Эстен чыкпай калса дагы арманың.
Токтор ага колдоп асыл арбагың,
Аман жүрсүн алган жарың, балдарың!

*Асан Жакшылыков, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, акын.*

## Мен үчүн чырак өчүп, күйбөй калган

Ой толгоо мени, кээде кыйнаганда,
Ойумду жазуудан ашыкпадым.
Олтуруп кайрадан сени эскерип,
Ошондо өткөн күндү эске салдым.

Билинбей жашап өткөн, ошол жылдар,
Тамырлап өсүп жатат тиккен чынар.
Арасында өзүң жоксуң, өкүндүрүп,
Балдарың эскерип, сени турар.

Бул мен үчүн түгөнбөгөн бүткүс арман,
Сезимде сен жөнүндө, менде калган.
Канчалык кайрат кылып жашасаң да,
Мен үчүн чырак өчүп, күйбөй калган.

Өзүңдү элестетип, турар мага,
Экөөбүз чоңойткон балдар гана.
Арбагыңдан сенин эми суранарым,
Артыңда, балдарыңды колдоп кара.

## Үмүттүү тиктей берем

Калганда таянган, тоом кулап,
Күн жоголуп, түн болуп калган сымал.
Чыркырадым чыга албадым, жол издедим,
Басканда астымдагы жерлер урап.

Көпкө адаштым, өзүм келе албадым,
Ыйладым түн жамынып, жардам сурап.
Жыртыктан мага тийген күн шооласы,
Достуктун белгиси деп колун сунат.

Жакшылыктын мага чачкан бул шооласы,
Үмүттү тиктей берем ошол жакты.
Чынбы бул караңгыда көрсөткөн,
Бактымбы, таалайымбы чындап айтчы.
Өкүндүм, таалайымдын пастыгына,
Өкүндүм өмүрүңдүн аздыгына.
Өмүрдө нечен түйшүк тартсам,
Үмүттүү тиктей берем өзүң жакка.

## Калыс болдуң

Ишенбейм сенсиз жалгыз калганыма,
Шум ажал сени бөлүп салганына.
Сени ойлоп жүрөгүмдөн кан акканда,
Өзүмдү өзүм эптеп алдадым да.

Ойлондум өткөн күндүн барактарын,
Жаныңда эркеледим, шарактадым.
Талпынтып балдарыңды өстүрөйүн,
Жетет го жүрөгүмдү канатканым.

Көргөн көрөр узун өмүр пайдасын,
Бирок айтчы сен адилдик кайдасың.
Жүрөк токтоп бөлүнгөндө экөөбүз,
Бул жашоонун таппай турдум айласын.

Сук өлүмдүн өлүм көрөр пайдасын,
Бирок айтчы сен адилдик кайдасың.
Өзүң кеттиң кайтпас жака жашыңдың,
Калды элесиң сезимдерде басылдың.
Ачуу, таттуу турмуштун басып жолун,
Адамдык тазалыкка үлгү болдуң.
Кызматтын чокусунанда турсаң дагы,
Чоң сунбай баардыгына калыс болдуң.

## Үмүттөнүү

Узун түн уктай албай таңдар атып,
Чачкындуу ойлор, кээде жанга батып.
Тор ичинен, жол издеген көпөлөктөй,
Талпынып учуп кайра, жерге жатып.

Сезимде таттуу, кыял, ойлор толуп,
Кээде дайра, кээде суудай акмак болуп.
Ташыса ошол кыял дайрасында,
Көпүрө салгым келди өтмөк болуп.

Тагдырлар кээде түптүз, кээде таштак,
Эчкерип өткөн күнгө көз таштасак.
Чыдатып таштуусуна, ачуусуна,
Бул жашоо, ошол үчүн кызык тура.

**Майрам Ажикеева**

Токторбек менен бирге отуз жыл жашаган келин балабыз Майрам да өзүнүн жүрөгүнүн тереңинен орун алган өмүрлүк жарынын актыгын, тактыгын, калыстыгын, балдарына мээримдүү, сүйкүмдүү аталыгын чагылдырып ыр саптарын жаратууда. Биз жогоруда алардын айрымдары менен гана сиздерди тааныштыруудабыз.

Токторбек мырза жөнүндө өзүнчө бир көлөмдүү китеп жазса да аздык болоору, баарыбызга маалим. Элибизде "аккан арыктан суу агат" демекчи. Токторбектин улуу уулу атасынын кесибин жолдогон автомобилист. 2000-жылдан бери Кыргыз республикасынын Транспорт жана коммуникация министринин орун басары болуп үзүрлүү эмгектенүүдө.



## ТОКТОРБЕК УУЛУ АЙЗАТ

Айзат мырза 1968-жылы 30-мартында Бишкек шаарында төрөлгөн. Мектепти Панфилов районунун Эркинсай орто мектебинде 1975—1985-ж. орто билимине ээ болгон. 1985-жылы политехникалык институтка өткөн. Окуп жүргөндө Советтик Армиянын курамына чакырылган. Армиядан келип окуусун улантып 1992-жылы бүтүп — инжинер механик деген адистигине ээ болгон.

Эмгек жолун Карабалтадагы килем комбинатындагы транспорт бөлүмүндө иштөөдөн баштаган. 1993-жылы «Кереге» акционердик коомунда транспорт тармагынын жетектөө кызматын иштеген. Үзүрлүү эмгегинин натыйжасында 1995-жылы бул коомдун жетекчисинин орун басары болуп дайындалган. 1997-жылы Кыргыз Өкмөтүнүн алдындагы Мамлекеттик акционердик корпорациясынын «Кыргызалко» башкы адиси болуп ишин уланткан. Кийин ушул мекеменин транспорт бөлүмүнүн орун басарлыгына дайындалган.

1998-жылы Чүй областык автотранспорт башкармалыгынын жетекчиси. 1999—2001-жылдын январь айына чейин Бишкек шаардын пассажирлерди ташуу транспорт агенствосунун директору болуп иштеген.

2001-жылдын 21-январынан бери Кыргыз Республикасынын транспорт жана байланыш министринин орун басары болуп дайындалып үзүрлүү ишин улантууда. Айзат 1989-жылдан бери кайда иштебесин комсомолдук иштерге (коомдук кошумча иш) активдүү катышып анын республикабызда өткөн съездеринин делегаты болгон.

Бүгүнкү күндө Айзат Токторбекович кызматына байланыштуу

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана транспорт байланыш министрлигинин атынан Мамлекетибиздин тунгуч Президенти Аскар Акаевич жана Өкмөт башчылары менен Кытайда, Турцияда, Тажикстанда, Польшада, Молдавия, Казакстан өлкөлөрүндө болуп өз ара кызматташуу боюнча келишимдерге кол коюуларга катышкан.

2003-жылы Республикабыздын атынан Бириккен Улуттар Уюмунун кеңешине катышкан. 2002-жылы Москвада өткөн Эл аралык Академиянын илимий өндүрүштүк президиуму Айзат Токторбековичти аталган академиянын официалдуу мүчөлүгүнө кабыл алып бир добуштан анын Академиги деген наамын ыйгарган.

Айзат коомдук иштер менен бирге илимий изилдөө иштерин да айкалаштыра иш тажрыйбаларын жүргүзүп кандидаттык илимий даражасын коргоо негизги максаттарынын бири.

Өмүрлүк жары Бактыгул менен Айгерим аттуу кызы, Адилет уулдарынын бактылуу ата-энелери.

Атанын жолун жолдогон,
Атанын ишин колдогон.
Айтканы мыйзам өңдөнүп,
Аный деш анда болбогон.
Аганы көрүп ини өсөөр,
Андайлар бизде ондогон.

Көшөрбөй дайым тил алган,
Көңүлдө ишиң билалган.
Кокустан жүрөк оорубай,
Кимдердин кимин бил абдан.
Кайдыгер болбой кадырлоо,
Кылымдардан бу калган.

Атадан уул төрөлгөн,
Ар-намыз үчүн жаралган.
Ага-ини элдин ичинде,
Алгалап дайым баралган.
Атага шекти келтирбес,
Айзатым мырза сыналган.

Айзат мырза чыгармачылык эл аралык академиясынын дипломуна татыктуу болгон.

Каратайдын Шатенинин Козубегинен: Рысбек, Дөөлөтбек, Жумагул, Жапаркул, Жапак деген уулдары.

## КОЗУБЕК УУЛУ РЫСБЕК



Рысбек чоң атабыз Жайыл аймагындагы Эркинсай айылынын тургуну. Айылда колхоздоштурууга активдүү катышкан инсандардан. Ата мекендик согуш башталганда элүү эки жаш курагында экен. Ошого карабай мекенди коргоо үчүн жатындаш инилери Дөөлотбек, Жумагул, Жапак жана Жапаркул аттуу инилери менен барабар согушка аттанышкан. Уулу Акмат жаңыдан он жетиге толуп толбой комсомолдун мүчөсү, согуш комиссариатына кайра-кайра барып арызданып жатып мекенди коргоого ата-агаларынын соңунан кеткен.

Рысбек Чоң атабыз душмандар менен беттешүүдө катуу жарадар болуп, көпкө дарыланганы менен согушка кайра киргенге жараксыз деген медициналык комиссиянын чечими менен айылга кайтып келген.

Ата-бала аттанышты согушка,
Ага-ини баары толук согушта.
Ар-бири ажал менен арбашып,
Айбыгышпай асманынан ок учса.
Ата-Мекен жүрөгүндө эл-журту,
Ариети бута атуу согушса.

Кан майдан каргашалуу күйгөн жерим,
Кимден-ким алып жатат ички кегин.
Катуулап күндөн күнгө оору күчөп,
Кайра үйгө келбедиби Рысбегим.
Капилет он жетиде уулу Акмат,
Кокустан минага учту, чечпей белин.

Кең далылуу мырза жигит келишкен,
Көргөн жанды уулум болсо дегизген.
Карс-курс күлүп, мыйыгынан жылмайган,
Кең пейилдүү, кеңдиги-кең деңизден.
Кыраан жанга жашоо өмүр буйрубай,
Курман болду Акмат уулу немистен.

Кыз артынан кыздар утур төрөлүп,
Кыл чылбырлуу абам аса жөлөнүп.
Кырк чачы улуу кыздан секет болоюн,
Кыздар өсөт, арча бешик бөлөнүп.
Курбу-курдаш, теңтуштарга сыр бербей,
Кыз артынан уул күтөт көгөрүп.

Санаа тартат кудайына жалынып,
Сар-санаага басса-турса чалынып.
Саадат, Сыйна, Бурул, Бүбүайшалар,
Сүймөнчүк дейт эт-жүрөгү жарылып.
Салт боюнча коломтодон от өчпөй,
Самаган ал Сагынбегин сагынып.

Согушу башталганда төрөп эне,
Солкулдап соолуп барат курган дене.
"Сиз" деген, улуу-кичүү дос жарларын,
Сагынбек салабаттуу сыпаа эле.
Сар-санаа тарта билген ар-намыстуу,
Сагынбек көз алдымда бүгүн деле.

Урматтуу окурманым!

Сагынбек жөнүндө өзүнчө токтолоорбуз.

**Козубеков Дөөлөтбек** 1896-жылы туулган. Согуш оту тутанат деп жатканда 1940-жылы эле армияга алган экен. Согуш учурунда Украинанын Харьков шаарында кудайдын куттуу күнү немистер менен бетме-бет атышып турушкан. Агабыздын көзгө атаар мергендиги жөнүндө көргөн-билгендер көп-көп сөздөрдү айтышат.

Кантем деп узатууда согушка эрин,
Күлгүндөй бүлкүлдөгөн жаңы келин.
Кыраакы эстүү инсан кайраттан дейт,
Коргоого кетип жатып эли-жерин.
Көзгө атаар мерген эле кайран ага,
Канчасын талкалады Дөөлөтбегим.

## КОЗУБЕК УУЛУ ЖУМАГУЛ



Жумагул агабыз 1899-жылы төрөлгөн. Айылы Эркинсай өтө зээндүүлүгү илим-билимдүүлүгү менен өзгөчөлөнгөн. Совет өкмөт орногондо катчылык кызматта иштеп бай-манаптарды кулакка тартууда өтө активдүү аракеттене иштеген. Өкмөт менен партия билимдүү ишмер адамдарды республикабыздын перифериясына ар кандай оор иштерди уюштурууга тынымсыз жөнөтүп турган.

Алды менен Жумгал районунун сотунун төрагасы болуп көп жылдары эмгектенген. Кийин Ош областынын Чоңалай районун борбору Дароут коргон айылында мамлекеттик банктын башкаруучусу болуп иштеп жатканда каргашалуу согуш чыгып,

өз ыктыяры менен суранып жатып Ата Мекендик согушка барып мекенди коргогон эр азамат агаларыбыздын бири.

Батыш жактан согуш болуп үңүлүп,
Бечара эл соо калуудан түңүлүп.
Бомбалоодон баш-аягы табылбай,
Бурадарлар үйсүз-жайсыз бүлүнүп.
Басып кирип талкалашып таш-талкан,
Бейкутчулук келе жатты түрүлүп.

Ырылдап күч көрсөтүп кемпир-чалды,
Ыр ырдап кыз-кыркынга бүлүк салды.
Ымыркай бала көрсө бута атышып,
Ыркырап октор учуп, өрттөйт тамды.
Ырайым болбой элге бүлүк түшүп,
Ышталып тамдар түтөп, дөнгөч калды.

Гүл өңдүү адыр толо толкундаган,
Гүлгүндөй жап жаш убак солкулдаган.
Гитлер баштаган бул кандуу кыргын,
Гүл соолуп, кан акканын кантип танам.
Граммдап кан тамызып, жан талашкан,
Гооганы элестетсем тынбайт санаам.

Беш жыл катар чечип чечпей шинелин,
Белсенишип жашырбастан тилегин.
Бомба түшсө ботала чаң болушуп,
Бир кароодо тааныбайсың ирењин.
Бет жарылып колдон-буттан айрылган,
Буларды мен кеменгер деп билемин.

*8.05.03.*

Дараут айылы бүгүн да Чоң-Алай районунун борбору. Ош шаарынан 360 (үч жүз алтымыш) чакырым аралыкта. Чоң-Алай району республикабыздын бийик тоолуу райондорунун катарына кирет. Деңиз деңгээлинен 1600 метр бийиктикте, табигый шарты өтө татаал, жылдын жарымынан көбү кычыраган кыш болуп өтөт.

Чоң-Алай өрөөнүнүн түштүк жагын крыша мира деп атаган. Памир тоо кыркалары жатат. Көз алдыңызда Ленин чокусу (бийиктиги 7134 болгон). Областын борборунан өтө алыс болгондуктан, бул жерде жашоочуларынын жергиликтүү өздөрүнчө купуя сыры бардай. Бир нерсе сурасаңыз таңдайын такылдатып тили менен "шык" деп коюшат (бул деген эч нерсе көргөнүм жок, билгеним жок деген мааниде). Бүгүнкү республикабыздын мыйзам чыгаруу палатасынын спикери Абдыганы Эркебаев мырза мына ушул Чоң-Алай өрөөнүндөгү тейит уруусунан болуш керек.

Бул жогоруларга токтолуп отурганымдын негизи себеби. Чоң-Алай өрөөнүндө Совет өкмөтү жаңы калыптанып келе жаткан учур, болушу ыктымал. Совет бийлиги орносо да басмачылардын өтө күч алып колдон-буттан бийлик талашып турган убактары. Карапайым элдер толугу менен сабатсыз. Илимдүү, билимдүү адистер жокко эсе экендигине эч ким талаша албаса керек ошол учурларда.

Мына ушундай жерде агабыз Жумагул банкты уюштуруп анын башчысы болуп иштегендигине караганда, агабызда тубаса талант, акыл-эстүүлүк, ишти уюштура билген жөндөмдүү инсан экендигинен кабар берип турбайбы. Жогоруда басмачылар жөнүндө сөз козгогонумдун да жүйөөлүү себептери бар. Анткени ошол учурда Дароут айылында мектептин директору Ысык-Көлдөн мугалим болуп келген адам экен. Чү дегенде эле немистер Украина-Дон, Москвага жете келгенин угушуп, эми Совет өкмөтү кулайт, андан көрө бул жагын өзүбүз башкара берели деп жогорудагы мектептин директору (аты эсимде жок) жергиликтүү калкты уюштуруп, элүү-алтымыш атчан басмачыга башчы болгондугу жөнүндө куду бүгүн дале карылар арасында кеп боло калат. Бул басмачылар бийликти талашып жүрүп, акыры Совет өкмөтү неместик баскынчыларды чек арадан чыгара кууган-дан кийин гана жыйырма-отуз атчандар качып, Афганистанга өтүп кетишкен деп калышат.

Агабыз Жумагул мына ушундай жерде өкмөт менен партиянын тапшырган иштерин аткара иштеп жүрүп, бул фашисттерди түп-тамырынан бери талкаламайынча аны колдогон басмачылардан кутулбастыгыбызга көзү жетип, өз ыктыяры менен согуш комиссариатына арызданып жатып, армияга суранып кеткен тура.

Согуштун чексиз, тынымсыз күчөп турган учуру, агабыз Жумагул негизинен Беларус согушунда салгылашканынан кат-кабарлар тууган-дарга адегенде келип турчу экен.

Ата Мекендик согушта немистер менен кармашып жүрүп Жумагул агабыз да мекен үчүн кара жанын берип тынды. Ал согушка кеткен-де жаңы төрөлгөн Роза аттуу кызы жогорку билимдүү врач эмгек ардагери.

## ЖУМАГУЛ КЫЗЫ РОЗА



Роза Панфилов районундагы Эркинсай айылында төрөлгөн. Ата Мекендик согуш башталаарга 19 (он тогуз) күн калганда төрөлгөн деп калышат. Өзүңүздөр көргөндөй турмуштун оор күндөрүн башынан өткөрүүгө мажбур болду. Анткени согушка кеткен атасы ошол бойдон келбей калып, атанын эркелетүүсүн көрбөй калбадыбы. Айылдан он жылдыкты бүтүрүп медициналык институтуна өтүп, аны ийгиликтүү аяктаган.

Эмгек жолун республикабызда саламаттык сактоо тармагында талыкпай эмгектенүүдөн баштаган. Катардагы дарылоочу врач барабара такшалган жетекчи болгон. 1985-жылдан бери Бишкектеги ТЭЦке караштуу «Жылуу-Булак» аттуу санаториясында башкы врачы болуп үзүрлүү эмгектенүүдө. Республикабыздын саламаттык сактоо министрлигинин отличниги (1984).

Үй бүлөлү, өмүрлүк жары Байгутиев Сейитбек, илимдин кандидаты, доцент үч уулдун бактылуу ата-энелери.

Жеңишбеги «Толубай» банктын президенти, Нурбеги анын орун басары, Сейитбеги валюта бөлүмүнүн башчысы.

Каадалуу карап эгизден,
Келбети сонун келишкен.
Күлүңдөп турса көздөрү,
Ким болду «экен» — дегизген.
Көтөрүлсө кан басым,
Калыпка салаар периштең.

Тагдыры куруп тарлаган,
Талмасы кармап зарлаган.
Таалайы кууш канчанын,
Тамырын кармап талбаган.
Так койуп диагноздорун,
Таасирлүү дары арнаган.

Түйшөлө туруп таңында,
Түнү-күн элдин камында.
Тыпырап жатсаң жан далбас,
Тамырың кармап жанында.
Талбаган жүрөк «тик-так» деп,
Тамылжыйт таалай таңына.

Элибизде "эр тайын тартат" деп бекеринен айтпаган чыгар. Бул азамат жээндердин таятасы 1940-жылдары алыскы бийик тоолуу Чоң-Алай районунда банктын башчысы болуп иштеген деп эскерип өттүк. Кимдин оюна келиптир ортодон жарым кылым өткөндөн кийин неберелери өздөрүнчө банк ачып, үй-бүлөлөрү менен өздөрү тейлейт деп. Элибизде "аккан арыктан суу агат" деген ушул эмеспи.

Ылайым аман болуп, барга көппөй, жокко чөкпөй ишиңер илгерилей берсин жээндерим. Силердин таятаңар эли-жери, силер үчүн, биз үчүн курман болгону менен анын ишин силер улантып, үзүлгөндү үзбөй улап келесиңер, келе бергиле...

**Козубек уулу Жапак,** туугандардын үчүнчүсү Молдавиядагы согуштарда болгондугу жөнүндө кат-кабар келип, ошол бойдон дайынсыз болуптур.

# КОЗУБЕК УУЛУ ЖАПАРКУЛ



Жапаркул агабыз бир туугандар арасында кичүүсү болгону менен согуш иштери боюнча атайын окуп алган билими бар, деги эле өзү өтө сабаттуу, илим-билимдүү, жетекчи кызматтарда иштеген мырзалардан экен. Учурунда атайын Өкмөттүн жолдомосу менен Республикабызда колхоздоштуруу бүткөндөн кийин Ош облассттык партиялык комитетинде иштеген. Кийин «Отуза-дыр» каналы курула баштагандан баштап анын курулушун жетектеген жетекчилерден экендиги-нен кабарлар бар.

Ата Мекендик согуш башталганда Жапаркул аскердик билими бар офицерлик чини менен менин ордум согушта деп өз ыктыяры менен суранып жатып немецтик баскынчыларга каршы жоого аттангандыгын ата-туугандары кептешет.

Жүзү курусун жан сөгүлгөн согуштун,
Жүз көрүшө немис менен согуштуң.
Жан талашып, мекеним деп, элим деп,
Жаның үрөй мекенимди коруштуң.
Жараткандан миң бир эсе тилээрим,
Жүзү-курсун, жүзү-курсун согуштун.

Ажал менен тике карап арбашкан,
Аман калуу максатында кармашкан.
Ажыдаардай оозун ачкан шум ажал,
Агабызды аймап өттү жамбаштан.
Ата журт деп канын төгүп аянбай,
Ар бир жоокер жеңиш күнүн самашкан.

Колуна автоматын кармап алып,
Каршылаш каракчыга бүлүк салып.
Кыйласын чөп чапкандай жапырганда,
Кантейин ок жаңылды, эстен танып.
Кыйла күн эмканада Жапаркулум...
Катарга кайра келди көптө барып.
Кажыбас кайрат менен баатырларча,
Кармашта курман болгон таалай тарып.

*9[41] 9.05.03.*

**Биз ал кезде**

Көрбөгөнмүн көргүм келбейт согушту,
Каракчылар көр оокат деп согушту.
Канча-канча, эр азамат эл-журт деп,
Кыйып өмүр, мекендерин корушту.
Колдон-буттан ажырашып агалар,
Кыйла жылдар, кыйналууда оорушту.

Ал күндөрү жаңы гана төрөлүп,
Алааматты кайдан кантип көрөлүк.
Айылдагы алдуу-күчтүү бүт баары,
Алоолонгон согушуна жөнөлүп.
Ачарчылык көр оокаттын айынан,
Аңыздардан машак тердик көгөрүп.

Алчактатып атам атка өңөрүп,
Аны кайдан курган турмуш көрөлүк.
Айдоолорду күрөк менен күрөктөп,
Алдан тайып боз таштарды жөлөнүп.
Аңыз айдап, ат, өгүздү чү-чү-лөп,
Ал болбосо, төө жетелеп чөгөрүп.

Ошентип дүйнөнү дүңгүрөткөн, алоолонуп асманда от күйгөн алаамат согуш да 1945-жылы 9-майда жеңиш менен аяктады. Эл-журтубузда кубанычтуу маанай түзүлдү. Ошол жылдарда төрөлгөн наристелердин баарынын аттары уул болсо Жеңишбек, кыз болсо Жеңишкүл болгонун, алар бүгүн эл ортону элүүдөн алда качан ашып, алды ондон, арты бештен уул-кыздуу, керек болсо неберелүү болгондугуна баарыбыз күбө болуп эле жүрбөйбүзбү.

Козубектин тукумунан өзүңөр көргөндөй төрт уулу, бир небереси Рысбек, уулу Акмат согута болушуп, улуусу Рысбек чоң атабыз катуу жараат алып кайтып келген, калгандарынын баары согуштан каза болушту.

Согуштан кайтып келген чоң атабыз Рысбектин Сыйна, Бурул, Саадат, Бүбайша, Рахима, Урулка өңдүү кыздары Сагынбек аттуу уулу бар. Жашоодо өлүм улук, айла жок экен жашы кичүү болгону менен Саадат эжебиз каза болуп, артында уул-кыздары калды.

Эжелердин улуусу Сыйна өз эжебиз, өмүрлүк жары Ыбырайым жезде менен кол кармашып ынтымактуу жашоолорун өткөрүштү.

## РЫСБЕК КЫЗЫ СЫЙНА



Сыйна эжебиз 1918-жылы Панфилов районуна караштуу Эркинсай айылында төрөлгөн. Чоң атабыздын тун кызы. Ата-эненин таалим-тарбиясын алып бой тартат. Өмүрлүк жары Ыбырайым жезде менен баш кошот. Жездебиз өз учурундагы ишкер, активист, чыгаан кызматкерлерден болгон. Бүгүнкү Карабалтадагы кант заводунда узак-узак жылдары жооптуу кызматтарында эмгектенген.

Эже-жездебиздин тун уулу Турар мырза экономика илимдеринин доктору, академик, республикабызга эмгек сиңирген кызматкер. Эки жүз элүүдөн ашык илимий макалалардын, он бештен ашык китептердин автору. Экинчи уулу Талип болсо калеми курч орусча-кыргызча барабар жазган адабий, маданий кызматкери.

Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген кызматкери.

Тун кызы сексен сегиз жашка келди,
Тың эле эртели-кеч бууп белди.
Турары — экономист-академик,
Талиби сүрөттөөдө жазат элди.
Табигат тартынбастан Сыйна эжеге,
Тартуулап кең-кесири пейил берди.

## РЫСБЕКОВА БУРУЛ



Рысбекова Бурул 1921-жылы төрөлгөн. 1940-жылы Фрунзедеги педтехникумду бүткөн. Кийинчерээк университетти бүтүргөн. 1940—41-жылдары Ош областынын тоолуу Кара-Кулжа районуна караштуу Тельман колхозунда мугалим, 1941—1949-жылдары өзү туулуп-өскөн Эркин-Сай орто мектебинде завуч (окуу бөлүмүнүн башчысы), андан кийин Сай-Арык башталгыч мектебинин директору болуп иштеди.

1950—1960-жылдары борборубуздагы №5 кыргыз орто мектебинде мугалим, 1960—1978-жылдары Кыргызстан педагогика илим-изилдөө институтунда ага илимий кызматкер болуп иштеп жүрүп, кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү коргоду. 1961-жылы С.Турусбеков менен бирдикте "Алиппе" китебин чыгарышты, ал 35 (отуз беш) жылга чейин 1996-ж колдонулду.1977-жылы бул окуу куралы Москвада эл чарба көргөзмөсүнүн коло медалына татыктуу

болуп, акчалай да сыйлык ыйгарылды. 1962-жылы башталгыч класстар үчүн "Таза жазуу" китебин авторлор менен бирдикте чыгарды. Кыргыз тилин окутуунун,методикасы, башталгыч класстарда зат атоочту окутуунун методикасы аттуу китептери жарык көрдү. Ошондой эле башталгыч класстарда арифметиканы окутуунун методикасы, 1984-жылы алты жашта окуй турган балдар үчүн "жаңы Алиппе" окуу китебин, Алиппени окутуунун методикалык көрсөтмөлөрүн, "Сабат ачуу" таблицасын К.Сартбаев менен бирдикте түзгөн.

1997-жылдан бери Бурул эженин Алиппе китебин Өзбекстанда жашаган кыргыздар Ташкентте чыгарышып окуп жатышат. Эжебиз бардыгы 25 (жыйырма беш) жакын ар кандай китептердин автору, болжол менен жүз (100) басма табак көлөмүндө.

Иштеген иши бааланып, Бурул эжебиз төмөндөгү сыйлыктар менен сыйланды: 1946—1970-жылдары эмгектеги каармандыгы медалы, 1960-жылы эмгек Кызыл Туу ордени менен сыйланса, 1964-жылдан бери Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими деген ардактуу наамга татыган. 1978-жылы персоналдык пенсия чегерилди. Эжебиздин өмүрлүк жары Жумалиев Рысбек менен үч уул, эки кызы бар.

Айттырбай билип дилиңди,
Арилтен берип билимди.
Ар кимге тилеп жакшылык,
Ак ниеттиги билинди.

Кытмырга көңүл бурулбай,
Кыйдыга нээти курулбай.
Кут конгон Бурул эжебиз,
Күлүңдөп күндүн нурундай.

Алиппе китебинин автору. Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими Рысбекова Бурул эженин жаркынэлесине.

Өрттөнөбүз, өкүрөбүз, жоктолуу,
Өкүнүчтүү бул табихат токтому.
Өзгөлөргө-өздөй мээрим төкчү элең...
Өчтү карек, көрөөр күнү токтоду.
Өкүм сүрүп "А" дан арип үйрөткөн,
Өмүр түгөп, жок Алиппе автору.

*10$^{24}$ 1.( 6.02.*

Эжебизди акыркы сапарына узаттык.

Улуу уулу **Жумалиев Сейитбек** тарых илими боюнча кандидаттыгын ийгиликтүү коргоп, казыр докторлугунун үстүндө эмгектенүүдө. Кызматы республикалык архив иштери боюнча департаментинин директору. Өмүрлүк жары Асанова Айсалкын экономика илимдеринин доктору. Университеттин экономика факультетинин деканы. Миңдеген студенттерге таалим тарбия, билим ширетет.

Ал эми кенже Уулу **Эмил** университеттин география факультетинде декандын орун басары. Кызы **Айгүл** педагогика боюнча илим изилдөө институтунда илимий кызматкер. Экөө тең илимий иштерин коргоонун алдында.

Бурул эженин улуу келини Айсалкын жөнүндө кыска маалымат менен таанышыңыз.

## АСАНОВА АЙСАЛКЫН

Айсалкын айым 1945-жылы Ысыккөл областы Жетиөгүз району-на караштуу Тамга айылында төрөлгөн. Онду бүткөндөн кийин Москвадагы жеңил өнөр жайы боюнча технологиялык институтту 1967-жылы бүтүрүп, Москвадагы Г.В.Плеханов атындагы эл чарба институтунда аспирантурада окуган.

Эмгек жолун Кыргыз Мамлекеттик Улуттук университетинде катардагы окутуучулуктан баштаган, доцент кафедра башчысы, экономика жана менеджмент факультетинин деканы, 1999-жылдан баштап университетте Менеджмент жана бизнес борборунун директору.

Экономика, бизнес жана финансы тармагы боюнча — адис. 1999-жылдан баштап социалдык-педагогика тармагы боюнча Россия илимдер Академиясынын Академиги.

СССР медалы менен сыйланган. Айсалкындын калеминен токсондон ашык илимий эмгектер жазылган, алардын катарында төрт монография.

Жакшы ой максат дилинде,
Жаштарды үндөп билимге.
Жүрөктөн чыккан тарбия,
Жүйөөлүү сөзүң тилиңде.
Жашоого тирек болуучу,
Жылоосу ошо билимде.

Окуттуң утур жаштарды,
Орошон ишти башкарды.
Осуят кебин көп айтып,
Олутту иштер ашталды.
Окусун билим алсын деп,
Ооз тийбей, ооба аш калды.

Мээримин төккөн тилинен,
Мээнетин төккөн дилинен.
Максаты, эли — кыргызы,
Мээнеткеч адам билинген.
Мажирөө улан билимге,
Менсине аста тирилген.

*6²⁷ 9.04.02.*



## РЫСБЕКОВА БҮБАЙША

Бүбайша эжебиз 1932-жылы жадыраган май айында Панфилов районунун Эркинсай айылында төрөлгөн. Ачыгын айтсак айылдан бай-манаптар кулакка тартылып алыскы Украинага айдалып колхоздоштуруунун кызуу жүрүп жаткан учуруна эжебиздин балалыгы туш болот. Мектепке барган учурунда тиги батыштан немистер кол салышып согуш башталып айыл ападагы алдуу, күчтүү эр азаматтар толугу менен Ата-Мекенди коргоого кетишет. Ошентип эжебиздин балалыгы өтө оор мезгилдерге туш болгонун өзүңүздөр көрүп турасыздар. Айылдан окууну бүтүрүп кийин педагогикалык окуу жайын бүтүрөт.

Эмгек жолун Ош областынын Кара-Суу районунун Төлөйкөн совхозундагы мектепте мугалим болуп, жаш муундарга билим берүүдөн баштаган.

Эл агартуунун отличниги болду. Эжебиз жаш өспүрүм муундарга эне тилдин маанисин түшүндүрүүгө далалалтын жасап, тынымсыз аракеттенди.

Калкыма берээр билим,
Каалярым эне тилим.
Тактыкка үндөө кылган,
Таалайым эне тилим.
Биримдик максатында,
Бактым бул эне тилим — деп окуучуларды үндөдү.

Бүгүнкү күндө эжебиз бактылуу карылыктын доорун сүрүп ардактуу эс алууда.

Кыргыз республикасынын Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын лауреаты акын, ветеринардык врач Жолон Мамытов да эжебиздин колунан алгачкы билим алган окуучуларынан болуп эсептелинет. Эжебиздин уулдары Алмаз, Дамирлер кыздары Гүлнара Гүлжан өз алдыларынча түтүн булатып очор-бачар болушуп неберелеринин кубанычы болуп төрдүн куту.

Катмарлашып ойлор жатат сырында,
Келди эжем жетимиштин кырына.
Кээ-кээлерде небереге үн созот...
Кереметтүү сөздөрү бар ырында.
Кимдер айтат жетимишке чыкты деп,
Кырктан эми өткөн ырас сынында.

Ууч узарып, турмуш куруп четинен,
Уул кыздары «чынар» терек жетилген.
Улууга урмат, кичүүгө сый көрсөтүп...
Утур улам тамыр жайып бекиген.
Уул-кыздардан неберелер сүйө бер...
Уулдун-уулун, кыздын-кызын бетинен.

Таалим менен тарбиялап жаштарды,
Түштүгүмдө түнөргөн көп жаш калды.
Түйшүктөнө сабаттуулук жолуна,
Тынымы жок, иштерди көп башкарды.
Тынчы кете илим-билим алса деп,
Түштөнүүдө даяр бышкан аш калды.

*30.04.02.*

## РЫСБЕКОВА РАХИМА



Рахима эжебиз Панфилов районуна караштуу Эркинсай айылында 1936-жылы төрөлгөн. Айылдан он жылдыкты бүтүрүп келип Фрунзе шаарындагы кыз-келиндер институтунун орус тили боюнча факультетине өтүп аны ийгиликтүү аяктаган.

Биз билгенден эле Панфилов айылындагы мектеп интернатында өмүр бою орус тил мугалими болуп үзүрлүү эмгектенген инсан. Эмгеги текке кеткен жок республикабыздын элге билим берүү боюнча отличниги, Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими (1983 ж.) Бүгүнкү күндө ардактуу персоналдык пенсияда.

Арбоодо дайым өзгөнү,
Адилге үндөп көздөрү.
Арнады илим-билимин,
Агылып акыл сөздөрү.
Ак ниеттүү кең пейил,
Ага-ини ичи өзгөрүү.

Айттырбай сезип дилиңди,
Аңдоодон билип тилиңди.
Ар кимге каалап жакшылык,
Ар дайым берди билимди.
Ак эткенден, так этип,
Ак ниеттиги билинди.

Кыйдыга ниети курулбай,
Кытмырга көңүл бурулбай.
Кыргызга сиңди эмгеги,
Кара ниетке урунбай.
Кут конгон биздин эжебиз,
Күлгөнү күндүн нурундай.

Мартаба, максат ириден,
Мээримин үрөөр дилинен.
Мен дебей мекен дегдеген,
Мугалим орус тилинен.
Мээримдүү адам жаралат,
Миңдеген адам биринен.

*5.12.03.*



## РЫСБЕК КЫЗЫ УРУЛКА

Рысбекова Урулка 1939-жылы Панфилов районунун Эркинсай айылында төрөлгөн. Он жылдыкты эң жакшы деген баалар менен аяктагандан кийин Фрунзе шаарындагы кыз келиндер педагогикалык институнун физика-математика факультетине өтүп окуган. Андан кийин Жеңил өнөр жайы боюнча техникумду, кийин университетти бүткөн. Шаарыбыздагы Октябрдын 40-жылдыгы фабрикасында мастерлик кызматта көп жылдары эмгектенип өкмөттүк сыйлыктарга арзыды.

Урулка кесиби боюнча текстилщик, Бишкек шаардык кеңештин депутаты, катары борбор шаарыбызда эмгектенген миңдеген-миңдеген эмгекчилердин көйгөйлүү маселелерин, суроо-талаптарын депутаттардын талкууларына коюуп, алардын натыйжалуу чечилишине дайыма аракеттенген демилгелүү депутаттардан болгон. Алдынкы чыгаан кызматкерден болуп жүрүп ардактуу эс алууга чыкты

Ойуп чийсе каалагандай кыналган,
Ойдогусун көксөөсүндөй тигалган.
Окуп бүткөн текстилщик эжебиз,
Оор басырык сабыр туткан биларман.

Октябрдын кырк жылдыгын мекендеп,
Шаар кеңеште депутат ал сыналган.

Жумушчунун чече билип тагдырын,
Жумуш үчүн жыйнаштырып бардыгын.
Жылдык ишти жыйынтыктуу бүтүрүп,
Жеңүүчүдөн мелдештерин ар кылын.
Жанын үрөп мекен үчүн аянбас,
Жашырбаган жүрөктөгү ак сырын.

*9[19] 2.02.04*

## РЫСБЕК УУЛУ САГЫНБЕК



Сагынбек 1941-жылы Панфилов районунун Эркинсай айылында төрөлгөн. Он жылдыкты бүткөн соң айдоочулардын алты айлык курсун бүтүрүп, өз кесиби боюнча эмгектенүүсүн баштаган.

Рысбек атабыздын улуу уулу Акматы Ата Мекендик согушта баатырларча курман болду он жети жашында. Бул алаамат согушта атабыз бир боорлору Дөөлөтбек, Жумагул, Жапаркул жана Жапактардан да айрылды. Согуштан кийин Сагынбектин да жалындуу жашоосу жыйырма жети жашында кокустан токтоду. Тун уулу Азиздин тили чыгып аталап чуркап жүрүп атасынын түбөлүк келбес сапарга кеткенин билип билбей кала берди.

Сагынбектин көзү өткөнү менен аркасында Азизи калды. Өлбөстүк үрөнүн себип кеткен экен, арадан үч-төрт ай өткөндөн кийин өмүрлүк жары Анара, Белек аттуу наристени төрөп берди.

Аттиң-аттиң арманы көп дүнүйө,
Айрымдары арманы жок сүйүнө.
Ай-ааламга колду сунат алам деп,
Албууттана так текедей түйүлө.
Аалам мүмкүн ошон үчүн кызыктыр,
Аттиңи бар, алкоосу бар сүйүүгө.

Уулдардын урматына бөлөнбөй,
Уулдарың жээ эртерээк төрөлбөй.
Уккан кулак, көргөн көздөр сүйүнсүн...
Уулдарың өзүнчө эле төрөдөй.
Урмат-сыйын көралбадың балдардын,
Уул колунан рахатка бөлөнбөй.

Ууч кур эмес, уулдан уул төрөлүп,
Умай эне колдой бешик бөлөнүп.
Умсунамын Теңир ыраа көрбөдү,
Уулдун уулун, алдыңа бир өңөрүп.
Урмат менен арбагыңа таазимде,
Урук-тууган чөмүч майга чөң-өрүп.

*20.01.04.*

## САГЫНБЕК УУЛУ АЗИЗ



Азиз мырза 1964-жылы 21-февраль күнү Бишкек шаарында төрөлгөн. Азиздин атасы Эркин-Сай айылында туулуп-өскөн. Шум ажал атасы Сагынбекти алгандан кийин Азиздин балалык мезгили эжесинин Бүбайша эне колунда өтөт. Кара-Балта шаарындагы Макаренко атындагы мектеп интернатында таалим-тарбия алып он жылдыкты аяктаган. Жашы жеткен күндөн баштап Советтик армиянын курамында кызматын өтөп келет.

Эмгек жолун автомобиль транспорт тармагында эмгектенүүдөн баштаган. Албетте турмуштун ысык-суук ачуу-таттуу калчоолорунан четте калган жок. Ар кандай чарбада тармакта, иштерде иштөөгө туура келди.

Акыркы жылдары Япон өкүлчүлүгү менен иштешүүдө. Албетте Азиз бирдей эле учурда жогорку окуу жайында сыртта окуусун улантууда.

Үй бүлөлү, өмүрлүк жары Анара экөөнүн Аида, Айдана аттуу кыздардын бактылуу ата-энелери.

Бири калбай өтөрлүгүн сезгиниң,
Балалык кез, баштан өткөн мезгилиң.
Бул жашоодо бүгүнүң бар, эртең жок,
Баркташуучу, баалашуучу кез бүгүн.
Боор тартып ага-ини тууганга,
Билерманы болгун учур мезгилдин.

Умтулуп уулуу дарттын күч алганы,
Улутунуп уул чайын ичалбады.
Ушундай болот тура тагдыр деген.
Умсунуу ким төгүн дейт бул жалганды,
Уулунун уулун көрсө болбос беле?
Ушунда бул жашоонун бүт арманы.

Атанын эрке уулу болоалбадың,
Алпештүү сый-урматка толалбадың.
Аттиң ов тагдыр деген ушул тура,
Аталап бүт дилиңди ага арнадың.
Ардакта, алпештегин ар дайыма,
Анарың түбөлүктүү алган жарың.

*10[11] 22.11.02.*

## САГЫНБЕК УУЛУ БЕЛЕК



Белек мырза 1968-жылы 18-октябрда Фрунзе шаарында төрөлгөн. Белек деп аты эле айтып тургандай ал атасынан аманат калып төрөлөт. Атасы Сагынбектин жүрөгүнүн оорусу кокус кармап айылдан каза болуп, уулу Белегин көрө албай арманда кетти.

Ай ааламды алаканда сураган,
Аракет күч үзүлгөңдү улаган.
Ал апаке — Анарадай элимде,
Аттиң дебей тамчы жашы кулаган.
Адамзатты тукум курут кылбаган,
Ардактайлы ал "периште" — эр адам.

Белек төрөлгөнү энеси Анаранын тарбиясында чоңойуп бой жетти. Анара колунан келгенин толугу менен уулу Белегин кор кылбайын деп жанын үрөп багып таалим-тарбиясын берди. Белек 1976-жылы мектепке окууга барып 1986-жылы он жылдыкты аяктады. Ошол эле жылы Улуттук университеттин физика-техникалык факультетине өтөт. Окуп жүргөндө Советтик армиянын курамына кетет. Армиялык кызматын Россиянын Ярослав областында кийин Космодром «Байканурда» өткөрөт. Армиядан келип окуусун улантып аны бүтүрөт.

Эмгек жолун Улуттук университетте физика сабагынан сабак берип окутуучу болуп иштей баштайт, кийин инжинер, лабораториянын башчысы, 1998—2000-жылдары коммерциялык банкта катардагы адистен баштап бөлүм башчысы болуп эмгектенген. Акыркы жылдары республикабызды кредиттик союзунда көзөмөлдөө бөлүмүнүн жетекчиси болуп эмгектенүүдө.

Өзгөчө белгилей кете турган нерсе Белек 1995—97-жылдары Улуттук университетинде «экономика жана менеджмент» бөлүмүнүндө окуп экинчи жолу жогорку билимге ээ болуп отурат.

Үй бүлөлү өмүрлүк жары Жанна адистиги педагог, Университетте аспирантурада, уулу Руслан 1997-жылы төрөлгөн.



Белдеги Белек мырза кичүү уулубуз,
Барабар кубанычта зор туулубуз.
Белегим Русландай уулду болуп,
Биздеги кайгыларды бүт куудуңуз.
«Бүл-бүлдө» улап келет Алла таалам,
Бир нерсе бүтө бербес буйругуңсуз.

Бурадар буйругудур өлгөн шордуу,
Белегим зыңгыраган мырза болду.
Билген бар, билбеген бар эл арасы,
Биз билген Сагынбектин орду толду.
Булаган очогунда оту жалын,..
Билимдүү, кичи пейил сыйлаар зорду.

*18.09.01.*

Рысбеков Белек Сагынбекович. Рысбек чоң атабыз, Сагынбек инибиз өлгөн жок, тукум уланып келе жатат. Эртеңки Козубек тукумун улоочубуз Руслан мырза эмеспи.

**Козубектин кызы Зейнеп эжебиз.** Зейнеп эже 1900-жылы төрөлүп 2000-жылы 13-январда каза болдуу. 101 жашка чыкты делип жаназасы окулуп 15-январь 2000-жылы кара жерге берилди. Зейнеп эжебиздин Сатыбалды (Саты) Анварбек деген уулдары, Турду (Тамар) аттуу кызы калды.

Улуу уулу Сатыбалды философия боюнча илимдин кандидаты, Тилек, Каныбек, Санжар, Сардарбек, Айгерим аттуу кызы бар. Өзү ардактуу эс алууда.

Анварбеги болсо өмүрлүк жары Закен Жүзбаевна менен баш кошкондон бери Аскар, Данияр, Марат деген уулу, Айдай аттуу кыздуу болушту. Неберелери Султан, Рустам, Азис, Камиля менен балалуу үй базар дегендей, музыкалык тил менен айтканда "дуети", "триосу", "квартет", "дирижер" да өздөрүндө.

Зейнеп эженин тун уулу жөнүндө кыскача баяндама менен таанышыңыз.

# МАМБЕТАЛИЕВ САТЫБАЛДЫ



Сатыбалды агабыз Панфилов районундагы Эркинсай айылында төрөлгөн. Айылдагы жогорку окуу жайына талпынган алгачкы атуулдардын катарына кирет. Фрунзеге келип университеттин тарых факультетин бүтүргөн.

Өз адистиги боюнча, журналист катары да көптөгөн кызматтарда эмгектенди. Коммунистик партиянын тарых институтунда Кыргыз республикасынын Илимдер Академиясында жемиштүү иштерди жүргүздү.

Атеизим боюнча республикабызда иликтөө иштерин жүргүзүп философия боюнча илимдин кандидаттыгын ийгиликтүү коргоду. Бүгүнкү күндө ардактуу эс алууда.

Үй бүлөлү, өмүрлүк жары менен төрт уул бир кыздын бактылуу ата-энелери.

Таттың турмуш татымсыз сыноолорун,
Тагдырыңа туш болгон тумоолорун.
Таңдан кечке билим деп, алп урушуп,
Таймашууда таалайың кылоолодуң.
Таза жүрүп, так иштеп мекениңе,
Тарбияңды жаш муунга уроолодуң.

Оор жылдар жашоодо өтүп жатты,
Орошондуу оордугун ооба, татты.
Ойдогудай балдарың бой тирешип,
Обдулуша билимге сүңгүп башты.
Ойлогон ой максаттар ишке аша...
Ойноп-күлүү, жашоосу болсун шаттуу.

Сарсанаага белчеден батып алды,
Саргайса да билимди татып алды.
Сар эсебин жүргүзүп жарым кылым,
Санап бирден ирээттеп жатып алды.
Сан миңдеген китепти котордуңуз,
Саясатсыз агабыз — Сатыбалды.

*$8^{54}$ 19.11.03.*

# АТАКЕ УУЛУ АКЖОЛТОЙ



Атаке атанын Акжолтой жана Акмолтой аттуу эки уулу болгон. Акмолтой неместик баскынчылардан Ата Мекенди коргоо үчүн барып, айыгышкан кармашта кайра кайтпай калганы өкүнүчтүү болду.

Ал эми агасы Акжолтой болсо өз заманынын илим-билимдүү инсандарынан болгон. Жаштайынан колхоздун ар кандай иштерине аралашып катардагы эсепчи (табелчи) бригадир, ферма, башкарманын орун басары анан Эркин-Сай колхозунун башкармасы болуп узак жылдар бою үзүрлүү эмгектенди. Колхоздун мал чарбасы, талаачылыгы барабар өсүп-өнүгүшүнө өбөлгө түздү. Натыйжада айыл чарба малдарынын асылдуулугу жогорулап, талаага эгилген эгиндердин түшүмдүүлүгү кескин жогорулап колхоздун экономикасы көтөрүлдү.

Акжолтой агабыздан Ысак, Узак, Аскар, Муктар жана Нуркаш аттуу уулдары бар. Бардыгы өз алдынча үйлүү жайлуу болуп түтүнүн булатып очор-бачар болушуп жашоолорун өткөрүшүүдө. Уулу Узак мырзага эки-үч жолу агабыз жөнүндө маалыматтарды сурап, жоопсуз калганыбыз өкүнүчтүү болуп отурат Акжолтой агабыздын кыздар-балдарынын ар бири жөнүндө өзүнчө маалыматы болгондо жазсак түзүк болот эле, ал тилек орундалбай өкүттө калдык.

Калк камында канатыңды кагасың,
Калк кадырлаар ишиң менен жагасың.
Кереметтүү кең мекенге арнаган,
Касиеттүү пейили кең агамсың.
Күнү-түнү элиң үчүн иштедиң,
Кагылайын айталбасмын сага сын.

Кыз-кыркының, уул-келиниң айылда,
Короо-жайың тегиз өз жайында.
Кары-картаң баары кетип Төрткүлгө,..
Көз алдыда жүргөн жериң дайыма.
Кечегүнкү жаштар бүгүн карылар,
Койун айдап айыл орто сайында.

*13[31] 18.10.04.*




сүрөө №35 (52)

## ШЫРДАКОВ СААДАК



Саадак агабыз 1911-жылы Панфилов районунун Эркинсай айылында төрөлгөн.

Өзүңүздөргө белгилүү 1917-жылы 7-ноябрда, (25-октябрда) Совет өкмөтү орногону баарыбызга белгилүү. Бирок бул бийлик бардык жерде эле бир күндө орноп калган жок, ал акырын-акырындык менен үч-беш жылга созулду. Алсак Кыргызстандын эле тарыхында Совет бийлиги биринчи жолу ноябрь айында биринчи Сүлүктү

шаарында, андан кийин Таласта, декабрь айында Жалал-Абадда, 1918-жылы январь айында Ошто, февраль айында Бишкекте, апрелде Нарында, майда Караколдо орнободубу. Ошентип Совет өкмөтү Кыргызстандын бүтүндөй булуң-бурчтарына кеңири кулачын жайды. Мурдагы бай-манаптардын ордуна, айыл-айылдарда жергиликтүү советтер уюштурулуп, бийликти колго алышты. Ошондуктан болуш керек, эл арасындагы "сельсовет билеби же сен билесиңби" деген макал сөздөрдүн айтылышы.

Айбөбөк энебиздин урпактарынан Шатендин Шырдагынын уулу Саадак мырза мезгилинде айылдык советтин председатели болуп иштеп, Совет өкмөтүнүн өнүгүп-өсүшүнө өзүнүн бараандуу салымын кошкон азаматтардын бири десек жаңылышпайбыз.

**Саадак** агабызды мен көрүп калдым, узун бойлуу, жүзүнөн нуру жайылган жылдыздуу мырза эле. Ар дайым сүйлөгөндө ууртунан болор-болбос жылмаюусу өзүнө бир сырдуу касиетти берип, анын сабырына сабыр, аброюна аброй кошуп тураар эле...

Айыл-апада эл кадырына ээ болгон, токтоо болгон. Айыл тургундарынын көптөгөн маселелери ушул селолук советте эле чечилип туруучу.

Мына арадан кылымга тете убакыт өткөндөн кийин турмуштун ачуу чындыгы кайра кайталанып, республикабызда бийлик жергиликтүү айыл өкмөттөрүнө ыйгарылган. Президентибиздин, өкмөтүбүздүн үстөккө-босток иш кагаздары, указдары чыгып жатпайбы. Албетте бийлик айыл өкмөттөрүнө өтсө, ар ким өз арабасын өзү тартып, элинин жыргалчынынын камын көрсүн. Айрыкча айыл өкмөтүнүн башчысын эл жашыруун добуш менен альтернативдик түрдө шайлап алышы өтө маанилүү болуп жатпайбы. Анткени элдин көзү тараза дегендей, эл өздөрүнө жаманчылыкты каалабайт. Ортодогу мүлктү талаптонотпойт. Болбосо мурда башкарманы сырттан райком, райисполком дайындап, ал калктын мүлкүн ичип-жеп, машина алып, там салып, анан куйругун түйүп кетип калгандарын бирден санасак болот, бүтүн республика боюнча.

Өзүңүздөргө белгилүү жергиликтүү айылдык кеңештер, жергиликтүү салыктарды чогултуп өздөрүнүн бюджетин түзүшөт, келечекте мектеп, саламаттык сактоо, маданият, социалдык абалды оңдоо бардыгы өздөрүнүн колунда болуп жатпайбы. Демек жашагың келсе жанталашасың да, бул турмуштун шарты, агымы, багыты.

Мезгилинде Эркин-Сай селолук советинин төрагасы болгон Саадак агабыз көптөгөн жылдары эл мүдөөсүн канааттандырып, абийирлүү эмгектенгенин эртели-кеч эл арасында бүгүнкү күнү дале кээде-кээде сөз боло калып жүрөт.

Айыл ичи агаиниге көз салган,
Акыл айта көп иштерди башкарган.
Акыйкатчы кара калды как жараар,
Аны ээрчиген жүргөндөр көп жаштардан.

Анча жылдар өтсө дагы арадан,
Арбою али күнчө таш жарган.

Ачык көңүл көтөрүлүп делебе,
Алтымыштан ашыгыраак небере.
Арада ал иштебес иш калбады,
Айыл кеңеш башкаралды көп эле.
Ачык айрым, ал көңүл мырзалардан,
Акыл менен жетектегин дээр эле.

Абийирди жаштайынан сактаган,
Ар бир ишти алдын ала тактаган.
Ага-ини арасында кадырлуу,
Алгылыктуу ишти дайым жактаган.
Аттиңи жок ал жашоосун өткөргөн,
Агам менен сыймыктанам мактанам.

Агабыз өмүрлүк жары Жума жеңебиз менен баш кошуп Калбүбү (Какен) Сонунбүбү, Мира, Уулкан жана Өлмөскан аттуу кыздарлуу, ошондой эле Замирбек, Темирбек аттуу уулдарлуу болушкан. Балдар-кыздардын баары үй-бүлөлүү жогорку билимдүү. Бүгүнкү күндө алардан 30 (отуз) небере, 28 (жыйырма сегиз) чеберелүү. Бир армандуу нерсе ушулардын кубанычын көрүп-көрбөй көз жумушту.

* * *

Асан анын уулу Каратай, Каратайдан Шатен, Шатенден Аттокур, Аттокурдан Ысак, Карыке деген уулдары, Карыкеден, Адылбек, Сүйөрбек деген балдары калган. Адылбектен Турат, Аман, Уланы бар. Ал эми Сүйөрбектен болсо Марс, Бакыт.

## ШАТЕНДИН УУЛУ АБДЫРАХМАН

Абдырахман чоң атабыз алп денелүү, алдуу-күчтүү, акыл-эстүү, бакылдап сүйлөгөн инсан эле. Балким анын бакылдап сүйлөшүнө турмуштун агымы түрткү болуп жүрөбөсүн. Андай дегенимдин да жүйөөлүү себеби бар. Учурунда эл башчысы, журт башчысын шайлоо жүрүп калат. Албетте андай башчылыкка элдин жашоо-шартын жакшы билген, улууну урматтаган, кичүүнү сыйлаган айкөл акылман адам болуш керек. Ошондой бийликке ат салышууда Абдырахман чоң атабыз өзүнүн сөзмөрлүгү, көсөмдүгү, акылдуулугу менен атаандаштарын шайлоодо жеңип чыккан тура.

Өзүмдүн апам Бешбайдын кызы Ажар 1911-жылы төрөлгөн. Бүгүн 5 апрель 2001-жылы токсон жашка толуп, токсон бир жаштын насибинин даамын ооз тийүүдө. Акылы тунук, ичкен-жегени түзүк, төрүбүздүн

куту. Биз бала кезде алардын керилген келин кезеги болсо керек. Айылдагы чоң аталарды "өтүкчү аке", "май тарткан аке", "шайламыш аке", "мурап аке", "мүнүшкөр аке" ж.б. у.с. деп тергегендери аргасыздан эске келип отурат, анткени апам Абдырахман чоң атаны "шайламыш аке" деп тергөөчү. Мына өзү эле айылда болушка шайлоо жүргөндө, көпчүлүк эл Абдырахман чоң атаны болуштукка басымдуу добуш менен шайлап алышкан экен. Ошондон баштап чоң атабызды келиндери "шайламыш аке" деп тергеп калышкан тура.



## АБДЫМАЛИК

Абдырахман чоң атабыздын уулу Абдымалик учурунда активист, комсомолдун мүчөсү экен. Өз заманында коллективизацияга баш оту менен берилип, жанын үрөп иштеп жүрүп кокустан ооруп, ошол мезгилде атагы таш жарган "Кой-Сары" курортуна дарыланганы кетип, ошол жерден каза болуптур.

Айылдан алгачкыдан билген арип,
Активист саламыңды алаар алик.
Ата Журт камы үчүн жан үрөгөн,
Абдырахман атадан Абдымалик.

Алаарын ал турмуштан алалбады,
Акыйкат жолдоруна салалбады.
Аңдыган ажал шумшук түпкө жетип,
Атадан туяк болуп калалбады.

Ажал таап Абдымалик кыздар калды ,
Адамзат, өлбөстүк бар турмуштанды.
Азамат уул-кыздар бинаа болуп,
А бүгүн өзүнчө шаар турмуштары.

Аликеден Эсенкелди, Адамаалы,
Ажы, Рая, Нурлан мунун баары.
Айбек, Айзек, Марлен, Сатар болуп,
Арбын эле жээндер дагы-дагы...

Абдырахман атабыздын: Турсун, Бурулча, Нурийли, Ыран, Жамыйла, Кенжекан аттуу кыздарынын баары турмушка чыгышып, үй-жай күтүшүп, бала-чака, неберелүү болушуп, ар бири өзүнчө эле шаар болуп укум-тукуму уланууда.

Жамийла эжебиз Эркин-Сайдан алгачкылардан болуп Фрунзе шаарында жашап калды. Өмүрлүк жары жездебиз Республикабызга аттын кашкасындай таанылган залкар комузчу Асылбек Эшмамбетов эмес беле. Улуу кызы Разия (Рая) уулдары Нурлан, Руслан республикабыздын белдүү кызматкерлери. Нурлан экономика илиминин доктору, профессор, Жогорку Кеңештин кеңешчиси болуп эмгектенет. Мыйзам чыгаруу палатасында.

## БОКОЙ УУЛУ АБДЫСАТАР



Асан, Асандан Каратай, андан Шатен, Шатенден **Бокой**, Бокой чоң атабыздан Абдысатар, Абдылда, Калман, Шаршен деген уулдары бар. Абдысатар агабыз сабатсыздыгы жоюлган, учурунда мектепте жаш муундарды тарбиялап, билим берген мугалим экен. Ата Мекендик согушка кетип, фашисттерге каршы өз эли-жерин коргоп баатырларча курман болуптур. Ооба андан тукум калбады.

Беттешип жоолор келээр катар-катар,
Боз түтүн уйгу-туйгу таңдар атаар.
Беларус фронтунда согушууда...
Белди бууп солдат жүрөт көзгө атар.
Билгизбей бир нечесин жайлап салды,
Бокойдун уулу мырза Абдысатар.

Бокой уулу Абдылда. Абдылдадан Алибек, Шекербек, Алибектен Тариел, Талантбек, Бокой уулу Калмандан Жолдошбек, Бокой уулу Шаршенден Санжарбек, Кылыч.

Бокой чоң атабыздын кыздары: Уулбүбү, Зуура, Сейдим, Нурлан. Баардыгы турмуштанып үй-жай, бала-бакыралары менен. Уулбүбү эжебиз “баатыр эне” деген ардактуу наамдын ээси.

Акын Асан Адигинеевдин калеминен 1937-жылдары жазылган «Эсен бол» деген ыр саптарына композитор Жумамудин Шералиев обон жаратып арадан 70—80-жыл өтсө дам күнү бүгүнкүндөй жаштар арасында ырдалып жүргөн ыр, акын тарабынан өмүрлүк жары Уулбүбү эжебизге арналган ашыктык ыры .

сүрөө №36 (123)


Жайыл
Асан
Жаныбек
Ногой
Алгожо
Кожокмат
Байсак
Жокиш
Акылбек
Кубат
Тынаалы
Медет
Жусуп
Кудаярбек
Абдыкалык
Жекшен
Шейшен
Калыбек
Жыргалбек
Дүйшөн
Иса
Абыш
Бейшеке
Мамыке
Адыл
Чынгыш
Нарбото
Жамалбек
Шайырбек
Муратбек
Төлөнбек
Шаршен
Абдыш
Талант
Бектен
Тунгуч
Аман
Шербай
Самат
Бакыт
Чекир
Сейитбек
Субан
Айгожо
Алыкбай
Дөкөн
Орусбай
Шыгат
Мамбеткан
Кутуй
Дүйшөке
Теке
Итике
Максат
Наамат
Мамыткан
Абдыкерим
Алмаз
Алик
Айбек
Азизбек
Казыбек
Молот
Кубат
Бектен
Бектур
Муса
Төрөбек
Төрөкул
Ашуубек
Кадырбек
Жээнбек
Сейитбек
Жумабек
Сагыналы
Аалы
Саалы
Эрнис
Мерлис
Токчулук — Азамат, Ази
Бактыгул — Бектур
Курманбек
Таалайбек
Тимурбек
Бектурсун — Айбек, Нурболот
Абден
Абылгазы
Ниязалы
Кыяс
Кадыр
Кубатбек
Жанабил
Кемел
Мансур
Марсбек
Турар
Турсун
Улукбек
Уларбек
Алмаз
Чынгыз
Феликс
Азамат
Бекжан
Медербек
Бегалы
Эралы
Ырысбек
Муктар
Качкынбек
Азис
Оморкул
Намыракул
Марсбек
Калысбек
Жолдошбек
Айдарбек
Карыпкул
Жоробек
Келдибек

Асандын Жаныбегин Субанбек, Ногой, Сейитбек, Абден, Абылгазы жана Чекир деген уулдары болгон. Алардын таралышы боюнча 36 сүрөөдө толук чагылдырылган. Алардын айрымдары жөнүндө маалымат жаза алдык.



## АБЫЛГАЗЫ УУЛУ КЫЯС

Кыяс атабыз 1890-жылдары эрте жазда төрөлгөн экен деп калышат айыл аксакалдары. Ооба ал убакта мектептен окуу деген боло элек мезгилдер. Жаштайынан жашоонун ар кандай сыноолоруна, ысык-суугуна быша чоңойот. Ата-энесинин жеңилин жерден, оорун колдон алган эстүү мырзалардан болгон. Келбети келишкен, узун бойлуу, колдору шадылуу алдуу, күчтүү шамдагай чапчаң кыймылдаган инсан эле. Эсимде 1950-жылдары алтымыш жашында кадимкидей жаштар менен талашып-тартышып улак тартканы күнү бөтөнчө. Эл арасында бакылдап сүйлөгөнү, карс-карс каткыра күлгөнү, бүгүнкүдөй көз алдыма тартылат. Ал күндөрдү эстеп аргасыздан аттиң-аттиң дешке туура келет. Кандай кереметтүү, касиеттүү инсандар жашап өткөнүн көргөн да көрбөгөн да арманда. Кыяс ата кыргыздын атактуу балбаны Каба уулу Кожомкулдун замандашы экенин жайында Суусамырда жайлоодо бирге жайлаганынан кеп козгоп калаар эле дешет.

Кыяс атанын уулу Абдыкадыр да өзүн тартып балбан улакчы болду.

Бабыр кепти сүйбөгөн,
Бак-бак эте сүйлөгөн.
Берекелүү кептерин,
Баш ийемин үйрөнөм.
Башка жердин баарынан,
Берекелүү Чүй деген.

Айттырбастан түшүнгөн,
Айан берип түшүңдөн.
Ажайып бир жан эле,
Айып издээр жүзүңдөн.
Аттиң, — аттиң бүгүн жок.
Алда качан үзүлгөн.

Талдап ата-тегиңди,
Таалим алаар бегиңди.
Тамашалуу кеп айтып,
Тартаар эле тээгиңди.
Териштирип бир паста,
Тагай, Тынай элиңди.

*21[27] 7.04.2002.*



# КЫЯС УУЛУ АБДЫКАДЫР

Абдыкадыр агабыз 1925-жылы күркүрөгөн күздө Панфилов районунун Эркинсай айылында төрөлгөн. Совет өкмөтү жаңы орноп бай-манаптар кулакка тартылып, кедей-кембагалдар биригишип колхоздоштуруу эми башталган учурлар эле. Эстарткандан колхоздун майда-барат иштерине аралашып жүрүп ал аралашпаган колхоздо иш калган жок. Алды менен учетчик, табелчи, бригадир, ферма башчысы, кампачы ж.б. колхоздун белдүү ишеничтүү адистеринен эле.

Абдыкадыр агабыз атасын тартып кең дальглуу, өз кырдуулар арасында ашкан балбан мырзалардан болгон. Айылдагы той-ашты Абдыкадыр ага катышпаган жыйын көрксүз болоор эле. Сөзсүз түрдө эр оодарышка жана көкбөрүгө түшүп Эркинсай айылынын намысын колдон эч убакта чыгарган эмес.

Абдыкадыр агабыз жеңебиз менен Кубатбек, Жанабил, Кемел, Манзур жана кыздары Дүрбүбү, Айсалкын, Фатима,Бүбүялардын бактылуу ата-энелеринен болушкан.

Балбан эле бабам буйруп Теңирден,
Бакыйып ал, кең далылуу керилген.
Бетме-бетке чыгып калса кокустан,
Белден алып, такымдоочу ээриңден.
Бек кармаса сөөктөрүң — сөпөттө...
Барча-барча ажырачу териңден.

Учкан куштай куп куушуруп калуучу,
Улак тартса жетип жулуп алуучу.
Уруп-согуп ал бөлүнүп качпастан,
Умсунтпастан ал ортого салуучу.
Уюулгуган топ ичинен бөлүнгөн,
Улукмандай укмуш эле карылуу.

Кадыр ага кудай-кудай мен деген,
Кадыр ага кудай берген пендеден.
Каруулаша эр оодарып түшкөндө,
Каршы ага эч бири тең келбеген.
Кокус мен деп чыгып калган жан болсо,
Кең далыдан кере карыш тердеген.

*22.07.04.02.*

## АБДЫКАДЫР УУЛУ КУБАТБЕК



Кубат мырза 1943-жылы 12-февралда Панфилов районуна караштуу Эркинсай айылында төрөлгөн. Айылда он жылдыкты бүткөндөн кийин политехникалык институтту бүтүрүп жолдорду куруу боюнча жогорку билимдүү адистерден болуп чыгат.

Эмгек жолун Республикабыздын түштүк регионунан баштаган. Лейлек, Баткен, Кадамжай райондорунда үзүрлүү эмгектенди. Акыркы жылдары борборубуз Бишкекке которулуп келип адистиги боюнча мекемелерди жетектеп эмгектенди. Эмгегинин үзүрүн көрүп Өкмөттүк сыйлык, ардак граммоталар менен сыйланды.

Өмүрлүк жары Нурлан менен Медербек аттуу уулду болушкан.

Баткен, Лейлек, Кадамжайды кадамдап,
Бир кездерде баскан изи адал-ак.
Бөксөлөрүн тегиздетип жол салып,
Бардык ишин бүтүргөн ал өтө-так.
Бульдозордо ташын түртүп, кум салып,
Бүткөрүшкөн ал мезгилде адам-ак.

Эл ишин колго алып эмгектенди,
Эл үчүн эбегейсиз төгүп терди.
Элинин түштүк менен түндүгүнө,
Эринбей эмгектенген көргүн эрди.
Эгемен журтчулуктун жыргалы деп,
Эсепсиз кайраттана күчүн берди.

Бүгүн фермер малын багып айылда,
Бээсин байлап Эркин-Сайдын сайында.
Берекелүү жашоо-турмуш өткөрөт,
Бал кымыздан ичээри ооба дайын да.
Барып калсаң илбериңки чакырат,
Баглandай козу турат жайында.

*22[02] 8.04.02*



# АБДЫКАДЫР УУЛУ ЖАНАБИЛ

Жанабил 1954-жылы 20-февралда Панфилов районунун Эркинсай айылында төрөлгөн. Он жылдыкты бүтүрүп. Улуттук Университеттин экономика факультетине өтүп ийгиликтүү аяктаган.

Эмгек жолун Бишкектеги № 10 автобазада экономист, пландоо бөлүмүнүн жетекчиси болуп үзүрлүү эмгектенген. Такшалган адис айыл курулуш министрлигинде экономис бөлүм башчысы, андан финансы министрлигинде экономист болуп 1992-жылдан баштап экономисти, бөлүм башчысы болуп эмгектенген.

Жанабил мырза акыркы жылдары Кыргыз республикасынын элге билим берүү жана маданият министрлигинде өз адистиги боюнча бөлүм башчысы болуп жемиштүү ишин улантууда.

Өмүрлүк жары Айнура менен Азамат, Нуржан, Бекжандары бар.

Каадалап таштап кадамын,
Кадырын билип адамдын.
Кадырдын уулу Жанабил,
Кайдыгер жандан жададың.
Кызыккан болсо билимге,
Каржалбай бердиң жардамың.

Үнөмдөп чарба тармагын,
Үнөмдөп жана ар жагын.
Үн кошуп алдым-жуттумга,
Үзүлө түшүп албадың.
Үлпөтүн көр мээнеттин,
Үлгүңдү элге арнадың.

Чындыкты сүйгөн бүлөөдөн,
Чындык деп жанын үрөгөн.
Чекеден терди шыпыра,
Чындык деп чекте түнөгөн.
Чек коюп, чеки иштерге,
Чечилбес ишке жүдөгөн.

*15[57] 10.03.03.*

# АБДЫКАДЫР УУЛУ КЕМЕЛ



Кемел мырза 1956-жылы 14-апрелде Панфилов районуна караштуу Эркинсай айылында төрөлгөн. Эркинсай орто мектебин бүтүрүп келип политехникалык институттун жол курулуш бөлүмүн бүтүргөн.

Эмгек жолун Москва районундагы СМУ ТТ да мастерликтен баштаган. Кийин Саратов шаарындагы ички иштер министрлигинин криминалдык иштерди иликтөө институнун эки жылдык курсун аяктап келип, ушул тармак боюнча эмгектенүүсүн Панфилов районунан баштаган. Жайыл районунун ички иштер башкармалыгынын орун басары. Алабука районунун ички иштер башкармасынын жетекчиси болуп иштеген. Кийин Жалалабат областынын ички иштер башкармасынын биринчи орун басары милициянын полковниги. Үй бүлөлүү өмүрлүк жары менен Алмаз, Чыңгыз, Феликс аттуу уулдары бар.

2004-жылдын март айынан баштап Чүй областынын ички иштер башкармалыгынын жетекчилигине которушуп ишин улантууда.

Кылмыш иш болсо кылтактап,
Кыйыр иш болсо сыр сактап.
Кыргызга кызмат өтөөдө,
Кыраанга кимдер сынтакмак.
Күн-түнү мекен каректе,
Кокустук болсо бүт тактап.

Ыйманга чексиз берилдиң,
Ырысын тилеп элиңдин.
Ылайым бакка бөлөнсүн,
Ынтымак күчөй керилгин.
Ык берип улуу-кичүүлөр,
Ыймандуу мырза дедирдиң.

Теңирден антты актаган,
Темирдей тартип сактаган.
Татыктуу коюуп тапшырма,
Теңтушка кээде жакпаган.
Тың мырза ооба Кемелим,
Талапты тактап актаган.

*7²⁴ 8.06.02.*



# АБДЫКАДЫР УУЛУ МАНЗУР

Манзур мырза 1958-жылы Панфилов районуна караштуу Эркинсай айылында төрөлгөн. Айылдан он жылдыкты ийгиликтүү бүтүргөндөн кийин ата-энесинин кенжеси катарыбы же таалайына жазганы ошол болдубу иши кылып эже агаларын туурап окуймун деп жулунбады. Тескерисинче чоң атасы Кыястын бээсин сугарып, чөбүн чаап эртели кеч чарба иштерин толугу менен өз колуна өткөрүп алды. Уулунун мунусу жага бербей дароо үйлөндүрүп койушту. Кудайдын кулагы сүйүнсүн катары менен Марсбек, Турар, Турсун, Улукбек аттуу уулду болушту. Өздүк жылкы чарбасы боюнча фермер. Короо толо малы бар.

Манзур тун уулун үйлөндүрүп андан Уларбек аттуу неберелүү болушту. Марсбеги чоң ата, атасын тартып атактуу улакчылардан болду. Райондук областык мелдештердин көп жолу жеңүүчүлөрүнөн болгон.

Алдырбай жырткыч бөрүгө,
Акырын айдап өрүүгө.
Ай чыкса санап бир-бирден,
Аларды аңдып көрүүдө.
Атыр жыт аңкыыр дайыма,
Аскалуу тоонун төрүндө.

Кең пейил ак жүрөктөн,
Керемет мырза сүрөттөн.
Кымызың таттуу бал сымал,
Кем эмес тигил мүрөктөн.
Кызматым элге-журтка деп,
Күн артынан — күн өткөн.

Эртели-кеч бешимде,
Эрмеги жылкы четинде.
Ээн-эркин калтырбай...
Эгизге айдайт кечинде.
Эңсеген жерин оттотуп,
Эгедер кылбайт эч кимге.

*21.05.00.*

## НЫЯЗАЛИЕВ ААЛЫ



Аалы агабыз 1938-жылы 10-февралда Эркинсай айылында төрөлгөн. Агабыздын балалык күнү оор күндөргө туш келип көптөгөн кыйынчылыктарды көргөнүнө эч кандай далилдин кереги жоктой. Көпчүлүк катары он жылдык мектепти бүтүрдү. Атанын жеңилин жерден, оорун колдон алып үй-бүлөдөгү болгон чарба иштерин толугу менен колго алып, атасынын ишин уланта баштайт.

Албетте агабыз өмүрлүк жары Күлүмкан жеңебиз менен баш кошуп балкыган сүйүү ойуна малынышып уул артынан уулдарды көрө баштады. Улуу уулу Тойчукул кесиби боюнча энергетик. Азамат, Азиз аттуу улдары бар. Экинчи уулу Бактыгулдун кесиби теле мастер. Үчүнчү уулу Курманбекги болсо коомубуздун коопсузбугунда эмгектенген азаматтардан Таалайбеги ички иштер министрлигинде кызматын өтөгөндөрдөн. Тимурбеги аскер комиссариатында иштейт. Кенже уулу Бектурсундун Айбек-Нурболот аттуу уулдары бар.

Аалы ага менен Күлүмкан жеңебиз төрлөрүнүн куту. Айылдын белдүү фермери, короосу толо төрт түлүп малы бар.

Короо толо койу болгон фермерден,
Керек болсо кеңеш сурап келгенден.
Калк ичинде кадыр барктуу агабыз,
Кара калды калыс жара эрденген.
Керек болсо улуу менен кичүүгө,
Каалагандай насыятын бергенден.

Кең пейилдүү ак көңүлдүү агабыз,
Каалаганга коюуп союуп шерденген.
Калк кадыры Аалы-Саалы агалар,
Кыштак толо чыга берет жергемден.
Кереметтүү касиетин билбейбиз,
Көз чаптырчы кимдер ага тең келген.

Такымынан улак суурул алалбай,
Тең тайлашы жакыныраак баралбай.
Теңтуштары болоор эле убара,
Тырмалашып жапжаш эле баладай.
Тырыштыра баскан улан берилбей,
Теңир сүйгөн теңтушуна карабай.

*14$^{17}$ 28.07.04.*

# НЫЯЗАЛИЕВ СААЛЫ



Саалы агабыз да 1938-жылы 10-февралда төрөлгөн эгиздин түгөйү. Бирок документинде 1939-жылы деп жазылып калышында балким купуя сыры бардыр. Эркинсай орто мектебинен окунчуну ийгиликтүү бүтүргөндөн кийин Советтик Армиянын курамына алынып кызматын ийгиликтүү өтөп келди.

Саалы мырза армиядан келээр менен К.И.-Скрябин атындагы айыл чарба институнун агрономия факультетине өтүп аны бүтүрүп өзү туулуп өскөн айылына келип агроном болуп ишке орношту. Сакем «дарак бир жерден көгөрбөйт» — деген эл макалын колдоп башка жакка жетекчи кызматтарга чакырса да барган жок. Өмүрүнүн акырына чейин бир адистикти аркалап жердин майын чыгара иштеп мол түшүмдөрдү алууга жетише алды.

Өмүрлүк жары Анипа менен баш кошуп эки уул, эки кыздуу болду. Уулдары Эрнис менен Мелистер да бой тиреген эр азаматтардан боло атасынын жолун жолдоочулардан.

Жатында бирге түйүлүп,
Жатындаш бир боор сүйүнүп.
Жыл маалы боло чыгышты,
Жашоону эңсеп сүйүнүн.
Жетимиш жылдын соңу бар,
Жашоо деп, ооба күйүгүп.

Жашылча эгин эктирип,
Жаздыгын жазда септирип.
Жөөк тарта, отоп сугаруу...
Жадыбалдай бек билип.
Жай-кышы элдин ишинде,
Жалкоону көрсө шекшинип.

Жүйөөлүү ишин караган,
Жөжөнү күздө санаган.
Жыйын-терин бүткөрүп,
Жарты дан калбай талаадан.
Жер-жемишин тердирип,
Жеңилээр эле санаадан.

*15[08] 28.07.04.*

# ЭРАЛИЕВ НАМЫРАКУЛ

Намыракул мырза 1940-жылы 10-мартта Панфилов районуна караштуу Эркинсай айылында төрөлгөн. Айылдан он жылдыкты бүтөөр менен үй-жай күтүп чарбанын ар кандай иштерине аралашып иштеп калат. Өмүрлүк жары Жумабү экөөнүн Эльза, Марсбек, Калысбек, Гүлза, Зарема, Фарида жана Назгүл аттуу уулдарынын-кыздарынын бактылуу ата-энелери. Балдар кыздары баары үй-жай күтүшүп өз алдыларынча түтүн булатышып очор-бачар болушкан.

Өмүрлүк жары Жумабүбү Эркинсай орто мектебинде китепканачы болуп үзүрлүү эмгектенүүдө.

Жаш муундардын дүйнөлүк адабий маалыматтар менен кабардар болушун көзөмөлгө алып, өз көмөгүн кошууда. Окуучулардын сүйүктүү тарбиячы мугалими боло алды.

Намыракул менен Жумабүбүнүн отуз үч неберелери бар, ошолордун, төрлөрүнүн куту болушуп ырахаттанышууда.

Окуйм деп узак барбады,
Орозгер жагын талдады.
Он жылы бирге окуган,
Ой сүйгөн жарын тандады.
Ойдогу тилек орундап,
Оюндай болду балдары.

Канча жыл өттү арадан,
Кааданы күтүп баладан.
Керекке жарап уул-кыз,
Көңүлдөн санаа тараган.
Кадырлуу, ак сакалдуу,
Каадалуу ал «бал» — адам.

Ал кезди бүгүн карасак,
Айылда өтүп бала чак.
Ал секирип «туш» — берсе,
Алганга кана жарасак.
Агай деп кичүү-улууну,
Аябай өскөн парасат.

*6⁴⁰ 12.04.02.*

сүрөө №37 (69)


Жайыл
Асан
Ажыбек
Бооруке
Сырдыбай
Алыбай
Сулайман
Базарбек
Умарбек
Эрмек
Азим
Максат
Эсенгул
Эшимкан
Жумагул
Ракымбай
Рахматилде
Кенжебек
Каныбек
Максат
Калыбек
Курал
Болотбек
Советбек
Тойгонбай
Эсенаман
Бекташ
Алмаз
Бактыбек
Азат
Иманбай
Советбек
Солдатбек
Калык
Кубаныч
Турдубай
Кожокмат
Кадыркул
Касымаалы
Мирланбек
Сабыр
Темиркул
Нурбек
Данил
Камил
Жалгап
Элтуран
Азирет
Бекжан
Адилет
Бакмурат
Жолдошбек
Жумабек
Какен
Жоро
Смит
Памир
Бектур
Байсубан
Раш
Жумаалы
Курманалы
Темиш
Талант
Жылдыз
Асантай
Талант
Алмаз
Жумакан
Жамил
Жумагазы

Төмөндө Ажыбек атадан тарагандардын айрымдарына болгон аикын маалыматтар менен тааныша аласыз.

Ажыбек атанын Бооруке, Сырдыбай, Турдубай жана Байсубан аттуу уулдары болгон. Сырдыбай уулу Алыбай андан Сулайман

## АЛЫБАЙ УУЛУ СУЛАЙМАН



Сулайман агабыз тагдырдын татаал сыноолорун көп тартып, ачуу-таттууга болушунча каныкты. Жаштайынан колхоздун майда барат кызматтарында камчы салдырбай ак дилинен эмгектенди. Катардагы карапайым жумушчулардын кадырлоосуна алынган, улуу-кичүүнүн көңүлүн калтырбаган инсан эле.

Өмүрлүк жары Жумайым эжебиз менен Бактыгүл, Базарбек, Батма, Уларбек жана кенже кызы Мырзабүлөргө таалим-тарбияларын берип, алары эми үй-жайын күтүп бала-бакыралуу болгондо экөө бирдей бул жарыкчылык менен кош айтышты. Уул-кыздарынын ысык чайын кана татыбай армандары ичтеринде кетти.

Сулайман агабыз ак көңүл, кең пейил, бир сырлуу мырза эле. Үй жай күтүп уул-кыздуу болгону менен алардын жакшылыгын көрүп-көрбөй арманда кете бергендей.

Жашоонун ысык-суугун сезип келем,
Жалкоолук, жандалбастан безип келем.
Жөнү жок жийиркеничтүү, жойпулардан,
Жигерим, боор толгоп эзип келем.
Жан үрөп жаралгандан өз тушоомду,
Жулуна аракетте кесип келем.

Азбы-көппү, өттү-кетти өмүрү,
Ачык айрым көтөрүңкү көңүлү.
Арканызда уулдарың-кыздарың...
Аттиң дейбиз бул жашоонун төгүнү.
Арбагына куран окуп эскере...
Ар биринде борк-борк кайнап чөгүнү.

Карылык келип калды аны сезбей,
Кап-кайда өткөн күндү эстей-эстей.
Келин-уул, кыздарыңдын кастарларын,
Көрөлбөй калдың сыйын маңдай-тескей.
Келишкен келбетиңиз көз алдымда,
Кырчындай кыйгай баскан жапжаш кездей.

## КАДЫРКУЛОВ КАСЫМАЛЫ



Касымалы Кадыркулович Чүй областынын Панфилов районуна караштуу Эркинсай айылында 1934-жылы 1-ноябрда төрөлгөн. Он жылдыкты бүтүрүп Ош шаарындагы педагогикалык институттун математика факультетин 1954-жылы бүтүргөн.

Эмгек жолун мектептерде мугалимдиктен баштаган. Эркинсай орто мектебинин математика сабагынын өрнөктүү мугалими. Мектепте математикалык кружокторду, методикалык кеңешти жетектеп илимий конференцияларды уюуштурууга жетишкен. Болгон ийгиликтерди райондук, областык, республикалык басма сөз беттерине жарыялап турган.

Касымалы агабыздын эмгеги элге билим берүү министрлиги тарабынан жана Өкмөтүбүз тарабынан туура бааланып. 1994-жылы эл агартуунун отличниги. 1999-жылы «Кыргыз республикасынын эмгек сиңирген мугалими» деген ардактуу наам ыйгарылган. 2000-жылы тунгуч Президентибиздин стипендиясынын лауреаты болгон. Үй бүлөлү.

Эсепсиз далай таң атты,
Эсептен берип сабакты.
Эртели кеч үгүттөп,
Эйнштейндей саматты.
Эмгеги сиңип элине,
Эсепсиз эмгек жаратты.

Сабак деп жүрүп саргара,
Сабаксыз агам сарсанаа.
Санаасы тынып калуучу,
Сабагын берсе балдарга.
Сар эсеп менен үйрөнгөн,
Сабаты толук балдарда.

Эсеби менен оңолуу,
Эсепсиз адам болобу.
Эсимде дайым эсимде,
Эсепсиз инсан жоголуу.
Эч убак эстен чыгарбай,
Эсеби менен бололу.

*$1^{35}$ $1^{45}$ 26.10.03.*

## ТОЙГОНБАЙ УУЛУ ЭСЕНАМАН



Эсенаман 1936-жылы 19-июлда Панфилов районуна караштуу Эркинсай айылында төрөлгөн. Мектепке барган күндөн сабакты жалаң бешке окуп бир жылда эки классты бүтүрчү экен. Сегизди бүтөөр менен Фрунзе шаарындагы индустриалык техникумуна өтүп аны 1955-жылы ийгиликтүү аяктаган.

Эмгек жолун Ташкөмүр шаарындағы автобазада башкы инжинерликтен баштаган. Советтик Армиянын курамында кызматын өтөп келип Борборубуздагы эл ташуучу автобазада инжинер механик болуп ишке орношот. Андан министрдин буйругу менен Тогузторо районунда шоферлордун курсун ачып ага окутуучу болуп иштейт. Эки жылдан кийин политехникалык институттун комсомол уюмунун секретары болуп иштеп жүрүп институтту да аяктайт. Шаардык аткаруу комитетинин инструктору, автобазанын башкы инжинери, автобазанын жетекчиси, Свердлов райисполкомунун төрагасы болуп иштейт.

Өмүрлүк жары Жибек менен бир уул эки кыздын бактылуу ата-энелери. Уулу Бактыбек да ата кесибин улоодо.

Эстартып бала болгону,
Эркинсайдын оң колу.
Экиден класс бүтүрчү,
Эстүүнүн мектеп чоң жолу.

Сизиңден сөздү сүйлөгөн,
Сылыктык жагын үндөгөн.
Сегизди бүтүп айылдан,
Сенектик жагын сүйбөгөн.

Эзиле бербей тамакка,
Эртеден кечке сабакта.
Ээрчитти улуу-кичүүнү,
Этибар албай кабакка.

Насирсиз жанга кошулбай,
Насири болуп досундай.
Наар албай күтүп отурчу,
Насири — Ала тоосундай.

Алышты талбай илимди,
Адилет иштеп билинди.

Аскердик милдет аткарып,
Айттырбай билип дилиңди.

Мащыга жүрүп оң-солду,
Машина минээр чоң болду.
Мекеме ишин башкарып,
Мамлекет оңдолду.

Аткарып нечен иштерин,
Арыбай күн-түн иштедиң.
Алтымыштан ашканда,
Алиге күчтүү сүр демиң.

Намызын ойлоп элиңдин,
Нарктуусун сезип жериңдин.
Наказын үзбөй орундап,
Наар албай алга теминдиң.

*5[52] 28.11.02.*

Эсенаман агабыз бүгүнкү күндө да Республикабыздагы Ата-Мекендик согуштун катышуучулары түзгөн коомдун төрагасынын орун басары болуп эмгектенүүдө.

Эртели кеч карылык каадасы менен кеп-кеңешин берип, ал-ахвалыңды сураган каадалуу аксакалдардан.



## ТОЙГОНБАЙ УУЛУ БЕКТАШ

Бекташ мырза 1941-жылы 21-мартта Панфилов районунун Эркинсай айылында төрөлгөн. Бекташтын балалык кези өтө оор учурга туура келгенине өзүңүздөр күбө болуп турасыздар. Анткени Ата Мекендик согуш башталып, Ааламда асмандан «ок» ажал издеп учуп нечен миллиондогон адамзаттын гүлгүндөй жайнаган өмүрүн кыйып отурбайбы. Ооба раматылык Бурул эжебиз эки бирдей балдарынын бирин көтөрүп, бирин жетелеп өтө кыйынчылыктарды башынан көп өткөрдү. Тилеги таш каап өмүрлүк жары согуштан келбей калды.

Бекташ жаштайынан эле өтө зээндүү эле, өзү теңдүү балдардын арасында, мектепте да дайыма сабагын жакшы деген бааларга окуп бүтүрдү. Фрунзе шаарына келип автодорожный техникумунда окуп билим алды. Атайын жолдомо менен Москва районундагы жүргүнчүлөрдү ташуу автобазасында алды менен катардагы инжинер, андан кийин башкы инжинери болуп үзүрлүү эмгектенди. Бекташ өмүрлүк жары Батый менен баш кошуп Алмаз аттуу уулдуу болушту. Жалын-

дуу жашоо билинбей өз нугунда өткөнү менен каардуу согуштун залакасы Бекташтын ден-соолугуна таасирин тийгизбей койгон жок. Акыркы жылдары жармашкан илдет менен кармашып жүрүп түшпөгөн эмчи-домчу, көрүнбөгөн врачы калган жок. Өкүнүчтүү жери жармашкан шум ажал 1978-жылы 3-августа алып тынды. Өлгөндүн өзүнүн шору демекчи, айла жок айтылган сөз, эмне дей алабыз. Өмүрлүк жары Батый, канчалаган шайтандын азгырыгына көнбөдү. Бекташтын очогун өчүрбөй, арбагын сыйлап уулун кор кылбай өстүрүп чоңойтту. Уулу Алмаз да эр жетип, зыңгыраган мырза болду. Табихаттын татына мыйзамы, үйлөндү, жайланды уулдуу болду. Уулунун атын Азиз деп атады. Өлбөстүктүн үрөнү-боосу бек болсун демекчибиз.

*16[18] 21.04.04.*

## РАШ УУЛУ ЖУМАЛЫ



Жумалы агабыз 1921-жылы Панфилов районундагы Эркинсай айылында туулган. Мектепке 1930-жылы барып 1937-жылы жети жылдыкты бүтүргөн. 1939-жылдан 1941-жылдары ошол учурдагы «Күмбөз Арык» — колхозунун секретары болуп эмгектенген. 1941—1946-жылдары немецстик баскынчыларга каршы Ата Мекендик согушка катышып Украин фронтунда каармандарча кармашып эли-журтун коргоду.

Согуштан келгенден кийин өз айылында колхоз башкармасынын орун басары болуп 1946—1952-жылдары эмгектенген. 1952-жылы комунисттик партиянын жолдомосу менен ички иштер министрлигинин курамына өтүп катардагы участкалык көзөмөл инспекторлуктан ишин баштаган Чүй району Токмок шаарында. Бул тармакта агабыз иштебеген иш калган жок, акыры райондук ички иштер башкармасынын орун басары болуп жемиштүү эмгектенди. 1974—75-жылдары Токмок шаардык ички иштер башкармасынын начальниги болуп иштеген. Иштеген ишинин үзүрүнө көптөгөн өкмөттүк сыйлык, орден, медал Ардак граммоталарга татыктуу болуп шаардык кеңештин депутаты болуп шайланган.

Кыянаттар тырмышты,
Кыйылып жатты ырыскы.
Кытмырлык кыла кыйынсып,
Кылмышты кыла жылмышты.
Кыйла жыл иштеп Токмокто,
Кылтактап койгон кылмышты.

Ырыскы берээр жеринин,
Ыйманын тилеп элинин.

Ынтымак менен үй-бүлө,
Ызааттуу чыгып келини.
Ырысқы-ыйман коштолду,
Ылайым колдоп теңирим.

Талапты актап ойчусу,
Тартипти сактап койчусу.
Түндөсү учаар көпөлөк,
Тынгансып калды сойкусу.
Татымын тата талаптын,
Токтолду Токмок жойпусу.

*16[10] 5.12.03. кой жылы*



## ЖУМАЛЫ УУЛУ ЖУМАКАН

Жумакан мырза 1950-жылы Жайыл районуна караштуу Эркинсай айылында төрөлгөн. 1957-жылы башталгыч мектепке кирип 1967-жылы орто билимине ээ болот. Токмок шаарындагы айыл чарбасын механизациялаштыруу жана электрофикациялаштыруу техникумуна өтүп 1970-жылы бүтүрөт. Ошол эле жылы Фрунзе шаарындагы политехникалык институтуна өтүп аны 1976-жылы ийгиликтүү бүтүргөн.

Эмгек жолун 1976—1980-жылдары Токмок шаарындагы эт комбинатында инжинер механик кийин жетекчиси болуп эмгектенет. 1980-жылдан баштап ички иштер министрлигинин курамына өтүп катардагы инспектордон баштаган. Токмок шаарында 1985-жылдан баштап райондор аралык мамлекеттик авто инспекциясынын жетекчиси, 1986—92-жылдары Токмок шаардык ички иштер бөлүмүнүн партиялык уюумунун секретары, шаардык советтин депутаты. 2001-жылдын май айынан баштап Токмок шаарындагы мамлекеттик автоинспекциянын начальниги, подполковник наамынын ээси. 1992-жылы Саудовиялык Арабия өлкөсүнө барып келген ажы. Өмүрлүк жары экөөнүн эки баласы бар.

Кылмышы барлар такталат,
Көчөдө тартип сакталат.
Күнөөсү жок жүргүнчү,
Кадыр эсе макталат.
Айыбын төлөп күнөөлүү,
Айыпсыз кетет актан ак.

Айныган болсо кадамдан,
Адалын издеп арамдан.
Ак ниет боло ар качан,
Арамды айрып адалдан.
Аллага тобо келтирген.
Ажыга барган адамдан.

Мыйзамсыз иштен четтеген,
Мыйзамды кана беттеген.
Мыйзамды бузган адамды,
Митайым иште тек деген.
Мыйзамды ыйык тутканды,
Максатка марый жет деген.

*$7^{48}$ 6.07.03. кой жылы*

сүрөө №38 (30)




Асан атанын Шайбегинин Монкосунан Чалыбай төрөлүп анын Жуматайы жөнүндө эки ооз сөз айтканыбыз оң болоор.



# ЧАЛЫБАЙ УУЛУ ЖУМАТАЙ

Жуматай агабыз 1910-жылы Панфилов районунун Эркинсай айылында төрөлгөн. Совет Өкмөтү орногондо эми жетиге чыккан агабыз да бардык адамдардай эле болгон кыйынчылыктардын баардыгын өз башынан өткөрөт. Айылда алдынкылардан болуп комсомолдун курамына өтүп, Совет өкмөтүнүн курулушуна аз да болсо өз салымын кошо алды. Колхозду уюштурууга активдүү катышты. Чарбанын ар түрлүү иштерин абийирдүүлүк менен аткарган чымыр денелүү, алдуу-күчтүү, балбан мырзалардан эле Жуматай агабыз.

Ал учурда айыл ападагы той-тамашада эр оодарыш, улак тартыштарга үзбөй катышып, өз ара мелдешип улак тартыш көк бөрү болгондо үч улактан — экөөнү, беш улактан — үчөөнү Жуматай байке маареге таштаарын айыл аксакалдары айтышаар эле. Деги эле ат үстүндө ойногон эр азаматтардын бири эмес беле. Мезгил жетип ат ойноткон агабыз Советтик Армиянын курамына чакыртылып, борборубуз Фрунзе шаарына жаңыдан уюушулуп жаткан атчандар дивизиясында кызматын өтөп калат. Өзү кырдуу жоокерлер арасында Жуматай агабыз, тим эле ат үстүндө төрөлгөндөй, өтө чыйрак экендиги байкалат. Атайын атта жүрүүнү, атка минип, түшкөндү үйрөткөн инструкторлордун көрсөткөндөрүн дароо эле үйрөнүп алып жатты. Бөтөнчө ат үстүндө баратып кылыч чапканды өтө шамдагайлыкта машыкканы жолдоштор арасында бирге кызмат өтөгөн жоокерлер арасында агабызга кадыр-барк алып келди. Бара-бара ат үстүндө кылыч чабуу боюнча, чаап баратып аттан секирип түшүп кайра минүү «жигитовка» — боюнча эч кимди алдына чыгарбаган экен.

Бөтөнчө ошол мезгилдеги Советтик Армиянын атчан аскерлеринин командачысы, Аскердик Советтин мүчөсү Семен Михайлович Будённый Кыргызстандагы атчандар армиясында даярдалып жаткандарды текшерип келгенде, Кыргызстандык жоокерлердин даярдыгын байкап көрүп жатып, агабыз Чалыбай уулу Жуматайдын чаап баратып ат үстүнөн секирип түшүп, секирип мингени колунда кылычты ойнотуп оңду-солду өтө шамдагайлыкта шилтегени, ат үстүндө чаап баратып ыргыткан кылычын тиши менен тиштеп тосуп алганын көргөн С.М.Будённый кубанганынан колундагы саатын чечип Жуматай агабызга такканы жалаң эле агабыз Жуматай үчүн кубаныч эмес, бул эрдик, кубаныч бүтүндөй кыргыздын атчандар жоокерлеринин сыймыгы, сыйлыгы, кубанычы болуп жатпайбы.

Советтер Союзунун үч жолку баатыры, жети Ленин, алты Эмгек Кызыл Туу ордендеринин ээси Семен Михайлович Будённый кол саатын агабыз Жуматайга өз колу менен тапшырганын бардык эле кыргыз инсаны биле бербесе керек. Республикабызда атчандар жо-

окерлерин даярдоо кызматы Чалыбаев Жуматайга жүктөлгөн. Жуматай ага бул жооптуу кызматты өтө абийирдүүлүк менен аткара алган. Ал учурда республикабызда атчан жоокерлерди даярдоо иши бүгүнкү Байтиктин басбелтегүнүн үстү жагында өткөрүлчү тура. Жуматай агачын болуп-толуп турган мезгилинде кыргыздын маданият тармагынын таң чолпону «Алтын кыз» (В.Власов, В.Фере), драмасында Ажардын ролун 1937-жылы Айчүрөктүн ролдорун аткарган тал чыбыктай буралган Кыргыз совет ырчысы (лирика-драмалык сопрано). Сайра Кийизбаевага Кыргыз республикасынын атчандар аскеринин эр жүрөк командири Жуматай Чалыбай уулу. Ооба, Айчүрөккө ашык болгон агабыз, жүрөк сырын жашыра алган жок, арадан күндөр өттү дегендей, акыры 1941-жылы Сайра Кийизбаева менен Жуматай Чалыбаев баш кошкон.

Көргөнче көөнү дегдеген,
Кумарды жазып ыр менен.
Командир иштеп келгенче,
Кыңылдап ырда сыр терең.
Керемет белем «Айчүрөк»,
Келгенче күтпөй дөмбө-дөм...

Ашыктык оту алоолонуп турганда, агабыз мамлекеттик маанилүү иштер боюча, кезектеги аскердик тапшырмаларды аткарууга Коми АССРи, Түмөн тараптарга жиберилди. Айчүрөк жеңебиз күтүп-күтүп акыры Москвага окууга кетти... Арадан 65-жыл өттү «Айчүрөк» ролун Сайра Кийизбаевадан кийин жети артист аткарышып сахнага 999 жолу коюулду.

Сайра жеңебиз СССРдин эл артисти (1958). Б.Бейшеналиева атындагы мамлекеттик искусство институнун кафедра башчысы, профессор, Кыргыз ССР Жогорку Советинин (2-6 шайл) депутат Ленин ордени, Октябрь революциясы, эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» орден-медалдарды менен сыйланган.

Агабыз мамлекеттик тапшырмаларын аткарып келгенде Ата Мекендик согуш бүтүп, жеңиш туусу Берлинге алда качан орноп калган. Аман калган айылдан согушка кеткендер келип жатышты, колдон, буттан айрылгандары да бар. Агабыздын алты саны соо келген, чыгаан жигити көп өтпөй колхоздун башкармалыгына эл шайлап алышты. Чарбанын иши чатак иш демекчи, албетте кыйынчылыктар болбой койгон жок. Антсе да 1946—1953-жылга чейин башкарып элдин жыргалчылыгы үчүн колунан келген баардык дараметин берди. Кийин деле чарбанын ферма, бригадири ж.б.у.с. иштерин аткарып ийгиликтерди жаратты.

Агабыздын улуу кызы Гүлүмжаны кесиби инжинер механик жогорку билимдүү. Өмүрлүк жары менен Болот, Бактыбек жана Дүйшөнбек аттуу уулдарынын бактылуу энеси.

сүрөө №39 (62)


Жайыл
Асан
Саза
Кулболду
Бешим
Жаманкул
Абыкан
Малабай
Ныязалы
Бекмурза
Абакир
Жолдош
Дүйшөн
Алмаз
Жээнбек
Полот
Муратбек
Медер
Кубат
Нурбек
Абдыкул
Абдыразак
Шаршен
Тургунбай
Эсен
Үсөй
Биримкул
Алек
Качкын
Маман
Ишенбек
Жусупбек
Карбоз
Боруке
Байчумак
Кулбача
Аманкул
Мукан
Жаганша
Тяншан
Аксуубай
Абдылда
Бекбагыш
Токтосун
Самаган
Саадабай
Сүймөк
Бердигул
Асылбек
Айтыке
Кулакмат
Чекир
Көкө
Калыс
Жумаалы
Сабыр
Шакен
Жекшен
Болот
Кулубек
Калмырза
Боромбай
Акмат
Абылбай

# МАЛАБАЙ УУЛУ ЖЭЭНБЕК

Жээнбек агабыз эс тартканы илим-билим алган соң республикабыздын түштүк регионунда эмгек жолун баштаган инсандардан мектептерде мугалим болуп эмгектенип көптөгөн жаштарга илим-билимин берип тарбиялоого бүт күч кубатын, акыл-эсин жумшады. Тагдырына Ош областынын Карасуу району туш келдиби, айтор ошол чөйрөдө отурукташып өмүрүнүн акыркы күнүнө чейин эмгектенди.

Өмүрлүк жары менен Полот, Муратбек деген уулду болду. Уулдары экөө тең жогорку билимдүү эл кызматында эмгектенген кызматкерлерден.

Кичүү уулу Муратбеги Кыргыз республикасынын мыйзам чыгаруу палатасынын депутаты.

Жээнбек агабыздын үзүрлүү эмгектери да Өкмөтүбүз тарабынан жогору бааланып Кыргыз республикасынын эл агартуусунун отличниги деген ардактуу наамга татыктуу болгон инсандардан.

Ардактап эмгекчи элдин аракетин,
Ак иштеп мээнеттене эмгектендиң.
Ар дайым ак карасын териштире,
Ак иштеп чын пейилден эмгек дедиң.
Азбы-көп туугандардын арасына,
Айттырбай жыл маалында кээде келдиң.

Татым туз буйрук боло өмүрүңө,
Түштүгүм жагып калды көңүлүңө.
Төрөлүп уул-кыздай наристелер,
Түбөлүк туруп калып көнүгүүдө.
Төрөлгөн жерде турпак алтын дешип,
Туу тута бала-чакаң төгүлүүдө.

Ардактап эртели кеч турган элиң,
Ак тилек кыз узатып алдың келин.
Алланын буйругудур бул да болсо,
Аттиң ов! Жер жазданып кала бердиң.
Армансыз бул жашоодо адам болбос,
Алтын куш пары болсун жаткан жериң.

*$3^{37}$ 21.11.03*



# МАЛАБАЕВ МУРАТБЕК ЖЭЭНБЕКОВИЧ

Муратбек мырза 1962-жылы 7-декабрда Ош областынын Карасуу районуну борбору Карасуу шаарында төрөлгөн. 1970-жылы мектепке барып 1978-жылы толук эмес орто мектепти аяктап Жалалабад шаарындагы адистештирилген техникалык окуу жайына өтүп аны ийгиликтүү бүтүрүп чыгат. 1981-жылы Советтик Армиянын курамына чакырылып кызматын өтөп 1983-жылы кайтып келет.

Эмгек жолун 1991-жылы Ош шаарында КАБИде диспетчерликтен баштаган. 1995-жылдан баштап Кыргыз республикасынын ички иштер министрлигинин курамында иштөөгө өтөт. Министрдин буйругу менен аба жолдору боюнча оперативдүү өкүлү болуп дайындалат. 1995-жылы республикабыздын түндүгү боюнча темир жолдорунун бажы тармагында башкы көзөмөлчү кызматына которулат, бара-бара башкы көзөмөлчү, жетекчинин орун басар кызматтарына көтөрүлгөн.

1998-жылы Кырыз республикасынын Өкмөтүнүн буйругунун негизинде Кыргыз республикасынын финансы министрлигинин астындагы бажы кызматынын башкы көзөмөлчүсү болуп эмгектенген. 2000-жылдын январь айынан баштап республикабыздын тышкы байланыштар боюнча көзөмөлдөө бөлүмүнүн башкы инспектору болуп дайындалат. 2001-жылдан баштап республикабыздын бажы тармагынын башкы инспектору, кийин республикабыздын бажы тармагынын жетекчисинин орун басары болуп бекитилип ийгиликтүү эмгектенүүдө.

2003-жылдын май айынын баштап Кыргыз республикасынын Мыйзам чыгаруу жыйынынын депуттагына Ош областынын Карасуу районундагы №30 округунан шайланган.

Өмүрлүк жары менен Медер аттуу уулдуу жана Жибек аттуу кыздуу болушкан.

Жаштыгың туулган жер борборунда,
Жүрөгүң ата-баба чордонунда.
Жан үрөп каалагандай өтөөр күндөр,
Жашооңдун кош чылбыры колдоруңда.
Жайылдын Асанынан түпкү тегиң,
Жүйөөлүү турак жайың борборумда.

Ал күндөр өттү-кетти эми терең,
Агаин тууганданбыз атаң менен.
Аралык себеп эмес катташалбай,
Агалар сага толо төрү белен.
Алаарсың саламдарын көөнүң тартса,
Аларда ай-ааламдай пейил кенен.

Кадырла ата-тегиң барктай билгин,
Каадалуу кептер болсо сөзгө киргин.
Катышып ысык-суукка аралашкан,
Кош колдо барсаң-койсоң чылбыр-тизгин.
Касиет ата тектен колдоо болот,
Көңүлдүн тереңинде болсун сиздин.

*1[17] 22.11.03.*

## АМАНКУЛ УУЛУ ЖАГАНША

Жаганша 1950-жылы 21-ноябрда Панфилов районунун Эркинсай айылында төрөлгөн. Айылдан сегизинчи классты бүткөндөн кийин Фрунзедеги финансы техникумуна өтүп, ийгиликтүү аяктайт. Советтик армиянын курамында кызматын өтөп келип Бишкектеги Свердлов райондук ички иштер бөлүмүндө инспектор, участканын башчысы болуп иштеген.

Кант райондук ички иштер бөлүмүндө бөлүм башчысы. Жетекчинин орун басары, Москва райондук ички иштер бөлүмүндө жетекчинин орун басары, Кемин райондук ички иштер бөлүмүнүн жетекчиси. Кант районунун ички иштер бөлүмүнүн жетекчиси. Чүй областык ички иштер башкармасынын орун басары, болуп үзүрлүү эмгектенет. Талас областынын ички иштер бөлүмүнүн жетекчиси болуп иштеген. Катардагы кызматкерден ички иштеринин полковнигине чейин көтөрүлгөн. Үй бүлөлүү, өмүрлүк жары Күлүм менен Асел, Индира, Күлпаяс, Уулболсун, Камила, Аксуубай аттуу кыздардын, уулдун ата-энелери.



Токтоо мүнөз толукшуп бүлүнбөгөн,
Териштире иштерин күлүңдөгөн.
Галабына жооп бербес иштер болсо,
Тактай келип татыктуу жүлүндөгөн.
Тергөөлөрдү жүргүзүп тажабастан,
Теңиринен тиленип түңүлбөгөн.

Элдин мүлкүн жанындай сактагандан,
Эссиздердин эбин таап тактагандан.
Эл ичинде акыйкат ишке жетпей,
Эзилгендин эмгегин актагандан.
Эгемендик деп коюуп эсиргендин,
Эченине эч качан жакпагандан.

*18[07] 11.06.03.*

Аз өмүрдө толгон токой муң кайгы,
Ажал шүмшүк жаш карыңды ылгайбы.
Алдыдагы ичээр суусу түгөнсө,
Ажал тооруп аны кудай урбайбы.
Аттиң дейбиз, айла канча Жаганша,
Аксуубайың тукум улаар турбайбы.

*7[17] 12.06.03.*

# ЖАЙЫЛ АТАНЫН ИТИКЕ УУЛУНАН ТАРАГАНДАР

сүрөө №40 (72)




Итикенин балдары:

1. Алет, Медер, Беки, Көбөй (Мама энеден)
2. Карача, Байбото, Солтоной, Дербишаалы, Кыдыр, Кенжекара (Анар энеден)

сүрөө №41 (127)


Жайыл
Итике
Беки
Үрүстөм
Бөйтө
Саржан
Нуржан
Жусуп
Эсенбек
Кубатбек
Кубаныч
Раикан
Омор
Абдыкул
Абдырайым
Ыдырыс
Бекжан
Өмүржан
Адылбек
Сатарбек
Абай
Таштанбек
Шайлообек
Сатар
Керимкул
Солтон
Марат
Мурат
Эшенгазы
Кудайкул
Саркул
Сардаркул
Керимкул
Султан
Марат
Таалай
Рамис
Адилет
Таалай
Темирлан
Соороной
Шамурат
Калмат
Кожомурат
Биримкул
Момункул
Субанкул
Жаманак
Жангазы
Нургазы
Жайнак
Жамалбек
Айнабек
Жумгалбек
Кайрат
Урмат
Алтынбек
Акылбек
Туратбек
Айдар
Данияр
Тургунбек
Калыгул
Акылбек
Кушбек
Уланбек
Кенжебек
Руслан
Тимурлан
Амантур
Амангелди
Бактыяр
Замир
Тынарбек
Тынчтыкбек
Нурлан
Улан
Жаныбек
Мирлан
Нурлан
Жеңиш
Нурдин
Назар
Абдурасул
Төрөкул
Кадыркул
Мамбеткул
Турсунбек
Нурбек
Ырысбек
Ырысбай
Болот
Айбек
Мантобот
Айдарбек
Жумаке
Иса
Абдыкайым
Элебес
Жанболот
Түркмөн
Таалайбек
Талантбек
Өмүрсак
Асан
Саткынбек
Марат
Нурбек
Мирбек
Мурат
Жээнбек
Өмүрбек
Курманбек
Кадырбек
Жорупбек
Бекболот
Тургунбек
Турарбек
Сатыбалды
Манапбай
Келишбек
Аманбек
Марат
Жанусак
Жеңишбек
Мухтарбек
Шекербек
Улан

## ҮРҮСТӨМ БААТЫР

"Карысы бардын ырысы бар, карынын кебин капка сал" — деп ар дайым айтылып келет. Чынында эле карылардын айткан нускалуу сөзүн учурунда пайдалана албай, кийин арманда кала берет экенбиз.

"Атаң барда эл тааны, атың барда жер тааны" — дегендей, мен өзүмдүн атам Омор тууралуу бир аңгемени айта кетүүнү туура көрдүм.

Омор атабыз колунан кетмен түшпөгөн дыйкан адам эле. 80 жашты таяп калган мезгилинде эшик алындагы жерибизде эртели кеч кетмени менен эмгектенип жатканына бир туруп суктанып, бирде аяп да кетээр элек. Күндөрдүн биринде жанына барып: — Ээ ата, эми карып калбадыңызбы. Кетменди тим эле коюп, көбүрөөк дем алыш кылбайсызбы? — деп калдым. Ошондо мени карап туруп: — Балам, "Али көп көргөнүңдөн көрбөгөнүң, көрөсүң ажал жетип өлбөгөнүң" — деген тура бир акылман.

А мен айтаар элем, адам өлөөр өлгөнчө кор болбоонун аркетин кылуу керек деп. Бул айтылган нуска сөздөрдү эсиңе тута жүр.

Мени аягансып жаткан окшойсуң, анына рахмат. "Үйга жүргөн салаарбы, үйрөнгөн адет калаарбы" — дегендей, мен кетменди бир убак колума алып эрмек кылбасам, катардан чыккан картаң брак аттай болгонсуп калам. Мени жайыма кой — деп койду.

Ошол атабыздын дыйканчылык мезгили күчөп, иштесе жумушка тойбой, ичсе тамакка тойбой турган жаш кезиндеги мага айткан аңгемеси эске түшөт. Огородго коон, дарбыз эгет. Бышканда эки капка толтура салып атка артат. Азыркыдай анда унаа жок. Өзү атка минет да мени учкаштырып алып базарга жол тартабыз. Жол кыскартып мени сүйлөтөт, кайра өзү бир нерселерди мага айтат. Мен 9-10 жашта элем. Менин милдетим базарга барганда жайып койгон "товарыбызды" карап туруу. Атам соода жүргүзөт. Ошентип базарга барып-келип жүргөндөгү аңгеменин айрымдарын айта кетейин. Эски мал базар менен азыркы мал базардын аралыгында бейит бар. Ошол жерди Шиш-Дөбө деп атачу. Ошол тушка барганда: — "Балам, тетиги дөңдүн боорундагы оюлган жерди карачы. Кокон хандыгынын тушунда айыптууларга арналган ор болгон. Орго салынгандардын айрымдарын өлүм жазасына тартышкан. Ал эми өкүмдү аткарууда, элдин үшүн алуу үчүн айыпкерди ортого алып келип өкүмдү окутуучу. Алдын ала даярланган дөбөнүн башында шиш казык болоор экен. Айпкердин көчүгүн шишке тууралап келип, эки ийинден эки жигити басып койсо, шиш ичеги карынды аралап оозунан чыга түшчү экен. Ошол себептен "Шиш-Дөбө" аталып калыптыр. Оңбогон Сарттардын оруна биздин бабабыз Үрүстөм баатыр да жатыптыр. Кокон хандыгынан Кара-Балтадагы сарбастарына баш ийбей, алардын элди-жерди кордуктаганын четке кагып, кезегинде эл намысын коргоп чабыша кетип турган. Акыры эбин таап Үрүстөмдү кармашып орго салышкан.

Падыша, "кудаа эмес, кудаадан жудаа эмес" — деп, эсептеген Кокон хандыгы Үрүстөм баатырдын өлүм жазасына буйра турган кабар да элге жетип калган болот. Ордо жатып Үрүстөм баатыр тамак алып келген туугандарына табыштап, жылкынын кабыргасын сындырбай берүүнү суранат. Ошол кабыргалардын күчү менен үч күндө капталдата казып отуруп түн жамынып качып чыгат. Мен айтып жаткан оюк Үрүстөм бабабыздын ордон качып чыккан "эшиги" — деп айтып бергени унутулбай али эсте турат.

Мындай элибиздин, жерибиздин келечегин коргоп келген аталарыбызды биз эскербесек, алардын ак эмгегин биз даңазалабасак, кийинки муундарга айта жүрбөсөк кечирилгиз парз мойнубузга жүктөлүп кетет го? Кыргыз элибиз башынан боорукер жана намыскөй баатыр эл катары тарыхта айтылып келет. Нечендеген жоокерчилик заманды башынан кечирип келди. Ошондой кырдаалда элин жоодон сактап, эл четинде жоо бетинде турган эр азаматтарды: баатыр, берээн, чыгаан, акылман, чечен жана башка даңазалуу наамдар менен эли колдоп келген.

Замандын мезгилине жараша эр азаматтардын түйшүгү да болот окшойбу. Жайыл баатыр калмактар менен кармашып, казактар менен кагышып жүрүп жарыкчылыктан өтүп кетти. Жайылдын баласы Итике казактар менен чабышып, кун доолашып жүрүп ал кетти. Кайрадан Аблайдын небереси Кенесары менен Ноорузбай — Чыңгыз хандын тукуму кайрадан кыргыздын түндүгүн басып алам — деген ураан менен келгенде. Итикенин баласы Беки баатыр өзүнүн замандаш эр азаматтары менен жоонун алдынан чыкты. Эми ошол Бекинин беш берээн атанган балдарынын бири Үрүстөм жана Тыныстам, Данияр, Чанияс, Кенжетай. Кокон хандыгынын эзүүсүндө турган элин бошото албай турушса, экинчи тараптан баягы тең тууган казак уруулары жылкыны бир жагынан тийип кетип жатышты. Булардан да катуу душман болуп кыпчак уруусунан чыккан каракчылар элди карактап жатышты. Үрүстөм баатырдын заманы кыпчактар менен кармашып, аларды түштүккө карай кууп чыгуу мезгилине туш келди. Кыпчактардын кылыгы жалпы солто элине зыян келтирип жатканынан улам Жайыл, Талкан болушу биригип чабуулга жалпы чыгышты. Ошол чабышта Байтик баатырдын атасы Канай душмандардын колуна түшөт. Солтолордун колу күчтүүлүк кылып, кыпчактар кача баштап, Канайдын колун байлап атка учкаштырып ала качкан болот. Үрүстөм баатыр даңазалуу чаар аты менен качкындын артынан жетип, кылыч менен башын алып Канайды ажыратып калган экен, — деп айтылат санжырада. Эр жигиттин минген аты менен колундагы жарагы күчүнө төп келишсе, акылы менен эп келишпесе кайдан баатыр — баатыр наамына жете алмак. Үрүстөмдүн чаар аты дубанга белгилүү мал тура. Биз сөз кылып жаткан кыпчактар менен чабышуу мезгилинде бирде солто алга жылса, бирде кыпчактар үстөмдүк кылып артка сүрөт. Ошондой бир учурда атынан ажырап калган уулу Мамыркан-

ды чаар атка учкаштырып Үрүстөм артка чегинет. Жолунда дагы атынан ажыраган Тыныстам иниси артында жоо, алдында күркүрөгөн Марал суусу турат. Марал суусунун агымы айгыр агызкандай күрпүлдөп күчүндө, кыстоодо калган Үрүстөм учкашкан баласына "атасы бөлөк аттан түш" — деп, иниси Тыныстамды учкаштырып, Марал суусун бет алып чаар атка удаа-удаа камчыны басып калат. Айткан оозго жарашат, 7-8 метрдей аралыктагы суунун агымынан секирип кеткен экен. Кийин жайчылыкта көргөн адамдар чаар атка тулпар наамын бериштир. Үрүстөмгө кийин кайрылышып суроо салышканда: — "Бала белде, катын жолдо" — деген сөз бекеринен айтылган эместир, бала табылат, ини табылбайт деп жооп айткан экен. Ошол чаар атты минип айбалта менен Тыныстамдын жолборсту чапканы өзүнчө бир аңгеме. Ал аңгемени кайталап айтуунун кажети жок.

Менин айтып бергенимдин негизинде жазуучу А. Стамовдун өзүнүн "Жайыл баатыр баяны" аттуу китебинде "Тыныстам баатыр баяны" жана "Үрүстөм менен Байтик" — деген тема менен жазып чыккан. (45-49 бет).

Ырас, санжыра "уккан кулакта жазык жок" — дегендей, укканды айтып келебиз. Мен өзүмдүн укканымды ортого салдым. Ал эми кыргыздын алгачкы тарыхчысы Белек Солтоноевдин китебинде да Үрүстөм баатырды эскерип кеткен жери бар: "Солтонун бир балбан жигити менен өзбектин бир балбаны күрөшөт, өзбек балбаны жыгылып калып, ал себептен солто менен кокондук бузулушуп калган. Таластык саруу, кушчу менен төмөнкү солто кокондука толук карап калып, калган солтодон Канай, Карбоз, Эсенамандан Саке, Жайылдан Үрүстөм, Тыныстан баштап үч жүз чамалуу түтүн кокондукка карабас үчүн көчкөндө кокондуктун аскери кубалап барып, Ысык-Атадан жетип согушкан. Жангарач менен Канайды өзбектер колго түшүрүп, мейман туткун кылган. Көчкөн көчкө өзбекти аралатпастан Үрүстөм, Тыныстам, Саке үчөө өтө мерген болгондуктан атышып, акыры солтолор кокондукту жапырган. Туткундарын бошотуп алышкан..." — деген. Кимиси болсо да Үрүстөмдүн баатырлыгын даңазалайт Б.Солтоноевдин эскерүүсү "Кызыл кыргыз тарыхы" 1 том 178-бет.

Жогоруда биз сөз кылып жаткан Үрүстөм баатыр 86 жашында кайтыш болгон. Сөөгү Шиш-Дөбөгө коюлуп, азыр да урпактары бейитине барып эскерүү иретинде дуба кылып турушат. Кайран киши "биздин чыныгы үйүбүз ушу" — деп, жайын мурун каздырып, ичине аюу талпак салдырып, кезегинде ичине кирип бир убак жатып чыкчу экен.

Биздин көптөн бери сөз кылып келе жаткан Жайыл баатыр тууралуу санжыра ошол Үрүстөм баатырдан калган сөз.

# АБДЫГУЛ УУЛУ АДЫЛБЕК



Адылбек агабыз Жайыл районуна караштуу Жайыл айылында 1935-жылы 15-июнда төрөлгөн. Айылдан мектепте окуп илим-билимин алды. Ата-энесине жардамдашып колхоздун ар кандай иштеринде иштеди. Соода тармагында да аракеттинип иштеп жүрдү. Акыры айылдагы мектепке кол эмгек сабагынан мугалим болуп узак-жылдары эмгектенди.

Адылбек аганын демилгеси менен Жайыл атанын ысмы кайрадан мурдагы Калинин районунун ордуна Жайыл району деп аталышына бирден-бир демилгечиси. Акыркы он-он беш жылдан бери калеминин сыясы кургабай Жайыл атанын тарыхы, эрдиги, өмүр баяны жана санжырасы тууралуу үзбөй райондук, областык республикалык басма сөз беттерине маалыматтары жарык көрүүдө.

Үй бүлөлү, өмүрлүк жары Рапия жеңебиз баатыр эне. Агабыз экөөнүн: Сагынкүл, Сабырбек, Гүлбайра, Шайлообек, Абай, Гүлкан, Нагызгүл, Калича, Нурдос жана Айгеримдердин бактылуу ата-энелери.

Атанын баркын талашып,
Айтканы ага жарашып.
Атуулдук парзым деп билип,
Ата деп дайым таң ашып.
Жайыл деп наам берилди,
Атанын атын аташып.

Иликтеп терең чырмалын,
Иликтеп тарых чырларын.
Илгиртпей иштеп келатат,
Иликтеп тарых кырдаалын.
Ийгилик алга жылоолоп,
Иликтеп толук сырларын.

Чечмелеп ата-тегиңди,
Чечмелеп ага-бегиңди.
Чырмалышкан тарыхка,
Чынында өтө берилди.
Чыгаан жандан агабыз,
Ченемсиз жазаар чериңди.

*15[17] 7.09.03.*

## СУБАНКУЛ УУЛУ ЖАНГАЗЫ (СУРАНАЕВ)

Жангазы агабыз Кеңеш өкмөтүнөн бир жашка улуу, 1916-жылы Жайыл районунда төрөлгөн. Багына жараша ал төрөлгөндөн кийин бүтүндөй дүйнөнү жаңыртып Совет өкмөтү курулуп отурбайбы. Элибизде жашоо күрөш демекчи, Жангазы агабыз да жаңы орногон замандын жарчысы катары, анын активдүү куруучуларынан боло алды. Алдынкылардан болуп комсомолдун курамына өттү. Айылда, райондо комсомолдун иштерин үндөй-үгүттөп Совет Өкмөтүнүн өркүндөп өнүгүшүнө өз үлүшүн кошо алды. Бүгүнкү университеттерден күчтүү болгон, ал замандагы финансы-экономика техникумун 1937-жылы ийгиликтүү бүтүргөн адистерден.

Эмгек жолун Чүй областык комсомол уюмунун катчысы болуп иштөөдөн баштаган. 1939-жылы Советтик Армиянын курамына өтүп, Финдер менен согушка катышып калды, андан дароо эле Ата Мекендик согушка Смоленск алдында немистер менен бетме-бет салгылашууларды өткөрдү. Айыгышкан кармашта катуу жарадар болуп, медициналык комиссиянын чечими менен армияга жараксыз деген чечими менен туулуп өскөн өлкөсүнө кайтып келди.

Борбордук Комсомол Комитетинин багытоосу менен 1943-жылы Тоң райкомкомсомолунун биринчи секретарлыгына дайындалат. Ал жерде жемиштүү иштерди жүргүзгөн, уюштургуч жөндөмдүү кадырды дароо эле Нарын обкомунун комсомол уюмунун секретарлыгына которушат. Бул кызматта Жангазы агабыз 1944—1947-жылдары кынтыксыз кызматын өткөрөт. 1947—1948-жылдары Кемин райондук аткаруу комитетинин председатели, 1949—1950-жылдары Чүй обком партиясында жемиштүү эмгектенет.

Жангазы агабыз 1950—1952-жылдары Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинде кадырлар бөлүмүнүн төрагасы, 1952—1953-жылдары Талас областынын финансы бөлүмүнүн башчысы, болуп иштеп жүргөндө 1953—1955-жылдары Талас областынын Киров районунун биринчи секретары кызматына дайындашат. 1955—1957-жылдары кайрадан финансы министрлигинин кадырлар бөлүмүнүн жетекчилигине которулуп келет.

Жангазы агабыз ушундай кызматтан кызматка которулуп күнүтүнү жан үрөп иштеп жүрүп Москва шаарындагы Бүткүл союздук финансы экономикалык институнан заочно окуп аны ийгиликтүү бүтүргөн.

1957—1964-жылдары Аламедин, 1964—1986-жылдары Сокулук, 1986—1988-жылдары Панфилов райондорунун финансы башкармалыктарын жетектеп эмгектенип жүрүп, ардактуу эс алууга чыкты.

Эскере кете турган нерсе Жангазы агабыз Тоң районунда комсомолдун секретары болуп иштеп жүргөндө жеңебиз Кылыч кызы Тынкатар менен таанышып, маселени кабыргасынан койгон тура. Ал учурда он жети жаштагы, толгон айдай толукшуган көлдүн ак куусу, агабыздын койгон сунушуна макул болуп, макул болбой жатып, зорго

дегенде уялган жаш кыз башын ийкегендей болгондо, агабыз алып-учуп кеткен тура.

Жеңебиздин Түнкатар деген атынын да өзүнчө сырдуу түйүнү бар экендигин сезип турсаңыздар керек. Өзүңөр билгендей 1916-жылы үркүндө бөтөнчө көлдүк кыргыздар толугу менен кытайга үркө качып кирип кеткен экен. Кийин Совет Өкмөтү орногондон кийин, анын калыстыгын, замандын теңдигин уккан Кытайдагы кыргыздар элине көчүп-конуп ашуу ашып бел басып, мекени болгон Ысыккөлгө кайра жөнөгөндө жолдо келе жаткан ат үстүндөгү ай күнү жеткен келиндин толгоосу чыңалып "баа" — деп, наристе бул жарыкчылыкка бинаа болот. Мээримдүү энелер жаңы көрүнгөн наристенин киндигин кесип ороого ороп, аталар "Асан" чакырып атын түндөсү төрөлгөн деп Түнкатар деген ысым койгон тура.

Ооба, Жангазы агабыз менен Түнкатар жеңебиз 45 (кырк беш) жыл ынтымактуу, балдай ширин жашоолорун өткөрүп Тынарбек Тынчтыкбек аттуу уулдардын жана Сабира аттуу кыздуу болушат. Кудайдын буйругу кыздары жаштайынан эле чарчап калыптыр.



Жаны тынбай жайы-кышы Жангазы,
Жаштык кези жалындаган жашжаны.
Жоону беттеп Смоленский жеринде,
Жүзмө-жүз немис менен арбашты.
Жүзү курган баскынчыдан талашып,
Жарым карыш жерлер үчүн кармашты.

Жарат алып согушууга жарабай,
Жарат ырбап шишиктери тарабай.
Жатып албай жанын үрөй иштеди,
Жаны ооруган жаратына карабай.
Жетектеди комсомолдо жаштарды,
Жалын улап жүрөгүндө сабалай.

Кылымдардын төрттөн бири чейреги,
Каржылоочу тармактарын тейледи.
Кынтыгын таап, уяткара эскерип,
Кытып алган, кымтып алган жерлерди.
Калыстыкта кара кылды как жара,
Кара ниетке, кытмырларга эй деди.

*21[47] 24.04.04.*

## ЖАНГАЗЫ УУЛУ ТЫНАРБЕК

Тынарбек мырзанын бул китептеги оорду өзүнчө болоор деген пикирдемин. Анткени бүгүнкү күндө такталбаган тарыхый маалыматтарда Жайыл атанын урпактары 40 (кырк) миңден ашкан деген кептер таралууда. Менин өзгөчө белгилей кетейин дегеним мына ошончо адамдардын арасынан Жангазы уулу Тынарбек мырза биринчи болуп Жайыл ата жөнүндө атайын “Бий Жайыл баатыр” деген көлөмү 3,5 басма табак болгон орус жана кыргыз тилинде көркөм адабий басмасын жарыкка чыгарган азамат мырза.

Ооба азамат. Анткени Жайыл атанын урпактарынын ар бири бирден “барак” — Жайыл атабызга эмгек жаратканыбызда, анда 40 томдук жыйнак чыкмак.

Тынарбек (Тянарбек). Мырза өз китебинде, Жайыл атабыз өз доорунда кыргыз элинин эркиндиги, өз эли-жерин кара ниет баскынчылардан бошотуу жана аны коргоо үчүн жүргүзгөн күрөшүү, кашык каны калганча душмандар менен кармашып жатып каза болгону толук чагылдырылган.

Акыры эл арасында достук өкүм сүрүп. Жоогач баатыр Жайыл досунун өмүрүн сурап алганда, Жайыл ата кичүү баласы Итикеге мен бул турмуштан көрөөрүмдү көрдүм, жашым жетимишти таталап калагнда мен өлүмдөн аман калып береке тапмакмынбы деп, уулдары Үсөн, Теке Итике иниси Момоконго бириңер элге жөнөгүлө дегенде, бир туугандар бири-бирин карашып биздин аркабызда тукум калды, мына кенжебиз Итикеге жооп берели (13 жашта экен) деп, бир ооздон ыраазычылыктарын Итикеге берген тура.

Мына ошондо тирүү калган Жайыл атанын Итике уулунан бүгүнкү күндө миң чамалаш түтүн үй куралып отурат. Дал ошол Итикенин тукумунан чыккан Жангазы агабыздын азамат уулу Тынарбек “Бий Жайыл баатыр” китебин жаратпадыбы. Сага миң мертебе рахмат Тынарбек чыныгы атанын уулу сендей болушу керек демекчибиз.

Өлбөстүктү тартуулайм деп балама,
Өзү өлүп, жашоо каалап балага.
Өмүр өтүп күүгүмүнө келгенде...
Өмүр улоо бала дарты санаада.
Ошол күндөн Итикеден бүгүнгө,
Өсүп-өсүп миң түтүн үй калаада.

Итикенин бир уулунан Тынарбек,
Ичтен ойлойм, эр азамат кыраан деп.
Иликтеди жазды ата тарыхын,

Изилдешип окуп анан сынаар деп,
Иничекке урмат менен сый деймин,
Иши жылып чоң тарыхты сураар кеп.

Барактап тарых беттерин,
Барды жок кыла эптээрин.
Бүлүнтө чаап Жайылды,
Бир боорлор жайлап кеткенин.
Бүтүндөй жаздың тарыхка,
Бет бактын бетсиз тектерин.

*$4^{33}$ 25.04.04.*

## САТЫБАЛДЫ УУЛУ ЖАНУЗАК



Жанузак агабыз 1932-жылы Жайыл районуна караштуу Жайыл айылында (Большевик) төрөлгөн. Айылда окуп сегиз жылдык билимин алгандан кийин 1947-жылы Фрунзе шаарындагы финансы техникумуна кирип 1950-жылы ийгиликтүү аяктаган. Окууну эң жакшы баалар менен аяктаган келечектен көптү үмүттөндүргөн жаш өспүрүмгө республикабыздын финансы министрлиги атайын жолдомо берип Ташкенттеги экономика боюнча жогорку окуу жайына өтүп, аны ийгиликтүү бүтүрүп келип финансы министрлигинин алдынад эмгек жолун баштаган.

Жанузак агабыз республикабыздагы алгачкы жогорку билимдүү экономистерден болуп республикабыздагы маданият жана социалдык камсыздоо министрликтеринде ийгиликтүү иштеген. Бул камсыздоо министрлигинин орун басары болуп узак жылдары жемиштүү эмгектенген. Андан кийин Фрунзе шаарынын финансы башкармалыгын да жетектөө иштерин жүргүзгөн.

Албетте агабыздын жараткан ийгиликтерин бирден саноонун кажети жок, көптөгөн Өкмөттүк ардак грамота, орден медалдар менен сыйлануу менен борбор шаарыбыздын депутаты да болгон. Агабыздын уулу Калыбек мырза да элибизден чыккан чыгаан бизнесмендердин бири, Жайыл айылына медересе курдурган эр азамат экенин эскере кеткенибиз ашыктык болбос.



# СУБАНКУЛ УУЛУ АЙНАБЕК

Айнабек агабыз 1937-жылы 18-апрелде Жайыл районунда төрөлгөн. Борборубуз Фрунзедеги атагы Ааламга кеткен №5 орто мектебинде окуп билим алып 1955-жылы бүтөөр менен эле К.И.Скрябин атындагы айыл чарба институтунун агрономия факультетине өтүп илим-билимин алып окумуштуу аграном деген дипломуна ээ болгон.

Эмгек жолун Аламедин районундагы Аламедин совхозунда катардагы эле агрономдуктан баштаган. Чарбанын талаачылык тармагында такшалган окумуштуу агрономдун иш аракети жогору бааланып, айыл чарба министрлиги Кемин районундагы Чоң Кемин совхозуна башкы агрономдук кызматына которушкан. Агабыз ал жерде да үзүрлүү эмгектенгени Өкмөтүбүз тарабынан бааланып Талас областындагы (Киров) Кара-Буура районуна башкы агрономдук кызматка которушкан. Айнабек агабыз бул жерде да алган илим-билимин өндүрүшкө тажырыйбада колдонуп мол түшүм алуу менен зор ийгиликтерди жаратты.

1979-жылы үй-бүлөлүк шартына байланыштуу Сокулук районуна даярдоо конторасына инспектор болуп которулуп келип үзүрлүү эмгектенип ийгиликтерди жаратуудa.

Өмүрлүк жары Маданият кесиби педагог (чет тили боюнча). Агабыз кай жерде иштесе ошол жерде мектептин окуу бөлүмүнүн башчысы, директору болуп эмгектенди.

Кыздары Замира, Мамлекеттик университетти бүтүргөн жогорку билимдүү. Элеман, Айжандардын бактылуу энеси.

Өндүрүп арбын түшүмдү,
Өнөктүк жагын түшүндү.
Өзөгүн жулуп сойгоктун,
Өнүмүн толук түшүрдү.
Өбөлгө болуп фермерге,
Өрнөктүү кеңеш түзүлдү.

Санжыра жагын сайраган,
Санаадан чыкпай кайрадан.
Салымын кошо тарыхка,
Сар санаа күндөр айлаган.
Сар эсеп менен иликтеп,
Солтодон бийди шайлаган.

Үрөнгө берип азыгын,
Үрөндүн билип асылын.
Үңүлө иштеп келатат,



Үшкүрө тынбай басыгын.
Үлүшүн берип дыйкандын,
Үнөмдөй үрөн ашыгын.



## СУБАНКУЛОВ ЖАМАЛБЕК

Жамалбек агабыз 1932-жылы 14-апрелде Жайыл районунда төрөлгөн. Айылдан жетинчи классты бүтүрүп келип Фрунзе шаарындагы финансы техникумуна өтүп окуган. Ошол эле жылы Ташкент шаарындагы финансы экономикалык институтка өтүп жогорку билимдүү финансист-экономист деген адистигине ээ болот.

Эмгек жолун Фрунзедеги областык финансы бөлүмүнө мамлекетке киреше бөлүмүнүн ага инспектору болуп ишин баштаган. Аракетин, дилгирлүү ишкерди көп узабай шаарлык финансы бөлүмүнө сектордун жетекчилигине которуп алышкан.

Жамалбек агабыз 1960-жылы 28 жашында республикабыздын финансы министрлигине мамлекеттик киреше бөлүмүнүн жетекчиси болуп дайындалат. Жооптуу иште агабыз узак жылдары жемиштүү эмгектенген. Республикабыздагы финансы кызматынын отличниги деген ардактуу наам ыйгарылган. Агабыз көп жолу бир кезектеги өзү бүткөн финансы техникумунун бүтүрүүчүлөрүнүн мамлекеттик сынагынын төрагасы болгон. Эмгеги Өкмөт тарабынан жогору бааланып Ардак грамоталар, баалуу сыйлыктар менен сыйланган.

**Жамалбек агабыздын уулу Туратбек*** мырза 1967-жылы туулган. Мектептен билимин алып, автожолдор техникумунан окуп, аны кызыл диплом менен бүтүргөн. Алган билимин өркүндөтүүнү көздөп Мамлекеттик университетине өтүп аны да кызыл диплом менен бүтүргөн.

Эмгек жолун К.И.Скрябин атындагы агрардык университетинде мугалим болуп, келечектин кадырларына билим берүүдөн баштаган. Бухгалтердик эсеп-кысап бөлүмүндө кафедра башчысы. Турат окутуучулук менен бирге илимий иликтөөлөрүн да колго алып 2000-жылы өз адистиги боюнча кандидаттык илимий даражасын ийгиликтүү коргогон азаматтардан.

## СУБАНКУЛ УУЛУ ЖАЙНАК

Жайнак агабыз 1928-жылы төрөлгөн. Мектептен кийин финансы багытында билимин алган. 1948-жылдан 1964-жылга чейин Фрунзе шаарындагы Биринчи Май районунда, Калинин райондук финансы бөлүмүндө жана Ысыккөл районунун райфинбөлүмүндө үзүрлүү эмгектенди.

сүрөө №42 (99)




Үрүстөмдүн балдары:

1. Кулболот, Байто, Мантобай, Со-оронай, Маалабай, Нусубаалы, Кадыраалы, Мамбеталы, Үмөтаалы, Шанкор — кенжеси. Кызы — Суранчы.

сүрөө №43 (99)


Жайыл
Итике
Медер
Сарменде
Саты
Сарымсак
Мамыркул
Иманкул
Бейшенкул
Мукан
Темиржан
Өмүржан
Садык
Эркебек
Исак
Искак
Дыйкан
Жумагул
Бообек
Өмүркул
Сансызбек
Асылбек
Арчабек
Абдырайым
Качканак
Абдырахман
Токон
Эсен
Эпиш
Жайлоо
Садыркул
Токтобек
Кудайберген
Мендебаатыр
Касым
Жүкө
Абдырахман
Базарбек
Адыл
Муса
Төлөн
Иса
Саламат
Канат
Кубанычбек
Турусбек
Руслан
Өмүркул
Төлөмүш
Надырбек
Темирбек
Нурлан
Руслан
Бапыш
Жолдош
Каныбек
Ырысбек
Эраяп
Карбос
Тойчубек
Жусуп
Бакир
Шакир
Шамшы
Рустам
Сүйүнбай
Канат
Талант
Сатыбалды
Өмүрсак
Каныбек
Берээнбек
Бакыт
Бактыяр
Эсенаалы
Орунтай
Таалайбек
Анарбек
Майрамбек
Оңолбек
Рустам
Саламат
Кожобек
Келдибек
Жусупказы
Апыш
Элдос
Болотбек
Кожогул
Садыбакас
Сыргабек
Бектурган
Замир
Жылдыз
Саруу
Садырбек
Жайыл*
Алмазбек
Адил
Эмил
Эдил

## КЕЛДИБЕКОВА ЗАМИРА САДЫБАКАСОВНА

Жайыл районунундагы зооналдык ветеринардык лабораториянын директору. Замира Садыбакасовна турмуштун ысыгына күйүп, суугуна тоңуп өмүр бою адамдарга жана айбанаттарга барабар жугуучу жугуштуу ылаңдарды аныктоо үчүн бардык аракеттерин аянбастан иштешип элге бруцеллез, туберкулез жана эхинококкоз ооруларынын жугушуна бөгөт коюуда зор салымы бар.

Узак жылдардан бери Жайыл районундагы райондор аралык ветеринардык лабораториянын директору, чыгаан жетекчи, илимдин бүгүнкү кандидаты, эртеңки доктору.

Кыйлалар жүрөт ишин тарталбаган.
Кыңырда кыйын ишин арталбаган,
Кыз бала ишинде күч Замира бар.
Кыйналып кызматынан жалтанбаган,
Көзүнөн оту жана жаркылдаса...
Көз түшүп көбү сөзүн айталбаган.

Үңүлүп мекеменин иштерине,
Үлгүрүп оокат-ашың ичпедиң ээ.
Үзүлүп таңдан-кечке алп уруша,
Жоюуга жугуш дартын тиштенүүдө.
Үзүрлүү илимий иш коргоп алды,
Үмүтү орундалып күчтөнүүдө.

Тагдырдын татымына тан беребиз,
Таймашсак талапкерге тың келебиз.
Тынымсыз элим, жерим, мекен үчүн,
Талпына, тайсалдабай биз жеңебиз.
Түбөлүк курут кылаар илдеттерди,
Тайманбас, тартынбастан биз элебиз.

*5³1 27.06.02.*

сүрөө №44 (89)



Жайыл
Итике
Медер
Жунуш
Назар
Жаныстам
Качыке
Керимбай
Ногой
Батырбаш
Исмаил
Каныбек
Ырысбек
Руслан
Зайырбек
Замирбек
Мыскалбек
Кылыч
Жумадил
Мундусбек
Адыл
Сагынбек
Кадырбек
Садырбек
Турсунбек
Сыргак
Балкан
Айдар
Ишеке
Чыйбыл
Сардар
Талант
Мурат
Исраил
Мусилим
Аден
Мирбек
Алмаз
Нурлан
Канай
Тынай
Нурбек
Улан
Анарбек
Ормокой
Рыскул
Койчу
Ыбрайым
Талип
Кемел
Эмил
Турар
Турсунбек
Патрис
Бакыт
Нурбача
Абдыбача
Жамансары
Насыркул
Насыр
Руслан
Имразан
Ислан
Самат
Данияр
Тимур
Медер
Токтосун
Токон
Дүйшөн
Атыкан
Баба
Аалы
Төлөгөн
Ныяскул
Ильяс
Аскарбек
Сейит
Улан
Канат
Ногойбай
Өзбек
Карнак
Андрей
Алтын
Эгизбай
Данияр
Жамансары
Токтогул
Калык
Осмонкул



# КОЙЧИЕВ ТУРАР

Койчиев Турар Жайыл районунун Сары-Булак айылында 1938-жылы 4-сентябрда төрөлгөн. Кыргыз, билими жогорку. 1961-жылы Кыргыз мамлекеттик университеттин география факультетинин экономика бөлүмүн бүтүргөн.

Эмгек жолун 1961-жылы окууну бүткөндөн кийин Ош областык облпланда ага экономист болуп иштөөдөн баштаган. 1963-жылы Улуттук Илимдер Академиясынын экономика институтуна аспирантурага өтөт. Аспирантураны аяктагандан кийин кенже, ага илимий кызматкер болуп, бөлүм башчысы, институттун директорунун орун басары болуп иштеген. 1987-жылдан 1993-жылга чейин Илимдер Академиясынын вице-президенти, 1987-жылы Илимдер Академиясынын мүчө-корреспонденти. 1989-жылы анык мүчөсү болуп шайланат. 1990—92-жылдары Кыргыз Республикасынын мамлекеттик секретары, 1993-жылы Республиканын Өкмөтүнүн вице-премьери, 1993-жылдан баштап Улуттук Илимдер Академиясынын президенти болуп шайланган.

Койчиев Турар 200дөн ашык илимий эмгектин автору, жеке өзүнүн монографиясы, 30 брошюра жана авторлош болуп 90 монография чыгарган. Үй-бүлөлүү, эки уул, бир кыздуу. Уулдары, кызы да илимдин кандидаттары.**

Талантын талбай талдадың,
Талантын таамай тандадың.
Так иштеп илим-билимге,
Түйшүктө түн-күн талбадың.
Тагдыры үчүн элиңдин,
Тейледиң илим тармагын.

Акылы менен такшалган,
Акылы менен таш жарган.
Акылда калчап асылын,
Алтынын бөлө таштардан.
Айтылуу реформа ишинде,
Айттырбай айкын башкарган.

Конституция долбоорун,
Кайра реформа жолдорун.
Канткенде кыргыз эл-журтун,
Калыптанаар болжолун.
Каректин майын коротуп,
Кашкайта жазды оң-солун.

Турар Койчиев — экономика илимдеринин доктору, профессор. Кыргыз Улуттук илимдер академиясынын анык мүчөсү, республиканын илимине эмгек сиңирген ишмер, Кыргыз Республикасынын илим жана техника жагында мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, көптөгөн чет элдик академиялардын анык жана ардактуу мүчөсү. Новелев сыйлыгынын лауреаты, академия Л.Канторович атындагы диплом менен сыйланган. Турар Койчиевичтин ысымы 1997 жана 2002-жылдары Американын "Кто есть кто" деген китебиндеги дүйнөнүн орошон окумуштуу илимдеринин тизмесине киргизилген. Нью-Йорктогу библиографиялык изилдөөлөр институту аны "жылдын адамы" деп таанышкан.

Бүгүнкү күндө Турар Койчиев финансы министрлигинин алдындагы экономикалык жана социалдык реформа борборунун директору.

Академик Турар Койчиев Кыргызстандын коомчулугуна кеңири таанылган көрүнүктүү окумуштуу-экономист, педагог, илим тармагында жана мамлекеттик иштердеги чыгаан уюштургуч, Кыргызстандын көз карандысыз эгемендүү өлкө болушуна басымдуу салымын кошкон инсандардан.

Кыргызстандын эл чарбасынын жаңы шарттарда өсүп-өнүгүүлөрү боюнча атайын илимий негизделген доклатдары менен Россияда, АКШда, Англияда, Германияда, Японияда, Кытай элдик республикасында, Турцияда, Голландияда, Индияда, Пакистанда, Иранда, Бириккен Араб өлкөлөрүндө, Кипрде, Казахстанда, Өзбекстанда жана Тажикстанда өткөн конференцияларда чыгып сүйлөгөн.

Анын илимий эмгектери Москва, Нью-Иорк, Лондон, Токио, Пекин, Анкара, Амстердам, Үрүмчү, Берлин ж.б. у.с. өлкөлөрдө жарык көрдү.

Турар Койчиевдин ишмерлиги көп кырдуу, көптөгөн коомдук кызматтарды да жетектейт. 1998-жылдан бери Кыргызстан менен Кытай өлкөлөрүнүн элдеринин достук жана кызматташтык коомунун Президенти, ошондой эле элибиздин калың катмарына илим-билимди үгүттөп жаратууда республикабыздын "Билим" коомунун да Президенти.

Турар Койчиевдин жеке демилгеси менен 1999-жылдан баштап "Реформа" журналы жарык көрүүдө. Ал 2002-жылдын аягынан баштап эл аралык журнал деген статусун ала алды. Бул журналды Кыргызстандагы эле актуалдуу маселелер боюнча статиялар кыргыз авторлору тарабынан жарык көрбөстөн, Россия, Казахстан, Өзбекстан, Тажикстан, Грузия, Турция, Кытай ж.б. у.с. өлкөлөрдүн авторлору да илимий иликтөө-изилдөөлөрүн кеңирээк жарыялашууда.

Турар мырзанын демилгеси менен республикабызда "Экономистер реформа үчүн" деген коомдун бирикмеси түзүлгөн. Алар фундаменталдык илимий эмгектерди даярдоодон башташты. Өзгөчө "Жүздөгү экономикалык ой-пикир" — аттуу монографиянын жарык көрүшүн бегилөөгө болот.

Коомдук бирикменин көңүлүнүн борборунда бүгүнкү күндө республикабыздагы жергиликтүү өзүн-өзү башкарууну районунун, Чүй, Жа-

палабат, Ош областарынын социалдык-экономикалык программаларын жазып чыгышты. Ошондой эле Кыргыз Республикасында өндүргүч күчтөрүнүн жайланышын жана комплекстин өнүгүүсүнүн 2020 жылдарга чейинки концепциясын даярдашкан.

Экономикалык реформа боюнча мамлекеттик комиссиянын төрагасы кызматындагы ишмер, Мамлекеттик Сектарь, Кыргыз Республикасынын Вице-премьери катары, Академик Турар Койчиев экономиканын базар шартына которууга, көзкарандысыз эгемендүү Кыргыз мамлекеттинин түзүлүшүнө зор баалуу салымын кошту. Бул салымдары Парламент тарабынан жактырылып ишке ашырылууда.

Ал Улуттук валютаны киргизүү Мамлекеттик комитеттин көз карандысыз эксперт мүчөсү. Бул маселе боюнча академик В.М.Плоских менен 1991—1992-жылдары эки илимий эмгектери жарык көрдү. Коомдук иштер менен бирге келечек кадыр, окумуштууларды даярдоо-боюнча педагогикалык ишмерлигинен да кол үзгөн жок. Анын жетекчилигинен, астында беш илимдин доктору жана он алты илимдин кандидаты илимий изилдөөлөрүн ийгиликтүү коргоого жетишти. Республикабыздын экономика тармагындагы мындай үзүрлүү эмгектери Өкмөтүбүз, президентибиз тарабынан акыйкат бааланып, Турар Койчиев 2003-жылы үчүнчү даражадагы Манас ордени менен сыйланган.

Кыргызга жетип сурагың,
Кыскарган бекер убагың.
Кенедей бошой калганда,
Кыңылдап ыр сап курадың.
Кыргызды бөлбөй урууга,
Кыргыз деп ырды чубадың.

Ооба, Турар мырза менен эртели-кеч борборубуздун Эркиндик бульварынан жолуга калганда, уурутунан жылмайып жылуу, сый-сыпаа учурашып калабыз.

Турар айрымдарга окшоп кыргызды кырк урууга бөлбөйт, ал үчүн солто, саяк, сарбагыш, саруу бир эле — кыргыз деп түшүнгөндүгү менен көптөгөн, мен деген кыргыздардан айрымаланган инсан экендигине өзүңүздөр ынандыңыздар.

Турар агабыз спорттун чебери. Өз заманында бокс боюнча шаарыбыздын эле эмес республикабыздын бир нече жолу чемпиону болгонун эскере кеткенибиз оң болоор.

Ооба, акыркы учурларда орус тилинде жазган ыр саптары газеталардан жарык көрүп калганына күбөбүз.

Опсузга айтпай сырыңды,
Ортого салып чыныңды.
Ой коруму тепкенде,
Орусча жазып ырыңды.

# КОЙЧИЕВ ТУРСУНБЕК ОРМОКОЕВИЧ

Турсунбек мырза 1941-жылы Жайыл районуна караштуу Сарыбулак айылында төрөлгөн. Айылда ата-эненин тарбиясында жүрүп орто мектепти бүтүрүп келип Фрунзедеги сүрөтчүлөрдүн атайын окуу жайына кирип окуп, кыл калемдер чеберчилигине талыкпай окуп, купуя сырын ача билимин алды.

Эмгек жолун 1964—1965-жылдары Пржевальскийдеги сүрөтчүлөрдүн өнөрканасында иштөөдөн баштаган.

1965-жылдан 1997-жылдары Кыргыз республикасынын художниктер фондунда үзүрлүү эмгектенип, көптөгөн республикалык, эл аралык көргөзмөлөргө катышып, ийгиликтүү ийгиликтерге жетише алды. Анын тарткан сүрөттөрү Москвада, Алма-Атада, Түштүк-Сахалинде, Грузиянын Кутамен шаарында, алыскы чет өлкөлөрдөн: Италияда, Бельгияда, Монголияда ж.б.у.с. көптөгөн жерлерде көргөзмөлөрдө көргөзүлгөн.

Турсунбектин эмгектерин баалап Республикабыздын Лениндик жаштар Союзунун СССРдин Комсомол уюмунун Борбордук Комитетинин бир нече жолку Ардак грамоталарына дипломдоруна татыктуу болгон. Бүткүл Союздук эл чарбаларынын көргөзмөсүнүн күмүш медалына татыктуу болгон.

1993-жылы Кыргыз Республикасынын Өкмөтү Турсунбектин эмгегин өтө жогору баалап, "Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген кызматкер" — деген ардактуу наамды ыйгарган.

Кыл калемде, жүрөк сырын чечалган,
Көкүрөктө калбагандай эч арман.
Кыргызымдын кыйла жерин сүрөттөп,
Күнү-түнү түйшүктөнүп эс алган.
Келиштирип керек болсо керме-тоо,
Кырдан ашып кыл чокуга бет алган.

Көркөмдөөдө келиштирген келбетин,
Кыл калемде кереметтүү жер бетин.
Кыр чыгара арыгын чаап аңыздын,
Күн алыста берип утур шербетин.
Койчу уулу Турсунбектей инсандар,
Кыл калемдүү чебер мырза эр дедим.

Көз жоосун алган жерибиз,
Калемгер, чебер элибиз.
Кең пейил, шайыр ак көңүл,
Калкыма — бизге келиңиз.
Конокко төрдөн жай берген,
Келиңиз-келиң, дээрибиз.

*4[14] 7.05.04.*



# ЫБРАЙЫМ УУЛУ ТАЛИП

Талип мырза, 1940-жылы 27-декабрда Жайыл районуна караштуу, Сарыбулак айылында төрөлгөн. Карабалтада орусча окуп орто мектепти бүтүргөндөн кийин Мамлекеттик университеттин орус тил адабият факультетин бүтүргөн. Андан кийин Москвадан эки жылдык режиссерлук окууну бүтүрүп келип, Кыргыз Республикасынын киностудиясында алды менен редактор андан башкы редактору болуп үзүрлүү эмгектенди. Ондогон-ондогон көркөм тасмаларынын жаралышына автор боло алды.

Эмгеги Өкмөтүбүз тарабынан бааланып Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген кызматкер деген ардактуу наамга татыктуу болду. Уулу Эрмек да атасынын жолун жолдоп киностудияда эмгектенүүдө.

Талип мырза Кыргызстан жазуучулар союзунун мүчөсү, анын калеминен көптөгөн повестери Москва, Минск шаарларында жарык көргөн. Узак-узак жылдары «Көрөгөч» — аттуу сатиралык киножурналдагы көптөгөн сюжеттердин автору болгон.

Көөдөндө самап асканы,
Көркөмдөп жазып тасманы.
Кылымдан бери түшүрүп,
Кынтыксыз кылды асты аны.
Кылымга даңктап кыргызды,
Кылдаттык менен жазды аны.

Элиңе жасап эмгекти,
Эсепсиз сенден тер кетти.
Эр эмгегин, эл жебейт,
Эмгеги менен эр жетти.
Экиден пачка попирос...
Ээ бербей чеге бермекпи?

Тасмадан тасма жараттың,
Таңдантып элди караттың.
Тагдырын толук туюнтуп,
Тагыраак айтсам саматтың.
Түнү-күн ишке үңүлүп,
Талабын иштеп жаннаттын.

*22[21] 6.05.04.*

# АБДЫБАЧА УУЛУ ИМРАЗАН



Имразан мырза 1955-жылы 17-мартта Жайыл районуна караштуу Бөксөжол айылында төрөлгөн. Он жылдыкты бүткөндөн кийин Бишкектеги мамлекеттик дене тарбия институтуна 1973-жылы өтүп 1977-жылы ийгиликтүү аяктагандан кийин Советтик Армиянын курамына 1977—1979-жылдары кызматын өтөп, Ата-Мекенди коргогон.

Армиядан келген жогорку билимдүү адис эмгек жолун Карабалта шаарынын аткаруу комитетиндеги ички иштер бөлүмүндө участкалык инспекторлук иштен баштаган. 1980—1983-жылдары Кыргыз республикасынын ички иштер министрлигинин алдынагы кенже жана орто билимдүү адистерди даярдоо мектебинин окутуучусу болуп эмгектенген. 1983—1991-жылары СССР ички иштер министрлигинин Фрунзедеги атайын адистештирилген орто билимдүү милиция кызматкерлерин даярдоо мектебинин ага окутуучусу болуп үзүрлүү эмгектенген. 1988-жылы Карагандыдагы ички иштер министрлигинин жогорку окуу жайын бүтүргөн.

1991-жылы Кыргыз Республикасынын Ички иштер Министрлигинин окуу бөлүмүнүн орун басары, 1992-жылдары Кыргыз Республикасынын Ички иштер Министрлигинин алдындагы жогорку окуу жайынын ага окутуучусу, 1992—1996-жылдары ушул эле окуу жайынын сырттан окуу бөлүмүнүн төрагасы, болуп иштеген. 1996—2000-жылдары, Кыргыз Республикасынын Ички иштер Министрлигинин алдындагы жогорку окуу жайынын мамлекеттик укуктар тармагы боюнча кафедранын жетекчиси, окуу бөлүмүнүн башчысы, жана жетекчинин биринчи орун басарлык кызматында эмгектенген. 2000-жылы Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин атайын кадырларды даярдоо борборунун орун басары, ал эми ошол эле жылдын аягынан баштап генерал-майор Ж.Шабиров атындагы атайын мектептин жетекчисинин орун басары болуп үзүрлүү эмгектенүүдө.

Жогоруда көрсөтүлгөндөй Имразан мырза өмүр бою ички иштер министрлигинде эмгектенген эр азаматтарды тарбиялоодо өзүнүн басымдуу салымын кошконуна күбө болдуңуздар. Андан тышкары да Кыргыз Республикасынын башка өлкөлөр менен эл аралык карым-катнаш байланыштарын чыңдоодо да зор үлүшүн кошкон инсандардан. Алсак 1997-жылы 22-декабрдан 27-декабрга чейин Бүткүл дүйнөлүк Бириккен Улуттар Уюмунун Өзбекстанда өткөн Ички иштер кызматкерлери тарабынан "Адамзаттын укугун коргоо" деген эл аралык семинарга катышып терең маанилүү докладын окуп, баалуу сунуштарын кийриген.

1999-жылы 10-21 май айынын күндөрүндө Венгрия өлкөсүнүн борбору Будапешт шаарында өткөн "Криминалдык полиция" жөнүндөгү

эл аралык семинарга катышып, бул багыттагы республикабызда аткарылган иштерди маалымдаган. Ушул эле жылдын ноябрь айынын 12-22 күндөрүндө Венгриянын борбору Будапешттеги Европа өлкөлөрүнүн борбордук Университетинде "Ички иштер министрлигининин Академиясында Адам укугун коргоо боюнча сабак берүүнүн методологиясы" деген темада өз ыкмалары боюнча докладын баяндаган.

2002-жылы 29-30 январда "Гуманитардык укук" боюнча эл аралык кызыл жарым ай коомунун катышуучусу. 1996-жылдан 1998-жылдарда "Кыргызстандагы Демократиялуулук" проектиси боюнча Кыргыз Республикасынын Ички иштер Министрлигининдеги ПРООНдун түзгөн атайын группасынын жетекчиси болуп үзүрлүү ишин алып барган.

— Республикабыздын областарында, район, шаарларында укук коргоо кызматкерлеринин арасында жумалык мөөнөттөрдө атайын семинарларды өткөргөн.

— 1997-жылы сентябрь-октябрь айларында Федеративдик Германия Республикасынын полиция багыты боюнча окуу мектептериндеги алгылыктуу иштери менен таанышууга катышкан.

Рыскулов Имразан Абдыбачаевич иштеген күндөлүк ишин илимий изилдөөнүн негизинде атайын илимий иштерди иликтеп, изилдеп отуздан ашык илимий эмгектерди жазуу менен бирге ондогон-ондогон монографияларды жазууга да жетишти.

Бул үзүрлүү иштерин ийгиликтүү коргоп, республикабыздын Жогорку Аттестациялык коммиссиясы тарабынан "Юридика илимдеринин кандидаты" деген ардактуу окумуштуулук даража ыйгарылган. Имразан мырзанын калеминен жазылган эмгектер:

— "Ички иштер тармагындагы укуктун негизин уюштуруу" деген монографиясы. Бишкекте 1995-ж. Жарык көргөн — 55 барак.

— "Укук коргоо органдары тармагында, адамдын укугун коргоо механизими". Бишкек, 1997 ж. — 552 барак.

— Кыргыз Республикасынын Конституциялык укуктары" Бишкек, 1998-ж. — 226 барак.

Ооба, Имразан Абдыбачаевдин жараткан ийгиликтери Кыргыз Респубдикасынын Өкмөтү тарабынан Ички иштер Министрлиги тарабынан бааланып төмөндөгү сыйлыктарга татыктуу болду:

— "Кынтыксыз кызматы үчүн, I-II-III — даражадагы" медалдары.

— "Кыргыз милициясынын 70-жылдыгы", (1994-ж.).

— "Кыргыз милициясынын 75-жылдыгы" (1999-ж.).

— "Милициянын отличниги" (1985-ж.).

— "Ички иштер кызматындагы отличник кызматы үчүн" (1998-ж.).

— Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн, Ички иштер министрлигинин, Фрунзедеги милиция мектебинин, Бишкектеги жогорку окуу мектебинин бир нече жолку Ардак грамоталары менен сыйланган.

— Милициянын полковниги (1998-ж).

— Юридика илиминин кандидаты (1995-ж).*

— Доцент (1997-ж).

— Кыргыз Республикасынын эл агартуусунун отличниги (1996-ж).
— Милициянын отличниги.
— Күрөш боюнча СССР спортунун мастери (1975-ж).
— Күрөш боюнча Кыргыз Республикасынын бир нече жолку чемпиону, эл аралык күрөштөрдүн чемпиону.
— Москва шаарынын чемпиону (1978-ж).
— Адам укугун коргоо боюнча докторлук илимий иши аяктап коргоонун алдында. Бүгүнкү кандидат, эртеңки доктор юридика илимдери боюнча.

Имразан, эки тилде (кыргыз, орус) эркин сүйлөп, жаза билет. Андан тышкары англис тилинде сөздүктүн жардамы менен которуп окуй алат.

Интернет менен байланышып, компьютерде каалагандай иштей алат.

Бул жашоодо кызыкканы — ээн эркин адам укугу.

Турмуш күрөш, жашоо күрөш билесиң,
Такшалууда, татыктуудан бир өзүң.
Таалимиңди, тарбияңды тайманбай,
Тартуулоодо өспүрүмгө жүрөсүң.
Тартиби жок, таалими жок инсанга,
Таң калууда, тан берүүдө күлөсүң.

Окутууда өспүрүмдү келесиң,
Омок оюуң, окуучуда элесиң.
Опурулган, жапырылган жаштарга,
Окугун деп, тарбиянды бересиң.
Оперлериң орден такса төшүнө,
Ошолоруң сенин ашкан — белесиң.

Колдон, буттан кармап калсаң чабасың,
Карматпаса бир амалын табасың.
Кызматыңды аянбадың мекенге,
Күдөр үзбөйм кереметтүү адамсың.
Кытмырлардан кырдаандарды ажырат,
Кыйынырак табуу адам — аласын.

*4[09] 5.05.04.*

Имразан үй бүлөлү, өмүрлүк жары менен уулдары Данияр, Тимур, Медерлердин бактылуу ата-энелери.

Данияр ички иштер министрлигинде эмгектенет, ички иштер кызматынын капитаны. Тимур — тергөөчү. Медер — орто мектепти эми бүтүп жатат.



## АБДЫБАЧА УУЛУ ИСЛАН

Ислан мырза 1959-жылы Жайыл районуна караштуу Бөксөжол айылында төрөлгөн. Айылдан он жылдыкты бүтүргөндөн кийин Фрунзедеги политехникалык институнун технология факультетин ийгиликтүү окуп бүтүрүп инжинер-технолог деген адистигине ээ болгон.

Ислан өзүнүн эмгек жолун Фрунзе шаарындагы "Оргтехстройматериалдар" трестинде катардагы инжинерликтен баштап, жетектөөчү инжинер, башкы инжинердин орун басарлык кызматтарында үзүрлүү эмгектенген.

1989—1991-жылдары, Москва шаарындагы курулуш боюнча инжинерлик институтунда аспирантурада окуган.*

1992-жылдан баштап Кыргыз Республикасынын тышкы экономикалык байланыштар боюнча мамлекеттик комитеттин төрагасынын жардамчылык кызматына кабыл алынган. Дайындалган кызматы менен бирдей эле учурда Германия мамлекети тарабынан уюшулган макроэкономикалык курстун угуучусу да болгон. Ошол өткөн курстун негизинде 1993-жылы Германия Федеративдик Республикасына бир жылга стажировкадан өтүп келген.

Аталган курсту аяктап келгенден кийин, Германия мамлекети менен техникалык кызматташтык бюросунда эксперт болуп жемиштүү ишин улантууда.

1994-жылдын март айынан баштап Кыргыз Республикасынын Экономика Министрлигинде тышкы экономикалык байланыштар боюнча башкармалыгынын төрагасы болуп дайындалган.

1995-жылы Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министерствосуна, тышкы иштер боюнча байланыш бөлүмүнүн төрагалык кызматына которулган. 1997-жылдан 2000-жылдары Кыргыз Республикасынын Германиядагы элчилигинде кеңешчи болуп эмгектенген.

2003-жылдан бери Кыргыз Республикасынын тышкы иштер министрлигинин борбордук аппаратында министрдин кеңешчиси болуп иштеди, бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин чыгыш өлкөлөр боюнча башкармалыгынын төрагасы.

Ислан мырза, өз ишине жоопкерчиликтер менен мамиле кылган өтө сабаттуу, кылдат жана кыраакы дипломат. Бирге иштешкен кызматчылар арасында, ага-туугандар арасында кадыр барктуу.

Эне тилинен тышкары, орус, немис жана англис тилдеринде эркин сүйлөп жаза билген адистерден.

Үй бүлөлүү, өмүрлүк жары Гүлжан менен эки кызы жана уулу Саматтын бактылуу ата-энелери.

Атына заты жарашкан,
Ал кызмат десе таң ашкан.

Ар дайым Ата мекен деп,
Арзыырлык ишти жараткан.
Чет тилде сүйлөп түш жооруйт,
Аттиң деп көбү карашкан.

Бышыкчылык күзүмдөн,
Береке табаар үзүрдөн.
Бурадар ак ниеттүүлөр,
Билинээр өңү түсүнөн.
Билимдүү инсан инибиз,
Билинди айдай жүзүнөн.

*5[17] 6.05.04.*

сүрөө №45 (68)



сүрөө №46 (58)

Жайыл
Итике
Алет

Шыгай — Матей
Матей
Токтогул
Алгожо
Чотон
Айдарбек
Асан
Таласбек
Эсенбек
Дүйшөнбек
Кадырбек
Уралбек
Куралбек

Матей
Рахманжан
Асанкул
Аспек
Уларбек
Уланбек
Мырсабек
Эмил
Эркин
Жумабек
Какыбек
Мирбек
Курман
Дүйшөнкул Кыялбек
Тынчтыкбек
Раслан Руслан

Найманбай
Кожомберди
Сылтуу
Абдырахман
Райымберди
Жүкөн
Көкөн
Жумабек
Калыбай
Шакин
Абдаалы
Темирбек
Бектурган
Өмүрбек
Таалай

Калча
Кулдай
Жапарбек
Совет
Сатар
Сокин
Нурбек
Таалай
Таалай
Жаныбек
Шаршенбек
Акын

Итике атанын байбичесинен: Беки, Медер жана Алет аттуу балдары.

Экинчи аялынан: Карача менен Байбото. Үчүнчү аялы Мама энеден: Кобой. Төртүнчү аялы Анардан: Солтоной, Дербишаалы, Кыдыр жана Кенжекара.



## МАТЕ УУЛУ АСЫПБЕК

Асыпбек агабыз 1926-жылы 9-майда Жайыл районуна караштуу Моңолдор айылында төрөлгөн. Ата-эненин тарбиясында илим билимин алуу мезгили эли-жерибизде коогаланды учурга туш келди. Айыл ападагы бай-манаптардын бирин калтырбай тап катары жойуу маселеси койулуп кулакка тартылып жер оодарылып көчүрүлдү. Калайык калк арасында эли-журтту колхозго уюштурууга үндөө иштери. Ортолукка мал-мүлктү чогултуп дегендей. Мына ушундай катаал мезгилде батыштан Гитлер чыкты бүт жер жүзүндөгү адам баласы немистердин кол астында болуш керек деп дүүлүгүп.

1941-жыл Ата-Мекендик согуш башталганда агабыз Асыпбек эми он бешке толгон учур эмес беле. Курал кармаганга жараган аталардын, агалардын бири калбай мекенди коргоого кетип, айылдагы бардык жумуштар, түйшүктүү иштер жаш балдардын, карыган чалдардын колунда калды. Албетте түйшүктөн-түйшүк айта берсеңиз алты том болчудай. Агабыз он сегизге толгондо комсомолдук дух, патриоттук жалындаган сезим тынчтык бербей, өз ыктыяры менен арызын жазып кас душман менен кармашууга 1944-жылы 25-октябрь айынын башында Армияга кетти. Ата-энеден айланса аз, уулум согушка кетип жатат жаман айтпай жакшы жок дегендей деп. Асылбек агабызга сүйгөн жары Айша экөөнү үйлөндүрүп койушат. Армияга жаңы толуктоолорду Орто-Азия өрөөнү боюнча Алма-Ата шаарындагы 89 полкко топтоп, согушуунун атайын окууларынан өткөрүп даярдашкан.

1945-жылы апрелде чегинген немистерди түп тамырынан бери талкалоого агабыз Асылбек да активдүү катышып Белорус франтунда, 84 (сексен төртүнчү) механизированный полкто Витевский, Новгород двизияларында жан үрөп мекенди коргоду. Ата-Мекендик согуш бүткөндөн кийин 1950-жылдын ноябрь айына чейин аскердик кызматын толук бүтүрүп анан эли жерине кайтып келген.

1950-жылдын ноябрь айында Армиядан келген агабыз, айылападагылар менен учурашып, аманчылыкты сурашкандан кийин бекер карап жатпай дароо эле декабрь айынан баштап Фрунзе-Ош жол курулушуна саясий жетекчи болуп эмгектене баштады. 1951-жылдын май айынан баштап 1953-жылдын сентябрь айына чейин кыргызгеология башкармылыгынын саясий бөлүмүндө инструктор болуп иштеген. Саясий жетекчи билимин өркүндөтүү үчүн 1953—1956-жылдары ЦК КПСС-тин алдындагы жогорку партиялык мектебинде окуп билимин өркүндөттү.

1956-жылдын июнь айында атайын жолдомо боюнча Кара-Балта райкомпартиясынын (п/я №14) карамагына жөнөтүлгөн. Бул жерде 1986-жылга чейин катардагы интсрукторлуктан баштаган партиялык кызматкер бара-бара бөлүм башчысы, райкомдун секретары, элдик контролдук тобунун жетекчиси болуп узак жылдары үзүрлүү эмгектенди.

Агабыздын иштеген иштери, кылган кызматы Өкмөтүбүз тарабынан өтө жогору бааланды. Ата-Мекендик согуштун катышуучусу катары ондогон орден медалдар менен сыйланды. СССР элдеринин Элдик контролдоо тобунун отличниги деген ардактуу наам ыйгарылды. Бир эмес, бир нече жолу жогорку Совет доорунун Ардак грамоталары ыйгарылган.

Асыпбек агабыз жөнүндө өзгөчө белгилей кетүүчү да кереметтүү касиеттери бар. Алты жыл Армияда кызматын өтөп аман-эсен айылына келгенден кийин Айша жеңебиз экөөнүн тун уулу Уларбек 1951-жылы 19-ноябрда төрөлүп кубанычтары койунга батпай сүйүнүшөт. Уланбеги 1954-жылы, кызы Нурлан 1956-жылы, 1959-жылы 21-августа Мырзабеги, 1961-жылы Эмил жана 1962-жылы Эркиндей уулдуу болушкан.

Балдарынын алтоо тең жогорку билимдүү. Уларбеги илимдин кандидаты, Мырзабеги медицина илиминин доктору булар боюнча өзүнчө маалыматтан окуңуз.

Асыпбек ага менен Айша жеңенин он үч небереси бир чөбөрөлөрү бар бактылуу ата-эне болушуп төрүбүздүн куту.

Уланбек да политехникалык институтунун энергетика факультетинин бүтүрүүчүсү, бүгүнкү күндө республикабыздагы интернет саясаты боюнча демилгечи атуулардын директору.

Нурлана Асыпбековна жогорку билимдүү экономист, бүгүн күндө Бишкек шаарынын мээринин башкы бухгалтери.

## АСЫПБЕК АГАГА

Ойдо мекен күнү-түнү ойлогон,
Он сегизге эми толуп-толбогон.
Окоп казып, ажал менен кармашкан,
Ошол күндөр эстен чыгып калбаган.
Орундуу иш, арыз жазып согушка,
Ок атканды жайлаш үчүн сойлогон.

Душман качып булар кууп артынан,
Далайлары ташыркаган дартынан.
Дүпүлдөтүп автоматтан огу жаап,
Днепрден салгылашта кар кылаң.
Дыргаяктап миналарда жарылып,
Дем алганда жегендери үзүм нан.

"Купшуңдашып" — немис калбай керилген,
Кууп чыгышты душмандарды жеримден.
Калашников автоматы, "катюша",
Карайлатып энекебай дедирген.
Кенсбергкке үй-үйүнө киргизе,
Карбаластуу азаптарын жедирген.

Чилдей кууган немистерди эсинде,
Чейрек кылым жашап калган кезинде.
Чуулдаган ок аралаш кармаштан,
Чолпонбайдай ага айымы жесир ээ.
Чолок болгон колдон, буттан мунжу бар...
Чуулгандуу күндөр али сезимде.

Билим үчүн күн-түн окуп талышкан,
Беш уул бир кыз баары билим алышкан.
Биологу бар, энергетик, үнөмчү,
Бухгалтери, медигин журт таанышкан.

Вице премьер министрлик кызматта...
"Микрохирург" — доктор болуп калышкан.

*З[39] 13.05.04*

## АСЫПБЕК УУЛУ УЛАРБЕК



Уларбек мырза 1959-жылы 19-ноябрда төрөлгөн. Он жылдыкты бүткөндөн кийин Москвадагы энергетика институтун 1975-жылы бүтүрүп инженер-электромеханик деген адистигине ээ болду.

Эмгек жолун 1975-жылы Фрунзе шаарындагы политехникалык институтунда кенже илимий кызматкер болуп ишке орношкон. Ишке орношкон күндөн баштап Уларбек мырза илимий изилдөөлөргө кызыга баштайт. 1976-жылы Москва шаарындагы өзү бүтүргөн институтуна аспирантурага өтүп окуусун улантат. Илимий тажрыйба изилдөөлөрүн өткөрүп 1983-жылы Январь айында аны ийгиликтүү коргоого жетишип техника илимдеринин кандидаты деген ардактуу наамга ээ болуп илимий педагогикалык иштерин улантты.

1986—1987-жылдары Братислова шаарындагы славаниядагы жогорку техникалык окуу жайында илимий изилдөөлөр боюнча атайын сыноолордон өтүп келип политехникалык институтунун өндүрүштү электрлештирүү жана автоматташтыруу кафедрасынын доценти болуп эмгектенди!

1999—1991-жылдары Кыргыз республикасынын өкмөтүнүн аппаратындагы илим жана информатика бөлүмүндө жетекчинин орун басары болуп, 1991—1997-жылдары референт, маданий социалдык, өнөр жай жана жылуулук энергетикалык бөлүмдөрүнүн жетекчиси болуп жемиштүү ишин жүргүздү.

1997—2004-жылдын башталышына чейин Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн энергетика боюнча агенствосунун директору болуп эмгектенди.

Уларбек Асипбекович, 2004-жылы 7-февралдан баштап Кыргыз республикасынын өкмөтүнүн Вице-Премьер-министринин милдетин аткаруу кызматына дайындалган.

Уларбек мырза үй-жайлуу, өмүрлүк жары менен уул-кызды бар. Уулу улуттук университеттин акыркы курсунун студенти, эртеңки республикабыздын белдүү адиси.

Эки тилде ээн-эркин сүйлөгөн,
Эссиздердин элирмесин сүйбөгөн.
Энергия элге кызмат кылаарын,
Эстүү пенде көкүрөккө түй деген.

Эгемендүү эли үчүн жан үрөп,
Эңсөөлөрүң жүрөгүнөн дегдеген.

Керемет кебин айтып ички дилден,
Кыраандан ой максатың тарта билген.
Кыналган сөз артынан сөзү ширин...
Куйулуп турган сымал балы тилден.
Кадырлап улуу кичүү инсандарды,
Касиет колдоо боло дилге кирген.

*23[24] 1.04.04.*



## АСЫПБЕК КЫЗЫ НУРЛАНА

Асыпбек аганын Нурлан аттуу кызы 1956-жылы 18-февралда Фрунзе шаарында төрөлгөн. Ал учурда Асыпбек агабыз КПССтин Борбордук Комитетинин алдындагы жогорку партиялык мектебинде окуп билимин өркүндөтүп жогорулатып жүргөн. Фрунзедеги №2 орто мектептен окуп билим алып 1973-жылы бүтүрүп Кыргыз мамлекеттик университетинин экономикалык факультетин бүтүрөт.

Эмгек жолун 1978-жылы репсубликабыздын "Мектеп" басмаканасынын пландоо бөлүмүндө катардагы эле адистиктен баштаган. Бул басма тармагында он беш жылдан ашык эмгектенип такшалган адис боло алгандыгынын далили акыркы жылдары Кыргыз республикасынын басма сөз министрлигининин пландоо бөлүмүнүн жетекчиси болуп үзүрлүү эмгектенди. Союз ыдырагандан кийин 1995-жылдан баштап Бишкек шаарынын мэриясынын башкы бухгалтери болуп эмгектенүүдө.

Нурлана карындашыбыз үй бүлөлүү, өмүрлүк жары менен кызы Аселдин уулу Султанбектердин бактылуу ата-энелери.

Менменсинээр мыкчагерди күмөндөп,
Мекеменин иштерин бүт үнөмдөп.
Мамлекет ишин ак ниет аткарып,
Мээнеттене кирешени түгөлдөп.
Мээрияда алыш-бериш катышы,
Мизилдеген үчүн анда гүл өнмөк.

Эл журтуңа мээнетиңди бересиң,
Эчен жылы эмгектенип келесиң.
Эриш-аркак карым-катнаш мамиле,
Эмгегиңден кармап жыргал сересин.

Эли-журт менен үй бүлөөдө шам чырак,
Эл жиреген "нур" — төгүлгөн энесиң.

Нур төгүлгөн балдарыңа апасың,
Нар көтөргүс иш аткарып жатасың.
Наристеңе мээрим төгүп эзиле,
Наар албастан багып-кагып жатасың.
Насип экен буйруганын алалдың,
"Нурлан" — деген ата-эне батасын.

*7[01] 16.05.04.*

## АСЫПБЕК УУЛУ МЫРЗАБЕК

Мырзабек инибиз 1959-жылы 21-августа Жайыл районуна караштуу Коштегирмен шаар тибиндеги кыштагында төрөлгөн. Бала бакчада, мектепте таалим тарбияларын алып онунчу классты Бишкектеги №2 мектептен жакшы деген бааларга бүтүрүп эле мамлекеттик медициналык институна 1976-жылы өтүп — 1982-жылы ийгиликтүү аяктаган.

Эмгек жолун Республикалык эмканада хирург, врач болуп иштөөдөн баштаган. Бир жыл иштегенден кийин Москва шаарындагы бүткүл союздук микрохирургия борборунда ординатураны аяктаган.

Ооба, Мырзабек мырза билимге баш оту менен кирип дегендей медицина тармагындагы миңдеген купуя сырларды чечмелөө менен тажрыйбадан-тажрыйбаларды жүргүзүп жүрүп 1989-жылы остиомиолит боюнча кандидаттык илимий ишин, 1998-жылы микрохирургия боюнча докторлук илимий даражасын ийгиликтүү коргоого жетишкен.

Бүгүнкү күндө Мырзабек Кыргыз республикасынын улуттук госпиталда микрохирург болуп үзүрлүү эмгектенүүдө. Үй бүлөлүү, өмүрлүк жары Дилбара кесиби экономист Камил, Адис аттуу уулдарынын бактылуу ата-энелери.

Микроб бул — миллиондон бир бөлүк,
Микрохирург мына ушуну бүт көрүп.
Миокардит, нерв тамырын бүлдүрбөй,
Мээрим төгө микробун өңөрүп...
Мырзабектей хирургдарга сый урмат,
Микробун бирден утур төңкөрүп.

Эринбедиң, эмгектендиң, эрдедиң,
Элиң үчүн сен аябай тердедиң.

Эмиң түшүп алып таштап дарттарын,
Эгемендик мээнеттене кел дедиң.
Эмдеп-демдеп микропту ноктолоп,
Эрки менен ээн койо бербедиң.

Чара көрүп микробду “сизиң” — деп,
Чучугуңдун сезгенгенин изилдеп.
Чиригинин-иригенин бир-бирден,
Четке бөлө бир катарга “тизил” — деп.
Чыгаан хирург жардамынан оңолгон,
Чыйралгандар чуркап жүрөт — безилдеп.

сүрөө №47 (100)


Жайыл
Итике
Карача
Байбото
Жээнтай
Калыке
Осмон
Айтыбай
Бекен
Базаркул
Насыркул
Нурбек
Кулубек
Марал
Мамат
Асанбек
Актал
Стал
Шурубек
Искак
Сыргак
Бейшенбек
Жолдошбек
Таалай
Алмаз
Анвар
Балбай
Качы
Абдылда
Жусупбек
Жапарбек
Таалайбек
Кобой
Дербишалы
Төлөбай
Чагай
Өмүрбек
Сыдык
Жекшенбек
Замирбек
Сенкибай
Сүйөркул
Чолпон
Маанеке
Өмүраалы
Маадемил
Сыдык
Марат
Эмил
Эдил
Кубат
Айыпбай
Сагынбек
Өмүрбек
Супатай
Исак
Орозбек
Талант
Темир
Эмил
Акылбек
Кенжебек
Акмат
Ильяс
Намазбек
Эркин
Атай Бекназар
Алмазбек
Кыдыр
Ботокан
Жумагул
Садыбакас
Тургунбек
Мырсабек
Таалай
Руслан
Рустам
Нурлан
Нурдин
Ороз
Эстебес
Болотбек
Эсенаалы
Эшимкан
Сексенбай
Жуматай
Маажы
Майрамбек
Уланбек
Туратбек
Кенжебек
Айтыгул
Кожогул
Жакыпбек
Бектур
Карыбек
Базаркул
Мукаш
Замирдин
Нурдин
Үсөн

сүрөө №48 (90)


Жайыл
Итике
Солтоной
Керимбай
Сатылган
Дайрабай
Казакбай
Жүзүмкул
Тургунбек
Калый
Аалый
Мыктарбек
Аскарбек
Дөөлөтбак
Орозбек
Токтомат
Рысбек
Өмүркул
Шаршенбай
Саяк
Азык
Баатыркан
Токтор
Алымкул
Саркул
Турарбек
Шамал
Жекшен
Дүйшөн
Субан
Бокмурун
Андарбай
Андараалы
Акылбек
Качкын
Эсенбек
Ашымбек
Жеңиш
Бектен
Жекшен
Дөөлөткелди
Эсенкелди
Капсалаң
Эмил
Советбек
Жумаш
Бектурган
Сейитбек
Эгемберди
Сандар
Турар
Куран
Сүйүнбай
Токтосун
Молдаалы
Асанкул
Сыдык
Мамаке
Шаабаке
Бөлөкбай
Алек
Сабырбек
Сатарбек
Адаке
Курманбек
Кененсары
Сагынбек
Иманбек
Самудун
Самса
Самат
Бактыяр
Чокмор
Султан
Райкан
Солдаткан
Алипкан
Кенжекара
Ашырбай
Бокчу
Шайбек
Сарбагыш
Сыдык
Исмаил
Жамантай
Сагын
Болот
Бекболот
Сыргак
Абдылда
Шарап
Жумабек

## ЖАЙЫЛ АТАНЫН БАЙБЕК УУЛУНАН ТАРАГАНДАР

Коңурбайдын иниси Бакы каза болгондон кийин, Жайыл жесир жеңеси Болдукени алып, андан Байбек уулу төрөлөт.

Жайыл

сүрөө №49 (78)

Байбек

Калча
Төкөлдөш
Чолок
Коңуркожо
Карабай
Дүйшөнкул
Түлөберди
Сүйөркул
Үсөн
Асанкул
Керимкул
Үтүрөкөй
Мусабай
Абдыкул
Абыл
Жаныш
Мурат
Дунай
Дуулат
Сагын
Ишенбек

Маатказы
Төлөгөн
Бекбоо
Борбу
Жумабек
Маалабек
Жекшенбек
Аманжол
Казат
Бакыт
Тургунбек
Бердибек
Рамис
Шайлообек
Айылчы
Дүйшөнбек
Кубанычбек
Сейит
Насыпбек
Замир

Назар
Мамбет
Султан
Шейшенбек
Бердибек
Бакен
Коля
Сеңирбай
Турдукул
Закон
Октябрь
Аскер
Улан
Урмат
Кубат
Феликс
Бакыт—Изат
Кубат
Азат
Азамат
Айбек

Жакиш
Саадабай
Чокобай
Биримкул
Өмүрбек
Мурат
Азамат
Саламат
Жандар
Аманкелди
Жумабек
Жамалбек
Камчыбек
Каныбек.

# СЕҢИРБАЕВ ТУРДУКУЛ

Турдукул ата 1898-жылы Жайыл ата районунун Ак-Башат кыштагында төрөлгөн. Жаштайынан жашоонун ысык-суугуна тең орток болуп, түйшүктүү күндөрдү башынан өткөргөн. Совет өкмөтү орногон күндөн баштап, анын калыптанышына болгон күч-аракетин жумшаган колхоздун активдүү куруучуларынан болгон кат-сабаты жоюулган илим-билимдүү уюштургуч журт башчысы болгон.

1937-жылы Коммунисттик партиянын курамына өтүп ак ниети менен эмгектенген. 1935—1937-жылдары ошол учурдагы Калинин районунун эл депутаттарынын Ак-Башат айыл кеңешинин төрагасы, 1938—1940-жылдары Калинин райондук аткару комитетинин төрагасы. Андан кийин райондогу "Орто-Суу" кийин Панфилов колхозунун башкармасы, болуп 1960-жылга чейин жемиштүү эмгектенген. 1956-жылы ал башкарган колхоз эгилген кант кызылчасы боюнча ар гектарынан 587 центнерден кант кызылчасын алууга жетишкен.

Албетте бул эмгегин Өкмөтүбүз терең баалап 1957-жылы ага Социалисттик Эмгектин баатыры деген ардактуу наам ыйгарылып төшүнө баатырдын Алтын Жылдыз төш белгиси тагылган, Жайыл атанын алгачкы ***СОЦИАЛИСТТИК ЭМГЕКТИН БААТЫРЫ*** экенин баардык эле ага-туугандарыбыз биле бербеши ыктымал. Турдукул атабыз жаңы калыптанып келаткан Совет Өкмөтүнүн айыл чарбасынын дүркүрөп өнүгүшүнө, айыл чарба өсүмдүктөрүнөн азык-түлүк заттарынан мол түшүмүн алууга зор салымын кошкон. Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин (5-шайланган) депутаты. Өкмөтүбүз тарабынан Ленин орденин жана көптөгөн медал. Ардак граматолары менен сыйланган.

Турдукул атабыздын Закон, Октябрь жана Аскер аттуу уулдары бар. Закон уулу алгачкы чет-тилдери боюнча жогорку билимдүү адистерден болуу менен бирге Закон ага Жайыл ата тукумунан эмес, деги эле Кыргыз Республикасынан чыккан алгачкы элчи экендигин белгилей кеткенибиз оң болоор.



Көөдөнүндө кең пейилдик тараган,
Көңүл таза ак ниеттикти самаган.
Кыргызым деп, кызылчасын эктирип,
Калкы үчүн кызматына жараган.
Колхоз ишин жетектеген башкарма,
Канча жылдар өттү бүгүн арадан.

Күнү-түнү тынымы жок кичине,
Күн чыккандан күн батканча ишинде.
Күн куйкалаар саратаанда суу койуп,
Кирпик какпай, даам сызбай тишине.
Кыйла жылы жанын үрөп мекенге,
Кир сактабай кыпындай да ичине.

Кыргыз даңкын дүнүйөгө таратты,
Кызылчадан тоодой түшүм жаратты.
Карапайым эли бүтүн иш менен,
Кырман толуп кыр-кыр болуп баратты.
Кичинеге-чоңго бирдей мамиле,
Калыс иши калкын дайым саматты.

*$4^{14}$ 11.05.04.*

Элибизде, "жакшыдан-жакшы, жылаандан-жылаан" — туулат деген бир накыл сөзүнүн барлыгына турмуштун агымы ынандырууда. Андай дегенимдин себебин чечмелей кеткеним оң болоор.

Жайыл ата уулдары Үсөн-Теке иниси Момокон менен эли-жеринин коопсуздугун коргоодо баатырлык менен курман болушса, алардан калган тукумдары да ак ниеттик менен эмгектенишип алар да Кыргыз элинин жыргалчылыгын көздөшкөндүгү маалим. Алсак Жайыл атанын Байбегинин чөбөрөлөрүнөн Сеңирбай уулу Турдукулдун эмгегин мезгилинде бүтүндөй Советтер Союзунундагы эли баалап ага **СОЦИАЛИСТТИК ЭМГЕКТИН БААТЫРЫ** деген ардактуу наам берип отурат.

Мунун тескерисинче Абылайдын чөбөрөлөрү Кене менен Норузбайлары арадан бир жарым кылым өткөндөн кийин да кыргыздарды басып, чаап алабыз деп келишип, таш талканы чыккандыгы далил эмеспи.





# ТУРДУКУЛ УУЛУ ЗАКОН

Закон агабыз 1928-жылы 5-декабрда Жайыл районунун Орто-Суу айылында төрөлгөн. Мыйзам кабыл алынган күнү төрөлгөндүктөн Закон деп аталганы айтпаса да далилсиз чындык деп эсептөөгө туура келет. Атасы кубанычынан төрөлгөн наристе Закон деген ысымды ыйгарды.

Закон мектепте окуп жүргөндө эле өтө чыйрак, зээндүү, кичи пейил элпек, сылык, боорукерлиги менен балдардан бөлүнүп турчу экен. Албетте анын мындай калыптанышына үйбүлөдөгү ата-эненин таалим тарбиясынын зор таасиринин касиети эмеспи. Айылдан тогузунчу классты бүтүрүп келип К.И.Скрябин атындагы айыл чарба институнун зоотехния факультетинде окуп жүрүп ден-соолугуна байланыштуу окуусун уланта албай алыскы Жалалабат областына караштуу Алабука районуна мугалимдик кесипти аркалап иштеп кеткен. Анткени ошол учурда алыскы райондордо агартуу иштеринде адистердин (мугалимдер) жетишсиздиги сезилип тураар эле. Орто билим менен онунчу класстарга сабак бергени менен өз илимин дагы өркүндөтүүнү алдына максат кылып келип Улуттук университеттин чет тилдер факультетине өтүп англис тилин үйрөнүүгө киришкен. Окууну 1952-жылы бүтүрүп англис тили боюнча жогорку билимдүү адис болот. Университетти ийгиликтүү бүтүргөн Законду өзү билим алган факультетке мугалим кылып алып калышат. Жаш муундарга таали-тарбия, илим-билимди үйрөтүү ишинде 1952—1955-жылдары үзүрлүү эмгектенди. Бирдей эле учурда университеттин комсомол уюмунун секретарлык ишин да жетектеген. Мындай жөндөмдүү жаштар дароо эле көпчүлүктүн алкоосуна алынып, 1955-жылы Закон Турдукулов Кыргызстан Лениндик комсомолдук Жаштар Союзунун Борбордук Комитетинин үгүт насыят иштери боюнча секретарлыгына дайындалган. Тапшырылган иштерин ийгиликтүү аткарып жатканда, республикабызда Чүй жана Талас областары биригип, аталган чоң областын комсомолдук жаштар уюмунун жетекчилиги Закон Турдукуловчике ыйгарылган. Фрунзе областык комитетинин комсомолунун биринчи катчылык ишин ийгиликтүү иштеп жүргөндө Борбордук Комитети тарабынан СССРдин тышкы иштер министрлигинин ортолук аппаратына дипломаттык ишке дайындалат, арадан бир жыл убакыт өткөндөн кийин СССРдин Ирак республикасындагы элчилигинин экинчи катчысы болуп дайындалат. Бул кызматта үч жылы өтө кылдаттык менен жемиштүү эмгектенет.

Өзгөчө белгилей кетүүчү нерсе бул Закон Турдукулов жалаң эле кыргыз тарыхындагы эле биринчи элчи дипломат эмес, ал бүтүндөй Орто Азия өлкөлөрүнөн чыккан тунгуч дипломат экендигин бардык эле инсандар биле береси бышык. Ошентип Закон агабыз Кыргыз Рес-

публикасынын дипломатия тарабынан биринчи баштоочусу, анын салган чыйыры менен бүгүнкү күндө республикабызда жүздөгөн, миңдеген дипломаттар чет өлкөлөр менен иш алып барууда. Өзүңүздөргө белгилүү дипломаттык ишке ар кандай эле адистерди ала бербегендиги барыбызга эле маалим. Аны үчүн партиянын курамында болуу менен бирге сансыз сыноолордон өткөн кылдат чыгаан мыкты адистердин миңден-миллиондон бири алынганы бизге белгилүү.

Закон агабыз элчилик кызматта өзү бүтүргөн англис тили эле эмес, араб тилин да тез арада өздөштүрүп тилмечсиз эле эркин сүйлөөгө жетише алган.

Консулдуктан келгенден кийин Закон Турдукуловичти Кыргызстан Коммунистик партиясынын Борбордук Комитети республикабыздын айыл чарбасы боюнча бөлүмдүн башчылыгына дайындашты. Анда үзүрлүү иштеди. 1967-жылдардан баштап Кыргыз Республикасынын элдик көзөмөлдөө тармагын жетектөдө үзүрлүү эмгектенди.

Закон агабыз учурунда Кыргызстанга аттын кашкасындай таанымал болгон кызматкерлер менен тизгендеше кызматын өтөп республикабыздын дүркүрөп өнүгүүсүнө өз үлүшүн кошо алгандардан. Салмоорбек Табышалиев, Сабирдин Турсунов, Сопубек Бегалиев Абдылда Каныметов, Талгарбек Сарбанов, Сабырбек Абдырахманов ж.б. у.с.

## ТУРДУКУЛ КЕЛИНИ ДАРШАЙЫМ



Агабыз өмүрлүк жары Даршайым Качиевна менен 1951-жылдары баш кошушуп ынтымактуу өмүр сүрүшүп 1952-жылы 24-августа Феликси, 1956-жылы 15-августа Бакыт жана 1959-жылы 1-январда Кубанычбектей уулдарлуу болушту.

Ооба Даршайым жеңебиз агабыз Закондун таап келгени жетет деп, жатып алса деле болмок. Бирок жеңебиз анте алган жок. Улуттук университеттин география жана экономика факультеттеринде катардагы лаборанттыктан ишти баштап улуу окутуучулук кызматында узак жылдары үзүрлүү эмгектенип жүрүп ардактуу эс алууга чыкты.

Улуу уулу Феликси республикабыздагы эл аралык экономика жана менеджмент боюнча институнун директору, экономика илимдеринин кандидаты, профессор, 2000-жылы менеджменттин негизи аттуу көлөмү 22,0 басма табак болгон эмгеги (китеби) жарык көрдү. Улуу кызы Гүлшайым Англияда, Берекеси — Францияда жана уулу Айбеги Лондондо окуп билим алууда.

Ортончу уулу Бакыттын өмүрлүк жары Гүлнура улуттук университетте мугалим болуп эмгектенет. Уулу Изат институтун экономика бөлүмүн бүткөн адис, Азиза болсо мектеп окуучусу.

Кенже уулу Кубанычбеги, Гүлайым экөөнүн Азаты улуттук университеттин юридика факультетинин бүтүрүүчүсү, Азаматы Кыргыз Америка университетинин экинчи курсунун студенти.

Кубанычбек бажы тармагында эмгектенет, өмүрлүк жары Гүлайым атагы таш жарган борборубуздагы №13 орто мектептин директору болуп узак жылдардан бери эмгектенет. Өзгөчө белгилей кете турган нерсе Кубанычбек мырза атасынын жолун жолдоп ыр жазып, анысын өзү аткарып ырдаган азаматтардан.

Даршайым жеңебиз өмүрлүк жары Закон агабыздан 42 жаш курагында калып, турмуштун ачуу-таттуусун, ысык-суугун өзү тартууга туура келди. Мектепти жаңы бүткөн уулдарын институттарга өткөрүп, окутуп алардын балдарын багып дегендей түйшүктөрүнө чыдап, көтөрө билген мээримдүү эне, чоң эне, балдарынын төрүнүн куту.

Таңшыган тынар сымал элиргенсиз,
Толукшуп тоту куштай керилгенсиз.
Тагдырга жазган экен чиркин өмүр...
Турдугул уулу агама берилгенсиз.
Туу тута үй-бүлөөнү демөөр кыла,
Теңирим сүйгөн сулуу периденсиз.

Төрөлүп удаа-удаа уулдарың,
Татымын таттың турмуш кубулганын.
Таалайга жазганы экен баш ийебиз,
Тагдырдын сыноосуна буулбадың.
Төгүлгөн аяк кайра — толуп-толбойт...
Топуккыл аркаңызда уул барын.

Таберлик үч уулу бар, көңгүн буга,
Талпына үчөө бирдей турмуш кура.
Тамылжып таң шооладай мезгил өттү,
Татым туз ханда дагы кемийт тура.
Турмуштун туу чокусу — аманчылык,
Теңирден таазим кыла аны сура.

*$4^{14}$ 25.05.04.*

Турдукул атабыздын Октябрь уулу 1933-жылы төрөлүп он жылдыкты бүтүргөндөн кийин К.И.Скрябин атындагы айыл чарба институнун ветеринардык факультетин бүтүргөн жогорку билимдүү адис, бүгүнкү ардактуу ардагер.

Өмүрлүк жары Зоя жеңебиз, мектептин катардагы мугалимдигинен баштап, окуу бөлүмүнүн башчысы, кийин мектептин директору болуп узак жылдары эмгектенип жүрүп ардактуу эс алууга чыгып бүгүн төрдүн куту.

Турдукул атанын кенже уулу Аскер агабыз 1936-жылы 29-февралда төрөлгөн. Он жылдыкты ийгиликтүү аяктап Москвадагы геологиялык чалгындоо боюнча институн ийгиликтүү аяктаган.

Аскер агабыз республикабыздагы сейсмология институнун директору, илимдин доктору деп укканыбызды жазып отурабыз. Өзү менен телефон аркылуу бир нече жолу байланышсам убакытысынын жоктугун, ден-соолугу болбой турганын айтып анчалык көңүлдөнбөдү. Зарыл болсо Чүй областынын энциклопедиясынан алып алгын дейт.

Бул биз сыймыктанган окумуштуу агабыздан алган жообубуз.

Урматтуу Аскер ага! Энциклопедиядан сиз жөнүндө маалымат издегендей убакыт болбой калганы үчүн кечирим сурайбыз.

*25.05.04.*

Күнгүрөнүп иш үстүндө үңүлмөй,
Күткүн дейсиз күтүп келем түңүлбөй.
Кайдыгерлик кыла бербей тарыхка,
Күлгөн күнүң болоор бекен күлүңдөй.
Каалабасаң кантет элек агатай...
Күмөн карап, кам санаба түңүлбөй.

*$16^{13}$ 4.06.04.*



## ИСАКОВА ЖУМАГҮЛ

Жумагүл эжебиз 1919-жылы Жайыл районуна караштуу Жайыл (Большеви) айылында төрөлгөн. Таланттуу эжебиз айылдагы мектептен билимин алгандан кийин, кубулжуган обондуу ырларды аткарып, 1936-жылдан баштап Республикабыздын филармониясында эмгектене баштады. Маданият тармагында үзүрлүү эмгектенди, Кыргызстандын Москвада өткөн I-II декадасына катышкан, СССРдин көптөгөн жерлеринед (Абакан, Тува, Тоолуу Алтай, Хакасия) ж.б. кыдырып концерттерди берүүгө активдүү катышты.

Албетте Жумагүл эженин эмгеги эли жерине сиңди, убагында атагы таш жарган Кыргызстандын маданиятына аттын кашкасындай таанымал Даркүл Күйүкова, Мыскал Өмүрканова, Бакен Кыдыкеевалар менен бирге эмгектенген замандашы.

Жумагүл эженин кыргыз элинин маданиятына сиңирген эмгегин жогору баалап Өкмөт тарабынан көптөгөн Ардак грамоталар, орден, медалдар менен сыйланган.

## ТЕМИРОВА ЖАНБҮБҮ

Жанбүбү эжебиз, Жайыл районунун Кызыл Дыйкан айылында 1933-жылы туулган. Окуп билим алып агартуу тармагында мугалим болуп эмгектенди. Өмүрлүк жары менен он үч баланын ата энеси боло алган "Баатыр эне". Жанбүбү эжебиз, 4-класстар үчүн "Кыргыз адабияты" окуу китебинин автору экенин баары эле биле бербеши ыктымал. Эжебиз бүгүн ардактуу эс алуудагы пенционер.

# САРКАЛПАК УРУУСУНУН ТАРАШЫ

сүрөө №50 (35)




## КАДЫРАЛЫ УУЛУ ЖУМАБЕК



Жумабек агабыз 1931-жылы Жайыл районунун мурдагы Большевик азыркы Жайыл айылында төрөлгөн. Айылдан он жылдыкты бүтүрүп кийин Мамлекеттик Университетти бүтүрүп жогорку билимдүү адистерден боло алды.

Эмгек жолун 1953-жылы биринчи сентябрдан баштап Жайыл районунун "Большевик" жети жылдык мектебине окуу бөлүмүнүн башчысы болуу менен баштаган. Ошол эле сентябрь айынын жыйырмасында аталган мектебинин директору болуп бекитилет. Ошол боюнча кырк жыл бою мектепти башкарып жаш жеткинчектерине билимин берип жүрүп 1991-жылы ардактуу эс алууга чыкты.

Жумабек агабыз пенсияга чыгып алып эле эми биз арыдык, карыдык деп колду куушуруп жатып алган жери жок. Айылдын ардактуу кадырлуу ак сакалы, жаштардын акыл насыятчысы, айыл өкмөтүнүн депутаты, аксакалдар сотунун төрагасы. Жайыл райондук согуштун жана эмгек ветерандарынын мүчөсү, райондук "Жаңы турмуш" газетасынын активдүү кабарчысы, Жайыл райондук адам укугун коргоо коми-

тетинин төрагасынын орун басары болуп ар дайым изденип эмгектенген ак ниет айылдын эле эмес Жайыл районунун кадырлуу ардагер аксакалы.

Жумабек аганын тарбия-таалимин, илим-билимин алган жүздөгөн-жүздөгөн айылдын жаштары бүгүнкү күндө райондук, областык республикалык деңгээлдеги ар кандай кесиптин мыкты адистери, мекеме жетекчилери, республикабыздын белдүү кызматкерлеринен боло алышты.

Өзгөчө белгилей кете турган нерсе Жумабек агай, убагында дүркүрөгөн коммунистик партиянын мүчөсү болуу менен бирге айылдагы партиялык уюмдун секретары да болуп эмгектенген.

Жумабек агабыз үй жайлуу болуп, өмүрлүк жары менен эл керегине жараган уулдарды-кыздарды тарбиялай алды. Бир уулу Мелиси Республикалык кондитердик фабриканын директору.

Элибиз эркиндигин колуна алды,
Эчендин тилегени орундалды.
Эгемен, тизгин-чылбыр өз колунда,
Эркиндик мындан өткөн сонун барбы.
Элибиз эриш-аркан ынтымакта,
Эх чиркин, жашообуз чын сонундалды.

Жашоонун ысык-суугун сезип келдиң,
Жигерди чыдабастан эзип келдиң.
Жөнү жок кыргызчылык, кылыктардан,
Жан үрөп жанталаша безип келдиң.
Өзүңдүн киндигиңде төрөлгөндөн,
Өрмөлөп ар убакта келип келдиң.



## ЖУМАБЕК УУЛУ МЕЛИС

Мелис мырза, 1958-жылы төрөлгөн. Он жылдык билимин алып, катардагы эле кара жумушчу болуп иштөөдөн баштап турмуштун каардуу сыноолорун башынан өткөрүп, ысык-суукка тотукkан азаматтардан. Билимсиз жашоонун оорлугун түшүнгөн мырза Карабалтадагы пищевой техникумунан окуп билим алып чыгат.

Эмгек жолун Ысыккөлдүн Түп районунун май заводунда иштөөдөн баштаган. Талыкпай эмгектенүүдөн такшалды, кийин айыл чарба министрлигинин тамак-аш өнөр жай тармагында өз адистиги боюнча ишин улантып кадыр-баркка ээ болду, зоболосу көтөрүлгөн тың мырзалардан.

Бүгүн Бишкек кондитердик комбинатынын генералдык директору, жогоруда абдан тың дегенимдин да купуя сыры бар...

Ойлогон ойду жаш чагың,
Окудуң тамак-аш жагын.
Оропой тепкен опсуздан,
Оолак боло качканың.
Орошон ишти туу тутуп,
Омоктуу иштен качпадың.

Касиет колдоп эгизден,
Каалаган насип жегизген.
Кызыктыраар көптөрдү,
Керемет көркү келишкен.
Кадыр-баркка жетүүчү...
Кагылсак аздыр Мелистен.

Таттуудан татып келесиң,
Татына мырза элесиң.
Таберик кылган белегиң,
Татымын кимдер жебесин.
Так аткардың тапшырмаң,
Тың мырза Мелис — дебессиң?

*$5^{24}$ 29.05.04. $23^{12}$ 1.05.04.*

## КУДАЙБЕРДИ (КОТОН) УРУУСУНУН ТАРАШЫ

Кудайберди (Котон) Жайылдын тандуу баласы аталганы менен Айкан эненин — Итике уулу экөө эмчектеш эрке баласы болуп өсөт. Жети ата өткөнчө кыз алышып, кыз беришпей улуусун урматтап, кичүүсүн сыйлашып келишкен туугандар.

сүрөө №51 (48)



# ЖАРЫКЕ БААТЫР

Мезгилинде Жайыл баатыр да тигил жагы Кытайга чейин эли-жерин чабыттап турушчу турбайбы.

Мына ошондой жоокерчилик заманда Кытайга чектеш бир айылдан жылкы айдашканда эки жашаар баланы ала келишкен жигиттер Итикенин энеси — Айкан энеге беришет. Бала Итике менен эмчектеш болуп өсөт. Зээндүү баланын аты — Кудайберди коюлган болот. Кийин баланын түпкү тегин сураштыра келгенде Котон деген жердеги Мачак уруусунан болуп чыгат. Ошондон улам Котон уруусу деп азыр да айтылып калат.

Биз сөз кылып келе жаткан Кудайбердинин небереси Жарыке баатыр, Жайылдын небереси Беки менен замандаш болуп калат да, Бекенин иниси болуп өсөт. Ал эми Бекинин улуу баласы Үрүстөм менен Тыныстамдын агасы болуп калат. Ошол себептен Үрүстөмдүн жигити катары айтылбай, ишенимдүү кеңешчиси болуп айтылат. Жарыке өзү да ары баатыр, ары акылман инсандын бири болгон. Үрүстөм кысталган жерде акылына акыл кошкон, күчүнө күчүн кошкон учурларын эл даңазалап айтып келишет.

Мына ошол Жарыкенин бир жолку аңгемесин сөз арасына кошо кетели. Солтонуну бийлигин алып жүргөн Жангарач баатырдын өзүнө ишеничтүү сезилген баласы ажалдан көз жумган экен. Баланын күйүтүнөн Жангарач оор кайгыга батып, эч кимдин сөзүн укпай, карышкыр ичикти айкарасынан жамынып жатканы жаткан болот. Бул кабар Үрүстөмдүн айлына да жетет. Муну уккан Жарыке баатырдын тынчы кетет. Көңүл айтып келгенге Жарыке баатыр жолго аттанат. Барган жерде, Жангарач эч ким менен сүйлөөшүүнү каалабай обочо тигилген ак өргөөдө байбичеси менен турушканын билет. Жанында эки жигити менен салам айтып өргөөгө киришсе, Жангарач жаткан жеринен козголбойт. Байбичеси ордунан туруп, кичи пейилдүүлүк менен келген меймандарга жогору жактан орун көрсөтөт. Орун алып отурушуп, айылдын атынан салам дубай айтышат. Жангарачтан кыймыл болбойт. Ошондо Жарыке кайрадан сөз учугун чубап: "Баатыр башыңды көтөр,бу жалганда баарынан ажал улук. Ажал баардыгына бирдей келет, андан кутулган жан да болбоптур. Болбосо:

Баатырлыктан кутулса, Манас өлбөй калбайбы?
Коркоктуктан кутулса, Мамай өлбөй калбайбы?
Даарыланып кутулса, Улумкан өлбөй калбайбы?
Сабырдуулар кутулса, Сабаалар өлбөй калбайбы?
Жамандыктан кутулса, Койкон өлбөй калбайбы?
Сынган экен бир чырпык, чынаары аман турбайбы!
Кайраттуу деген Жангарач, — ханы жатып алганда,
Калкыңды кудай урбайбы?

Туруңуз, Жангарач баатыр, өлгөндүн артынан эчким өлгөн эмес" — дегенде, Жангарач баш көтөрүп Жарыкени жалт бир карады дейт. Жарыке даяр турган каркытты Жангарачка суна берет. Шарап куюлган каркытты колуна алып, терең үшнүрүнүп туруп ичип жиберет. Жарыкени сыйлуу мейман катары жолдоштору менен бирге мейман кылып, ыраазычылык айтып жөнөткөн экен.

Жарыкени жөнөтүп коюп, айылдагы жакын туугандарына кайрылып:

— Атаңдын көрү дүнүйө, Үрүстөмдү Үрүстөм баатыр атандырып жүргөн Жарыкеде ары баатыр, ары акылман азаматтардан экен го. Жарыкенин айткан сөздөрү үстүмдөн оор жүктү алып салгандай жеңилдетпедиби — дептир деп айтылат.

Жарыке баатыр көбүнчө эл четинде, жоо бетинде жүргөндүгү менен да даңазаланат. Бекиге кошулуп казак менен кармашты. Үрүстөм, Тыныстам, Канайларга кошулуп кыпчак менен кырчылдаты. Байтик менен сарттарды сандалтты. "Жоо келе жатат!" — деген кабарды укканда өзүн-өзү токтото албай, Үрүстөм менен Тыныстам Жарыкенин минген атын суулуктап жүрүшчү деп айтылат.

Үстүнө зоот кийбестен, найзадан башка жарак да албай жоого бет алып, алды менен душмандын туу кармаган баатырын жыга сайчу экен. Мына эр жүрөк баатыр деп ошолорду атообуз керек.

## ТОНДУУ УУЛ

Санжыра айткан карыялар уруулардан урпактарды таратканда байбичеден, токолдон деп келип, айрымдарын тондуу уулдан тараган деп коюшат. Тондуу уул дегенибиз кандайдыр бир себептер менен асырап алгандар тарабынан айтылган сөз экен. Биз ошол асыранды балдардын айрымдарына токтоло кетели.

Жайыл атабыздын мезгилинен мурун да, кийин да ар кандай себептер менен өзүнүн ата-энесинен, ага-туугандарынан алыстап, экинчи бир элдин ичине сиңип кеткенин эл оозунда айтылып жүргөн санжыралардан угуп, айрымдарын азыр да көрүп жүрөбүз. Мисалга алсак: Эштек атабыздын учурунда Кайдоол, Балта, Туйтө, Ак-Буура, Асылбаш ж.б. Жайылдын мезгилинде Кытайга чектеш Котон жеринен уруусунан Кудайберди, Сарбагыш уруусунан келген Баяке, Бектендин учурунда келген казак Койгелди, Каратайдын учурунда келген Кыпчак уруусунан Майлыбай келгендиги айтылат. Жогоруда аталган инсандардын урпактары өсүп-өнүп дегендей, жергиликтүү эл менен тең укукта,тең ата болуп келишине мезгилиндеги бийлик башындагы улуу адамдардын таасири десек жаңылышпаспыз. Анткени, ошол элдин балдарын өзүнөн тараган урпактардын катарына кошуп санап, энчилеш кылып келишкен.

Ошондой эле, ал жигиттер элинен бекер бөлүнүп келген эмес. Келген жерде баатырдыгы, болбосо акылдуулугу менен таанымал бо-

луп кетишкен. Келгенде да келген жолун кайра баспас болуп келгендиги байкалат. Өзүлөрүндө эрдик, эрк, эстүүлүк болбосо "Бөлөк элде султан болгуча, өз элиңде ултан бол" — деп айлында кала бербейт беле? Айрымдарынан айта кетели. Жайыл атанын дагы бир тондуу баласы Баяке деп, аталып калгандыгында кашкайган чындыктын үлүшү бар. Элибизде бекеринен "бала тапкандыкы эмес, бала баккандыкы" деп айтылып калбагандыр. Андай дегенибиздин себеби Баяке мырза жаштайынан Жайыл атанын Асан уулу менен бирге өсүп, бирге чоңойуп, ага-инидей мамиледе кадырлашып, сыйлашып калың элдин катмарына сиңишип ысык-суугу, ачуу-таттуусу, жаман-жакшысы бирге болуп келүүдө. Кыргыз элинде кылымдардан-кылымдарга айтылып келе жаткан дагы бир далилдөөсүз чындыкты далилдеген турмуштун агымы өкүм сүрүүдө. Бул эки жакшы жайлоого бирге чыкса "достошуп түшөт", эки жаман жайлоого бирге чыкса "соттошуп-боктошуп түшөт" — деп бекеринен айтылбагандыр.

Анын сыңарындай Сарбагыш уруусунан Баяке мырзанын урпактары да солто элинин арасында тарап сиңип кеткенинен баяндайлы.


Сарбагыш
сүрөө №52 (87)
Дөөлөс
Токо
Өзүк
Токтомат
Түгөл
Насыр
Баяке
Ыман
Булаш
Куланбай
Жумабай
Айткул
Талканбай
Шадыбай
Ныязбай
Бейшенбай
Чолпонкул
Байболот
Рыскул
Шейшен
Жумагул
Абейилде
Абдурасул
Нарынбек
Ринат
Бекитай
Замир
Мыктыбек
Кыдырбек
Каныбек
Өзүбек
Токтомуш
Марат
Кубат
Калык
Эмил
Каныбек
Мисир
Капар
Шамил
Медет
Алтынбек
Руслан
Мирлан
Бакыт
Жаныбек
Канат
Кубан
Медин
Жунушбай
Бообек
Ормонбек
Бектур
Таалайбек
Оруслбай
Молдогазы
Касымкул
Кеңеш
Руслан
Уран
Макпалбек
Кубатбек
Шекер
Мекен
Курманбек
Мырзабек
Касымбек
Кубанычбек
Мурат
Жумабек
Кылым
Руслан
Нурлан
Нурбек
Мирлан
Эсен
Шакир
Жаныбек
Авас
Замирбек
Базарбек
Насирдин
Жекшенбек
Бекбоосун
Советбек
Сатарбек
Исланбек
Акбар
Бакыт
Самарбек
Союзбек
Салымбек
Алмаз
Айдарбек

## АШЫРКУЛОВ МИСИР

Ашыркулов Мисир Панфилов районунун Эркин-Сай айылында 1946-жылы төрөлгөн. Кыргыз, билими жогорку. Ленинград шаарынан институтту бүтүрүп, аспирантурада окуп, илимий ишин ийгиликтүү коргогон.

Ал республикабыздын жогорку окуу жайларында "ЭВМ" боюнча иштерди уюштуруп, жетектеген бирден бир алдыңкы кызматчылардан. Акыркы жылдары президенттик аппараттын алдындагы кадрларды даярдоо академиясынын директору болуп көп жылдар бою үзүрлүү эмгектенди. Республикабыздын коопсуздук Советинин секретары.

Ата журт коопсуздугу чек араны,
Ар пенде бейпилдиги деп сынады.
Ар бирин анализдөө, көзөмөлдөө,
Ар кимдин адалдыгы-арамдыгы.
Ашыркул уулу жээним мырза Мисир,
Айлымдын эң биринчи "Генералы".

ЭВМди эч ким биле элек кезде,
Элестен бардыгы тең азыр эсте.
Эсеп-чот тапшырмалар аткарылып,
Элимден эң биринчи аны сезсе.
Электр элим үчүн эсеп жасап,
Эзелтен башталган иш ушул кезге.

Элине ишти жасап эчен-эчен,
Эл ара мамиледе дайым чечен.
Эгемен болуп элим баары тегиз,
Эл ичи ынтымактуу, достук бекем.
Элинин бейпилдиги зор максаты,
Эрте-кеч эси-дарты Ата Мекен.

## АШЫРКУЛ УУЛУ МЕДЕТ

Медет мырза 1956-жылы 12-февралда Панфилов районуна караштуу Эркинсай айылында төрөлгөн. Айылда окуп он жылдыкты 1972-жылы бүтүрүп эле борборубуздагы политехникалык институттун энергетика факультетине өтүп 1977-жылы ийгиликтүү аяктап жогорку билимдүү адис болуп чыгат.

Эмгек жолун Алмаата шаарында иштеп баштаган. 1980-жылы өзү окуп бүтүргөн институтка мугалим болуп которулуп келип ишин уланткан 1983—1987-жылдары Москвада аспирантурада окуп алган билимин өркүндөтүп илимий иликтөөлөрүн тастыктап, «Чакан гидроэнергостанцияларды куруу» боюнча илимин ийгиликтүү коргоп, техника илим-

деринин кандидаты* деген наам ыйгарылган. 1996-жылга чейин институтта катардагы окутуучудан, доцент, кафедра башчысы, декан болуп үзүрлүү эмгектенген.

Кийин адистиги боюнча жогорку кызматтарга которулуп иштөөдө.

Медет өмүрлүк жары Айнаш менен Мээрим жана Бакыт аттуу балдары бар.

Аткараар ишин караган,
Ар кимди достой санаган.
Ак ниеттиги ашыкча...
Айылга толук тараган.
Аткара билген айтканын,
Атадан ашкан баладан.

Кең дүйнө арыш бир керген,
Кебинен адам иргелген.
Ким түркүк дейсиз жашоого,
Конокбуз баары бир келген.
Кагылсам аздыр ааламга,
Кадырлай сени билгенден.

Эзелден айтылаар белен,
Эр «тайын» тартат деген.
Эркектин баары эр эмес,
Эрдиги болот тереңден.
Эр жеткен мырза элимде,
*Эли үчүн иштээр беренден.*

*6[06] 7.02.04.*

# ЧОЛПОНКУЛОВ КАЛЫК

Чолпонкулов Калык 1935-жылы Панфилов районуна караштуу Эркин-Сай айылында туулган. Кыргыз, билими жогорку К.И.Скрябин атындагы айыл чарба институтунун ветеринардык факультетин бүтүрүп, министрликтин жолдомосу боюнча Ысык-Көл областынын чарбаларында жөнөкөй фермалык врачтан баштап, колхоз-совхоздордун башкы врачы, совхоздун директору болуп көп жылдары эмгектенди. Республикабыздын балык чарбачылыгы боюнча атайын адистештирилген чарбаны да ийгиликтүү жетектенди.

Чолпонкулов Калыктын ак эмгеги өкмөтүбүз тарабынан туура бааланып грамота, Ардак Грамоталар, медалдар менен сыйланган. Үй-бүлөлүү, эки уул, үч кыздын атасы.

Кут болсун кутман курагыңыз,
Алтымыштан ашкан убагыңыз.
Лепилдеп кызмат өтөп элиң үчүн,
Ырыскыга толгон турагыңыз.
Кадырлуу эс алууга чыгып алып,
Каадасын калкыңыздын уладыңыз.

Алтымышта адамдар бар арыбаган,
Алтымышта адамдар бар карыбаган.
Айкөл абам Бакайдай балпайыңкы...
Ага-тууган иштерине тарыбаган.
Ардагерсиң эмгегиңди сиңирген...
Айыл-апа, жоро-жолдош кадырлаган.

# ЭЛ АРАЛЫК “ЖАЙЫЛ АТА” МЭЭРИМДҮҮЛҮК КООМУНУН ТҮЗҮЛҮШҮ

Эл аралык “Жайыл Ата” мээримдүүлүк коомунун түзүлүшү жөнүндө толугураак баяндама бере кеткенибиз оң болчудай, болбосо “бышкан аштын ээси көп” — дегендей, бүгүнкү күндө бул коомдун Президенти анын орун басарлары көбөйүп кетиптир. Эч болбосо бул коом качан, кантип кимдердин түзгөндүгүн билип алгандары жөндүү болоор.

Коомду түзүүнүн идеясын жараткан Жайыл атанын Асан уулунун Каратайынын Касбала аялынан Аман уулу Ажакмат болуп эсептелет. Ажакмат мырза бул маселени бир эмес, бир нече жолу эртели-кеч айта бергенден кийин Жайыл атанын Асанынын неберелеринен Беккожо уулу Сатар болуп жана дагы кеңешип талкуулоого өттүк. Бул максатыбыздын канчалык денгээлде экенин билүү максатында үчөөбүз ээрчишип алып Жайыл атанын Теке уулунун неберелеринен Калман уулу Жанчар агага бардык. Ойубузду ортого салып көпкө талаш тартыштар болгондон кийин гана бир бүтүмгө келдик.

Сатар мырза Минюстка барып коомду уюштуруунун бардык шартын билүүгө; мен Төлөбай уулу Мухуддин коомдун уставын жазууга кириштик. Шарт боюнча коомду түзүүчүлөрдүн пикири чагылдырылган жыйын өткөрүлүп анын протоколу, эл аралык Жайыл ата гуманитардык коомун Минюстан каттоодон өткөргөндө кошо тиркелип көргөзүлүшү керек экен. Бишкек шаарында он жолу кеңешкенибиз менен коомдун негизин түзүүчүлөрү Жайыл жана Панфилов районундагы айыл кыштактарынын тургуну болгондуктан 1993-жылы 17-январда Сосновка айылынад жыйын өткөрүлдү:

Эл аралык “Жайыл-Ата” кайрымдуулук коомунун мүчөлөрүнүн жалпы жыйыны

## ПРОТОКОЛУ

17-январь 1993-жыл. Кара-Балта

Жыйындын төрагасы жол. Аманов А.
Катчысы жол. Төлөбаев М.
Сосновка айылы

Катышкандар: коомдун мүчөлөрү Бишкек шаары — 25 киши, Моңолдор айылы — 35 киши, Эриктүү айылы — 20 киши, Эркин-Сай айылы — 20 киши, Большевик айылы — 15 киши, Ысык-Көл дубанынын Челпек айылынан — 2 киши, Орто-Кайрыма айылы — 14 киши, Бөксө-Жол айылы — 18 киши, Сары-Булак айылы — 8 киши, Букара айылы — 5 киши, Ийри-Суу айылы — 12 киши, Жайыл айылы — 17 киши, Кара-Балта шаары — 18 киши, Кайыңды айылы — 6 киши,

Кум-Арык айылы — 4 киши, Талды-Булак (Сосновка) айылы — 11 киши жана башкалар болуп баардыгы 230дан ашык киши катышкан.

Күн тартиби:

— Бишкек шаарында өткөн жыйналыштын №1 протоколуна ылайык Эл аралык "Жайыл-Ата" кайрымдуулук коомун түзүү.

Коомдун башкаруу органдарын дайындоо.

Жайыл-Ата мемориалын тургузуу маселеси.

Коомдун борбордун штабын уюштуруу.

Чыгып сүйлөгөндөр: ***Жолдош Жумабаев*** *Кулжа Жайыл районунун райкеңешининин төрагасы, 1992-жылы аймакты* кеңештин кезектеги сессиясынын күн тартибинде көпчүлүк тургундардын суроо, талабына ылайык Калинин районуна мурдагы аты Жайыл аймагы деген атын берүү маселеси талкууланып, сессиянын басымдуу көпчүлүгүнүн колдоосунун негизинде келечекте Калинин райоунун Жайыл району деп, атоого чечим кылышты, бул маселени областтык республикалык сессияларда бекитип берүүсүн суранышканын отургандарга маалимдеди, ошону менен бирге жалпы отургандарды "жетесинин" — аты кайра районго кайтарылып берилгендиги менен куттуктады.

Кезектеги сөздү Моңолдор айылынан ***Байбосунов Касымбек*** жана ***Уманов Жекшенбектер*** — бул жыйынды уюштургандарынын маанисине кыскача токтолушту. Өткөн 1992-жылдын жаз-жай айларынан баштап Панфилов, Калинин, Москва райондорунун тургундары, же 17 кыштактын жашоочулары 40 миңден ашык адам куран окутуп коңшулаш Казак республикасынын Жамбул дубанына караштуу Мерке аймагына барып келгендерин угушат, бирок Моңолдор айылына Жайыл атанын мүрзөсүнө барып куран окутуп жаткандары жөнүндө кабар жетпегендигине бир чети таң калышса, экинчи чети өздөрүнүн Жайыл атанын урпактарынан экендигине көпчүлүккө билгизүү максатында, эки жылдан бери уюшулуп жаткан эл аралык "Жайыл-Ата" коомунунун катышуучуларынын башын кошуп чай берип Жайыл атабыздын арбагына арнап куран окутууну чечишкендиктерин айтышты. Мындан кийин "Жайыл-Ата" коомунун мүчөлөрүнөн болушуп, атабызга арналган ар кандай иштерге даяр экендиктерин ортого салышты.

Отургандардын арасынан эмгектин ардагери Сары-Булак айылынын аксакалы ***Ормокой уулу Ыбрайым*** Жайыл атабыздын арбагына арнап куран окуп, бардыгы бата кылышты.

Андан кийин Жайыл атабыздын Асан уулунун урпагы Бишкек шаарынын тургуну Эркин-Сай айылынан ***Ажакмат Аман*** уулу сөз алып эл аралык Жайыл-Ата кайрымдуулук коомун түзүү жөнүндөгү пикирин 1991-жылдан бери аракет кылып жүргөндүгүн, аны мыйзам ченемдүүлүгүнө ылайык, юридикалык жактан каттодон өткөрүүнү, ошондой эле өзүнүн банктан "эсеп-чотун" ачууну, керек болсо эл ара-

лык "Жайыл-Банк" банкын уюштурууну, ага түшкөн каражаттарды тынымсыз жүгүртүп кичи мекемелерди уюштуруу маселесин козгоду. Ошондо кана коом өз деңгээлине жетип, келечекте Жайыл-Атабыздын арбагы ыраазы болоорун айтты.

Негизи Орто-Кайрыма кыштагынан, бүгүнкү Бишкек шаарынын тургуну. Жайыл атабыздын Асанынын урпагы ***Сатар Беккожо*** уулу өз сөзүндө бул уюшулуп жаткан Эл аралык "Жайыл-Ата" кайрымдуулук коому жөн эле "коом болуп эле кала бербестен, алдында аткара турган көптөгөн иш планы, милдеттери бар экендиги жөнүндө кеңири токтолду".

Керек болсо келечекте Жайыл ата кайрымдуулук коомунун кызыкчылыгын көтөрүү максатында дилгирлүү жаштарды чет мамлекеттерге каражатын бөлүштүрүп окутуу керектигин, ошондой эле Чүй боорундагы мектептерде тубаса таланттуу окуучуларга көңүл бөлүп аларды келечекте жогорку окуу жайларынан окушуна шарт түзүүнү, жана институттарда мүмкүн болсо Жайыл ата стипендиясын белгилеп мыкты окуучуларга берүү маселесин белгиледи.

Андан кийин Жайыл атабыздын Асанынын Каратайынан Бишкек шаарынын тургуну Эркин-Сай кыштагынан ***Мухуддин Төлөбай*** уулу эл алдына чыгып, жогоруда айтылгандардын бары мыйзам ченемдүүлүгүнө жооп бериши үчүн өзү тарабынан Эл аралык "Жайыл-Ата" кайрымдуулук коомунун (уставын) жобосунун жазылганын, ал жободо коомдун максаты, келечеги иштелүүчү иштери, багыты, уюштуруу маселеси жана башка керектүү нерселердин бардыгы кымтылганын айтты. Ошону менен бирге отурган Жайыл атанын урпактарына кайрылып, бардыгынын катышуусу менен ар ким жети атасына чейин иликтеп кыштак-кыштактар боюнча каттап чыгышып "Жайыл-Ата" — санжырасын түзүүнү сунуш кылды, бул өзүнчө кичине китепче болуп басылма ар бир үй-бүлөөгө жеткирилип келечекте жаштардын үйрөнүшүнө өбөлгө болооруна токтолду.

Андан ары Жайыл атанын арбагын сыйлоо куран окутуп койуу менен эле чектелбестигин, эскертип, жогоруда айтылгандардын бары иш жүзүнө ашса, кайрымдуулук коомунун эсеп-чотуна өзүнчө каражат топтолуп мүмкүнчүлүк болгондо, Жайыл атанын мемориалын, эстелигин — дүйнөлүк жибек жолунун боюна, архитектуралык жагынан төп келиштирип тургузуу жетебиз Жайыл атанын арбагына урмат көргөзгөнүбүз болоорун айтты. Эстелиги десе эле арыдан бери чампалай койбой, өткөн заман менен бүгүнкү күндүн талабына жооп бергендей кылып, керек болсо бул күмбөз-эстеликтин курулушунун проектисине конкурс жарыялап, алардын ичинен мыктынын-мыктысын тандап алып куруу зарылдыгын билдирди.

Жайыл атанын Итике уулунан тараган бүгүнкү күндө Ысык Көл дубанынын Челпек кыштагынада жашап калышкан 180ден ашуун Жайыл атанын урпактары бар экендигин билгизип Бишкек шаарынын тургуну ***Тынчтыкбек Токтосун*** уулу, аталаш туугандарын тапкан-

дыгына сыймыктанышканын, мындан ары "бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарып жүрүүгө үндөдү. Андан ары Тынчтыкбек минтип чогулуп максаттуу маселелерди ортого салып отурган соң келечекте (учредителдердин) уюштуруучу-түзүүчүлөрдүн фондун түзүү керектигин жана анын негизинде келечекте "Жайыл-Ата" банкын ачууга мүмкүнчүлүк болоор ой максатын ортого салып, ушул маселени көпчүлүк боорлоштор ортодо ойлонушуп чечсе түзүк болоорун өтүндү.

Кийинки сөз кезегин Жайыл атабыздын Итике уулунун урпагы Бишкек шаарынын тургуну Эриктүү айылынан ***Жанчар Калман*** уулу алып, негизи эле бул уюшулуп жаткан эл аралык — "Жайыл-Ата" кайрымдуулук коому, бүгүнкү күндүн талабына жооп берээрлигин жана керек болсо, өтө өз учурунда уюшулуп жаткандыгын баса белгиледи. Кайрымдуулук коомунун бирден-бир маанилүү милдеттеринин бири бул айыл-кыштактардагы кары-картаңдарга, жетим-жесирлерге багаар-карааары жок карыптарга, эмгектин, согуштун ардагерлерине жардам берүү экендигин эскертти.

Жайыл атабыздын урпактары тараган ар бир айыл-кыштактарга эл аралык "Жайыл-Ата" кайрымдуулук коому маданий, саясий, экономикалык деңгээлинин жогорулашына өз таасирин түздөн-түз тийгизиш керектигин баса айтты. Келечекте коомдун алдында ондогон, жүздөгөн ишмер адамдар, кичи мекемелерди уюштуруп ийгиликтүү иштеп, коомубузга, эл-журтка пайдасын тийгизсе жакшы болоорун сунуш кылды.

Албетте мындай маанилүү маселелерди жүргүзүүдө бул эл аралык коомубузга бардыгына жетектеп, көзөмөлдөп, башкарып иш алып баруучу лидер-жетекчи адамдын керектигин айтты. Мындай лидерсиз айткан асыл максаттарыбыз сөз боюнча эле кала берээрлигин эскертти. Ошону менен бирге көпчүлүк алдына акыркы эки жылдан бери коом үчүн далалат кылып чуркап жүргөн ***Ажакмат Аман*** уулунун кандидатурасын сунуш кылды. Жыйынга катышкан 230дан ашык адам бир добуштан Аман уулу Ажакматтын бүгүндөн баштап эл аралык "Жайыл-Ата" кайрымдуулук коомунну ***"президенти"*** — "төрагасы" болуусуна ак баталарын беришип шайлап алышты. ***Келечекте шайланган төрага Жайыл атабыздын арбагы ыраазы болгондой, бардыгына тегиз, калыс караган, алдыга коюлган милдеттердин баарын аткарууга аракетин аянбай иштешин каалагандыктарын берген баталары аркалуу билгизишти.***

Жашы сексен алтыдан ашкан ардагер айыл аксакалы Жайыл атабыздын урпагы ***Аман уулу Ысрайыл*** абабыз өз кезегинде маанилүү кеп-кеңештерин ортого салып, келечекте ыймандуу, ынтымактуу болууга үндөдү. Кеч да болсо жаштардын уюштуруп жаткан бул кайрымдулук коомуна ыраазылыгын билгизди жана бул эле коңшулаш Москва аймагынын тургундары Жайыл атабыздын бабасы Талкандын урпактары экендигин көптөгөн далилдер менен чечмелеп, алар да биздин бир боорлор экендигин өзгөчө белгиледи.

Сөзүнүн аягында Жайыл атабыздын урпактары ылайым, ыймандуу, ызааттуу, ынтымактуу, ырыс-кешиктүү болушуп, ыйкы-тыйкысыз, ызы-чуусуз ымаланышып, ырахаттанышып жашасын деп, "Ы" — тамгасынан бир тогуз ак батасын берип, отургандарга кайрылды.

Кадырлуу эс алуудағы ардагер Жайыл атабыздын Итике уулунун урпактарынан сексенге чамалап калган ***Жангазы Сурана*** уулу республикабыздын көптөгөн дубандарында, аймактарында жетекчи кызматтарды өтөгөндүгүн айтып келип, Жайыл атабыздын ченемсиз баатырдыгын, билермандыгын, элин-жерин баштап, башкарып коңшулаш эл-журт менен, тигил жагы Кытай эли менен да өз мезгилинде элчилерди жөнөтүп ынтымакта болууну көздөгөн баатырлардан экендигин баяндады. Ошолордун негизинде бир уулунун урпактары Караколдун айлана чөйрөсүндө жашап калганын, жана дагы бир уулунун урпактары бүгүнкү күндө коңшу кытай элинин Кызыл-Суу аймагында 380ден ашык үй-бүлөсү жашап жатканына токтолуп, келечекте алар менен байланышып, аларды табуу маселесин жаңы шайланган Ажакмат Аман уулу-төрагабызга дайындады.

Жайыл атабыздын баатырлык окуяларын айтып отуруп, атабыздын балдары Үсөн, Теке, Итике, Асандар да эр жүрөк, алп баатырлардан экендигине кеңири токтолуп кезектеги бир окуяны айтып берди. Үсөн менен Теке өрүштөгү жылкыларын карап жүрүп бир туу калган бээлеринин жоктугун баамдашып издеп жүрүшүп саздак камыштын арасынан жара тартып жеп жаткан жолборсту Укуруктап кармап алышып айылга жетелеп келгендигин, аны көргөн эл Жайыл баатырга уулдарыңыз жолборсту укуруктап алып келишти деп сүйүнчүлөп келгендерге балдарына көпчүлүктүн көзү тийбесин деп, ок кудай урган акмактар "эки ит, — бир итти" жетелеп алган тура деп, жүрөгүнөн сүйүнсө да шек алдырбай, алып бар ошондон ары жоготкула деп буйрук берген уламышты эскертти.

Ошону менен бирге бүгүнкү күндө атагы кыргыз элине кеңири тараган. Ормон хан, Балбай баатыр, Шабдан баатыр, Кыдыр аке, Садыр аке Атаке баатырлардын 100-200 жылдыктарынын белгилеп ата-бабаларынын арбагына арнап куран окутуп эстеликтерин тургузуп жаткан калайык-калкты айтып келип, керек болсо алардын баары кечээ эле 100-150 жылдын ары-берисинде болгондугун, ал эми айтылуу Атаке баатыр Жайылдын күйөө баласы экендигин да баяндап берди.

Өзгөчө токтолуп белгилеген жери коңшу Казак элинде кеңири тараган айтылуу баатыр Аблайхандын арбагын сыйлап борбор шаары Алма-Атадан белгилүү аянттын, көчөнүн аттарын атагандыктарына көпчүлүктүн көңүлүн бурду. Өз мезгилинде ошол Аблайхандар менен ат алышып, кыз беришип жүргөн Жайыл атабыздын дарегинин кабарсыз калгандыгын эскертип келип, жогоруда Жайыл атабыздын арбагына карата тогуз жолдун тоомуна эстелик-мемориалын тургузуу маселеси туура козголгондугун колдоду. Ошону менен бирге

аны көп чойбостон өтө тез арада аракет жасап кура баштоону сунуш кылды.

Өз сөзүнүн соңунда, жашырып кереги эмне, "төрүбүздөн-көрүбүз" жакын калды. Эгерде жаштар бул иштерди тездетсе биз да көзүбүздүн тирүүсүндө эстелигин көрүп атабыздын арбагына арнап куран окуталы деген өтүнүчүн ортого салды. Жангазы агабыз тилегине жетпей бул жарыкчылык менен кош айтышты.

Сөз кезегин алган ***Жолдошбек Сегизбай*** уулу бирикменин акча каражаттарын кандайча топтоо боюнча өз ойун ортого салуу менен бирге керек болсо Жайыл атанын урпактарынын приватташтыруудагы акчалай чектерин эл аралык Жайыл ата кайрымдуулук коомуна чогултуу маселесин сунуш кылды. Келечекте "Жайыл-Банк" банкы уюштурулса, өзү иштеген Жайыл аймагынын финансалык бөлүмү мекемесинен банктын иштеши үчүн орун берээрин эскертти жыйындын катышуучуларына.

Көптөгөн дагы чыгып сүйлөгөндөр коомдун түзүлүшүн кызуу колдоого алышты. Мына ошолордун негизинде, ***Токтом кылынды***:

— Эсебинде Жайыл баатырдын урпактары жашаган кыргыз элинде, эл аралык "Жайыл-Ата" кайрымдуулук коому түзүлсүн.

— Эл аралык "Жайыл-Ата" кайрымдуулук коомунун төрагасына ***Ажакмат Аман*** уулу бекитилсин. Иштин жүрүшүнө, уюштурулушуна жараша акырындык менен төраганын жардамчылары жана башка кызматчыларын алуу уюштурулсун.

— "Жайыл-Ата" мемориалынын проектисине конкурс жарыялансын. Алардын мыктысы, бүгүнкү күндүн архитектуралык талаптарга жооп бергени тандалып алынсын.

— Эл аралык "Жайыл-Ата" кайрымдуулук коомуну уюшулган күндөн баштап тарыхын каттоочу китепче ачылсын. Ага биринчилерден болуп Жайыл районунун атын калыбан келтирүүдө кызмат кылган, коомду уюштурууда далалат кылып, активдүү катышкан атуулдар катталып, сыйлыктар ыйгарылсын.

— Эл аралык "Жайыл-Ата" коомунун борбору Бишкек шаарына жайгашсын. Иштелген иштер боюнча бир жылда бир конференция, же текчи органдарды кайра шайлоо үчүн беш жылда бир курултайы чакырылсын.

Эл аралык "Жайыл-Ата" кайрымдуулук коому тез арада юридикалык жактан каттоодон өткөрүү жана "Жайыл-Ата" — эсеп-чотун ачууга далалат жасалсын, 1993-жылдын биринчи токсондугунун ичинде.

*Эл аралык "Жайыл-Ата" кайрымдуулук коомунун төрагасы: А.Аманов. Катчысы: М.Төлөбаев.*

Ооба, өзүңүздөр көрүп Эл аралык "Жайыл-Ата" кайрымдуулук коомунун Уставы талапка шартка байланыштуу орус тилине которулуп минюстен өткөрүүгө туура келди.

Бул багыттагы иштерди Сатар Беккожо уулу бүтүрдү. Акыры бир эмес, бир нече жолу 1993—1994-жылы тынбай каттап жатып каттоодон өткөнүн сүйүнчүлөдү. Уставынан тышкары анын мөөрү, штампы дагы даярдалды.

Төмөндө Эл аралык "Жайыл-Ата" кайрымдуулук коомунун Уставынын көчүрмөсү орус тилинде.

Утверждено:

Общим собранием общества «Жайыл-Ата

Зарегистрировано: Министерством юстиции Кыргызской Республики

## ПРОТОКОЛ №1

февраль 1994 г.

## УСТАВ

Международного гуманитарного общества «Жайыл-Ата» г. Бишкек, ул. Эркиндик, дом 36.

### 1. ОБЩИЕ ПОЛОЖЕНИЯ.

1.1. Гуманитарное общество «Жайыл-Ата», именуемое в дальнейшем «Общество», является организацией, созданной по инициативе граждан путем объединения их взносов и вкладов в виде денежных средств для осуществления хозяйственной гуманитарной деятельности. Общество обладает полной хозяйственной самостоятельностью.

1.2. Общество создается в соответствии с действующим Законами Кыргызской Республики.

1.3. Учредителями Общества является граждане Кыргызской Республики и юридические лица.

1.4. Общество является юридически лицом, имеет имущество и личные неимущественные права и несет обязанности, может быть истцом и ответчиком в арбитраже и суде, в праве совершать любые, не противоречащие Законодательству Кыргызской Республики.

1.5. Общество открывает счета в финансово-кредитных учреждениях как в сомах, так и в валюте.

1.6. Общество на основе полного хозяйственного расчета обеспечивает самоокупаемость, финансирование затрат по совершенствованию деятельности, социальному и материальному стимулированию.

1.7. Общество отвечает по обязательствам всем своим имуществом. Учредители отвечают по обязательствам Общества в пределах своих вкладов. Общество не отвечает по обязательствам государства, равно как и государство не отвечает по обязательствам Общества.

1.8. Общество имеет круглую печать со своим наименованием «Жайыл-Ата», указанием организационно-правовой формы — гуманитарное общество штампы, фирменные бланки со своим наименованием, фирменный знак и иные атрибуты юридического лица.

## II. ЦЕЛЬ И ПРЕДМЕТ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ

2.1. Содействие решению социально-экономических проблем в Республике, содействие развитию гуманитарной деятельности и подъему национального самосознания. Способствовать развитию спонсорства, благотворительности, милосердия.

2.2. Организация адресной гуманитарной помощи наиболее нуждающимся слоям населения Республики.

2.3. Учреждение именных стипендий наиболее способным студентам, курсантам и учащимся. В дальнейшем финансирование их обучения за границей.

2.4. Учреждает премии в области искусства, литературы, науки, техники и других отраслей народного хозяйства.

2.5. Учреждение премии и звания «Гуманист года».

2.6. Способствует развитию экологической культуры в республике. Активно занимается проблемами экологии и окружающей среды, охраны природы.

2.7 Для достижения своих целей Общество осуществляет деятельность в следующих направлениях:

2.7.1. Привлекает финансовые средства инвесторов, спонсоров и граждан, гуманитарную помощь.

2.7.2. Создает или участвует в создании предприятий производства, торговли и услуг.

2.7.3. Выдвигает свои кандидатуры в исполнительные и законодательные органы власти.

## III. УСТАВНОЙ ФОНД И ИМУЩЕСТВО

3.1. Членами Общества могут быть любые юридические лица и граждане.

3.2. Для обеспечения деятельности Общества образуется уставной фонд в размере 200000 (двести тыс.) сом.

3.3. Размер уставного фонда Общества может быть изменен в порядке, предусмотренном законодательством и по решению правления Общества.

3.4. Источником имущества Общества является собственные и привлеченные средства.

К собственным средствам Общества относятся:

Уставной фонд;

Фонды, создаваемые из прибыли предприятий и учреждений Общества;

Иные, не противоречащие Законодательству средства.

К привлеченным средствам Общества относятся:

Кредиты банков и организаций;

Иные, не противоречащие Законодательству средства;

Гуманитарная помощь зарубежных стран.

## IV. ПРАВА И ОБЯЗАННОСТИ

Для достижения своих целей Общество имеет право:

От своего имени заключать договоры, контракты, совершать юридические действия, приобретать брать и сдавать в аренду здания, сооружения, предприятия, транспортные средства и иное движимое имущество.

Открывать расчетные и иные счета в любых финансово-кредитных учреждениях и производить через их операции в сомах, иностранной валюте, по безналичному расчету, наличными деньгами или иными платежными средствами без ограничения сумм платежей. Форма расчетов определяется Обществом по согласованию сторон.

Самостоятельно расходовать свои денежные средства, зачисляемые на его сомовый и валютный счета в банках. Пользоваться кредитами в сомах и иностранной валюте.

Входить в добровольные объединения, создавать различные виды совместных предприятий, ассоциацией, объединений, принимать участие в их деятельности вкладывать в них средства на коммерческой основе.

Учреждать, приобретать или преобразовывать предприятия, а также заключать договора о собственном имуществе предприятия.

Организовывать и учреждать в установленном порядке свои представительства, доверенные предприятия, филиалы и т.п. и равно участвовать в объединениях, обществах, ассоциациях, других организациях, деятельность которых соответствует целям Общества.

Самостоятельно формировать программу развития предприятия, устанавливать механизм взаимоотношений.

Самостоятельно определять административно распорядительную деятельность по управлению предприятием.

Нанимать и увольнять работников в соответствии с уставом Общества.

Распоряжаться прибылью Общества в соответствии с уставом Общества.

Привлекать к своей работе на договорных условиях временные творческие коллективы (трудовые) и специалистов.

Оспаривать в суде (арбитраже) в установленном Законом порядке действия граждан, юридических лиц, органов государственного управления.

Осуществлять любую другую деятельность, разрешенную действующим Законодательством, необходимую для достижения уставных целей Общества.

Общество обязано:

Выполнять решения Государственных органов в пределах их компетенции

Осуществлять свою деятельность в строгом соответствии с действующим Законодательством, настоящим уставом и учредительным договором.

Члены Общества имеют право:

Управлять делами Общества.

Иметь полную информацию о деятельности Общества.

Получать гуманитарную помощь по заключению комиссии Общества.

Члены Общества обязаны:

Соблюдать положения устава Общества и других внутренних нормативных актов.

Исполнять принятые обязательства по отношению к Обществу.

Строго выполнять решения, принятые Общим собранием Общества

Материально, в силу своих возможностей, поддерживать Общество

## V. ФИНАНСОВО-ХОЗЯЙСТВЕННАЯ ДЕЯТЕЛЬНОСТЬ

5.1. Общество самостоятельно определяет свою хозяйственную деятельность, определяет перспективы развития, распоряжается средствами и прибылью, остающейся в распоряжении Общества.

5.2. Основными обобщенными показателями финансовой деятельности является благотворительные спонсорские средства, переданные гражданами, организациями, предприятиями и гуманитарные средства иностранных фирм, прибыль созданных предприятий, учреждений, объединений

5.3. Общество создает резервный фонд в размере 10% уставного фонда.

Размер ежегодных отчислений в резервный фонд составляет не менее 1% от всех поступлений в доход.

Убытки Общества возмещаются за счет резервного фонда, а в случаях, если резервного фонде не хватает — за счет других средств, имеющихся в Обществе, а при недостатке этих средств — за счет реализации имущества или дополнительных средств.

## VI. ПЛАНИРОВАНИЕ И ОТЧЕТНОСТЬ

Общество самостоятельно планирует свою деятельность и определяет перспективы развития.

6.2. Общество осуществляет учет результатов своей деятельности, ведет бухгалтерию и статическую отчетность в установленном порядке и несет ответственность за ее достоверность.

6.3. Общество и его должностные лица несут ответственность за достоверность информации, содержащейся в отчете.

## VII. ОРГАНЫ УПРАВЛЕНИЯ ОБЩЕСТВА

7.1. Высшим органом управления Общества является общее собрание членов, которое правомочно принимать решения по любым вопросам деятельности Общества и созывается один раз в год.

7.2. Общее собрание избирает правление Общества,

— членов наблюдательного совета;

— утверждает Устав Общества и вносит изменения;

— утверждает Уставной фонд.

Уведомление о собрании направляется всем членам уплатившим взнос, не позже чем за 30 дней до собрания письменно, либо публикуется в средствах массовой информации.

7.3. Собрание правомочно в случае присутствия не менее половины членов или их представителей.

7.4. Собрание ведет президент или вице-президент, в случае их отсутствия председательствует один из членов правления.

7.5. В промежутках между общими собраниями высшим органом управления Общества является правление.

7.6. По должности в правление входят президент, вице-президент и председатель наблюдательного совета.

7.7. Члены правления, за исключением президента, вице-президента и председателя наблюдательного совета, избираются на 5 лет.

7.8. В полномочия правления входит решение всех вопросов деятельности, если они не отнесены к исключительной компетенции общего собрания Общества.

7.9. Правление принимает решения и организует работу по своему усмотрению.

7.10. На заседаниях правления председательствует президент или вице-президент. В случае их отсутствия ведет один из членов правления.

7.11. Президент избирается общим собранием сроком на 5 лет. Президент осуществляет представительские и контрольные функции, кроме того:

7.11.1. Обеспечивает выполнение планов Общества.

7.11.2. Организует подготовку и выполнение решений общего со-

брания Общества, правления и представляет отчеты об их выполнении.

Президент формирует аппарат управления Общества, включая вице-президента.

7.11.3. Принимает решение об открытии филиалов и дочерних фирм.

7.12. Вице-президент работает под руководством президента. В случае невозможности выполнения президентом свои обязанностей, исполняет обязанности президента.

7.13. Руководство текущей деятельностью Общества осуществляет ответственный секретарь.

7.14. Для, контроля за деятельностью Общества общее собрание членов избирается одновременно с избранием президента.

Председатель наблюдательного совета является членом правления по должности.

Члены наблюдательного совета имеют право доступа ко всей документации Общества.

## VIII. ПРЕКРАЩЕНИЕ И РЕОРГАНИЗАЦИЯ ОБЩЕСТВА

8.1. Общество прекращается (ликвидируется):

– по решению общего собрания;

– по истечении срока, на который оно было создано;

– согласно ст. 26 Закона об общественных объединениях.

8.2. Добровольная ликвидация Общества производится назначенной или ликвидационной комиссией.

Решение о реорганизации принимается общим собранием.

Об Уставе Международного гуманитарного общества «Жайыл-Ата»

Международное гуманитарное общество «Жайыл-Ата», создано решением общего собрание 17 февраля 1994 года, на котором утвержден его устав:

Основной целью создание международное гуманитарное общество «Жайыл-Ата», является:

Содействие решению социально-экономических проблем:

Развитие гуманитарной деятельности:

Учреждение стипендий студентам и учащимся:

Присуждение премии выдающимся мастером искусства, литературы, деятелем  науки и техники;

Способствование развитие экологической культуры.

Высшим органом общества является общее собрание, между которыми его работой руководит правление.

Источниками денежных средств и имущества общества является собственные и привлеченные средства.

Устав общества не противоречит Закону «Об общественных объединениях».

Вносится предложение о регистрации Уставе Международного гуманитарного общества «Жайыл-Ата».

*Начальник Управления по регистрации*
*юридических лиц А.Рустемов.*

Об Уставе Международного гуманитарного общество «Жайыл-Ата»,

Рассмотрев и обсудив записку Управления регистрации юридических лиц Министерства юстиции Кыргызской Республики «Об Уставе Международного гуманитарного общество «Жайыл-Ата», руководствуясь ст. II Закона Кыргызской Республики «Об общественных объединениях», коллегия —

Постановила:

Зарегистрировать Устав Международного гуманитарного общество «Жайыл-Ата».

*Председатель коллеги*
*министр М.Ш. Чолпонбаев*

## ЖАЙЫЛ БААТЫРДЫН 300 ЖЫЛДЫГЫНА КАРАТА

Жогоруда көрсөтүлгөндөй Жайыл Ата эл аралык коому Минюстан каттодон өткөнү менен ал борборубуз Бишкек шаарында болуп, Жайыл Атанын 300 жылдык маарекесин өткөрүп, анын тарыхый эстелигин тургузуу маселелерин түздөн-түз өз салымын кошо албай арабөк абалда калды. Элибизде «кийиз кимдики болсо, билек ошонуку» — дегендей атабыздын ысмын алып жүргөн эле райондун жетекчилерине күч келүүчүдөй түрү байкалууда.

Бөтөнчө Болот Назаров мырзанын активдүү киришип, талапты койо билгендигине байланыштуу райондо Жайыл Ата коомунун атайын комитети уюшулду. Анын курамы 13 адамдан түзүдү. Ар бир курамдын мүчөлөрүнө өз алдынча иштей турган иш чаралары белгиленип иштей баштады. Көп узабай коомдун төрагасынын милдетин аткарган Бердигул Курманкулов күтүүсүз каза болуп, Жайыл Ата коомунун иши аз да болсо иши солгундай түштү. Муну сезген Болот Назаров коомдун мүчөлөрүнүн ар бири менен кеңири кеңешип Жайлы Ата коомунун ишинин активдүү жандуу иштеши үчүн райондун финансы бөлүмүнүн башчысы Сегизбаев Жолдошбек Нургазиевичти жеке чакырып алып жогорудагы жоопту милдетти кошо алып барууну өтүндү.

Мына ошол күндөн баштап Жолдошбек күнү-түнү дебей Жайыл Атанын эстелигин тургузуу боюнча коомдун мүчөлөрү менен ийри отуруп түз кеңешип бардык ишти колго алды. Жолдошбектин жеңилин жерден, оорун колдоп алып кеп-кеңештерин эле эмес ар дайым өз жардамын аянышпады. Алардын катарына К.С.Айтбаев, Т.А.Султаналиев, Б.К. Кожоев, Р.А.Иманбекова, М.Б.Алиев, Адылбек Оморов, Ашымалы Сыдыков, Төлөбаев Мухтар, Наамат Сегизбаев, Жекшен Чекиров, Сокен Каакеевалар ар дайым колдоо болуп үзүрлүү эмгектеништи. Албетте жогоруда аты аталган жолдоштордун эмгеги алкоого арзырлык

## МАРАФОН

Мезгил учкан куштай билинбей өтүп жатты, Эл аралык "Жайыл-Ата" кайрымдуулук коомунун демилгеси, Жайыл районунун администрациясынын колдоосуна алынып марафон уюштуруп чогулган каражатка Жайыл баатырдын эстелигин тургузуу маселеси козголуп, акырындык менен иш жүзүнө аша баштады.

Жайыл атанын арбагына таазим кылуу менен Жайыл атабыздын осуятын туу тутуп анын 300 жылдыгына карата. Жайыл райондук мамлекеттик администрациянын башчысы Б.Н.Назаровдун сүйлөгөн сөзү.

Урматтуу мекендештер! Марафондун катышуучулары! Кымбаттуу коноктор!

Жайыл райондук мамлекеттик администрациясынын, райондук Кеңештин, Кара-Балта шаардык башкаруусунун жана марафонду уюштуруу комитетинин атынан биздин чакыруубузду кабыл алып, марафонго келип катышып жаткандыгыңыздар үчүн чоң рахмат айтып, ыраазычылык билдирип коюуга уруксат этиңиздер!

Марафонду уюштурууда биз негизинен элдердин ортосундагы достукту, тынчтыкты сактоо, ошондой эле Президентибиз Акаев Аскар Акаевич жүргүзүп жаткан улуу иштерге, коомдун бейкутчулугун камсыз кылуу, атуулдук биримдикти сактоо иштерине өз салымыбызды кошуу максатын көздөдүк.

Райондун эли жана коомчулугу жаңы кылымдын башталышында өзүнүн даңктуу уулу Жайыл-баатырдын 300 жылдык маарекесин белгилөөнү көздөп жатышат. Жайыл-атанын бул юбилейи жөн эле кезектеги бир элдик баатырдын тою гана болбостон, ал колуна курал алып кезегинде эл-жердин бүтүндүгү, көз карандысыздыгы, мамлекетибиздин түптүүлүгү сыяктуу улуу максаттарды туу туткан максаттарынын өзөгү, учурдагы биздин көз карандысыз эркин мамлекетибиздин жүргүзүп жаткан иштерине шайкеш келгендигинде.

Жайыл-баатырдын урпактары анын атын, эл үчүн көздөгөн бийик максаттарын түбөлүккө калтыруу максатында бир кыйла аракеттерди жасап жатышат. Бир нече жылдардан бери райондо "Жайыл-

Ата" кайрымдуулук коому уюшулуп, иш жүргүзүп келе жатат. Коомдун ишинин негизги багыты бей-бечараларга жардам көрсөтүү, элдердин ортосундагы ынтымакты чыңдоо. Убагында ушул асыл ой-максаттарды Жайыл-баатыр туу тутуп келген экен.

Бүгүнкү күнү Жайыл-баатырдын урпактары республикабыздын ар кайсы булуң-бурчтарында эмгектенишсе да бир тууган, өз районунун даңкын, ар намысын колдоп анын жакшы жагын чыгарууга катышып келет. Бүгүн мына ошол районубуздан чыккан чыгаан уулкыздарыбыз келишип марафонду өткөрүүгө катышып жатышат.

Аларга жалпы журтчулуктун атынан ыраазычылык билдирип коюуга уруксат этиңиздер.

Урматтуу, конокторго, атайын убактыларын бөлүп, элдин ынтымагын, элдин улуу максаттарын сыйлап келгендери үчүн жалпы районубуздун элинин атынан ыраазычылык билдирип коюуга уруксат этиңиздер!

Ошондой эле жалпы районубуздун элинин атынан Чүй облусунун губернатору Бакиев Курманбек Салиевичке ыраазычылык билдиребиз. Курманбек Салиевич марафонду өткөрүү идеясына ар тараптан колдоо көрсөтүү менен чоң жардамдарды берди.

***Рахмат бардыгыңыздарга!***
***Райондук «Жаңы мезгил» гезитинен алынды.***

## ЖАЙЫЛ БААТЫРДЫН 300 ЖЫЛДЫГЫНА КАРАТА МАРАФОНДУН ӨТҮШҮ ЖӨНҮНДӨГҮ МААЛЫМАТТА

### Адылбек Оморов менен Бээрман Бокоевдер "Жайыл-Ата" коомунун мүчөлөрүнүн пикрлери

Ар бир иштин бүтө турган учуру болот дегендей, 1992-жылдан бери Жайыл баатыр жөнүндө козголгон маселени, ошол кездеги райондун экс акими Рахманов Төлөгөн колдоп, районубуз илгерки өз атын кайра алып Жайыл району деп аталган. Ошол кезден баштап эстелик тургузуу маселеси козголгон. Райондогу аксакалдар чогулуп, Рахмановду алмаштырган Кубанычбек Сыйдановдун кабыл алуусунда болгонубузда, ал акимибиз тамашалай:

— Эмне шашыласыздар. Бул маселени 2000-жылдан ары калтырбайлыбы? — деп сынай карап, анан өз суроосуна өзү жооп берип: —"Түшүндүм аксакалдар, ага чейин ким бар, ким жок деп кабатырланып турасыздарго, болуптур колго алалы, жардам берейин" – деген сөзү али көпчүлүктүн эсинде.

Ал эми Сыйдановду алмаштырган акимибиз Болот Назаров бул ишти андан ары колдоого алып, 1999-жылы Жайылдын 300-жылдык маарекесин өткөрүү боюнча уюштуруу комитетин түзүп, аны жетек-

төөнү биринчи орун басары Кубанычбек Айтбаевге дайындап, иштин алга жылышына көмөк көрсөттү.

Ошентип күткөн күн – марафон өткөрүү күнү 2000-жылдын 8-июлуна туура келди. Бул күн журтчулукка сегиз жылдан бери күткөн күндүн добулбасындай эле сезилди. Бул марафонду колдоп жана өз салымдарын кошкон президенттик аппаратка, Кыргыз өкмөтүнө, Чүй областтык мамлекеттик администрацияга терең ыраазычылык билдирүүгө акылуубуз.

Ушундай эле ыраазычылыкты марафондун максатын туура түшүнүп, өз салымдарын кошкон Шабдан-Ата коомуна, Кара-Балта тоо кен комбинатына, Дан азыктар комбинатына, "Жайыл-пиво" акционердик коомуна, спирт заводуна, № 9 ДЭУга, Панфилов, Кемин, Ысык-Ата, Жайыл райондук акимчиликтерине, Жайыл, Суусамыр бириккен чарбаларына, арбакты сыйлашкан ата уулдар: Мисир Ашыркуловго, боордош Казакстандын Мерке районундагы "Жоогач-баатыр" коомуна, элибиздин сыймыгы, көз догдур Сманкуловго, өзгөчө Жайыл жеринде туулуп, өскөн-өнгөн, Жайыл жерин жер деп, элин элдеп, бир боорундай санап, өзү алыс жердин ата уулдугун алып кетсе да сагынган сагынычын жолдогон Черепов, Ташкул Керексизов аркылуу 200 миң сом салым кошкону "Бир күн даам сызган жериңе, миң күн салам айт" — деген накыл сөздүн айныксыз чындык экендигинин күбөсү болуп калды.

Эми учуру келип турган соң анча-мынча болсо да ич күптүү кылып турган оюбузду ортого сала кетели. Кыргызда: "Жыргаганымдан жылкычы болдумбу?" — деген накыл сөз бар. Анын сыңарындай: эгерде өкмөттүн чөнтөгү калың болсо, Жайыл атабыздын маарекесин өткөрүү үчүн минтип марафон өткөрүүгө макулдугун бербес эле деп ойлобуз.

Марафон өттү. Муз ордунан жылды, Жайыл атабыздын урпактары жашаган он бир айылдын Эркин-Сай, Орто-Кайырмадагы Асан урпактары 5400 сом, Жайыл айлындагы Итике элинин Макмал энеден тараган урпактары 9000 сом салым кошту, ал эми калган айылдагы урпактары, айрым жекече салымдарын кошкондордон тышкары, унчугушпай, үн катпай калгандарына таңбыз.

Боордоштор! Атабыздын эстелигин тургузуудан тышкары Жайыл атабыздын бейити тарых далилинин негизинде Үсөн, Теке уулдары менен Казакстандын Мерке районундагы Плодоягодный совхозунун аймагында. Жайыл кыргынына кабылган Солто уруусундагы боордошторубуз менен урпактар качан бизди эске алаар экен деп үмүт эткен арбактар жатышат. Марафон өткөрүүдөгү экинчи максат, ошол бейиттин айланасын тартипке келтирүү, тосмолоп, белги коюу да мойнубуздагы бирден-бир парз экендигин туура түшүнүшүбүз керек.

Ушул ыйык иш үчүн жан далбас уруп жүргөнүбүз калп беле: айланайын аксакалдар жана айыл билермандары. Марафон жөнүндөгү пикир бышып жетилип, өз чегине жеткенде жалтакташып, четке чыга

берген ата уулдарга таң калып, ушундай да болобу деген сар санаага түшпөскө арга жок.

Урматтуу окурмандар! Намыстана кетип, алар кимдер экен деп кызыга кетчүлөр болсо, бирден санап берүүгө биз даярбыз.

Муну доомат деп да, доомат эмес деп да түшүнсө болот, анткени башка уруудагы боордоштор Жайыл атабыздын арбагын сыйлап, бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарып, колдоп жатканда Жайыл атанын Үсөн, Теке, Асан, Итике, Байбек, Куттубай, Эшбото, Кудайберген балдарынан тараган урпактар — мага эмне үчүн чакыруу кагазын жибербейсиңер — деп таарынып сыр көрсөткөндөрүнө жол болсун. "Тууган кыз туубаган кыздын бетин тырмаптыр" — болбостон, өзүбүз чуркап марафонду ийгиликтүү өткөрүү ыйык парзыбыз эмес беле, айланайын солтонун улуу, кичүүлөрү.

Марафон жөнүндө гезиттерге жазылып, кулактандыруу илинип, радио-телевидениеден берилип жатпадыбы. Чакыруу кагазы барбаган күндө да Жайыл атабыздын арбагы 300 жылдан бери, кимден үмүт кылып жатты?!

Айта берсе сөз көп эле. Алдыда али да болсо убакыт бар. Кезиккен жерден бири-бирибизди кекээрлеп, сынабай, мүмкүнчүлүктөргө жараша, ата уулдугубузду, адамкерчилик парзыбызды, арбакты сыйлоо-урматтоо, ыйык экендигин эске алуу менен колдон келген салымыңыздарды кошо берет ко деп ишенүү менен ушул макаланы жазып отурабыз.

## ЖАЙЫЛ АТАГА АРНАЛГАН

Эл аралык Жайыл ата коомунун уюуштуруу комитетинин төрагасы Сегизбаев Жолдошбек Кургазиевич төмөндөгүлөрдү билдирди.

— Эстеликтин долбоорунун автору белгилүү республикага эмгек сиңирген архитектор, архитекторлор союзунун төрагасы **Алымкулов Каныбектин** өзү. Ал эми айкелдин авторлору Москвадан окусун бүтүп келишкен, жаш таланттуу скульпторлор, Бишкекте орнотулган Шабдан баатырдын эстелигинин авторлору — **Турусбеков Аскат** менен **Сейталиев Азиз**. Ал эми Жайыл районунун кире беришине эстеликтин орношуна ошол убактагы облустун губернатору **Бакиев Курманбек Салиевич** айтып, колдогону себеп болгон. Ошентип Казак, Кыргыз, Өзбек үч элге тең жүргөн **Фергана өрөөнүндөгү Соот-Буланда төрөлүп,** Чүй өрөөнүндө чоң **атасы Талкан бийдин ордосунда балалыгы өтүп, бүтүндөй Теңир-Тоонун ичиндеги элдин ажосу болгон** Жайыл бийдин эстелиги түштүктөн-түндүккө батыштан-чыгышка багыт алган. Республикалык маанидеги эки жолдун кесилишинде, Жайыл районунун кире беришинен орун алат. Эстеликти куруу үчүн 2000-чи жылы чоң марафон өткөрүлүп, анда 1 млн. 300 миң сом каражат ~~чог~~ултулган. Ал эми эстеликтин курулушу

тууралуу районубуздун башкы архитектору Алиев Мирмухамбек Бообекович өзү айтсын.

Жайыл Атанын эстелигин куруу вазипасы Жайыл районунун башкы архитектору, Кыргыз Республикасынын Эл Өкүлдөр палатасынын депутаты Жайыл атанын Асан уулунун чеберлеринен болгон Алиев Мирмуханбек Бообековичтин үлүшүнө туура келди.

Алибетте архитектор мырзага мындай эл баатырынын эстелигин куруу зор сыймык экендигине талаш болбос. Өз сөзүндө Мирмухамбек негизи Жайыл атанын урпактарынан экендигин эскерүү менен мен үчүн канча курулуш иштерин жүргүзгөнү менен бул атабыздын эстелигине аз да болсо өз салымымды кошкондугуна сыймыктанаарын белгиледи.

Журналист Г.Токомановагын 2002-жылы 25-марттагы Чүй баяны гезине жарык көргөн "Жайыл-Атанын" маарекесине даярдыктар кандай деген дил маегине токтололу.

— Мирмуханбек Бообекович "Жайыл Атанын" эстелигин куруу Сизге сыймык болсо керек?

— "Жайыл-Ата" коому аткарган иштердин бирден бир эң көрүнүктүүсү мына ушул эстекликтин курулуп бүтүп жатышы. Чындыгында эле бул эстеликти куруу мен үчүн менин эмгек жолумдагы эң сыймыктуу курулуштардан болду. Анткени, илгертен Жайыл атанын урпагы катары анын эстелиги жөнүндө көп ойлончумун. Эми мына буйруса өзүм башында туруп ар бир деталына колум тийип, көз алдымда бүтүп жатканына мен бактылуумун. Бул эстелик мен үчүн эң кымбат.

— Жайыл-Атанын образын кандай жараттыңар.

— Оoбразын жогоруда айтылган скульпторлор жаратып далай талкуудан, көркөм чыгармалар кеңешинен өткөн. Андан кийин Жайыл районунун акими, Архитекторлор Союзунун төрагасы ж.б. официалдуу кишилерден турган комиссия көрүп туруп, кабыл алган. Мында Жайыл атабыз элин, жерин коргогон адам болгондуктан жоокер кийиминде, кылычы кынында "мына менин жерим!" — дегенсип оң колу менен Жайыл жергесин көрсөтүп тургансыйт.

— Эстелик баштапкы эле долбоор менен курулуудабы же өзгөрүү да болдубу?

— Эстеликтин алгачкы долбоору боюнча бардык жумуштар бүткөн эле. Азыр жаңы кошумчалар болууда. Айрыкча бизге акимибиздин койгон талаптары эң туура болуп атат. Ал кишинин сунушу менен эстеликтин айланасы кеңейтилип, көрктөндүрүлдү. Ал жерге ар кыл майрамдарды өткөрүү караштырылган. Үйлөнгөндөр келип бабасынын эстелигине таазим кылып, гүл кое турган, Жайыл атанын тарыхынан баян берүүчү музейинин болушун дагы кайра карап чыгуудабыз. Мурда болсо эстеликке ажыратылган жер бир аз тарыраак болуп турган. Азыр болсо райондун жетекчилиги ошол эстеликтин жанындагы май куюуучу жайды алдырып салып, аянтты кеңейтип берип жакшы иш болду.

— Каражат маселеси кандай чечилди?

— Долбоор боюнча скульптурадан башка эле жалаң курулуш иштерине, кызыл граниттен жасалган стелласына ж.б. болуп 1 млн. 580 миң сомго смета түзүлгөн. Айкел 650 миң сомго бүткөн. Экөө бириксе 2 млн. дон ашып кетмек да каражат жетпей калмак.

Бирок "көп түкүрсө көл болот" — дегендей Жайыл жана Панфилов райондорунун, андагы алдыңкы мекемелердин жардамы менен биз курулуш иштерин бүткөрдүк. Мен ушул жардам бергендендин бардыгына комиссиянын атынан өз ыраазычылыгымды билдирем. Ал эми өзгөчөлөнгөн мекемелерди айтып кетсем биздин райондогу ДЭП-40 (жетекчиси Ш.Иманкулов), "КОЭЗ" АКсы (жетекчиси А.Каплуков) стелласын жасоого жардам берди. Промстрой, КГРК, ЦРМ, Жайыл РЭС, ДЭУ-9, ОКХ "Комминтерн", КВТ, СПТУ-35, УОС, "Стимул", НКПА Клара, "Жол курулуш", ЗСИ, СУ-4 уюмдары дагы чоң салымдарын кошушту.

Бул курулушка генподрядчы болгон СУ-4 уюму (жетекчиси В.Сухоносов) бардык ишти жасап бүтүрдү, Субподрячиги болгон "Монтажник" АКсы да (жетекчиси Ю.Чернонов) жакшы иштешти. Кыскасы баарына ыраазычылыгыбызды билдиребиз.

— Мааракеге дагы кандай даярдыктарыңыздар бар?

— Эң негизги иштерибиз бүтүп калды. Мында Жайыл атабыздын тарыхын жазып, изилдеп, дастан кылып айтып, телекөрсөтүүдөгү "Доор аяны" боюнча көрсөтүп иш жасап жатышкан атуулдарыбызга рахмат. Азыр болсо **Тынарбек** Суранаевдин **"Бий Жайыл баатыр"** китеби чыкты, маркум **Бердикул** Курманкуловдун ыр түрүндөгү дастаны чыкты, **Бээрман** Бокоевдин дастаны чыгыбатат. Бул биздин бала-бакыраларга эң керектүү нерселер.

Ал эми "Жайыл-Ата коомунун" алгачкы жылдардагы изденүү иштери жөнүндө Адылбек Оморов агабыз "Атадан калган алтын сөз, айланып-кайра айтар кез" — деп буларга токтолду.

— 1991-жылы октябрь айынын ичинде Казак туугандардан эки адам келип калышыптыр. Аларга Жайыл баатыр менен Жоогач баатырдын (казак элинен) достугу тууралуу аңгеме куруп айтып берүүгө адам керек экен. Районубуздун ар кайсы жеринен сураштырып табышпай, аягында мага келишиптир. Менин деле тереңдетип айтып берүүгө чамам жетишпесин айтсам да болушпай, билишимче айтып берүүмдү сураныштьі. Алардын максаты Жоогач баатырдын арбагына куран окутушуп, атын даңазалоо үчүн кыргыздардан да өкүлдөр чакырылып, санжырадан сөз алмашууну ойлошуптур. Эртеси он чакты адам Папанин (азыркы Жоогач) айлына барып калдык. Казактар меймандос эл болот эмеспи, Кыргыз туугандар келишти деп конок үйүне киргизишип, сый дасторконун жайып калышты. Дасторкон үстүндө Алма-Ата, Түркстан шаарларынан келген мейман жазуучулар да бар экен. Бизге берилген суроолорго жооп берип, маектешип отурдук. Арадан убакыттар өтүп, казак туугандар кеңешмесин баштаашты. Марафон сыяктуу жол менен Жоогач баатырдан эртеңки каражатына акча чогулта башташты. Белдүү жигиттери белсинип алга чыгыш-

ты. Колунда барлары бардай жоктору жоктой дегендей ниетин билгизип жатышты. Кезек Кыргыз туугандарга келди дешип, "Кыргыз агаиндер не дэзр экен", — деген суроону бере салышты. Андай жарышты билелек жаныбыз жооп берүүдөн тайсалдап калдык. Жанымдагы жолдошторум: "Башын баштадың, жооп берүүдөн качпагын, эбин өзүң тапкын, элдин оозун жапкын" — дешип четтей беришти мени карашып. Айла жок шашканымдан берген жообум бул болду:

— Кымбаттуу туугандар, Жайыл баатыр менен Жоогач баатырдын арбагына сыйынып бүгүн силер менен биз баш кошуп отурабыз. Биз санжыра десек, силер чежире дейсиңер. Бул экөө биригип Жайлы менен Жоогачтын акыреттик дос экенин кылымдан кылымга айтып келет. Кан ичээрдин тукумунан Абылай кандын өлүм өкүмүндө турган биздин Итике атабызды Жоогач атабыз өлүмдөн алып калып элине кайтарган делип эки элдин ортосунда айтылып жүрөт. Эки кылым жол баскан санжыра менен чежирени ким калпка чыгармак. Ошол Итикенин тукуму 500 түтүндөн кем эмес, үч-төрт айылда турушат. Мындагы чындыкка таянып, Жоогач баатыр биздин да атабыз десек жаңылышпайбыз. Бир атанын эки баласы силер менен биз да бир тууган эл болдук. Кыскарта айтсам азыркы келген он, он беш адам жел убада берип убараланбай, айылыбызга кайтып баралы да, элибиздин ортосунда кеңешип, андан кийин ниетибизди билгизели" — десем казак туугандар кол шапалакташып кубатташты. Айылыбызга келгенден кийин Бөксө-Жол, Ийри-Суу жана Жайыл аксакалдары кеңешип 2000 сом (ал кезде акчанын кадырлуу мезгили) топтоп бир койду тирүү, эки козуну союп Жоогач атанын арбагына куран окутууга кайра бардык.

Ошол экинчи жолу казак туугандарга бараар алдында Омурзак агабыз: Адылбек, Жайыл атабызда эске албай, казак Жоогачка аракетти катуу жасап жатасыңар. Мен бир сөздү эске салайын. Маркум Муса, Жаманак агаларыбыз Кара-Балта мечитине жума сайын барышаар эле. Бир жолку баруусунда бейтааныш казак айткан экен:
— Силер Жайыл баатырдын урпактарынан экенсиңер. Жайыл тууралуу аңгемени көп курап айттыңар. Сурасам атаңардын бейити кайда экенин билбедиңер. Эмесе мен айтайын силер уккула. Ата бейитин билбей, алакан жайып бата кылбай, кайдагы кургак аңгемени айтасыңар. Силер билбеген ата бейитин — Меркенин казактары ыйык тутабыз. "Жайыл мазары" аталып, төрөбөгөн аялдар мал союп, арбагына сыйынып түнөп чыгышат. Ошол мазарды мобу турган Меркеге барсаңар табасыңар, — деген экен. Уят болгон агаларыбыз Муса бир кара козуну дайындап, Жаманак агабыз ичер кымызын алып, куран окуу милдетин Качыкеге дайындашып, кийинки жумада барышса баягы казак жок. Бечара о дүнүйөгө келбес сапарга кетиптир Куранды окутуп, мечиттеги эл менен оокатты жешип бура тартышыптыр. Эми алар да жок арабызда. Меркелик казактар менен катташып жатасыңар, эмдиги иш баштоо сеники, — деп агалык тапшырманы катуу берди Омурзак ага. Бул **18-июнь 1992-жыл** эле. Мен Жайыл

атабыздын бейитин издөөгө, атын даңазалоого аттанам деп өзүмө өзүм убада берген күнүм болду. 20-сентябрь күнү Казак тууганыбыз Акмолдо аттуу аксакалдын чакыруусу менен Меркеге барып 87 жаштагы Иватилде, 78 жаштагы Ашырбек аттуу карыялардын жол баштап көрсөтүүсү менен Жайыл атабыздын, эки уулу Үсөн менен Текенин бирге жаткан бейитин таап куран окуп, бата кылып кайткан карыялар маркум Айдаркан, Абдыкерим, Ыдырыз жана мен — Омор уулу Адылбек болдук...

Ошентип "Жайыл баатыр Ата кыймылынын" иштерин азыр "Жайыл Ата коому" ушинтип улантып эң жакшы иштерди жаратышууда. Биз аларга ийгилик каалайбыз.

*Г. Токоманова, Жайыл району.*

## АРАБЫЗДА АДАМДАР БАР...

Көтөргүм жок көрүнгөндүн күнөөсүн,
Козгосом дейм, жүрөк эзген мүдөөсүн.
Көзүң көрүп ишенип же ишенбей,
Көргөнүңө кайыл боло күлөсүң.
Кара кылды как жаралган чындыкта,
Кээ адамдын айткым келет мүнөзүн.

Ак сакалдуу төшү толо жайкалган,
Ак көңүлдүү, ниети дилден байкалган.
Айлансам аз, ак сакалдуу агалар,
Атам өңдүү нуска сөзүн айта алган.
Адал иштеп, кеменгердей төгүп мээр,
Арам иштен, пенделерди кайтарган.

Ар башкача адамзаттын баласы,
Ар башкача алардын бүт санаасы.
Адам чиркин миң кыялдуу болоорун,
Айрымалап аларымды карачы.
Ак көңүлбүз, байкабайбыз эч качан,
Ана ошондо адамзаттын чаласы.

Адам бар мен билген, сен билбеген,
Адам бар сен билген, мен билбеген.
Аңырдай оозун ачкан, алкы бузук,
Алып келчи бардыгын аймайм деген.
Алдыраарда жаздыраар таң каласың,
Андайларга негедир баары белен.

Адамдыкты бийигирээк кармайлы,
Азгырылып жутчулукка барбайлы.
Арам-адал эки жол бар алдыда,
Алардын биз адал жагын тандайлы.
Алкты бузуп көр тирилик деп жүрүп,
Абийирди кошо жалмап албайлы.

Кытмыр күлүп, какшыкташса — жашоо дешет,
Кыйды жүрүп, жанын бакса — жашоо дешет.
Кыр чыгарып жумурткадан, кынтык издеп,
Кычыларга мунун баары-жашоого эсеп.

Жан үрөп жашоо үчүн менсинебиз,
Жөн жүрбөй бирибизге эрсинебиз.
Жамандап бир-бирине ушак айтып,
Жайма-жай бир күнү биз жер сиңебиз.
Дүйнөдө эмне күлүк, санаа күлүк,
Дүрт этип, бүт денеге салып бүлүк.
Делөөрүп, дүүлүгөсүң, дилиң бузук,
Дүйнөдөн көз жумасың үңүп жүрүп.

*Мухуддин Төлөбаев 21.05.04.*

## ЖАЙЫЛ-АТАНЫН АРБАГЫ УРУП КЕТЭЭР БЕКЕН

Асанбек Стамовдун Жайыл баатыр баяны, аттуу китеби 1993-жылы жарык көргөндө жүздөгөн миңдеген адамдардын жүрөгүнө жылуулук тартуулагандай болду. Анткени автор Жайыл ата жөнүндө төмөндөгүдөй ойлорун баяндаган эле.

Аталган китептин 6-бетинде: "Бул согушта Кыргыз кошундарынын башында Коңурбайдын уулу Жайыл баатыр турган. Майданга түндүктөгү кыргыз уруулары бүтүндөй катышпай, негизги сокку Чүйдөгү солто элине тийет. Ушул жерден белгилей кетчү жагдай: 1750—1770-жылдардын аралыгында түндүк кыргыздардын бийлиги негизинен Жайыл баатырдын колунда эле. Жайыл журт башы, кол башы катары бүтүндөй түндүк кыргызды бийлеп турганы талашсыз чындык".

Он биринчи бетинде: "Жайыл баатыр Кошой бийдин таалим-тарбиясын толук алат, калмактар менен болгон согушта ал өзү атактуу баатыр катары баштан аяк катышат. Баатырлыгынан башка Жайыл акылман, кыраакы, өтө калыс адам болгон.

1755-жылы Кошой өлгөн соң түндүк кыргыздарда бийлик негизинен Жайыл баатырдын колуна өтөт. Анын өзүнчө себеби бар: андан Бердике берен, Тынай бийлер көз жумуп, Маматкулдун 90го

чыгып картайган кези. Маматкулдун уулдары: Темир, Болоттор ал кезде өлүп калган кези болчу. Ал эми Темирдин уулу Черикчи ал кезде сарбагыштардын бийи болуп эсептелсе да Жайылдын алдынан өтө албаганы көрүнүп турат. 1758-жылы Пекинге барган кыргыз элчилерин да Жайыл топтойт".

Он экинчи бетте: "Бул согуш тарыхта "Жайыл кыргыны" же "Жайыл майданы" деп аталат. Абалай кыргызга отуз миң кол менен атланганы айтылат. Ал кыргыздарга Мерке тарабынан кол салат. Кыргыздарга Жайыл баатыр жалпы кол башчылык кылат".

14-бетте: "Ошентип Жайыл мындан 220-жыл мурда сырткы баскынчылардан Ата-Журтун коргойм деп курман болгон кыргыздын эл башчысы, атактуу баатыры, ал тарыхый личность. Кыргыздын башын бириктирип эли-жерин коргогон Жайыл баатырды кантип унутабыз. Малтабардан тартып Кайыңдыга чейин эл илгертеден эле: "Жайыл эли" деп аталат. Ал эми 1870-жылдан 1932-жылга чейин кан жолдун асты-үстү өзүнчө "Жайыл болушу" экенин калк билет".

Ошол эле бетте: "Жайыл кыргыны" менин иштелип жаткан "Жортуул" романымдын бир бөлүгүн түзмөкчү. Мен бул тарыхый очеркимди атайын коздобостон жылаңач фактылардын гана негизинде жаздым. Касиеттүү Жайыл бабабыздын эмгегин азыркы урпактар биле жүрсүн деген максатты гана көздөп отурам".

16-бетинде: "Жайыл тарыхый личность, февраль 1992-жылы ал мындан 250-жыл мурда теңир-тоолук кыргыздарды тышкы баскынчылардан коргогон бий. Ошол ыйык ата мекендин жат душмандан коргойм деп канын, жанын кыйган бабаларыбыздын бири — Жайыл бий, Жайылдын тарыхый личность болгондугунун эң сонун күбөсү ушул кезде анын нечен миңдеген тукум урпактары жашап жаткандыгында".

17-бетте: "Мына ошентип эми Кошой өлгөн" соң Жайыл бий аталат да, бүтүндөй Теңир тоонун ичиндеги Тагай бийдин урпактарынын ажосу катары милдет өтөй баштайт. Жайылдын эл башы болуусуна: саяк, сарбагыш, бугу, черик жана Таластын төмөн жагын мекендешкен кушчу, саруу, кытай урууларынын эч кими каршылык кылбаган".

25-бетте: "Демек так айтканда, Ныша баатыр 1710-жылы туулган. Ал Жайылдан 5 гана жашка кичүүлүк кылат. Ныша-солто элинин ичинде Жайылдан кийинки бир ажайып сонун личность. Ал жөнүндө дагы жазаарбыз".

27-бетте: "Улуу акын А.Токомбаев Жайылдын баатырдыгы жөнүндө ата-бабасынан көп угуптур. Аалыке Жайыл тууралында көп билер эле жана бизди жазсаңар боло деп калчу. Акын Аалы Бугу кырылып жатканда Боромбайдын ыйлаганын далай уккан. "Айланайын Жайыл ата, сен кыргызды качан бөлдүң эле? Сенин калыстыгың баатырлыгың бизге жукпадыбы, сен үчүн бугу-сарбагыш, солто, кушчусу болобу, кыргыздын баары бирдей эле го. Сен көл башын коргоп

кытайдан тостуң. Сен элиңди коргоп тукумуң менен кошо өлүмгө бардың. Кана сенин арбагың элди колдогонуң?" — деп зар какшап ыйлаптыр.

Боромбайдын Жайыл ата жөнүндөгү монологун А.Токомбаев "Өлбөстүн үрөөнү" деген тарыхый драмасында да келтирген. Ошентип Жайыл ата, кыргызга үлгү болчу тарыхый сонун инсан, Кайталап айтканда ал уруу баатырына жатпайт, Жайыл кыргыздын улуттук баатыры, касиеттүү Жайылдын арбагы эл-журтту колдой жүрсүн. Калинин району Жайыл болуп мурдакы түпкү атына көчтү. Мен Жайыл элин бул тарыхый учур менен чын жүрөктөн куттуктайм.

Касиеттүү Жайыл ата, урпактарыңа ыраазы бол! Элиң сен көөнүңдө түбөлүккө сактайт" — деген.

Булардын баары Асанбек Стамовдун Жайыл баатыр жөнүндөгү тарыхый маалыматтарга негиздеген тактоолору.

Жылкы тептей, жылан чакпай...

Анан эле, жылан чакпай, жылкы тептей... 2001-жылы 16-мартта мыйыгынан жылмайып жогорудагы кыргыз эл жазуучусу А.Стам уулу Эркин Тоо газетине "Ныша ким болгон?" — деген тарыхый очеркин жарыялап анда "Жайыл баатыр" деп өзүнчө иликтеп жүргөн Жайылым Нышага салыштырганда шоона эшпей калгандыгына таң калдым — деп бүшүркөгөн ой толгоосун ортого салат.

Албетте белдүү эл жазуучусунун өзү жазган Жайыл баатыр баяны аттуу китебине карата бул кылыгыбы же былыгыбы айтор түшүнүксүз жийиркенүүнү пайда кылды. Арадан 9-айдын жүзү болгондон кийин Асаба гезитин 2001-жылы 16-ноябрда "Жайыл баатырды жайлаган ким?" — деген маалыматыбыз жарык көрдү.

## ЖАЗУУЧУ КҮЧТҮҮ БОЛСО — КААРМАНЫН КАМЫРДАЙ ЖУУРУЙТ

## ЖАЙЫЛ БААТЫРДЫ ЖАЙЛАГАН КИМ?

Жайыл баатырды адегенде мактаган, анан кайра таптаган тетигил сүрөттөгү Асанбек Стамов деген жазуучу. Кепти ток этер жеринен баштап, дал ошол "Ныша ким болгон?" аттуу очерктин "Эт" (16.03.01) автору, жазуучу Асанбек Стамов мырзанын суроосуна жооп берип, андан кийин бул очеркти жазууга эмне түрткү болгондугунун себебин калайык калкка чечмелеп берели. Автордун өзү айткандай, Ленинграддык атактуу этнограф С.М.Абрамзон менен кыргыз тарыхчысы-профессор С.Атоокуров баяндагандай жана кыргыз санжырачыларынын маалыматына ылайык, Долон бийдин Акуулунан Адигине, Тагай жана Наалы эже төрөлөт. Жайыл баатыр Тагайдан тараса, Ныша элчи Тагайдын агасы Адигинеден тараганынан тарыхтын өзү күбө. Демек, Жайыл баатыр менен Ныша элчи эки бир туугандын балдары. Жашы боюнча Жайыл баатыр 1705-жылы, Ныша, 1710-

жылы төрөлгөндөрүн чындык деп эсептесек, Жайыл баатыр агасы, Ныша элчи иниси экендигине талаш жок. Бул жерде өзгөчө белгилей кетүүчү нерсе, карт тарыхты бурмалап, эки бир туугандын балдарын бирине-бирин тукуруп, автор өзү айткандай, 1993-жылы 16-майда Асылбаш элинде мейманда болуп, кең-кесири сүйлөшкөндө Нышаны баатыр кылып жазып, ага чейин Жайыл элинин чайын-пайын ичкенде Жайылды баатыр деп жазып, качан гана Жайыл элинен жулчуларын жула албай калганда, өзүнөн жазгандарын өзү төгүнгө чыгарып, жалпы элдин намысына шек келтирип, Жайылды кайра "энөө баатыр тура, мен билбей калыптырмын" деп, калтардай кубулуп, түлкүдөй мант берип, сымаптай кылтындашынын түпкү сырын чечмелөөгө аракеттенели.

## АЧЫЛГАН АЛК

Жазуучу "Жайыл баатыр баяны" аттуу китебин жазганга мурунку Калинин, азыркы Жайыл районунун жоонтоп аксакалдары себепчи болгонун баяндайт. Асанбек мырзага жоонтоп аксакал куру келгендигинен, кептин ачыгы күмөнүм бар. Сиздин бүйүрүңүздү кызытып, Жайылды баатыр кылып жаздырган, ошол жоонтоп аксакалдардын берешендиги болуп жүрбөсүн деген да ой келет.

Жайыл районунун экс-акими Болот Назаров мырза 2000-жылы Кеминге Шабдан баатырдын эстелигин койдуруп, мааракесин өткөрүп келгенден кийин, Жайыл районунун жөнбилги адамдарын чакырып алып, эгерде туура көрсөңөр, Жайыл баатырдын эстелигин тургузсак кандай болот деп көпчүлүк элди толкундаткан кеп айтат. Буга чейин ишти эмнеден баштоону билип-билбей турган эл райондун жетекчисинин жүйөлүү сунушун дароо колдоого алышат. Райондогу эл аралык "Жайыл-Ата" гуманитардык коомунун төрагасынын милдетин аткарып жүргөн райфинбөлүм башчысы Сегизбаев Жолдошбек, архитектура бөлүмүнүн жетекчиси Мирмуканбек Алиев жана ондогон демилгелүү адистер конкреттүү иш-чараларды пландаштыра башташат.

2000-жылы 8-июлда демилгечи топтун жетекчилигинин негизинде Жайыл атанын эстелигин тургузуу максатында Кара-Балта шаарында атайын марафон өткөрүлөт. "Көп түкүрсө көл болот" дегендей, жалпы элдин колдоосунун негизинде накталай миллионго жакын, тоторуу жана башка мал, мүлкө окшогон белек-бечкектерди акчага которгондо эки миллиондон ашык каражат топтолот.

1993-жылы жарык көргөн китебин бетине кармаган бул жазуучу, марафон жетекчилерине куду мындан 250 жыл мурун Абылайхан 30 миң колу менен Жайыл баатырга каршы чабуул жасагандай чабуул жасоону пландаштырып, анын ар кандай айла-амалын ойлоно баштайт. Асанбек Стамов Жайыл ата жөнүндө китеп жазганын шылтоо кылып, дагы Жайыл баатыр жөнүндө китеп жазаарын айтып марафон-

дон түшкөн акчадан үч жүз миң сом суроону эп көрөт. "Жайыл-Ата" коомунун жетекчиси, Асанбек Стамовдун айткандарын шашпай угуп, китептин авторунун көлөмүнө жараша алкы да ач карышкырдыкындай экендигине көзү жетип, бул өтө эле көп сумма болуп жатат, экинчиден бул чогулган каражат элдин акчасы, эртең аларга эмне деп жооп берем деген кыязда андан оолак болууга аракеттенет.

Көздөгөн максаты ишке ашпай калганына көзү жеткен Асакең, дароо экинчи айла-амалына өтүп, жетекчи жигитке акча кытып алуунун жол-жобосун үйрөтө баштайт: "Иним, сен элден коркпо, элге отчет бергенге экөөбүз юридикалык жактан туура, докумантальный контракт түзүп коебуз. Ал контрактын негизинде эл сени соттосо да эч нерсе кыла албайт". — деп өзүнүн амалдуулугуна, иштин көзүн таба билген билермандыгына маашырлангандай жооп күтөт. Коомдун жетекчиси баары бир үч жүз миң бул өтө эле көп сумма болуп жатат деп чынын айтат. Мындай жоопту уккан Асанбек аны көп десең анда эки жүз миңге контракт түзөлү деп этектен алат. Акыры алар 100000 (жүз миң) сомго токтолот. Кантсе да эл кызматын өтөгөн жетекчи кыйды жазуучунун арбоосуна алдырып ийгенин ичинен сезип, кой бул маселени көпчүлүктүн ортосуна салбасам болбос деген ойго келет.

Сөз кезегин алган Жайыл айылынын тургуну, ардагер мугалим, көп жылдардан бери Жайыл атанын санжырасын иликтеп жүргөн Жайыл атанын урпактарынын бири Адылбек аксакал сөзүн мындайча баштады: "Ооба, Стамов мырза аталган китеби жарык көргөндөн кийин ошол учурдагы райондун акими Төлөгөн Рахманов, таанымал артист Орозбек Кутманалиев өңдүү бир топ дөө-шаалар менен келгенде, чай-пайыбызды жайнатып, Асанбек мырзага тон кийгизип, ат мингизгенбиз. Ал китептин акысына деп бүгүнгө чейин акча дооласа, жазуучу Асанбекти кайсы кара теке сүздү экен", — деп ачуусу келгенин жашыра албады. Андан кийин Эркин-Сай айылынын тургуну, ардагер агроном Жангелди уулу Дардайыл аксакал сөз кезегин алып: "Мындан эки жыл мурун Асанбек жазуучу "Жайылдын тукумдары, мага карызсыңар, алтымыш жылдык юбилейимди өткөрүп бересиңер" — деп догурунуп келгенде, 10 миң сом чогултуп бербедик беле, же аны унутуп калды бекен" —деп көпчүлүктү суроолуу карады. Төрдө отурган сер сакалдуу абышка: "Аныңар алтымыш жылдыгыма деп унун ундай, пулун пулдай, чай, туз, шекерине чейин алып кетти эле, бу кандай тойбогон бечара эле", — деп сөзгө аралашты. Эртеден бери үн дебей угуп отурган жашы токсонго барып калган аксакалыбыз Жумагул Мырзаким уулу сөзүн баштады: "айтып отурган жазуучуңар Жайыл баатыр атабыз жөнүндө он үч барак кагаз жазып "үч жүз миң" сом акча сураса, бир барагы жаңылбасам чейрек миң сом болуп отургандай. Андай болсо жазылган арибинин ар бири алтындан го. Бул бечаранын кулкуну куду "балта жутар" кузгундукунан кем эмес окшобойбу? Атайын алакан жая тиленип келгени чын болсо, колун куру калтырбай, аз да болсо ырымдап, тыйын-тыпыр ыроологонуңар оң

болор. Ал бергениңер сураган "бечаранын" кадыры эмес, өзүбүздүн Жайыл атанын арбагын ыраазы кылганыңар болот", — деп оң жамбашына кыңайды.

Көпчүлүк аксакалдар ары кетишип, бери кетишип, акыры Стамов мырзага үч жүз миң сом эмес, жыйырма миң сом берсек ылайык болор деген бүтүмгө келишти.

## ЖАРМА ТААРЫНЫЧ

Асанбек мырзага көпчүлүктүн чечимин төкпөй-чачпай айтып, "20 миң сом алыңыз" деген өтүнүчкө карт жазуучу жаш баладай таарынып, андай болсо Жайыл баатырыңарды жайлаймын деп коркутуп-үркүтүп буркулдайт. Эгерде айтканыма көнбөсөңөр, "Жайыл баатыр" деген жерлерди бүт "Бүргө" баатыр деп жазып, Жайыл баатырды жокко чыгарам деп ачууга алдырыганын байкабай да калды. Таластык туугандар чай-пайын коюураак куюп берсе, Жайыл баатыр атабыздын баатырдыгы, айкөлдүгү, акылмандыгы кыргыз элин чет душмандан коруган даанышмандыгы Бүргө баатырга айланып кетээринен эч шек жок.

Күтө-күтө чыдамы чындап кеттиби, же толгоосу бышып жеттиби, арадан сегиз ай өткөндө Асакем "Ныша ким болгон?" деген ара туулган тарыхый очеркин жарыкка чыгарды. Ошентип кыргыз эл жазуучусу Асанбек Стамов Жайыл баатырдын марафонуна жыйылган акчадан үз жүз миң сом акча алалбай, берген жыйырма миң сомго ыраазы болалбай таарынып, акыры Жайыл баатырды аргымагынан кулата сайып, мурдагы Жайылым азыркы Нышага салыштырганда шоона эшпей калды деп калайык калкка тетири жар салып, өзүнө өзү өлө ыраазы болуп отурган кези.

Андай болсо, Асанбек Стамовдун өзү негиздеген тарыхый маалыматтар, окумуштуулардын көп жылдык изилдөө-иликтөө жыйынтыктары, элдик санжыралардын баары жокко чыгып калабы?

Алтымышка чыккыча Жайылды кыргыз элин-жерин чет душмандардан коргогон бир уруунун эмес, бүтүндөй бир улуттун баатыры катары баяндап, алтымыштан ашканда "кайра ойлонуп көрсөм, Жайыл энөө эле бир неме экен" деп тескери пикир таратып таң калгандык — алжып бараткандык эмеспи?

Эл арасында жүрсөң, көп нерсеге күбө болот окшобойсуңбу. Ар бир элдин, улуттун, керек болсо, уруунну өзүнчө кулк-мүнөзү болору эч кимге жаңылык эмес. Мындан чейрек кылым илгери, кезектеги иш сапары менен Тянь-Шанга барып калдым. Биринчи баргандыктан, чарбанын адистеринин баары менен таанышууга туура келди. Бул таанышууда эмнегедир "Асанбек" аттуулары көп болуп чыкты. Анысы аз келгенсип бир карасаң баары эле бири-бирине окшоштой көрүнгөнсүйт.

Чарбанын илимий иштер боюнча орун басарынан, Уланкадыр

Ахмеджанович Орозовдон тартынбай эле, бул адистериңердин баары эле бири-бирине окшош экен, анысы аз келгенсип баарынын аты "Асанбек" деп тандаганымды билгиздим. Менин суроомо ал күлүмсүрөп, булардын ар биринин жүрүм-турумуна, кулк-мүнөзүнө, иштеген иштерине жараша "жалгама" аты бар деп сөзүн улады: "Мисалы башкы зоотехнигибиздин бою узун болгондуктан "Шыргый — Асанбек", башкы бухгалтерибиз ар нерсени тоноп-бутап тургандыктанбы "Кыргый — Асанбек", басса-турса тердээк гидротехнигибиз "Чылгый — Асанбек", дайыма кемчилдигиңди таап, басмырлап тургандыгы үчүн элдик көзөмөлдөө башчысы "Ылдый — Асанбек", адистердин биринин сөзүн бирине ташыган агрономду "Былгый — Асанбек", чарбанын эт-майын кармаган кампа башчысы, бирок ичкен-жешени жукпаган арыктыгынанбы анывыз "Ыргый — Асанбек", — деп күлдүрдү.

Мына ушундай окуяларды көрүп олтуруп аргасыздан биздин Асанбек Стамовго кандай ат жарашат эле деп ойлонууга мажбур болот экенсиң. Дагы жакшы Асанбек Стамовдун Сары-Өзөн кең Чүй боорунда, сонун жер, момун элде төрөлгөнү. Кокустан балакет болуп жогоруда аталган аймакта чоңойуп калганда, ушул кулк-мүнөзүнө, кылык-жоругуна жараша Асанбек Стамовичке сандаган "Асанбек атты" коюп алышмак тура. Башкасын айтпаганда да, кыргыз элин бүгүндөй ааламга тааныткан залкар жазуучу Чыңгыз Айтматовго кырчаңгыланып тийишип, андан кемчилик издеген Стамовду — "Кырчаңгы — Асманбек" деп Жайыл районунун акими Төлөгөн Рахманов мырзага акидей асылып, эли-журтуң үч жылкы беребиз деген, ошолорду төлөтүп бер деп доолаган Стамовду "Доочу — Асанбек" деп, Сыйданов Кубанычбектин атын минип, тонун кийип, казысы таман союшун, он миң сом акчасын, унун, тузун, Жайыл баатырга арналган марафондон жыйылган акчаны көрүп пейили бузулуп, мага үч жүз миң сом бересиңер деп жутунган Стамовду — "Балта жутар — Асанбек" деп, алтымыш жылдык маарекесинде Ош областынын мурдагы губернатору А.Муралиевден өзгөндүн күрүчүн, Ысык-Көл областынын мурдагы губернатору Т.Касымовдон 200 килограмм апорт алма сураган Стамовду "Тилемчи — Асанбек" деп, пайгамбар жашына келгенде өзүнүн жазган эмгегин өзү кайра жамандап жазгандыгы үчүн "Алжыган — Асанбек" деп, "Учкун" акционердик коомунан тонналаган цемент жегендиги үчүн "Цементчи — Асанбек" деп атап алышмак экен го.

Урматтуу Асанбек мырза! "Кыргыз Туусу" газетинде (20.08.01) жарык көргөн "Чүй жери ээсин таалтыр" деген макалаңызда, мен Чүй областында иштеген губернаторлордун баарын жакшы билемин депсиз. Аныңыз абдан туура, анткени Апас Жумагуловду мактап жатып бир үй, Феликс Куловду мактап бир үй алдыңыз эле. Эми Тойчубек Касымовду ошол кыйындардын ичинен чыккан кыйыны экенине көзүм жетти дептирсиз. Сыягы, мындан да бир үй, анан Киев көчөсүндөгү

чамгарагы чала бүтүп-бүтпөй турган чайканаңызды бүткөрөйүн деп калганыңызды Тойчубек мырзанын жүрөгү кайдан сезсин. Алып калсаңыз — ал да сизге буюрсун. Айтканыңызды аткарбаса Жайыл баатырды жамандагандай ошо Касымовду да теңирден тескери жамандап, мурдагы кыйындардын "тыйыны" кылып таштарыңызга шек жок. Асанбек мырза, бактыңыз төөдөй эмес, тоодой экен Сары-Өзөн кең Чүй өрөөнүн оюңуздай ойрондоп, колуңуздан келгендей тойроңдото, калайык калкка чагым салып, чалмакей чалып жатасыз.

Биздей тентек инилериңиз Жайыл элинде ондоп, жүздөп, миңдеп саналарын унутпаңыз. Ошолор сизге тынч өмүр, ачык көңүл каалап, ушул макаланы өтүп кеткен алтымыш жылдык тоюңузга кеч болсо да куттук иретинде ыроолоп жаздык...

*Мухуддин Төлөбаев, журналисттер жана жазуучулар союзунун мүчөсү*

*Сатар Беккожоев, ардагер, фермер*

* * *

"Асаба" гезитинин 2001-жылы 16-ноябрда жарык көргөн №11 санындагы "Жайыл баатырды жайлаган ким?" — деген маалыматты окуган Асакебиздин жини шакардай кайнаганын анын берген жообунан эле айкалып тургандай.

Жүз ирээт окуп үңүлүп,
Жулунуп утур сөгүнүп.
Жазылгандын бардыгы,
Жалаадай ага көрүнүп.
Жалган деп, жанын жеп жатты,
Жайлайм деп топтон бөлүнүп.

*11[21] 27.05.04.*

Жыйырма бир күн өткөндөн кийин 2001-жылы 7-декабрда "Жайыл баатыр жайланбайт"... деген актануу жообун жазган экен.

## ЖАЙЫЛ БААТЫР ЖАЙЛАНБАЙТ...

"Асаба" газетасынын №11 санында М.Төлөбаев менен С.Беккожоевдин "Жайыл баатырды жайлаган ким?" аттуу макаласы жарыяланган эле. Алар жазуучу Асанбек Стамовдун дарегине бир топ дооматтарды айтышкан. Бул ирет А.Стамовдун каяша жообун окурман назарына салабыз.

Жакында ноябрь айынын 11-санындагы "Асаба" гезитин колго ала коюп: "Жайыл баатырды жайлаган ким?" деген макаланы окуп

алып таңгалдым. Себеп дегенде, макалада баштан аяк мени каралап, кызылдай калпты жазыптыр. Бир дагы фактысы туура эмес. Азыр бүткүл дүйнөлүк мусулман элдеринин рамазан айы. Демек, бул ай жалпы мусулман журтчулугу үчүн ыйык ай. Бул орозо туткан айда адамдар бири-бирине акаарат айтып, душмандашпайт. Бири-биринин күнөөсүн кечиришет. Ушундай ыйык мусулман салтын эске алып, макаланын авторлоруна жооп бербей эле коюуну туура көрүп туруп, эгерде унчукпай койсом, алардын кызылдай жалаасы чындык сыяктуу сезилерин эске алып, ушул кыскача жоопту жаздым. Жоопту жазып жатып, ***руху ыйык Жайыл атанын арбагынан кечирим да сурап койдум***. Мага коюлган дооматтар өтө майда, анан калса баары жалган.

Жооп берип көрөйүн: — Мени Жайыл жөнүндө он үч барактан турган китеп жазып, ошого 300 миң сом сураган деген факт бар. Мен эч качан "Жайыл коомунан" үч жүз миң сом сураган эмесмин. Андай болууга да мүмкүн эмес, жана да Бүргө баатыр жөнүндө китеп жазам деп эч кимге сөз бербегем. Анткени, Бүргө баатырдын тарыхын өзүм да жакшы билбейм. Өзүмө ишенбей туруп, эмне үчүн Бүргө жөнүндө жазам деп айтат элем? Деги, аны кимге айтыптырмын? Ал эми мен, Жайылды көп жылдар бою изилдеп жүрүп, "Жортуул" повесттеримдин айрым жерлеринде учкай гана көрсөткөм. Себеп дегенде: "Жайыл темасы" өзүнчө жазыла турган чыгарма эле. Бирок, 1990-жылдан бери Жайылды такай изилдеп келип, 1993-жылы "Жайыл Баатыр баяны" деген очерктерден турган 4 басма табак, 120 беттен турган китепти өз каражатыма чыгарып туруп, Жайыл районуна алып барып бердим. Аталган очерктер өз учурунда "Кыргыз Туусуна" басылып, телерадиодон такай берилип турган. Эч кимиңерден бир тыйын сураган жокмун. Силер ал үчүн мага рахмат да айткан жоксуңар. Кийинчерээк көптөгөн райдио, теле жана гезиттик макалаларда менин ошо жазгандарым гана Жайыл темасына негиз болуп жатат. Эч кимиси мага шилтеме кылышпайт.

Жайыл районунун ачылыш салтанатында мага үч жылкы тартууладык деп жооп айттыңар. Салтанаттан кийин чайыңарды ичип, бир саатча отурдум да кете бердим. Эч нааразылык болгон жок. Баса, ошо чогулушта мага 10 миң сом чогултуп бердик деп калп айтып жатасыңар. Эч кимден андай сумма алган эмесмин. Айткылачы, кимден чогултуп, кимдин колу менен бердиңер акчаны мага? Кийинчерээк, бердик деген үч жылкынын куйругун карматкан жоксуңар. Кыргыз бердим дегенин берчү эле деп, сурамжылап көрдүм. Эчтеке чыккан жок. Ошондо Төлөгөн досума куш тилиндей тамаша кат жазып, тийшкеним бар. Мунун эмнеси жаман?

Бул макалда дагы бир өтө принципиалдуу бирок, калп жазылган факт бар: эркинсайлык Жангелди уулу Дардайыл аркылуу мындан эки жыл мурда: "Жайыл тукумдары мага карызсыңар" дегенимен менин 60 жылдык юбилейиме карата 10 миң сом чогултуп бердик" –

деп жазылат. Менин алтымыш жылдыгыма Жайыл коомунан бир дагы киши чакырбадым. Эч ким мага 10 миң сом акча берген жок. Эгерде кимдир бир аферист мага берем деп силерден акча чогултуп алса, муну librarie такташ оңой. Бул фактыны прокуратура аркылуу изилдесе, ал аферист оңой табылат, жооп берет. Ал тургай соттолуп кетет. Ал эми, Сыйданов К. жыйында келип, өз атынан белегин тартууласа анын эмнеси жаман? Ал менин иним, кыргызда мындай оош-кыйыш жүрө берет. Азыр бардык эле юбилейлерде сахнадан туруп ачык эле жылкы, ал тургай машина берип, конверт тапшырып жатышат.

Айланайындар, дагы бир жалаа боюнча: Жайыл атанын арбагы үчүн деп тыйын-тыпыр, кант, ун берип турдук депсиңер. Деги кимдер экен ошол мага келип бергендер. Аты-жөнүн айткылачы? Силерден сокур тыйын алмак тургай, бириңердин да эшик-төрүңөрдү көрө элекмин. Жанды жешти да жөнү болот.

Мындан үч жыл мурда Бөксө-Жолдук Сейитбектин үйүндө меркелик Жоогач баатырдын тукумдары менен жолуктум. Эң сонун аңгемелештик. Жайыл баатыр жөнүндө алар менден, мен Жоогач жөнүндө алардан факт алыштык. Алар алматылык жазуучуну ала келишиптир. Акыры, Жоогач жөнүндө китеп чыгып кетти. Итике менен Момоконду Аблайдын кандуу чеңгелинен куткарган Жоогач баатыр эмеспи.

Силердин жалаада дагы бир калпыс калп бар. Айтканыңар боюнча мен "Жайыл" коомунун башчысына акча жештин айласы кылып 100 миң сом алмакчы болуптурмун. Келишим боюнча ушундай сөз болгону чын, мен үч жыл ичинде Жайыл жөнүндө көркөм роман жазып бермекмин. Бирок, мен силерден акча алуудан убагында баш тарттым. Силердин өтө майда, кара өзгөй экениңерди билгем. Демек, келишим түзүүнүн жаман жагы жок. Ушул азыр рынок шартын эске алып, айрым мыкты жазуучуларга өкмөт эки жүз, алтургай беш жүз миңдей сомдон накталай берип, китептерин чыгарып берип жатышат.

Баса, силердин жазган боюнча: мен А. Жумагуловдон жана Ф.Куловдон ар биринен бирден квартира алган имишмин. Эч кандай шартта А.Жумагуловдон квартира алган эмесмин. Андай факт жок, таппайсыңар да. Жеке өзүм үчүн дегеле А.Жумагуловдон сокур тыйынчылык пайда көрбөгөм. Рас, ал менин жолдошум, аны танбайм. Ал эми Ф.Кулов аркылуу чакан квартира алганым чын, квартирага колмо-кол өз акчамды төлөп, сатып алдым. Ушул фактылар жетиштүүбү? Мени шылдыңдап, бир топ каймана ат бериптирсиңер! Мен кантсе да жазуучу эмесминби, андай салыштырууну мен дагы табам. Бирок ыйык орозо айында ал жарашпайт. Ч.Айтматов жөнүндө: Айтматовго арнап бир катар макала жазганым бар. Аны моюнга алам. Бирок ал макалалар өлгөн А.Токомбаевди коргоо иретинде жазылган эле. Урматтуу президентибиз, Аалыкенин 90 жылдыгында сүйлөгөн сөзүндө: "Токомбаевге коюлган жалаа ушуну менен бүтсүн" деди. Ана кайра көтөрбөйлүк. Деги эле, калемдешим катары мындан ары Чыке

жөнүндө сөз кылбайм деп өзүмө убада берген элем. Ошол сөзүмдө турайын. Анын үстүнө — куттуу орозо үстүбүздө. Ишенсеңер, койсоңор болгону ушул. Эгерде, мен жалган айтсам касиеттүү Жайыл атанын арбагына койгула. Андай болсо, мага калп жалаа жаап, жанын *жеп жаткандардын өзүн да Жайылдын* кусуру урсун. Арбак ыйык. Анын үстүнө орозо учуру. Ошентип, макалада келтирилген фактынын бири да туура жазылбаган. Баары кызылдай калп. Ушу кезге чейин мен Жайыл коомунан сокур тыйынга арзырлык пайда көргөн жокмун.

Эгерде мен авторлорду сотко берсем, алар чоң айыпка жыгылат. Себеп дегенде сот фактыны гана текшерет. Ал кургак сөзгө ишенбейт.

Силердин чычалап калганыңарды мен түшүндүм. "Нышаага салыштырганда Жайыл баатыр шоона эшпейт" деген менин ошол Нышаа жөнүндөгү макаламда сүйлөм бар. Бул үчүн ***мен арбак алдында кечирим сурайм***. Бирок, айтканымды мен силер өзүңөр чыгарган уруу санжыраңарга байланыштуу келтиргем. Себеп дегенде: силердин санжыра боюнча Жайыл Аблайдын колуна өзү эле барып урушпай түшүп берет. Силер ушундай жагдайдагы поэма, драма жазып, санжыра чыгардыңар. Ошондуктан, андай болгондо Жайылдын ролу өтө төмөн түшүп калат. Мындан ары бул версияны эч качан бетке кармабай жүргүлө. Ушул фактыны мага да көп жолу айткансыңар. Мен ошого чычаладым. Анткени, Жайыл уруу баатыры эмес, ал улуттук баатыр. Ал менин дагы ата-бабам. Жунгар калмактардан элижерин коргогон бул ыйык адам жөнүндө мен очерктеримде "Жайыл кыргыз асманындагы бир Чолпон жылдыз" деп жазгам. Жайыл жөнүндөгү менде материал көп. Мен аны 20 жылдан берип изилдеп жүрбөймүнбү. Жазсам деген тилегим бар. Бирок азырынча колум тийчүдөй эмес. Ким билет, ага өмүр жетер бекен? Эгер Жайылды жазсам: жетер жерине жеткирип, аны кыргыз рухунун туу чокусу кылып көрсөтсөм деген тилектемин. Баса, Ормон хан жөнүндө анын тукум уругу бир роман жана бир илимий монография чыгарып алышты. Ормон дагы улуттук баатыр. Буга мен ыраазымын.

А бирок, кыргыз жерин басып алып, эли-журтунун канын суудай агызып, ата мекенин коргогон Жайыл баатырды балдары менен кошо мууздаган Аблай ханды Казакстанда улуттук баатыр катары көтөрүштү. Ага өзүнчө шаардын ысмын берип, Алматыда чоң көчө ыйгарып, ал тургай эстелик коюшту. Рас, Абылай хан казак элинде улуттук баатырдыр, а бирок биз үчүн ал баскынчы. Өз доору үчүн, Жайыл баатыр Аблайдан кем келбейт. Анын тарыхтагы орду өтө бийик. Биз ушу кезге чейин Жайылды улуттук баатыр катары жакшылыктуу көтөрө албай жатабыз. Дагы айтам: Жайыл уруу баатыры эмес, ал улуттук баатыр. Жайыл баатырдын рухун көтөрүү — Жайыл коомунун колунан келбейт. Ал өзү мамлекеттик зор иш, арбагы ыйык Жайыл кыргыз элинин атасы. Жайыл баатырдын 300 жылдыгын белгилөө

— мамлекеттик деңгээлде өтүшү зарыл. Ушул азыр Бишкек шаарында Ормон ханга эстелик коюу маселеси көтөрүлүп жатат. Бул туура маселе. Бирок Ормон хан сыяктуу эстелик Бишкекте, Жайыл баатырга да коюлушу керек. Деги эле Жайыл баатырдын 300 жылдык юбилейин мамлекеттик деңгээлде өткөрүү жагы мен үчүн бышып жеткен маселе сыяктуу. Муну чогуу ойлонолук: чолок акыл, жарма таарыныч эч нерсеге арзыбайт.

Ушу жоопту жазып бүтүп, мага асылган авторлорго капа болгондун ордуна, боорум ооруду. Алар Жайыл маселесинен чыгып, менин жеке чарбама чейин өтүп кетишиптир. Демек баелук, тайкылык ушундан эле көрүнүп турбайбы. Бу өзү уюшулуп жазган кат экен. Анын чын-төгүнүнө чыгыш оңой. Фактыдан өткөн өжөр эч нерсе жок. Мен билем, ушу кезде башка элдердей, Жайылдыктардын деле турмушу эптеп өтүп жатат. Заман тар, эл-журт кыйналып жаткан кез. Ошону билип туруп, кайсы бетим менен силерден жардам үмтөтөт элем.

Тереңдикке чөккөн билет, бийиктикти чыккан билет туугандар.

*Асанбек Стамов, Кыргыз эл жазуучусу,*
*КР маданиятына эмгек сиңирген ишмер*

* * *

Асакем жазылгандардын баары жалган,жалгандыка чыгарам деп жатып эле өзү далилдеп койуптур, төмөндө аны менен таанышсаңыз чындыгына өзүңүз ынанасыз.

## АТАН ТӨӨ МАС БОЛСО, ТАЙЛАГЫНА КАС БОЛОТ

## АДАШКАНДЫН АЙЫБЫ ЖОК

"Асаба" газетасынын №11 санында жарыяланган "Жайыл баатырды жайлаган ким?" аттуу макалабызга жазуучу Асанбек Стамов каяша иретинде ошол эле басылманын №17 санында "Жайыл баатыр жайланбайт" деп жооп берүүгө аракеттенгенин окуп, аргасыздан элибиздин "Адашкан айыбы жок, кайтып үйүрүн тапкан соң" деген макалы эске түштү. Анысы баштан-аяк мени каралап, кызылдай калпты жазыптыр деп, актанууга аракеттенгендигинен эле даана байкалып турат.

Ал рамазан айын бетине карманып, орозо туткан айда адамдар "бири-бирине акаарат айтпайт", "душмандашпайт", "бири-биринин күнөөлөрүн кечиришет", "орозо учуру", "куттуу орозо" — деп, орозону он жолу оозануу менен жооптуу жазып жатып, "руху ыйык Жайыл атанын арбагынан кечирим да сурап койдум" — деп, өзү белгилеген өжөр фактынын бирин моюнга алып отурат. Берген жообунда "мага коюлган дооматтар өтө майда, анан калса, баары жалган" дептирсиз. Албетте, сиздей чоң акырдан жем жеп көнгөн кишиге аталган фактылар майда сезилиши ыктымал. Бирок, майда болсо да, факт

деген — факт. Ошон үчүн "Куралат дүйнө майдадан — байкабайт аны майда адам" — деп коет эмеспи. Эми ал майда фактыларды жалгандыкка чыгарам деп актаныл жатып, бизди убара кылбай эле өзүңүз баарын далилдеп коюпсуз. Мисалы "Жайыл коомунан" 300 миң сом сураган жокмун депсиз да кайра "100 (жүз) миң сомго коомдун жетекчиси менен келишим түзгөнүм чын" — деп, моюнга алыпсыз.

"Бүргө баатыр жөнүндө китеп жазам — деп эч кимге сөз берген эмесмин" дегендей пикирде жооптуу бурмалоого аракеттенипсиз. Сизди Бүргө баатыр жөнүндө китеп жазат деп доомат койгон адам жок. Макалада ачык эле "эгерде контракттагы акчаны бербесеңер, "Жайыл баатыр" деген жерлерди "Бүргө баатыр" деп, оңдоп коемун" деп, Ормон опуза кылганыңызды айтканбыз. Мындай бурмаланган жооптордун экинчиси 1993-жылы "Жайыл баатыр баяны" деген очерктерден китебиңизди 4 (төрт) басма табак — 120 беттен турат депсиз, аныңызга эч кимдин талашы жок, кеп ошонун ичинен "Жайыл баатыр баяны" 25 бет же 12,5 барактыгында болуп жатат. Бул китебимди өз каражатыма чыгарып, Жайыл районуна бердим депсиз. Аны бекер берген жоксуз, аны күчкө салып саттырдыңыз. Берген менен саттыргандын айырмасы асман менен жердей эмеспи.

Жообуңузда "үч жылкынын куйругун карматкан жоксуңар" — деп, арманыңызды айтыптырсыз. Кыргыз элинде андай энчилеген жылкынын дароо куйругун майлап ырымдап коймогу бар, эгерде ал салтты жасабасаңыз — ал жылкынын куйругун эмес, тезегин да кармай албай каласыз.

"60 жылдык тоюмда Жайыл элинен эч нерсе алганым жок, деги кимиңер эмне бердиңер айткылачы?" — деп жатып эле, кайра "К.Сыйданов келип белегин тартууласа, анын эмнеси жаман?" — деп таңыркайсыз. Сыйданов деген көчөдө жүргөн киши эмес, Жайыл районунун акими экенин эстен чыгарып койдуңузбу? Ошол казысы таман чыккан ак боз бээнин эти, казы-картасы кеткени менен, териси алигиче биздин чатырда чирип жатат. Асаке.

"Бириңерден да эшик-төрүңөрдү көрө элекмин. Жанды жештин да жөнү болот" — деп алып, кайра мындан үч жыл мурун Бөксө-Жолдук Сейитбектин үйүндө Меркелик Жоогач баатырдын тукумдары менен жолукканыңызды жазыптырсыз? Сейитбектин үйүнүн төрүндө отурбаганда, көрүндө өкүрүп отурдуңузбу дегим келет.

Апас Жумагуловдон квартира алган факт жок, аны таппайсыңар да депсиз. Ооба, бул сиздин амалыңыз. Жок болсо анда эмне үчүн таппайсыңар деп кыйынсынасыз? Аны митаамчылык менен башка бирөөгө каттатып, сатып, айырбаштап бүгүнкү Киев көчөсүндөгү "Чайкана", "Кафе" салдырган жерди алганыңыз, элди билбейм мага дайын.

Феликс Куловдон үйдү сатып алдым деп жанталашыпсыз. Көк-Жарда подвалы менен үч кабат, дворянский уяда төрт бөлмө ж.б. үйлөрүңүз толуп туруп, Ф.Куловдон бир бөлмө сатып алдым дегени-

ңизге ким ишенет. Же Чүй губернаторлорунун көрүнгөнгө үй саткандан башка жумушу жок калганбы. Муну Мурза Гапаровдон сурап коюш керек экен. Же Сайдин Исаковдон эле бышыктап алсакпы. Балким Сулайман Маймуловдун атактуу блокнотунда жазылуу болуп жүрбөсүн. Жайыл районунан нары өтүп "жүз", бери өтүп "жүз" литрден бекер бензин куйдуруп алчу элеңиз. Жайыл элинен сокур тыйын да пайда көргөнүм жок деп оозуңузду куу чөп менен сүртүп жатып эми мындан да куру калмай болдуңуз.

"Эгерде мен авторлорду сотко берсем, алар чоң айыпка жыгылат. Себеби сот фактыны кана текшерет" —депсиз. Менимче, бул оюңузду ишке ашырып, соттон олчойто айып алганыңыз оң болчудай. Сиз жеке башыңыздын намысы үчүн айып тиленсеңиз, биз бүтүндөй Жайыл баатырдын тукумдарынын намысын коргоп жатабыз. Сиз бир кишинин доосун койсоңуз, биз кырк миң кишинин доосун талап кылабыз. Анан көрөбүз ким-кимге айып төлөөр экен. Андан да кызыгы, сиз чакырткан сотко жогоруда актанган-мактанган дос, ини, бажа, жолдош, губернаторлордон тышкары, Кыргыз энциклопедиясынын бурчка такап "айтканыңызга" макул болбогон айымдары да келээрин эсиңизден чыгарбаңыз. А баягы кассетаны жандырып берсек кантесиз?

Карт тарых менен тамашалашпаңыз, Асанбек мырза, тарых сизге "тамыр" эмес тартышкыдай. Жообуңуздун акырында "Нышага салыштыргынад Жайыл баатыр шоона эшпейт" — деген шылдыңдооңузду моюнга алып, Жайыл атанын арбагынан экинчи жолу кечирим сураптырсыз. Ойлосоңуз керек, ушуну менен кутулдум деп. Эсиңизде болсун Жайылдын арбагынын намысын талашкан эли-журтунан кечирим сурабасаңыз, Жайыл баатырдын арбагы сизди тынч уктатпайт.

Макаланы уюшуп жазыптырсыңар деп шектенипсиз, же чыны менен эле баары менен касташып калгансызбы? Ошондуктан булар экөөлөдү деп дооматын айтпасын деп бул макалада бирибиз эле калдык. Көптү билээриңизди көрсөтүп, Жогач баатырдан, Аблайкандан, Ормонкандан кептин башын козгоп, Жайыл баатырдын эстелигин борборго тургузууну жана баатырдын атын бир көчөгө берүүнү чогуу ойлонолу дегендей маселени айта келип, менин жеке чарбамды козгопсуңар депсиз.

Жообуңуздун этегинде "Мен билем, ушу кезде башка элдердей, жайылдыктардын деле турмушу эптеп өтүп жатат. Заман тар, эл-журт кыйналып жаткан кез. Ошону билим туруп, кайсы бетим менен силерден жардам үмүтөтөт элем", — деп, ыймандай сырыңызды ыйламсырай билгизипсиз. Албетте, чындыкты моюнга алган жакшы, бирок сиздин канча, кандай бетиңиз бардыгын убагында билбеген биз уяттабыз. Нукура жүзүңүздү ачалбай убара болуп жатпайбызбы. Ошону менен сиз да, биз да, эл да тынчыйт эле го.

Урматтуу Асанбек мырза! Өзүңүз айткандай, рамазан айында

адамдар "бири-биринин күнөөсүн кечиришет" — дегениңизди биз туура түшүндүк. Эгерде сиз да туура түшүнсөңүз, Жайыл баатырдын арбагына асылганды ушуну менен токтотоорсуз, анткени арбактан эки жолу гана кечирм суроо ооматы калды окшойт.

Муну мындай таштайлы да жана чыгармачылык жагыңыздан баштайлы.

Жакында "Кыргыз Туусу" газетасынын 23-ноябрдагы №88 санынан "Асанбек Стамовду эли-журту суктанып окуйт" — деген маекти жарыялаганын окуп чыгып, чынын айтсам, сиздин чыгарманы мактайын дегениби же Асанбек Стамов деген неме ушундай деп, айыбыңызды ачайын дегениби толук түшүнбөй калдым.

Ооба, алып барууч‌у "Кышында чардаган бакалар же кызыл гүлдүн баяны" аттуу көлөмдүү китептин автору сизге айыл чарбасына эмгеги сиңген кызматкер, чыгаан жетекчи Чүй губернаторуна баа бердирген. Себеп дегенде, "Тойчубек Касымовдун көркөм адабият менен искусство жана философия жаатына келгенде өтө кылдат, чоң адис экедигин жакындан билгендигин" жашырбайт. Чарбакер сынчы колундагы Асанбек Стамовдун китебин бир дем менен окуп чыгып, авторго төмөндөгүдөй баа берген: "А.Стамов өзүн-өзү кайталабаган авторлордон, анда жасалмалуулук жок", "Сөзсүз А.Стамов мыкты стилист, алп жазуучу", "Жазуучу катары Асанбек Стамов — ойчул, философ" — деген салыштыруулар. Сиз буга ыраазы болбосуңузду туюшту окшойт, мындан да күчөтөлү деп, автордун "Жортуул" повестиндеги Атаке баатырдын ак булуту сонун сүрөттөлгөнүнөн мисал келтирет. "Атаке баатыр жазга маал атчан баратканда, үстүндө касиеттүү ак булут ээрчип жүрө берет. Ысыкта төбөсүнө күн тийгизбей, атынын соорусуна нур жаадырып, баатырды колдойт. Качан мындай ыкма кыргыз адабиятында бар эле" — деп, сынчы таң калганын жашырбайт.

Мындай салыштырманы мүмкүн чарбалык иштер менен колу бошобой жүрүп окубай калышы да ыктымал. Сиз таң калган ак булут VI кылымда 582-жылы Мухаммед пайгамбарыбыз он эки жашында агасы Абу Талибдин кербени менен Дамаскага сапарга баратканда Бахейра деген инсан Мухаммеддин төбөсүнөн бир үзүм булут алоолонгон күндүн нурунан аны калкалап келе жатканынын көргөнү жөнүндө маалымат бар. Анан да, Асанбек мырза Чыңгыз Айтматовдун чымынына да тийбеймин деп чырылдап жатып эле, анын Чыңгызхандын төбөсүндөгү сыйкырдуу "ак булутун" Атаке баатырдын төбөсүнө айланта калып эле, элибиздеги аттуу-баштуу чарбакер сынчыларды таңдантканына эл кандайча түшүнөт. Илимде, адабиятта, маданиятта мындай бирөөнүн чыгармасын, ой корумун көрсөтпөй көчүрүп алганды — плагиат, кыргызча ***ууру*** эле десе керек.

Менин жогорудагы интервьюга анча түшүнбөй калганым, Асакемди ашыкча мактайбыз деп жатып айыбын айрандай төгүп салышкандыгы болуп отурат. Элибизде "чылпагын аламын деп, көзүн олуп алыптыр" дегендей. Албетте, сынчы менен интервьюну алып баруу-

чуга күнөө коеюн деген пикирден алысмын, ар ким дареметинин жетишинче аракеттенишет да кысталак.

Мактабай да, жактабай да койсом болмок, бирок сиздин калайык калк алдында жер карап жүрүшүңүздү каалган жокмун. Ниетиңиз оңолуп, пейилиңиз түзөлсө, ошол китебиңизден бирди кол жазмасы менен тартуулаарсыз, ага жарабасаңыз — капачылык жок, аны жанагы "Сынчылар" менен "ырчылар" Чүй областынын мекеме тармагы аркылуу 350 (үч жүз элүү) сомдон зордоп саттырып жатат, өтө зарыл болсо байкаштыраарбыз. Ал кеңири сөз кылына турган өзүнчө маселе, иликтенип атат.

Жаңы жылыңыз куттуу болсун, Асаке! Жаңы жылкы жылында куландан соо болуп, ишиңиз мындан да жемиштүү болуп, малыңыз арык болсо да, өзүңүздүн өңүңүз жарык болсун...

*Мухуддин Төлөбаев, Жазуучулар жана журналисттер союздарынын мүчөсү*

* * *

## ЖАЙЫЛДЫН АРБАГЫ УРУП КЕТЭЭР БЕКЕН

Тандан-кеч көз ирмебей ойлономун,
Тарыхты соода кылып ойногонун.
Таарынып эки жүз миң берседи деп,
Тамтаңдап тарых менен ойнобогун.
Төө белең арканызга сийгектеген,
Тилемчи оңой иш деп ойлобогун.

Кадырлап кастарлаган кыргыз элиң,
Кыргыз эл жазуучусу Асанбегим.
Курсагың тойгон жерди мактай берсең,
Кыйналам сөз табалбай эмне дээрим.
Кечеги жазгандарың, бүгүн төгүн,
Карайлап алжыган деп болот шегим.

Журтчулук кыргызыма баатыр дедиң,
Жайылды мактай берип Асанбегим.
Жети жыл сормо саздай соруп жүрүп,
Жылкы алып, тон кийип, пулун жедиң.
Үч жүз миң акча сурап, бербей койсо,
Жайылды "энөө экен" деп, алдың кегиң.

Жаралган жоо жүрөктүү түбү бекем,
Жараткан адамзатым түрлүү экен.
Жамандап, мактап, жактап жанды багаар,

Жүргөндү элестетип бугуп кетем.
Жайылдай баатыр жанга шек келтирдиң,
Жайылдын арбагы «*уруп*» кетээр бекен.

Жыргабас ар бир жанды кыймалаган,
Жашоодо болбос адам ыйлабаган.
Жеп-ичип алымсынбай алганына,
Жарыбас арбактарды, сыйлабаган.
Жумурга жук да болбой суранууда,
Жутунуп күндөн-күнгө тырмалаган.

Курсагы тойгон элди мактай берген,
Кыйратам, жыргатам деп жактай келген.
Кыргыз эл жазуучусу Асанбегим...
Кылтыңдап кай уруудан? Кайсы жерден?
Кыйдылык, кагыштырма, митаамдыгың,
Көпкөнүң чыгып бир күн кетээр бекен.

Арбакка шек келтирдиң, сыйлабадың,
Асылып арбактарды кыйнаганың.
Асаке, ачык айтчы, кимге жагат?
Алкыңды бир азыраак тыйбаганың.
Алдыда толгон-токой кылыктарың,
Аларды бирден айтсам ыйлабагын.

Көр оокат адамзатым качан тоет,
Көр пенде арамдыгын качан коет.
Кырчангы кыйынсынып элди бузуп,
Кесепет жазгандарын утур боеп.
Какчандап карыганда бул пейилиң,
Куйтулук түбү акыры сени соет.

Койкойгон эл жазуучу болалбадың,
Касиет кадырыңа толалбадың.
Керемет сөздү айтпай кыргызыңа,
Куучуңдап бир азыраак оңолбодуң.
Кеч эмес али деле, өзүңө кел...
«***Куучундоо***» — күндөн-күнгө тонолгонуң.

*21.07.01.*

Асанбек мырза! Жайыл атанын арбагына шек келтирдиңиз анын алгачкы саламдубаларын Теңиримден күтө бериңиз, аз-аз калды. Алар сөсүз көзүңүзгө-өзүңүзгө көрүнөт.

*Т.Мухуддин.*

# ЭЛ БААТЫРЫ ЖАЙЫЛ АТАНЫН АЙКЕЛИ АЧЫЛДЫ

2002-жылы 24-август күнү Кыргыз элинин улуттук баатыры Жайыл атага арналган айкели ачылуу аземи да башталды. Жайыл атабыз өз мезгилинде эли-журтун башкарып, сырткы душмандардан көздүн карагиндей коргогон баатыр болгону бүтүндөй элибизге маалим. Ала-Тообуздун этегинен орун алган кең талаалуу Сары-Өзөн Чүйүбүздүн тургундары үчүн тарыхта эстен чыкпай турган маанилүү күнү болуп отурат. Эгемендүү республика болгону, өз тагдырыбыз, тарыхыбыз, жарыгыбыз, байлыгыбыз өз колубузда. Эркин мамлекет болуп дүйнөнүн бардык өлкөлөрү менен карым-катнаш мамилеге өткөн учурда кыргыздын баатыр уулдарынын бири Жайыл атанын эстелиги ачылып отурат.

Эстеликти Кыргыз Республикасынын Тунгуч Президенти Акаев Аскар Акаевич, Кыргыз Республикасынын биринчи вице-премьери К.Осмонов, Кыргыз Республикасынын коопсуздук комитетинин секретары Мисир Ашыркулович Ашыркулов, президенттик аппараттан Б.А.Баякеев, А.Б.Исабеков, республикабыздын ички иштер министри Б.Ж.Субанбеков, Чүй областынын губернатору Касымов Тойчубек Касымович обл кеңешинин төрагасы Төлөгөн Рахманов Жогорку Кеңештин депуттары Т.Усубалиев, В.Толоканцев, Г.В.Диль, КМУнун ректору А.Какеев, Жайыл атанын урпактарынан чыккан ар кандай тармактагы илимдин докторлору Турар Койчуевич Койчуев, Аскер Турдукулов, Адашбек Кыдырмаев, Шарипа Жоробекова, Айсалкын Асанова, Азамат Кангелдиевдер илимдин кандидаттары: Рысбек Мамткеримов, Мухуддин Төлөбаев, Роза Султанова, Тынчтыкбек Токтогулов, Имразан Абдыбачаевич Рыскулов, Сатыбалды Мамбеталиев, Сейитбек Жумалиев, Рысбек кызы Гүлмира, Садыбакас кызы Замира, Марат Сейталиевич Мамбеталиевич... Жайыл атанын Асан уулунун урпактарынан Жогорку кеңештин мыйзам чыгаруу палатасынын төрагасынын орун басары Болот Жүзүмкулович Худайбергенов, Иса Насыралиевич Токоев, эл өкүлдөр палатасынын депутаты Мирмукамбек Бообекович Алиевдер Чүй обладминистр акциясынын башчысынын орун басары З.Нурмуханбетов, М.Осмонов, Т.Сулайманов Кыргыз Республикасынын транспорт жана коммуникация министрлигинин орун басары Айзат Токторбекович Ажыкеев, "Ак жолтой" акционерди коомунун төрагасы, Бишкек шаардык кеңешинин депутаты Кеңешбе Жусупов, Эл агартуу министрлигинин бөлүм башчысы Жанабил Абдыкадырович Кыязов ж.б. атайын чакырылган коноктор Жайыл атанын досу, казак элинин Жоогач баатырынын урпактарынын өкүлдөр андан тышкары Чүй областынын райондорунан келген үч миңдей ашуун өкүлдөрү, Жайыл, Панфилов, Москва районундагы 17-айылдан Жайыл атадан тараган он беш миңден ашык анын урпактары эстеликтин ачылуу аземинин күбөсү болуу менен бирге зор кубанычка бөлөнүштү.



Жайыл баатырдын эстелигинин ачылышы





Жайыл баатырдын эстелигинин ачылышы





Жайыл баатырдын эстелигинин ачылышы



Жайыл баатыр



Жайыл баатыр

Улуу жибек жолунун боюнда батыш менен чыгышты, түндүк менен түштүктү туташтырган чоң жолдун түндүк жээгинде Эл баатырынын айкелинин ачылуу аземине чогулган эл алдына чыккан Жайыл районунун акими,

Урматтуу Аскар Акаевич!
Кымбаттуу Меймандар жана салтанаттын катышуучулары!

Баатыр Жайыл атабыздын айкелин ачууга жана 300-жылдыгын белгилөөгө арналган маарекесине келгениңиздер үчүн жалпы Жайыл-атанын элинин атынан Сиздерге ыраазычылык билдирүү менен салтанатты ачык деп жарыялоого уруксат этиңиздер — деп, сөздү Кыргыз Республикасынын Президенти улуу даражалуу Акаев, Аскар Акаевичке берди.

Аскар Акаевич жыйынга чогулгандарга кайрылып

Кыргыз мамлекетинин көз карандысыз өз алдынча эгемендүүлүккө жетишүүсү менен бирге эл-журтка кеңири таанымал ата-бабаларын эскерип, алар туулуп-өскөн аймактарга ысымдарын ыйгарып, эстеликтерин тургузуп, тарых аркылуу изилдеп-тактоо мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болушту. Алардын бири-азыр районубуз ысмын алып жүргөн Жайыл баатыр.

Байыркы кыргыз элин кат-сабаты жок караңгы калк катары эсептеп келишкени жалган беле. Бирок башчысы жок эл болбойт, байлыгы жок жер болбойт деген сыңары, кыргыз элинин эркиндиги үчүн күрөшүп, аны көзүнүн карегиндей коргоп, ыйык баалаган улуттук баатырлары, бийлери, дипломаттары, залкар таланттары болгон. Алардын аркасы менен кыргыз эли далай кыргындардан аман калып, улут катары жашап, үрп-адатын, маданиятын сактап келатат.

Мына ушундай калкы кадырлап-урматтаган тарыхый инсандарга кыргыз журту бай келерин изилдөөлөрдөн, дастандардан, уламыштардан, санжыралардан улам билебиз. Элди бириктирип, өздөрү башында туруп сырт душмандарга бир кишидей каршы турушкан, баатыр десек да, кеменгер десек да жарашкан бабаларыбыз менен сыймыктанабыз — деп, Жайыл баатырдын 300 жылдык маарекеси жана эстеликтин ачылышы менен кызуу куттуктады.

Андан кийинки сөз кезегин Жайыл баатырды изилдеп элге таанытa "Жайыл баатыр баяны" — деген, китебин 1993-жылы жарыкка чыгарып арадан сегиз жыл өткөндөн кийин Эркин Тоо гезитине 2001-жылы 16-мартта "Ныша ким болгон?" — деген макаланы жазып, "Жайыл баатыр" — деп өзүмчө иликтеп жүргөн Жайылым Нышага салыштырганда шоона эшпей калгандыгына таң калдым деген А.Стам уулу алды.

Асанбектин бул макаласын окуган Жайыл элинин тургундарынын каны суюк жаштары көтөрүлүп чыкканда, эптеп токтотуп түшүндүрө айтып андай Кыргыз эл жазуучусуна жазып жатып түшүндүргөнүбүз оң болот. Анын нукура жүзүн Жайыл эле эли эмес, ошол

гезитти окуган бүтүндөй кыргыз эли-журтунун түшүнгөнү оң болот деп 2001-жылы "Асаба" гезити аркалуу "Жайыл баатырды жайлаган ким?" деген макалабыз менен тааныштыңыздар. Албетте Асакебиз күйүп-бышып жооп жазып актанууга аракеттенип; керек болсо силерди сотко беремин деп, "Ормон" опуза́га салган.

Урматтуу окурман Жайылым — Нышага салыштырганда шоона эшпейт деген Асакемдин бүгүнкү жыйында кайра Жайыл ата жөнүндө сүйлөгөн сөзүн "Чүй баяны" гезитиндеги маалыматын сөзмө сөз берүүгө аракеттенели.

## РУХУ ТИРҮҮ, АРБАГЫ ЫЙЫК ЖАЙЫЛ АТА...

Руху тирүү, арбагы ыйык Жайыл бабабыздын бүгүн кезеги, кыябы бир келди. Демек, артында калдайган эли турса, арбактын да өз бактысы, оңуту келген учуру болот турбайбы. Чынында да, быйылкы жылды Жайыл баатырдын кайрадан тирилген күнү деп айтсак жаңылышпайбыз. Себеп дегенде: тунгуч кыргыз мамлекетинин — туңгуч Президенти, ардактуу Аскар Акаевич улуу Жибек жолунун боюнда минтип, анын эстелигин ачып отурат. Мындан он жыл мурда Жайыл баатырдын ата-бабаларынын эзелки конушу Кара-Балта чөлкөмү анын ысымын алып, Жайыл району аталды. Быйыл күздөн баштап, кыргыз тарыхы жөнүндө жаңы учебник чыгып, анда баатырдын аты учкай айтылып, ал жогорку окуу жайларында окутулат. Келечекте Жайыл бабабыздын эрдиги- ишмердиги орто мектептерде сабак катары өтөрүнө ишенем. Азыркы учурда баатырдын ысмы кыргыз элинин калың катмарына жетти. Мына ушунтип качандыр бир кезде арбагы көтөрүлө турган мезгил келери бабабыздын санасына кирди бекен? Рас, далай кылым өтсө да Жайыл баатырдын ысмы өзгөчө түндүк кыргыздардын эси-көөнүнөн эч кетпей, санжырачыларыбыз менен куймакулак аксакалдарыбыз оодорунан, түшүрүшкөн эмес. Так айтканда, Жайыл баатыр Кыргыз биримдигинин символу, эл-жерди тышкы душмандардан коргоонун үлгүсү катары айтылып келген. Ушу жерден бир мисал келтирейин. Кыргыз жазма адабиятына негиз салган улуу акын А.Токомбаевдин "Өлбөстүн үрөөнү" деген тарыхый драмасы академиялык драма театрыбызга коюлганы эсте. Бул драмада он тогузунчу кылымдын ортосундагы Бугу менен сарбагыштын кандуу чабышы чагылдырылган. Эрегиштен улам Ормон ханды Балбай өлтүрүп коюп, эки уруу бири-бирине эч аёо бербей, натыйжада ар бир уруудан канча миңдеген эр азаматтардын каны төгүлгөн. Бул фактыны тарыхчы К.Үсөнбаев "Ормон хан" жөнүндөгү монографиясында учкай келтиргени бар. Ал тургай 19-кылымдын ортосу ченде Ч.Валиханов келип Боромбайга жолукканда "он миңдеген түтүн элим бар эле, үч жүздөй эле түтүн калды" деп зарлаган. Ошондон улам, драмада бугулардын бийи — Боромбай: "Оо арбагы ыйык Жайыл ата. Биз сени кусуруңа калдыкпы? Сен качан

кыргыз элин урууларга, жер-жерге бөлчү элең. Сен кыргыздын туусу, эл сактаган айкөл Манасы сыяктуу элең го. Сен элди урууга бөлүп, чекеге чертмек тургай, кыргыздын биримдигин ыйык тутуп жүрүп жан кыйбадың беле. Сенин ысмың сыймык катары айтылчу эле го. Колдосоң болбойбу арбагың менен шордуу элди. Ушинтип эле кыргыз өз колу менен өзүн-өзү тукум курут кылабы? Ушинтип түгөнөбүзбү?" — деп ыйлап турган. Боромбайды улуу актер А.Боталиев ойногон. Ошентип, Жайыл бабабыз кыргыз асманындагы оту өчпөй турган Чоплон жылдыз. Ал уруу баатырына эч жатпайт. Жунгар ойротторду эл-жердин чегинен кууп чыккан улуттук баатыр. Жайыл кыргыздын уюткусу катары эсептелген ыйык инсан.

Манас сыяктуу баш паанек издеп, бөтөн уруулар Жайылга келип конуш алышкан. Жүрөгү таза, пейили кенен, айкөл Жайылдын ишмердигинде кылайган кара так жок. Ошо кезде ал Кытайдын манжур Цин династиясынан кыргыз чек арасын бөлгөн. Үч жолу Цин падышасы Цянлунга (1753, 1758, 1761-жылдары) элчи жиберип, кадимкидей мамлекеттик деңгээлде дипломатиялык алака жүргүзгөн. Алсак, атактуу орус тарыхчысы Вячеслав Семенович Кузнецов "Цинская империя на рубеже центральной Азии" деген фундаменталдуу эмгегинде Кытай тарыхынан алып, эң сонун фактыларды келтирген. Ал тургай Бээжинге Жайыл тарабынан жиберилген элчилердин аты-жөнү да так берилген. "В 1758 г. К Цинскому двору приехали первые киргизские послы — Ныша, Черикни и бий Чагыр Саяков Тораке" — деп баса белгилейт. Элчилерди Жайылдын жортуулдаш чоросу, Кытай, калмак тилин эң жакшы билген Ныша жетектейт. Ошол элчилердин ичинде Солто элинен чыккан атактуу адамдар Баймат жана Барат бар экендигин андан ары кыргыз санжырачылары Чоң-Айылчы менен Бала-Айылчы ырастайт. Ушул күндө элчилердин көптөгөн тукум уругу Чүйдө жашап жатканын баса белгилейм.

Эми Жайыл баатырдын ишмердигинен азыноолак маалымат бере кетели. Он алтынчы кылымдын аягы ченде падыша Бабур Ферганадан Шейбани Хан тарабынан Ооганга куулгандан кийин, казак жерлери менен кошо Кыргыз Ала Тоосун толук бойдон Жунгар-Ойрот баскынчылары ээлейт. Өзгөчө, жөнөкөй эле лаама Галдан жана анын уулу Цеван Равдан Жунгар империясынын башына келгенден тартып, казак-кыргызды тыптыйпыл кыла басат да, тукум курут кыла баштайт. Ошондон улам: "Кыргыз Ысар — Көлөп ашып, казак кайың саагандa" деген макал калган. Бул мезгил 1670—1690-жылдардан башталып, тарыхта Кыргыз-казак үчүн эң бир трагедиялуу доор болуп эсептелет. Мына ошол 1690-жылдардан кийин кыргыздар калмактан катуу жеңилет да, Ысык-Көлдөн тартып Чүй, Талас кыргыздары Түштүккө биротоло оойт. Талкан бий менен Тынай бий аман калган эли-журтун баштап Анжиян, Аксы, Алай жана Намангандан орун очок алышат. Теңиро Тоо толук бойдон Чүйгө чейин Цеван Равдандын мураскорлорунун бийлигине, зайсандарына өтөт. Чүйдө Кыргыз аттуу калбай

калат. Талкан бий азыркы Аксы, Ала-Бука, Наманганды мекен кылып, анын байтактысы Сафит-Булаңдан орун алат. Сафит-Булаң азыркы Ала-Бука районундагы Кожо шах Фазилдин мечити турган жайда. Мына ошол ыйык жерде чамалап алганда 1705-жылы Жайыл туулат. Талкандын атактуу эки уулу Коңурбай, Кошой бийдин колунда чоңойот. Талкан бий менен анын уулу Коңурбайдын сөгү да Сафит-Булаңга коюлган. Бирок, ошо бойдон кыргыздар Жунгар ойрот баскынчыларына биротоло баш ийип бербестен, аларга каршы жортуулду токтотушкан эмес.

Мына ошентип, жоопкерчилик заманда туулган Жайыл Кошой бийдин тарбия-таалимин толук алып, эс тартканы ат жалынан түшпөй, тышкы душмандан Ата Мекенин бошотуунун аракети менен эр жетет. Өзгөчө, Чоңайылчы менен Балаайылчынын санжыра тарыхы боюнча Жайылдын атак-даңкы чыккан мезгил —1733-жылга туура келет. Ал мезгилде казак-кыргыз биргелешип Жунгарларга катуу сокку урат да, душмандын бели биринчи жолу мертинет. Жоо качат. Ошондо улуу жүз казагынын ичиндеги дуулат уруусунун баатыры Кырбаштын аялы эркек бала төрөп, жоо качканын ырым кылышып, атын Жоокач коюшат. Ал чапкында биринчи жолу Жайылдын аты чыгат. Кошой бийдин туу башчысы катарында жортуулда зор баатырдык көрсөтөт да, ошондон кийин кыргыз кошунун ар дайым жоого биринчилерден болуп баштап турган. Аталган 1733-жылдан кийин Кошой бий Аксы, Ала-Букадан көчүп, Кетмен-Төбөгө келет да, Таластын башындагы Жаргапты ашып, Жунгар калмактарына каршы согушту токтотпойт. 1745-жылы, жунгар империясынын Алтын ханы Галдан Серен өлгөндөн кийин, Ойроттордун биротоло шайы оойт. Хан тактысы үчүн болгон кармаш Жунгар мамлекетин биротоло алсыратып, кыргыз-казактар биргелешип душманды өз мекенинен сырткары биротоло кууп чыгышат. Жунгарияга оогон Ойрот калмактардын эл катары аты тарыхтан биротоло өчөт. Анткени, Жунгарияга ооган качкындарды Кытай Манжурдун Цин династиясынын богдыханы Хун ли тукум курут болгончо кырып таштайт. Тарыхый маалыматтарга таянсак, ал кыргында 2 миллионго жакын Жунгар ойроттор кырылган деп белгилейт — Н.Рерих тарыхый очерктеринде.

Жайыл баатырдын эли-журтун Чүйгө толук бойдон көчүрүп келген кези 1756-жылга туш келет. Ошол 1755-жылы калмактарды биротоло Жунгарияга кууп чыккан Кошой бий, элин көчүрүп келмекке Кетмен-Төбөгө кетип баратып каза болот. Ал өлөр алдында, элин чогултуп алып "Азыр кыш түшүп калды. Чүйгө эмдиги жылы көчкүлө" деп керез айтып, баягы жоодо Жайыл баатыр көтөргөн кызыл туусун Жайылга берип, өзүнүн нар кезген болот кылычын да кошо тапшырат. Көз жумуп бараткан Кошой бий башка сөз айтпаганы менен Жайылга эки тизгин бир чылбырды колуңа бердим. Мындан кийин эл тагдыры сенин колуңда деген осуятын көпчүлүк да түшүнөт. Ошондон тартып Жайыл солто элинин бийи аталат да, арка кыргыздарынын

баарына таасири чоң болот. Жайыл баатырдын түздөн-түз кийлигишүүсү боюнча арка кыргыздары Ала-Тоодон толук орун — очок алышып, Сары Өзөн Чүйдөн күздөө, жаздоо, кыштоо бөлүштүрүлөт. Ошол 1758-жылдан тартып Ысык-Көл, Ат-Башы, Каркыра, Кеген, Какшаал, Текес жерлери кыргыздарга өтөт. 1758-Жайыл баатыр чек ара маселелери боюнча манжур кытай императору Цянь луньга элчилерин жиберe баштайт. Жайылдын көрсөтмөсү боюнча 1860-жылы Чүйдөгү улуу Жибек Жолунун боюнда, Аламүдүн дарыясынын куймасында Караван сарай салдырып ал жерди толук бойдон Бишкек баатыр беш уулу менен ээлейт. Ошентип, алгачкы Бишкек шаарынын пайдубалы түптөлөт. Ал жер азыркы Ысык-көл кинотеатры турган чөлкөм эле. Ал ошол жерде турган чоң дөбөгө Бишкектин сөөгү коюлуп, Бишкек конуштун төмөн жагына 1825-жылы Кокондуктар чеп салышат.

1770-жылы Абылай хандын чабуулуна чейин — Теңир Тоо менен Чүйдө бейкут турмуш өкүм сүрүп, Жайыл эл журттун уюткусу, атасы сыяктуу милдетин аткара берет. Абылай хан Чүй менен Талас кыргыздарын кырар алдында далай жолу элчилерин жиберип "Чүйдү бирге жайлайлы, Талас менин байтактым болсун" деп коркута баштайт. Сөзсүз, буга Жайыл баатыр баштаган кыргыздар макулдугун бербей, акыры Абылай хан жыйырма миң колу менен кыргыздарга чабуулга өтөт. Алгачкы согуш Таластын оозунда Чоң капкада болот. Ал согушта эр Садыр балдары менен колго түшүп мууздалат. Андан кийин Жайыл баатыр акырындан чегинип отуруп Чүйгө ойт. Ал кандуу согушта кыргыз уруулары бириге албай Жайыл беш миң колу менен Абылайга каршы турат. Согуш ырайымсыз, аёсуз өтөт. Жайылдын колу Абылайга көк жалча каршылык кылуу менен, улам чегинип отуруп, акыркы чечүүчү майдан Ысык-Атанын Кызыл-Суусунан бери, азыркы Канттын үстүндөгү Жайылмада жүрөт. Ошондо кансырап, алсырап, чегинип келаткан эрлердин алдынан Жайылдын байбичеси Темиржан эне жайдак ат минип каршы алып, ак дамбалын эки таякка илип ураан таштайт. "Ушул дамбалдан ары качып өткөнүңөр катынсыңар" деп, өзү кошо келин-кыздарды эркекче кийинтип алып согушка кирет. Кыргыз жоокерлеринин көпчүлүгү көкүрөгүнө найза жеп курман болушат. Согушта катуу майданды токтотпойт. Акыры колу түгөнгөн бий алсырап, бала-бакырасы менен анча-мынча жоокерлери менен кошо Абылайдын колуна түшүп мууздалат. Өлгөн жоокерлердин сөөгүн жыйнай келгенде, алардын ичинде эркекче кийинген кыз-келиндердин да найза жеп өлгөнүн көргөндө Абылай хан таң калган экен.

Абылай хан тирүү калган кыргыздарды — үй-бүлөсү менен кошо туткунга алып, атактуу манап Жамансарттын уулу 18 жашар Түлөбердини өзү менен кошо ак үйлүү кылып, ала кетет. Көкчө-Тоодо ошондон улам, жаңы кыргыз, чоң кыргыз деген аймак пайда болот. Түлөберди манаптын тун уулу Байтиктин атасы Канай ошол ак үйлүү жүргөндө казак жергесинде төрөлөт. Бул "Жайыл кыргыны" же "Жайыл майданы" деген кыргында Чокон Валихановдун маалыматы боюнча.

Чүй жергесинде 40 үйлүү гана кыргыз калган имиш. Жайыл баатырдын сөөгү Үсөн, Теке деген уулдары менен кошо Меркенин боюндагы Сагана көргө чогуу коюлганы тарыхта жазылып калган.

Бул чакан тарыхый обзордо Жайыл баатырдын эрдиктерин, элижерин сырткы душмандардан сактоодогу ишмердигин толук бойдон келтирүү мүмкүн эмес. Жыйынтыктап айтканда, Жайыл баатыр Курманбек баатырдан кийин чыккан, Жунгар баскынчыларынан элижерин коргогон чыныгы инсан. Курманбек баатырдын эрдиктери легенда түрүндө элдик оозеки адабияттарда гана айтылса, Жайылдын каармандыгы, ишмердиги тарыхта жазылып калган. Жайыл кыргыз элинин ар намысы, сыймыгы, улут бirимдигинин символу. Жайыл баатыр Абылай хандын колунан курман болгондон бери 240 жылга жакын мезгил өтсө да, анын арбагынын, рухунун көтөрүлгөн кези — Тунгуч кыргыз мамлекетинин төрөлүшү менен кошо, ал тургай тунгуч Президентибиз А.Акаевдин президенттик ишмердигинин алгачкы кадамынан тартып, кыргыз журтчулугуна маалым боло башташы — биз үчүн ого бетер сыймыктанаарлык жөрөлгө, өзүнчө ырым. Демек, Чүй боорундагы эзелки солто эли Жайыл баатыр осуят катары калтырып кеткен ынтымак салтын ушул кезге чейин көздүн карегиндей ыйык тутуп келе жатышат. Муну бүгүн эл алдында ачык белгилеп кетүүнүн эч кандай өөн жагы жок деп ойлойм. Бүгүнкү күндө, Чүй жергесинде алты сан кыргыздын чоң-чоң деген 40 уруусу батып отурат. Чүй эли эзелтен бери алардын бирин да кодуламак тургай, бөтөн деген элдин өкүлдөрүнө койнун кенен ачты.

Менин эсимде: 1943-жылы Кавказ эли Сталиндик репрессия менен Чүйгө айдалып келгенде өздөрү ач-жылаңач олтурaганына карабай, үй жайларын аларга бошотуп берип, алардын жанын аман сактап калышкан. Мындай айкөлдүк кайсы элде бар экен? Чүй элинин меймандостугу менен жоомарттыгынан улам илгери жигит кезимде Осмонкул акындын мемуарын редакциялап отуруп, 1924-жылы улуу манасчы Сагымбай Орозбаков менен жолуккан жери эске түшөт. Ошондо Чүй кыдырып, Кочкорго кетеринде Сагымбай солто элине баа берген экен. "Соң-Көлдөй сулуу көл барбы? Солтодой жоомарт эл барбы?

Чүй элинин жоомарттыгы, жеринин бышыкчылыгы, берекеси жөнүндө жазма акын Молдо Кылыч — "Чүй баяны" деген атактуу чыгармасында сонун айткан эмеспи. Ошондуктан, мен белгилээр элем: биз баарыбыз, жалпы эле кыргыздар Чүй элинен үлгү алып, алардын кенендигин мартабалуулугун көздүн карегиндей сактайлык. Алардын бейтараптыгын, нейтралдуулулугун бузбайлык. Чүйдүн бейкуттугун сактаганыбыз — үйдү сактагандык деп эсептейм. Теңир берип, тагдыр буйруп Чүйдүн жүрөгүндө ордо калаабыз Бишкек турганда, Чүйгө келип, Чүйдүн абасынан дем албаган, анын суусун ичип, нанын жебеген, мартабасына бөлөнбөгөн кыргыз тукуму болбой койбос. Эгерде тагдыр буйруп, ичер суусу түгөнгөндө кыргыздын далай атактуу уул-кыздарынын алтын башы да Чүйдүн ыйык

топурагында калат. Улуу инсан Исхак Разаковдун сөөгү да кайрылып келип, Чүйдүн Ала-Арча көрүстөнүндө коюлушу буга чоң мисал. Ушундан улам Чүй жергесин мен алты сан кыргыздын ыйык Меккеси деп айтаар элем. Ошондуктан, ыйык жерди дүрбөтпөй, ыйык туталык.

Муну эскертип жатканымдын себеби: Айрым басма сөз беттеринде Чүйгө жүрүш жасап, Чүйдүн бийликке каршы көтөргүсү келген азаматтар да бар экен. Мындай кооганын Чүй элине кереги жок. Кечээ, Эркин-Сай кыштагында сүйлөгөн аксакал: "Айланайындар Чүйгө келсеңер кудага келгиле, көчүп келип конуш алгыла. Сиздер менен кыз беришип куда бололук, ачып-азып, ачууланып келе жатсаңар курсагыңарды тойгузабыз, силерге мээрим чачабыз. Алды биздин ыркыбызды, ынтымагыбызды бузбагыла" — дегендей жалындуу сөзүн айтты. Мен дагы бул калыс сөзгө кошулам. Ырк бузганы келгендерди Чүй эли нан менен тосот. Койнун аларга кенен ачат. Керек десе Чүй жеринин байлык мартабасы мол. Жерибиз 40 миллион элди бага алат. Ынтымагыбыз бузулбасын. ***Мен саясатчы эмесмин***, болгону жазуучумун, пайгамбар жашка келген адаммын. Бирок, саясатка да өз пикиримди кошууга жараймын. Айтаарым: тунгуч кыргыз мамлекетинин, тунгуч Президентинин тарыхтагы орду, керек болсо учурдагы тагдыры — Чүй элине байланыштуу.

Чүй элинде ою таза, интеллект-деңгээли терең, эл-журтка тээк болчу, ал тургай тутка болчу эр жигиттер арбын. Чүй эли генефонддун уюткусу. Ошондой Чүйдүн мыкты уландары Президенттин жанында болсо, бүтүндөй алты сан кыргыз үчүн жаман болбойт. Чүй азаматтары элдин башын кошууга жарайт.

Кыргыз болуп жаралып калуунун өзү кандай бакыт! Ыйык Ала-Тоону мекендеп туруунун өзү не деген ырахат! Биз 3 миллиондон ашкан — алты сан кыргызбыз, биз улуу элбиз. Биздин келечегибиз алдыда.

Урматтуу Президент, Аскар Акаевич! Бүгүн сизге Жайыл бабабыздын эстелигин ачып бергениңиз үчүн рахмат айтып, башыбызды ийебиз. Эми Чүйлүк солто элинин суроосун сизге билдире кетейин. Аны көпчүлүк айтып кой деп менден өтүнүшкөн. Мойнума парз болсун. Кыргызды кырган Абылай хан, "кан ичер Абылай" (Букар Жыраунун айтканы) боордош казак эл үчүн улуттук баатыр. Аны менен казак эли сыймыктанат. Абылайдын аты казак элинде сыйлуу. Ага шаардын атын берип, айкелин Алматыга орнотуп, Алматыдагы чоң проспектини анын атынан атады. Ал эми кыргызды коргогон Жайыл дагы биз үчүн улуттук баатыр. Ошондуктан, Бишкектеги Чүй проспектисин Жайылдын ысмына ыйгарып берүүгө көмөктөш болуңуз. Чүйдө Чүй облусу бар, Чүй району бар. Чүй баяны, Чүй известиясы гезиттери, кафе-барлар толтура. Кыргыз эли турганда, Чүйдүн аты түбөлүктүү, ал өчпөйт. Ал эми Чүй проспектисин Жайылдын атына которсок, ага арбак ыраазы болуп, эл кубанаар эле.

# УРМАТТУУ ОКУРМАН

Жогоруда Кыргыз эл жазуучусу пайгамбар жашынан өткөн А.Стам уулунун фокустарынын бардыгын өзүңүз окуп таанышт ыңыз. Биз буларды берүү менен аталган жазуучунун кадыр-баркына, беделине шек келтирели деген пикирден алыспыс Биздин максат Сабыр Аттокуров агабыздын сөзү менен айтканда жашоосу бешимдеп калган адам баласы пайгамбар жашынан өткөндөн кийин ыйманын ***шапалактабай***, сабырдуураак болуп саздай ***былкылдабай***, сымаптай ***кылтылдабай***, калтардай ***жылтылдабай*** эки колду эле эмес, эки бутту дале кысыбыраак жүргөнү оң болоор беле деп, ал жөнүндөгү бүтүмдү ар бир окурмандын өз абийир ыйман таразасына койдук.

Эскере кете турган нерсе 2001-жылы Асаба гезитинин №21 санында (25-декабрь). "Адашкандын айыбы жок" деген макалабыздагы Асакеме коюлган талаптарга жооп бергенине ынанууга туура келип отурат. Анткени автор Жайыл атанын арбагынан алты айланып Чүй эли-жери жөнүндө мактап, актап агынан жарылгандай түрү бар.

Бурадарды бул турмушта көп көргөм,
Бузукулук менен өмүр өткөргөн.
Бурк-бурк этип, бүткөн ишин бүлүнтүп,
Буура сандуу, бука моюн лөктөрдөн.
Битин сыгып канын жалаар битирлер...
Бүт өмүрүн байталына бөктөргөн.

деп, кудай буйруса дебей эле, деги бул маселеге экинчи кайрылбоону ойлонуп бүткөн күнү 2004-жылы 28-майда "Кыргыз руху" гезитинин №21 кезектеги санын окуп отуруп элибизде "жамандык жерде калбайт" деген макалы аргасыз эске түштү. Мен кадырлап бул кыргыз эли жазуучусу эмеспи Асаке деп жүргөн Асанбектин атам заманына бери эле аттуу-баштуу кыргыздын жазуучулары энчилеген "Арзымат" — деген аты бар экендиги менен таанышууга аргасыз болдум.

Жазуучу Бакай Сексенбаев агабыз да агынан жарылып "Дос күйдүрүп" айтат, душман сүйдүрүп айтат деп. Арзыматтын кылык, жылыктарынын чекесин чыгарып, Кыргыз эл жазуучусу "Тарых тамаша эмес" деп өтө маданиятуулук менен эскерткен экен, түшүнсөң түшүнөөрсүң дегенчилик кылып. Бүгүнкү Кыргыз эл жазуучусуна республикабызда базар экономикасы дүркүрөп өнүгүп реформалардан-реформалар жүрүп жатканда учурда Кыргызды-кыргызга тукуруп, бири-бирине жамандап кагыштырып, көр оокаттын кулу болуп көрүнгөндөн бирдеме үмтөтүп "шоодокондун бүркүтүндөй" жутунбай, мамлекеттик маанидеги проблемалуу маселелерди козгоочу темасы жокпу? — деген пикирин билгизиптир.

Кечирип койуңуз Асаке! Мындан кийин мен деле элге окшоп Арзымат деп атай берейин уруксат берээрсиң. Качан болсо көрүнгөндү талга такап тамга-такап ишиң токтотом, оттотом, соттотом дей бербе Арзымат мырза!

## АТА БЕЙИТИНЕ ТААЗИМ ЭТҮҮ

Жайыл атанын тарыхын аз-аздан, ар кимдер билгенин укканын жазып отуруп дегендей бара-бара толуктала берээрин турмуштун агымы далилдөөдө. Тарыхый маалыматтар боюнча Жайыл ата 1705-жылдары бүгүнкү Жалалабат областына караштуу Алабука районунун Актам айыл өкмөтүнүн Мазар (Гүлүстан, Сафед Булаң) кыштагында төрөлгөн деген пикирдебиз. Эли жерин сырткы душмандардан коргоп жатып каза болуп сөөгү эки уулу (Үсөн-Теке) жана иниси Момокон менен бирдикте бүгүнкү Казак республикасынын Жамбул (Тарас) областына караштуу Мерке районунун борборунан анчалык алыс эмес жеринде койулганы такталды. Ал эми эл баатырына арналган айкели Улуу жибек жолунун боюна Жайыл райоунунда орнотулуп ачылуу аземи болуп өттү.

Бассак-турсак көкүрөктөн кетпеген бир ой ар дайым тынчыбызды алып, ак эткенден так этип Жайылдын, чоң атасы Талкан бийдин жерге берилген жерине барып бейитине таазим этип арбактарга арнап куран окуп келүү көңүлдүн борборунан чыкпай жүргөнү жөнүндө бери жагы он жылдын жүзү болду. Ар кандай иштин бүтөөр мезгили болоору табигый нерсе эмеспи. Жайыл атанын айкели ачылганда Токтогул уулу Тынчтык мырза мурда макулдашылган иштен кеп учугун кайра баштап, качан кантип Аталар бейитине барууну акыркы жолу пландаштырып бир бүтүмгө келдик. Барууга улоону Тынчтыкбек мырза моюнга алды, мен кайсыл жол менен таап баруу, кай жерге жолугуп, (жатып) түнөп дегендей маселелерди мен моюнга алдым. Үчүнчү сапарлашыбыз Тынчтыкбектин тайкеси Берман Бөкөев жана Боксожол айылынын тургуну Жайыл районуна караштуу Сарыкоо айыл өкмөтүнүн жетекчиси Бейшен уулу Нурадил эле. Үчөө тең Теке атанын урпактарынан. Мен Асан-Каратай урпактарынан экенимди эскере кеткеним оң болоор.

Аксакалыбыз Жайыл айылынын тургуну Абдыгул уулу Адылбек агабыз (Итике атанын урпактарынан) жүйөлүү себептер менен сапарга чыга албай калды. 2002-жылы 30-август күнү эртең мененки саат алтыда Бишкек шаарынан Тынчтык экөөбүз анын машинасында жолго чыктык. Белгиленген убакта Жайыл атанын эстелигине жете келээрибиз менен аркабыздан Нурадил мырза саламын айтып учурашып калды, саламдашкан соң Жайыл атанын эстелигине таазим кылып куран окуп бата кылып, анан жолго аттандык. Күткөн төртүнчү адамыбыз Берман мырза Бөксөжол айылдагы Жүзүм эженин үйүндө күтөөрүн айтышты. Айылдын башында үйдөн чыгып тынчы кеткен

Берман Жүзүм эже менен бирдикте утуру жол карап турган экен. Учурашкан соң Жүзүм эженин өтүнүчү боюнча үйгө кирип бир пиаладан чай ичип, бата кылып, эжебиз алаканын жайып сапарыңар байсалдуу, жолуңар шыдыр, жолдошуңар кыдыр болуп, бөөдө кырсыксыз тилеген ой-максатыңар орундап, кайра аман-эсен эли-журтуңарга жете келип үй-бүлөңөргө жолуккула деп ак батасын берип жолго узатып калды.

Сүйлөшө келсек төртөөбүз тең айдоочулук өнөрүбүз бар экен, бирок улоону ээси Тынчтыкбек айдап, анын жанына Нурадил отуруп, Тынчтык талып чарчаганда алмаша турган болду. Берман экөөбүз аксакалдык кылып арткы салонго отуруп узун кептин учугун улап сапарды баштадык. Деңиз деңгээлинен 3200 м бийиктиктеги Төө-Ашуу, Ала-Бел ашууларын ашып саат он бирлер ченде Токтогул районуна түшүп бардык. Районуна токтобой, Кетмен-Төбө, Көк-Бел ашууларын ашып, саат бирлерде Каракөл шаарына жете келдик. Ашканадан бир пиаладан чай ичип жолубузду кайра уладык. Ташкөмүр шаарынын этеги менен Майлысай кыштагына өтүп андан Караван айылына бет алдык. Кечки саат 17 жарымда Аксы районунун борбору Караван айылына жете келдик. Ал жерде райондук ветеринардык станциянын орун басары Атамбай мырза менен жолугушуп ал ахвалды сурашкан соң, негизги максатыбызды угуп, андай болсо бүгүн биздикине жатып мейман болуңуздар, кудай буйруса эртең менен эрте туруп Алабука районуна өзүм узатып барайын деп убадасын берди.

Деги эле кыргыз калкынын меймандостугунан миң бир эсе айлансаң да аздык кылатко бул турмушта. Албетте бул жарыкчылыктагы башка улут өкүлдөрүнө салыштырмалуу. Кудай конок кайдан-жайдан келсе, дароо багылан козусун туура тартып, бата тилеп мейман күтүү шааниси шайма-шай биринин артынан бири: чайы, пайы, куурума, манты, чучвара, беш бармагы дегендей. Кайда болсо меймандын жоoптуу эле бир милдети, алдыңызга келген тамакты томсорт-пой ичип-жеп, ойноп куунап гана көңүл ачып отуруу. Ошондо да кам сүт эмген пендебиз да, айрымдарыбыз ырыскесирлик кылып жакпайт, болбойт ичпейм, жебейм деп, кесирлик кылып керейген да кулкмүнөздөн куру эмеспиз го чиркин. Үй ээси үч бүктөлүп жылдыздуу жылмайып берээрге ашын таппай алыңыздар, ичиңиздер деп дембе-дем өтүнгөндүн үстүндө.

Эртеси күнү саат алтыларда чай-пайды ичип Алабука тарапка сапарыбызды уладык. Каравандан тике өйдө тоо этектеген жол менен адырма-адыр кырма-кыр таш жол менен чаңдатып отуруп айтылуу Алабука районунун борборуна жете келдик. Алабука районунун борборунда Кыргыз республикасынын эгемендүүлүгүнүн он бир жылдыгын атайын оюн-шоок, митинг, ярмаркаларды уюштуруу менен тосуп жатышкан жерден Актам айыл өкмөтүнүн жетекчиси Камчыбеков Роман мырза менен жолугуштук.

Роман мырза, кечирим сурап өзүнүн айыл өкмөтүнө бара албастыгын эскертти, анткени саат тогузда райондун активдеринин жыйы-

ны өтөөрүн ага катышпаса болбостугун баяндады. Бирок өзү барбаганы менен айдоочусуна Актам айыл өкмөтүнүн орун басары Дыйканов Жамал мырзаны таап келип биз менен бирге болушун дайындады. Романдын бир пиала чайынан ооз тийип сапарды кайра Актам айылын карай уладык. Романдын айдоочусу бизди Сафед Булан айылындагы Шах Фазилдин мавзалейине алып келип өзү Жамалды таап келгени кетти.

Биз бул мазар мечиттин атайын дайындалган Шейхи Хасанжан аке менен таанышып Шах Фазил күмбөзү менен толук таанышып чыктык. Булар жөнүндө 195 бетте толук баяндалган.

Мазар кыштагынын тарыхын Дыйканбай уулу Жамалдан жана Хасанжан акеден угууп отуруп өзүбүздүн келген ой максатыбызды билгизүү менен бирге кыргыз эл баатыры Жайыл атанын 1705-жылдары мына ушул Сафет Булан айылында төрөлгөнүн жана атасы Коңурбай менен чоң атасы Талкан бийлер ушул Мазар кыштагында каза болуп жерге берилгенин баяндадык.

Жамал мырза жаркылдаган, кең пейил ак көңүл, шартылдаган жигит экен, биз бат эле бири-бирибизди туура түшүнүп кенен пикирлешип көпкө тарыхый маалыматтардан сырдашып отурдук. Албетте үйдөн атайы ата-бабалардын арбагына деп даярдалган (казы, карта, чучук, боорсокторду) даамдарды дасторконго жайып арбактарга арнап куран окуп таазим кылдык. Пикир алышып бири-бирибиз менен толук таанышкандан кийин Жамал мырза Жайыл баатыр биздин айылда төрөлсө, демек чоң энеңер биздин эжелерден турбайбы, силер биздин жээн болот турбайсыңарбы деп, элибизде "сөз сүйлөгөн колко бербейт" — дегендей жаңы эле таанышкан Жамал бизге тайке болуп бизди жээн турбайсыңарбы деп агынан жарылып жатты.

— Раматылык Бээрман мыйыгынан күлүп, бизге билгизбей көзүн кысып, Жамалды сынамакка, Жамал тага биз жакта "жээн келгенче жети бөрү келсин" — деп коюшат, анын сыңарындай сиз бир эле учурда жок жерден Жайыл баатырдын арбагы колдоп төрт жээндүү болдуңуз, бул деген төрт жерде — жети жыйырма сегиз бөрү келди дегенге барабар, ошончо бөрүгө туруштук бере аласызбы деп тамашалады.

Жамал мырза да бош келишпейт, Бээрмандын тамашасына чын эле пейилинен.

Эй жээндер көп болсо битта козу жейт экенсиңер, а козуну адам табат, сиздердей алтымыш асый болгон жээндерди адамкерчилик, пейил тапады. Каны ошна бүгүн хаммаңыздар биздин эшикке барып кадырлуу мехман боласыздар, мехманчылык бүткөндө бардыгыңарга сарпай кийгизип (өзбек дөпу, ала чапан) анан жөнөтөмүн деп, бак-бак этти.

Биз бири бирибизди карап Жамалдын чын дилинен сүйлөгөндөрүнө ыраазы болуп чын ыкластан шартыбызды ойлогон ой, пландарыбызды айтып зорго уруксаат алдык.

Андан көрө Жамал тага дагы Алабуканы айлантып алтымыш чакырымга бизди кыйнабай бизди ушул жерден мына бул мамлекеттик постуңардан сүйлөшүп Нанай айылынан чыгарып койушка жардам кылсаңыз эле кой сойгондон да өтөт десек.

Ээ шу да гаппы, кана Мухуддин ака утырың менин волгама, сизлер бизден калбай жете келгиле деп жапжаңы волгасын от алдыра эле сигналын папылдаткан боюнча чек арага жеткенче постогулар тосмолорун ачып солдаттары эки колун төшүнө алып баштарын ийип узатып калышса болобу.

— Бул көрүнүшкө таң калган мен!

— А Жамал тага бу канакасы десем? Жамал мени карап үн дема Мухуддин ака аммасын бөзөгүндө (музоосунда) сүзүп койганмыс деп (күлдү) каткырды.

Ошентип Жамалдын жардамы менен эртең менен чек арачылар тосуп өткөрүшпөй тоо этектеп алтымыш чакырым таш жолдо чаңдан жүргөн аралыкты казыр асфальт жол менен беш эле минутада Нанай айылындагы постон Кыргызстандын территориясына чыгарып Жамал чыныгы тагалык биринчи милдетинен кутулду.

## ДЫЙКАН УУЛУ ЖАМАЛ

Жүргөн жер мезгилинде ата-беги,
Жайылдай аталардын ата-теги.
Жаз чыкса көчүп конуп Пача-Атада,
Жылкысы адыр толо жүргөн жери.
Жубайы Темиржандай энебизден...
Жаралган Жайыл эли болдук — жээни.

Ак көңүл, пейли кенен жаркылдаган,
Азамат ачык сүйлөп тартынбаган.
Аталар өткөн жерде бир мырза бар,
Ал Жамал Дыйкан уулу шартылдаган.
Азбы-көп калк ичинде калыс кептүү,
Агаин ардак тутаар баркы бардан.

Актамдай айыл өкмөт арасында,
Айтылуу Сафет Булаң калаасында.
Арабтар он экинчи кылымдарда,
Атайы келген адам баласына.
Айтып деп, ислам динин адил жагын,
Ар кимдин кабылдоосу санаасында.

*5³¹ 6.03.04.*

Урматтуу ага-инилер, кудайдан болуп айтылуу Алабука районуна сапар түшүп калса Актам айыл өкмөтүндөгү Сафет Булаң (Гүлүстан, Мазар) айылына барып Шах Вазилдин күмбөсүнүн жанындагы мүрзөгө койулган Талкан бий бабабыздын анын уулу Коңурбай оңдогон дагы он алты балдары туугандары жашырылган мүрзөөгө таазим кыла куран окуп арбактарды эскере келгениңерден зыян болбос, деген пикирдебиз.

Ооба, аталар жаткан бейиттерге таазим кылып куран окуп кайтып Аксы районунун борборуна келсек стандиондо толо майрамдык маанайдагы калайык калкты көрүп кубанычта болдук.

Сапарлаштарыма кайрылып мына ушул жерден 67 чакырым жерде айтылуу Сары-Челек кереметтүү көлү, жатканын айтып эгерде каалasaңар анда барып бүгүн түнөп эртең жол тартаарбыз деген сунушумду айттым. Сапарлаштарым бул сунушту кабыл алышып деңиз деңгээлинен 1878 м бийиктеги узуну 7,5 км туурасы 2280 м Сарычелек коругунда орун алган ажайып көлдү өз көзүбүз менен көрүп бир кумардан чыккандай болдук. Бул жердеги жапайы айбанаттардын жан жаныбарларынын, канаттуу куштардын өсүмдүктүн миңдеген-миңдеген түрлөрүн барлыгына ынандык.

2002-жыл 1-сентябрь Тынчтыкбек мырза урматтуу бир боорлор ушундай кереметтүү жерге бир түнөп эле кете беребизби? Андан көрө бүгүн кечке айлана чөйрөнү аралай басып жана дагы бир кумардан канып мына бул "Тоскоол-Ата" сыңары тарыхый жерлери менен таанышалы да, кудайым жол берсе эртең 2-сентябрь күнү эрте туруп сапарыбызды улайлы деген пикирин билгизди. Бири-бирибизди карадык, талаш-тартыш, кайчы пикир болбоду, демек бул сунуш кабыл болду. Эртең менен чай-пайлашып алгандан кийин керели кечке тоо, токойун бут жеткен жерге чейин аралап көрүп күн бешим болгондо кайра келдик.

2002-жыл 2-сентябрь саат $7^{00}$ биз Сарычелек менен кош айтышып жолго чыктык, ашуудан-ашуу ашып, 600 чакырым жол басып кечки саат бештерде Сосновка айылына аман-эсен жете келдик.

* * *

## ДҮЙНӨДӨ АДАМ БАЛАСЫНА "ӨМҮР" ТАРТУУЛАГАН ЭНЕЛЕРГЕ

*Бейиш энелердин этегинин астында,*
*Бейишти тебелеп-тепсеп бастыңда — дептир — Теңирим.*

Жаныңа күч келгенде "апа" — дейбиз,
Жүрөктөн сүйүнгөндө "апа" — дейбиз.
Жабыша ак сүтүнөн тойо эмип,
Жетилип эр тартканда ката дейбиз.

Жашоонун мыйзамыбы аттиң чиркин!
Жан үрөп качан? Кайдан "ата" — дейбиз.

*$4^{27}$ 30.05.04.*

* * *

Козголбосун жүрөктөгү дартыңыз,
Куттуу болсун сегизинчи мартыңыз.
Карындаш, эже, жеңе, энекелер...
Куттуктайбыз эркек тана жалпыбыз.
Куту болуп ар бир үйдүн төрүндө,
Кубанычта көтөрүлсүн жарпыңыз.

Кастарлашат бүтүн жалпы калкыңыз,
Куттуу болсун сегизинчи мартыңыз.
Караанындан кагылайын эне зат...
Куттук айтуу эр азамат шартыбыз.
Көздө карек, ар бир үйдө шам чырак,
Күл күлөгөй бузулбасын антыңыз.

Сымбатыңыз сыйкыр сымал көрүнөт,
Сымбатыңыз сымап өндүү төгүлөт.
Сараң эмес март айындай мартсыңар,
Самай берип, садагасы көңүл өрт.
Сегиз эмес сексен сегиз шарт койгун,
Сен дегенде жүрөк миңге бөлүнөт.

* * *

Аял заты адамдардын асылысың,
Аңкыган көктөм жаздын жашылысың.
Апасыз, айымдарсыз элестелбейт,
Ансыз да аз өмүрдүн жазы-кышын.

Аял заты бассам-турсам акылымсың,
Бакытка багытталган жакынымсың.
Абийирлүү, аруу сүйүүң тартуулаган,
Аял заты сен жашоонун татымысың.

Аял заты наристенин энесисиң,
Сөз таппайм бир өзүңө теңеш үчүн.
Бойго жеткен боз уланга санаалаш,
Келчекте ак никенин элесисиң.

Кадимки кайратыңдан эч тайбагын,
Куралсын гүлгүн жаштык кут сайраның.
Кубанып тосуп жаткан жерге-жээгиң,
Кут болсун, жадыраган жаз майрамың.

* * *

Уулуңдун колтугуна тумар кадап,
Узатып сапарына утур карап.
Уйкусуз нечен түндөр өтпөдүбү,
Умсунуп узаткандан күнүң санап.
Улгайып калса дагы уулуңуз,
Утуру келип калаар күнүн самап.

Сагынтаар көмөч казан нандарыңыз,
Сагынтаар сылап, өөп калганыңыз.
Сапарга кеттиң келгис түбөлүккө,
Сар-санаа тартуудабыз балдарыңыз.
Сай-сөөктү какшатты го, бул шум ажал,
Сыймыктуу өчтү бизде жанган ***жылдыз***.

* * *

Чынар терек өңдөнүп бойго жеткен,
Очор-бачар болдуңуз ой терметкен.
Ыңаалаган наристелер бой жетип,
Назар салсам келечекти дегдеткен.

Энесиң бизге өмүр жашоо берген,
Наздантып тарбиялап наристемден.
Эч качан аянбасмын өзүң үчүн...
Кызматың иштей берем колдон келген.

Ардагым алпештеген энекемсиң,
Лаавадай сүйүү арнаган наристемден.
Татына тарбиялап таалим берген,
Ыймандуу, кереметке тең экенсиң.
Мен сымал жыйырма бир неберөге,
Ырыскы чача берген кең мекенсиң.
Шаттана, шапарды тээп биз жүрөбүз,
Так айтсам сага кандай жан теңелсин.

* * *

Көз кырын салып жылмайып,
Көөдөндөн терең нур жайып.
Кулачың жайып кел дейсиң,
Көз күчү кетсе кимде айып.
Кырктардан ашкан баяаа эле,
Кичине уулуң ырсайып.

Бөкчөйсө мейли белдериң,
Баркташат дайым элдериң.
Бактысы үчүн эл-жердин,
Беш эли күндө тердедиң.
Бел кетсе мейли бөкчөйүп,
Бааланды ишиң, эмгегиң.

Токсондон ашкан энекем,
Тоодон да ашкан берекем.
Төрт уул, бир кыз аркаңда,
Тилеген оюң тең экен.
Бырышса беттер бырышсын
Татына кебиң бал экен.

"Баа" — десе кантээр экен деп,
Белиңди бууп бекемдеп.
Бечара менин кулунум,
Бертинип калбас бекен деп.
Беймаза болот энекем,
Башмалдак атып кетем деп.

Айланса көзүң чекем деп,
Ангина болгон экен деп.
Аналгин бере дарылайт,
Айыгып кетээр бекен деп.
Апакем чексиз кыйнала,
Алдыңа кетсем экен деп.

Састымоо тийсе кечең деп,
Саргайса жүзүң нечендеп.
Садага чабат улагын,
Сакайып кетээр бекен деп.
Сарсанаа тарта энекем,
Садагаң болуп кетем деп.

Берметин башыңа тагат,
Балпайта бапестеп багат.
Билимсиз болсо бир нерсе,
Балакет-мээнетиң алат.
Балага — эне мээримин,
Билалбайм ким кантип танат.

Күндө шаңдуу күлөөрүм,
Көкүрөккө түйөөрүм.
Качан болсо калкалаар,

Каргышынан бирөөнүн.
Күйүп бышып мен үчүн,
Көөдөнүнөн сүйөөрүм.

* * *

Баатыр эне бөбөктөрдү төрөп алып,
Торолттуңуз баардыгын бөлөй салып.
Тынымы жок таңдан кеч бөпөлөдүң,
Тикен кирсе жан чыгып оттой жанып.
Тойун берип, уул үйлөп, кыз узаттың,
Тилегениң орундап бара-барып.

Тал чыбыктай буралып бойго жетип,
Тан берелик биринен бири-тетик.
Талпынышып баардыгы тынар куштай,
Топук кылат "аталап" — таазим этип.
Таарынбасың тагдырга Алик мырза!
Татым тузун "небере" татпай кетип.

Тоту куштай төрөлүп бөпөлөдүң,
Тарбияңар барабар экөөңөрдүн.
Таалайыңа жазганды балдарыңдан,
Тукум улаар чөбөрөң көтөрбөдүң.
Там-туң баса талпынган чүрпөлөрүң,
Таң шооладай балкыта көкөлөөрүң.

Ааламда канаттуу көп конуп учкан,
Ажал да арасында тоорулушкан.
Аттиң ов! берекеңди — апакеңди,
Ал ажал жулуп кетти колуңуздан.
Азапты чегүү шарты мыйзам сымал,
Апалап толгоо болуп бооруңуздан.

*$4^{35}$ 30.05.04.*

* * *

Магдырап сүйүү отуна малынгансың,
Мөлтүлдөп арбоосуна чалынгансың.
Муңкайуу күндөр болсо жашооңузда,
Мүгдүрөп тагдырыңа таарынгансың.
Мээримиң төгө берип бала үчүн,
Мээнеттүү өмүр бою зарыгасың.

Уу жутуп бала десе багынасың,
Уулум деп, көрбөй калсаң сагынасың.
Упчуңду утур берип тойгузууга,
Утуру тынчың кетип жалынасың.
Умтулуп соо болсо деп чүрпөлөрүм,
Улутунбай бул турмуштан арыласың.

Рахат кучагыңда балаң болсо,
Рахат ак сүтүнө абдан тойсо.
Рахат секунд санап өсө берип,
Рахмат — мыйыгынан күлүп койсо.
Рахат — мунун баары эне үчүн,
Рахат чымчыкты да «касап» сойсо.

Ардагым алпештеген энекемсиң,
Ардагым кең дүнүйө берекемсиң.
Алдейлеп таалимиң берген элең,
Ардактуу жаның эми бейиштесиң.
Алланын буйругу мунун баары,
Аттиң ов! эстесем чыгат эсим.

Дүүлүгө алга кадам кылаласың,
Дегдөөдө эмне болсо ынанасың.
Дарамет-аракетиң жасап жүрүп,
Денеңден бала бөлүп чыгарасың.
Дүйнөдө адамзатым жашасын деп,
Дел болуп ак сүтүңө сугарасың.

О жараткан! Кейийсиң кимге пайда?
О жараткан бейишиң аның кайда?
Он ай жатып дүйнөгө бина болгон,
Ошол жерде бейиштен барбы айла.
Оозангандан олпокко ороносуң,
Ошол жерде "бейишим" — баскан жайда.

Валидол басса-турса жардам берип,
Викасол анысынан түзүк келип.
Витаминдин сандаган түрлөрү бар,
Витаминден-витамин жакшы делип.
Вена аркалуу жашоону узартабыз,
Венабыздан дарыны бере-берип.

Ар кимге айта берген ар кыл дартын,
Ааламда толо-толо адамзатым.
А балким ошон үчүн жашоо кызык,

Арада байкабаган алды артын.
Ападан жаралганбыз түркүн-түркүн,
Аласы ичте болот адамзаттын.

*5[49] 30.05.04.*

* * *

Өрттөнүп өкүнөсүң көнө албайсың,
Өзгөчө көңүлүңдү бөлө албайсың.
Өкүмү ошондойбу табияттын,
Өлгөндүн аркасынан өлөлбайсың.

Лакылдап жүрөк согуп делебелер,
Ланч болгон кайгы-муңун бере берээр.
Лепилдеп айтканыңды энекебай,
Лираңды улай турган неберелер.

Касиет колдоо болуп терең сырың,
Керемет жашооңузду кылдың тындым.
Кантмекпис бул жашоонун мыйзамыдыр,
Көңүлдөн көп чөкпөстөн сабыр кылгын.

Я, дейбиз алысбы же жакын туруп,
Я дейбиз чакырууга көңүл буруп.
Я пирим колдоо болуп Теңиримден,
Я Алла турган мезгил амал куруп.

* * *

Эмизип эне сүтүң наристемден,
Энекем мага жашоо өмүр берген.
Эч качан аянбастан балдарыңа,
Энекем мээримдерин төгүп келген.
Эрте-кеч таалимиңди берээр элең,
Эмгегиң жасай берип эне жерден.

Сар-санаа жүрөк оору сезимиңде,
Салтанат кура турган мезгилиңде.
Сыр дүйнө түйүндөрүн чечмелебей,
Сый-сыпат көрөөр эми кезиңизде.
Сапарды тарттың келбес тараптарга,
Сайгандай сыздоодобуз безибизге.

Менсинген уул-кыздуу шаар курдуң,
Магдырап дөөлөтүңө балкып турдуң.

Мээнеттүү таңдан-кечке терди төгүп,
Мазасы кеткенине көңүл бурдуң.
Мыйзамы табихаттын мына ошондой,
Мээримиң балдарыңа бөлүп турдуң.

Апаке Ай-ааламга жакын элең,
Апаке бассак-турсак акыл белен.
Аброй, ак ниеттикке үндөө боло,
Ардагым акыл-эсиң татыыр элем.
Акыркы сапарыңа узап кеттиң,
Аттиң ов! айла канча таппай келем.

*$23^{07}$ 24.05.04.*

* * *

Кысталып, кыйналуулар ыраңдарың,
Кылымдын кыйырына чыгалбадың.
Көр оокат аркасында алп урушуп,
Көңүлдө калган сымал бүт арманың.
Келечек жыргал турмуш элестетип,
Кеменгер балдарыңа ыр арнадың.

Ызаатта алган жарың алганыңдын,
Ыйманын тилей берип балдарыңдын.
Ыгына көнүп жашоо өткөралдың,
Ык берип айталбастан терең сырың.
Ымыркай жап-жаш балдар колуңузда,
Ызылдак угуп-укпай анын чырын.

Замана миң айлана көз тунарып,
Зар какшоо селдей толкуп көп муңарык.
Зырп эте өпкө-жүрөк сайгылаша,
Зилзала болгон сымал тагдыр тарып.
Закону бул жашоонун зор сыноосу,
Зээн кейип, алдан тайып турам арып.

Ынтымак бир боорлукка үйрөталдың,
Ыр курап түркүн сөздү сүйлөталдың.
Ынтымак ырыс алды балдарым деп,
Ырк бере туу тутууга аял затын.
Ырыскы бак-таалайын тилөө менен,
Ыйманды тартууладың балдай татым.

*$5^{17}$ 25.05.04.*

* * *

Баарыбызды бирдей багып түткөнүм,
Балкылдата сордук эмчек сүттөрүн.
Билдирбестен ооруса да бактым деп,
Бал каймакты үрп учуна сүрткөнүң.
Балдарыңдын балдары бүт балалуу,
Баарыбызга «бакыт гүлүн» жүктөдүң.

Өктөмгө, ай-ааламга жалынайын,
Өзүңө тутам болуп жагылайын.
Өксүтпөй жашай берчи түбөлүккө,
Өпкө, боор бар берекем кагылайын.
Өзүңдү жарым минут көрбөй калсам,
Өзүңсүз туралбаймын сагынмайын.

*14.10.02.*

* * *

Экиси кем беште сааттын жебеси,
Эстен кетпейт энекемдин элеси.
Энтигүүдө зорго-зорго дем алат,
Эти качып, таштай муздап денеси.
Эй адамзаат, төрөлгөндө бакырсаң.
Эми минтип, шыбыр чыгат керээзи.

*4.12.02.*

Апам өттү токсон үчтө карыган,
Аттиң деймин тагдырыма таарынам.
Ананайын, мээнетиңди алайын...
Адилим деп, өпкөн күнүн сагынам.
Арып келсем чарк айланган апакем,
Апа деген кымбат тура баарынан.

*$20^{27}$ 1.03.03.*

## 92 ЖАШТАГЫ АПАМДЫН ЖАШООСУНУН АКЫРКЫ МИНУТАЛАРЫ, СЕКУНДАЛАРЫ...

Абийирди акыл колдойт,
Аттиңсиз жашоо болбойт.
Азбы-көп жашоо өтүп,
Аз-аздан барып оорлойт.
Акыркы минуталар...
Үмүткө адам тойбойт.

* * *

Ууз-кымыз,бал каймагың койоор элең,
Уулум деп, урмат-сыйга тойоор элең.
«Улууну урматтагын» уулум деп,
Ууртуңдан бир жылмайып койоор элең.
Уулумдун уулун сүйсөң пешенеден,
Уюулга туу сайгандай болоор элең.

Ушунун баары түгөп, мээр төгүлбөй,
Умсунуп уу жутабыз болуп керең.
Уул-кыз, урпактарың 45 адам,
Улутунуп, уулугабыз терең-терең.

* * *

Ааламга жашоо үчүн ооба келдиң,
Алты уул, бир кыз төрөп жашоо бердиң.
Отуз сегиз небере, чөбөрөң бар,
Аттиңай аянбадың кулач кердиң.
Күн бүтүп, жашооң бүтүп бараткансыйт,
Кебээрсип кургап барат утур ээрдиң.

*$3^{24}$ 6.11.02.*

* * *

Кыйналып кыйындады дем алганың,
Көз ачып каш-кабакты кагалбадың.
Кылымга тете жашап токсон үч жаш,
Кылымга толалбадың оо, арманың.
Кыз берип, келин алдың, чөбөрөлөр...
Касиет-кереметтүү аткан таңым.

*$4^{17}$ 6.11.02.*

* * *

Алдастап суу тамызсак жуталбадың,
Айлансак мээнетиңден күч албадың.
Алп уруп жашоо үчүн жаның үрөп,
Утам деп, «шум» — ажалды уталбадың
Алсыздык бара-бара калдың сезбей,
Аңдабай олдa чиркин суу тамганын.

*$5^{39}$ 6.11.02.*

* * *

Апакэ-ээ, десек үнсүз баш ийкедиң,
Ажалың алкымдаса баш ийбедиң.
Алты күн, алты түнү арбашуудан,
Азайды жетинчи түн баш ийкемиң.
Акыры ажал шүмшүк жеңди окшойт,
Аргасыз токтоп калды баш ийкешиң.

$12^{12}$ 7.11.02.

Арбашуу ажал менен таңдар атты,
А бирок, жүрөк чиркин согуп жатты.
Акыры балбан жүрөк баш ийдиби
Алп уруу согууларын солгундатты.
Ала-Тоо сымал апам шимирилип,
Ажалга алдырууда соолуп жатты.

$1^{01}$ 8.11.02.

* * *

Өзгөчө көңүл буруп бөлалбайсың.
Өзөктөн өрттөнөсүң көралбайсың.
Өчтү шам алоолонгон мээрим эне.
Өлгөндүн аркасынан өлалбайсың.
Өксүйсүң, өкүрөсүң, өрттөнөсүң.
Өлүмдө, кошо өлүп өч албайсың.

$1^{27}$ 8.11.02.

* * *

Ааламды бүт кыдырып бардык жерди,
Акыры «ажал шүмшүк» жетип келди.
Арбашып апакебиз ажал менен,
Ак этет суусун жутпай кургап ээрди.
Аттиң ай, жеңди мына, шүмшүк ажал,
Бүлбүлдөп алоолонбой өчүп берди.

$19^{07}$ 8.11.02.

* * *

Ардактап мээрим төккөн акактайым,
Ааламга жашоо берген аппак айым.
Аркаңда неберелер, чөбөрөлөр..,
Агызып жаш төгүшөт ананайын.
Аттандың түбөлүктүү сапарыңа...
Апапак маамык болсун жаткан жайың.

$19^{21}$ 8.11.02.

# ЖАЙЫЛ РАЙОНУ

Адамдардыкындай эле ар бир жер-суунун өз таржымалы, тарыхы болот. Биздин Жайыл районубуздун да өзүнө тийиштүү таржымалы бар. Андан азын-оолак кеп сала кетейин.

VI-VII кылымдарда биздин райондун аймагы аркылуу улуу Жибек жолу өткөнүн тарых тастыктап турат. Чүй өрөөнүндө, анын ичинде азыркы биздин Жайыл районубузда соода-кол өнөрчүлүктү кесип кылган кыштактар пайда болуп, алар ири соода борборлорунун жана шаарлардын акырындап өсүп чыгышына таасир тийгизген.

Мерке менен Беловодское айылдарынын ортосунда орун алган азыркы биздин райондун аймагында орто кылымдагы калктуу ири шаар — Нузкет жайгашкан экен. Анын аймагы негизинен Жибек жолун бойлото созулуп жаткан. Алсак, бүгүнкү Калинин, Алексеевка, Федоровка, Новониколаевка, Жекен, Ийрисуу айылдары, Карабалта шаарынын бир бөлүгү ошол Нузкет шаарынын аймагынан орун алган.

1218-жылы Орто Азияга Чынгызхандын ордосу капыстан кол салып кирип келип, жергебизди өрттөп-кыйратып, талап-тоногон. XIII кылымда Чүй жергеси аркылуу өтүшкөн саякатчылар мурда гүлдөп турган аймак күлгө айланып, бозоруп ээн калганын кол жазмаларында белгилешкен.

XIX кылымдын башталышында кыргыздар Россияга кошулгандан кийин алгачкы орус көчмөндөрү келе баштаган. Совет бийлиги орногондон кийин биздин райондо Луговая-Пишпек темир жолунун курулушу аяктаган. Азыркы Карабалта шаары райондун борбору болуп, 1929-жылы анда кант комбинаты, ал эми 1951-жылы кыргыз тоо кен комбинаты сыяктуу ири ишканалар курула баштаган. Муну менен бирге Жайыл району Кыргызстандын айыл чарбасы, өнөр жайы, курулуштары өсүп-өнүккөн, көп тармактуу, экономикасы жогору ири райондорунун бирине айланды.

Районго 1992-жылы Кыргыз мамлекетин өнүктүрүүгө өз салымын кошкон Жайыл баатырдын ысмы ыйгарылып Жайыл району болуп аталды. 2002-жылы райондун борборунда ага эстелик тургузулуп, 24-августа Кыргыз Республикасынын Президенти Аскар Акаев кыргыз баатырынын эстелигин ачуу салтанатында сүйлөгөн сөзүндө: «***Биздин бабабыз Жайыл баатыр жалпы кыргыздын кызыкчылыгын өз дооруна ылайык башка маселелердин үстөмчүлүгүнөн жогору кое билген мамлекеттик ишмерлердин ичинде чанда кездешкен эл башчысы болгондугу шексиз***» деп баса белгиледи.

Жогоруда белгиленгендей Жайыл району өнөр жайлары, айыл чарбасы өнүккөн ири район гана эмес, иш көрсөткүчтөрү жагын да республикада алдыңкы орунда турат десем мактангандык эмес. Райондо жер жана агрардык реформаны тереңдетүү боюнча КР Президентинин указдарынын Өкмөттүн токтомдорун аткаруу үчүн 3142 дыйкан чарба түзүлүп, аларга 38063 гектар аянт, 5460 га жери бар 10 айыл чарба кооперативи, 2506 га аянты бар 2 акционердик коом бекитилген. Жер ээлерине үлүшүнө тийген жерин иштетүүгө укук берүүчү күбөлүктөр берилип, жерди инвентаризациялоо жүргүзүлдү, жер пайдалануучулар тактaлды, бардык чарбаларда пайчылардын саны 11548 адамды түзгөн мүлктүк пайлар аныкталды. Реформа башталгандан бери быйылкы жылдын 1-январына чейин 119,0 млн. сомго мүлктүк пай берилди.

2003-жылдын ичинде 1907,7 млн. сомдук дүң продукция өндүрүлүп, мал чарба продукцияларын өндүрүүнүн, ар жүз тубар малдан төл алуунун саны жогорулады. Район боюнча жалпысынан 110575 тонна эгин өстүрүлүп, ар гектардын түшүмдүүлүгү 29,5 центнерден айланды. Кант кызылчасынан 84052 тонна түшүм алынып, план 87,1 пайызга аткарылды. Калган бардык дыйканчылык азыктары боюнча көрсөткүчтөр өткөн жылдардан жогору. Бир гана жашылча, мөмө-жемиш чогултуунун планы кем аткарылып, ал 87,1 пайызды түздү. Быйыл райондун айыл чарба тармагында 1700,0 млн. сомдук дүң продукция өндүрүү каралууда.

Белгиленген программаны аткаруу үчүн ата мекендик товар өндүрүүчүлөрдү экономикалык жактан стимулдаштыруу, аларды тейлөөчү соода фирмаларын жана башка сервис кызматтарын түзүү керек. Мындан тышкары сугат жерлерин өнүктүрүү, суу ресурстарын натыйжалуу пайдалануу зарыл. Ошондуктан өткөн жылы 123 сугат каналдары 114 гидротехникалык курулуштар, 132 гидропост ремонттолду. Чарбалар-аралык башкы «Жетиген» жана «Канал-Таш» каналдары ремонттолуп, коллектордук-дренаж тармактарды тазалоо жүргүзүлдү. Райондо суу пайдалануучулардын 11 ассоциациясы түзүлдү.

Айыл чарба өндүрүшүн жогорулатуунун негизги жолдорунун бири — инвестицияларды тартуу. Алсак, 2003-жылы каржылоонун ар

кандай булактарынан 46.327 млн. сом алынды. Мындан тышкары жер-жерлерде чакан ишканалар — тегирмендер, колбаса жана суп продукцияларын кайра иштетүүчү цехтер, жашылча кургатуучу, жашылча консерваларын чыгаруучу цехтер түзүлүп жатат.

Районубузда 21 негизги өнөр жай ишканалары жана 413 чакан бизнес ишканалар иштөөдө. Аларда негизинен алтын, күмүш, уран, молибден, тоо-шахта жана башка ар түркүн стандартсыз жабдуулар, полипропилен мүшөктөр, килемдер, токулган жана тигилген кийимдер, арак-шараптар, пиво жана суусундук ичимдиктер, камыр ачыткы, нан-булочкалар, ун, аралаш тоют, сүт азыктары жана башка азыктар чыгарылат. Өткөн жылы 11713,19 млн. сомдук өнөр жай продукциялары чыгарылып, индикативдик план 115,2 процентке аткарылды.

Афиинаж заводу, спирт заводу, «Бакай-Инпак», «Карабалта арагы», «Дос-Алко» ишканалары, КГРК акционердик коому ири жана стабилдүү иштеп жаткан ишканалардын катарына кирет.

Өткөн жылы 2 жаңы ишкана ишке киргизилди: сентябрда жашылча-жемиштерди кайра иштетүү боюнча «Айлана», декабрда — арак чыгаруучу «Ал-суу-Алко» ишканалары.

«Бакай» АКнын мурдагы рафинад цехинде томат-паста өндүрүү боюнча жаңы чет элдик технологиялык линия, Карабалта пиво заводунда пива өндүрүү боюнча жаңы жабдуу, банкрот болгон ишкана — «Бакыт» АКда арак куюучу жаңы линия орнотулуп, «Ал-суу» жаңы ишканасы уюшулду.

Районубузда социалдык чөйрөгө тийиштүү маселелер боюнча да көрсөткүчтөр дурус. Социалдык саясаттын негизги багыттарында калкка, айрыкча багар-көрөрү жок карыларга, майыптарга, көп балалуу үй-бүлөлөргө, согуш жана эмгек ардагерлерине көбүрөөк көңүл буруу каралган. 2003-жылы 1846 адамдан турган жакыр жашаган үй-бүлөлөр 2793,0, миң сом ай сайын берилүүчү пособие алышты, 1060 адамга 3956,0 миң сом социалдык пособие берилди.

Райондо 5036 адам жеңилдиктерден пайдаланышат. Республикалык бюджеттен 6296,0 миң сом, жергиликтүү бюджеттен 1900,0 миң сом жеңилдик берилип, 540,9 миң сом материалдык жардам көрсөтүлдү.

Жайыл районунда 1 СУБ, 15 үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу, 18 ФАП, Карабалта шаарында 214 орундуу, Жайыл районунда 180 орундуу аймактык эки оорукана иштеп жатат. Карабалта шаары боюнча медициналык жактан тейленүүчү адамдардын саны 17 миңди, Жайыл району боюнча 81856 адамды түзөт.

Улуу Ата Мекендик согуштун майыптарына, катышуучуларына, Чернобыль алааматына катышкандарга, майып балдарга, жакыр жашагандарга жалпысынан 28963,5 миң сомдук акысыз медициналык жардам көрсөтүлдү. Ошондой эле 26808 миң сомдук жеңилдик рецептер берилди. Ушул азыр саламаттыкты сактоо реформасын жүргүзүү боюнча иштер аяктады.

Эми Жайыл районундагы «Жайыл» бириккен дыйкан чарбасынын

жана Жайыл айыл өкмөтүнүн тарыхына кыскача токтолгум келет. Коллективдештирүү жылдарында мында «Кызыл-Бакыр» жана «Кедей дыйкан» аттуу эки чарба түзүлүп, Ашырбай уулу Ильяс жана Закир уулу Молдокул башкарма болушкан.

Ички-тышкы душмандар канчалык бут тоссо да колдо бар малдарын ортого кошуп, биригип иштей башташты. Ошентип жаңыча жашоо башталып, балдар мектепте окуп билим алып, комсомол уюмдары түзүлдү. Чарбанын белдүү кызматкерлери болгон Суранаев Жангазы, Касымбеков Капар, Алымкулов Садыгалы, Алымкулов Ашыралы, Мамыткулов Мамыткан, Кулакматова Күлбүбү, Мамбеткулова Жаңыл, Табышев Шаршен, Акматов Эгемберди, Исаев Бекболот, Ашырбаев Докон ж.б.

1933—34-жылдары бул эки чарба биригип, «Большевик» колхозу болуп аталды. Ал жылдары Жаманкул, Ажыкул, Темирбек колхозду жетектеп келишти. Эл турмушу жаңы оңолуп келатканда согуш оту тутанды. Согуш жылдарындагы кыйынчылыктар айтпасак да белгилүү. Бирок, башкалардай эле жайылдыктар да аны жеңип чыгышты. Айылга башка улуттагы эл: түрктөр, орустар, украиндер, тажиктер келип отурукташа башташты.

1959-жылы чарба «Путь к коммунизму» колхозу деп аталды. Ал эми 1993-жылы жайыл эли, Жайыл баатырдын урпактары, Жайылдын тарыхын мыкты билген Адылбек Оморов аксакал чарбага Жайыл атанын ысмын ыйгаруу маселесин көтөрүп чыгышты. Эл өтүнүчү орундалып, ошол жылы чарба «Жайыл» бириккен дыйкан чарбасы болуп аталды. Ошондон бери бул чарбаны Дөөлөтбай Авасканов жетектеп келатат. Райондогу башка чарбалар таланып-тонолуп, бүлүнүп жатканда, чарба жүргүзүүнү мыкты билген талапкер жетекчинин иш билгилигинин натыйжасында бул чарба колдо болгон техникаларын, уй-кой, жылкылардын санын азайтпай сактап калып, иш көрсөткүчтөрүн жылдан-жылга жакшыртуунун үстүндө.

«Жайылда» кары-картаңдар, жаш балдар мыкты камкордукка алынган. Бул чарба райондо бала бакчасы иштеп жаткан бирденбир чарба. Иштеп жаткандарын айлыгын мүмкүнчүлүккө жараша жогорулатып, убагында берип турууга аракеттенет. Жалпысынан Дөөлөтбай Авазкановдун айыл эли үчүн аткарып жаткан алгылыктуу иштерин санап олтуруу кыйын. Бир сөз менен айтканда чарба ээсин тапкан.

Учурда өз алдынча иш жүргүзүү укугуна ээ болгон айыл өкмөттөрү эл турмушун оңдоодо зор роль ойнойт. Жайыл айыл өкмөтүндө да жакырчылыкты жоюу программасын аткаруу боюнча көп иштер аткарылууда. Аны азыр Жайыл айылынын демилгечил, иштерман уулу Алыбек Чахоевич Билялов башкарууда.

Бүгүн үчүнчү миң жылдыктын босогосунда, Улуу Жибек Жолун кайрадан жандандыруу идеясы Бириккен улуттар уюмунда да, азияевропалык коомчулукта да колдоого ээ болууда. Анткени, бул идея жалаң соода-маданий байланышты гана эмес, бардык Жер жана

Космос байланыштарын да камтып турат. Мурдагы каршы-терши өткөн кербен жолдорунун ордуна автомобиль, темир жол жана аба жолдоруна айланган Улуу Жибек Жолу буюрса биздин райондун аймагы аркылуу өтөрүнө сыймыктансак болот.

Азыр бардыгыбыз үчүн, бүтүндөй республика үчүн мезгил оор болуп турганы жашырын эмес. Ар бир элдин, мамлекеттин тарыхында гүлдөп-өнүккөн жана кыйын кезең оор жүк болуп белден баскан учурлар болот. Кылымдар аралыгында мындай кыйынчылыкка биздин Жайыл жергебиз да тушукту. Улуу «Манас» эпосундай маданий баалуулугун, каада-салтын, рухун сактай билген элибиз бул кыйынчылыкка да туруштук берди. Ошондуктан жаңыча жашоо турмушу калыптануудан жана экономикалык мамилелерди кайра түзүүдөн келип чыккан кыйын кезеңден Жайыл эли кайраттуулук менен чыгууда.

*Г.В.ДАВИДЕНКО, Жайыл райондук мамлекеттик администрация башчысы.*



## ДАВИДЕНКО ГЕННАДИЙ ВАЛЕРЬЕВИЧ

Геннадий Валерьевич Чүй областынын Панфилов районуна караштуу Букара айылында 1948-жылы 12-мартта төрөлгөн. Согуштун каары толугу менен өтүп-өтпөй, элдин турмушу жаңыдан калыптанып кележаткан мезгилдер эле. Геннадий жаштайынан ата-энесинен үй чарбасындагы ар кандай иштерине кол кабышын аянбас эле. Бөтөнчө анын мойнуна жүктөлгөн үйдөгү коен чарбасы болучу. Бүгүн бул жөнүндө кеп болсо ишенип ишенбеген окурмандар болушу ыктымал. Үйдөгү миңден ашык коендорду таңдан кечке талаадан чөп оруп келип багуу Геннадийдин милдети эле.

Айылдагы Эркин-Сай орто мектептен сегизинчи классты бүткөндөн кийин тогузунчу классты Карабалта шаарынан келип окуп онунчуну бүтүргөн. Бишкектеги К.И.Скрябин атындагы институтунун инженер-механикалык факультетине кирип аны ийгиликтүү аяктайт.

Эмгек жолун Жайыл районундагы «Серп и Молот» колхозуна инженер болуп иштөөдөн баштаган. Советтик Армиянын курамында кызматын өтөп келип кайрадан келип чарбада иштей баштайт, көп өтпөй Жайыл районундагы «Чүй» совхозунун директорлугуна дайындалат. Жыл жыйынтыгы менен 1980-жылы Геннадий Валерьевич алгачкы Өкмөттүк сыйлыктын «Эмгек даңкы» ордени менен сыйланат. Директорлуктан райондун айыл чарба башкармасынын жетекчилигине дайындалат.

1987—90-жылдары Геннадий Валерьевич үчүн ийгиликтердин

жылы болгонун белгилей кеткенибиз оң болоор. Ысыккөл областынын Түп райондук аткаруу комитетинин председатели болуп иштеп турганда айыл чарбасындагы жетишкендиктери үчүн эки жолу Союздун бир жолу Республиканын өтмө Кызыл Туусун жеңип алгандыгы ага далил болмокчу.

Өкмөт башчылары Геннадий Валерьевичтин эмгегин негиздүү баалап азыркы Жайыл районунун коммунисттик партиясынын биринчи секретары кылып дайындашат.

Геннадий Валерьевич элибизге эгемендик тийгенден кийин. 1990—1995-жылдарга легендарлуу парламентке депутаттыкка шайланып, Кыргыз Республикасынын көзкарандысыздыгы жөнүндө декларация ж.б. ондогон мамлекеттик маанилүү маселелердин тагдырын чечишкен. Мына ушул учурдан баштап Геннадий Валерьевичтин жашоо-турмушунда өйдөлөөнүн жылдары башталды. Алды менен Панфилов андан кийин Москва райондорунун администрациясынын башчысы болуп иштеген. Өкмөт тарабынан жана Президентибиз тарабынан 1997-жылы Геннадий Валерьевич республикабыздагы жылдын эң мыкты — акими болуп таанылды.

Дасыккан жетекчини Өкмөт башчылары утуру артта калган райондорго жөнөтүп ал жерди оңдоосун өтүнүштү. Геннадий Валерьевич Кант жана Ысыката району кошулгандан кийин Ысыката районунун акими болуп жемиштүү эмгектенди. Бүгүнкү күндө Жайыл районунун акими болуп иштөөдө. Албетте Геннадий Валерьевичтин өмүр баянын жараткан ийгиликтерин жазса өзүнчө том болоору талашсыз.

Геннадий Валерьевич көптөгөн өкмөттүк медаль, ордендердин, мактоо граммоталарынын ээси. Үй бүлөлү. Балдары бар.

Айыл чарба кызматкери иштеген,
Айыл элин алга үндөп иш менен.
Ачарчылык болбосун деп журтуна,
Ал жүргүзгөн ой коруму көп терең.
Ар бир жаштын келечегин ойлонуп,
Ага түзгөн иш планы беп-белен.

Таланттууга, таасирлүүгө кол суна,
Талыбаган ак ниет иштеп журтуна.
Таңдан кечке, күнү-түнү дебестен,
Түбөлүккө алга карай умтула.
Тентек, тели чыгып калса арадан,
Тарбиялайт терс аякка улутуна.

Айылдарда бөлүп жарбай бөтөндү,
Айыл чарба иштерин бүт көтөрдү.
Алдын ала иш чараны көргүн деп,

Ак ниетке ким койду дейт жөтөлдү.
Айлыбыздан чыккан мырза жигиттин,
Ат көтөргүс ишин айтпай өтөмбү.

*$8^{54}$ 31.10.03.*



## АВАЗКАН УУЛУ ДӨӨЛӨТБАЙ

Дөөлөтбай мырза 1958-жылы 2-декабрда Кетмен-Төбө өрөөнүндөгү Кетмен-Төбө айылдык кеңешине караштуу айтылуу Шамшакал-Ата тоо кыркалары орун алган сыйкырдуу жерде төрөлгөн наристе. Ата-энесинин Дөөлөтбайдай дагы он бир перзенти бар. Бардыгы окуп билим алышкан жогорку билимдүү ар тармактын адистери.

Дөөлөтбай болсо айылдан сегиз жылдык билимди абдан жакшы окуп бүтүрүп Жалал-Абад шаарындагы зооветеринардык техникумга өткөн. Тырышып сабактарына дайыма кунт коюуп окуп жүрүп техникумду кызыл диплом менен бүтүрүп дароо эле Москвадагы ветеринардык академияга өткөн. Академияны 1982-жылы бүтүрүп өз элине келген.

Эмгек жолун Чүй областынын Москва районуна караштуу Россия колхозунда катардагы эле ветеринардык врачтыктан баштаган. Чарбанын ишинде ветеринардык кесипте Дөөлөтбай анын ачуу-таттуусун татып жүрүп такшалган адис болду. 1983-жылы Жайыл районуна караштуу В.И.Ленин атындагы колхоздун башкы ветеринардык врачтыгына дайындалган. Чарбадагы үзүрлүү эмгеги көз жаздымда калбай райондун жетекчилери Дөөлөтбай мырзага Жайыл колхозун жетектөөнү сунуштап өтүнгөн. Чарбанын башкармалыгына 34 (отуз төрт) жаш курагында бекитишет. Мына ошол күндөн бери он үч жылдын жүзү болду Дөөлөтбай жетектеген чарба жыл сайын ийгиликтен-ийгиликтерди жаратуунун үстүндө.

Дөөлөтбай мырзанын өзгөчөлүгү, чарбанын эмгекчилерине улууларына ата-энесиндей, кичүүлөрүнө бир тууганындай мээримдүүлүк, кайрымдуулук менен жасаган мамилеси. Алардын ар биринин ысыксуугуна күйүп бышып жан дилинен жардам бергендиги.

Дөөлөтбай жетектеген (күндөн) жылдан баштап чарбанын талаачылык иштери кандай ийгиликтерди жаратса мал чарбасы да жылдан жылга асылдуулугу артып кирешеси көбөйгөндөн көбөйүүдө. Натыйжада коллективинде он жети улуттун өкүлдөрү эмгектенген Жайыл акционердик коомунун экономикалык абалы чыңалып, өсүп-өнүгүүдө.

Москвага чейин бардыңыз,
Максаттуу билим алдыңыз.

Мекен деп жанды үрөөдө,
Ачкандыр мүмкүн кардыңыз.
Мээнетиң кайтып акыры,
Менсине жарды салдыңыз.

Алдыда максат такталып,
Аткарган ишиң макталып.
Айтылуу Жайыл чарбасын,
Ак эмгек менен башкарып.
Алдынкы чарба аталды,
Ар күнү алга такшалып.

Шприц ийне колуңда,
Шарп чыга калса соңунда.
Шайма-шай бүтүп иштериң,
Шайтансыз түп-түз жолунда.
Шек билинсе жугуш дарт,
Чарасын көрүү сонун да.

Журтчулуктан бата алып,
Жайыл деп аты аталып.
Жетектей бер чарбаңды,
Жыргалга толук баталык.
Жардыга берип жардамың,
Жибербе такыр каталык.

*$7^{47}$ 28.01.04.*

## КАРА-БАЛТА ШААРЫ

Кыргыз Республикасында 1975-жылы 9-сентябрында Кыргыз республикасынын Жогорку Кеңешинин Президиумунун Токтому менен шаар деген статус берилген. Шаардын территориясына 3152 гектар жер аянты бөлүнгөн. Шаардын узундугу 7,3, туурасы 4,8 километрге созулган. Шаарда элүү миңге жакын жыйырма беш улуттун өкүлдөрү жашайт. Алардын ичинен 15 (он беш) миң кыргыз, 23. миң орус, 2,5 миң украин, 1,8 миң уйгур, 1,5 миң өзбек, 1,600 корейц миң казак, миң немец жана миң татар ж.б.у.с. улуттар жашайт.

Негизинен бул Кара-Балта шаарынын чөйрөсүндө ата-бабаларынан бери эле, «Жайыл эли» Солто уруусу жашап келгендиги жөнүндө тарыхый маалыматтар бар. Акырындык менен 1874-жылдарда жүздөн ашык орус калкынын жана украин элдеринин жашаганы маалим. 1912-жылы Кара-Балта кыштагынын калкы эки миңге жакын болгон. Жашоочулары топурактан кирпич куйуп майда үйлөрдү куруп жашашкан. Акырындык менен тегирмен, май заводу, өтүкчүлүк, кийим тигүү, устакана өндүүлөр курула баштаган.

Алгачкы күндөрү жазуу иштери жергиликтүү калк арасынад латын тилинде жана орус тилинде жүргүзүлгөн.

Совет өкмөтү орногондон кийин 1918-жылы Кара-Балта жер-суу комитетинин борбору болуп эсептелген Бишкек уездинде. 1927-жылы 31-октябрда Кара-Балта Калинин районунун борбору болуп белгиленген.

**Өнөр-жайы**. Экономикалык жагынан Кара-Балта шаары өнө кирешелүү шаар болуп саналат. Шаарда 21 (жыйырма бир) кирешелүү мекемелер бар. Алардын ичинен түстүү металдарды чыгарган тоо-кен өнөр жай комбинатынын үлүшү зор.

## Кара-Балта тоо кен боюнча акционердик коому

1950-жылдары шаардын түштүк тарабына кыска мөөнөттүн ичинде тоо-кендерин иштетүүчү комбинат курулган. Ал негизинен курамында ураны бар тоо тектерин иштетет, ошондой эле андан молибден бөлүнүп алынат. Иш жүзүндө атом тармагын өнүктүрүүдө Кыргызстан менен Казакстандагы негизги борбору болуп эсептелген. Өткөн жылдары Кыргызстан менен Казакстандын алты жеринен уран чыккан тоо-кендери аталган комбинатта иштетилген. Ал жерлердин баарында айыл кыштактары тез арада курулуп анда иштеген жумушчулар жашаган. Алардын бири Кош-Тегирмен поселкасы, келечектеги Кара-Балта шаарынын бир бөлүгүн түзгөн.

1989-жылы уран кендерин өндүрүү тармагы токтоду. Андан кийиин комбинат калай-вольфрам аралашмаларын жана алтыны бар тоо-кендерин иштете баштаган. Бул багытта комбинат өтө жогорку сапаттагы «Макмал-алтын» продукталарын чыгара баштаган.

1997-жылдан баштап Өкмөтүбүздүн чечими боюнча жогоруда аталган комбинат, акционердик коом болуп кайра түзүлүп мурдагыдай эле көп тармактуулугун улантууда. Курамында ураны бар пайдалуу тоо-кендерин иштетүү менен жогорку сапаттагы алтын алынууда.

Аталган комбинаттын тунгуч директору Маков Николай Константинович болгон. Андан кийин Василий Николаевич Миндруд, Анатолий Павлович Ежбв, Жалгап Ийманбекович Казакбаевтер болгон. Бүгүнкү күндө Нарынбек Темирбаевич Кожоматов жетектейт.

Өзгөчө белгилей кетүүчү нерсе бул акыркы жылдары баалуу металдардын дүйнөлүк рыноктогу көргөзмө сыноосунда Кара-Балта тоо-кен комбинатына «жогорку сапаттагы алтынды берүүчү» — деген атайын статусу ардактуу наам ыйгарылды. Бул комбинаттын келечегинин кеңдигинен кабар берет.

Урматтуу окурман Кара-Балта шаарындагы бир гана мекемени баяндадык. Бул оңдонгон шаарыбызда дагы жыйырма өз алдынча иштегин мекемелерибиз бар. Алардын баарын баяндасак өзүнчө китеп болчудай.

Кара-Балта шаарынын жетекчиси Тищенко Станислов Николаевич.

# ТИЩЕНКО СТАНИСЛАВ НИКОЛАЕВИЧ

Станислав Николаевич айылдан он жылдыкты бүтүргөндөн кийин, айыл чарба институтуна өтүп, жогорку билимдүү ветеринардык врач деген ардактуу наамга татыктуу болгон.

Эмгек жолун республикабыздын колхоз, совхоздорунда катардагы эле ветеринардык врач болуп иштөөдөн баштагандыгы баарыбызга маалим. Акырындык менен турмуштун ысыгына күйүп, суугуна тоңуп жүрүп такшалган адис чыгаан жетекчилерден болуп калыптанды. Станислав мырзанын өзгөчөлүгү мамлекеттик тилди (кыргыз тилин) таза-так билгендиги болуп саналат. Албетте бул Станислав тарабынан жалпы эле кыргыз эли-журтуна болгон сый, урматы деп түшүнүүгө аргасыз кылат.

Коммунистик партиянын доорунда такшалган адисти тоолуу Нарын областынын четки райондоруна жетекчилик кызматтарга жөнөтүшкөн. Станислав Николаевич райондук областык денгээлде аткаруу комитетинин ишин ийгиликтүү аткара алган. Узак жылдардан бери Жайыл районунун ветеринардык башкармалыгынын башчысы болуп үзүрлүү эмгектенип айыл чарба малдарынын көптөгөн жугуштуу илдеттеринин (сибир кулгунасы, чечек, кара сан, бруцеллез, туберкулез ж.б.) кескин тарашына бөгөт койо алган.

Станислав Николаевич акыркы жылдары Кара-Балта шаарынын мэри болуп дайындалган. Аны абийирдүүлүк менен иштеп ийгиликтерди жаратууда. Натыйжада Өкмөттүк сыйлыктары (орден, медал, Ардак грамоталарга) татыктуу болууда.

Жан дилиң менен берилдиң,
Жыргалын ойлоп элиңдин.
Жугуштуу дартты жоготуп,
Жай ала жыргай керилдиң.
Жактырып шайлап алышты,
Шаар — **мэри**, эми темингин!

Ар күнү кирип түшүңө,
Ал дартты дароо түшүнө.
Алдын ала эмдетип,
Азандан жөнөп ишиңе.
Алдырып канын текшертип,
Жугузбай дартты кишиге.

Катуу дарт болсо боорунан,
Калк камын көрө коруган.
Кызыктуу сөздөн кеп козгоп,
Кыргыздын түшүн жоруган.
Кыргызча сүйлөй албаган,
Киргизге күлө тооруган.

*5²¹ 29.10.03.*

# МАЗМУНУ


Редактордон ... 5
Аталардын арбагына таазим эткендер ... 6
Урматтуу окурмандар ... 8

I. Б ө л ү м

Жайыл бий баатыр Мухуддин Төлөбаев ... 9
Кыргыздар ... 10
Макулдашуу ... 15
Кошой бий өлүмү ... 21
Жайыл баатыр ... 23
Жайыл-Жосгач достугу ... 25
Кыргыз-казак бир тууган ... 33
Абылай арам ой ... 34
Садыр баатыр ... 38
Түлөберди ... 39
Жолборсту күчүктөй кармашкан ... 41
Бузукулар ... 44
Кеңеш ... 53
Асыл эли ... 59
Бердике баатыр ... 61
Чоро тукуму ... 63
Кылжыр эли ... 64
Бетме-бет ... 64
Жайыл ата кыргыны ... 67
Теке баатыр ... 70
Итике ... 71
Темиржан эне ... 72
Күң болуп жанды бакканча ... 82
Чагымдап ... 86
Кул күңгө айланышты ... 109
Айласы кеткен Абылай ... 110
Көкбөрү ... 113
Астанада кыргыз айылы ... 114
Жайыл баатыр баяны Бээрман Бөкөев ... 116

II. Б ө л ү м

Каар замандын каарманы М.Төлөбаев, А.Оморов ... 158
Мезгил талабы ... 159
Адам атадан Адигине Тагай, Адилетке чейин ... 160
Угузхандын төрөлүшү ... 165
Кыргыз ... 170
Долон бий ... 173
Солто ... 177
Талкан ... 179
Ата менен аталар төрөлгөн жердин тарыхы ... 195

Жоогач баатыр .......... 212
Темиржан эненин теги .......... 214
Касиети күчтүү керемет инсан .......... 222
Абылайхандын колго түшүшү .......... 227
Жоо аяган жаралуу .......... 228
Темиржан эне .......... 233
Жоогач баатыр, Абылайканга таазим кылып .......... 234
Теке баатырдын акыркы эрдиги .......... 239
Жайыл атаны ойлоткон ойлор .......... 240
Бурадарлар .......... 242

III. Б ө л ү м

Жайыл атанын урпактары М.Төлөбаев, А.Өморов, Б.Бөкөев .......... 247
Жайыл атанын Үсөн уулунан тарагандар .......... 255
Карасарт уулу Кулек .......... 256
Карасарт атанын келини Сабира .......... 257
Кулек уулу Шаршенбек .......... 259
Кулек келини Жайнагүл .......... 260
Бөкө ата .......... 261
Маматкерим уулу Рысбек .......... 264
Жумабай уулу Сатаркул .......... 266
Касымкул уулу Адылбек .......... 267
Жайыл атанын Теке уулунан тарагандар .......... 268
Дөөлөтбек кызы Жүзүм, .......... 269
Осмон уулу Тургунбек .......... 270
Нургазиев Белек .......... 271
Калман уулу Жанчар .......... 272
Сегизбаев Жолдошбек .......... 274
Бектурган уулу Нааматбек .......... 275
Акынбек Күрүчбеков .......... 278
Жумабаев Бейшен .......... 280
Бейшен уулу Нурадил .......... 282
Бапан уулу Асанбек .......... 285
Сарманбек уулу Өмүралы .......... 286
Бээрман Бөкө уулу .......... 288
Султанов Мухамед Султанович .......... 290
Султанова Роза Мухамедовна .......... 291
Токтогул уулу Халид .......... 293
Токтогул уулу Тынчтыкбек .......... 297
Колбаев Мукай .......... 299
Болотов Асан .......... 301
Кубанычбек Асан уулу .......... 302
Хамза уулу Турсун .......... 303
Хамза кызы Жамиля .......... 304
Турсун уулу Туратбек .......... 304
Солтоев Султан .......... 305
Султан кызы Турдубүбү .......... 306
Илясов Данил .......... 306
Асанбаев Касымбек .......... 308

Жайыл атанын Асан уулунан тарагандар ........ 309
Бердигул Курманкул уулу ........ 311
Самудин уулу Найзабек ........ 312
Амантай уулу Мукамбет ........ 316
Шаршебаева Гулайым ........ 317
Мукамбет уулу Айдар ........ 318
Сейталы уулу Марат ........ 319
Сыдыков Ашым ........ 321
Сыдыков Бакыт ........ 322
Сыдык уулу Ашымалы ........ 323
Беккожо уулу Сатар ........ 324
Алиев Бообек ........ 325
Бообек уулу Мердияс ........ 326
Бообек уулу Мирмукамбек ........ 327
Токоев Иса Насыралиевич ........ 332
Кадыркул уулу Жүзүмкул ........ 333
Жүзүмкул уулу Мерлис ........ 337
Жоробекова Шарипа ........ 338
Худайбергенова Болот Жүзүмкулович ........ 339
Жүзүмкул уулу Асан ........ 340
Жүзүмкул уулу Азамат ........ 341
Токо уулу Керимкул ........ 342
Кудайназар уулу Төлөкул ........ 345
Төлөкул уулу Чолпонкул ........ 346
Кыдырмаев Адашбек ........ 347
Жолдошбек уулу Качкын ........ 348
Асан атанын Каратай уулунан тарагандар ........ 350
Солто жүрүш ........ 355
Сейиттин сегиз уулу ........ 365
Биримкулов Ташыбек ........ 368
Ташыбек кызы Айнура ........ 369
Муса уулу Казак ........ 371
Муса уулу Ысак ........ 371
Ысак уулу Дүйшөнбек ........ 372
Дүйшөнбек уулу Алмазбек ........ 373
Ысак уулу Жекшенбек ........ 374
Жекшенбек уулу Мирлан ........ 375
Муса уулу Оросулбай ........ 376
Оросулбай уулу Нарын ........ 378
Оросулбай уулу Чубак ........ 379
Төкөнүн Кулаалы ........ 380
Алымкул уулу Аман ........ 384
Ыбрайым уулу Медет ........ 385
Иса уулу Сманкул ........ 386
Сманкул уулу Таштанбек ........ 386
Иса уулу Арпылда ........ 387
Арпылда уулу Эркин ........ 388
Эркин уулу Санжар ........ 390
Жанболотов Алыбек ........ 392
Каратай ата ........ 394

Касбала энэнин балдары ........ 400
Аман уулу Ажакмат ........ 402
Дөөлөтбак кызы Калый ........ 405
Адигине уулу Асан ........ 406
Каратайдын Чолпанбайынан ........ 407
Кангелди уулу Нургазы ........ 409
Кангелдиев Азамат ........ 412
Кангелдиев Эркин ........ 413
Жангелди уулу Дардайыл (Калулилла) ........ 415
Жангелди уулу Кеңешбек ........ 419
Жангелди кызы Гүлназа ........ 420
Мүсүркулов Сардарбек ........ 421
Төрөканов Мунарбек ........ 423
Демесинов Жетимиш ........ 424
Жалгасын уулу Жайлообек ........ 425
Жалгасынова Дарика ........ 426
Жалгасын уулу Жумабек (Козукеев) ........ 428
Мурат кызы Кандалат ........ 429
Маратбек Жумабек уулу (Козукеев) ........ 431
Жалгасын уулу Кудайберген ........ 431
Эликбай кызы Калыйча ........ 432
Козуке уулу Саргалдай ........ 433
Рахматилде уулу Арстан ........ 435
Мусаев Бакир ........ 436
Жаныш уулу Биримкул ........ 437
Биримкулов Кудайберген ........ 438
Биримкул уулу Турар ........ 439
Айбөбөк энеден тарагандар ........ 440
Жумаалы уулу Абдыразак ........ 444
Жумаалы уулу Насир ........ 446
Жумалиев Муктар Насирович ........ 450
Жумалиев Кайрат Насирович ........ 451
Сопудин Абыш ........ 451
Сасыккулактан Сманкул ........ 452
Мырзаким уулу Жумагул ........ 453
Алтынбаш уулу Мырсаалы ........ 454
Алтынбаш уулу Төлөбай ........ 455
Төлөбай уулу Махмуд ........ 457
Төлөбай уулу Мухуддин ........ 458
Төлөбай келини Күлүйпа ........ 460
Мухуддин уулу Алишер ........ 462
Төлөбай уулу Мухтар ........ 463
Төлөбай уулу Марат ........ 464
Алтынбаш уулу Байса ........ 465
Алтынбаш уулу Жумабүбү ........ 467
Жусуп уулу Шарыпбек ........ 468
Арипбай уулу Ашым ........ 469
Дыйкан уулу Арымбай ........ 472
Турусбек кызы Мира ........ 473
Дыйкан уулу Карымбай ........ 474

Боскозу уулу Смандин — Нургазы ........ 475
Жусуптун уулу Кеңеш ........ 476
Кайып уулу Жамалбек ........ 477
Боскозунун Сатайы ........ 478
Гүлкан Сатаева ........ 478
Бекболот уулу Кенже ........ 479
Боскозу уулу Ажыке ........ 480
Эл уулу Токторбек Ажыкеев ........ 485
Токторбектеги асыл сапаттар ........ 490
Асыл адам эле ........ 491
Чындыкты бетке түз айтчу ........ 492
Улуу-кичүүгө бирдей эле ........ 493
Агамдын жолун жолдогом ........ 493
Токторбекке арналган ыр саптары ........ 494
Токторбектин уулу Айзат ........ 498
Козубек уулу Рысбек ........ 500
Козубек уулу Жумагул ........ 501
Жумагул кызы Роза ........ 503
Козубек уулу Жапаркул ........ 505
Биз ал кезде ........ 506
Рысбек кызы Сыйна ........ 507
Рысбекова Бурул ........ 507
Асанова Айсалкын ........ 509
Рысбекова Бүбайша ........ 510
Рысбекова Рахима ........ 511
Рысбек кызы Урулка ........ 512
Рысбек уулу Сагынбек ........ 513
Сагынбек уулу Азис ........ 514
Сагынбек уулу Белек ........ 515
Мамбеталиев Сатыбалды ........ 517
Атаке уулу Акжолтой ........ 518
Шырдаков Саадак ........ 519
Шатендин уул Абдырахмандан — Абдымалик ........ 521
Бокой уулу Абдысатар ........ 523
Абылгазы уулу Кыяс ........ 525
Кыяс уулу Абдыкадыр ........ 526
Абдыкадыр уулу Кубатбек ........ 527
Абдыкадыр уулу Жанабил ........ 528
Абдыкадыр уулу Кемел ........ 529
Абдыкадыр уулу Мансур ........ 530
Ныязалы уулу Аалы ........ 531
Ныязалы уулу Саалы ........ 532
Эралиев Намыракул ........ 533
Алыбай уулу Сулайман ........ 535
Кадыркулов Касымалы ........ 536
Тойгонбай уулу Эсенаман ........ 537
Тойгонбай уулу Бекташ ........ 538
Раш уулу Жумалы ........ 539
Жумалы уулу Жумакан ........ 540
Чалыбай уулу Жуматай ........ 542

Малабаев Жээнбек ........................................................ 545
Малабаев Муратбек Жээнбекович ........................................ 546
Аманкул уулу Жаганша ...................................................... 547
Жайыл атанын Итике уулунан тарагандар ............................ 548
Үрүстөм баатыр ............................................................... 550
Абдыгул уулу Адылбек ....................................................... 553
Субанкул уулу Жангазы ..................................................... 554
Жангазы уулу Тынарбек ..................................................... 556
Сатыбалды уулу Жанузак .................................................. 557
Субанкул уулу Айнабек ...................................................... 558
Субанкул уулу Жамалбек ................................................... 559
Субанкул уулу Жайнак ........................................................ 559
Келдибекова Замира Садыбакасовна ................................. 562
Койчиев Турар ................................................................. 564
Койчиев Турсунбек Ормокоевич ......................................... 567
Ыбрайым уулу Талип ......................................................... 568
Абдыбача уулу Имразан ..................................................... 569
Абдыбача уулу Ислан ......................................................... 572
Мате уулу Асыпбек ............................................................ 574
Асыпбек уулу Уларбек ....................................................... 577
Асыпбек кызы Нуралана .................................................... 578
Асыпбек уулу Мырзабек ..................................................... 579
Жайыл атанын Байбек уулунан тарагандар ......................... 583
Сеңирбаев Турдукул Социалистик Эмгектин Баатыры ........... 584
Турдукул уулу Закон ......................................................... 586
Турдукул келини Даршайым ................................................ 587
Исакова Жумагул ............................................................... 590
Темирова Жанбү ................................................................ 590
Саркалпак уруусунун тарашы ............................................. 591
Кадыралы уулу Жумабек ..................................................... 591
Жумабек уулу Мелис .......................................................... 592
Кудайберди уруусунун тарашы ........................................... 594
Жарыке баатыр .................................................................. 595
Тондуу уул ......................................................................... 596
Ашыркулов Мисир .............................................................. 599
Ашыркул уулу Медет .......................................................... 599
Чолпонкулов Калык ............................................................ 600
Эл аралык Жайыл Ата мээримдүүлүк коомунун түзүлүшү ........ 602
Уставы ............................................................................... 608
Жайыл баатырдын 300-жылдыгына карата марафон ............... 614
«Жайыл Ата» — коомунун мүчөлөрүнүн пикири ........................ 616
Жайыл атага арналган .......................................................... 618
Арабызда адамдар бар ......................................................... 622
Жайыл атанын арбагы уруп кетээр бекен .............................. 623
Жайыл баатырды жайлаган ким? ............................................ 625
Ачылган алк ........................................................................ 626
Жарма таарыныч .................................................................. 628
Жайыл баатыр жайланбайт ..................................................... 630
Адашкандын айыбы жок ......................................................... 634
Арбагы уруп кетээр бекен ...................................................... 638

Эл баатыры Жайыл атанын айкели ачылды .......... 640
Руху тирүү, арбагы ыйык Жайыл ата .......... 642
Урматтуу, окурман .......... 648
Ата бейитине таазим этүү .......... 649
Дыйканбай уулу Жамил .......... 652
Дүйнөдө адам баласына «өмүр» тартуулаган энелер .......... 653
Жайыл району .......... 664
Давыденко Геннадий Валерьевич .......... 668
Аваскан уулу Дөөлөтбай .......... 670
Кара-Балта шаары .......... 671
Тащенко Станислав Николаевич .......... 673
Мазмуну .......... 680

**Мухуддин Төлөбаев**
**Адылбек Оморов**
**Бээрман Бөкөев**

ЖАЙЫЛ БААТЫР

(дастандары, тарыхы, санжырасы)

Редактору ***Бакашева Күлүйпа***
Сүрөт редактору ***Төлөбаев Алишер***
Корректору ***Төлөбаева Динара, Төлөбаева Бурулкан, Төлөбаева Гулмира***
Техникалык редактору ***Сооронкулова Жумагул***
Компьютердик калыпка салган ***Мамбетова Минара***

Терүүгө 20.03.04. берилди. Басууга 25.10.04. кол коюлду
Формат 60х84 $^1/_{16}$ Физ. басма.табак. 42,5 Офсет кагазы. Тираж 500 экз.
Заказ № 200.

ОсОО «Бийиктик»

тел. 90-04-72, 90-08-19.

Бийиктик